Кириш сөз

Элибиздин улуу мурасы «Манас» жөнүндө кеп козголо калса, ар кимибизди кандайдыр бир сыймык бийлеп алат да, бүйрүбүз кызып, тез эле сөзгө аралашып, аңгеменин учугун ары улайбыз. Бул бекеринен эмес. «Манаска» болгон сүйүүбүздүн башаты те балачактан башталат, анын башкы оң каармандары тууралу ата-энелеribиздин, ж.б. жакын адамдарыбыздын кол жеткис ыйыктын ыйыгы катары айткан ар түрдүү аңгемелерин угуп, бышы кулак болсок, кийин жалпы элибиздин ага болгон зор симпатиясына сугарылып, биз үчүн «Манас» ата-журт, кыргыз эли деген түшүнүктүн, кандайдыр бир бөлүнгүс атрибуту — символу катары сезилип калат. Эпостун башкы оң каармандарынын бүткүл өмүр бою кылган иштери эл-жердин камы, кыргыз элинин бактысы үчүн арналышы, ал образдарды ошол кол жеткис бийик, ыйык деңгээлге жеткирген. Алар бизге ата-журтту чексиз сүйүүнүн идеалы гана болбостон жалпы адамкерчиликтүүлүктүн эң жогорку үлгүсү болуп эсептелет. Колуңуздардагы китеп ошол сүйүктүү эпосубуз «Манас» трилогиясынын «Семетей» бөлүмүнүн — бул бөлүмдүн улуу манасчы С. Каралаев айткан вариантынын эки томдугунун биринчи китеби. Саякбай Каралаевдин айтуусундагы трилогиянын биринчи бөлүмү («Манастын» өзү) мурдараак эки том болуп жарык көргөн, бул китеп ошол жарыяланыштын уландысы болуп эсептелет.

Эл арасындагы мурдатан кабыл алынган салт боюнча Семетей Манастын уулу. Анын баатырдык иштерин баяндаган көркөм чыгарма «Семетей»—«Манас» эпосунун уландысы, трилогиянын экинчи бөлүмү. Бул абал эки чыгармадагы башкы каармандардын ата-бала катары туугандык байланышы менен эле түшүндүрүлбөстөн, ал экөөнөн башка да көптөгөн каармандардын эки чыгармада тең катышы, окуялардын логикалык өсүп-өнүгүш нугу ж.б. көптөгөн белгилер менен шартташкан. Бирок, чынында «Семетей» «Манастын» бөлүмү гана эмес, баардык белгилери боюнча өзүнчөлүккө ээ болгон чыгарма. эл да аны өзүнчө эпос деп түшүнөт. Мунун ачык далилин башка фактыларды эсепке кошпогондо да «Семетейди» аткаруучу, ал өнөрдү атайын кесип кылган адамдардын бар экендигинен да даана көрүүгө мүмкүн. Кыргыз элинде манасчылар сыяктуу эле семетейчилер да бар. Эл ичинде бул эки кесиптин кадыр-баркы бири-биринен кем эмес. Манасчы «Семетейди» аткаруусу сөзсүз шарт болбогон сыяктуу, семетейчилер арасында да «Манасты» аткарбагандар көп эле жолугат. «Манас» да,«Семетей» да көп варианттуу чыгармалар. «Манас» менен «Семетей» бир чыгарма болсо дайым бирге айтылып, бирге жашап, экөөнүн варианты да сан жагынан эл арасында бирдей болот эле. Ал экөө бир чыгарма эмес, ар бири өзүнчө өсүп-өнүккөн, эл арасында жашоосун өзүлөрүнчө уланткан эки башка чыгармалар болгондуктан алардын варианттарынын жалпы сандары да ар түрдүү. Бүгүн колдо турган маалыматтарга караганда эл арасында манасчыларга караганда семетейчилер көп болуп, «Семетейдин» варианты да көбүрөөк аткарылган. Кыргыз Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусундагы эл арасынан жазылып алынган материалдарда да сан жагынан «Манаска» караганда «Семетей» алда канча көп. Ошол көптөгөн варианттардын арасындагы салттык туруктуу окуяларды толук камтыгандыгы, көркөмдүк деңгээли жактан эн мыктыларынын бири ушул С. Каралаевден жазылып алынган «Семетей».

С. Каралаевдин «Семетейи» да башка варианттардагыдай эле Манас өлгөндөн кийин анын ордун ээлеген Абыке, Көбөштүн наадандык иштерин баяндаган традициялык окуялардан башталат. Алар Манастын өлгөнүнө кырк күн толо элек жатса, Манастан калган ордону чаап, мал-мүлкүн талап алышат да каралуу олтурган Каныкейге зордуктап үйлөнүп, балтыр бешик Семетейди өлтүрүшмөк болот. Үй-жайы таланып, талаада калган Каныкей уулунун өмүрүнүн коопсуздугунан чочулап Семетей менен

кайын энеси Чыйырдыны алып, өз атасы Темиркандын шаары Букарга качып жөнөйт. Көбөштөргө баш ийбей Беш-Таштын башы бек жайлоого чыгып кеткен Бакай Канықейдин качканын билип, артынан издеп барат да жолго азык, ат берип, аларды 12 жыл күтөөрүн айтып, Таласка кайтат. Көп кыйынчылыктан кийин Канықей Букарга жетип Семетейди бир тууганы Ысмайылга бала кылып берет. Бул эпизоддо он каармандардын таш боор жакын адамдардан запкы тартып, сүйүктүү Ата журттан ажырап, баш калкалап башка жакка качууга аргасыз болгон өтө трагедиялуу учурунун бири берилгендиктен адамдын ички толгонууларына жык толгон лирикалык монологдор, өткөн менен азыркыны салыштырган армандар, каармандардын курч кагылышууларын чагылдырган драмалык мүнөздөгү диалогдор кеңири орун алган. Натыйжада «Семетейдин» ушул башталыш эпизодунан эле анын «Манастан» стилистикалык курулмалары өзгөргөнү ачык боло баштайт. Трилогиянын бул бөлүмүндө лиро-эпикалык мотивдерге орчундуу орун берилип, патетикага, баатырдык духка азыраак көңүл бурула баштаганын көрөбүз.

Ысмайылдын колунда тарбияланган Семетей он экиге келгенде таятасы аны хан көтөрүп той берет. Тойдо Канықей Семетейдин келечегин билгени, Тайторуну төлгө кылып чаап, ал чыгып келет.

«Канықейдин Тайторуну чабышы» С. Каралаевдин өзгөчө сүйгөн эпизоддорунун бири болуп ал аны эл астында өтө берилүү, чыгармачылык зор эргүү менен аткарып келген. Манасчынын бул эпизодго • айрыкча көңүл бурушу, ал өзү өтө сүйгөн каармандарынын бири Канықей көптөн күткөн тилеги орундалып Семетей атасы Манасты тартып эл-жеринин тиреги болобу же жокпу?— деп санааркап, психологиялык өтө чыңалуу абалында болуп, өзү үчүн өтө жооптуу мезгилдердин бирин башынан өткөрүп жатышы менен байланышкан. Чындыгында С. Каралаевдин айтуусундагы «Канықейдин Тайторуну чабышы» «Манас» зпосундагы каармандын психологиялык абалын эң терең ачкан жаркын эпизоддордун бири. Ушундан көп узабай Семетей Сарытаздан тегин угуп, аны жашырып жүргөн Темирканга таарынып эч ким менен сүйлөшпөй жатып алат. Айласы кеткен Канықей баласы Семетейге чындыкты айтып берүүгө аргасыз болот. Бул баян «Канықейдин жомогу» деп аталып, С. Каралаевдин вариантындагы эң жеткилең иштелген бөлүмдөрдүн бири. Ата-журттан чет жакта жүргөн каармандардын ага болгон сагыныч, кусалыгы, ага кайрылып барууга умтулуулары аркылуу Родина жөнүндөгү элдик түшүнүк, патриоттук сезим, эң бир бийик пафос менен чебер берилген. Канықей Ата Мекенинен четте өскөн Семетейди өткөндөгү окуялар менен толук кабардар кылып, анын патриоттук сезимин ойготуп, келечекте аткарчу иш-терине туура багыт бериш үчүн эл-жер, Манас жана анын 40 чоросунун ар түрдүү эрдик иштери жөнүндө, Канықей өзүнүн башынан өткөргөндөрү, Манаска сиңирген эмгеги жөнүндө кеңири баяндайт. Ошондой эле Таласка жол тарта турган Семетейге кандай жол менен баруу, эмне иш кылуу, кимге кандай мамиле жасоо керектиги, ал жерде дос ким, кас кимдиги жөнүндө энелик акыл-насаатын айтат. Абыке, Көбөштүн колунда калган Манастын Сырнайза, Аколпок, Аккелте, Зулпукоруна жана Тайбуурулуна токтолуп, алардын жасалышын, кандай жол менен Манас аларга ээ болгонун баяндайт. Тайбуурулду Манаска Сайкал тартууга алып келишине байланыштуу «Сайкалдын окуясы» айтылат. Канықей өзү түздөн-түз катышкан окуялар катары Кыргылдын ушагы боюнча Чубактын Манаска таарынып кетиши, анын каты боюнча Коңурбай Таласка чабуул коюп Манастын жеңилиши, ушул окуядан кийин Манасты күч менен ала алба-сына көзү жеткен Бээжиндин түпкү чоң ханы Кары кан аны амал менен жок кылмак болуп Көзкамандарды жибергени жана ал чыккынчылар Манасты ууландырып өлтүрмөк болушканы, Канықей куткарып чыгып айыктырганы, Көзкамандардын 40 чородон талкаланышы жөнүндө айтат. С. Каралаевдин айтуусундагы, Семетейдин Ата-журтуна кайтып келип орун-очок алышы, Абыке, Көбөш, кырк чоро менен чыры, Айчүрөккө үйлөнүшү көп жагынан башка

варианттар менен үндөш, жакын окуялардан. Анткени, булар эл ичинде кеңири көп айтылган эпизоддор болгондуктан майда деталдарына чейин такталып, терең иштелгендиктен кийинки айтуучулардын толуктоолоруна анча муктаж болгон эмес. С. Каралаевдин вариантында өтө көлөмдүү эпизоддордун бири Семетейдин атасы Манастын кунун Коңурбайдан куушу. Эпизоддун узакка созулуп айтылышы С. Каралаев өзүнүн зор талантына ылайык традициялык окуяларды, анын ар бир мотивин майда-баратына чейин деталдуу өтө кеңири баяндашы менен, ошондой эле атасы Манастан кем түшпөгөн Семетейдин баатырдык иштеринин масштабдуулугун Манастын баатырдык иштеринин кыл чокусу —«Чоң казаттын» деңгээлиңе көтөрүп чыгуу аракети менен шартталышкан. Натыйжада, традициялык окуялардын көркөм, өтө кеңири сүрөттөлүшү менен бирге «Чоң казатты» кандайдыр бир деңгээлде кайталаган көптөгөн согуштук картиналар артыкбашыраак киргизилип кеткен. Чындыгында бүткүл кыргыз урууларынын жана коңшу элдердин башын кошуп аттанган Манастын «Чоң казаты» менен негизги таянган күчү эки чоросу жана Бакай болгон Семетейдин Коңурбайдан кун куушунун масштабы бирдей болушу мүмкүн эмес. «Семетейдин» чагылдырган доору ага шарт түзбөйт. Семетей эрдик-күч, кайрат жагынан атасынан кем түшпөгөнү менен анын жашаган доору башка. Анын мезгили кыргыз элинин тарыхый жолунун өсүп-өнүгүш учуру эмес, тескерисинче ар бир уруу өз бет алдынча кетип, бытырандыланып, майдалануунун мезгили. Ошондуктан Семетей алардан тирек ала албайт, өз күчүнө гана таянууга аргасыз болот. Демек анын максаты канчалык орчундуу, жооп-туу болсо да, жалпы кыргыз урууларынын күчүнө таянып, күчтүү жоого аттанган Манастын «Чоң казатынын» масштабына жете албай, чектелүү боюнча калууга тийиш эле.
Семетей атасынын кунун кууп Коңурбайга каршы аттанышы Чынкожо, Толтойду жеңгенден кийин башталат. Бакай, Каныкейдин барба дегенине болбостон Семетей атасынын өчүн алууга камынат. Каныкей кийим, жарак-жабдык менен жабдыйт. Жолго Бакай, Семетей, Күлчоро, Канчоро болуп аттанышат. Кытайдын чегине жетип, эс алганы жайланышат. Кытайдын чегин кайтарган Мурадыл күндү жайлап, калың кар жаадырып, чоролор тажрыйбасыздык кылып бош коё берген аттарды алып кетет. Атсыз калган чоролорду таштап Семетей, Бакай чалгынга жөнөшөт. Кытайдын чегин кайтарган укмуштуу жаныбарларды экөөлөп жок кылы-шып, Семетей жалгыз андан ары жөнөп, Коңурбайдын жылкычы башчысы Карагулга жолугат. Семетейдин колуна түшкөн Карагул аны алдап, араң кутулуп Коңурбайга качып барып кабар берет. Коңурбай жашынып келип, кытайдын жылкысын айдап келе жаткан Семетейди мылтык менен атып жаралап, өлтүргөнү жатканда, Семетей айдап келген Коңурбайдын жылкысынын ичинен Көкчөнүн Көкаласын (Көкала «Чоң казатта» Көкчө өлгөндө кытайларга олжого түшүп кеткен болот), кармап минген Күлчоро келип калып куткарат. Жарадар Семетейди алып келе жатып, түндө түнөшкөн жеринен Мурадылды көрүшөт. Ал мурун колго түшүрүп алган чоролордун аттарына баалуу сыйлыктарды жүктөй Түп-Бээжиндеги ханына тартууга алып бараткан болот. Семетейлер анын колу менен беттешип, жеңип, колго түшкөн аттарды кайтарып алышат. Күлчоро Суркоёнду минип, Таластан Айчүрөктү алып келет. Айчүрөк Семетейдин жарасын аттап, окту түшүрөт. Ушул учурда Коңурбай көп кол менен артынан кууп келет. Ортодо өтө көптөгөн уруштар болуп, акыры күчү жетпесине көзү жеткен
Коңурбай Семетей менен элдешүүгө макул болот. Күлчоро арага түшүп Коңурбай менен Нескараны аттарынан түшүрүп, Семетей турган жерге алдап ээрчитип келип өлтүрүшөт. Семетей Коңурбайдан кун кууп өч алганын уккан Көкчөнүн уулу Үмөтөй, атамды атасы кытайга зордоп алып барып өлтүргөн, мен ошонун өчүн алам деп күүлөнөт. Энеси Акеркеч, ж.б. акылдуу адамдардын, жоолашпагыла, кайра эл болуп, дос болуп ынтымакта турсаңар сырткы жоо батынып келе албайт деген тилин албайт. Кол курап келген Үмөтөйгө Күлчоро, Семетей бир нече жолу элдешели деп сунуш кылышса

болбой урушуп каза болот. Семетейдин жоого минээр аты Тайбуурул Үмөтөйдүн кунуна кетет. Акеркеч Тайбуурулдун кулагына коргошун эритип куюп, орго салып, кор кылат. Акеркечтин кеңеши менен Кыязга кат жиберилет. Каттан Семетейдин атсыз калганын билген Кыяз Толтойдун өчүн алууга камынат. Канчоро да аны менен астыртан байланыш жасап, Семетейге каршы чыгаарын билдирет. Кыяз кол курап Таласка келип жашынып жаткан күнү Канчоро Семетейди Манастын күмбөзүнө тайынып келебиз деп камсыз. алып чыгат. Канык ей,Айчүрөктүн барба деген тилин албай келген Семетей Кыяздын колунун курчоосуна калат. Суркоёнду минген Семетей Кыязды качырат. Башында жоонун аты Суркоён баспай кыйыктанат. Семетей анын башын кесип, ак каңкыны жазданып, Аколпокту жамынып жатып алганда Кыяз батына албай жатып артынан найза салып качат. Жаралуу Семетейди Айчүрөктүн сиңдиси перинин кызы Көкмончок жерге туман түшүрүп сыйкырлап алып кетет. Жедигер менен урушта Сарыкан (Сары-таз) көп эрдик көрсөтүп өлөт. Күлчоро катуу каршылык кылып, жалгыздык кылып колго түшөт. Канчоро Чачыкейге үйлөнүп, Таласка хан болуп, элге, Канык ейге, Бакайга кордук көрсөтөт. Кыяз Айчүрөккө зордук менен үйлөнүп, Күлчоронун далысынын кечирин кесип, жылкычыларга отунчу кул кылып берет. Эпостун мындай өтө трагедиялуу аякталышы ал чагылдырган доордун мүнөзүн өзгөчө даана белгилеп турат. Башкы оң каармандар, жакын адамы, эмчектеш тууганы Канчоро тарабынан уюштурулган кастыктан запкы тартышат. Мурдагы уруулук түзүлүштүн түшүнүгүндө мындай жакын адамдар бири-бирине өтө күйүмдүү болуп, жамандыкты да, жакшылыкты да бирге тартып, керек учурда душманга колтук ачмак турсун, жакын туугандары үчүн андан өч алууну ыйык парзы эсептөөгө тийиш эле. Феодалдык бытырандылык күч алган кийинки доордо ал сакталбайт, таптык жиктелүүнүн күчтүү өнүгүшүнүн натыйжасында адамдар каны боюнча эмес, алдына койгон максат, мүдөөлөрү боюнча жакындашат, биригишет. Ошондуктан ушул доордун жек көрүндү туундусу Канчоро өзүнүн эгоисттик кызыкчылыгы үчүн кандаш жакын адамдарын сатып душман менен биригишүүдөн эч тартынбайт. Оң каармандар убактылуу жеңилип, Канчоро жана анын шериктеринин үстөмдүккө жетиши эпосту жараткан элдин пессимизмдик оюн көрсөтпөйт. Тескерисинче алардын өздөрү жашаган коомдун бузук жагын кыраакылык менен реалдуу көрө билип, ага каршы күрөшүүгө даяр турган эрктүүлүгүн, оптимизмдик ой-тилегин кабарлайт. Өздөрүнүн прогрессивдүү умтулуусуна каскак болгон ошол жат көрүнүштү шексиз жок кылуу керектигин анын башкы тиреги, себепчиси ошол эле Канчорону жана анын шериктерин Сейтекке жазалатып, бийлигин жок кылдыруу аркылуу ачык көрсөтүшкөн. С. Каралаевдин «Семетейинин» ар бир эпизодунда башка варианттарда жолукпаган толгон мотивдер, көптөгөн персонаждар, алардын иш-аракетин, кулк-мүнөзүн, кимдигин сүрөттөгөн баяндар орун алышы менен да сюжети окуяга бай.

С. Каралаев каармандарынын ар биринин сырткы портретине, сын-сыпатына, кулк-мүнөзүнө кеңири токтолуу менен ар бир каармандын өзүнө гана таандык өзгөчөлүгүн ачат. Андай кеңири мүнөздөмөлөр жеке эле элдик идеалды алып жүргөн оң каармандарга гана эмес, алардын душман-дары терс каармандарга, персонаждарга да берилет. С. Каралаев каармандарын чар тарабынан толук сүрөттөө максатында анын минген аты, кийген кийми, урунган курал-жарагына, көпчүлүк учурда ата-теги, эли-жерине кеңири токтолот.

«Манас» трилогиясынын идеялык-көркөмдүк биримдиги анын генеалогиялык принципте циклизацияланышынан да ар түрдүү көркөм кара-жаттардын, образдар системасынын өтмө катмарлуулугунан ар дайым көрүнүп турат. Бакай, Канык ей сыяктуу айрым каармандар трилогиянын үч бөлүмүндө тең, ал эми айрым каармандар биринчи, экинчи же экинчи, үчүнчү бөлүмдө активдүү катышып, бөлүмдөрдү өтмө катар чырмалыштырып, алардын ортосундагы биримдикти бекемдейт. Мындагы кызыктуу

нерсе — ал каармандардын образы такай эволюциялык кыймылда болушу. Мурда терең иштелген образ кийинки бөлүмдөгү тарыхый шартка, кырдаалга ылайык жаңы түс, сапаттарга ээ болот. Мисалы, Каныкей биринчи бөлүмдө элдик баатырдын өзүнө тете жары катары акылмандыгы, адамкерчиликтүүлүгү, ишмердиги, сарамжалдуулугу жерине жеткире сүрөттөлүп, образды мындан ары тереңдетүүгө, андан ары алып барууга мүмкүн эместей деңгээлге жеткирилет. Бирок, «Семетей» бөлүмүндө жаңы шарт, жаңы кырдаалга ылайык анын мүнөзүнүн жаңы жактары ачылат. Не бир трагедиялуу учурда да бел алдырбаган, мүңкүрөп калбаган кайраттуулугу, туруктуулугу, эң бир кыйын шарттардан арга таап чыгып кеткен акылман айлакерлиги, феодалдык-патриархалдык моралдын жосунсуз салттарына ачык күрөшкө чыккан нравалык бийиктиги, баласына чексиз берилген энелик мээрбандыгы, көрөгөч тарбыячылыгы ушул бөлүмдө өзгөчө бир күчтүү көрүнөт. Ошондой эле Каныкейдин ар кандай социалдык шарттагы абалы: кандын кызы, бүткүл элдин башчысынын сүйүктүү жарынан, куу тагдырдын айынан жер которуп баш калкалаган таалайсыз жесир аял, торпок баккан күңдүккө чейин жетишиндеги, өмүрүнүн ар кыл мезгили: секелек эрке кыздан чачы куудай карылыкка чейин жетишиндеги өзгөрүүлөр трилогиянын бөлүмүнөн бөлүмүнө ыраттуулук менен эволюциялык өнүгүштө берилет. Каныкейдин чар тарабынан эң терең иштелген оригиналдуу образын жаратууда ага чыгармачылык өзгөчө сүйүү менен мамиле жасаган С. Каралаевдин салымы зор.
Трилогияда каармандардын образы бөлүмдөн бөлүмгө өтүп кызмат кылышы бирде түздөн-түз болсо (мисалы биз эскерген Каныкейдин образындай ар бир бөлүмгө кирип) бирде «жабык» түрүндө да болот. Мисалы Манас, Алмамбет, Чубак биринчи бөлүмдө гана катышканы менен алардын ишин, жолун түздөн-түз улантышкан Семетей, Күлчоро, Канчоролордун кийинки бөлүмдөрдө катышы, алардын образы жаңы кырдаалда, жаңы шартта кандайдыр бир жаңыча көрүнүшү, чагылдырылышы катары таасир калтырат. Айталы, Семетейдин сырткы келбети, кийим-кечеси, курал-жарагы, минген аты, салган кушу, ээрчиткен тайганы, ал турсун фантастикалуу мифтик колдоочулары Манастан оошуп келип, манасчынын сөзү менен айтканда «Манас канды тирилтип» койгондой элес калтырат. Бул каармандардын кулк-мүнөзү да, ой-максаттары да бирдей. Ошондуктан бул образдар бир эле учурда өздөрү жашаган доордун типтүү мүнөздөрүн чагылдырган өз алдынчалыкка ээ болуу менен бирге эле бирин-бири толуктаган жаңы кырдаалда, шартта жаңыча кайталанган образдар. Мындай учурда мурдагы образдын аягына чейин иштелбей, мүнөзүнүн толук ачылбай калган жактары кийинки образда ишке ашырылат, тереңдетилет. Ушул планда Күлчоро менен Канчоронун образдарын аталары Алмамбет, Чубактардын образдарына салыштырып карoo кызыктуу. Күлчоро атасы Алмамбеттей эле достукка терең берилүүнүн, ак кызмат кылуунун эң бир сонун үлгүсүн көрсөтөт. Ал ар кандай кырдаалда Семетейди таштап башын ала качпайт, баардык учурда анын кыйын иштерин (ал турсун Семетейдин өзү аткара албай айласы кеткен иштерин да) айлакерликке, ыктуулукка салып аткарат. Б.а. Алмамбетке жүктөлгөн элдик идеалды жаңы кырдаалда, шартта алып жүрүп, аны дагы терецдетип, дагы ачык көрсөткөндөй болот. «Манас» бөлүмүндөгү Чубак «алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн» баатыр, Манастын ишенимдүү тирегинин бири, бирок анын мүнөзүндөгү кара мүртөздүк, оюн кишиге бербеген өзүмчүлдүк бар экени эскерилет. Кээде мүнөзүндөгү ушул жактары жакын адамдары менен конфликтиге чейин алып барат (Мисалы «Чоң казат» мезгилинде Алмамбет менен жол талашканын, Манаска таарынып Коңурбайга кат жазганын эскерсек болот), бирок ал аягына жеткирилбей токтотулат. Атасы Чубактын жакшы жактары (баатырдыгы, балбандыгы) менен бирге эле мүнөзүндөгү жогоркудай кемчиликтер да Канчорого мурастап калат. Атап айтканда, мүнөзүнүн ушул терс жагы жаңы шарт, кырдаалга ылайыкташып тереңдеп акыры өз жакындарына ачык

чыккынчылыкка чейин алып барат.
Дегинкисин айтканда ичтен чыккан терс каармандардын «Манас» бөлүмүндө анча ачылбай, жашырынып астыртада жаткан терс мүнөздөрү «Семетей» бөлүмүндө дааналанып ачыкка чыга келет. Ага бул бөлүмдүн чагылдырган доору — таптык жиктелүү күч алган феодалдык-патриархалдык коом мүмкүнчүлүк берет. Коомдогу таптык жиктелүүдөн, феодалдык бытырандылыктан пайдаланып ач көз Жакып, бузуку Кыргыл чал, өз уруусунун гана кызыкчылыгын көздөгөн Чынкожо, Толтой, мурда кимдиги ачык билинбеген Абыке, Көбөш ж.б. өзүмчүлдүк, мансапкорлук арам ойлорун ишке ашырыш үчүн жаңы күч менен чыгышат. Ошондуктан «Манас» бөлүмүндө чачылып-чабылып ар кайда жашап жүргөн элдин башын кошуп, Ата-журттун көз карандысыздыгына ээ болуу үчүн сырткы баскынчы жоо менен күрөшүү негизги сюжеттик өзөктү түзсө, «Семетейде» ал тема экинчи планга жылдырылат. Анын ордуна элдин ыркын кетирип, баштагы бирдигин бузган ички душмандар бийлик, байлык талашкан жакын туугандар, жаматташ уруулардын башчылары менен күрөшүү негизги теманын бирине айланып, чыгарманын негизги идеясы элдин ички бирдигин сактоого багытталат. Мындан «Семетей» кыргыз уруулары өздөрү бир эл экенин алгач аңдап, өз ара баш кошууга умтулуусун чагыл-дырган «Манаска» салыштырганда, коомдук өнүгүштүн алда канча кийинки этабында феодалдык бытырандылыктын тушунда пайда болгонун көрүү кыйын эмес. Кыргыз коомчулугу кечээ эле, XIX кылымда уруулардын өз ара ыркы келишпеген, феодалдык бытырандылык доордо жашап келишкендиктен «Семетейде» баяндалган жогоркудай окуялар аларга түшүнүктүү болуп, анын ички бирдикти сактоо идеясы жүрөктөрүнө өтө жакын болгон.
«Семетейде» экинчи бир башкы тема жомоктук-фантастикалык элементтер менен шөкөттөлгөн баатырдык үйлөнүү темасы. Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшүндөй лиро-эпикалык мүнөзгө ээ романтикалуу чыгармалар да кийинки муундардын эстетикалык таламдарына толук жооп берген.
Ошентип, Семетейдин камтыган темалары, чагылдырган доору «Манаска» салыштырганда биздин күндөргө жакын туруп, кыргыз элинин соңку кылымдардагы муундарынын дүйнөгө көз карашына, эстетикалык таламдарына шайкеш келгендиктен, эл ичинде кеңири тарай баштаганын байкоого болот. С. Каралаевдин «Семетейин» жарыялоодо трилогиянын мурун жарыяланган биринчи бөлүмүндөгү принциптер толук колдонулду. Түп нуска менен салыштырылып такталган тексттин кээ бир кайталоолору кыскартылгандан кийин (бул айрыкча баталдык сценалар өтө ашыкча сүрөттөлгөн жерлердин эсебинен жүрдү) эки томго шарттуу түрдө бөлүштүрүлүп басмага сунуш кылынды. Биринчи томго эпостун башынан тартып Семетейдин Чынкожо менен чатагына чейинки, экинчи томго Айчүрөктүн окуясынан тартып жаралуу Семетейдин кайып болушуна чейинки окуялар бүт кирди. Окуянын өнүгүшүнө ылайык түп нускада бул бөлүмгө киргизилип жазылган «Көкөтөйдүн ашы» «Манас» бөлүмүнүн экинчи томуна жарыяланган. Калган окуя эч өзгөрүүсүз (арасындагы ашыкча кайталоолордун кыскартылганын эске албаганда) толугу бойдон ушул эки томго сыйгызылды.
Р. САРЫПБЕКОВ.

КӨБӨШТҮН КАНЫКЕЙГЕ АРАЧЫ ЖИБЕРГЕНИ

Кан Манастын өлгөнү кырк күн боло элек,
Бадыша өтүп кеткени
Кырк күнгө мезгил толо элек.
Ошондо ак бейил тууган Абыке
Бакай канга барды эми.

Аба Бакай кабылан
Өзөн бойлой конбойлук
Кан өлгөндө баары өлүп,
Аба Бакай, өрт өчкөндөй болбойлук.
Аба Бакай, келгендерден кеп уктум,
Төмөнкү үч кан элинен
Эр өлүшүп, бээ союп,
Кыргын чыкты деп уктум.
Абаке Бакай, баралык
Кыйшыгыраак жан болсо,
Кыйратып түзгө салалык!
Кыйыньщ Манастан калган журт эле,
Кыйраштырбай баралык.
Арасына бээ союп,
Элдештирип төө союп,
Үзүр-мазыр кеп айтып,
Жоо болбогун деп айтып,
Аба Бакай, баралык
Бир калысты салалык!
Ошондо Бакай муну айтат:
Абыке балам, тоюң менен топот түш
Тоюна кантип барамын.
Тозоку Бакай дедиртип,
Оюна кантип барамын.
Жыйыныңменен жылас бол,
Балам жыйынга кантип барамын.
Жыргалынан айрылган
Баякы, жылмайган Бакай экен деп
Өсөк* сөзгө каламын!
Кечээ менин жыргалым Манас кеп айткан:
Куу сакалың чубалтып,
Кузгундай көзүң кызартып,
Топ көрүнсө барба деп
Тоодайым айткан кеп эле.
Жыйынтак жыйын эл болсо
Жолобогун деди эле.
Жыйыныңа барбаймын,
Жыргалым Манас дагы жок
Мен жыласына калбаймын, балам!
Абыке жан, тобуңузга барбаймын,
Тоодайым Манас эрим жок,
Абыке, тозогуңа калбаймын!
Жар коңуштан кайрылбайм,
Кан өлгөндө карыга
Төөсү жакын болучу,
Кайтарган төөдөн айрылбайм!
Деп ошондо муну айтып,
Бакай кан Абыке жолго салды эми.
Аргын кандын Ажыбай,
Ак көңүл тууган Абыке

Жолдош кылып алды эми,
Жоболоңдуу үч кандын
Чатагына барды эми.
Аны мында таштайлык,
Семетейдин чоң, атасы кан Жакып,
Чочко кандан баштайлык.
Көкжалын, Манас өлгөндө
Көбөш султан болгон кез,
Баягы Манастан калган кырк чоро
Көбөшкө айыл конгон кез.
Көбөшүң баабединге бата айтып,
Коросонго* кой айтып,
Баатыр ай көк кенедей толгон кез,
Аргын, кыргыз элине
Көбөшүң артык султан болгон кез.
Бир күнү кайран
Жакып канетсин
Каарданып калыптыр,
Кадырдуу Көбөш, Кочкорун
Такыр жыйып алыптыр.
Муну менен баякы Манас кандын кырк чоро
Ант ургур кошо барыптыр.
Кел, балдарым, келгин деп,
Айтканда сөзүмө көнө бергин деп.
Капшыттагы кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир арак,
Камынтпай Жакып куйду эле,
Баякы алты арам менен кырк акмакка сунду эле.
Ала деңгил мас болуп
Арамдар минтип турганы,
Арам кыял кан Жакып
Иттерге кепти кылганы:
Ат өлгөндө кесек ит
Соору керек болуучу,
Ага өлгөндө иниге,
Кесек ит, жеңе керек болуучу.
Кесирдүү долу Каныкей
Жесир жүрүп жээликти,
Бороз* болуп кара бет
Болбой жаман ээликти.
Келгендерден кеп уктум
Алты миң жамбы*, миң кундуз
Барага Бакай жеп алып,
Текеченин Ормонбек,
Ормонбектей канына
Канчыкты качырып берет деп уктум.
Өзөн жердин конушун
Бирөөң чалсаң болбойбу?
Манастан калган мурапың*,
Байкасаңар долуну,

Жамандар, бирөөңөр алсаң болбойбу?
Атаңдын көрү алты арам,
Арак ичпей таш ичкин,
Аздык кылса алты арам
Атаңдын канын кошуп ич!
Жаман бүлөп турганы,
Жакыпты кудай урганы.
Тием десе, жеңе эле,
Ника кыйып алалык.
Тийбейм десе долуну,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга* жаралык.
Ала-Тоодой ата эле
Кан Жакып тилин алалык,
Карабетке баралык.
Оолугуп тура албай,
Ошондо Көбөш күрүлдөп,
Каарданып дүрүлдөп,
Ок өтпөгөн тон камдап,
Ок жетпеген ат камдап.
Үзүктөй калпак Шууту кул
Чоронун баарын бурду эле:
Кырктын башы Кыргыл чал
Кыялыңда ойлончу?!
Эриң Манас султандын
Этегин кармап эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Тузу оор Манастын,
Тузу бизди сорбойбу,
Арбагы асыл Манастын
Арбагы бизди сорбойбу,
Кырктын башы Кыргыл чал
Тузу ачуу Манастын
Тузуна кантип сиебиз?
Арбагы алтын Манастын
Айлына кантип киребиз?
Айтып турса артында
Асыл эркек бала бар
Ага кантип тиебиз?
Кабылан Манас каныңдын
Арбагы карап турганда
Ордого кантип тиебиз?
Ошондо Көбөш күрүлдөп,
Каарданып дүрүлдөп:
Качанда болсо кырк чочко
Кызырдуу Манас шерим деп,
Сен кыйкырасың каласың,
Демге калбай кырк чоро,
Кыргыл чал менен Тазбаймат
Азыр экөөң барасың,

Бейжай долу Каныкей
Бейбактан кабар аласың!
Тил албаса канчыкты
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Эми, даңгыттарга жарып кел!
Канынан буйрук алган соң,
Кайран чалым канетсин
Айбалта белге чалды эми,
Кадимкидей Тазбаймат
Жолдош кылып алды эми,
Кан Манастын ордого
Салып жетип барды эле.
Көкжалым, оой деп бакырып,
Көбүн тамаша кыла чакырып,
Эсил кайран, оой деп, кыңкылдап,
Көбүн тамаша кылып былкылдап.
Алтымыш катын кошокчу
Тул* түбүндө Акылай,
Баякы кайран жеңең Каныкей,
Боздоп турду буркурап.
Кошуп эле турат чыркырып.
Көз кыйыгын бир салып,
Көрүп турса Кыргыл чал
Алтымыш катын кошокчу
Тул түбүндө Акылай,
Көшөгө ача салды эми.
Көт жагы менен чегинип,
Ал Акылай катындын
Эмчегин эле кармап алды эми.
Менин айткан сөзүмө - Көнөсүңбү Акылай?
Көбөш саа кеп айтат
Тиесиңби Акылай?
Макул болот, макул деп,
Картайып калган чагында,
Арага гана келдиң баатыр деп.
Ал уулга* тийбес катындын
Жети атасы капыр деп.
Муну көрүп калганда
Баягы кайран жеңең Каныкей
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн эле жашы он талаа.
Бадышамдын өлгөнү кырк күн боло элек.
Кумпайдан* тууган бадышам,
Каргадан тууган иттерге,
Төшөгүм кантип бастырам,
Төшүмдү эле кантип ачтырам?!
Каздан тууган бадышам,
Каргадан тууган иттерге
Төшөгүм эле кантип бастырам,
Койнумду эле кантип ачтырам?!

Бу көрөкчө өлөйүн,
Минтип тирүү жүргүчө,
Туубай гана туна чөгөйүн!
Асылымдын өлгөнү
Кырк күнгө мезгил толо элек,
Кыстоо салып тургудай,
Катын алып туңгудай,
Канкор Манас көкжалдын
Каадалап ашын бере элек.
Мен карабет шордуунун
Башынан кара түшө элек,
Айткан сөздү биле элек,
Артында калган жетими
Сүйлөп сөзгө кире элек.
Ай караңгы болгондо
Түнү ушундай экен го,
Айкөлдүн көзү өткөндө
Адам, күнү ушундай экен го!?
Кырктын башы Кыргыл чал
Арага келчү сен белең?!
Көкбөрү* болуп сүйрөтүп,
Иттерге тийчү мен белем?!
Кырктын башы Кыргыл чал
Курга түйгөн кат урсун,
Баягы кудайлашкан, ээй, ант урсун.
Сен арага кантип жүрөсүң,
Мен арамга кантип тиемин?
Деп ошондо муну айтып,
Эр мүчөлүү, ээй, Канықей
Каны качып мостоюп,
Кайраттанып сумсайып,
Арстандай көрүнүп,
Оозунан заары төгүлүп,
Каалгадай кайран тиш
Ошондо, таруудайдан бөлүнүп.
Кан ичмеси кармады.
Арага келген Кыргыл чал
Ошондо, курмандыкка чалганы*,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Ошону даңгыттарга жарганы
Кайран жанды аябай,
Кабылан жеңең Канықей
Кабарга келген арамга
Бир балакет салганы.
Эпчи* жагын караса,
Асмандан түшкөн алты курч
Керегеге илинбейт,
Адам, кайда экени билинбейт.
Ак сандыкты караса,
Алты торпок, төрт тайга

Сатып алган Ак тинте,
Сабы гана чыгып туруптур.
Сабынан кармап кабыштап,
Оң колуна табыштап.
Сырын билген Кыргыл чал,
Аркасынан Тазбаймат,
Канык ей түрүн көргөндө
Качып чыкты дыркырап.
Алтымыш катын кошокчу
Акылайы баш болуп,
Баарысы качты быркырап.
Кырктын башы Кыргыл чал
Тазбаймат экөө биригип,
Камынып атка минерде,
Алты арам качып кирерде
Баякы, кабылан жеңең Канык ей,
Кырктын башы Кыргыл чал
Түп этектен алды эле,
Бөйрөккө өксүп жете албай,
Тегирмендей күйруктун
Теңин гана бөлө чапты эле.
Акылынан антаңдап,
Шашып калган кези экен.
Бери жагынан Тазбаймат
Качып калган кези экен.
Асыл жеңең Канык ей
Акка гана мойнун бурду эле.
Кадимкидей Тазбаймат
Качып жүрүп кетерде
Ак тинте менен урду эле.
Оң далынын бөксөсүн
Оюп өттү Ак тинте,
Кабыргадан экөөнү
Союп өттү Ак тинте.
Тазбаймат менен Кыргыл чал
Чакчелекей чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Суркызыл менен Кертелки
Баскан сайын жорголоп,
Жаралуу болгон аттардын
Денесинен аккан кан
Тердигинде шорголоп.
Кокуй-кокуй белим деп,
Катынында каада бөлүп журт бузган
Карабет долуң жеди деп.
Түбүбүзгө жетти деп,
Калың казды орду деп, .
Кайнатып ийди шорду деп,
Бекип жаткан бели бар,
Бейжай жеңең долунун

Бир бел байлап жүргөн жери бар.
Алты миң жамбы*, миң кундуз
Барага Бакай жеп алып,
Текеченин Ормонбек
Качырып берчү чени бар
Эп алам бышык кеби бар.
Силерге, өлтүрсө тийбес чени бар.
Көөнү келсе Каныкей
Буланды* булап алгыдай,
Бузукту быйыл салгыдай.
Арага барган жан болсо,
Кармап алып ушинтип,
Жол үстүнө жаргыдай,
Айласы жетсе Каныкей
Биздерди, даңгыттарга салгыдай.
Абыке, Көбөш канына,
Айтып кирди Кыргыл чал
менен Тазбаймат
Алты арамдын баарына.
Төрт түлүгүн чачканы,
Арамдарды азыр кудай чын урду.
Төрөнүн зайбы Каныкей
Төбөсүнөн басканы.
Буланы булгап алганы,
Бузукту мыктап салганы,
Тил алса алтоонун бирөө алганы,
Тил албаса жеңеңди
Мүшкүлдү башка салганы.
Алдейлеп турган Семетей
Убаданы бек кылды,
Балтыр бешик чагы экен
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарганы.
Зордук менен Каныкей
Алтоонун бирөө алганы.
Жыртык кара үй берип,
Жырык кара үй берип,
Алкымдагы бадачы
Бадачыга саанчы кылып салганы.
Убаданы бек кылды
Долудан капкайдагы кегин алганы.
Коңур боз байтал мингизип,
Кементайды кийгизип,
Өткөн Манас туйгундун
Өлгөнүн минтип билгизип,
Таманын тилип туз салып,
Сүйсө алтоонун бирөө алууга.
Сүйбөй койсо жеңеңди
Тындым кылып салууга.
Ак буудай унун чайнашып,

Катар туруп алты арам
Келеме шарып* кармашып,
Убаданы бек кылды,
Өлүп кетер шерт кылды.
Тийүүчү болсо долунун
Бүгүн жообун алалык.
Тийбей койсо долунун
Бүгүн, башына дүмөк салалык.
Кайраттуусун көрөлүк,
Канкор Манастан калган сан дүйнө
Бүгүн камчыга гана ченеп бөлөлүк*.
Төбөсүнөн басалык.
Бүгүн, төрт түлүгүн чачалык,
Тийип алып бээсин,
Чыгаралы капкайдагы кээсин*,
Жакын келсе канчыктын
Жайната муштап мээсин.
Талын кыйып сулатып,
Тамынын баарын уратып,
Тийбей койсо башына
Менде кылгыс чыр кылып.
Мындан кийин жесирлер,
Жесирдей болуп жүрүүгө
Калайыкка сын кылып.
Деп ошентип алты арам.
Айбалтасын шайлашып,
Айза, мылтык камдашып,
Барабанын урушуп,
Бардигер колун жыйышып,
Жазбай аткан мергенин
Жакалата каптатып,
Айзакерден ыктууну,
Алып калган кези экен.
Акыл табар мыктууну.
Кырк чоронун кыйыны,
Ыраман кандын Ырчы уул
Тилин албай жамандын,
Кырк чоронун ичинде
Айтып турган кеби экен:
Көкжал Манас барында
Көөнүбүз келсе өзүбүз
Көк жайык бойлой түшчү элек,
Кара сурдун сулуусу,
Мусулмандын нурдуусу,
Кайран жеңем Каныкей
Колунан гана даам ишчү элек.
Кечээ, Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп жаткан кезинде,

Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кезинде,
Кош-коштон кылган суусар бөрк*
Ыргап турган кезинде,
Кошуп билип ааламды
Жыргап турган кезинде
Атсыз келдик бирөөбүз,
Арбак бизди урбайбы,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Ат тулпарын мингизди!
Тонсуз келдик бирөөбүз,
Тонсуз келген чорого
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз,
Келеме бото*, кең күрмө
Тон мыктуусун кийгизди!
Элсиз келген чорого
Аргынды бөлүп билгизди!
Катынсыз келген чорого
Кырмызы* көйнөк, айча бел,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кумар көз
Кыздарын кайдан аяды?!
Малсыз келдик бир чоро,
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш,
Бөлүп берди зор Манас.
Үзүлгөнүн. улады,
Чачылган жанын жыйнады,
Өчкөн отуң тамызды,
Өлгөн жаның тиргизди,
Касиеттүү кан кылды,
Өзүиө теңгээл жан кылды.
Эрешен тарткан эр болдук,
Кан Манаска келгени
Эр уулу менен тең болдук.
Салынуу коргон там болдук,
Кан Манаска келгени
Сандыргалуу кан болдук!
Мына ушинтип турган айкөлдүн
Зайыбына кантип тиебиз?
Кыямат кеткен жан достун
Тузуна кантип сиебиз?!
Оо дүйнө кеткен көкжалдын
Ордосун кантип талайбыз?
Ошентип тапкан Семетей
Балтыр бешик чагы эле,
Баатырдын баласын кантип сабайбыз.

Биз Таласка келгени
Аркардай көзү жайнаган,
Асыл жеңем Канықей
Эне ордуна кармаган.
Унуттуңар кырк чоро
Кыямат кеткен төрөңдү,
Эми кантип талап алабыз
Таластагы Канықей өңдүү энеңди?
Ант урса, бизди урбайбы,
Арбак бизди сорбойбу?!
Күйүгүп* турган долуга
Күйүттү кантип салабыз?
Күн-Жанжуң кытай калкындай,
Күйүкпөй кантип чабабыз.
Достубуз Манас берендин
Төбөсүн кантип басабыз.
Канкорун Манас берендин,
Казынасын кай бетин менен чачабыз?!
Тилимди алсаң, кырк чоро
Жеңекеме баралык,
Катын да болсо жеңемди
Караан кылып алалык,
Семетей он экиге чыккыча
Жетимди эптеп багалык.
Бала он экиге келгенде
Белди бекем бууйлук,
Медер кылып жетимди
Бээжиндеги кытайдан
Берендин кунун кууйлук!
Белгилүү Манас көкжалдын
Арбагын минтип сыйлайлык,
Ордосун талап албайлык.
Ойлочу гана чоро кебимди,
О, дүйнө кеткен Манаска
Айтылмышы чын болсо,
Биз кара эшек болуп калбайлык.
Айкөлүң Манас өлгөн соң
Алты арам журтка зор болду.
Айтканын албайт кырк чоро
Кайран Ырчы уул кор болду.

КӨБӨШ КАНЫКЕЙДИ ТАЛАП АЛГАНЫ

Жайы өлгөн кулдай барбактап,
Чаначтай мурду дардактап,
Ошо кезде Көбөшү калкка султан
гана болуп калыптыр.
Кыркы кырк жерден келген ит эле,
Кыркы Көбөштүн тилин алыптыр.
Кылычтары кылкылдап,

Ошондо найзалары былкылдап.
Он башысы ороктоп,
Найзалары короктоп,
Боз алалуу туу болуп,
Бойбойлогон чуу болуп,
Айчыгы алтын туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Алты арам журтка баш болуп,
Канык ей менен кас болуп.
Көктөн көк ала кыян тутулуп,
Ырамандын Ырчы уулу,
Атасынын шаарына
Көрүнөө качып кутулуп.
Каптап келет калың кол,
Аркада эркек бала жаш,
Кайнамак болду эми шор.
Айтсам алдага сөзүм зар эле,
Алты айчылык азапты,
Азыр айтып берүүчү,
Канык ейдин жанында
Жылаңач гана бала бар эле.
Ийининдеги баласы
Көнчөктөн* тартып кыбырап,
Кулагына жеңеңдин
Айтып койду шыбырап.
Кара сурдун сулуусу,
Мусулмандын нурдуусу.
Кайран жеңең, Канык ей
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип.
Алты торпок, төрт койго
Сатып алган Ак тинте,
Сабынан кармап кабыштап,
Кайран колго табыштап,
Тулга отурган Акылай,
Манастын улуу катыны.
Алтымыш катын кошокчу,
Баарысын кармап сойсом деп,
Жеңекеңдин ошого келген акылы.
Эр мүчөлүү Канык ей
Кумсарып өңү бузулуп
Каны качып зирилдеп,
Жеңең кирип барганда
Алтымыш катын кошокчу,
Акылайы баш болуп,
Качып чыкты зирилдеп.
Ойрон жеңең Канык ей,
Акылайга барганда
Оозунан көк жалын чыгып шыркырап,
Каалгадай кайран тиш

Таруудайдан быркырап:
— Ой, катын, Алты-Шаар, Кокондон
Аким түшүп* сени алган,
Ачылбас капка* Букардан,
Алты жол чаап мени алган.
Ак байбиче атыгып,
Тулга* отурган да сен элен.
Тууралганган туйгунга
Туймуйган гана токол* мен элем.
Катын сен, теги ары жок экенсиң,
Канкорумдун өлгөнү кырк күн боло элек,
Бейлиңди буздуң бел издеп,
Беренимди унутуп,
Калыптырсың катын сен
Бепбелгилүү эр издеп.
Бул ордодон кет, катын,
Сен мурааэыңа жет катын,
Бел байлаган белиңе
Көрүнбөстөн кет катын
Жанакы тие гана турган эриңе!
Алтымыш катын кошокчу,
Акылайды баш кылып,
Айдап гана чыкты ордодон.
Акылай чыкты зыркырап,
Жеңеңдин түрүн көргөндө
Алтымыш катын кошокчу
Ордодон качып чыкты дыркырап.
Ошондо каралуу* катын Каныкей
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Ошондо көзүнүн жашы төгүлүп.
Чыркырап ыйлап сабылып*,
Ак байбиче энеси
Чыйырдыга жалынып:
Ээй, кагылайын, энеке,
Өзөн бойлой кондук, ээ!
Асылымдан айрылып,
Өрт өчкөндөй болдук, ээ!
Энеке, аякка түштү темир тор,
Энеке, маңдайга келди калың шор!
Кара белес жылгадан
Кайрыла турган кез келди,
Каның төрөдөн калган баладан
Энеке, айрыла турган кез келди!
Кагылайын энекей,
Төбөбүздөн басат бейм,
Төрт түлүктү чачат бейм.
Асылдан калган мерзентиң*
Семетей гана кармап соёт бейм.
Туйгундан калган чыракты
Арамдар жайлап коёт бейм.

Иттерди кудай урат бейм,
Алтынды талап тунат бейм,
Жалгызың союп өлтүрүп,
Энеке, бизди өрт өчкөндөй кылат бейм.
Балтыр бешик баланы
Байканып акыл таппасак,
Энеке, колуңдан сууруп алат бейм!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Энеке, даңгыттарга жарат бейм!
Уулуңдан калган ботоңду
Энеке, бооруңа бассаң бейм!
Жазгыртып көзгө көргөзбөй
Жалгызың ала качсаң бейм!
Алты арам келсе оң кылбайт
Энеке, жалгызыңды соо кылбайт!
Энеке, Таласка боюң жашырчы,
Энеке, жалгызыңды качырчы.
Кең-Колго боюң жашырчы,
Энеке, кесири тийип кетет го,
Ажалы гана минтип жетет го,
Энеке, жетимиңди качырчы!?
Чыркырап ыйлап, буркурап,
Ала кач деп Каныкей
Энеси Чыйырдыга жалынып,
Ыйлап гана турду буркурап.
Ошондо Чыйырды туруп муну айтат:
Кумпай* энең Чыйырды
Кургурун карап турганда
Жетимиме кулдарың колун сала албайт,
Курган энең карап турганда
Жетимиңди, кулдарың тартып ала албайт.
Кайран жан мындай карап калчу эле,
Ат атынан арамдар,
Кыйрап гана жатып калчу эле.
Жаныма бирөө келе албас,
Каныкей, балам, көзүмдү бирөө көрө албас.
Арстан элем колобос*,
Жамандардан жаныма бирөө жолобос.
Карангүн, эне не дейсиң?
Катүгүн, эне не дейсиң?!
Алты арам адырая койгондо
Аттан түшүп калганы,
Энеке, асылыңдын да бардыгы.
Жаныңа жакын келбеси,
Ак жүзүңдү көрбөсү,
Энеке, алты арамдын арамы.
Андан көрө, энеке
Ала качкын мына бу айкөлдөн калган баланы!
Бел байлаган белиң жок,
Энеке, бекип жаткан жериң жок,

Бет алганда жыгылчу
Сенин, белгилүү гана Манас шериң жок!
Сексенге чыккан Чыйырды,
Моло таштай жетимди
Бооруна кысып чыркырап,
Болкулдап ыйлап,тоо көздөп
Энекең басып бир жүрдү буркурал
Дүпө бир дүпө жөтөлүп,
Манастан калган жетимин
Түйшүктү тартып Чыйырды,
Моюнга салып көтөрүп.
Таманын ташка тапталтып,
Чекесин күнгө какталтып.
Багалчак этти жоорутуп,
Энекең, балтыр бир этти оорутуп,
Энемдин жатарына кабак жок,
Энеңдин ичээрине тамак жок.
Кырчындынын кырка таш
Кыйналып энең баса албай
Кайыпчынын кара үңкүр
Корголоп энең жатты эле.
Мекен кылды үңкүрдү,
Бек кейитти куу жанды.
Муну мындай таштайлык,
Эми бер жагынан баштайлык.
Кайран жеңең Каныкей:
Белим бошоп тургандай
Береним асыл мындабы?
Бек амалды кылайын,
Береги кара күңдүн баласы,
Мен, бешикке бөлөйүн деп сурайын.
Таңкы чыккан чолпондой
Болжош кылып берейин,
Айкөлдөн калган чунагым,
Бир Семетей жалгызга
Жолдош гана кылып берейин.
Арт жакка калчу туяк деп,
Адырдан жылкы чалдырып,
Ак боз бээни алдырып,
Миң кара кашка бээ союп,
Асый чыкма тай-тайлак
Төө ичинен төө союп,
Чыйырчыктай сарала
Жылкыдан кармап тай союп,
Бирөөнүн аты Семетей,
Бирөөнүн аты Жообузар,
Катарлап атын койду эле,
Артымда караан болот деп,
Көкжалым капанын баарын жойду эле.
Кара күңдүн Жообузар

Башына баргек алтын жөлөдү,
Аягын чылк дилдеге бөлөдү.
Оң эмчегин эмизип,
Ойлонбой турду жеңекең
Бала эмизип турганы
Топ дүнүйөнү чачууга,
Арышты уруп жеңекең,
Жообузарды көтөрүп,
Жоон-Дөбө көздөй качууга,
Тел эмизип балдарды
Темиркан тентип кетүүгө
Ой келтирди жеңекең,
Ойрондор кирип келгенче
Каракан кирип кетүүгө.
Жеңең ордодон качып чыккыча,
Боз ала желек, кызыл туу,
Бой-бойлогон ызы-чуу,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Адырдын баары бакырык
Кулак салып байкаса,
«Көбөштөп» гана ураан чакырып.
Кыраңдын баары бакырык
Кылчайып жеңең байкаса,
«Кочкорлоп» ураан чакырып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Найзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып.
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Камыштан бетер сел болуп,
Канча жүзчө эл болуп.
Баягы Манастан калган кырк чоро
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Кырк чоро, мөндүрдөй кылып ок атып,
Каарданып бакырып,
Кан Манас атын өчүрүп,
Баарысы «Көбөштөп» ураан чакырып,
Калың кол каптап келди эле,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Кан Манастын зор ордо,
Зор ордону бет алып.
«Көбөштөп» гана ураан чуу тартып,
Күн кылкылдап батканда,
Элдин алды жатканда.
Манас кандын кырк чоро
Жамгырдай кылып жаа тартып,

Мөндүрдөй кылып ок атып,
Карма-карма кармалап,
Кармачу болсоң байлалап.
Көбөш кирди кыйкырып.
Жамгыр сындуу жаа төгүп,
Жабыла баары кирген соң
Тамынын баарын уратты,
Талынын баарын сулатты.
Кан Манастын ордодон
Канчалык кызык көрүштү
Каныңыз, Манастан калган сан дүйнө,
Кезек ит, камчыга ченеп бөлүштү.
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш,
Аны тийип кирди эми.
Өрүш толгон түмөн* кой,
Матап койгон сансыз төө,
Түгөл тийип кетти эми,
Түпкө минтип жетти эми.
Баякы кара сурдун сулуусу,
Кабылан жеңең Каныкей,
Калдайган кара башында,
Кандуу бети жыртылуу,
Тул түбүндө зыңгырап,
Баягы багып кетчү баланы,
Кайран жеңең Каныкей
Эмизип гана турат мелтиреп.
Эмизип турган балага
Эрикпей жетти Көбөш кул:
Сураса бербес тулпарың,
Канчыгым, суук укурук салдымбы?!*
Жалынса бербес жакут таш
Сенин көзүңчө тартып алдымбы?
Манасың менден эр бекен?!
Манастан Көбөш кем бекен?!
Ат өлсө соору керек деп,
Ага өлсө жеңе керек деп,
Арачы келсе соёсуң,
Арага келген элчини
Бөөдөдөн сабап коёсуң.
Онбогон канчык, оңбойсуң,
Канкоруң Манас дагы жок,
Сен кайратыңды койбойсуң!
Арачы сөзүн билбейсин,
Же бирөөбүзгө тийбейсиң.
Казгалдак учуп кайрылбас
Кара-Кыр сенин талааңбы?
Медер кылып* отуруп,
Мени бек кыйратып алуучу
Сенин балтыр бешик балаңбы?

Нар кескенди аркырап
Алып сууруп колуна
Дүмөктү иттер баштады,
Кундактагы* баланы
Алтыга гана бөлүп таштады.
Тийбесең мына долу деп,
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Оң далынын кечирге
Ойрон энең бейбакты
Ошондо тартып жиберди.
Кайран жеңең Канык ей
Чыңырып ыйлап бүк түштү,
Керилип Көбөш чапканда
Кайран жеңең Канык ей
Ошондо төбөсү менен тик түштү
Өө дегенде оозунан
Жеңеңдин өжөк-өжөк кан кетти.
Эсинен кетти алактап
Үстүнө каран түн түштү.
Көбөш кул жыга чапканда,
Кайран жеңең Канык ей
Жер кучактап жатканда,
Алмадай башты аларда,
Жеңеңди даңгыттарга жарарда
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Манастын жакын чоросу,
Кармай калды Көбөштү:
Көбөш сен, кан эмессиң, бекерсиң,
Кан экениң чын болсо,
Канткенде катындын башын кесесиң?
Артык мыкты эр Шууту
Түрдөнтүп гана кептен салды эми,
Кайран жеңең долуну
Кан Көбөшкө чаптырбай
Ажыратып алды эми.
Тил сүйлөбөй, сөз айтпай,
Тилден гана кетти жеңекең,
Күнү-түнү эс албай
Ошондо, түрдөн кетти жеңекең,
Кыймылдаарга чара жок
Алдан кетти жеңекең.
Түнөрүп көзгө түн түшүп,
Түйшүктүү башка күн түшүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Капталдан каны төгүлүп,
Күнү-түнү болгунча
Эси ооп калды эми,
Күн шашке убакта эсин жыйнап алды эми.
Кетирген бейбак санаасын,

Эки бөлүп таштаган
Жанагы, эмизип турган баласын.
Өөдө болуп караса,
Жашына турган кабак жок,
Жалмалап кетер тамак жок.
Бел байлаган бели жок,
Жеңеңдин, бекинип кетер жери жок.
Качып кирер токой жок,
Кара кылып* кеткенге,
Кас кылбачу бирөө жок.
Алапайын таба албай
Үстүнө мүшкүл күн түшүп,
Асыл жеңең башына
Адам гана көргүс түн түшүп.
Кабылан төрөм өлбө деп,
Кайгыны куу жан көрбө деп,
Кудай жан деп жаратса,
Менден кийин катынга
Кудай, мындай шумдук бербе деп.
Канкоруң Манас өлгөн жер,
Карабет, Каныкей кордук көргөн жер,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Качмакчы болду энекең
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ошондо, көзүнүн жашын арта албай,
Мурдунун суусун тарта албай.
Адырмак басып, корголоп,
Капталдан аккан кара кан
Маасысы ылдый шорголоп,
Талыгып ыйлап чыркырап,
Басайын десе энеңдин
Сай-сөөгү зыркырап.
Чаалыгып, чарчап баса албай,
Өлөйүн десе өлө албай,
Береки, кысталак жанды кыя албай.
Белести бейлеп кече албай,
Энекең, белгилүү жерге жете албай.
Талыгып башка түн түшүп
Энекең, Таласты таштап кете албай.
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Түз болгон тоонун тумшукта.
Кең Ак-Чийдин бетинде,
Таластын быяк четинде
Кан Манастын коргончо,
Коргончого барайын,
Кол беришкен төрөмө
Курган жан тегеренип калайын.
Арбагы артык шер эле,
Бир белгисин алайын!
Бек арстандан айрылып

Төркүнүм көздөй кетемби?
Толкуган Талас жеримди,
Толгон бир кыргыз элимди
Оо, кудай, ушу жерге таштап кетемби?!
Бел байлаган белимден,
Оо, кудай, чын айрылып каламбы
Белгилүү кыргыз элимден?!
Шамалы кагып, жел тийген,
Жердей байкуш бар бекен?
Жетигинен* айрылып,
Желип басып, жөө качкан
Мендей байкуш бар бекен?!
Жесирлик түшүп башына
Өксөгөн менче бар бекен?
Баана кылып Букарды
Басып чыктым Таластан,
Тентиген гана менче бар бекен?
Жапаны көрүп жабылдым,
Жапжарык күнүм түн болуп
Оо, кудай, төркүндү көздөй камындым.
Кара-Буура баткалым,
Калың бир кыргыз эсен бол,
Кайкалап барың жатканың!
Кызыл көйнөк, айча бел
Кыз балдарың эсен бол!
Кара калпак, көк чепкен
Кайран бир кыргыз эсен бол!
Келеңкер чачпак* кең соору,
Келиндерим аман бол!
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Бозого жыйган мүлкү көп.
Кайран журт, кийгениң түлкү, киш* болду,
Бул жорук, киши унуткус иш болду!
Алтындын баары таш болду,
Алты арам журтка баш болду!
Канкордон калган кырк чоро
Калмышында кас болду!
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жабыркатты өзүмдү,
Умачтай ачты уйкумду,
Ушунтип тийди жылкымды,
Түгөтө тыйды күлкүмдү,
Түгөтүп эле кетти мүлкүмдү!
Чыркырап ыйлап Каныкей
Жеңекең кайдан аянып,
Асылым, Алмамбет кандын Сырбараң
Манастын Аккелтесин таба албай,
Ошону таяк кылып таянып.

Жеткилең жеңең долунун
Жесирдиги билинип,
Атышка кийсе ок өтпөс
Аколпокту таба албай,
Манастан калган суп чепкен,
Суп чепкенди кийинип.
Кайраттанып бел байлап,
Канкорунан айрылып,
Кайгырып ыйлап, көз жайнап,
Канчалык бир жаракат,
Кайгырып басып шор кайнап.
Акырек эти бөлүнүп,
Капталынан аккан кан,
Көйнөгүнүн этегинен төгүлүп.
Жарты буудай дан калбай,
Жаман чаап кетиптир,
Даакылуу* тайды таштабай,
Түпкө минтип жетиптир.
Бүлдүргө* болор жип калбай,
Бүлкүлдөп үрөр ит калбай.
Как этип учкан карга жок,
Кук этип учкан кузгун жок.
Кара кылар адам жок,
Ээ, кудай, кайсап кетер эме жок.
Кең дүнүйө тар болуп,
Ааламдын каны Каныкей
Айкөлүнөн айрылып,
Эми тентимек болду кор болуп.
Буркурап ыйлап турганда
Оо, кудай, не мураска жетейин,
Муңдашым келбейт тирилип,
Мынчалык боздоп нетейин,
Бузулбас белди бек байлап
Оо, кудай, Букарга тентип кетейин!
Деп ошондо муну айтып,
Кайран жеңең Каныкей
Олоңдой* болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйдү эми.
Төрө, Манастан калган эски бөрк,
Кайран катын Каныкей
Төбөгө кынап кийди эми.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз
Үстүнөн баса кийди эми.
Асмандан түшкөн боз кисе,
Кабылан Манас менен дос кисе,
Кынай гана белге чалды эми.
Чыңырып басып буркурап,
Чын дүйнө түшүп башына,
Чын мунажат* иш кылып,

Чымындай жанга күч кылып.
Кармаганын чок кылып,
Капкара көзүн от кылып.
Калдайган башын туу кылып,
Катын башын эр кылып.
Чыркыраса көз жайнап,
Чындап медет кылганы
Семетейге бел байлап.
Белестен басып өтө албай,
Берен энең Каныкей
Белгилүү жерге жете албай.
Чарчап ыйлап чаалыгып,
Кең Таластын үйрүлмө,
Үйрүлмө менен жол жүрүп,
Түгөнгөн тоонун урчугу
Кара-Кырдын тумшукка,
Кайкалап жаткан урчукта
Кан Манастын коргончо,
Коргончо кирди чыркырап.
Бereним, колдоп алсаң деп,
Бет алып басты буркурап.
Күмбөзгө жакын барганда
Кебетесин сурасаң:
Калдайган кара башында,
Энекеңдин кандуу бети жыртылуу!
Коргончону көргөндө
Энекеңен ал кетип,
Табактай нурдуу ак беттен
Арык бою кан кетип.
Эсил катын Каныкей
Эстен кетип жорголоп,
Эки беттен кеткен кан
Акырек ылдый шорголоп.
Букарга эсен жетемби?
Бууданым төрөм кабылан
Бул жерге таштап кетемби?!
Кош Кара-Көл, Кош-Ашуу
Кошуң менен эсен бол!
Кайра айланып келгиче,
Кайрылып күмбөз көргүчө
Кадырман Манас эсен бол!
Эсен бир жаткын Таласым,
Аман бир жаткын Манасым!
Казына кайып үңкүрүм,
Кан Бөлөкбай баш болуп
Кайра айланып келгенче,
Кайра көзүң көргөнчө
Аман жаткын мүңкүрүм!
Амалы жок баратам,
Акыңды кечип коё көр,

Айланайын мүңкүрүм!
Суу буруп алган арыгым,
Кайра айланып келгиче
Аман бол Бакай карыбым!
Таласка боюм жашырдым,
Талыккандын айынан,
Тартышар тууган жогунан
Мен Семетейди качырдым!
Кең-Колго боюм жашырдым,
Кейиген кордук айынан,
Алты арамдын жайынан
Белекке алган чунакты
Бет ала чыгып качырдым!
Кабылан төрөм, жар болчу,
Кара таппай турамын!
Жолборсум Манас кабылан,
Менин жетимимди колдочу!?
Жылкыда тулпар ала баш,
Алмамбет, Чубак аты уйкаш
Уга көргүн сөзүмдү,
Кыйшыгы болсо оңдой көр,
Жетимимди колдой көр!
Канатым отко кабылтып,
Кайрыла албай баратам,
Казылуу чуңкур тереңдин
Оруна кетип баратам,
Каз айланбас капчал* зоо
Оо, кудай, боорунда кетип баратам!
Серек менен Сыргагым,
Колдой көр аа эки чырагым!
Сары изиме чөп салып,
Алты арам саргара кууп алабы?
Кууратып изге чөп салып,
Кубара кууп алабы?
Кудай минтип урабы?
Карып жеңең Канык ей
Канча жара боюнда,
Кайгырып жеңең чыркырап,
Басып барат жеңекең,
Үйүрмө кырдын оюнда.
Чыңырып басып аянып,
Чыркырап энең Канык ей
Сырбараңды таянып,
Үч-Кошойду жөлөнүп,
Бүткөн бойдун баарысы
Капкара канга бөлөнүп.
Эсинен кетип шалактап,
Ээр белдей мойнокко
Эптеп жаңы таянып.
Басууга дарман келе албай

Баласы менен энесин
Байкуш жесир көрө албай.
Көз бозоруп, ич кайнап,
Дарман кетип, шор кайнап,
Талыгып жеңең турду эле.
Баягы кайран энең Чыйырды,
Сексенге чыккан карыя,
Балтыр бешик баланы
Боорго басып алыптыр.
Чыйырды энең олуя,
Канымкей жүзүн көргөндө
Карылыгын билгизип,
Тозокту тарткан долуга
Балтыр бешик Семетей,
Ошондо барбактатып күлгүзүп.
Кайрат кылып карыя:
Ой, Канымкей, кулунум,
Ыйлай бир бербе буркурап,
Балам, боздой бербе чыркырап.
Береңиң төрөң өлгөн соң,
Белиңди байла Канымкей!
Бул жерге туруп нетели,
Каны өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болуучу,
Каракан көздөй кетели.
Ичтеги муңду чачалы,
Жүрү балам, Каракан көздөй качалы.
Жетелешип эки айым,
Ара жол бойлоп жөтөлүп,
Балтыр бешик жетимди
Барбаңдатып көтөрүп.
Белести басып өтө албай,
Караган, бута* таш көрсө,
Эки айым бекинген менен бата албай.
Жалганчы дүйнө оңбой кал,
Же жайдак жерге жата албай.
Чапчактын белин аша албай,
Эки айым, чарчап, ыйлап баса албай.
Ордону алты арам талап алыптыр,
Балтыр бешик чагы экен,
Семетей алты күнү болгуча
Ошондо даам сызбай калыптыр.
Баркырап үндү сала албай,
Же баласы эсин ала албай.
Баягы кайран бир энең Канымкей:
Ачкадан бала калган соң,
Букарга барып нетейин,
Мындан көрө жетимге
О, кудай, курман бир болуп кетейин!
Каран түн, амалдар бүгүн кетет бейм?

Ажалы бүгүн жетет бейм?!
Аа, кагылайын, энеке,
Ачкадан бала өлөт бейм!?
Ымыркай бала жалгыздын
Ажалы бүгүн жетет бейм?
Мен карабет бейбактын
Амалы бүгүн кетет бейм?
Эмчегин берсе сүтү жок,
Үстүнө каран түн түштү
Энекең, Чыйырдынын күчү жок.
Ай талаада калыптыр,
Жашынарга кабак жок,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Же жетимге, бир кайсатар тамак жок!
Тетиги, түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта,
Кара кыр тарткан каңшаак таш*
Калдактап жору эңишет,
Каныкей карап бир турса
Бирөөнү бирөө тебишет.
Айтсам алдага сөзүм зар экен,
Жакын экөө келгенде
Оозунда казандай өпкө бар экен.
Жакын кирип тебишип,
Жорулар учту дыр коюп,
Жакындап келген жоруну
Жасаган бере көргүн деп,
Каныкей таяк менен бир койду.
Шашкан бойдон жорунун
Оозунан өпкө ыргып кетти эми,
Жолборсуң энең Каныкей
Жорудан мурун жетти эми.
Кең дүнүйө тар болду,
Казы жебес эки айым,
Кара өпкөгө зар болду.
Куйрук жебес эки айым
Кур өпкөгө зар болду.
Кечээ Жылгындуу, Кең-Кол оюнда
Кең Таластын боюнда.
Аргын, кыргыз аралаш
Конуп жаткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү май
Болуп жаткан кезинде.
Кыргактуу* кымбат элечек
Ыргап турган кезимде,
Кыргыз бир турмак курган жан
Кылым журтка кан болуп
Жыргап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум?!
Кагылайын энеке,

Түнөгөн ашты ичпеген
Дүмөк күн түштү башыма.
Түндүктү бекем тартпаган,
Көчкөндө өгүзгө жүгүм артпаган,
Бейлим жетти башыма.
Берекем эне иче көр
Арам, адал болсо да
Береки таап берген ашымды!
Кайрат айтып ушинтип,
О, кагылайын, энеке,
Өлгөндүн артынан киши өлчү эмес,
Колдон тайып кеткиче
Кызыталак мал татты,
Көөдөндөн чыр дей түшкөнчө
Кызыталак жан татты.
Кайрат айтып карыга,
Кайран жеңең Канымкей
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип от коюп.
Чирик сөксөөл отундан,
Түтүн чыкпас куу сөөктөн,
Казан чалыш өпкөдөн
Кайсалатып бышырып.
Моло таштай жетимге,
Бере койсо Канымкей
Оң-тетири жулкулап,
Бир жагына өпкөнүн
Чыйырды бейбак тоюнду.
Кайран энең Канымкей
Эр мүчөлүү бейбагың
Кайрат берип энеңе
Ыйлап турду буркурап-
Кагылайын, энеке,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Айкөлдөн калган жетимге,
Мен бир азык издеп көрөйүн.
Энеке арстанча желейин,
Ардыгым таштап мен долу,
Бир азык таап келейин.
Азык таап келгиче,
Энеке, айланып жүзүң көргүчө
Адырды бойлоп жүрүп ал,
Асыл эне байбиче
Мен шордууну алты күндө күйүп ал.
Алты күндөн мен калсам
Өлөр камың жеп кеткин,
Асыл балам Канымкей
Өлгөн гана экен деп кеткин!
Жети күндөн мен калсам,
Энеке, арка чачың өрүп ал!

Ажалдан гана мурун өлүп ал!
Тегерете карабай,
Тегеле жанын аябай.
Өөдө-төмөн карабай.
Өлүүчү жанын аябай.
Табайын деп бир малды,
Кылча гана көрбөй куу жанды,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Мунажат кылып жүгүрүп,
Жеткилең долунун
Желгенине жел жетпей,
Желсе да азык табылбайт.
Жеңекең долу байкушка,
Жээр бир адал неме кабылбайт.
Үч-Кошойдун адырга
Тайган иттей желди эле,
Жылкы жатчу адырга
Жана кирип келди эле.
Жана неме табылбайт,
Адалдан неме кабылбайт.
Адырмак ала тескейге,
Кара-Буура, Чаткалга
Кең Таластын жонуна,
Чоң Кең-Колдун боюна,
Жеңекең гана кирип келди эле.
Караса көзгө илинбейт,
Как- эткенден карга жок,
Кук эткенден кузгун жок,
Же кайсы экени билинбейт.
Мунажат* кылып буркурап,
Бууданың жеңең Канықей
Ыйлап турду чыркырап:
Айкөлдүн көзү өткөн соң
Азык таппай талаада
Ушинтип өлөр түн беле?!
Береним төрөм, өлбөй кал,
Бек азап долу көрбөй кал,
Айкөлдү ажал албай кал,
Артында жетим калбай кал!

ӨКҮЛ АТАСЫ КАРЫМБАЙ КАНЫКЕЙДИ ЫЗАЛАГАНЫ

Ошентип ыйлап жеңекең
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Мууну кетип буркурап,
Бурулуп ыйлап чыркырап,
Үч-Кошойдун Чаткалга
Чуркап жеңең келди эле.

Карымбайдын кысыр эмди кер торпок,
Эки энеге тел* торпок
Сайгак кууп салыптыр,
Сары журтта калыптыр.
Көзүмдүн жашын көрө көр,
Кер торпокту бере көр.
Томолонсун торпогу,
Каныкейди көргөн соң
Ойго качты тайрактап,
Тоого качты сайгактап.
Ошондо кайран энең Каныкей
Кең дүйнө тар болуп,
Кер торпокко зар болуп,
Торпокту кууп жете албай,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип.
Акыл ойлойт Каныкей
Торпогун кармап сойсом деп,
Жетимимди бир тойгузуп койсом деп.
Томолонсун торпогу
Тоодо жүрөт дыркырап,
Баякы тозоктуу жеңең Каныкей
Кубалап жүрөт чыркырап.
Карынбайдын торпогу
Кырда жүрөт дыркырап.
Кыйналып кууп торпокту,
Кыстоо түшүп жете албай
Жеңекең, ыйлап жүрөт буркурап.
Кайран жеңең Каныкей
Үч-Кошойдун бөксөсүн
Үч айланта кууду эле,
Белес таштын кайкысын
Беш айланта кууду эле.
Карынбайдын кер торпок
Качып жүрөт дыркырап,
Кайран жеңең Каныкей
Эрикпей кууду чыркырап.
Үч-Кошойдун боюнда
Баткактуунун кара суу
Аттаймын деп торпок тыгылды,
Асыл бир энең Каныкей
Үстүнө баса жыгылды.
Кайран бир энең Каныкей
Кармап бир алып жетелеп,
Чыйырды менен Семетей
Жаткан жерин төтөлөп,
Алып бир жүрдү торпокту
Жетимин көздөй жетелеп.

Жетимге алып жетерде
Кызыл жээрде ат минген,
Кыл куйругун чорт түйгөн.
Касаба колдо калкылдап,
Айбалта колдо жаркылдап,
Көк найза колдо былкылдап,
Теминери телпилдеп,
Атышка кирчү бараңы
Арт жагында селкилдеп.
Каарданып дардайып,
Чаначтай мурду барбайып.
Сөлөкөтү сөгүлүп,
Ала-Тоодой көрүнүп.
Аргын, кыргыз ичинде
Акылы толук жан экен,
Кишичилик чаркы жок
Бир Карынбай деген бар экен.
Жеткайтка кордук салганда,
Жеңеңди Манас алганда,
Алтымыш күнү той кылып,
Ааламдын калкы чогулуп.
Баглан козу, ширин баш
Бор кайнатып салганда.
Кысыр эмди тайларды
Түштүгүнө чалганда
Кырк таман кылып өлчөшүп,
Түз жерге ордо салганда.
Эр баш сайын кырк бээден,
Мөөрөйүнө сайганда.
Кожонун баарын жыйганда,
Төрөмө нике кыйганда,
Ат баштаган алтыны
Калыс болуп алганда,
Өкүл атам сен элең,
Карынбай, өкүл кызың мен элем.
Өкүл ата Карынбай,
Торпогуң берчи тартынбай,
Торпогуң берчи соёюн,
Карып келген чагында
Энекемди бир тойгузуп коёюн.
Өкүл ата Карынбай
Азып кеттим семиртчи,
Ачкан курсак тойгузчу?
Үзүлгөнүм улачы?
Чачылып кеттим жыйначы?
Суусап кеттим чай берчи?
Башымды катып кетейин
Корголорго жай берчи?
Кол куушуруп жалынып,
Ыйлап турду чыркырап,

Энекеңиз Каныкей
Карынбайга сабылып.
Өкүл ата Карынбай
Жалынганын уккан жок,
Айтканына көнгөн жок,
Кер торпокту берген жок.
Кырга түйгөн кат урду,
Карынбайды ант урду.
Мурутун булкуп ыргытып,
Булкунуп кирди Карынбай.
Күрүлдөдү күүлөнүп
Каныкейге сүйлөнүп:
Кыз кезиңде, сен долу,
Кылым чайкап*, эл буздуң,
Катыныңда, сен долу,
Каада чайкап, журт буздуң.
Айтканыңа көнбөймүн,
Коё бер, катын, торпокту,
Торпогумду бербеймин.
Жесир жүрүп желигип
Бузукусун койбогон.
Манастын адырда жылкы ала баш
Көп малына тойбогон.
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерди,
Качырып барып жеңеңди
Капталга тартып жиберди.
Калдыркан кара көйнөгү
Капталынан сөгүлүп,
Кайгыланып чыркырап,
Кайран жеңең долунун
Капталдан каны төгүлүп.
Карынбай кулдун кер торпок
Жеңекең коё берип чыркырап,
Кокуй, төрөм, өлбө деп
Жеңекең кулап түштү буркурап.
Өксөп бир ыйлап энекең,
Өлөйүн десе арынан
Өрттөнүп жанып чок болот,
Өлбөй тирүү жүргөнү
Жанакы Семетейдин барынан.
Талаада ыйлап турганда
Төбөмдөн кармап баспасын,
Жана кордукту башка салбасын,
Жетимди колуман тартып албасын.
Кабаттап казып орумду,
Кайнатпасын какшаалдар
Капкайдагы шорумду.
Тулпардан калган туяктан
Туура айрылып каламбы,

Туу казына чунактан.
Бел байлаган белим жок,
Медер бир кылар элим жок.
Белгилүү канкор шерим жок,
Бейжайлык кылбай жөнү жок.
Мен талаага боздоп отуруп,
Не муразга жетейин.
Тар дүйнө башка түшкөн соң,
Төркүнүм, Темирге кирип кетейин.
Кайраттанып кабыштап,
Асмандан түшкөн боз кисе
Белгилүү белге табыштап.
Айбалтаны колго алып,
Айкөлүм деп үн салып.
Акырын жүрбөй, бек басып,
Адырды көздөй бет алып.
Мурдунан булак суу кетип,
Кайран көздөн кан аралаш жаш кетип.
Адырга басып бөгүлүп,
Жеңеңдин көзүнүн жашы төгүлүп.
Кырка тарткан кең конуш,
Жерин көрүп бир ыйлап.
Кызыктуу кыргыз кайран журт,
Элин көрүп бир ыйлап,
Кароолго чыкчу дөбөнүн
Жонун көрүп бир ыйлап.
Кадимки Талас, Кең-Колдун
Боюн көрүп бир ыйлап.
Башында бадыша чагында,
Минип турган Манастын
Тагын көрүп бир ыйлап.
Абасы Бакай султандын,
Багын көрүп бир ыйлап.
Баштагы оюн, жыргал күн
Чагын санап бир ыйлап.
Капаланып каран түн
Бул жерге туруп нетейин.
Эртерээк басып, жол жүрүп
Мен, Букарга тентип кетейин.
Буйругу экен алданын,
Эми энекеме жетейин.
Үйрүлмөнүн чөл адыр,
Жеңең, үйрүлө кирип барды эле.
Адырмактын ак тескей,
Манастын кою жайылчу,
Адырдагы ак марча,
Алды жагын басты эле
Будурмак ала тескейин,
Буркурап жеңең басты эле.
Манастан калган кер борук*,

Эки энеге тел борук,
Жетип келди жүгүрүп.
Буйругу күчтүү кудайга,
Мунажат кылып турду эми,
Умтулуп колун сунду эми,
Жанагы жеңең умтулса
Шыйрагы колго келгени.
Өлбөгөнгө өл* балык,
Бек сүйүнүп энекең,
Ичкелей басып төтөлөп,
Жетимин көздөй Каныкей
Кер борукту жетелеп.
Кайып кырдын үңкүрдө,
Бекинип жаткан Чыйырды
Карыптыгын билгизип,
Каныкей жакын барганда,
Канкордон калган чунакты,
Балтыр бешик баланы,
Арбактатып күлдүрүп,
Алып чыкты Чыйырды.
Манастан калган адал мал,
Байбиченин алдына
Борукту тартуу кылды эми.
Алакан жайып кабыштап,
А дүйнө кеткен Манастын,
Арбагына эки айым
Кер борукту табыштап.
Алача моюн Ак тинте
Алып сууруп кынынан.
Асыл энең Каныкей
Ботодой көзүн жайнатып,
Ак шамшардын бир сабын,
Жетими, Семетейге карматып.
Ырым кылып кер борук,
Кер борукту чалды эми.
Жанагы жеңең Каныкей,
Башын кесип алды эми.
Топ дүйнөнү чачканда,
Тоодой бир энең Чыйырды,
Балтыр бешик баланы
Бооруна басканда.
Арстан энең Чыйырды,
Аябаган дүмөктү*
Сала келген турбайбы.
Манастан калган жан казан,
Энекең, ала келген турбайбы.
Үч таш тулга, очок таш,
Даяр кылып салды эми.
Түтүн чыкпас куу отун,
Түгөнгөн энең Каныкей

Түзөңдөн жыйнап алды эми.
Кер боруктун бул этин
Такыр койбой салды эми.
Болумдуу энең Канықей
Болбой жатып бышырып,
Бор кайнатып алды эми.
Ашыктуу* жилик, жамбаш эт
Мүчөнүн* болгон султаны,
Энеси Чыйырдыга берди эми.
Казандай калыс куйругун,
Семетейге берди эми.
Боконолуу моюн эт,
Болбой өзөк ойготуп,
Баягы балтыр бешик чагы эле,
Алты ай болгон табы эле.
Ачка калган Семетей
Кер боруктун куйругун
Он-тетири соргондо.
Караса көзгө илинбейт.
Кер боруктун куйругу
Кайда экени билинбейт.
Кабырганын бүлкүлдөк,
Кармата койсо жетимге,
Аны да соруп жок кылды.
Эр мүчөлүү Канықей
Ошо кезде муну айтып:
Кагылайын, энеке,
Кайрылгыс башка түн түштү,
Каракан көздөй бет алып,
Эми кача бир турган күн түштү.
Бул жерге туруп нетели,
Медер кылып жалгызды,
Жүрү, Темиркан тентип кетели.
Каракан качып баралык,
Каным Манастан калган жалгызды,
Энеке, караан кылып алалык.
Ошондо сексенге чыккан карыя,
Манасты тапкан олуя
Байбиче туруп муну айтат:
Ой, Канықей, кулунум,
Саамай чачым агында,
Сапарымдын барында,
Сан дүйнөдөн айрылып,
Самаркан кантип тентиймин?
Алты шаар, Кокон кан
Аяк жагы Маргалаң,
Ошого тентип нетейин.
Ордолуу журттан айрылып,
Ошол элге барганда
Кулунум, не муразга жетейин?!

Оо, Канымкей, кулунум,
Карып калган башыма
Казгалдак атып жегизбе,
Кан уулунан айрылып,
Каңгырган кемпир дегизбе.
Капа кылбай жанымды,
Кагылайын Канымкей,
Букарга өзүң баштап кет.
Буйругу экен кудайдын,
Капа болуп калбасаң,
Мен шордууну, ушу бир жерге таштап кет.
Оо, Канымкей, кулунум,
Азабымды тартайын,
Асылым туйгун жалгызга
Аякташа жатайын!
Ай, Канымкей, кулунум,
Ай менен кошо батайын,
Асылым Манас чолпонго,
Ушул жерде мен өзүм
Кулунум, аякташа жатайын.
Ой, Канымкей, кулунум,
Самаркан качсаң баштачы,
Сандалтпа мендей карыны,
Ушул бир жерге таштачы.
Уйпалаба карыны
О, Канымкей, кулунум,
Убара кылба жанымды.
Энекем, ай талаада калды деп,
Канымкей бөлүнтө бербе санааңды.
Канымкей сага аманат
Жакшы баккын жаныңдагы Семетей сындуу баланы.
Чыйырды минтип турганда,
Буркурап ийди Канымкей:
Кагылайын энеке,
Бул кебиңди ким уксун,
Капкараңгы түн уксун!
Казылган калың ор уксун,
Кайнап жаткан шор уксун,
Андан бир бөлөк ким уксун!
Төркүнүм кандын шаарына,
Төрөмдөн чогуу айрылып,
Төмөндөп тентип барамын.
Кан Букар тентип барганда,
Кай муразга жетемин.
Энеке сендей мекемди*,
Ай талаага куу катын,
Кантип эле таштап кетемин?!
Болбой ыйлап чыркырап,
Болумдуу энең Канымкей.
Болбой турат Чыйырды:

Ой, Каныкей, кулунум,
Суусунга ичер чайың жок,
Колуңда, бутумду артар тайың жок,
Каныкей, балам, менин Букарга жетер шайым жок.
Акылы кетип алактап,
А дүйнө кетчү эмедей,
Асыл бир энең Чыйырды
Тигинен түштү шалак деп.
Кайран энең Каныкей
Жесирликти билгизип,
Сексендеги Чыйырды,
Айдалыга мингизип,-
Каракан көздөй качты эми,
Темиркан көздөй басты эми.
Кайра байлап кабыштап,
Кара жолтой баланы,
Бел байлаган белине
Бекем байлап табыштап.
Жерге-Тал ылдый жүгүрүп,
Энеңдин тизеси жерге бүгүлүп.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Эки адам кошуп көтөрүп,
Энеңдин көңүлү жаман бөлүнүп.
Эки адам катар көтөрүп,
Энекең күлүк болуп баратат.
Басканына мал жетпей,
Жүрүшүнө жан жетпей,
Чарчабай басып алыптыр,
Жеңекең, чаалыга* жаздап калыптыр.
Кең-Колду кечип чыга албай,
Энеңе дүйнө жүзү тар болуп,
Энекең Чапчактын белин аша албай,
Чаалыгып, чарчап баса албай.
Жүйүктүн белин аша албай,
Энекең, күйүп бир ыйлап баса албай,
Жоргонун белин аша албай,
Энекең, жобоп* бир ыйлап баса албай.
Жапалак учпас талаадан
Жалгыз бир басып зоругуп,
Жапаны тартып энекең
Момундай ишке жолугуп.
Түлкүлөр жүрбөс түмөндө
Түндө бир басып оолугуп,
Ээ, түгөнгөн дүйнө, оңбой кал
Ушундай дартка жолугуп.
Санаанын баары бөлүнүп,
Сары адырмак барганда.
Басайын десе Каныкей
Балтырдан кара кан кетип,
Таманы түтөп оюлуп,

Тамандын эти жоюлуп.
Кең дүнүйө тар болуп,
Букарга жетпей зар болуп,
Кепич кийбей байпакчан,
Кейийт экен курган жан,
Өтүк кийбей байпакчан,
Өлбөйт экен курган жан.
Олуя-Ата, чоң Мерки
Ортосун ашып алды эле,
Будур-будур адырга
Энекең, буркурап ыйлап барды эле.
Казы-Курттун кайкысын
Кайран энең таянып,
Ар жагы кара талаага
Эңкейип энең жетти эле.
Кээ бир жерин карасаң,
Дүмпүк-дүмпүк бел экен,
Мунарык болуп көрүнгөн,
Адам баспас чөл экен.
Томуктай болгон тоосу жок,
Токумчалык коосу жок,
Тозокко салчу жер экен.
Сөксөөлдүү жер, тикени
Тамандан өтүп зыркырап,
Талаада кызыл кумдары,
Өтүгүндө шыркырап,
Энекең Букарга тентип буркурап.
Жеңең ыйлап баратса
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Карап турса жеңеңе
Жан-жаныбар баары ыйлап.
Астыңкы кара талаанын
Кашатына барганда,
Карап турса көз жетпейт,
Айта берсе сөз жетпейт:
Казгалдак учса карыккан,
Безбелдек учуп жол тартса
Канат-башы талыккан.
Таз кара учуп так жаткан,
Таңдайы куурап дым жаткан,
Буурусун* чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Мүдүрүлөр чийи жок,
Жилик чагар ташы жок,
Аңгек, сөңгөк аңы жок.
Экөөнү бирдей көтөрүп,
Ай талаада жол жүргөн
Каныкейде багы жок.
Энекең кайдан аянып,
Жети күн тынбай жол жүрүп,

Жан аябай мол жүрүп.
Балтыр этин оорутуп,
Согончогун жоорутуп.
Күнү-түнү жети күн,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Уйкуга көзүн бөлбөстөн,
Жамбашын жерге койбостон,
Аккан дайра оюна,
Кирип келди энекең,
Сыр-Дайранын боюна.
Жаткан экен Сыр-Дайра,
Айта берсе сөз жетпей,
Ар жагына көз жетпей.
Ошо кезде карасаң
Сыр-Дайра суусу кириптир,
Үстүнөн үйөр* жүрүптүр.
Мөңгүнүн башы жошулуп,
Бөйрөгүнөн кашка суулар кошулуп,
Бөлөкчө кирип алыптыр,
Кан жыттанып ылайлап,
Болбой кирип калыптыр.
Ташуучу суулар ташыптыр,
Тал башынан ашыптыр,
Ушинтип кирип алыптыр.
Сыр-Дайра барып камалып,
Чыркырап энең турду эми.

БАКАЙДЫН КАНЫКЕЙ, ЧЫЙЫРДЫ, СЕМЕТЕИДИ БУКАРГА КАЧЫРЫП ЖӨНӨТҮШҮ

Муну мындай таштайын,
Кабылан Бакай дөө султан
Абакенден баштайын.
Астыга салса ак жолтой,
Аркасы бийик сан колдой.
Караңгыда көз тапкан, .
Капилет жерде сөз тапкан.
Акырет кеткен Манаска
Акыреттик дос болгон.
Доону бирге доолошкон,
Жоону бирге жоолошкон.
Чалгынды бирге чалышкан,
Чампаңдан жылкы алышкан.
Биттейинде биригип,
Бармактай күндө баш кошкон.
Кылычтын мизин атташкан,
Кыяматка кеткен Манаска
Кырк кайра жол антташкан,
Таласты жердеп кент* кылган,

Касташкан жоону мерт кылган.
Жылгындуу Кең-Кол жер кылган,
Тогузунда кезигип
Кабылан, зор Манасты эр кылган.
Орто Кең-Кол жайлаган
Оргутуп тулпар байлаган,
Кезиккен шору кайнаган.
Ачуусуна тийгенди
Астына салып айдаган.
Артык кылмыш кылганды,
Азууга салып чайнаган.
Ак марал кууп уй кылган,
Асылы Манас барында
Атышкан жоону буй кылган.
Көк марал айдап уй кылган,
Көкжалынын барында
Көздөгөн жерди буй кылган.
Шай колдогоң шер болуп,
Ай ааламдын баарына
Алы жетер эр болуп.
Кан ичип жүрүп катыккан,
Кабылан Бакай атыккан.
Ордолуу журтка кан болгон,
Олуят* түнөп Бакайга
Олуя заада жан болгон.
Ойронунан айрылып
Ошондо Бакай кор болгон.
Канатынан кайрылган,
Канкору Манасынан айрылган.
Таласка тиккен багы жок,
Алмамбет, Чубак дагы жок.
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү Манас шери жок.
Берени өлүп калган кез,
Бакайың, белеске элкин* калган кез.
Береним табыш кылды деп,
Бакайың, төө кайтарып калган кез.
Баякы Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз аттын чубама,
Беш-Таштын башы бек жайлоо,
Бегирээк тоонун жонунда
Берен Бакай көкжалдын
Беш жүз түтүн колунда.
Көкжалым Манас өлдү деп,
Көрүнгөн жерде көп ыйлап,
Көзү калган ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп.
Жарыктык Бакай олуя
Жастыкка башын салган кез.
Жабыгып* жатып калган кез.

Топ адам болсо жолобой
Топоюп Бакай калган кез.
Жыйындан Бакай качкан кез,
Чогулуш болсо жолобой
Томпоюп Бакай көкжалың
Обочолоп качкан кез.
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң кашкайып сөгүлүп.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ошондо Бакай кабылан
Оң жагына толгонуп.
Туруп намаз окунуп,
Көк тулпарын токунуп,
Өлгөндө көргөн жалгызы
Семетейден чочунуп,
Токтобой жүрөк болкулдап:
Ажалым жетсе өлөйүн,
Жетимим менен жесирим,
Семетейим көрөйүн.
Баш-аягын жыйнайын,
Баатырдан калган жетимим
Семетейим сурайын.
Кайран балам Каныкей
Бир кезигип кайтайын.
Жесиримди көрөйүн,
Жетимимди өбөйүң.
Найзага таккан желегим,
Айкөлүм Манастан калган белегим,
Жетимимди көрөйүн,
Кол кайырым берейин,
Койнума салып жалгызды
Бир эркелетип келейин.
Астындагы тулпарга,
Олбуй-солбуй камчы уруп.
Оң-тетири теминип,
Жердин жүзүн уратып,
Көк тулпар менен чуратып,
Кайран Бакай кабылан
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө Манас сайган багына
Баатырдын минген тагына
Жетип келди чуратып.
Жетип келсе чуратып,
Талынын баарын сулатып,
Тамынын баарын уратып,
Такыр чаап кетиптир,
Түбүнө эчак жетиптир.

Таш калааны талкалап,
Такыр чаап алыптыр.
Ар кайсы жерде оркоюп,
Ордонун орду калыптыр.
Каныкейдин Ак сарай,
Каалга темир, сом калай
Төрт күл дөбө болуптур.
Как эткенден карга жок,
Кук эткенден кузгун жок,
Курулай талаа калыптыр.
Казбай кал кудай орумду,
Кайнатпа кудай шорумду.
Топурак учпас талаадан
Токтобой келип кайрылып,
Томсортуп кудай не койдуң
Жалгызым Семетейден айрылып.
Тогуз ай сапар жол жүрсөм,
Токуп бир минер бурагым*,
Топ олуя баш кошуп,
Батадан бүткөн чырагым.
Оо, Семетей, күл ботом,
Кара кашка тынарым*,
Манаска тете болот деп,
Кармап бир турган чырагым.
Кагылайын, күл ботом,
Белги кылдым сөзүмдү
Беренден калган жалгыз деп,
Медер бир кылдым өзүңдү.
Белимден медер сынганбы,
Жагылган шамым өчкөнбү,
Жалгыз бир балам Каныкей
Жоо олжолоп кеткенби.
Картайганда Чыйырды
Даңгыттарга жарганбы,
Жесир менен жетимин
Мурун келип көрбөгөн,
Ушу турган Бакайдын,
Сакалын жоолор кыркып салганбы?!
Төөң менен төмөн түш,
Төөсүнө кайдан кайрылдым,
Төө кайтарам деп туруп,
Семетейден айрылдым.
Малын, менен апат бол,
Малына кайдан кайрылдым,
Мал тойтором* деп туруп,
Базарым, Каныкейден айрылдым.
Кокуйдан кокуй Семетей
Өзөн ээлеп, чөп алдым
Өзөнгө малым жаям деп,
Чырагым, Семетейди жеп алдым!

Отко салса күл болбос,
Жоого түшсө күң болбос,
Берен балам Канықей,
Берекелүү жан эле.
Бек азап түшсө башына,
Алты айчылык азапты,
Билип турчу жан эле.
Ал дүшманды көрдүбү,
Көөнү келсе Канықей
Адырга гана чыга бердиби.
Өлбөй тирүү калдыбы,
Көөнү келсе кулунум
Бой бекитип салдыбы.
Казына, малын чачканбы,
Көөнү келсе Канықей
Адырга чыга качканбы.
Кара-Буура, Чаткалды,
Эки күнү артайын,
Азапты минтип тартайын.
Кең Таластын адырын,
Үч күн издөө салайын,
Эптеп жүрүп күл ботом
Канықейим табайын.
Адырга чыкты Бакай кан
Көк тулпарды бир салып,
Канықейлеп үн салып.
Кырда Бакай бакырып,
Канықейлеп чакырып.
Адырда Бакай бакырып,
Канықейлеп чакырып.
Талас ылдый бакырып,
Чыйырдылап чакырып.
Үч-Кошойдун бөксө түз,
Үч күнү Бакай артты эле.
Кара-Буура, Чаткалда
Эки күнү жүрдү эле.
Алапайын таба албай,
Атаң Бакай карыя
Жылгындуу, Кең-Кол чоң өзөн,
Мунун баарын артты эле.
А дүйнө кеткен Манас деп,
Арбагын сыйлап достусун
Азабын мынча тартты эми.
Кең Таластын чоң адыр,
Кеп кылбай карап алды эми.
Үрбүстүн башы көк жайык,
Үч күнү издеп калды эми.
Адыр менен кабактан,
Үңкүр менен токойдон
Биттей неме таштабай

Такыр артып алды эми.
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Түз болгон тоонун тумшукта,
Кан Манастын коргончо,
Коргончо көздөй чу коюп,
Кабылан Бакай барды эле.
Коргончого бакырып,
Кумайыктап чакырып,
Айланайын Кумайык,
Канатымдан кайрылдым.
Караан кылып отурган ,
Семетейден айрылдым.
Оой Кумайык, Кумайык
Туйгунуң Бакай кан турат кыйналып.
Бил Кумайык, бил деймин,
Билип изге кир деймин.
Башыңды жерге сала көр,
Айланайын Кумайык,
Жетимимди таба көр!
Ак күмбөздүн ичинде
Улуп турду Кумайык,
Айбан да болсо баш катып,
Куруп турду Кумайык,
Башын жерге оңдулап,
Салып турду Кумайык.
Кумайыгы курусун,
Ойго кетти ойноктоп,
Кырда жүрөт сойлоктоп.
Адырмак ала тескейди
Алты жол шимшип алды эми,
Жээк жолдун бөксөсүн
Жети жол шимшип алды эми.
Кең чапчактын керүү кыр,
Керме Кең-Кол аягы
Үйрүлмөнүн кайкысын
Үч жол жыттап алды эми.
Көт жагынан Бакай кан,
Антаңдатып шаштырып,
Куйругун жаза бастырып,
Өкүрүп сабап тайганды,
Айдап жүрөт Бакай кан.
Үч кайкаңдын Бел-Дөбө,
Үч айланта кууду эми.
Айласы кетип ак тайган,
Кайыпчынын үңкүргө,
Качып барып турду эми.
Ал алдырган кер борук,
Сөөгүн таап алды эми.
Чыркырап баскан чырмаш жол*,
Чындап тиктеп Кумайык

Кеткен жолду тапты эми.
Чыдай албай Кумайык,
Башын жерге салды эми.
Кара жерди бир жыттап,
Улуп-улуп алды эми,
Чү деп жүрүп калды эми.
Арстан Бакай кабылан,
Арт жагынан тайгандын
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай.
Короздой болгон кайран шер,
Козголоң салып бакырып,
Койбой кууп алганы.
Муну мындай таштайлы
Кечээ каралуу кеткен Каныкей,
Качып бир кеткен Семетей,
Жесирден жомок баштайлы.
Көөдөнү толгон көп санаа,
Көкжал энең Каныкей
Ошондо көзүнүн жашы он талаа:
Карасам көлдөй дарыям,
Кагылайын карыям,
Көрүп койсом көөнүм ток,
Энеке, сенден бир башка мекем жок!
Караан кылган энеке,
Айлабыз азыр кеттиби?
Алдейлеп турган жалгызың,
Алты күн калды ачкадан,
Айланайын энеке,
Ажалы бүгүн жеттиби?!
Айкөл Манастан калган жалгызсың,
Кыйпыйып мурду калыптыр,
Кыямат* көздөй кетеби?
Береки, айкөлдөн калган баланын,
Кагылайын, энеке,
Менин, эмчегим берсем дарман жок,
Менде, кенедей дарман калган жок!
Каныкей ыйлап турганда,
Кайратты берди Чыйырды:
Кагылайын, Каныкей,
Таңдагыны таң билет,
Тирүү турган адамга,
Күнүнкүсүн кудай өзү жеткирет.
Ыйлабагын Каныкей,
Сыктабагын кулунум,
Кайгы төлөө* болобу,

Алты арамды, тууган деген оңобу.
Ай, Канықей, кулунум,
Туйгунум* Манас болучу,
Тунжурум* балам болучу.
Шумкарым Манас болучу,
Тынарым* балам болучу.
Шумкар учса уядан,
Тынары калат ордунда.
Туйгуну учса уядан,
Тунжуру калат ордунда.
Ыйлабагын Канықей,
Сыктабагын кулунум.
Кайгы төлөө болобу,
Канықей балам,
Кайгырган адам оңобу.
Боздосоң алтын келеби?
Кайгырып турсаң Канықей
Алты арамдын бирөө
Келип тамак береби?
Үзүлгөн кайра уланбайт,
Кагылайын, Канықей,
Чачылган кайра жыйналбайт.
Төгүлгөн аяк толобу
Кайгырган төлөө болобу?
Кагылайын, Канықей,
Кайгы кылба карыңды,
Күйгүзбө менин жанымды.
Казбачы менин орумду,
Кайнатпагын Канықей,
Менин капкайдагы шорумду.
Капа бир болбо Канықей,
Тилегиң кудай берет бейм,
Сүйүнө турган жер тартат,
Абасы Бакай келет бейм.
Тамтаңдап басып Чыйырды
Боз дөңгүлгө чыкты эми.
Байгамбар чалыш энекең,
Таласка мойнун бурду эле,
Талааны тиктеп турду эле.
Самсаалаган тумшуктан,
Салынган тоонун урчуктан,
Көк адырдын бетинен,
Ак кыянын четинен
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды караса,
Көк тулпардын чаңы экен,
Үстүндөгү адамы
Бакай өңдүү жан экен.
Оой, Канықей, өөдө тур
Ачылган жерим жабылды,

Аяшың Бакай табылды.
Оой, кагылайын Канықей,
Бекер боздоп нетели,
Абасынын алдынан
Алдейлеп турган жетимди,
Бир күлдүрүп өтөлү.
Кетирген Бакай карыя,
Кемтигин көрүп тоюнсун.
Айзага таккан желегин,
Алдынан алып чыгалы
Айкөлдөн гана калган белегин.
Тулпардан калган туягын,
Тур, Канықей көтөргүн,
Тентигенин билгизип,
Астынан алып чыгалы,
Жетимимди күлгүзүп,
Деп ошондой деген соң,
Кайран энең Канықей
Боздоп алды чыркырап,
Ээй, кагылайын, энеке
Калдайган кара башымда,
Кандуу бетим жыртылуу.
Күлдүйгөн жара бетимде,
Тарак тийбес кара чач,
Талынан кармап жыртылуу.
Таластан качып кайрылсам,
Отуз эки жашымда
Ойронумдан айрылсам,
Канкорум каза болгону,
Кырк күнгө мезгил толо элек,
Өлгөнү кырк күн боло элек.
Карабет элди көрө элек,
Калайык курчап чуркурап,
Эч болбоду дегенде
Канкордун ашын бере элек.
Жыл убагы боло элек,
Алты айга убак толо элек.
Энеке ажалым жетсе өлөйүн,
Канкорум көзү өткөн соң,
Олуят Бакай абамдын,
Мен, канткенде жүзүн көрөйүн?!
Кагылайын, энеке,
Кан абам жүзүн көргүчө,
Туубай бир туна чөгөйүн.
Каралуу жүрүп, мен шордуу
Кан Бакай жүзүн көргүчө,
Мен шордуу, ажалдан мурун өлөйүн!
Деп ошентип Канықей,
Кудайга үнү угулду,
Көкжалың энең Канықей

Ошондо, көмөрөдөн жыгылды.
Баякы кайран бир энең Чыйырды:
Оой, Каныкей, кулунум,
Жети атан* төөгө дилде* артып,
Серпилтип жорго миндиңби,
Сен сейилдикке жүрдүңбү?
Күүлөнүп күкүк чакырган,
Таласка тиккен бак барбы.
Бакайдын жүзүн көрбөйм деп,
Балакет салып жатуучу,
Баягы, Таластагы чак барбы?
Кең-Колдо кырка багың жок,
Кесир күтүп, көрбөйм деп,
Кесирденип туруучу
Сенин Кең-Колдогу чагың жок.
Бел байлаган белиң жок,
Ээн талаада жүрөбүз,
Каныкей, сен бейжайлык кылар жөнүң жок.
Кайрылбай качып биз келдик,
Кадыр түн өңдүү түнүң жок.
Көшөгө тартып болкулдап,
Ары карап солкулдап,
Адам көрбөй туруучу,
Сенин, баягы Таластагы чагың жок!
Ак байбиче Чыйырды
Ушундай кепти салды эми,
Моло таштай барбайып,
Боорунда турган жетимди
Каныкейдин колунан сууруп алды эми.
Жетимдигин билдирип,
Арбаңдатып күлдүрүп,
Күрсө бир күрсө жөтөлүп,
Күпүдөй* болгон баланы,
Күйүттүү болгон Чыйырды,
Моюнга салып көтөрүп.
Кан Бакайды бет алып,
Карааны жетим уулун көтөрүп.
Эсил энең Чыйырды
Этегин жерге тийгизип,
Эсилден калган баланын,
Жетимдигин билгизип,
Баскан сайын арыштап,
Байкуш энең Чыйырды
Дарманы кетип чалыштап.
Басайың десе канетет
Бели кургур буралып,
Басайын дейт Чыйырды
Бакайын көрүп кубанып.
Өрттөнүп жүрөк жарылып,
Бакай канга жалынып.

Басайын деп шилтесе
Тизеси кургур тырсылдап,
Он эки тамыр, сексен муун
Бирөөсү калбай кырсылдап.
Карагаттай кайран көз,
Туман басып ириңдеп.
Көөдөнү кургур канетет,
Басканы сайын кирилдеп.
Дарманы кетип алсырап,
Энекеңиз Чыйырды
Эки көзү жалдырап.
Баягы омуртка сөөк мүчөлөр,
Дарманы кетип шалдырап.
Сыр-Дайранын боз кашат.
Сырттан энең Чыйырды,
Колтугунда Семетей,
Өлгөндө жетти жалдырап.
Бута* бою ак тайган
Астына түшүп алыптыр,
Көк тулпар менен кубалап,
Бакай кууп алыптыр.
Дөбөдө турган Чыйырды,
Колундагы Семетей
Бул экөөнү көргөндө,
Кабылан Бакай абакең,
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Көзүнөн аккан кандуу жаш
Акырек ылдый куюлуп:
Кокуй күн, Манас, өлбөй кал,
Кордукту жетим көрбөй кал!
Сен ушундай болгон соң
Жетимим, ким ушундай болбосун?!
Шерим Манас өлгөндө
Өлөйүн гана дедим арымдан,
Карыганда Бакайдын
Өлбөй аман калганы,
Семетейдин барынан.
Таласка боюн жашырып,
Талыгып калчу мен белем?!
Балтыр бешик чагында,
Балапан бала табында
Талааңды көрчү сен белең?!
Керимсел абаң мен Бакай
Кең-Колго боюм жашырып
Кечигип калчу мен белем?
Кенедей чактан талоо жеп,
Кетүүчү жетим сен белең?
Кейишти тартып мен Бакай
Сакалым жулчу мен белем?
Сан дүйнө оопа түк болбой,

Кагылайын, жетимим,
Самаркан каччу сен белең?!
Буткулдан дайның таба албай,
Мурутум жулчу мен белем?
Буудансыз качып, жөө тентип
Букарга кетчү сен белең?
Буркурап дайның таба албай
Боздочу Бакай мен белем?
Медер кылып көөнүмө,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Албай койбой не болдум?
Бereним Манас достумдан,
Мээнетти көрүп бу жайга
Калбай бир койбой не болдум?
Каргадай болуп сербеңдеп,
Карааның Семетей турат аманат.
Ашылбас аскар бел элең.
Айкөлүм Манас ала жат!
Тулпардан калган туягым, л
Туйгун Манас көкжалдан калган чырагым!
Найзага таккан желегим,'
Асылдан калган белегим!
Өңүм бир десем, түшүмбү?
Түшүмбү десем өңүмбү?
Ажалым жетпей өлдүмбү.
Айкөлдөн калган жетимди
Ай талаадан көрдүмбү?!
Чыйырды менен Семетей
Чын астынан көргөн соң,
Чындап бир кейип Бакай кан.
Капкараңгы түн түшүп,
Айласы кетип алактап,
Бакайдын башына акыр бир заман күн түшүп.
Бакай тилге келбей бүк түшүп,
Төбөсү менен тик түшүп.
Эт бышымга эр Бакай
Эс ала албай калды эми.
Чочуп кетип байбиче
Баласын коюп жанына,
Бакайдын башын жөлөдү.
Байбиче жөлөп турганын
Падыша Бакай көрдү эми:
Манастан калган Семетей,
Балтыр бешик баланы,
Энеке, көтөрүпсүң дем кылып.
Картайганда Бакайды,
Кайгылантып таптырбай,
Энеке, кара жер менен тең кылып.
Кең-Колдон боюң жашырып,
Достум, Манастан калган жетимди,

Талаага качып жашырып,
Береним Манас барында
Безбелдек атып жедимби,
Беренден калган жетимди
Ала качып талаага,
Карыганда Бакайды
Мээнетин тартсын дединби?!
Энеке, казылган калың ор барбы?
Айкөлдөн калган Семетей,
Энеке, аркаланып алыпсыз,
Мекеден келген жоо барбы?
Мекеден келген жоо болсо,
Бейпайы күчтүү доо болсо,
Береним энем чыныңды айт.
Көк тулпар кайкып минейин,
Мекеден келген жан болсо,
Мекени көздөй тиейин.
Бейпайы күчтүү доо болсо,
Береним энем чыныңды айт,
Бээжинден келген жоо болсо,
Бээжинди көздөй тиейин.
Кетпеген кегим алайын,
Кейитпей айтчы чыныңды,
Кекенген бөлөк жоо болсо,
Курмандыкка чалайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Атыша чыгар жоо болсо,
Чыныңды айтчы энеке,
Кектешип кегим алайын.
Бакай кан минтип турганда
Кетирип Бакай каруусун,
Айтып берди энекең
Баягы кеткен иштин баарысын.
Абыке кылып кордукту,
Көбөш кул кылып зордукту,
Буласын булап алганын,
Бузукту мыктап салганын.
Буркурап энең айткан соң,
Түрмөктүү кептин түйүнүн
Түгөл айтып берген соң,
Башталган кептин чатагын
Баарын айтып берген соң,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Таластагы алты арамдан түңүлүп.
Чиркин, көп кетирип санааны,
Бооруна кысты кучактап,
Манастан калган Семетей
Баягы моло таштай баланы.
Балтыр бешик Семетей
Боорго басып көтөрүп.

Кең дүнүйө тар болуп,
Келини шордуу Канықей
Ошондо бир көрүүгө зар болуп.
Семетей кармап сабылып,
Канықейге жалынып,
Кирип келди зор Бакай.
Бакай кан турса жалынып,
Караган жок Канықей.
Карабаган себеби,
Калдайган кара башында,
Кандуу бети жыртылуу,
Олоңдой болгон кайран чач,
Алдына кынап жайылуу.
Бакайдын жүзүн көрбөстөн,
Тескери карап чыркырап,
Көмкөрөдөн жыгылып,
Кудайга үнү угулуп.
Канықейди көргөндө
Каадалуу Бакай кан ыйлап,
Серпилип карап тура албай
Баякы ак байбиче Чыйырды
Энекеңиз дагы ыйлап.
Ошондо Бакай коңгурап,
Кайрат айтып зоңгурап:
— Ой, Канықей, кулунум,
Ыйлаба балам, сында жок
Олуя Манас мында жок.
Бел байлап турган белиң жок.
Бек кейий бербе Канықей
Талаада жүрүп чыркырап,
Канықей балам, ыйлай бир бербе жөнү
Араң бир жүргөн алты арам,
Сары изиңе чөп салып,
Саргара кууп албасын,
Куу изиңе чөп салып,
Кубара кууп албасын.
Төбөбүздөн баспасын,
Ой, Канықей, кулунум,
Талаада канды чачпасын!
Жалынсаң укпай сөзүңдү!
Балам, тирүүлөй чукуп көзүңдү,
Азапты минтип салбасын.
Айкөлдөн калган жетимди,
Колуңдан гана жулуп албасын.
Жол үстүнө сын кылып,*.
Канықей балам, жоруларга жарбасын!
Деп ушинтип муну айтып,
Оо, Канықей, кулунум,
Качуучу болсоң кыймылда,
Кетер болсоң зымыра.

Бу Талас бизге жер эмес,
Бу турган бизге жөн эмес.
Адырга чыга берелик,
Ажал жетсе өлөлүк,
Алты арам салса кордукту,
Андан бир кийин көрөлүк.
Жоо бөрүсү олуя,
Жолборсуң Бакай карыя,
Алты айчалык азапты
Азыр билген олуя:
Астындагы көк тулпар
Шашып токуп бууданды,
Кайран жанга керек деп,
Кармап турду кан Бакай
Бала да болсо Семетей
Балтыр бешик тууганды.
Ашып, шашып эр Бакай,
Астындагы көк тулпар,
Чап олоңун* бек тартып.
Куюшканын* кыскартып
Ок өтпөгөн боз чепкен,
Эриң Бакай кабылан
Кайра кармап кабыштап.
Кандагай менен чоң өтүк,
Ичине бүктөп табыштап.
Катуу кармап капшырып,
Каныңыз Бакай кабылан
Канжыгага* тапшырып жок.
Бек бөктөрүп* салды эми.
Берендигин билгизип,
Аккаңкынын* үстүнө
Чыйырдыны мингизип.
Кайра байлап кабыштап,
Кара жолтой жетимди
Алача дүңгө кур* менен
Аманат кылып табыштап.
Эр экенин билгизип,
Моюнуна мингизип,
Бекем байлап салды эми.
Анжыяндын аркагы жоон сарала,
Бутундагы кең ыштан
Багалегин капшырып,
Ычкырына* тапшырып.
Берип койсом катындар,
Бейжайым сууга ыргытып,
Берендин ажалы чогуу жетет деп,
Бөөдөдөн өлүп кетет деп,
Берендигин билгизип,
Берен бала Семетей,
Моюнунун көк этке

Болжоп Бакай мингизип.
Жылаңбаш басып оңшоңдоп
Жылаңайлак шоңшоңдоп,
Сыр-Дайра кечип кетүүгө
Кабылан Бакай камынып,
Көкчыбык мылтык колго алып,
Манас, Манас үн салып,
Ишти кудай оңдо деп,
Жетимимди колдо деп,
Каарданып жөтөлүп,
Касиеттүү абакең,
Көкчыбык мылтык көтөрүп,
Сууга сунуп барбайып,
Кожосан* Бакай абакең
Сууну көздөй дардайып,
Кытай оттук*, боор таш
Кырып ийип чок коюп,
Колундагы Көкчыбык
Милтесине* от коюп,
Мергендикке тазасы,
Белен турган машаасы*,
Күпүлдөгөн дайраны
Ошондо Бакай кабылан
Күп дегизе бир койду.
Өөдө жагын карасаң
Акпай дайра токтолуп,
Ылдый жагын карасаң
Сайы чыгып жок болуп.
Ошондо Бакай кабылан
Шыпылдай басып сабылып,
Мойнундагы жетими
Семетейге жалынып:
Атасын тарткан жан экен,
Колдогонун карасам
Атасынча бар экен.
Оң далысы кең болот,
Аман жүрсө жетимим,
Атасын тарткан шер болот.
Суу токтолуп калганын,
Төлгө кылды зор Бакай.
Баабединге* бата айтып,
Коросонго* кой айтып,
Баабединин бакырып,
Баатыр Бакай көй кашка*
Манастап ураан чакырып,
Кубат кылып баланы,
Кубанчы кылып санааны,
Аркы өйүздөгү кашатка
Арстан Бакай жетти эле.
Арт жагына көз салса,

Токтолуп жаткан дарыя
Жер солкулдап дүркүрөп,
Акты дайра күркүрөп.
Карагай кулап, тал агып,
Илинген бута* баары агып,
Үйдөй болгон ак көбүк
Үстү менен жаркырап,
Сай түбүндө кара таш
Түбү менен калдырап.
Балатынын* баарысы
Түп-түбүнөн суурулуп,
Токтолуп жаткан дарыя
Токоюна урунуп.
Аман чыгып дайрадан,
Арстан Бакай кабылан.
Адырга салып жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп.
Ийри-муйру суу менен,
Имерилген тоо менен,
Бука сийдик* коо менен.
Бууданың Бакай карыя,
Эченди көргөн олуя
Адыры чыбыр, миң бөлөк,
Адам кирсе батпас деп,
Артынан келип кол салса,
Арамдар келип таппас деп
Кара дөмбөл талааны
Басып Бакай келди эле,
Кара белес, Каңшаак-Таш
Ашып Бакай келди эле,
Кара-Кырдын чоң үңкүр,
Чоң үңкүрдү көрдү эле.
Оозун карап отурсаң
Жалгыз адам баткандай,
Ар жак жагын карасаң,
Алты миң койлор баткандай.
Айланасы чынар тал,
Чынарынын түбүнөн
Кайнаган кара булак бар.
Күкүгү тоодо күүлөнгөн,
Булбулунун баарысы
Талында сайрап сүйлөнгөн.
Бууданы Бакай жанында,
Үңкүргө кирди эки айым.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Карагаттай кайран көз,
Ортосунда Семетей
Ойлонуп, ыйлап эки айым,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ошондо Бакай ойлонуп,

Чаалыгып келген энекем,
Чарчап бир келген Канықей
Кара-Үңкүрдүн арсак таш
Жамбашка өтүп кетет деп,
Камбыл Бакай карыя
Канчаны көргөн олуя.
Сары беттин бетеге*
Түбү менен аңтарып,
Жолум үйдөй бетеге
Жолборсуң Бакай каңтарып,
Үңкүргө төшөп салды эле,
Эки айым жатып калды эле.
Чыканактап уйку алып,
Чырм этип тынч алып.
Арстан Бакай султаның
Көк тулпар менен жүгүртүп,
Адырды Бакай чалды эле.
Ашкере мерген, чоң камбыл
Артык бир мерген зор Бакай
Жетими менен жесирге
Азык бир издеп калды эми.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Ак жолтой Бакай кабылан
Алты аркар*, төрт кулжа*,
Атып Бакай жүктөнүп,
Демде жетип келди эле.
Үңкүргө келип түшүрүп,
Ошо Бакай кабылан
Алты торпок, төрт тайга
Сатып алган Ак тинте,
Ары бери жиреди.
Демге койбой жиликтеп,
Камбыл абаң сойду эле.
Канжыгада жан казан,
Үч таш тулга* очокко
Канықей жеңең койду эле.
Жая* ширин, майлуу эт
Асып келип кайнатып,
Жесирлериң тойду эле.
Жилигинин чучугун
Такыр кагып сордуруп,
Семетейге берди эле.
Өчкөн отун тамызып,
Өкүмүң Бакай карыя
Өлгөн жанын тиргизип.
Чачылганын жыйнады,
Үзүлгөнүн улады.
Арыган жанды семиртип,
Ачкан курсак тойгузду.

Абаң Бакай карыя,
Баарын көргөн олуя,
Куу табылгы, куу ыргай
Түтүн чыкпас отунду
Түгөл бойдон жулду эле,
Жети күнгө жеткендей,
Отун камдап берди эле.
Кенен бир ай жеткидей,
Этин камдап берди эле.
Арстан мойнун бурду эле,
Каныкейдей бейбакка
Акыл айтып турду эле.
Ой, Каныкей, кулунум,
Көтөрүп алып Семетей
Басып шорум кайнатпа,
Камдалган канча азыгың
Чачып шорум кайнатпа.
Каракан көздөй бет алып,
Качып шорум кайнатпа.
Ой, Каныкей, кулунум,
Желке чачың түйүп ал,
Жети күн мени күйүп ал,
Жети күндөн мен калсам,
Жейрен атып жеп кеткин.
Жети олуя кол берген,
Жеткилең Бакай олуя,
Өлгөн экен деп кеткин.
Ой, Каныкей, кулунум,
Алты күндөн мен калсам,
Азыгың баарын чачып кет,
Арстан абам өлдү деп,
Төркүнүң Каракан көздөй качып кет.
Ой, Каныкей, кулунум,
Эпаада келбей мен калсам
Күндүзү жатып, түндө кач.
Ой, Каныкей, кулунум,
Күйүттөнбөй күндө кач.
Кең Таластын кырка таш,
Кырка таш ылдый желермин.
Кыраңдан ок жаңылса,
Кыямат* жүзүн көрөрмүн.
Кыямат жүзүн көрбөсөм,
Казаам* бир жетип өлбөсөм,
Жети күн калбай келермин,
Жетимим сени көрөрмүн.
Букардын жолу алыс жол,
Камдайын үшүп бир кеткис тонуңду,
Чабайын Каныкей балам ашкере ачык жолуңду.
Бурулбастан, Букарга жазып катымды,
Өлбөсөм камдап келейин,

Алты айга тынбай жол жүрсөң,
Арыбас тулпар атыңды.
Камдайын азык сүтүңдү,
Берейин балам Канықей
Букарга гана минчү күчүңдү.
Үч кошкондун бөксө жол,
Үстү менен желейин,
Тагдырым жетсе өлөйүн.
Тагдырым жетип өлбөсөм,
Алты күн калбай келейин.
Деп ошентип кан Бакай
Кол алышып, коштошуп
Бакай кан, Таласты көздөй жүрдү эми.
Ай далыда Акчыбык,
Колунда найза жаркылдап,
Астындагы көк тулпар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Ошондо Бакай кабылан
Кылча жанын аябай.
Бакай кандын тулпары
Башын жерге салыптыр,
Желгенине жел жетпейт,
Жетик чуркап алыптыр.
Басканына мал жетпейт,
Башкача чуркап калыптыр.
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туякты жерге мылгытып,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө каккылап,
Тал жибектей куйругун,
Чаткаякка чапкылап.
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроодо чачылып.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Эңкейиште чуркаса,
Эликтей колу сайылып,
Өөдө-ылдыйга кез келсе,
Жал куйругу жайылып.
Түз талаага келгенде
Учкан куш менен жарышып,
Окоро түйгөн* ак тизгин,
Кош колдоп тартып Бакайдын
Эки колу карышып.

Эри өлгөнсүп жулкунтуп,
Эсепсиз тулпардын оозу менен алышып.
Баскан жери быркырап,
Жолум үйдөй* даңканы
Төбөсүндө чыркырап.
Жердин жүзүн уратып,
Көк тулпар менен чуратып.
Көкжал Бакай кабылан,
Далайды көргөн олуя,
Күүгүм кйре, күн бата,
Элдин алды дым жата,
Таласка салып желигип,
Кирип келди түн ката. -
Будурмактын кең өзөн
Бурчун чалып алды эле.
Буйгаттан жылкы таба албай
Бура тартып калды эле.
Текечи кан, Шыгай кан
Тебелетип барды эле.
Жылгындуунун кең өзөн,
Кең өзөндү чалды эле.
Жылкың менен жылма бол
Жылмайып калган белем деп,
Каарданып алды эми.
Астындагы көк тулпар
Камчы менен салды эле.
Койдой эти бөлүнүп,
Камчы жеген көк тулпар
Коёндой жону түзөлүп.
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Дүмүрөйгөн тумшукка,
Айланып Бакай барды эле.
Кабак, Ак-Чий боюна
Сабап жетип барды эле.
Адырда жылкы алабаш,
Манас кандын сан жылкы
Аргымак, буудан аралаш.
Тоодогу жылкы тобурчак,
Толгон тулпар аралаш.
Токтобой Бакай суратып,
Кирип барды жылкыга
Бакай кирип баргада,
Жылкы ичинде Тайтору
Үстүнө арткан жүгү жок,
Айтайын десе тили жок.
Бир кишенеп заңгырап,
Жылкыдан гана чыкты аңгырап.
Бугудай мойнун бурду эми,
Айбандан асыл Тайтору,
Бууданың Бакай алдына

Бура тартып турду эми.
Көкүлүн көккө зыргытып,
Ыктап турду Тайтору.
Сол тизеден Бакайды,
Жыттап эле турду Тайтору.
Шай колдогон эр Бакай
Тайтору буудан жанында,
Көк тулпар бар алдында.
Ошондо Бакай кабылан
Окоро түйгөн ак жүгөн,
Ойронум Манас барында
Окшош кылган эмеспи,
Эми, Тайторуга чак жүгөн.
Тобокел деп токтобой
Тоодайың Бакай карыяң
Алмамбет кылган Аккаңкы
Эки каптал эн темир,
Алдыңкы кашы сары алтын,
Көткү кашы чылк күмүш,
Бууданга салса жоорутпас,
Алтай сапар жол жүрсө
Акыры гана бир жер оорутпас.
Булгары тердик, көк токум,
Тайторуга дайындап,
Тартынбай токуп эр Бакай.
Чып этип чыбык тийбеген,
Чымындан бөлөк минбеген,
Чыңдалуу күлүк Тайтору
Чын колуна тийгенде,
Ошондо Бакай кабылан
Астындагы көк тулпар,
Олбуй-солбуй камчылап,
Оодарылып төтөлөп,
Тайторуну жетелеп.
Күүгүм кирип, күн бата,
Элдин алды дым жата,
Чоң Жакыптын ордого
Жер кайкып Бакай кабылан
Жеке бир кирип келди эле
Жалпы жылдыз бөлүнбөй
Айдын караңгысында
Жалгыз жанга көрүнбөй.
Кечээ, ордону иттер бөлгөндө,
Ойронуң гана Манас өлгөндө,
Ойноп качып Ак борчук
Олжого гана кеткен мал экен.
Кермеде турган Ак борчук,
Ошондо, октосун үзүп кутулуп,
Бакайга, ойноп келген кези экен.
Желгенине жел жетпес,

Жел кайык эле чалыш мал экен.
Мал көздөгөн эрте кеч,
Чоң атасы чочко кан
Жакыптын ээри бар экен.
Ошондо аркар сындуу моюнун,
Буруп эле берди Ак борчук.
Кең Таласта кез келип,
Келберсиген Бакайга
Туруп эле берди Ак борчук.
Ошондо Бакай сүйүнүп,
Алты сапар жол жүрсөм,
Кадыр түн өңдүү түн барбы,
Бу да болсо касиеттүү төлгө экен,
Жетимди гана көрөр күн барбы?!
Ошондо Бакай кабылан
Бура тартып дыр коюп,
Бууданың Бакай кабылан
Каныкей гана көздөй чу коюп.
Эки семиз ат менен,
Эки чанач сүт менен,
Ашкере бузуп жорукту
Бакай абаң, азыкка алып борукту
Кара үңкүр көздөй жол тарткан,
Бул Бакайдын коногу.
Качып берген Букарга,
Эми айтып берейин
Баягы, Каныкей жеңең жомогу.
Ошондо, каралуу калган Каныкей,
Качмак болду Семетей.
Жаткан үңкүр тоо болуп,
Баягы, кагуу жеген Каныкей.
Үңкүргө чыдап жата албай,
Кирпиктин баары жоо болуп,
Дирилдеп жүрөк болкулдап,
Токтоно албай солкулдап.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Карагай, бута, таш, дөбө
Баарысы жоодой көрүнүп.
Үңкүргө үч күн бата албай,
Жан өргүтүп жата албай,
Мелчемдүү жерге жете албай,
Белсенип басып кете албай
Ыйлап энең чыркырап.
Бир жактан аркардын эти бек сасып,
Үңкүрдүн ичи буркурап.
Тынчыган этти жебестен
Бир жагынан Семетей ыйлап чыркырап.
Өлгөндө көргөн чунагым,
Дартмандуу* болуп калат деп,
Бизди үшүнтүп кудай алат деп.

Баягы, кайран энең Чыйырды
Кайгыланып бир жактан.
Кайран жеңең Канымкей
Кайра байлап капшырып,
Белдемчинин* бүгүнө
Бешиктеги баланы,
Бек бекитип тапшырып.
Жеткилең энең Канымкей
Жесирлигин билгизип,
Дарманы жок Чыйырды
Картайып калган энесин,
Ай далыга мингизип
Туура жол басса жан күйүп,
Же тура албай суусап кан күйүп.
Белестен басып өтө албай,
Же белгилүү жерге жете албай.
Жай жерге уктап жата албай,
Энекеңиз Канымкей
Жер үстүнө бата албай.
Элким жерге эки күн,
Жатпай кетип баратат.
Бир адамга эки адам,
Батпай кетип баратат.
Таманы ташка тапталып,
Арык болуп баратат.
Тентип ыйлап, жөө басып
Канымкей энең карып болуп баратат.
Темиркандын шаарына
Тентип энең жөө качып,
Каракандын шаарына
Кайгыланып жөө басып.
Мууну кетип былкылдап,
Буркураган көз жашы
Акыректе жылтылдап,
Кабырга сөөк сөгүлүп.
Баягы Чыйырды минген ай далы,
Чөйчөктөй гана эти бөлүнүп.
Капталдын баарын жоорутуп,
Баягы, карып болгон жеңекең
Көңүлдүн баарын оорутуп.
Ошондо, баягы энең Канымкей
Басайын десе ал кетип,
Баспайын десе Канымкей,
Же чыркырап эле ыйлап ал кетип.
Канжыгадай тилинип,
Же балтырдан кара кан кетип.
Согончок этти жоорутуп,
Талыкпай гана жанын оорутуп.
Чаалыгып эле жанды чарчатып,
Баягы, чапчактай* жанды арытып.

Букары алыс жол болуп,
Буркурап ыйлап жете албай
Баягы, бууданың энең кор болуп
Букарга тентип жөө качып,
Көлүгү* жок жөө басып.
Жоргосу чыгып кыпылдап,
Энең, жорголой басып шыпылдап.
Чыбыр-чыбыр белести,
Чындап ашып алды эми.
Чымыны калың куу чөлдөн
Чымындай жанды аябай,
Энекең, чындап гана басып алды эми.
Артынан жоо келгенсип,
Үркүп, шашып токтобой
Бир чуңкурга эки күн,
Жатпай кетип баратат.
Баягы, балтыр бешик Семетей,
Колтугунда жеңеңдин
Батпай кетип баратат.
Кылча жанын талаада,
Көрбөй кетип баратат.
Кыйналгандан чунак жан,
Өлбөй кетип баратат.
Кең такырга барганда,
Өтүгү тозуп шалпылдап.
Тобо кылат жеңекең,
Тозокту мынча көрсө да
Кетип барат жаркылдап.
Күн кылкылдап батканда,
Чаалыгып эле барып аянды,.
Ошондо энең Каныкей
Байтерекке таянды.
Ошо турган Байтерек,
Бутагында куштары
Жаныбар, булкунуп турат учканы.
Терегинде куштары,
Ошо турган Байтерек
Теминип гана турат учканы.
Байтерекке барганда,
Балтырканы* билектей,
Маралы* качып, чу десе
Мала гана кашка инектей.*
Жалбырагы жаргактай*,
Карап турсаң жарыктык,
Кара курту бармактай.
Бөксө жагын карасаң
Бөлүнүп тоодак дыркырап,
Тегерегин карасаң
Тоту куш эле сайрап чуркурап.
Чынардан терек дээр экен,

Касиеттүү жер экен.
Кайнардуу булак көзү экен, .
Как мазардын* өзү экен.
Такым этин тартайтып,
Арык жатчу жер экен.
Айлынан мүшкүл иш көргөн,
Мен өңдөнгөн иш көргөн,
Карып эле жатчу жер экен.
Он олуя машайык
Бата болчу жер экен.
Азыгы жок арыкка,
Мен өңдөнгөн карыпка,
Ушу турган Байтерек
Ата болчу жер экен.
Чаалыккан жанга жан жыргал,
Паана болчу жер экен.
Биз өңдөнүп ашып-шашып качканга
Караан гана болчу жер экен.
Семетей коюп түбүнө
Байкуш энең сабылып,
Бек кучактап теректи,
Чын айласы кеткенде,
Коё берди Канымкей
Ошол Байтерекке жалынып:
Олуя болсоң кол жайып,
Бата болчу Байтерек,
Олуямдан айрылып,
Караан таппай турабыз,
Биз өңдөнгөн бакырга
Ата болчу Байтерек.
Кайран жандан түңүлдүк,
Бир корголоп кетүүгө,
Ата, айланайын Байтерек
Алдыңызга жүгүндүк.
Чаалыктым уйку кандырчы,
Айланайын Байтерек,
Чарчадым гана жанды тындырчы!
Өчтүм отум тамызчы,
Байтерек ата, өлдүм гана жанды тиргизчи!?
Үзүлүп кеттим улачы,
Жансыз да болсоң Байтерек
Менин абалымды сурачы?!
Ошентип ыйлап сабылып,
Жетиминин айынан
Ошондо Байтерекке жалынып.
Акка бир мойнун бурду эле,
Асыл жеңең Канымкей
Ашкере гана ыйлап турду эле.
Көбү жалган, көбү чын
Муну көрүп эле келген адам жок,

Жармы төгүн, жармы чын,
Мунун жанынан келген киши жок.
Акка мойнун бурганда,
Асыл жеңең Каныкей
Айтып ыйлап турганда
Ошо жалбырагы жазылып,
Бата болду Байтерек.
Тентиген жетим, жесирге
Ата болду Байтерек.
Баягы жесир ыйлап турганда
Байтерек ата күүлөнүп,
Шамал болгон эмедей
Өзүнөн өзү ыргалып
Байтерек ата коё берди сүйлөнүп:
Адамча айткан тили жок,
Күкүк болуп күүлөнөт,
Түбү менен башынан
Бирдемеси күңгүрөнүп сүйлөнөт.
Кийин качып түбүнөн,
Каныкейден күч кетти.
Кутпа* жакы бетинен,
Бир бутактын четинен,
Ошондо, булактай агып сүт кетти.
Ачка болгон карыптар
Жан аякты сунушуп,
Жайнап чыккан аппак сүт
Тосуп ичип тунушуп.
Баягы сүттү ичкенде
Ооруган жерлер басылып.
Баягы, Каныкей менен Чыйырды
Умачтай көзү ачылып.
Басууга гана долу желденип,
Баягы сүттү ичкенде
Баягыдай демденип.
Байтерек түбү кең мазар
Жатып уйку кандырып,
Жамбаштап жанды тындырып.
Чыканактап уйку алып,
Чырм этип тынч алып.
Ортого коюп жетимди,
Ойду эсинен чыгарып.
Жумган көзүн ачышпай,
Сунган бутун тартышпай
Эки айым, катуу уктап калыптыр.
Эки айым уктап калган соң,
Куу жетимди унутуп,
Катуу уйкуну салган соң
Күндүз эмес түн экен,
Атасынан баласын
Колдоп эле жүргөн пири* экен,

Ошондо он эки айры* ак бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин —
Семетейди көрдү эле.
Оозу, башын каккылап,
Туяк менен баланын
Ошондо кундагын* кирди чапкылап.
Үч айланып балага
Эне болуп калды эле.
Кундагынан суурулуп,
Ойноп кетти Семетей,
Ошондо, алты ай болгон чагы экен,
Эмчектеги табы экен,
Сойлоп эле кетти Семетей:
Түгөнгөн белес урчукка,
Түз болгондун тумшукка,
Кыбыланы* бет алып,
Кыңкайып жетим жатты эле.
Эмчегин берип ал бугу,
Мойнун гана бөлөк буруптур.
Бугу десе маралбы,
Бу баланын өзүнө
Эмчегин берип туруптур.
Эмчегин сорсо ал марал
Билип турат көрдүңбү,
Ошо кезде ак марал
Ийип эле турат көрдүңбү?!
Баягы, билгени жок Каныкей,
Туйбай калган Чыйырды.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ойрон энең Каныкей
Оң жагына толгонуп.
Колун сунуп караса,
Кундакта гана жалгыз бала жок.
Көңүлгө батпай көп санаа,
Күйүткө тууган Каныкей
Көзүнүн эле жашы он талаа.
Ошондо жеңең долунун,
Чындап ыйлап каба албай.
Чыркырап ыйлап таба албай:
Кагылайын, энеке,
Казыптыр кудай орумду,
Кайнатыптыр шорумду,
Ушу, кундактагы бала жок!
Канаттан чогуу кайрылып,
Кантип тирүү калабыз
Чунагың жетимиңен айрылып?!
Токтобой качып жол тартпай,
Энеке бура тартып кондук, ээ. .
Уулуңдан гана калган чырак жок,

Энеке, өрт өчкөндөй болдук, ээ!
Ушу кайрылып конгон Байтерек
Энеке кадыр түн эмес, түн экен.
Канымдан калган жалгыз жок,
Эми, кашая турган күн экен!
Олоңдой* болгон кайран чач
Омуроом* ченеп өрөйүн,
Бу жалгыздан айрылып,
Энеке, ажалдан мурул өлөйүн!
Чыйырдыга муну айтып,
Ак шамшаар кармап калды эми.
Жүрөгүнүн толтого*
Каныкей, жакындатып барды эми.
Ошондо, ак байбиче Чыйырды
Ургаачынын төрөсү,
Кабарында бар бекен
Кабылан кан Манастын энеси.
Ошол жайып калды кучакты,
Жарынып жаның кыйба деп,
Кармай калды бычакты:
Ой, Каныкей, кулунум,
Дажаалдыкты кылбагын,
Ара жерде аңылдап,
Балам, ашкере жаның кыйбагын.
Өзөнгө бойлой конбогун,
Балам бөөдө өлүм болбогун.
Каныкей балам, ыйлаба,
Карааның аман табылат.
Кулунум балам, ыйлаба,
Курутуп жаның кыйнаба.
Үйрүлмөнүн үч сазын
Оой, Каныкей, кулунум,
Үч күн издеп түңүлгүн.
Ой, Каныкей, кулунум,
Ары-бери жүгүргүн.
Бereним Манас барында,
Бешиктеги чагында,
Кээ бир күнү жатканда,
Ок жыландай октолуп,
Кээ бир түнү кетүүчү,
Манасым так ушинтип жок болуп.
Кээ бир күнү Манасым,
Бешигинде турганда
Кайып* болуп жок болуп.
Атасын тарткан шер экен,
Колдоп жүргөн бирлери ,
Балама, козголоң салган кези экен.
Кокту менен тим турбай,
Ойноп кетип жүрбөсүн.
Көздөн кайым* жок болуп,

Балам, сойлоп кетип жүрбөсүн!
Бетегелүү ыраң түз,
Каныкей бейлеп* чалып көрсөңчү?
Безилдеп кемпир турганда,
Кайран энең Чыйырды
Ушу кепти кылганда
Чынар талдуу, бетеге
Чындап чалып алды эми.
Кара кыяк*, ак сокто*
Мындан изин чалды эми.
Боз адырлуу чыбырды,
Болжоп жеңең чалды эле.
Мында шеги билинбейт,
Энекең ыйлап чыркырап,
Кайра тартып калды эле.
Оюрмалуу булагын,
Он кыдырып алды эле.
Оюрмадан таба албай,
Ойрон энең Каныкей
Алаканын карс коюп,
Айкөл Манас өлбө деп,
Кайран башты тарс коюп.
Чыркырап, ыйлап зыргытып,
Чыдай албай күйгөндөн
Олоңдой болгон кайран чач,
Ошондо жулуп ыргытып.
Ошондо энең Каныкей,
Көпөлөк жанды көп жерге
Сабап жүрөт Каныкей,
Көкжалдан калган жалгызын
Карап жүрөт Каныкей.
Чын таба албай жетимди
Ошондо, куруп эле турду Каныкей
Ошондо, чырагым деп чыркырап
Улуп эле турду Каныкей.
Ошондо таң кашкая сүрдү эми
Жерге жарык тийди эле.
Ошол өтөктө кары кыядан,
Манастан калган Семетей
Кара өтөктүү сонундан
Ойноп кеткен чагы экен,
Кашаттан ылдый Семетей
Сойлоп кеткен чагы экен.
Баягы эки колу тийген жер
Коломто* сындуу оюлган,
Эки тизе тийген жер
Кол арык болуп союлган.
Ошондо тизеси жерге бүгүлү
Баягы жойлогон изди көргөндө
Энекең жөн эле ылдый жүгүрдү

Баягы, чыбыры өтөк, кең тумшук
Чындап гана изин чалды эми,
Ойкумалуу өтөккө,
Ойрон энең Канықей,
Ошондо чуркап жетип барды эле
Көкжал энең долунун
Көңүлү жаман бөлүнөт,
Баягы ээк алдындагы белестен
Алтын мүйүз ак марал
Туура тартып баланы
Эмизип турган көрүнөт.
Эне кылып маралды
Билип турган кези экен,
Бир эмчегин эмгиче
Бир эмчеги маралдын
Ийип турган кези экен.
Көлпүгүп* тердеп жетимиң
Болуп турган кези экен,
Элдер-селдер эмчегин
Эне кылып маралды
Соруп турган кези экен.
Муну көрүп Канықей
Токтоно албай жүгүрүп,
Жүрөгү кетип зирилдеп,
Энекең, эби жок жаман сүйүнү
Жер айланып закымдап*,
Марал менен иши жок,
Кирип барды энекең
Ошондо жетимине жакындап.
Энең кирип барганда
Айып болуп* калды эми,
Карасаң көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт,
Ошол турган ак марал
Кайып эле болуп калды эми.
Тамашалуу кызыкка
Баткан гана экен Семетей,
Башынан туман буу чыгып,
Ошондо, жаткан экен Семетей.
Арбак конуп залкайып
Калган экен Семетей,
Кайыптын сүтүн артык ээмп
Алган экен Семетей.
Бир караса балада
Ажыдаардын түрү бар.
Бир караса балада,
Алты миң эрдин сүрү бар.
Кызырдуу энең кайран шер,
Баласын тапкан ошо жер.
Жоголгон жетим табылып,

Качып жүргөн жесирлер
Абийири гана мындан жабылып,
Береки балтыр бешик Семетей
Алмак-салмак көтөрүп,
Аман жолдун кайкысын
Ашып барат эки айым,
Букарды көздөй бет алып,
Семетейди көтөрүп,
Качып барат эки айым.
Темиркандын шаарына
Тентип барат эки айым.

БАКАЙДЫН КЕЛИШИ

Ошондо Бакай абакең
Астындагы бууданга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Күпүлдөп эле жаткан Сыр-Дайра
Көкжалың эле кечип алды эми.
Баягы аркар аткан кара үңкүр,
Каныкей жаткан даана үңкүр,
Салып эле барса үңкүргө
Ичинде кулжанын эти илинүү,
Ошондо куруп калган Каныкей
Качкандыгы билинүү.
Ал үңкүрдүн төрүндө
Аркардын эти илинүү,
Кабылан Каныкейдин жок экени билинүү.
Айкөлүм Манас өлбөй кал,
Азапты гана Бакай көрбөй кал!
Мен алты күн кеткенде
Жетимимдин төбөсүнөн басканбы?
Өчү калың душмандар,
Жетим менен жесирди
Олжолоп эле алып кайтканбы?
Түбүнө чогуу жеткенби
Энекем менен Семетей
Олжого түшүп кеткенби?
Токуп эле койгон бугарым*,
Кокуйдан кокуй Семетей,
Томсортуп эле койгон чунагым!
Таалайың эми сындыбы?
Кокуй, такыр эле кудай урдубу?!
Үңкүр болбой жерге кир,
Үңкүргө кайдан кайрылдым?
Үңкүрдү баана* кылам деп,
Жалгызыман айрылдым!
Тооң менен топот бол*,
Тоосуна кайдан кайрылдым,

Тоону кара кылам* деп
Жалгыз жетимимен айрылдым!
Абаңыз Бакай эр көкжал
Сакалы кетип эрбейип,
Муруту кетти сербейип.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлгөнү турду зор Бакай,
Өлүмдөн жанын аябай.
Ошондо Бакай абакең,
Көк тулпарды бир салып,
Оозунда турат үңкүрдүн
Каныкей деп үн салып.
Каарданып бакырып,
Карабет карап тургансып,
Капасына чыдабай
Каныкейлеп чакырып.
Ошондо Бакай абакең:
Күйүткө гана тууган Каныкей
Күл азыгын* чачканбы,
Үңкүргө гана жатып чыдабай
Күйүгүп*, күйүп тура албай,
Айласы гана кетип шашканбы?
Атасы Букар шаарына,
Кайгырып ыйлап токтобой,
Көтөрүп алып жетимди
Көөнү гана келсе басканбы?
Ушу кайран балам Каныкей
Телегейи тең эле,
Теги балам Каныкей
Ургаачынын шери эле.
Жолборсум Манас кекжалга
Жолуккан кадыр түн эле.
Касиеттүү Каныкей
Олуя чалыш күң эле.
Ушу турган аман жол,
Атасы Букар шаарына,
Келип каттап Каныкей,
Көрө жүргөн жол эле.
Кейип ыйлап жата албай
Аркар этин чачканбы,
Темиркан көздөй качканбы?
Деп ошентип зор Бакай,
Жойкума көк шиберден
Жойкуп жүрөт зор Бакай.
Жоболоңдуу Каныкей
Жолдон изин таап алып,
Ойкуп жүрөт эр Бакай.
Бөксө келген чалкактан
Баскан изин көрдү эле,
Домпок чыбыр белести

Ашкан жерин көрдү эле.
Түшө калган Байтерек —
Касиеттүү чоң мазар,
Жаткан жерин көрдү эле.
Ийри-муйру кара суу
Кечкен жерин көрдү эми.
Айдай сары талаанын,
Абаң Бакай карыя,
Бою менен жол жүрүп,
Сары изине чөп салып,
Сагынгандан жетимди
Саргара кууп алыптыр.
Кумда изине чөп салып,
Курган Бакай абакең
Кубара кууп алыптыр
Жалтаң кара тикенек,
Жалдырап ыйлап Каныкей
Турган гана бул жайда.
Мууну кетип буркурап,
Мингизгени Чыйырды,
Көтөргөнү Семетей,
Айласы кетип чыркырап.
Таманы ташка тапталып,
Чеке гана күнгө какталып.
Суусунга гана муздак суу таппай,
Жан кыюуга уу таппай,
Болбосо көлөкөлөп кетүүгө,
Серүүнүрөөк жер таппай.
Чарчабай өлүп-алууга,
Ошондо, беленирээк көр таппай.
Оозуна гана каптап чаң толуп,
Туура булак, аккан суу
Каныкей, бир жутууга зар болуп.
Туйгунунан айрылып,
Туралбай жетим-жесириң
Такошентип кар болуп.
Абасы Бакай көкжалды
Же бир көрүүгө зар болуп.
Жетип барса Бакай кан,
Жеткилең катын Каныкей,
Айдалысы жооруган,
Адам бир түгүл долуга,
Ошондо айбандын гана боору ооруган.
Анча Бакай келбесе,
Жесирин гана абаң көрбөсө
Олоңдой болгон кайран чач,
Өрө турган кези экен.
Ошол күн чарчап Каныкей
Өлө турган кези экен.
Кыяматтын кысык жол,

Кыстоо түшүп башына
Көрө турган кези экен.
Абаңыз Бакай карыя,
Шай колдогон олуя,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн гана жанын тиргизип,
Чачылганын жыйналтып,
Чапчактай* гана жанды кубантып,
Баягы, күйүккөн жүрөк оңолуп,
Кан Бакайды көргөндө,
Каны Манасты көргөн эмедей,
Баягы, капанын гана баары жоголуп.
Баягы жесирлердин колуна
Жеткилең гана Бакай абакең
Азыгына ичүүгө
Алты гана чанач сүт берип,
Алыска минип кетүүгө,
Эки гана семиз күч берип*,
Ошондо өчкөн отун тамызып,
Жолборсум Бакай карыя,
Өлгөн гана жанын тиргизди.
Кабылан Бакай абаңдын
Каңырыгы бек түтөп*,
Кайгыланып тура албай
Эзелде аман жүрүңүз,
Деп ошондо Бакай кан,
Энеси Чыйырдыга кол берип,
Букарга кийип кеткин деп,
Баласы Каныкейине
Суукка тоңгус тон берип,
Буркурап ыйлап кабыштап,
Баягы, буудандан калган Семетей
Ошондо эки айымга табыштап:
Ой, Каныкей, кулунум,
Темиркан жетип конорсуң,
Атаңа гана айыл болорсуң.
Арка чачың өрө көр,
Астыңдагы алдейлеп турган чунакты
Бир тууганың Ысмайылга бере көр!
Каныкей балам, оолакка салгын боюңду,
Сен бөлөк эле кылгын оюңду.
Балаң эрбейип атка мингиче,
Ок өтпөс эле тонуң кийгизбе,
О дүйнө кеткен Манастын
Кулунум, ата экенин билгизбе.
Жашы он экиге келгенде
Жибергин гана кыргыз, Таласка,
Куран окут, Каныкей,
Курдашым гана султан Манаска.
Жашы он экиге келгенде

Мен кыянын гана башын чалармын.
Кыйналып Бакай өлбөсө,
Кыямат гана жүзүн көрбөсө,
Кыйындан калган белекти,
Мен, жолдош гана кылып алармын.
Билбеген ишин билдирип,
Туйбаганын туйгузам.
Мен ээрчитип жүрүп, эр кылам,
Эр уулу.менен тең кылам,
Кабылан Манас көкжалдын,
Так өзү менен тең кылам.
Белин бекем буушам,
Бээжинде кара кытайдан
Мен, беренимдин кунун* куушам!
Ошондо Бакай кайран кан,
Эки тулпар ат берип,
Эки чанач сүт берип,
Ыйлап Бакай кабыштап,
Балтыр бешик Семетей
Байкушуң Канықейге табыштап.
Жоруктуу балам, Канықей,
Жол тарттың Букар шаарына,
Ашарың адыр, кезең жол*,
Ар душманга жолукпай,
Аман жеткин Букарга,
Ардактуу балам эсен бол
Сапар гана тарттың Букарга,
О, Канықей, кулунум,
Жер белгисин айтайын.
Ордолуу шайык көкжөкөр*,
Орчун Кокон, Анжыян,
Эл белгисин айтайын:
О, Канықей, кулунум,
Ушундан ары жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Адыр-адыр жол келет,
Адырмак артуу бел келет.
Өзөнү адыр, кең жайпак
Жондоп эле кеткен жалгыз жол|
Адыр-адыр бел ошол.
О, Канықей, кулунум,
Аман жол деген жол ошол,
Букарга кетчүү жол ошол.
Булуңгур* болуп бурчтанат,
Мунарык болуп учтанат.
Тынбай жүрсөң алты күн,
Ээр белдей кара кыр,
Кум-Булак деген бел ошол.
Ар жак жагын карасаң,
Калдайып түтүн бөлүнгөн,

Капкара гана болуп көрүнгөн,
Кан Кокон турган шаар ошол.
Бөлөк жакка кайрылба,
О, Канykей, кулунум,
Кең Букардан айрылба.
Букардын каны Темиркан
Акылга гана дыйкан жан эле,
Көгөрткөндөн агарткан
Анын кудалыгы бар эле.
Дегениме көнө көр,
Асылдан калган жалгызды
Кан атаң Темирканга бере көр.
Киши болсо Темиркан
Манастан калган бала деп,
Кирдүү кийим кийгизбес,
Кирдүү аяк четин тиштетпес.
Жетимдигин билгизбее,
Бирөөнүн тилин тийгизбес.
Ошентип айтып кан Бакай,
Учурашып жетимге,
Ушундай деп жесирге,
Кан Букардын шаарына,
Кайран Темирканына
Ашкере жазып кат берип.
О, Канykей, кулунум,
Жол жүрсөң жолдо болбо деп,
Жосунсуз жайга конбо деп,
Эсиңе ал гана балам укканды,
Эл дебе жолдон чыкканды.
Күнү-түнү жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Жети күндүк бели бар.
Ошол белден өткөн соң,
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Буурсун* баткан чийин жок,
Суур чукуган ийин жок.
Казгалдак* учуп калбаган,
Калдайган кара таз жору
Канаты чарчап барбаган.
Кузгуну учуп карыккан,
Үстүнөн учкул куш өтпөй,
Канаты гана чарчап талыккан,
Он бир күндүк чөл о.шол,'
Кудай урган жер ошол.
Ошол чөлдөн өтөрсүң,
О, Канykей, кулунум,
Ар жак жагын карасаң,
Күлешендин Гүл-Токой,
Гүл-Токойго жетерсиң.

Гүл-Токойго сен барсаң,
Күлгөнүңдөн жыргаарсың.
Күлешендин Гүл-Токой
Тоосунда кары бар,
Токойдо чуулап чары* бар,
Кобутунда* коён бар;
Адырында аркар бар.
Бөксөсүндө бөрү бар,
Буйгатында* бугу бар.
Алмасы бышып көң болгон,
Муңканып ыйлап чыркырап,
Муңдуулар жатар жер болгон.
Жаңгагы бышып көң болуп,
Түп-түбүндө сай болгон.
Жан-жаныбар учкан куш
Мекен кылган жер болгон.
Кайыңга тууп куштары,
Камыңгандыр учканы.
Терекке тууган куштары,
Сен барганда Канықей
Теминип эле турат учканы.
Жатып уйку кандырып,
Тулпарыңды чалдырып,
Гүл-Токойдо болорсуң,
Гүл-Токой аман сен өтсөң,
Канықей балам, муразына жетерсиң
Андан гана ары барганда,
Сары адырмак, чек кыя
Кан атакең Темиркан,
Темиркандын жери эле
Чоң Ак-Чийге жетерсиң.
Ой, Канықей, кулунум,
Акка* гана бурдуң бейлиңди,
Ар жагын өзүң билерсиң
Канықей, балам, ойноп эле
жүргөн жериңди.
Амандашып тура албай
Кол алышып зыр койду,
Кош аман бол, эне деп,
Баягы Бакай абакең
Таласты көздөй чу койду.

КАНЫКЕЙ БАКАЙ МЕНЕН КОШТОШКОНДОН КИЙИН БУКАРГА ЖОЛ ТАРТЫШЫ

Ошондо каралуу барат Канықей,
Кан Букардын шаарына
Тентип эле барат Семетей.
Арстан энең Канықей,

Асыл энең Чыйырды
Бөлөк-бөлөк тумшукту
Баспай кетип баратат,
Жан эргитип бир жайга,
Жатпай эле кетип баратат,
Жер жүзүнө даңкайып
Батпай кетип баратат.
Адыр-адыр белести
Ашып кетип баратат,
Ат болтура чын качып,
Шашып эле кетип баратат.
Букарды көздөй жол тартып
Нечен-нечен бел менен,
Кетип барат эки энең
Мээ кайнаган чөл менен.
Тайтору менен Акборчук
Кылт дегизип суу жутпай,
Ошондо кырт дегизип чөп чалбай,
Жамбаштап уйку кандырбай,
Букарга тентип жол жүрүп,
Же тулпарларды чалдырбай,
Өңөргөнү Семетей,
Кээ бир жерге барганда
Чуулап кетип баратат.
Береним төрөм өлбө деп,
Белгилүү жеңең Каныкей
Куурап кетип баратат.
Баглан* козу, ширин баш,
Колтугунда Семетей,
Баягы азык эле этин жегизип,
Көөкөргө куйган азык сүт,
Караан кылган жалгызы
Семетейге эмгизип.
Бышырган жилик эт берди,
Чыйырдыга жегизип.
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай.
Күндө тынып калбастан,
Күн мезгилин албастан.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ошондо ат аябай мол жүрүп,
Арага кыйла жол жүрүп,
Күлешендин Гүл-Токой
Гүл-Токой гана жетип конду эми.
Гүл-Токой ата дээр экен,
Нур төгүлгөн жер экен.
Жыгачтан жаңгак төгүлгөн,
Чыркыраган долуга
Ошо турган Гүл-Токой
Чын бейиштей көрүнгөн.

Чынардан гана күкүк сүйлөнгөн,
Тоосунда гана үкү күүлөнгөн.
Мына, адырдан улар улуган,
Бөксөсүнөн кекилик, кушу кудуган.
Бу, токойдон булбул сайраган,
Талдардан тоту кушу сүйлөнгөн.
Жаны да бар жаныбар,
Жараткандын баары бар.
Ээк алдын карасаң
Үйдөй-үйдөй чынар бар,
Чынардын чыныдай жерде бүтүн жок,
Бутагы гана толгон уя бар.
Бир бутагын караса,
Самсаалап гана учкан сар тууган.
Бир бутагын караса,
Көк ала моюн таан тууган.
Бир бутагын караса,
Коко тамак чар тууган.
Кылды башын караса,
Айры куйрук гана ал тууган.
Кайыңга тууп куштары,
Карап көрсө долуңуз
Камынып турат учканы.
Терекке тууп куштары,
Теминип турат учканы.
Күлешендин Гүл-Токой
Арасына барганда,
Жалбырагы жаргактай,
Жаткан экен олуя
Кара курту бармактай.
Байтерек жетип Канықей
Ээрин алып жайдактап,
Эсил Бакай кабылан
Белекке берген чоң чидер
Ошо тулпарларды баймактап.
Окоро* түйгөн ак чылбыр
Кайра байлап кабыштап,
Ошо жел аргылуу кең өзөн,
Жетик тулпар бууданды
Байтерекке табыштап.
Асылың Алакең кылган ак каңкы
Баш-башына жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Жатып уйку кандырып,
Жамбаштап жанды тындырып,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып.
Бир убак чырым алганда
Канықей, уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,

Жооруган буту басылып,
Жолоочу жүргөн энеңдин
Умачтай гана көзү ачылып,
Уйкудан турса жеңекең
Асмандан жылдыз зирилдеп,
Кыбыла көздөп биринделп.
Көктөн гана жылдыз зыркырап,
Ошондо, кыбыла көздөй чуркурап,
Таң кашкая сүрүптүр,
Ошондо, жерге гана жарык тийиптир.
Баякы эр мүчөлүү Канықей
Ат байлаган чынарга
Акырын басып барды эле,
Ошондо кара болот ооздук,
Ооз-оозунан алды эле
Кара кыяк сонун чөп
Бел-белинен чалдырып,
Оргуп жаткан булактан
Суусунун кандырып,
Кулун сындуу бууданды
Кумдуу жерге оонатып,
Курган.жеңең Канықей,
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Ал токой чыдап туралбай,
Башына, алтымыш санаа бир келип,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү кургур бөлүнүп,
Тулпарларды токунуп,
Тура албай жеңең кабылан
Жетиминен чочунуп.
Токойго чыдап жата албай
Токтонуп жеңең куурагыр
Жер жүзүндө бата албай.
Жатканы токой жер болуп,
Жалынып ыйлап тура албай.
Жеңеңдин, жүрөгү кайнап чер болуп,
Артыкча бузуп санааны,
Баягы берен жеңең Канықей
Бет алды Букар калааны.
Кайраттуу жеңең кабылан
Эр экенин билгизип,
Баягы, карып эле кеткен Чыйырды
Асыл эне карысын
Акборчукка мингизип,
Ошондо, олуят жеңең Канықей
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Аянбай алыс жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Теминсе теминөөрлөр былкылдап,

Тери агып тулпардын
Эми, үзөнгүдө шылпылдап,
Мунарык эле түшкөн чөл менен,
Будур-будур бел менен,
Имерилген жол менен,
Ийри-буйру суу менен,
Букарга кетчү жол менен
Жеңең кайдан аянды,
Жеткилең алыс жол тартып,
Атасы Темир кандын кең Ак-Чий
Ошондо чек араны таянды.
Чек ара басып чыкканда
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Көнгөн жерди көргөндө
Көкжал жеңең долунун
Ошондо, көзүнүн гана жашы төгүлүп.
Баягы, карагаттай кайран көз,
Кайран жерди көргөндө
Камчы гана бою жаш кетип.
Бөдөнөдөй кайран көз,
Баягы жерди көргөндө
Бөлөк-бөлөк эле жаш кетип:
Оо, кагылайын, энекем,
Караан гана кылган урмекем!
Олуя энем, угуп тур,
Ушу турган Букарга
Чоң болгонум айтайын,
Адам болуп курган жан
Мен жаралганым айтайын.
Букарда менин атам Темиркан
Эркек көрбөй дүйнөдөн
Он эки кызды көрүптүр,
Оё бычып, калың жеп,
Он экисин он эки канга бериптир.
Ойрон гана атам зарланып,
Он үчүнчү бир болуп
Мен шордууну көрүптүр.
Кыз да болсо баламды
Алтымыш уулга бербейм деп,
Тоюма бээ союптур,
Атымды Каныкей сулуу коюптур.
Мойнума ырымдап тумар тагыптыр,
Өзүмдү эркелетип багыптыр.
Чачымды майлап өрүптүр,
Мени ыйманындай көрүптүр.
Ырысы гана ашып жөнөптүр,
Мен экиге келгенде
Ысмайылды төрөптүр.
Өзүм бала секелек
Жашым он экиден өтө элек,

Ургаачыдан уз кезде,
Өзүм, ойноо гана бала кыз кезде
Өз атам Букар шаарына
Өз билгеним кылганда,
Быягымда сексен кыз,
Быягымда сексен кыз,
Желбестен жорго ат минип,
Желбегей торко* тон кийип,
Алтындан гүлдүү такыям*,
Төбөмдө жарык жаркылдап,
Кыздан жолдош мен алып,
Сейилдикке жүрчү элем,
Кыз күнүмдө мен шордуу
Ушул кең Букарды билчү элем.
Букардан чыгып аянбай,
Алты күнү жол жүрүп,
Сейилдикке чунак жан
Ушу гана жерге келчүмүн.
Каныкейдин Кең-Көлчүк,
Телегейи тең көлчүк,
Жыл маалында курган жан,
Сейилдикке келчүмүн.
Кезинде келе калганда,
Кагылайын, энеке,
Муразыма жетчү элем.
Сексени келин, сексен кыз,
Ойноо бала кыз чакта,
Ой, энеке, кулак сал
Ушул жерге ойноп-күлүп кетчү элем.
Кайыңга жазган каты бар,
Карабет Каныкейдин аты бар.
Терекке жазган каты бар,
Теңиз, балаң, Каныкейдин аты бар.
Көлчүктө тегерете чынар бак,
Карабет сейилдикке минүчү
Ойноп эле минген алтын так
Кыздарга тартип көргөзүп,
Ушинтип эле жүргөн кайран чак!
Көлчүктү көрө кетелик,
Кагылайын, энеке,
Аман гана Букар жетелик.
Каныкейдин Кең-Көлчүк,
Телегейи тең көлчүк.
Чет жагында алтын так.
Тегереги чынар бак.
Кыз кезинде момундай
Каныкейдин кандыгы,
Канаттуу карга каттабас,
Канынын кылган жардыгы.
Берен катын Каныкей

Белек эле кылган Кең-Көлчүк.
Кең-Көлчүккө келгенде
Көлчүгү соолуп калыптыр,
Тегерете чынар бак
Такыр гана куурап калыптыр.
Баягы салынуу сарай, салкын жай
Такыр урап алыптыр.
Көлчүгү менен терегин
Канықей карап калды эми.
Тутамга келбей кайран жан,
Туйгун катын Канықей
Туралбай кепти салды эми:
О, кагылайын, энеке,
Эки күнү Букарга
Жатпай өлөт экенбиз,
Жер жүзүнө биз байкуш
Батпай өлөт экенбиз.
Семиз элек, жал кетип
Арык болот экенбиз.
Серпилчү эл-журт мында жок,
Энеке, карып эле болот экенбиз.
Көлчүгүм соолуп калыптыр,
Кагылайын, энеке,
Бул эмине болуучу?
Буркуратпай долуну
Энеке, бул ишимди жоручу?
Байгамбар чалыш урмекем,
Кагылайын, энекем,
Көктөбөй гана багым калыптыр,
Энеке, көмүлүп ишим калыптыр!
Бул жайымды жоручу
Энеке, бул эмне болуучу?
Ошо чакта жүргөндө,
Сейилдикке келгенде
Чынарым бүрдөп турчу эле,
Чындаган мазар экен деп,
Калайык тобо кылчу эле.
Береки, карарган Букар, калың шаар
Касиеттүү экен деп,
Калың малын сойчу эле,
Ушу турган чынардан
Календер гана келсе тойчу эле,
Канықей кар болбосун долу деп,
Батасын гана берип койчу эле.
Көлчүгүм соолуп алыптыр,
Кудай уруп гана салыптыр!
Мына ушу турган чынар тал,
Пайдасын Букардын калкы жечү эле.
Бу Канықейдин Кең-Көлчүк
Бадыша гана турган дечү эле.

Энеке, балачак оюн салган жер,
Балаңыз гана келип күйөөлөп,
Береги, байкуш гана жанды алган жер.
Тогуз жүз ала бээ союп,
Тогуз кан гана калкын чакырып,
Тоюма токсон күн балбан күрөшүп,
Тогуз бир гана төөнүн алтынын,
Келин-кесек чогулуп,
Ошондо жеңкетайга бөлгөн жер.
Тогуз кан төшөк талашып,
Токсон гана кызык көргөн жер,
Буттаган алтын, кымбат зер
Бу белгиге калган жер эле,
Берекемен айрылып,
Безип келген Букарга
Бейтаалай гана катын мен элем!
Ошо, буркурап эле долу турбады,
Ошо, Тайторунун үстүнөн
Эсинен танып, шалак деп,
Ошондо, Каныкей гана долу кулады.
Эт бышымы мезгилче
Ошондо, баш көтөрүп турбады.
Кайратын айтып, дем берип,
Ошондо, какшап эле турду
Чый ырды:
Ыйлабагын Каныкей,
Сыктабагын кулунум.
Сынбасты уста жаратпайт,
Өлбөстү кудай жаратпайт!
Өксөгөн менен айла жок,
Өкүрсөң Манас табылбайт,
Өксөгөн менен пайда жок.
Мындан мурун Каныкей
Түркүн-түркүн эл өткөн,
Бу түбү түшкөн жалгандан
Түрдүү-түрдүү шер өткөн.
Ой, Каныкей, баш көтөр,
Көлчүгүң соолуп калганы—
Көкжалың Манас өлгөнү.
Терегиң куурап калганы —
Кордук салып өзүңө
Көп чочко малды бөлгөнү.
О, Каныкей, кулунум,
Чынарың куурап калганы —
Тайган иттей желгениң,
Азапты тартып Каныкей,
Таластан гана тентип келгениң.
Сарайың кулап калганы,
Заманың кетип башыңан,
Кулдарың гана эмчек жарганы.

Беренден калган Семетей,
Кайгырбачы, кулунум
Белекке гана белге таңалы.
О, Канықей, кулунум,
Бейпайлык кылбай баш көтөр,
Белгилеп гана төлгө салалы.
Бу Семетей баланын,
Бек болор бекен боосу,
Белекке төлгө салалы!
Көлчүктүн орто белинде,
Кайнар чыкчу жеринде,
Айтсам, алдага сөзүм зар экен,
Казамбактай күлдүйгөн,
Кагылайын Канықей,
Кара гана чымы бар экен.
Кагылайын, кулунум,
Кара чымды каңтарчы,
Кабылан Манас колдо деп,
Кутпаны* гана көздөп аңтарчы.
Ичинен жайнап суу чыкса,
Бизге кудай бергени.
Ичинде суусу жок болсо
О, Канықей, кулунум,
Бизди гана кудай урганы.
Канықей, төлгө гана салып көрөлү,
Төлгөң кабыл келбесе,
Төрөң Манас көтүнөн
Балам, экөөбүз гана бирдей өлөлү!
Деп ошентип, кеп сүйлөп,
Төрөгө гана чалыш байбиче,
Төлгөлүү кебин кылды эми.
Чиркин ай төрөнүн зайбы Канықей
Ордунан ыргып турду эми.
Мойнуна, боз кисе кармап салынып,
Аташкан Манас султандын
Арбагына жалынып,
Ишимди кудай оңдо деп,
Убагер* төрөм колдо деп.
Энекеси Чыйырды айткан кара чым.
Манастан гана калган байкуш күң,|
Кечээ аябаган дүмөктү
Сала келген эмеспи,
Береним, Манас кандын Сырнайза|
Белек кылып колуна,
Мээнет катын Канықей
Ала гана келген эмеспи.
Тутам жери кырдалуу,
Табылгы менен ыргайдан
Талыкпастан бурдурган.
Ортосу желдүү калат деп,

Ойрон катын Канықей
Желимден алып куйдурган.
Сунса, душмандан кайра тартпаган,
Алты миң кытай, сан калдай*,
Камоого алып кан Жолой,
Камалап такыр келгенде
Муштаса, темирден кайра тартпаган.
Каарданып сайганда
Кара ташты как жарган,
Баягы кыйын уста Бөлөкбай
Кымбаттап кылган Сырнайза
Кымбаттуу жеңең токтобой,
Кыйындап кармап алды эми,
Кыя тартып ал чымга
Кызырдуу жеңең барды эми.
Кыйналып ыйлап, төрөм деп,
Күп дегизе капталга,
Байкуш жеңең Канықей
Муштап эле туруп калды эми.
Кара чымды каңтарды,
Кабылан жеңең бечара
Кутпаны гана көздөй аңтарды.
Аңтарганда чымдан
Кайнады булак шыркырап,
Кабыланы Манастын
Арбагына жалынып,
Кайран жеңең Канықей
Качып эле берди чыркырап.
Көлчүк болуп көлкүлдөп,
Баягы, белги гана кылган жер толду.
Көлчүгү толуп калды эми.
Багы көктөп алды эми.
Чынардын шагы ийилип,
Чын кудурет берди деп,
Чыркырап долу сүйүнүп.
Бактары гана көктөп болуптур,
Байкуш жеңең караса
Башына булбул конуптур.
Булбулу сайрап таңшыса
Чиркин ай, муңдуу гана киши уккусуз.
Буркурап ыйлап эки айым,
Түбүнөн гана карыш чыккысыз.
Канықейдин Кең-Көлчүк
Кайрадан суусу толуптур.
Кыз кезинде бейбактын,
Ойноп жүргөн Чынары
Кадимкидей болуптур.
Көрүп алып эки айым
Ошондо, баякы курган энең Чыйырды,
Шай* колдогон олуя,

Манасты тапкан карыя,
Мойнуна курун салынып.
Ботодой боздоп буркурап
Каныкейге жалынып:
Кагылайын Каныкей,
Күптүнү кудай жазат бейм,
Күйүттү теңир ачат бейм,
Калалуу коргон тынарың
Кайрылып колго конот бейм.
Кайгыланба, кулунум,
Ушу караан кылган Семетей
Атасы кабыланча болот бейм!
Иштеги мүшкүл күйүт иш,
Баарын бирдей үрөйлү.
Ушул өлгөндөн калган чунакты
Бир кудайдан тилейли.
Алып кел, балам, азыкты,
Баабедин гана кылып тоёлук.
Буйругу күчтүү кудайга
Кулунум, бир жалынып коёлук!
Кайран долу Каныкей,
Каныкей туруп муну айтат:
Кагылайын, энеке,
Чоң Букарга жеткиче,
Кең Букардын зор Ак-Чий,
Мыкты атчан тулпарга
Алты күндүк жол эле.
Томуктай болгон тоо жок,
Токумчалык коо жок.
Жана буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Мунарык болуп бурчтанат,
Өзү булуңгур болуп учтанат.
Адыр-адыр бел келет,
Азабы катуу жер келет.
Куу жүрсө кулагы
Күйүп кеткен жер ошол,
Кулан жүрсө туягы
Күйүп кеткен чөл ошол.
Чымчып жээрге чөбү жок,
Чык этимге суусу жок.
Ошо чөлгө барганда,
Кагылайын, энеке,
Айлабыз чогуу кетпесин?
Алдейлеп жүргөн жетимдин
Ажалы бөөдө жетпесин?
Чыйырды туруп муну айтат:
Өлбөгөнгө өл балык,
Ой, Каныкей, кулунум
Ажалы жеткен өлүүчү,

Өлбөгөн күнүн көрүүчү,
Тирүү жүргөн адамдын,
Ырыскысын, жалгыз кудай берүүчү,
Арыган ат семирчү,
Ачкан курсак тоюучу!
Тилекти кудай берген соң,
Бул төлгөбүз келген соң,
Куурап турган чынарга
Кайрылып булбул конгон соң,
Какшып калган көлчүгүң
Кайрадан сууга толгон соң
Үзүлгөн нерсе уланат,
Чачылгандар жыйналат.
Күйүттүү бул жан кубанат.
Алып кел бери азыкты,
Ушул жерге түшөмүн,
Мен баабедин кылып ичемин!
Чыйырды минтип турганда,
Берен жеңең Каныкей
Бербеймин деп айта албай,
Берени, эненин көөнүн кайтарбай,
Эки жакты карабай,
Кой эне дешке жарабай,
Кебин эки кылган жок,
Кейип карап турган жок.
Баягы көп дүйнөнү чачканда,
Күйүп ыйлап тура албай,
Эки айым бери качканда
Артынан жетип кан Бакай
Алты чанач сүт берген,
Эки семиз күч берген.
Азыкка берген Бакайдын
Баягы сойгон боругу,
Боругунун этинен
Жарты жилик эт калган.
Алты чанач сүтүнөн
Жарым көөкөр сүт калган.
Берен жеңең Каныкей
Алып келсе сабылып,
Жулуп алып колунан,
Ак байбиче Чыйырды
Азыкты талап тоюшуп.
А кудайга жалынып,
Ыйлаганын коюшуп.
Кечээ жакасы алтын, жеңи жез
Кош бадана, торгой көз
Келеме керше*, кең күрмө
Манастан калган суп чепкен
Эки айым жамбашына жазданып,
Алдыңкы кашы ак алтын

Көткү кашы чылк күмүш
Эки каптал эн темир,
Алмамбет кылган ак каңкы
Баш-башына жазданып,
Чырым этип уйку алып.
Чыканактап тынч алып,
Чын уйкуга батышып,
Чыңыроон уктап жатышып,
Капанын баарын жоюшуп,
Манастан калган эмеспи
Балтыр бешик жетимди
Ортосуна коюшуп,
Жатып уктап калышты.

КАНЫКЕЙДИН ЫСМАЙЫЛГА ЖОЛУГУП СЕМЕТЕЙДИ БАЛА КЫЛЫП БЕРИШИ

Муну мындай таштайлык,
Букардын каны Темиркан
Эми ошондон кабар баштайлык.
Букардын каны Темиркан
Касиеттүү кан экен,
Темиркандын колунда
Он эки кызы бар экен.
Он үчүнчү Каныкей,
Он төртүнчү Ысмайыл,
Өлгөндө көргөн жалгыз эркек бала экен.
Тилегенин бир кудай
Берип калган кези экен,
Ошо кезде Ысмайыл
Жыйырма бешке илинип,
Келип калган кези экен.
Алтын таажы кийгени,
Алтын такка мингени.
Эки тизгин, бир чылбыр
Билегине бек ороп,
Илип калган кези экен,
Атасынын ордуна
Былк эткизбей эл-журтун
Билип калган кези экен.
Ошондо, адырдан аркар кубалап,
Будурдан бугу кубалап,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Алтымыш балбан жанында,
Темиркан уулу Ысмайыл
Оригиналда бул тема жок.
Ат арытып, жер чалып,

Ит агытып, куш салып,
Балбандары барбактап,
Балбанынын баарысы
Найзакерден ыктуулар,
Айбалта чапчу мыктуулар.
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган мыктуулар.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочуп кетпес ыктуулар.
Кең көкүрөк, жайык төш
Келберсиген ыктуулар.
Узун бойлуу, кең далы
Балбанынын баарысы
Келберсиген мыктуулар.
Башчысы баатыр Ысмайыл,
Алтымыш балбан жанында.
Ит торпунун бетинде,
Чоң Букардын жээгинде,
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта
Чыга келип Ысмайыл
Чоң күрөң оозун бурду эле,
Балбандарын бакырып,
Баатырларын чакырып,
Баатыры келсе жанына
Ысмайылдын кеби бул
Айланайын, балбандар,
Бери келгиле, адамдар,
Жанды кудай жаратат,
Айланайын, балбандар,
Менин жаным эле чыгып баратат.
Айланайын, балбандар,
Башыңдагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөт башта турганда
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Айланайын, балбандар,
Арманым азыр айтайын:
Ак марал айдап уй кылган,
Жездем Манас кабылан
Ай-ааламды буй кылган!
Көк марал айдап уй кылган,
Жездем Манас кабылан
Көрүнгөн жерди буй кылган!
Кечээ, Кызыр чалган жол болуп,
Кырк эки сан кол болуп,
Түнөрүп жаткан чоң Бээжин
Түз кирип найза сунганда
Найза гана кармап топ бузган,
Ажалы жеткен, окко учкан.

Ошондо, Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Бээжинге кез болгон жандын баары өлүп.
Аккула окко учуруп,
Атышып туруп кытайга
Алмамбет гана шейит кечирип.
Канатынан кайрылып,
Кара кылып олтурган
Ошондо, кан Чубактан айрылып.
Кызыр тийбес Бээжинге
Кыр жагынан чалдырып,
Кыйындардын баарысын
Кытайга гана белек алдырып.
Бээжинге кирип кайрылып,
Берендерден айрылып,
Капырдын каны Коңурбай,
Капысынан сайдырып,
Оору болуп ал жездем
Араң келди деп уктум.
Кабыргадан кагынып,
Как бөйрөктөн чагылып,
Жарыктык жездем кан Манас
Жаман келди деп уктум.
Ошол жездем өлдү дейт,
Каттоочудан кеп уксам,
Кара баскан алты арам,
Жездемден калган сан дүйнө
Камчыга ченеп бөлдү дейт.
Дүйнөнү көрбөй тыйынча,
Кабылан эжем Каныкей
Баарын бирдей чачты дейт,
Аркалап алып баласын
Алаткүн, Букарды көздөй качты дейт.
Кечээ, калдайлуу кара муз кезде,
Кабылан эжем кыз кезде,
Атакем Темир кандын алтын так,
Мекен кылып конгондо,
Калайыктын баарына
Кыз бадыша болгондо
Ойногон ойнун айтайын,
Эжекем, Каныкейдин жанында
Отуз келин, отуз кыз,
Өң шайырдын баарысын
Эжекем, бек чогултуп алчу эле,
Алтын түрдүү килемден,
Алтымышын эжекем
Көк майданга жайчу эле,
Токсон келин, токсон кыз
Эжекемдин жанында
Толукшуп гана ойноп турчу эле.
Асыл эжем Каныкей

Аким болуп турганда
Эл чогултуп кат койгон,
Каныкейдин Кең-Көлчүк,
Кең-Көлчүк деп ат койгон.
Ортосу чынар Айдың-Көл,
Тилегенин, алда таалам берчү эле,
Байкуш эжем Каныкей
Сейилдикке келчү эле.
Эжекем азап көргөндө,
Жездекем Манас өлгөндө
Көлчүгү соолуп калды эле.
Чынары куурап алды эле,
Созулуп чыгаар чаң калбай,
Кыбыраган мал калбай,
Ээн чөл болуп калды эле.
Быйыл көлчүгү толуп калыптыр,
Багы көктөп алыптыр.
Көктөн туман сөгүлөт,
Көгөрүп булут көрүнөт.
Бирөө тору, бирөө көк
Басмайылы басылуу,
Көрпөчөсү тартылуу,
Эки тулпар көрүнөт.
Жүрчү, жигит, баралык,
Эжем болсо бул турган,
Ушу турган Букарга
Кан көтөрүп алалык!
Басып келген жоо болсо,
Балакет салган доо болсо,
Төбөсүнөн басалы,
Төрт түлүгүн чачалы!
Жортуп жүргөн эр болсо,
Жолдон кармап алалык,
Курмандыкка чалалык!
Жаманы, жакшы болсо да,
Жүрчү, жигит, баралык.
Ысмайыл буйрук кылганда,
Алтымыштай балбаны
Кылычтары кылкылдап,
Айбалтасы жылтылдап,
Найзалары былкылдап,
Адамдан бөлөк түрдөнүп,
Эчен түрдүү сүрдөнүп.
Баарысынын мингени
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек
Баарысынын кийгени,
Ок өтпөгөн кадама,
Айбандан бөлөк ат минип,
Ар кимиси бир бөлөк,

Кыл куйругун чарт түйүп,
Оозунан жалын шыркырап,
Буйрук алган балбандар,
Оозундагы кайран тиш
Таруудайдан быркырап.
Баякы Темиркандын Ысмайыл
Бөтөн жол менен бакырып,
Букарлап ураан чакырып.
Алтымыштай балбаны .
Айкырыкты салганда,
Уктап жаткан эки айым
Уйкудан чочуп ойгонуп.
Чымындай жандан чочунуп,
Жер үстүнө жата албай,
Өлгөндө көргөн чунагын
Кайсы бир жайга ката албай,
Өлүп жерге кире албай,
Же жоо экенин биле албай
Билектерден сап кетип,
Же жүрөктөрдөн кап кетип,
Өңдөн кызыл кан кетип,
Өкүрүп ыйлап ал кетип,
Карагаттай кайран көз,
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй шордуу көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Капа болуп Каныкей,
Караан кылып отурган
Энеси Чыйырдыга жалынып:
Кагылайын, энеке,
Бейжайым келген доо экен,
Мээнеттүү жанды кыйноочу
Бизди күтүп эле жүргөн жоо экен.
Төбөбүздөн басат ко,
Биздин төрт түлүктү чачат ко.
Катынында калк бузган,
Каадасыз бейбак экен деп
Жолдон кармап алат ко,
Чыркыратып куу жанды
Бүгүн курмандыкка чалат ко.
Бу кезип жүргөн жоо болсо,
Бизден кетпеген кегин алат ко.
Чымындай жанды соо кылбай
Энеке, бөөдө өлтүрүп салат ко!
Бүгүн көргөн, эртең жок,
Энеке, ушундай беле дүйнө бок.
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат талаа деп,
Тентип жүрүп өлдүк, ээ,
Энеке, карындан чыккан бала деп.

Оозун жыйып алгыча
Жер тумандап закымдап,
Баягы, жетимиш балбан, Ысмайыл
Жете келди жакындап.
Баягы, бир тууганы Каныкей
Кандуу бети жыртылуу
Кара чачы жайылуу.
Калдайган кара башында,
Кандуу бети жыртылуу.
Эжекесин Ысмайыл берен көргөндө,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп арыштап;
Как бөйрөккө табыштап:
Жетигим, жездем өлбөй кал!
Же болбосо Букарга
Бурулуп тентип ушунтип,
Бууданым, гана эжем келбей кал!
Арстаным, жездем өлбөй кал!
Өлгөндө тентип Букарга
Таалайым эжем келбей кал!
Бу дүйнөнүн чолпону
Бууданым, гана жездем өлбөй
Бурулуп басып Букарга
Бууданымдын бүлөсү
Букарга гана тентип келбей кал!
Оролмо тоонун көк мойнок
Сеңириндей кан жездем!
Таштан кайра тартпаган,
Болоттон учтап чыгарган
Темириндей кан жездем!
Алты шердин кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Айкөлүм жездем өлбөй кал!
Аркалап качып баласын
Эжеке, Букарга тентип келбей кал!
Ысмайыл үндү салганда,
Жездекелеп бакырып,
Найзасын сунуп алганда,
Артындагы балбандар
А дагы Ысмайылды көргөндө
Жездекелеп өкүрүп,
Алар да жүрдү бакырып.
Баякы, каралуу гана эжең Каныкей:
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак гана буудан аралаш,
Асылым жездең өткөндө
Аркада гана эркек балам жаш.
Тоодогу жылкы тогуз сан,
Тобурчак күлүк мээси жок,
Топ дүйнөмдөн айрылдым,

Иним ай, тойторуп алар ээси жок!
Кезек иттер чогулуп,
Кең-Колдон чапты көчүмдү,
Катындыгы курусун,
Келберсиген иттерден
Ала албай гана чыктым өчүмдү.
Калдайган кара башымда,
Жездекеңден айрылдым
Иним, отуз гана эки жашымда.
Кутуруп кетип алты арам
Таалайлуу жездең өлгөндө
Алты арам салып кордукту,
Ашкере гана кылды зордукту.
Күмүштү жыйды кан жездең,
Күнүн гана көрдү алты арам,
Күйүтүн гана тарткан мен эжең.
Алтынды жыйган жездекең,
Асылын көргөн алты арам,
Азабын тарткан эжекең.
Буламды булап алганда,
Алты арам бузукту башка салганда,
Эсебимди тапканда,
Эмчегим жара чапканда,
Төбөмдөн иттер басканда,
Төрт түлүк малым чачканда.
Эби жок жайга конот деп,
Эри өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болот деп.
Дүнүйөм болбой тыйынча,
Чачып келдим, иничек,
Караан таппай өзүңө
Кан экен деп корголоп,
Качып келдим иничек.
Таластан качып, жөө тентип,
Тартар атып жеп келдим,
Талаша кетсем ит менен
Талыгып калам деп келдим.
Алтыным болбой көмүрчө,
Алты арам, айлымды чапты семирсе.
Күмүшүм болбой көмүрчө,
Алты арам, күнүлүк кылды семирсе.
Башайым болбой кийизче,
Бадышам көзү өткөндө
Алты арам, баркымды билбей кийинче.
Тел кулунум жеп калды,
Тең тууган болом деп салды.
Көзүмдөн аккан тамчысы,
Май куйрукка так болду
Абыке кулдун камчысы.
Таласка боюм жашырдым,

Таланды, кордук көп көрүп,
Талыккандын айынан
Жетимди бери карай качырдым!
Кең-Колго боюм жашырдым,
Кейиш күн түшүп башыма,
Канкордон калган Семетей
Бери карай качырдым!
Бөдөнө деген кайран куш
Бөлүнүп учат талаа үчүн,
Бөлүнүп кордук чын тарттым
Береки, жездеңден калган бала үчүн.
Найзага таккан желек деп,
Арданбай каттым койнума
Айкөлдөн калган белек деп.
Тулпардан калган туяк деп,
Тура албай тентип мен келдим
Туйгундан калган чунак деп.
Найзага таккан желек деп,
Ардагым катып койнума,
Атайы тентип мен келдим
Айкөлдөн калган белек деп!
Кең-Колго кантип турам деп,
Келжирей берсе кесек ит
Жалгызга кордук кылат деп.
Казгалдак учса кайран куш
Талаа үчүн келгемин,
Карындан чыккан Семетей
Өлгөндө көргөн эр жалгыз
Балам үчүн келгемин!
Ук, Ысмайыл, сөзүмү
Найзага таккан желекти,
Айкөлдөн калган белекти,
Ала качып Кең-Колдон
Алып келдим өзүңө.
Береки жылма баскан Букарды
Талаам десем оңбоюн,
Ушу, жыргалдан калган чунакты
Ысмайыл, балам десем, оңбоюн!
Мойнуна тумар тагып ал,
Башы менен берейин,
Ысмайыл, жетимиңди багып ал!
Кууну кушка жегизбе,
Курганда көргөн жалгызды
Бирөөнүн уулу дегизбе!
Казды кушка жегизбе,
Караан кылган чунакты,
Каалачы саа берейин,
Кагылайын иничек,
Бирөөнүн уулу дегизбе!
Бере турган себебим,

Кыр жагында кытайдын
Кыйлалык өчү бизде бар.
Өчмөлтөй жерде өчү бар,
Кек кылган жерде кеги бар.
Ошолор кордук кылат деп,
Мен, эжекең Каныкейдин шеги бар.
Өтүп кеткен жездеңе,
Он төртүмдө кезигип,
Баласыз жүрдүм башында,
Жездекеңден көргөмүн
Ушу турган жетимди
Отуз эки жашымда.
Ушу турган Семетей
Боз карчыга чолпонум.
Кадиктүү аккан булагым,
Канымдан калган чунагым.
Өөдөлөп чачым өргөнүм,
Өлгөнүмдө көргөнүм.
Көрөргө далай күнүм бар,
Ушундан башка кимим бар?!
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм!
Канзааданын баласын
Каалап берген мен кандай?
Каным, жездемден калган экен деп,
Канзааданын жалгызын
Каалап алсаң сен кандай?
Кыркып бердим чыбыгын,
Кылайын такыр ырымын.
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатты,
Кылып берди ырымын.
Асыл жеңең Каныкей
Кыйла ырым иш кылып,
Баланы Ысмайылга берди эми.
Баланы алып Ысмайыл
Балтыр бешик чагында.
Ырым кылып балага
Бадана* тонду кийгизип,
Кундактагы жолтойду
Чоң күрөңгө мингизип,
Күндүз эмес, түн катып
Букарга жете барганда.
Он жети күнү той кылып,
Бакандары майышып,
Баатырлары сайышып,
Семетейдин тою деп,
Төрт түлүктүү казына,
Төрө экен Ысмайыл
Төбөсүнөн ачты эми.

Төрт түлүк малдын баарысын,
Зарып кылып чачты эми.
Орус тоюн жеп кетти,
Аман жүрсө бул уулуң
Ойротту бузат деп кетти.
Семетейдин тоюнда
Кытай тоюн жеп кетти,
Аман жүрсө бул бала
Кылымды бузат деп кетти.
Ушак, бузук, такыр сөз
Таптаза оозу жабылды.
Манастан калган жетимиң
Букарга кирип багылды.
Букардын каны Темиркан
Буда Каныкейдин атасы.
Алтын таажым кийгени,
Алтын такка мингени.
Ысмайылдан кеп угуп,
Баягы, кайран бала Каныкей
Кан Манастан айрылып,
Манастан калган сан дүйнө,
Чачып келди деп угуп.
Көрөргө тууган жогунан,
Аркалап тентип баланы
Азып келди деп угуп
Канкору Манас барында,
Катын бааша күң эле.
Ойрон балам Каныкей
Олуяттын өзү эле.
Өзү турмак бул балам,
Караган кара көзү эле.
Улугу Манас өлгөндө,
Дүнүйөнүн баарысын
Чачкандыгын карачы.
Жылаңайлак, жылаң баш
Эри өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болот деп,
Кайран балам Каныкей
Качкандыгын карачы?!
Андан көрө калайык,
Калкка кабар салалык.
Калайыкка эп келсе,
Сегиз жүз түтүн букара,
Бөлүп берип колуна
Ушу турган Букарга
Кан көтөрүп алалык.
Алданын жазган буйругу,
Ушундай экен көрөлүк.
Быйыл, балтыр бешик бала экен,
Баласы он экиге келгенде,

Манастын ашын берелик.
Ушуну кудай деген кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Ак буудай унун чайнайлык,
Балан-төлөн дебеске
Келеме шарып* кармайлык.
Аманат берген жетими
Жашы он экиге келгенде,
Калкка кабар салалык,
Жер үстүндө кандарды,
Жетип жыйнап алалык.
Талаптуу жакшы той кылып,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагы, чын ыраазы болор ой кылып,
Алтын таажым кийгизип,
Чиркинди, алтын такка мингизип,
Кабарды мыктап салалык да,
Бул баласын кан көтөрүп алалык.
Он бешке жашы келгенде,
Дегенине көнөлүк.
Найза сайчу ыктуудан,
Мындан бир миң берелик.
Ай балта чапчу мыктуудан,
Мындан бир миң берелик.
Жазбай аткан мергенден,
Мындан бир миң берелик.
Бөлөккө бурбай санааны,
Атасы Манас ордуна
Аким кылып баланы,
Алты шаар кең Букар
Дегенине көнөлүк.
Каканга кылса казатты,
Балага, караан болуп берелик.
Чиркиндер, түнөрүп жаткан чоң Бээжин
Түз кирип найза суналык.
Дүйнөдөн өткөн Манастын
Өчүн минтип алалык.
Ушул артында калган уулуна
Курган жан, караан болуп берелик.
Темиркан айтып турганда,
Канзааданын бүлөсү
Качып келген экен деп,
Калың журт угуп кайгырып.
Темиркан кылса буйрукту
Тескери журту көргөн жок.
Баашалуу Букар калың журт,
Каны буйрук кылган соң,
Кебин эки кылган жок.
Калайык сөзүн эп көрүп,

Дегенине көндү эми.
Тогуз жүз түтүн болучу
Топ жагында Букара,
Момуну бөлүп берди эми.
Дегенине көндү эми,
Калкына кабар салды эми,
Тогуз жүз түтүн элине
Катын да болсо бейбакты
Кан көтөрүп алды зми.
Кан Манастан айрылып,
Кайрылгыс башка түн көрдү,
Темиркандын шаарына
Тентип барып күн көрдү.
Калаалуу Букар шаарына
Кара бет качып барып жан бакты.
Ай караңгы түн көрдү,
Асылынан айрылып,
Алаңгир түшкөн күн көрдү.
Калктын оозу жабылды,
Каралуу болуп Канықей
Семетей Букарга кирип багылды.

СЕМЕТЕЙДИН ЫСМАЙЫЛДЫН КОЛУНДА БАГЫЛЫШЫ

Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көрдү эми.
Балам дебей жетимди,
Башы менен тууганы
Ысмайылга берди эми.
Аркалап чапан түк кийбейт,
А дүйнө кеткен Манастын
Ата экенин түк билбейт.
Талас өңдүү кайран жер,
Мунун жери экенин түк билбейт,
Каралуу жүргөн Канықей
Шордуунун эне экенин түк билбейт.
Ошо кезде Семетей
Темиркандын ботосу,
Ысмайылдын баласы,
Манастан калган ал жетим
Бөлөктө жүрдү санаасы.
Арадан нечен жыл өттү,
Абайласаң күн өттү.
Буласын булап оңолду,
Семетей, Букарга кирип чоңойду.
Жетим жүрүп жетилди,
Жергеге жүрүп кошулду.
Азарын ар ким салган жок,
Атасын тарткан чунакка

Укурук кайрар калган жок.
Күйүп турган чок чыкты,
Күркүрөп турган ок чыкты.
Бул тема оригиналда жок.
Күрдөлүү Букар шаарында
Мындай тентек жок чыкты.
Жашы он экиге келгенде
Календер көрсө камады,
Думананы сабады.
Тентегине чыдабай
Бүткүл калаалуу Букар жадады.
Шай* колдогон шер чыкты,
Бүткүл он эки мүчө тең чыкты.
Бир күнү бузук болду Букарда:
Ак селдечен кожолор,
Дарс окуган молдолор
Абайлап туруп кайгырды.
Кайгырып калган себеби
Сексен кожо, жүз молдо
Мечитине камады,
Белгилүү тентек Семетей
Баарын бирдей сабады.
Кожолор ыйлап кайгырды,
Молдонун башы айрылды.
Мойнуна курун салышып,
Антаңдап чуркап калышып.
Тизе жерге бүгүлүп,
Өөдө-төмөн жүгүрүп.
Баскан жерин тамандап,
Он экиге келиптир,
Семетейди баары бирдей жамандап,
Темиркандын алдына
Айтып турган кеби бул:
Таксыр ай, коломтодон кор чыкты,
Ушу Букар шаарынан
Семетей аттуу чоң чыкты.
Журт чуркурап кайгырды,
Ала чапан кожонун,
Ашкере мыктуу молдонун,
Эчендин башы айрылды.
Каарданса Букарды
Бу жетимиң камады,
Колго тийген кожону
Кокуйлатып сабады.
Таксыр, жаман көрсөң жаман көр,
Өзөндүн талын кыйып ал,
Өрттөнүп чыгып баратат,
Береги Семетейиңди тыйып ал.
Бу жетимиңди тыйбасаң,
Капкалуу Букар калың шаар

Калаасына конбойбуз.
Эртели-кеч эки убак,
Эрмектей берсе жетимиң
Кордугунан оңбойбуз.
Таксыр, же ушу турсун Букарга,
Же биз туралы Букарга.
Мунун энеси Канықей
Тайган итче желди эле,
Тарчылықты чоң көрүп,
Таластан тентип келди эле.
Тасмыясы жогунан,
Кыркып ийип чыбыгын,
Кылып берип ырымын,
Ысмайылга берди эле.
Багып алган жетимиң,
Он эки жашка келди эле.
Калың казды орлорду,
Кайнатып ийди шорлорду,
Чечтирди нечен тондорду.
Салмак болду Букарга
Ченебеген сонунду.
Чиймек болду сызықты,
Салмак болду Букарга
Аябаган кызықты.
Талкалап Букар калааны,
Күчөтмөк болду балааны.
Жергенин талын кыйып ал,
Таксыр, жетимиңди тыйып ал.
Жетимиңди тыйбасаң,
Казына, мүлктү чачабыз,
Бет алган жакка качабыз.
Минтип турса жетимиң
Бул жерге туруп нетебиз,
Туш-тушту көздөй кетебиз.
Журт чуркурап келген соң,
Букардагы Темиркан
Бөлүп ийди санааны,
Кырып ие жаздады
Баашалуу Букар калааны.
Каарданып Темиркан
Бообу кепти салды эми:
Куудай сакал карыңды,
Кудай алсын баарыңды.
Ак селдечен кожоңду,
Арбак урсун молдоңду.
Ушу турган Семетей
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым.
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым.

Найзада таккан желегим,
Асылдан калган белегим.
Азып келген Каныкей
Ар кайсы ушак укканым,
Өз сөөгүмдөн чыкканым.
Өлгөндө көргөн Семетей
Тилегим гана кудай бергеним,
Баламдан чыккан эрмегим.
Маани жок сөз айтып,
Баламды менден бөлбөгүн.
Өлгөндө көргөн Семетей
Булаңды булап алдыбы?
Бузукту сага салдыбы?
Алаңды ала качтыбы?
Арыз кыласың чогулуп,
Ак теңге булуң чачтыбы?
Ушу турган Семетей
Боз ала туйгун болпоңум,
Борумуң бузуп сөз айтпа,
Ушу турган Семетей
Менин боз карчыга чолпонум.
Алда таала бир кудай
Ашкере берген эрмегим.
Кааласа жазар кумарым,
Он экиге келди эле,
Ушу турган Семетей
Менин, кара кашка тынарым,
Адам көрүп туруучу
Түптүү коргон чынарым!
Бу жалгызды көрбөсөм
Түк жазылбайт кумарым!
Ушу турган жалгызым
Жакамда калтар кундузум,
Төбөмдө жарык жылдызым.
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Оозумду ачып өпкөнүм.
Башымда күйгөн чырагым,
Алтай минсе арыбас
Алтын куйрук бурагым.
Жана ушундай сөз кылсаң
Жаңырып кулак бул укса,
Акыл тапчуу эрениң
Акыры кармап аламын,
Таптаза кылып көзүңдү,
Такыр кырам өзүңдү!
Кызыл болот зулпукор,
Билегине илгизбе,
Кызырдуу Манас султандын
Ата экенин билгизбе.
Тартылуу турган Кара-Кыр

Жер экенин билгизбе.
Береки, кайгыланган Канымкей,
Кагылайын баламдын,
Эне экенин билгизбе.
Журтка буйрук муну айтып,
Ойлонуп турат Темиркан
Асмандан алданын күнү бүркөлдү,
Башына алтымыш санаа бир келди.
Кайгыланып Темиркан
Капа болуп турду эми.
Калың элге сыр айтпай,
Ичинде кепти кылды эми.
Эл оозунда элек жок,
Эселек тууган жаман журт,
Элиң бөлөк экен деп
Бирөө айтып коёбу?
Атам Манас көк жалды
Жашырып жүргөн экен деп,
Бузуктугун таятам
Ашырып жүргөн экен деп,
Капыр ай, ушу турган Семетей
Буламды булап алабы,
Балам, бузукту мыктап салабы?
Түбүмө чогуу жетеби,
Казынам бузуп кетеби?
Букарды бузуп алабы,
Коконго кордук салабы?
Көңүлүм толгон санаага,
Бир акылды табайын
Өлгөндө көргөн балага.
Зарып кылып малымды,
Аздык кылса чачайын
Чогуу такыр канымды.
Казынам оозун ачайын,
Дүнүйөмдү чачайын.
Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көрөйүн.
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төптөп кабар салайын,
Атагын уккан кишиге
Айкөл Манастын ашын берейин.
Акылсыз чабал адамга
Баламдын тою кылайын.
Жер үстүндө сегиз кан
Такыр жыйнап алайын,
Калкыма кабар салайын,
Сегиз кан элин чогултуп,
Ат чаптырып, той кылып,
Акылы жетик, ой кылып,
Алтын таажым кийгизип,

Алтын такка мингизип,
Ушу турган өлгөндө көргөн чунакты
Калкыма кан көтөрүп алайын.
Журт атасы болгондо
Коёр бекен тентегин?
Калайык ээси болгондо
Коёр бекен кордугун?
Журт буйласы болгондо
Бу жетим таштаар бекен зордугун.
Муну айтып Темиркан
Кабар берди калкына,
Калайыктын баарына.
Бул кабар катуу угулду
Калаалуу Букар шаарына.
Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлүп жыйын кылды эми.
Чогулманын сазына
Чогулушуп турду эми.
Чоң акыл кепти токтотуп,
Чоң жыйын кепти кылды эми.
Аргымак тандап, ат берип,
Ар кайсы кандын баарына
Айнымастан кат берип,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Төптөп кабар берди эле.
Белгилүүнүн беш бурчу
Бекем кабар салды эми.
Сары-Арканы жердеген
Салмактуу кыйын эр деген.
Кең Сары-Арканы жердеген,
Келберсиген эр деген.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Казактан дегдеп ал келди.
Баарысынын мингени,
Өңкөй күлүк кулача,
Маңдайында тумарча.
Баарысы тулпар көй кашка,
Ат чабам деп ал келди.
Желпиништи жердеген,
Өзү жети уруу кыргыз бир уулу,
Алтын таажы Музбурчак,
Музбурчактын Бурамбек,
Ат чабам деп ал келди.
Көк темирден тон кийген,
Көк кызыл сур ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Кара байыр казанат
Калбыр өпкө, жез билек
Кайыпка чалыш ат минген,

Касаба кылыч, найзасын
Бел-белине шайланган,
Ар кимиси бир канжар
Бел-белине байланган,
Төмөнкү Чамбыл белди жердеген,
Шайдооттуу мыкты эл деген,
Тегиз мыкты тон кийген,
Узун бойлуу кең далы
Тиктеген жоого жабылган,
Бу, баш күндөн жоого камынган,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Адамдан бөлөк көркү бар,
Кылычтары кымпыйып,
Башында көнөктөй болгон бөркү бар.
Ажалдан кылча кайтпаган,
Бирөө бастырып ушак айтпаган.
Чамбыл-Белден Жанаалы
Ат чабам деп ал келди.
Ордолуу шайык, көк жөкөр
Орчуну Кокон, Маргалаң
Кокон кандан Козубек,
Ат чабам деп ал келди.
Маргалаңдан Малабек,
Ат чабам деп ал келди.
Анжыянды сураган,
Айры сакал Сынчыбек
Ат чабам деп ал келди.
Алты шаар Кашкар жердеген,
Өөдөкү сакал Өзүбек
Ат чабам деп ал келди.
Сегиз кан катар жам келди,
Ал аздыгы келгенсип,
Төмөнкү Ындыстандан да келди.
Билгенге Манас кандын ашы экен,
Билбегенге Семетейдин тою экен.
Ат чабышып той кылган,
Ааламдын калкы чогулган.
Кең Букардын жонунда
Жети жүз түтүн колунда,
Ээлигип жаткан Каныкей
Келгендерден кеп уккан,
Сегиз кан журту чогулуп, чабат экен деп уккан.
Бул кабарды укканда,
Тайторудай бууданды
Ырым кылып жеңекең,
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күнүгө терин алды эми.
Арпадан аса жем берип,
Айда терин алды эми.
Манастан калган боз кисе

Моюнга кынай салынып,
Буйругу күчтүү кудайга
Буркурап ыйлап жалынып.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көңүлдүн баары бөлүнүп,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көмүлгөн дүйнө оңбой кал,
Жеңеңдин, көзүнүн жашы он талаа.
Бөдөнө сындуу кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип:
Бел байлай турган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок.
Жеңекем аты экен деп,
Белгиге чапсам Тайтору,
Бегирээк сүрөп алуучу
Баягы гана кыргыз элим жок.
Чабуучу болсом Тайтору
Бегирээк күлүк жан эле.
Береним төрөм өлгөндө,
Катагандын кан Кошой,
Кагылайын абакем,
Асага* берген мал эле.
Асыйын* санап карасам
Алтымышка толду эле,
Ушул быйыл Тайторум
Алтымыш асый болду эле.
Кимдер сүйүп койчу экен
Мендей жесир катынды,
Төлгөгө чаап көрөйүн
Ушул, Тайтору күлүк атымды.
Астыга келсе Тайтору,
Ушул турган Букардын
Баш байгесин* бөлөйүн.
Артта калса Тайтору
Ары жок катын дедирбей,
Ажалдан мурун өлөйүн.
Баштагыдай болтурса,
Таласка кудай кондурса,
Султан кыргыз элимди
Кайра кудай көргөзсө,
Тайтору атым чыгып кел.
Кармаганым чок болсо,
Бу баламдын кайраты
Атасынча жок болсо
Тайтору атым артта кал.

КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ

Кайран жеңең Канықей
Чиймек болду сызықты,
Кылмак болду кызықты.
Каралуу жүрүп атын чаап,
Букарга, баштамак болду бузукту.
Күн мезгили келгиче
Күрүчтөн күрмөк* жем берип,
Күндө терин алды эми.
Арпадан аса жем берип,
Асыл жеңең Канықей,
Тайторудай буудандын
Айда терин алды эми.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты дым жата
Жаңгыз жанга көрүнбөй,
Тайторуну токунуп,
Ай талаага салууга,
Асыл буудан күлүктүн
Ачуу терин алууга,
Кыябына* келтирип,
Андан кийин бууданды
Сегиз кан элге чабууга
Тайторудай буудандын
Арышын байкап көрүүгө,
Ай талаага салууга,
Сөөктөгү, сасык терин алууга,
Капкалуу Букар шаардын
Далы жакы бетине,
Кең Букардын Сары-Талаа
Чоң Ак-Чийдин четине
Ойрон энең Канықей
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Кең Букардын зор Ак-Чий,
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумчалык коосу жок,
Миздей сары талаада,
Учкан куш менен жарышып,
Арам өлгөн буудандын
Оозу менен алышып,
Окоро түйгөн ак тизгин
Каадалуу жеңең долунун
Алаканда карышып,
Орногон кумга салды эми,
Оргуй-оргуй чуратып
Ачуу терин алды эми,
Оңкойгон тоонун урчугун,
Жеңекең, он айланып алды эле.
Оргуп-оргуп түйүлүп,
Астындагы бууданы,

Башын жерге салды эле.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук*,
Көмөкөйдө карсылдап,
Учкан куш менен жарышып,
Анык кайып буудандын
Оозу менен алышып.
Эңкейиштеп жүгүрсө,
Эликтей колу сайылып.
Өр таяна бергенде
Жал, куйругу жайылып.
Табына келген Тайтору,
Учуучудай күрүлдөп.
Сөөгүнөн чыккан тер
Туягы ылдый бириндеп.
Сасык тери төгүлүп,
Кабырганын баарысы
Камчы саптай бөлүнүп.
Кайра тартып келгенде
Каадалуу жеңең долунун,
Каныкейдин ак сарай,
Каалга темир сом калай.
Канчалык качкын болсо да
Каадасын жеңең таштабайт,
Сөөлөтү бар бир далай.
Үй алдында чынарга
Эсил катын Каныкей
Тайторудай буудандын
Ээрин алып жайдактап,
Алып келип бууданды
Аса байлап баймактап*,
Аса байлап салды эми,
Таң ашырып калды эми.
Таң кашкая сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Асмандан жылдыз зирилдеп,
Кыбыла* көздөп бириндеп,
Төбөдөн жылдыз чачылып,
Төрөнүн зайбы Каныкей
Чынарга басып барды эми.
Тайторудай бууданды
Чынардан чечип алды эми.
Чындап отко салды эми.
Аз жетелеп олтуруп,
Чөйчөгүн* чөпкө толтуруп.
Талыкпастан олтуруп,
Таз кардын* чөпкө толтуруп.
Он бетеге*, сексен чөп,
Оро, оро чалдырып.
Оргуп жаткан кара суу,

Суусунун кандырып.
Кайгыланып кудайлап,
Кайра ооздугун салды эми.
Шашке убак, мезгил кез,
Сарайда жез мамыга
Аса байлап салды эми.
Абай* түрдүү жабууну,
Аста жеңең алды эми.
Тайторудай бууданды
Кыргы* менен кыргылап,
Ургу* менен ургулап,
Жабуусун кайра тартты эле,
Тазалап терин артты эле.
Өлмөйүнчө сөзү ачык,
Жеңеңдин тирүүсүндө көзү ачык.
Терин артып болгон соң,
Тайторуга көз салса
Учкан куш менен жарышып,
Казы алуучу боор эт,
Калган экен Тайтору
Төмөнкү кабыргага жабышып.
Чолпондой көзү чачырап,
Түктөйбөй жүнү биринделп,
Эки жакты каранып.
Эрди, мурдун жаланып.
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө* каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка* чапкылап,
Калган экен Тайтору
Азууну кайрап кемирип,
Баскан жерин жемирип.
Оңбогон бирөө оңбойбу,
Качып жүргөн баягы
Качкындын аты экен деп,
Атымдын жолун торгойбу.
Жалгыздыкты билгизип,
Ушинтип жанды күйгүзүп,
Тайторудай бууданды
Астыга келсе кокустан,
Жолунан кармап алабы?
Жол үстүнө чыгарып,
Көмө тээп салабы?
Оңбогон бирөө оңбосо,
Атымдын жолун торгосо,
Кааласа кармап алайын,
Тийген кандын баарысын
Курмандыкка чалайын*.
Эчак өлгөн жан элем,
Арада зордук кылдырып,

Кантип тирүү калайын!
Тийгенинин бир тобун
Курмандыкка чалайын.
Атыма бирөө катылса,
Төбөсүнөн басайын,
Төрт түлүгүн чачайын.
Кайран энең Канықей,
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйдү эми.
Семетейим киет деп,
Жасап жүргөн суусар бөрк*,
Башка баса кийди эми.
Алтын жаак айбалта,
Асылдан калган мурапы*,
Билекке кынап чалды эми.
Манастан калган Зулпукор,
Асыл женең Канықей
Айдалыга илди эми.
Баякы жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз,
Келеме керше*, кең күрмө,
Келишимдүү суп чепкен,
Байкуш энең Канықей
Үстүнө баса кийди эми.
Асмандан түшкөн Бозкисе,
Таалайы артык баатырга
Талаа түздөн кабылган,
Кысталыш жерден табылган.
Таштап кетсем кыйын деп,
Атасы Манастан калган буюм деп,
Бир кудайга зар ыйлап,
Чунагы Семетейге арынап,
Ала келген эмеспи.
Төрөсү Манастан калган Бозкисе.
Кынап белге чалды эми,
Катындыгын билгизбей,
Кайран энең Канықей
Эркек болуп алды эми.
Эсил жеңең байкушуң,
Эри өлгөнгө күйүнүп,
Эркек киймин кийинип,
Алдыңкы жаткан сегиз кан
Жоо болорун билди эми.
Алмамбеттин Сырбараң
Айдалыга илди эми.
Шири* куржун* ичинде,
Бөксөрбөгөн ок-дары
Акборчукка салды эми.
Кыпкызыл болот Сырнайза
Кыя тартып алды эми,

Көк темирден туулга*
Көтөрүп башка кийди эми.
Касаба* колдо балкылдап,
Канча болот курч жабдык
Жай-жайында жаркылдап.
Катын деп адам тааныбай
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Жесир* жүрүп ат чапкан
Жеткилең жеңең ушул эр.
Чаба турган Тайтору
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин тулпары.
Тобокел деп токтобой,
Тоодой болгон жеңекең
Тайторудай буудандын
Көкүлүн көк жибек менен түйдү эми,
Куйругун куу шайы менен шүйдү эми.
Жанагы эр мүчөлүү жеңекең,
Эки кулач чоң чылбыр
Узунун тандап такты эле.
Окоро түйгөн ак нокто*,
Тайторуга чак нокто,
Бышыгын мыктап катты эле.
Эрикпей жеңең жетелеп,
Астындагы Акборчук
Койчо чурап минди эле.
Ичкенин жолун төтөлөп,
Букарда сегиз кандын алдына
Жеңекең алып жүрдү жетелеп.
Өөдө-төмөн карабай,
Жеңекең, өлөмүн деп санабай,
Тегерегин карабай,
Жеңекең, тегеле жанын аябай.
Баштамак болду бузукту,
Атына бирөө катылса
Жеңекең, кылмак бир болду кызыкты.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Жеңеңдин көзүнүн жашы он талаа.
Ушул быйыл токсон беште карыям,
Тоодой болгон султанды тапкан олуям.
Көрүп койсом көөнүм ток,
Энемден башка мекем* жок.
Айдыңы көлдөй дарыям,
Ай далыма мингизип,
Таластан ала келген олуям.
Каалап турсам кардым ток,
Менин энемден башка мекем жок.
Ак байбиче карыя,
Энекеме барайын

Энемден бата* алайын.
Энем бата бербесе,
Тайтору чаап нетейин,
Энекемен бата албай
Мен, Букарга кантип кетейин.
Ат үстүнөн бүгүлүп,
Акборчуктун үстүнөн
Асыл жеңең Каныкей,
Чуркап түштү жүгүрүп.
Аста сүйлөп сабылып,
Энекелеп жалынып.
Чоңдугу тоодой дарыям,
Кадырман кыргыз элимден,
Ай далыма мингизип,
Ала келген олуям,
Көрүп койсом көөнүм ток,
Ак байбиче урмекем,
Өзүңдөн башка мекем жок!
Берен эне кулак сал,
Бел байлаган белим жок,
Белекке чапсам Тайтору
Белсенип сүрөп алуучу,
Белгилүү кыргыз элим жок!
Кимдер каалап койчу экен
Мендей жесир катынды,
Төлгөгө чаап көрөйүн
Энеке, Тайтору тулпар атымды.
Эгерде чыгып келсе Тайтору
Бир жакшылык көрөмүн.
Букардагы сан байге
Энеке, камчыга ченеп бөлөмүн.
Канкор* уулуңдан калган жалгызды
Быйыл эне көзүм менен көрөмүн.
Калкыңа кабар саламын,
Канымдан калган жалгызга
Алтын таажым* кийгизип,
Алтын такка* мингизип,
Ушу турган Букарга
Быйыл кан көтөрүп аламын.
Эгерде артта калса Тайтору,
Кыйын күн түшөт башыма,
Кыйналып санаа бөлөмүн,
Канымды өзүм төгөмүн.
Алтымыш кой, кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кындан сууруп аламын,
Бүгүн, кызыталак жанымды,
Курмандыкка чаламын.
Кыйналып туруп өлөмүн,
Эне, бүгүн кыямат жүзүн көрөмүн.

Батаңды бергин алайын,
Бадыша атам алдына
Эркекче болуп барайын.
Чыгып келсе Тайтору
Чын кудурет колдосо,
Ушу турган Букарга
Бир тамаша салайын.
Дубаңды* менден аяба,
Байгамбар* чалыш энекем,
Батаңды менден аяба.
Ак байбиче Чыйырды,
Кол көтөрүп барбайып,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Алда деп колду көтөрүп,
Жараткан деп жар ыйлап,
Бир кудайга зар ыйлап,
А дүйнө кеткен Манасты
Колдой көр деп дагы ыйлап.
Ажыбай, Бакай эки кан,
Ар иш кылып колдой көр,
Айланайын бир кудай
Балам, Канықей ишин оңдой көр!
Алмамбет, Чубак эгизим,
Жесириме көзүң сал,
Сыргак, Серек теңизим
Бу жеңеңди сүрөп ал!
Алтымыш түрдүү кожосан*
Кырк эки кызыр*, илиястар*,
Ишин кудай оңдочу
Жесиримди колдочу!
Жесир байкуш баламды,
Айланайын бир кудай,
Жан деп кудай жаратсаң
Жер каратып койбочу!
О, Канықей, кулунум,
Тилегиң кудай берсинчи,
Ушу турган Тайторуң,
Букарга чыгып келсинчи!
Каралуу жеңең Канықей
Энеси Чыйырдыдан бата алып,
Манастын зайбы Канықей
Букарды көздөй аттанып,
Бөксөнүн жолун төтөлөп,
Энекең Тайторуну жетелеп,
Касабасы калкылдап,
Жабдыгынын баарысы
Бой-боюнда жаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Сөлөкөтү сөөлөтү,
Илгерки эр Манастай көрүнүп.

Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып,
Кайран жеңең долуну
Каймана* колдоп алыптыр.
Чолок чаар арстан,
Жандай салып чамынып,
Жана колдоп алыптыр.
Каарданса жеңеңдин
Кабарынан жан чыгып,
Жүзүн карап олтурсаң,
Эки беттин ортосу
Бир байпактык түк чыгып.
Оозунан жалын шыркырап,
Каалгадай кайран тиш,
Таруудайдан быркырап,
Оозунан жалын төгүлүп,
Опол* тоодой көрүнүп.
Букарга кирип барганда
Букардагы сегиз кан
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Сөлөкөтү сөөлөтү
Жеңеңдин, жалаңкычтай көрүнүп.
Катындыгын билбестен,
Букардагы сегиз кан
Как жарылып дыркырап,
Эки колу боорунда
Баарысы, салам айтты чуркурап,
Ак селдечен кожосу*,
Дарс* окуган молдосу.
Көк ала сакал карысы,
Бирөө эмес, ошондо
Букарлыктын баарысы.
Баспай Букар сандалып,
Катындыгын билбестен
Жеңекеңе таң калып,
Букарлыктын далайы
Кыбырашып жарданып:
Белгилүү экен, бел экен,
Бу кайдан чыккан эр экен?
Кең көкүрөк, жайык төш
Келберсиген шер экен,
Он эки мүчө тең экен.
Сөлөкөтү сөөлөтү,
Атка минген келбети,
Манас өңдүү көрүнөт.
Же Манастын жээни бейм,
Же Манастын таайы бейм!
Урааны ким, дайны ким?
Уругу кайсы болуучу?
Манас өңдүү шер экен,

Күтүп алчу эр экен.
Намысты таштап бул жерге,
Кан көтөрүп муну алсак
Ак марал айдап уй кылат,
Ай ааламды буй кылат.
Көк марал айдап уй кылат,
Көрүнгөндү буй кылат.
Сегиз кан журту таң калып,
Баары карап жарданып,
Тааныбаган сегиз кан.
Муну мындай таштайлы,
Таанып жүргөн букарлык
Мындан кабар баштайлы.
Букарлык көрүп жеңеңди
Баскан изин бычактап,
Тегиз Букар чогулуп,
Жеңекеңди ушактап:
Оңбосо катын оңбойт ко,
Катын деген калайык
Дин мусулман болбойт ко.
Болбой турган себеби:
Тайган иттей желди эле
Манас кандан айрылып,
Кечээ, канчык Таластан тентип келди эле.
Колундагы баласын
Кыркып ийип чыбыгын,
Кылып берип ырымын.
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Ысмайыл багып алгын деп,
Таалай кылган жалгызын,
Ысмайылга берди эле.
Багылып жүргөн баласы,
Быйыл он экиге келди эле,
Канкору Манас өлгөнү
Быйыл он эки жылга келди эле.
Тоо башынан кыйкырган
Быйыл улар* болуп калыптыр.
Эптеп эрге тийүүгө,
Эр кыдырып жүрүүгө,
Бу, канчык, кумар болуп калыптыр.
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Эркектин киймин кийинип.
Ичке жолун төтөлөп,
Карыганда бир атын
Чабамын деп жетелеп,
Будурмак талын кыйсачы,
Букардын каны Темиркан
Бузулган кызын тыйсачы!
Адырмак талын кыйсачы,

Букардын каны Темиркан
Ары жок кызын тыйсачы!
Тыйылбаса бу кызы
Сегиз кан элин жыйсачы,
Же бирөөгө нике кыйсачы.
Чапкан аты балпылдап,
Артта калса талпылдап,
Баягынын, ары жок жесир кызы дебейби?
Шылдың кылып жети кан,
Андан кийин жебейби?
Бу көп дүнүйө, көп алтын
Чачкан кызы дебейби?
Букарды көздөй жөө тентип
Качкан кызы дебейби?
Оңбосо катын оңбойт ко,
Ургаачы деген кызталак,
Эгерде эки болбойт ко.
Жесир жүрүп капырдын
Желиккенин карачы,
Ат чабам деп Букарга,
Ээликкенин карачы.
Эркек киймин бу катын
Кийингенин карачы,
Эри өлгөнгө кубанып,
Сүйүнгөнүн карачы.
Калайык ук, каның ук,
Калың журттун баары ук,
Биздин, Букардын тузу ушундай.
Телик куш* келсе жай болот,
Тентиген келсе бай болот.
Алты жыл турса Букарга
Көңүлү гүлдөй жай болот.
Түк кудайды тааныбай
Ушундай, тентиген келсе бай болот.
Деп ошентип калың журт
Тизеси жерге бүгүлүп,
Темиркандын алдына
Кирип келди жамандап,
Барча* журту жүгүрүп.
Баскан жерин тамандап,
Коё берди чуркурап,
Каныкейди жамандап.
Таксыр, жаман көрсөң, жаман көр,
Будурмак талың кыйып ал,
Бузулган кызың тыйып ал!
Бу Букардын шаарынан
Армандуу, муңдууң жыйып ал,
Ары жок кызың тыйып ал!
Татытып ичер Букардан
Тузуңду кудай уруптур.

Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Эркектин киймин кийинип,
Бузулган жолду төтөлөп,
Карып келген бир атын
Чабамын деп жетелеп,
Кызыңды кудай уруптур!
Ээлигип кызың туруптур,
Эсепсиз кудай уруптур!
Темиркандын тентиген кызы дебейби?
Ушинтип бизди жебейби?
Уят кылып койбойбу?
Ушинтип бизди сойбойбу?
Калктын баарын жыйыңыз
Бу кызыңды тыйыңыз!
Минтип журту айткан соң
Букардын каны Темиркан,
Угуп алып тардыкты*,
Ушинтип жаман ардыкты.
Калың журтун жемелеп,
Кайраттанды Темиркан:
Куудай сакал карыңды,
Кудай алсын баарыңды,
Өз баламды жамандап,
Күйгүзмөк болдуң жанымды!
Калк буйласы Каныкей
Кантип андай кылсын деп,
Эркек киймин уялбай
Не бети менен кийсин деп.
Кантип эле Каныкей
Карган атын жетелеп,
Чабамын деп жүрсүн деп.
Ардыккандан өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Бууругуп кетти Темиркан.
Кароолдон чыгып караса
Баягы, кайран бала Каныкей,
Олоңдой чачты бек курчап,
Төбөсүнө түйүптүр,
Ок өтпөгөн жоо жарак
Баарын катар кийиптир.
Кылыч, балта, найзасын
Орду-ордунча илиптир.
Кара болот Зулпукор
Билекке кынай чалыптыр.
Эки миздүү Актинте,
Кынынан сууруп алыптыр.
Эркек киймин кийиптир,
Сегиз кан журтун тебелеп,
Баягы, Каныкей бала жүрүптүр.
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,

Ар мүчөсүн карасаң
Өтүп кеткен күйөөсү
Манас канча көрүнөт.
Каныкейди көргөндө,
Кан эмеспи Темиркан
Көрүп алып тардыкты,
Көп бек кейип ардыкты.
Каныкей мындай болгон соң
Ким ушундай болбойт деп,
Колун булгап сабылып,
Каныкейге таарынып:
Эй, Каныкей, кулунум,
Атыңдын оозун бура тур,
Абийирим кетти Каныкей
Алдыңкы жерге тура тур.
Өткөрө башың барында
Кулунум, өзөнгө бойлой конбочу.
Өлөрман катын дедиртип,
О, Каныкей, кулунум
Калкка шылдың болбочу.
Бел байлаган белиң жок,
Берен балам, Каныкей
Бегирээк атың чабуучу
Белесте турчу кыйкырып,
Белгилүү Манас шериң жок.
Ат чабам деп Каныкей
Бузулбачы жөнү жок.
Догурунуп Каныкей
Көп алтын санап таппачы,
Көп канга шылдың бир болуп,
Кулунум, Тайторуңду чаппачы.
Сен балам, бел байлаган белиң жок.
Кабылан Манас шериң жок,
Сенин, ат чаба турган жөнүң жок,
Айкырып сүрөөн салуучу,
Ак жолтой кыргыз элиң жок.
Жесир жүрүп кулунум,
Желикпегин жөнү жок.
Ой, Каныкей, кулунум,
Ырыска тууган чунагым,
Сегиз жүз түтүн колуңда
Каныкей, жан кордугун тарттыңбы?
Төрт түлүктүн* баары бар
Каныкей, мал кордугун тарттыңбы?
Ой, Каныкей, кулунум,
Аркар атса бөздөп ал,
Алакандай Букардан
Кан башым менен мен өзүм
Төрт тулпар чаптым көздөп ал.
Өзүм чаптым Актулпар,

Чыгып келсе Актулпар,
Баш байгесин өзүң ал,
Башы менен кошуп ал.
Шаатемир чапты Чоңкүрөң,
Ысмайылдын Чоңкашка,
Көлөйкандын Кара кашка аргымак,
Экөөнү таштап бирөөнү ал.
Кимиси чыгып келсе да
Башы менен, баш байгесин такыр ал,
Мен сенден ат талашсам оңбоюн!
Атасы жесир деген соң,
Ардуу жеңең Каныкей
Арданбай кантип туруучу.
Аргымак жалдуу тайкушуң,
Айкөлүнөн айрылып,
Арданып жүргөн байкушуң,
Сайсөөгү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Каныкей туруп муну айтат:
Каркыра деген кайран куш
Карчыгага* жегиздиң,
Капага малган кайран жан,
Качып келсем Букарга
Атама жесир дегиздиң.
Кууну кушка жегиздиң,
Куруп турган жанымды
Атама жесир дегиздиң.
Оңбогон атам оңбодуң
Жесир деп кошо кордодуң.
Кагылайын, атаке,
Сан жыйылган топ беле.
Самаркан, Букар бул шаарда,
Элинен чогуу айрылган
Менчелик жесир жок беле?!
Ата, кагылайын, атаке
Актулпар чапсаң ал чыкса,
Малдан өлгөн мен канчык,
Баш байгесин алганда
Не мураска жетейин,
Тоспо, ата жолумду,
Коё бер ата колумду,
Таалайга бүткөн мал эле
Ушул турган Букарга
Тайторум чаап кетейин.
Кимдер сүйүп койчу экен
Мендей жесир катынды,
Төлгө кылып көрөмүн
Тайтору күлүк атымды!
Белекке чапчуу Тайтору
Белгилүү күлүк мал эле.

Ушу быйыл Тайторум
Алтымыш асый* болду эле.
Астыга келсе Торумдун
Баш байгесин бөлөмүн.
Артта калса Тайтору
Сизге жесир дегизбей,
Ажалдан мурун өлөмүн!
Аргымак атым барында
Атаке нарга* жүгөн катпаймын,
Атымды чаппай жатпаймын.
Сегиз кан журтуң жыйып кой,
Эселек элиң тыйып кой!
Оңбогон бирөө оңбосо,
Атымдын жолун торгосо,
Аябаймын жанымды
Бүгүн төгөм канымды!
Атыма бирөө катылса,
Жолунан кармап аламын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Курмандыкка чаламын.
Өткөрө иттик кылганын
Башын кесип аламын,
Каарланып күчөсөм
Даңгыттарга жарамын!
Деп ошондо муну айтып,
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерип,
Каң дегисе Торуну,
Такымга тартып жиберип.
Жердин жүзүн уратып,
Ат айда деп бакырып,
Букарга кирди чуратып.
Ойду көздөп бакырса,
Ат айда деп чакырса,
Ойдо бир жан калган жок,
Тоону көздөп бакырса,
Ат айда деп чакырса,
Тоодо бир жан калган жок.
Ошондо жеңең долунун
Өлгөн менен арман жок.
Ат чабуучу талапкер,
Ат байлаган заяпкер*,
Жол-жолдорун төтөлөп,
Жолу болсун сегиз кан
Ат-аттарын жетелеп.
Аркы-терки басышып,
Аха-ахалашып шашышып.
Он башылар ороктоп,
Элүү башы кожоктоп,
Алы калбай шашышып,

Чубатууга басышып,
Жыйылган адам көп экен,
Найзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Жээк тартып кылкылдап,
Жергелешип былкылдап,
Букардын ичи былкылдап,
Кыжылдаган жан болуп,
Букардын ичи чаң болуп.
Топурак учуп тоз каптап,
Букардын ичин эл каптап,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Топтолтура эл каптап,
Толуп журту келди эле.
Катын да болсо мамындай
Кан эмеспи Канықей
Калың элдин ичине
Буйрук кыла берди эле.
Атты катка салгыла
Ат эсебин алгыла,
Минтип өнөр тапкыла.
Атты катка бир салып,
Андан кийин чапкыла.
Бул акылды албасаң,
Минтип атты чаппасаң,
Аргымактан ат өлүп,
Азаматтан эр өлүп,
Айыбы жаман болбосун
Бул буйрукту кылды эле.
Асыл энең Канықей
Атка минер ыктууну,
Азаматтан мыктууну,
Баарын катар жыйды эле.
Катындыгын билбестен,
Калайык тилин алды эми,
Кандын каны экен деп,
Ошончолук калайык,
Жеңекеңдей долуга
Аң-таң калып калды эми.
Кыймылдаган жан болду,
Букардын ичи чаң болду.
Букардагы Молдосан
Артык катчы бала экен,
Ат каттаган ал болду.
Бир убакта караса,
Ак кагазга кат толгон,
Катын окуп караса,
Букарга чапчуу күлүк ат
Алты жүз кырк үч ат болгон.

Ошондо асыл энең Канықей
Ай караңгы болгондо,
Түнүм кандай болот — деп,
Артта калса Тайтору,
Күнүм кандай болот деп.
Бел байлаган белим жок,
Бу жерде кыргыз элим жок,
Ушундай белең дүйнө бок?!
Бу дүйнөдө сөзү ачык,
Өлмөйүнчө жеңекең,
Артык сынчы көзү ачык.
Ооздогу темирден
Чайнашчу күлүк бар бекен?
Өр жерде өпкө суурушуп,
Кудай, кармашчу күлүк бар бекен?
Адырмак, белес, кумайда,
Жанашчу күлүк бар бекен?
Намыска чуркап алдыдан,
Талашчу күлүк бар бекен?
Деп ошентип Канықей
Белди бекем курчанып,
Акборчукту бир салып,
Арман менен сөз салып,
Чубап жаткан тулпарга
Байкап турду көз салып.
Баары тулпар көй кашка*,
Байкас кылып калды эми.
Алты жүз кырк үч тулпардын
Бирөөнү койбой жеңекең,
Баарын сынап алды эми.
Акборчук оозун бурду эле,
Абайлап тиктеп турду эле.
Үч жүздүн уулу казактан,
Каңгылардын канынан,
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген,
Көк өтүктүн өкчөсү*,
Айдаркандын Көкчөсү,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Сары-Арканы жайлаган,
Сан күлүгүн байлаган.
Күлүктөрү кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Кетмен соору, кең туяк,
Баары жогу тулпарча.
Сегиз кандын бири экен,
Ат чабам деп ал келген,
Анын аты жанакы.
Бер жагына көз салса,
Анжыяндан келиптир.

Кара байыр казанат,
Төмөнкү, кең Алайдан келиптир.
Калбыр өпкө, жез билек
Кең Кырымдан келиптир.
Кулжа моюн төгөрөк,
Жети-Суудан келиптир.
Каман соору, үкү аяк,
Чамбыл-Белден келиптир.
Теке жоомарт аргымак
Кең Кашкардан келиптир.
Кыска моюн, туу чунак
Кээ бир тулпар келиптир.
Кара байыр, казанат
Кээ бир тулпар келиптир.
Калбыр өпкө, жез билек
Кара болот ооздук,
О, кудай, чайнашчуудан келиптир
Алты күн тынбай, суу ичпей,
Кармашчудан келиптир.
Кең көкүрөк, тайкы жал
Көй кашкадан келиптир.
Келишимдүү чоң тулпар
Бир башкадан келиптир.
Ал аттарды көргөндө
Аргымак жалдуу тайкушум,
Чын кудайга жалынып,
Чыркырап ыйлайт байкушум.
Ыйлап жеңең сабылып,
Бир кудайга жалынып.
Бере көр деп сөз салып,
Тайторуга көз салса:
Оң кулагын жапырып,
Кара жердин кыртышын
Төбөсүнө сапырып,
Калган экен Тайтору,
Кара болот ооздук
Көмөкөйгө каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап,
Сайсайлап жүнү бөлүнүп,
Аркардай көзү көрүнүп.
Башын шилтейт жаныбар
Көкүлдү көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Калган экен Тайтору.
Чиркин, менин маңдай сөөгүм кайкы эле,
Бадышам көзү өткөндө,
Күн көрөрүм тайкы эле.
Ошо тайкыраак шорум болбосо,
Ушу бүгүн Тайторум

Башын жерге салат ко,
Ушу турган Букардын
А, кудай, баш байгесин алат ко!
Багымды кудай ачат ко,
Ичим толгон көп күйүт
Бүгүн кудай чачат ко!
Болбосо, артта калып Тайтору
Ардыккан бойдон Канықей
Арданып бейбак өлөт ко!
Арман менен бу катын,
Кыямат жүзүн көрөт ко,
Тилегеним бир кудай,
Болбосо, Тайторум чыгып келет ко!
Өзөндүү дайра булакты,
Өлгөндө көргөн чунакты,
Бүгүн, энеси шордуу көрөт ко!
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Ушуну айтып энеңдин
Көзүнүн жашы он талаа.
Ай караңгы болгондо
Түн эмине болот деп?
Артта калса Тайтору
Ээ, кудай күн эмине болот деп?!
Аргымакка жалтайкуш,
Айланайын Тайтору,
Айлымдан азган мен байкуш.
Белгилүүм жок, белим жок,
Бекем сени сүрөөчү
Белгилүү кыргыз элим жок.
Качып кирер токой жок,
Караан кылып турганга
Канымдан калган ногой жок.
Канатың жерге сала көр,
Кагылайын Тайторум,
Арбытып арыш ала көр!
Ааандай оозуң ача көр,
Кагылайын бууданым,
Жериңди тактап баса көр!
Теги курган башымды
Телик кушка жегизбе,
Артта калып Тайтору
Ушу турган Букарга
А, кудай, тентиген катын дегизбе!
Деп ошентип муну айтып,
Алты жүз кырк үч тулпарга
Аманат деп Торуну,
Кошуп туруп калды эми.
Букар ичи, ээй, чаң болуп,
Кыймылдаган жан толуп.
Букардагы Эшенчал,

Алтымыш балбан жанында
Ат айдаган ал болуп.
Он башысы ороктоп,
Бакандары короктоп.
Балбандары барбактап,
Баатырлары дардактап,
Бөксө жол менен чаң салып,
Жүрүп чыгып келатат.
Баспачудай аттарды
Касадан* ары бир коюп,
Тийип чыгып келатат.
Эшенчалды көргөндө,
Жини кайнайт женекең.
Эр мүчөлүү жеңекең
Алтымыш балбан, Эшенди
Тура тур деп чакырды.
Атаңдын көрү Эшенчал,
Бул сөзүмө кулак сал.
Алтымыш балбан, Эшенчал,
Бирөөң калбай баарың кел,
Ак сакалдуу карың кел.
Бу түрүмдү көрбөсөң,
Бу тилимди албасаң,
Кызыкты менден көрдүңөр,
Баары-жогуң өлдүңөр!
Алтымыш балбан, Эшенчал
Ат айдасаң, бат айда,
Аттын баарын катуу айда.
Мындан ары айдасаң,
Кең-Булакты басасың,
Түгөнгөн тоонун тумшугун
Өлбөсөң Эшен ашасың.
Ар жак жагы мунарык
Кең Букардын зор Ак-Чий,
Зор Ак-Чийди басарсың.
Чоң Ак-Чийди басканда
Бөйрөгү калың ор* ошол,
Атчан киши жол жүрсө
Алты күндүк жол ошол.
Жана Эшенчал кебим ук,
Жаңыла көрбө сен ошол
Ал Ак-Чийге барганда,
Томуктай болгон тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Чып этип ууртар суусу жок,
Чымчып жээр чөбү жок,
Боз мунарык күйгөн кум,
Ойлосоң Эшен мына бул,

Казгалдак учса карыккан,
Кара жору учканда
Канаты жолдо талыккан.
Мунарык болуп учтанган,
Булуңгур болуп бурчтанган,
Өлбөсөң мындан өтөсүң
Андан ары барганда
Салынып кирген урчукта,
Салаңдаган тумшукта,
Жонуна чыга барганда
Жоругум Эшен кебимди ук,
Ит-Торпунун бели ошол,
Ашып түшсө ар жагы
Ит-Өлөрдүн чөлү ошол.
Андан ары барганда
Будур-будур бел келет,
Будурмак ашуу жер келет.
Андан ары барганда
Адыр-адыр бел келет,
Адырмак ашуу жер келет.
Ар жак жагын айтайын
Кара-Деңиз көл ошол.
Бутун кырсык чалбаса,
Бууданды кудай албаса,
Жетип айдап коё бер
Тайторуга жер ошол.
Бу сөзүмө көнбөсөң
Кара-Деңиз дарыя
Жеткизип айдап бербесең
Башын жерге сала албай,
Аркардай арыш ала албай
Артта калса Тайтору
Оңбогон Эшен оңбосоң,
Бул сөзүмө болбосоң,
Катын деп мени кордосоң,
Жолуңдан кармап аламын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарамын.
Кашайта көзүң оёмун,
Эшенчал сени соёмун.
Ичиңден чыккан кара кан,
Кочуштап ууртап тоёмун.
Эшенчал сени сойбосом,
Каныңа мыктап тойбосом,
Арка гана чачым иейин,
Туудурган атам так эле,
Темирканга тиейин.
Тентиген катын дедиртип,
Кантип тирүү жүрөйүн.
Муну айтып Каныкей

Бурулуп долу турду эле,
Муну угуп Эшенчал
Мурдалап коркуп жан чыгып,
Эшенди кудай урду эми.
Ойлонуп туруп Эшенчал,
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кап кетти,
Бетинен кызыл кан кетти,
Эшенчалдан ал кетти,
Көөдөнү кетти кирилдеп,
Сакалы кетти биринделп.
Асмандан алданын күнү бүркөлдү,
Башына алтымыш санаа бир келди.
Ойлонуп Эшен кыңкылдап,
Ой ойлонот былкылдап,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Айтып турган Канықей,
Жалаңкычтай көрүнүп,
Ой ойлонуп кыңкылдайт,
Ичинде Эшен былкылдайт.
Бу кармаса кармап алат деп,
Кара баскан бу катын
Артта калса Тайтору
Бирөөбүздү түк койбой
Курмандыкка чалат деп,
Бу баарыбызды түк койбой
Такыр кырып салат деп.
Ай талаада кол салса
Бул өңдөнгөн канчыктын,
Колунан кимдер соогатка сурап алат деп.
Болсун долу — баатыр деп,
Кара-Деңиз дайрага
Жеткирип айдап бербесек
Жети атабыз каапыр деп,
Ат байлаган кермедей
Такыр бойдон өтөлүк,
Айтканыңа жеткизип,
Атыңды айдап бербесек
Сиздин тилди албасак
Капыр бойдон өтөлүк.
Өлө турган уу жалап,
Өлүп кетер ант кылып.
Ак буудай унун чайнады,
Келеме шарып кармады.
Убаданы бек кылды,
Ошондо адам гана өлчү шерт кылды.
Убаданы бек кылып
Атты Эшенчал айдап кетти эми.
Ат жайына айдалып,
Эчак барып жетти эми.

Төлгөгө чапты Тайтору,
Төрөнүн зайбы Канықей,
Муну мындай таштайлы
Букардын каны Ысмайыл,
Канықей менен уялаш,
Мындан гана кепти баштайлы.
Кесиреттүү* Ысмайыл
Букарда жатып кеп укту:
Бузулган эжең Канықей
Букарда жатып ээлигип,
Атын чапты деп укту.
Жесир жүрүп жээлигип,
Жерге кирип кетсечи,
Ат чабам деп ээлигип.
Ичке жолун төтөлөп,
Алтымыш асый бир атын
Капыр, чабамын деп жетелеп.
Арсызды кудай урганын.
Ат чабам деп турганын.
Көөдөктү кудай урганын,
Минтсе долу оң кылбайт,
Эгерде бизди соо кылбайт,
Капыр, жесир жүрүп жээликкен,
Ат чабам деп ээликкен,
Арсыз мынча болобу?
Каралуу жүрүп кутуруп,
Капыр мындай болобу?
Бузулган жагын төтөлөп,
Каралуу жүрүп бул долу,
Тайторусун жетелеп.
Бу сыздаган сөөк кимдики?
Сынган намыс кимдики?
Кеткен намыс кимдики?
Келген намыс кимдики?
Капыр, жесир жүрүп жээлигип
Ат чабам деп ээлигип.
Эркек киймин кийинип
Эселек* мындай болобу,
Эри өлгөнгө сүйүнүп.
Кыйшык жолун төтөлөп,
Кыйын мүшкүл кылды го,
Ат чабам деп ээлигии,
Тайторусун жетелеп.
Болбосо канчык бу долу
Сегиз кандан эр издеп,
Болбой калган кезиби?
Эрге көөнү бурулуп,
Канчыктын, оңбой калган кезиби?
Төрө жездем Манастын
Төшөгүн баскан оңобу?

Бу, төрөнү кордоп отурган
Бул өңдөнгөн карабет,
Эгерде эки болобу?
Кордоп жүрсө Манасты
Минткен канчык оңобу?
Таалайлуу Манас шер эле.
Далай жердин баарысын,
Азат кылган эр эле.
Арбагын кордоп отурган
Ушул өңдүү ургаачы
Эгерде гана эки болобу?!
Таянган жери Темирдей,
Ысмайылдын эжеси
Атын чаап арт жакта
Калып калды дедирбей
Семетей бузуп жиберип,
Жолунан кармап албасам,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Жоболоңдуу канчыкты
Жолго кармап жарбасам!
Ошондой деп Ысмайыл
Ысмайылдын ак сарай,
Каалгасы темир сом калай,
Каадасы журттан бек кыйын,
Кан эмеспи бир далай.
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Чуркап чыгып тагына
Кабар берди Ысмайыл,
Семетейди баш кылып,
Ошондо желдетинин баарына.
Барабанды чалды эле,
Сурнайын беш сапар
Бек кыйкыртып алды эле.
Добулбасын карс уруп,
Дүңкүлдөгүн чалды эле.
Ысмайыл кабар бергенде
Тизелери бүгүлүп,
Балбандары жүгүрүп.
Он башысы ороктоп,
Элүү башы элтеңдеп,
Кандай чыккан доо бар деп,
Кайда жүргөн жоо бар деп,
Найзакерден ыктуусу,
Жазбай аткан мергени,
Жаңылбай турган чечени,
Билимдүүсү карысы;
Жоо келгендей жабылып,
Балбанынын баарысы
Басып барып турду эле.

Букардын каны Ысмайыл
Кааранып бакырды,
Беркелгин деп ошондо
Семетейди чакырды.
Семетей жетип келгенде,
Коё берди кызталак
Эжекеси Каныкейди жамандап.
Ошо кезде Семетей
Аркалап чапан кие элек,
А дүйнө кеткен Манастын
Ата экенин биле элек.
Тартылуу жаткан Кара-Кыр
Желе экенин биле элек.
Муңдуу катын Каныкей,
Мунун, эне экенин биле элек.
Энекеси Каныкей
Тайган иттей бүрүштөп,
Желгендигин биле элек.
Таластан качып жөө тентип,
Келгендигин биле элек.
Беш аркар жылдыз* баткыча
Ийиктей* болгон ак эмчек
Эмгендигин биле элек.
Букардагы Ысмайыл
Чийип турду сызыкты,
Каныкейди жамандап,
Ошондо, айтып турду кызыкты:
Ой, Семетей, кулунум,
Келгендерден кеп уктум,
Кесиреттүү эжекең
Жесир жүрүп жээлигип,
Ат чабам деп ээлигип,
Жерге гана кирди деп уктум!
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Эзелки долу ал бейбак,
Эркек киймин кийинип.
Бузулган жолду төтөлөп,
Алтымыш асый бир атын
Чабамын деп жетелеп.
Эбин таап көйнөк кие албай,
Эптеп эрге тие албай.
Эл кыдырып чыр баштап,
Эсепсиз уят бир кылды,
Эжеси жесир дедиртип,
Балам баарыбызга чыр кылды.
Бу жорук кайдан көрөлүк,
Тентиген катын дедиртип,
Баарыга шылдың болгончо,
Тирүү турбай өлөлүк.
Ой, Семетей, кулунум,

Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым.
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум,
Ай, Семетей, барып кел
Астыга келсе Тайтору
Манас, Манас бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Бери сүрөп алып кел.
Артта калса Тайтору
Кармай калып канчыкты
Курмандыкка чалып кел.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып кел.
Башын кесип байланып,
Атакең Ысмайылга алып кел.
Жесир жүрүп жээликти,
Жерге кирсин ал катын
Ат чабам деп ээликти.
Жездеңден эжең калганы
Жыл эсебин алганда
Он эки жылга толду эле,
Ушу быйыл эжеңдин,
Букарга тентип келгени
Туура он эки жыл болду эле.
Жесир жүрүп жутунуп,
Ат чабам деп кутуруп,
Ары жок мынча болобу.
Ай ааламга бузукту
Арсыз эжең салбасын,
Арам өлгөн долуга,
Артык балбан күң* эле,
Айланайын, кулунум,
Семетей, алың жетпей калбасын.
Таңга жайык* болжош ал,
Таамай жерден жолдош ал.
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган мыктууну ал.
Чогоол мылтык чорт зтсе,
Чочубачу мыктууну ал.
Бет алышкан жоо болсо,
Бек кармап найза сунчууну ал.
Бейпайлуу мүшкүл иш болсо,
Атыңды кармап турчууну ал!
Бурамалуу жез найдар*,
Бурчтан кармап имерди,
Бузуп жатып баласын,
Эжеңди кармап сойгун деп,
Энеси Каныкейге жиберди.
Жетимиштей балбаны

Жетим чиркин балага
Жолдош боло калганы.
Ошо кезде Семетей
Тилегин кудай берген кез,
Жашы он экиге келген кез.
Ысмайылдан кеп угуп,
Качып жүргөн Каныкей
Атын чапты деп угуп,
Кашайта көзүн оюуга,
Кармап алып союуга.
Арсыз катын долуну,
Жолдон кармап алууга,
Баланын көөнү бузулду
Курмандыкка чалууга
Баатыр, жесир жүрүп бул эжем,
Желигет деген эмне?
Эркек киймин кийинип,
Ээлигет деген эмне?
Угуп алып тардыгып,
Ушинтип бала ардыгып.
Астындагы мингени
Темиркандын тулпары,
Колундагы кылычы
Ысмайылдын болоту.
Ачууланып Семетей
Оозунан жалын шыркырап,
Каалгадай кайран тиш
Таруудайдан быркырап.
Бурулбастан жол жүрүп,
Ат чабуучу талаага
Балбандардын баарысы,
Он башысы ороктоп,
Найзалары короктоп,
Желдеттери* желигип,
Жетимиңдин жанында
Кетип барат ээлигип.
Ат аябай жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Жүрө чыкты Семетей,
Жетимиш балбан жанында,
Ээр белдей кум белден
Күйө чыкты Семетей.
Тегерегин карабай,
Ысмайылдан кеп угуп,
Тегеле жанын аябай.
Барабанды чалышып,
Кысык жол тосо барышып,
Мына минтип энеңди
Жетим тосуп калды эми.
Муну мындай таштайлы,

Ээр белдей белесте
Эс таба албай туруптур,
Энекеңиз Каныкей,
Ошондон кабар баштайлы.
Кайран энең Каныкей
Касиеттүү жан эле.
Үнү угулат, өзү жок,
Женекеңдин ийнинде
Жылаңач бала бар эле.
Дозок менен күйүттү
Угузуп турган ал эле.
Кулактан кармап кыбырлап,
Ошо кезде баласы
Айтып берди шыбырлап:
Ой, Каныкей, байкушум
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбаган талаадан,
Ат чабам деп желигип,
Ажалдан мурун өлөсүң,
Кардыңдан чыккан баладан.
Астыга келсе Тайтору
Жетимиңди көргөнүң.
Артта калса Тайторуң
Ажалдан мурун өлгөнүң.
Астыга келсе Тайтору
Тилегиң кудай бергени.
Артта калса бул атың
Күзгүнүн шаарын сүзүп кой*,
Күдөрүң жандан үзүп кой.
Жетимиш балбан жанында
Жетимиң келет желигип,
Кылычтары кылкылдап,
Башынды кесип алууга.
Кан буйругу мушкүл иш,
Башыңа келди эми күч.
Артта калса бу Торуң
Арка чачың өрөсүң,
Буйрук алган балбандан
Ажалдан мурун өлөсүң.
Туура долум жана ук,
Тууганың болду душманың,
Ичиңде калды бушманың.
Найзасын тандап имерди
Бир тууганың Ысмайыл
Өзү бузуп жиберди.
Чымынча соёт жанынды
Кетирет сенин алыңды,
Каныңы, Манастан калган Семетей
Төккөнү келет каныңды.
Бүгүн каала, эртең жок,

Ушундай болот дүйнө бок.
Баатырдан калган жетимиң
Башыңа салат калың чок.
Ажыратып алуучу
Байкасаң кыргыз журтуң жок.
Бул кабарды укканда
Касиеттүү долунун
Ичи өрттөнүп болду чок.
Кабырга сөөгү сөгүлдү,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Көңүлү чиркин бөлүндү.
Үстүнө каран күн түштү,
Жеңекеңдин башына
Жетимиш мүшкүл бир түштү.
Кайрылыштуу талаадан,
Катуу коркуп чыркырап,
Кардынан чыккан баладан.
Акборчук оозун бура албай,
Көзүнүн жашын тыя албай,
Бөдөнөдөй шордуу көз,
Өзүң көргөн энеңден
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип.
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбаган талаадан,
Ат чабам деп желигип,
Ажалдан мурун өлөмбү
Кардымдан чыккан баладан?
Эсилден* калган жан ботом
Эбин таап көйнөк кие элек,
Эси кеткен мен долу
Эне экенин биле элек.
Жолуман кармап алат, ээ,
Жалынсам жаным түк койбой
Жоболоңдуу жанымды,
Курмандыкка чалат, ээ!
Аркама бүткөн олоң чач
Өрүп алмак болдум, ээ,
Ат чабам деп желигип,
Канымдан калган чунактан
Өлүп алмак болдум, ээ!
Кудайдын салган буйругун
Көрүп алмак болдум, ээ,
Өз чолпонум жоо чыгып,
Өлүп алмак болдум, ээ!
Кутулбадым, ээ, кудай
Көңүлдө капа, санаадан,
Ат чабам деп кутуруп,
Кантип кетер экемин,

Көөдөндөн чыккан баламдан?!
Кайрат байлап тура албай:
Көп эле ажалым жетсе өлөрмүн,
Кудайдын чийген чийини
Төбөгө келди көрөрмүн!
Мен эмес, түрдүү-түрдүү калк өткөн,
Машайыктар* жалпы өткөн,
Мен эмес эчен эр өткөн,
Түрдүү-түрдүү шер өткөн,
Он эки кылым тең өткөн,
Олуянын көбү өткөн.
Ойруп чыгар* белим жок,
Оюмду бөлүп жөнү жок,
Ой, жеңе, ыйлабагын деп,
Керээз айтып коюучу
Кайран журтум мында жок.
Деп ошентип бел байлап,
Кайраттанып алды эми,
Ажал менен дозокко
Энекең, белди байлап калды эми.
Кечээ берени көкжал өлгөндө,
Бейпайды жеңең көргөндө,
Бereниңдин чоң дүрбү*
Белекке кармап ошону
Ала келген дүрбүнү
Безилдеп ыйлап чыркырап,
Ала койду буркурап
Тайторуну көргөнү.
Кетмен ооз кең дүрбү,
Кере кулач чоң дүрбү,
Алтындан кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар.
Ичин алтын ашаган,
Айнегин көөхар* жасаган,
Жакут* таштан жардырган,
Артык уста Бөлөкбай,
Айнегине салдырган.
Тиктегенде адамды,
Көрсө мээрин кандырган,
Жоону көздөй салдырган,
Жоодон кабар алдырган.
Жолборсуңдун чоң дүрбү,
Сабына алтын кердирген.
Кырк кысырак*, миң байтал
Төкөр уста Бөлөкбай,
Мунун акысына бердирген.
Акборчук оозун бурду эле
Асыл катын Канықей
Дүрбү салып турду эле.
Чыгырыгын имерип,

Чын көзүнө жиберип.
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип.
Канатын тарта жайды эле,
Аттарга дүрбү салды эле,
Ат кабарын алды эле.
Кылтылдатпай бек кармап,
Кыйындап көзгө төп* кармап,
Аныктап дүрбү салды эми.
Кең кепенин четинде,
Берки Кырым бетинде,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө
Жеңекеңден жан чыгат.
Оргуган чаңды караса
Атасынын Актулпар
Алыстап чуркап алыптыр,
Эң астына салыптыр.
Анын артын караса
Чоңкашканын чаңы экен,
Мунун артын караса
Чоңкүрөң сындуу мал экен.
Үчтүн артын караса
Көлөйкандын Каракашка аргымак.
Караса көзгө илинбейт,
Темиркандын төрт тулпар
Узап чуркап алыптыр.
Андан бөлөк бир жылкы
Кайда экени билинбейт.
Ай караңгы болгондо
Түн эмне болот деп?
Артта калса Тайтору
Айлам эми кеттиби
Күн эмне болот деп?
Астыма тарткан темир тор,
Маңдайга бүткөн калың шор.
Чиркин, менин маңдай сөөгүм кайкы эле,
Падышам көзү өткөндө
Менин күн көрөрүм тайкы эле.
Казды кушка жегизбе,
Каалап кудай жаратсаң
Мени качкын катын дегизбе.
Кууну кушка жегизбе,
Курсактан чыккан уулумдан
Ары жок катын ушинтип,
Өлүп калды дегизбе.
Каза көрбө орумду,
Каалап кудай жаратсаң
Кардымдан чыккан жалгыздан
Кудай, кайната көрбө шорумду.

Ай караңгы түн белең,
Артта калып Тайтору
Ажалым жетер күн белең.
Ошондой болгон кайран чач
Омуроомо жайылтып,
Өрүп алар бекемин.
Өзөктөн чыккан чырактан?
Өлүп алар бекемин?
Ээр белдей белестен,
Эсил жеңең Каныкей
Чыркырап ыйлап каба албай,
Чымындай айла таба албай.
Аттын оозун бура албай,
Чыңырып ыйлап тура албай.
Кабыландын чоң дүрбү
Кайра көзгө имерип,
Кайра салып жиберип.
Кайра дүрбү сунду эле,
Буйругу күчтүү кудайга
Мунаажат* кылып турду эле.
Буркурап ыйлап жиберип,
Өзүң көргөн дүрбүнү
Мыктуулап көзгө сунду эле.
Алапайы түгөнүп,
Ыйлап турду буркурап,
Боздоп турду чыркырап.
Дүрбү салып караса
Кең-Мойноктун жонунда,
Келе жатат бууданы
Кең Кырымдын жолунда.
Башын жерге сала албай,
Аркардай арыш ала албай,
Келе жатат бууданың
Санап көрсө ошондо
Үч жүз аттын соңунда.
Төлгөгө чапкан Тайтору
Эми кайдан жүгүрдү,
Чыңырып ыйлап куурагыр,
Эми, чымындай жандан түңүлдү:
Мурундун суусун тарта албай,
Көзүнүн жашын арта албай.
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабыргасы сөгүлүп.
Кан аралаш чыккан жаш
Өзүң көргөн Акборчук
Жалы ылдый төгүлүп.
Көөдөнгө батпас санаадан,
Коркуп турат куурагыр
Көөдөндөн чыккан баладан:

Алда, чиркин, куу дүйнө
Ай караңгы түн экен
Бүгүн ажалым жетер күн экен!
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Мен шордуу, араң өлмөк экемин,
Жаназа* жок, ыйман* жок
Мен шордуу, арам өлмөк экемин!
Как эткенден карга жок
Талаада өлмөк экемин.
Казам жетип ушунтип,
Баламдан өлмөк экемин!
Бууругуп жүргөн капыр деп,
Жолуман кармап алат, ээ.
Чукуйт, ээ, бүгүн көзүмдү,
Жалынсам укпай сөзүмдү.
Жолуман кармап алат, ээ,
Жоболоңдуу катын деп,
Чыркыратып өзүмдү,
Чукуп ийип көзүмдү,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Бүгүн курмандыкка чалат, ээ,
Даңгыттарга жарат, ээ.
Талаада сөөгүм даңкайып,
Көмүүсүз болуп калат, ээ.
Тал жибектей кайран чач
Куркулдап кузгун тытат, ээ,
Ботодой болгон кайран көз
Карарган карга оёт, ээ.
Каалгадай кайран тиш
Бүгүн, сагызган какшаал чычат, ээ.
Алмадай болгон эки эмчек
Кара жору оёт, ээ.
Ат чабам деп желигип,
Кара баскан мен долу
Бүгүн кажырдын богу болот, ээ.
Бүлкүлдөгөн бөйрөгүм
Түлкүлөр какшаал оёт, ээ.
Бөксө жаккы этимди
Бөрүлөр талап тоёт, ээ.
Кардымды карга тытат, ээ.
Омуртка сөөгүм оройсо
Каргалар капыр чычат, ээ.
Догурунуп көп байге
Таппай койбой не болдум,
Тозокко тууган мен катын,
Тоодой болгон Тайтору
Чаппай койбой не болдум!?
Алты сапар дүрбүнү
Аныктап кармап сунайын.
Алтоондо Торум келбесе,

Аныктап кудай бербесе,
Алты торпок, кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алайын,
Кый сүбөөгө* малайын,
Өзүмдү өзүм жарайын,
Уулумдан өлүм болгуча
Мен өзүм өлүп алайын!
Ошондо эр мүчөлүү энекең
Акборчук оозун бурду эми,
Мунажат кылып буркурап,
Буйругу күчтүү кудайга
Тобо кылып чыркырап
Чыгырыгын имерип,
Манастан калган дүрбүнү
Чын көзүнө жиберип.
Бурамасын имерип,
Буркурап ыйлап жиберип.
Буудандын оозун бурду эле,
Асыл энең Канымкей
Дүрбү салып турду эле.
Аңтаң калып бу бейбак,
Аманат жандан түңүлүп,
Алапайын таба албай,
Артыкча жаман күйүнүп.
Ит-Торпунун далысын
Көрүп алып жеңекең,
Көргөндө жаман сүйүнүп:
Кападар болгон бул башка
Кадыр* тиер түн бар го.
Кайгыланган шордуу баш
Бүгүн жалгызды көрөр күн бар го
Тилегим кудай берет ко,
А кудурет баабедин,
Бүгүн, Тайторум чыгып келет го
Күн тийбеген бу башка
Күн мезгили болот ко.
Таалайы жок бу башка
Таң кашкайып сүрөт ко!?
Өртүмдү кудай басат ко,
Кабагым кудай ачат ко.
Желке чачым бууйт ко,
Кагылайын Тайторум
Жесирлик атым жууйт ко?!
Сүйүнгөндөн чыркырап,
Ыйлап ийип буркурап,
Дүрбү салып караса
Ит-Торпунун жонунда,
Кезең-Кырдын боюнда,
Санап көрсө Тайтору

Келе жатат бууданың,
Алтымыш аттын соңунда.
Башын жерге салыптыр,
Аркардай арыш алыптыр.
Мойнун жерге салыптыр,
Болжоосуз арыш алыптыр.
Желгенине жел жетпей
Жеткилең чуркап калыптыр.
Басканына мал жетпей
Башкача чуркап алыптыр.
Эңкейиштеп алганда
Эликтей колу сайылып.
Өргө тарта бергенде
Жал, куйругу жайылып.
Талаа түзгө келгенде
Таманы жерге тарсылдап,
Кара болот ооздук
Жаныбар, көмөкөйдө карсылдап.
Ааандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдү каккылап,
Тал жибектей куйругун
Чаткаякка чапкылап.
Ушинтип чуркап жөлөнүп,
Маралдай болгон кайран баш
Капкара чаңга бөлөнүп.
Кайраттуу жеңең Каныкей, го!
Карагаттай кайран көз
Кайрылып аарчып алды эми.
Баабедин деп чыркырап,
Бир кудайлап буркурап, ко?!
Бадышанын чоң дүрбү
Оңтойлоп колго алды эми,
Ошондо көзгө салды эми.
Кайра тиктеп жеңекең
Ат кабарын алды эми:
Сары адырмак урчукта,
Салынган тоонун тумшукта,
Керүүчөнүн жонунда,
Кара талаа боюнда,
Келе жатат Тайтору
Отуз тулпар соңунда.
Ой, жаныбар бууданым
Белгилүү күлүк жан элең,
Ардыгым айтам кудайга
Жаныбар, алтымыш асый мал элең.
Серүүндөтпө сөзүмдү,
Ээликкен катын дедиртип,

Шерменде кылба өзүмдү.
Мындан ары боздотуп,
Бир жараткан кудурет
Ыйлата көрбө көзүмдү.
Упарак* кылба сөзүмдү,
Уят кылба өзүмдү.
Жана дүрбү салды эми,
Жана байкап Торунун
Жана жайын алды эле.
Мунарык тарткан урчукта,
Боз адырмак тумшукта,
Кезенчинин жонунда,
Кең Ак-Чийдин боюнда
Келе жатат Тайтору
Ошондо он эки тулпар соңунда.
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Көрүп карап тура албай,
Энеңдин көзүнүн жашы төгүлөт.
Алтын айдар*, чок белбоо*,
Азизкандын жалгызы,
Айсарала ат менен,
Тайторудай бууданды
Аяшымдын аты деп,
Алакем сүрөп алыптыр.
Узун бойлуу, кең далы,
Айзакерден ыктуусу,
Сары сурдун мыктуусу,
Азаматтын артыгы,
Кырк чоронун мыктуусу,
Кан Балтайдын Чубагы
Кыйкырыкты салыптыр,
Аяшымдын аты деп,
Артык сүрөп алыптыр.
Асты жагын карасаң,
Кара болот кыргагы*,
Кабарыңда бар бекен,
Кан Манастын Сыргагы.
Атка жеңил, жолго сак,
Уйкусу жок эр Сыргак
Ач кыйкырык, кур сүрөөн
Аябай үндү салыптыр,
Шейит* өткөн кайран шер
Өзү сүрөп алыптыр.
Анын артын карасаң,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынып.

Таалайы артык кабылан,
Бадышасы Манас кан
Байкушумдун аты деп,
Өзү гана кууп алыптыр.
Ажыбай, Бакай эки кан
Байкушум аяш аты деп,
Ошолор кууп калыптыр.
Асыл энең Каныкей,
Арка чачын он бөлүп,
Өрбөй калган эмеспи?
Аташканы Манасты
Он эки жыл болгончо,
Бир көрөргө зар болуп,
Энекең көрбөй калган эмеспи.
Тоо башында боздогон,
Энекең улар болгон эмеспи.
Тоодою Манас кабылан,
Орнотуп койгон ааламга,
Чынар болгон эмеспи.
Чын төрөсүн көрүүгө,
Кайран энең Каныкей,
Кумар болгон эмеспи.
Акборчук оозун бура албай,
Асыл энең Каныкей
Чын арбагын көргөндө
Чыңырып ыйлап тура албай.
Боздоп ыйлап буркурап,
Аташкан төрөм, көкжалым
Ала кет деп, чыркырап.
Султаным, ай караңгы болгондо,
Түн ушундай болобу?
Аташкандан айрылса,
Күн ушундай болобу?
Көзүмдөн агат кандуу жаш,
Сел ушундай болобу?
Кабыландан айрылып,
Кайгырып катын тентисе
Жөнү ушундай болобу?
Алтын менен дилдесин*
Чачкан мендей болобу?
Алат күн түшүп башына
Ала качып баласын,
Атасынын шаарына
Качкан мендей болобу?
Кокуй султан кабылан
Канжыгаңа чала кет,
Капа кылып боздотпой
Убарлаш* мени ала кет!
Ар уруудан көйнөгүм,
Тартсам жетпейт мойнума,

Талыктырбай султаным,
Тарта кеткин койнуңа.
Көк аралаш көйнөгүм,
Көп кийсем жетпейт мойнума,
Тентип жүргөн долуну,
Кабылан ала көргүн оюңа!
Кең дүйнөмдү тар кылба,
Кейип турган бейбакты,
Чыркыратып зар кылба.
Ушинтип айтып энекең,
Бөдөнө сындуу кайран көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Алапайын таба албай,
Айланып ыйлап чыркырап,
Боздоп ийип буркурап.
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көрүп турган төрөсү
Көкжалы Манас чиркиндин,
Баякы тирүүсүндөй көрүнүп.
Карагаттай кайран көз,
Кайрылып ааарчып алды эми.
Караан кылар кыргыз жок,
Ошондо энең Каныкей
Кайраттанып алды эми.
Кайра тартып дүрбүнү,
Кайран көзгө салды эми.
Тулпар оозун бурду эми,
Тура албай ыйлап жеңекең,
Атка дүрбү сунду эми,
Атайы көрүп алды эми.
Кең урчук тоонун оозунда,
Кең мойноктун жонунда,
Келе жатат Тайтору
Алты буудан соңунда.
Желгенине жел жетпей,
Жетик чуркап алыптыр.
Басканына мал чыкпай,
Башка чуркап калыптыр.
Тайторуну көргөндө
Тарчылык көргөн байкушуң,
Каралуу жеңең Каныкей
Кайгыланып тура албай
Тобокелди кылды эми.
Атакем Темиркандын Актулпар
Теги* күлүк мал эле.
Кара байыр*, казанат*,
Калбыр өпкө, жез билек
Канаты бар жан эле.
Ушу турган байгеге

Жеткизбей чуркап барабы.
Ушу турган Букардын
Баш байгесин алабы.
Арам өлүп Тайтору
Бирдин соңун алабы?
Баягы, ээр белдей белестен
Эңкейип түшүп келгенде,
Тайторудай бууданга
Бир салайын сүрөөндү*.
Чыркырап чылбыр алайын,
Араандай оозун ачайын,
Ак эмчектин токмок эт,
Алып келип басайын
Тайторум сүрөп көрөйүн,
Мында Тору чыкпаса,
Ажалдан мурун өлөйүн.
Деп ошентип жеңекең,
Кайраттанып алды эми.
Кечээ берен Манас өлгөндө,
Бейпайды энең көргөндө,
Бейли кеткен кезек ит,
Беренден калган сан дүйнө,
Бет-бетинен бөлгөндө,
Берен энең Канык ей
Бейпайды мынча көргөндө
Асыл энең Канык ей,
Аябаган дүмөктү*
Сала келген эмеспи,
Манастын Аккелтесин таба албай,
Алмамбеттин Сырбараң
Таяк кылып таянып,
Асыл энең Канык ей
Ала келген эмеспи.
Асынганда Сырбараң,
Ай далынын айнеги,
Атышар жоого чыкканда,
Аманат жандын эрмеги.
Оозу калың, алма баш,
Ыраакы-жуук ылгабас.
Ийнинен алып караса
Ооландын* учу тартылбай,
Он эки жылга атылбай.
Ичи иттей кир болуп,
Ичиндеги даттары
Ичи менен бир болуп,
Калган экен Сырбараң.
Мына ошондо Канык ей:
Айланайын, Сырбараң
Ээсинен гана калган сен жесир
Эринен калган мен жесир.

Деп ошондо муну айтып,
Өзү өткөрө анык мыктуу күң,
Сырбарандын оозуна,
Чоң кыргыны* тыкты эми.
Кыргы менён кыргылап,
Кыйындап ичин ургулап,
Тарткы* менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Жойгу* менен жойгулап,
Жолборс жеңең Каныкей
Алмамбеттин Сырбараң
Жаны калбай койгулап.
Сырбараң ичин тазалап,
Курган байкуш жеңекең,
Кутудагы дарыны,
Кур дегизе чөгөрүп,
Оозун көздөй көмөрүп.
Борчук оозун жыйды эле.
Куру дүрмөт ок кылып,
Куу дарыны куйду эле.
Кадимкидей чоң сүмбө*
Имере кармап жеңекең,
Оозун көздөп урду эми.
Сүмбө менен сүмбөлөп,
Бат атуучу кулагын
Өөдө кармап чойгулап,
Шашпай туруп жеңекең,
Сүмбө менен койгулап.
Чоң кундагын* каккылап,
Аккаңкынын кашына
Тарса-тарса чапкылап.
Кийин минип чалкалап,
Кулактан чыккан дарыны
Тырмак менен талкалап.
Кытай оттук*, боор таш
Кырып ийип чок коюп,
Милтесине от коюп,
Асыл жеңең Каныкей
А кудайлап чыркырап.
Акборчук оозун бурду эле.
Куру дүрмөт ок менен
Курган катын Каныкей
Сырбараңды сунду эле.
Опсуз балбан энекең
Жерин өлчөп турду эле.
Тайторуга көз салса,
Жетим мойнок жонунда
Келе жатат бууданым
Темиркандын үч атынын соңунда.
Сүрөөн салып атууга,

Тайторуну тартууга,
Мойнуна курун салынып.
Куру дүрмөт ок менен,
Курган катын Канымкей,
Тайторуга камынып,
Куру дүрмөт ок менен,
Курган энең Канымкей
Күп дегизе бир койду.
Башка күлүк Тайтору
Башын жерге салды эми,
Кара жерди токмоктоп,
Сырбараң үнүн укканда
Ирмеп-ирмеп алды эми.
Эчен мылтык, эчен жаа,
Очогордун огуна
Көнүп калган Тайтору.
Мылтык үнү чыкканда
Башын жерге салды эми,
Таштап ийип куу жанды
Аркардай арыш алды эми.
Бет алдына келгенде
Бейлеп көрсөң Тайтору,
Чоңкашкадан адашып,
Калган экен Тайтору
Чоңкүрөңгө жанашып.
Асыл жеңең Канымкей
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Эр адамча бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Ошо кезде жеңекең
Жеткилең ураан салды эле.
Жеткен жерде Торуга
Окоро түйгөн* чоң чылбыр,
Жулуп алып энекең
Боорына салды эми.
Жеңең чылбыр алганда
Жылаңач Кызыр*, жаш Айдар*
Жылоо ооздуктан алды эле,
Кырк чилтен*, Кызыр кожосу
Кошо сүрөп алды эле.
Кара чаар кабылан,
Ошондо капталында чамынып,
Каймана сүрөөн салыптыр.
Кызыр чалган Манастын
Колдоп жүргөн пирлери
Кошо сүрөп алыптыр.
Эңген жерде Торуну,
Эпсиз балбан жеңекең,
Эбелектей сүйрөтүп,

Араандай оозду ачты эле,
Окоро түйгөн чоң чылбыр,
Ак эмчектин токмок эт
Алып келип басты эле.
Манастап ураан чакырып,
Тайтору сүрөп алганда
Чоңкүрөңдөн адашып,
Кирип барды Тайтору
Актулпарга жанашып.
Эпсиз күлүк Актулпар
Ал да күлүк мал экен.
Эңкейишке киргенде
Актулпар озот мойнунча.
Өргө чыга бергенде
Тайтору озот мойнунча.
Тең келип тулпар күлүк ат,
Эпсиз экөө жарышып,
Эки үзөңгү кагышып.
Томуктай жерде тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Буурусун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Кумдуу чөлгө барганда
Кузгундай көзүн кызартып,
Актулпардын алдына
Салып чыкты жеңекең
Тайторудай бууданды
Алты бута* узатып.
Кум талаага барганда
Жейрендей көзүн кызартып,
Алтымыш асый Торуну
Алып чыкты жеңекең
Жети бута узатып.
Арка чачын он бөлүп,
Жеңекең, бууп чыгып келатат.
Асылдан калган байкушуң,
Куру дүрмөт ок менен
Анда-мындай бир атып,
Тайторудай бууданды
Кууп чыгып келатат.
Эр мүчөлүү байкушуң,
Эки көзү өрт болуп,
Жайнап чыгып келатат.
Куру дүрмөт ок менен,
Тайторудай бууданды,
Энекең долу Каныкей,
Күрүлдөтүп аткылап,
Айдап чыгып келатат.
Тилегин кудай берген соң,
Тайтору чыгып келген соң,

Санаанын баары бөлүнүп,
Санаа санап тура албай.
Көзүнүн жашы төгүлүп:
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим.
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым.
Акылын башка бөлө элек,
Мен шордууну атайлап,
Эне экенин көрө элек.
Кокусунан Семетей
Ушакчы элден кеп угуп,
Атасы Манас деп угуп,
Арам санап коёбу?
Ажайып мени соёбу?
Эсил атам өлгөндө
Энеке, сен эркек киймин кийдиң деп,
Эселек энем экенсиң
Эмне издеп жүрдүң деп,
Кашайта көзүм оёбу?
Күйүп кетип ал бала
Кармап алып өзүмдү,
Чукуп ийип көзүмдү,
Атасын тарткан эр чиркин
Өлүм кылып коёбу?
Мынча кудай берген соң,
Тайторум чыгып келген соң,
Эркек киймин кийгенде
Кай муразга жетейин,
Ушундан ары бир кудай
Мен каралуу бойдон кетейин.
Семетейим киет деп,
Жасап жүргөн суусар бөрк*,
Ошондо чап колуна алды эми,
Ак куржунга салды эми.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана* торгой көз,
Келеме бото*, кең күрмө,
Баякы келишимдүү суп чепкен
Кайра чечип кабыштап,
Кайран энең Каныкей
Ак куржунга табыштап,
Аны кошо салды эле.
Олоңдой болгон кайран чач,
Ойрон энең Каныкей
Омуроого жайды эми.
Тал жибектей кайран чач,
Талоолонтуп энекең
Астын көздөй жайды эми.
Кararган чачы жайылуу,

Кандуу бети жыртылуу,
Койнуна жаш толду эми,
Кокуй Манас төрөсү
Жаңы өлгөндөй болду эми.
Муну мындай таштайлы
Баягы, Манастан калган Семетей
Баатырдан кабар баштайлы.
Ошондо бала Семетей,
Суптан көйнөк кие элек,
Султан Манас төрөдөн,
Семетей калгандыгын биле элек.
Баягы ээр белдей белестен,
Аттын оозун бура албай,
Каарданып бакырат,
Кайратка чыдап тура албай,
Алтымыштай балбанын,
Бери келгин деп чакырат.
Алтымыштай балбаны,
Он башылар ороктоп,
Найзалары короктоп.
Найзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Чоң барабан добулбас*
Чогоол* бала Семетей,
Каң дегизе урду эле,
Балбанынын баарысы
Жоо келгендей камынып,
Семетейдей баланы
Тегеректеп турду эле.
Манас кирбес оозуна
Байкуш бала жетимдин
Манас кирип калыптыр.
Жер кирбеген оозуна
Талас кирип калыптыр.
Кызыр чалып балага
Кыргыз кирип калыптыр.
Каны тартып токтобой
Кайраттуу бала чунакка,
Эне кирбес оозуна,
Эне кирип калыптыр.
Айланайын балбандар
Жетпей жүргөн калыкка
Сын кылалы балбандар,
Бүгүн күрсүлдөгөн кандарга
Чыр кылалы балбандар.
Ээлүү аттын баарысын
Эми балбан кебимди ук,
Кабактан кармап алалык,
Бирөөн тирүү тим койбой
Баарын кырып салалык.

Баары-жогун чогултуп,
Курмандыкка чалалык.
Эми балбан кебим ук,
Кешиги жок эжемдин
Карган аты көрүнсө
Ошону сүрөп алалык.
Элдүү атты соёлук,
Эжемдин аты көрүнсө
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Ошону сүрөп алалык.
Кудай берсе Букарга,
Манастап сүрөп баралык.
Айланайын балбандар
Ойду-тоонун баарысын
Жүгүргөндөй кылалык,
О дүйнө, кеткен жездекем
Кайра ойгонуп ордунан
Жездемди, тирилгендей кылалык.
Ой-тоонун баары Манастап,
Жүгүргөндөй кылалык.
Адырмактуу будурду
Талаалуудай кылалык.
Баягы, арманы катуу эжекем,
Алды каткан байкушту,
Балалуудай кылалык.
Көңүлү бузук калайык,
Көрүп туруп жанынан
Түңүлгөндөй кылалык.
Ой менен тоо биригип,
Ошо Манас экен деп,
Жүгүргөндөй кылалык!
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тайторудай бууданды
Букарга сүрөп баралык!
Байгеге сайган сан кара,
Жети там толгон казына,
Миң карача* төөлөрдү,
Миң кара кашка бээлерди,
Буттап алтын зерлерди*,
Такыр ээлеп алалык!
Тар ойлонбо жигиттер
Тайтору күлүк мээси жок,
Бизден бөлөк ээси жок.
Тайтору чыгып ал келсе,
Тилекти кудай дал берсе,
Дегениңе көнөмүн,
Айланайын балбандар
Жармак албай жаныма,

Дагы балбан угуптур,
Байгесинин баарысын
Үлөштүрүп* беремин.
Силерден байге талашсам,
Акылыман адашсам,
Ат байлаган мамыдай
Такыр болуп өтөйүн.
Жүзүн көрбөй кудайдын
Айланайын балбандар,
Мен капыр бойдон кетейин.
Мен байгеге кызыкпайм,
Аты калсын Манаска.
Ойлогула балбандар
Бүгүн көрчү, эртең жок,
Ушундай болот дүйнө бок.
Байкагыла балбандар,
Башыңдагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөтү башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн.
Кабылан жездемдин көзү өткөндө
Аркада эркек бала жаш,
Тайган иттей желиптир,
Тарчылык түшүп башына,
Таластан тентип эжекем
Кең Букарга келиптир.
Адырмактуу кең жылга,
Булаксыздай кылбайлы,
Кешиги жок эжемди
Туяксыздай* кылбайлы.
Берен эжем долунун,
Бел байлаган бели жок,
Канынан калган караандуу
Белгилүү кыргыз эли жок.
Астыга келсе Тайтору
Аянбай сүрөп алалык,
Манастап ураан салалык.
Кайда жүрсө Тайтору
Ошону гана сүрөп алалык.
Атакемдин Актулпар
Астыга келсе соёлук,
Букардын төрт тулпарын аябай
Тегиз кырып коёлук.
Эжемдин аты бар болсо,
Ошону тирүү коёлук.
Бүгүн, Манастап ураан салалык,
Тайтору сүрөп алалык.
Мынча чырды баштасам,
Аттарын кырып таштасам.
Уланган азап, чоң чырды

Тартпаска куран кармап бер,
Ушундай деп бир сөздү
Айтпаска куран кармап бер!
Деп ошондо Семетей
Тулпар оозун бурду эми,
Туралбастан балбандан
Антты сурап турду эми.
Балбандардын баарысы
Бала антип турганда
Макул дебес көтүбү?
Аттан түшүп балбандар
Ак буудай данын чайнады,
Айтпайбыз деп кеп кылып,
Келеми шарып кармады.
Өлүп кетер уу жалап,
Адам өлөр ант кылып,
Болсун сөзүң баатыр деп,
Ушу кепти чыгарсак
Жети атабыз капыр деп.
Он экиде Семетей,
Ойрондугун билгизип,
Опсуз кыйын балбанды
Минтип тилге киргизип,
Барандан кылган көк чепкен
Кайра чечип кабыштап,
Кара жолтой Семетей
Шашкан бойдон чепкенди
Канжыгага табыштап.
Жоо-жарагын шайланып,
Кең касаба*, сыр найза,
Кадимкидей байланып.
Каалгадай кайран тиш
Таруудайдан бөлүнүп,
Атасы Манас султандын
Так өзүндөй көрүнүп.
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууган чиркиниң,
Шашып турат Семетей
Тайтору сүрөп алганы.
Астында бөлөк ат болсо,
Оолукмасы бек кармайт,
Такыр кырып салганы.
Арстандай керилип,
Токтоно албай желигип,
Чиймек болду сызыкты,
Атты кырып талкалап,
Бала, кылмак болду кызыкты.
Артта калса Тайтору
Буланы булап алганы,
Бууркту бала токтобой,

Бузукту мыктап салганы.
Астындагы тулпарга
Кара жаак ак камчы
Кармай алып имерип,
Тоодой болгон тулпарды
Томукка* тартып жиберип,
Баскан жерин уратып,
Бала чиркин кабылан
Тулпар менен чуратып
Эсеби жок шум ташка,
Жаңырыктын жар кыя,
Жалгыз малдын чубама,
Урчук тоонун керүүгө
Эриккенде Семетей
Кароолго чыкчу жерине,
Чоң кароолдун мойнокко
Тулпар оозун бурду эле,
Мына ошондо Семетей
Чууну карап турду эле.
Чууга кулак салды эми,
Чуу кабарын алды эми.
Чууну угуп алган соң,
Ай, кудурет баабедин*,
Ий, кудурет баабедин,
Жанды кудай жаратат,
Жаным чыгып баратат.
Жабыла балбан бери чап,
Ак сакалдуу карың чап.
Артыкча мыктуу баарың кел
Чууга кулак сала көр,
Чуу кабарын ала көр,
Эжемдин аты көрүнсө
Ошону сүрөп ала көр!
Айланайын балбандар
Мен билгенди билдиңби,
Мен укканды уктуңбу?
Чың-чың-чың-чың чыгат,
Чыркырап үнү бек чыгат.
Адырдагы кең жайлоо
Кыялаштын үнү экен.
Каңырыгы бек түтөйт,
Катындын үнү турбайбы,
Баягы кайран эжем Каныкей
Ошол уялаштын үнү экен!
Жал-куйругу такыр жок,
Тайкушуңдун* үнү экен,
Айкөлүнөн айрылып,
Качып келген бул жерге
Байкушумдун үнү экен!
Ар тилегин бир кудай,

Берип салган күн белем.
Эжем шордуунун Тайтору,
Алды менен талашып,
Келип калган күн белем.
Деп ошондо муну айтып,
Тегерегин карабай,
Темтең болгон эмедей.
Теги жанын аябай,
Тулпар оозун бурду эле,
Туйгундан калган Семетей
Туура карап турду эле.
Оролмо тоонун урчукта,
Онурайган тумшукта,
Башын жерге салыптыр,
Айбандын зору жарыктык
Башкача чуркап алыптыр.
Моюнун жерге салыптыр,
Борумдуу күлүк Тайтору
Болбой чуркан алыптыр.
Алты жүз кырк үч тулпардан
Асты менен адашкан
Орто жолго келгиче
Актулпар менен талашкан.
Жээрендей* көзү кызарып,
Актулпардын алдына
Түшкөн экен Тайтору
Жети бута узарып.
Эти кызып алыптыр,
Алтымыш асый бууданы
Эми күчкө салыптыр.
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап.
Аркардай арыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып.
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып.
Ооздукту каккылап,
Тал жибектей күйрукту,
Чаткаякка чапкылап.
Келе жатат Тайтору
Учкан куш менен жарышып.
Окоро түйгөн ак тизгин,
Эки колдо карышып.
Киши көрбөс азапты,
Берен эжем Каныкей
Тартып чыгып келатат.
Тайторудай бууданды,
Курган эжем кабылан

Куру дүрмөт ок менен
Дүпүлдөтүп койгулап,
Атып чыгып келатат.
Баягы кайран эжем Канык ей,
Жесирлиги курусун
Бөдөнөдөй кайран көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетет.
Карагаттай кайран көз,
Кайран эжем долудан
Камчы бою жаш кетет.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа.
Кайран эжем байкуштун
Кандуу бети тытылуу,
Кара чачы жайылуу,
Жесирлиги билинүү,
Башында калдайган кара кийилүү.
Акборчугу жорголоп,
Кан аралаш кандуу жаш
Акборчуктун жалынан
Камчы бою шорголоп.
Арбагы асыл Манасты
Көрүп ала жаздаптыр,
Ардыгып ыйлап чыркырап,
Ара жолдо Канык ей
Ал арбагын көргөндө,
Өлүп ала жаздаптыр.
Эки бетин тең тытып,
Балакетке калыптыр.
Баатыр Манас төрөсү
Бүгүн өлгөн эмедей
Жана Манасты кошуп калыптыр.
Бу кошконун көргөндө
Баланын көөнү жооруду*,
Алтымыш балбан көй кашка,
Такыр көөнү ооруду.
Эжесин көрүп алган соң
Эр Семетей чиркиниң,
Манас-Манас бакырып,
Бала чыкты кашаттан,
Манастап ураан чакырып.
Бала Манас дегенде
Ойдун баары бакырык,
Ойду-тоонун баарысы
Манастап ураан чакырып.
Бала туйгун Семетей
Астындагы тулпарга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Катуу ураан салды эле.

Айкөл жездем Манас деп,
Айкырып ийип Семетей
Жандап чылбыр алды эми.
А деп оозду ачты эми,
Окоро түйгөн ак чылбыр,
Жулуп алып баладан,
Бооруна басты эле.
Талыкпай бала Семетей,
Тайторуну тартты эле.
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тайтору сүрөп алды эле.
Манастап үндү салды эми,
Тайторудай бууданды
Букарга сүрөп калды эми.
Семетей, Тайтору колго алган соң,
Ошондо, кайран энең Канык ей:
Атын балам алган соң
Артынан барып нетейин.
Атайы кудай берген соң,
Астыга Тайторум чыгып келген соң,
Атын ээси алган соң,
Өлгөндө көргөн чунагым
Өзү сүрөп калган соң,
Артынан барып далпылдап,
Не мураска жетейин.
Эч бир жанга көрүнбөй,
Ордого кирип кетейин.
Эр мүчөлүү энекең
Кайра тартты кылт коюп,
Эсил энең Канык ей
Ордону көздөй булт коюп.
Муну мындай таштайлы,
Жетимден кабар баштайлы.
Ошо кезде Семетей
Манас, Манас, Манас деп,
Манастап ураан салды эле.
Ойдун, тоонун баарысы
Жүгүргөндөй болду эми.
О дүйнө кеткен Манас кан
Тирилгендей болду эми.
Мунарыктуу боз талаа
Калаалуудай болду эми.
Буудан Манас кайран шер,
Балалуудай болду эми.
Бала Манас дегенде
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Ак селдечен кожо ыйлап,
Дарс окуган молдо ыйлап,

Кара көңүл эр ыйлап,
Калайык ыйлап, кан ыйлап,
Каалаган журттун баары ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлайт.
Не бир мыкты жигиттен
Эркек бала бир туяк
Калып калса деп ыйлайт.
Адырмактуу көк сайдан
Булак калса деп ыйлайт.
Не бир мыктуу жигиттен
Эркек бала бир туяк
Чырак калса деп ыйлайт.
Кырдын баары бакырык,
Кызыгын көрчү дүйнөнүн
Кырда жаткан жылкычы
Айгырын минип токмоктоп,
Алда чыкты бир жактан
Манастап ураан чакырып.
Айгыры жүрбөй шалпылдап,
Ара жерге барганда
Айгырчан байкуш канетет,
Жетпей калды далбактап.
Капырай, кырдын баары бакырык,
Кырда жүргөн койчулар
Таягын көккө ыргытып,
Алда жүрдү кыйкырып,
Манастап ураан чакырып.
Тайтуягы* шалпылдап,
Жөө байкуш канетсин
Бул дагы, жетпей калды далпылдап.
Жана кызык жана бар,
Чөлдүн баары бакырык,
Чөлдө жаткан уйчулар
Букасын минип токмоктоп,
Буда чыкты бечара
Манастап ураан чакырып.
Букачан байкуш канетсин
Бука жүрбөй далпылдап,
Ара жерге барганда
Бечара, жүрбөй калды шалпылдап.
Түздүн баары бакырык,
Түздө жаткан орокчу
Орогун көккө ыргытып,
Одураңдап жөө чуркап,
Капталынан бакырып,
Буда чыкты бечара
Манастап ураан чакырып.
Ойдун баары бакырык,
Ойдогунун баарысы

Манастап ураан чакырып.
Ой тобо, тоонун баары бакырык,
Тоодогунун баарысы,
Манастап ураан чакырып.
Ой-тоонун баары бакырык,
Ой тобо, ойду, тоонун баарысы,
Манастап ураан чакырып.
Калаалуу Букар шаарына
Тайтору чыгып барды эми.
Жашы он экиге келгенде,
Бала төрө Семетей,
Букардагы сан байге,
Такыр ийрип алды эми.
Сегиз кан журту жыйылып,
Тегереги чынар бак,
Ал чынардын ортосу
Кырк жылы сууга чыласа
Кылтайып түсү оңбогон,
Сексен жыл сууга таштаса
Серпилип чирип койбогон,
Алтын түрдүү килемдин
Анын үстү алтын так,
Букардын алтын тагына
Сегиз кан кабар салды эми,
Алтын таажы* кийгизип,
Алтын такка миңгизип,
Оомийин деп баланы,
Кан көтөрүп алды эми.
Жети капка Букарга
Жетилип бала Семетей,
Дөө болгонун карачы,
Тайторунун сан байге
Эч кимге куйрук карматпай,
Бала төрө Семетей
Ээ болгонун карачы.
Тайторунун байгесин
Такыр ийрип алган соң
Убада кана, таксыр деп,
Алтымыштай балбаны
Катар тура калган соң.
Убадалуу бир сөздүү
Уялуу кандын жалгызы
Балбанынын баарына
Дегенине көндү эми,
Алтымыштай балбанга
Букардагы көп байге
Теңдеп туруп бөлдү эми.
Телегейи тең экен,
Теги бала көй кашка
Атасын тарткан шер экен.

Ыраазы болуп муну айтып,
Балбандар мактап калганы
Тайторунун көп байге
Балбандар бөлүп алганы.

БАЛБАН КҮРӨШ

Букардагы Темиркан
Катуу буйрук салды эми.
Атасынын кандыгын,
Он экиде Семетей
Таптакыр колго алды эми.
Баласы такка мингенде,
Бардигерин аябай,
Катуу буйрук кылды эми.
Букарда калган сегиз кан
Баарын жыйнап ошондо
Калкына жарды чакырды*:
Айланайын сегиз кан,
Тилегим кудай берген кез,
Ушу турган Семетей
Быйыл он экиге келген кез.
Балам такка миңгенде
Малымды кантип аяйын,
Малым эмес баламдан
Жанымды кантип аяйын!
Жалгызым такка мингенде,
Жанымды кылча аябайм,
Төрт түлүктүү казына
Малымды кылча аябайм.
Сегиз там толгон казына
Балталап оозун ачайын,
Бардык каткан дүнүйөм
Зарып кылып чачайын.
Журтка кулкү, тамаша
Шайыр оюн салыңар.
Семетейдин тоюнда
Кызык мынча болду деп,
Мындай тема оригиналда жок.
От кашында чалдарга,
Ойноп жүргөн балдарга,
Уламалуу кандарга,
Улуксуган жандарга,
Уялбай айтып баргыла,
Өрнөк болсун бул оюн
Чын тамаша салгыла.
Андан чыгып бир балбан,
Мындан чыгып бир балбан,
Так күрөшүп калгыла.
Миң карача төө сайдым,

Миң кара кашка бээ сайдым.
Жыгылган куру калгыла,
Жыкканың байге алгыла.
Букардын бер жак талаага,
Калайыктар сөз кылып,
Кепти ортого салышып,
Тапкычташып калышып,
Үйрүлмөлүү Букарга
Үч күнү жыйын кылды эми.
Кең Букардын ал талаа
Буурусун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Жерди ыңгайлап алышып,
Аябай балбан кармашып,
Алышчу жерге барышып.
Алты шаар, Кокон кан,
Үстү Анжыян, Маргалаң,
Сайылган жери Самаркан,
Кокондон чыкты Төөбалбан,
Букардан чыкты Акбалбан.
Эки балбан кармашып,
Тирелишип турушту.
Букарга келген сегиз кан,
Тамашага тунушту.
Акбалбан менен Төөбалбан
Бирин-бири билчү экен,
Кең кесири той болбой
Кезиге албай жүрчү экен.
Ач буурадай чайнашып,
Алты күн тынбай кармашып.
Багалектен алышып,
Чала була чалышып.
Көк букадай сүзүшүп,
Көрүнгөн жерин үзүшүп,
Күрөшкөнү балбандын
Алты күнгө толгондо,
Букардын Акбалбаны
Алсыз болуп калганы.
Кокондуктун Төөбалбан
Алып уруп жиберип,
Сан байгенин баарысын
Алты шаар, Кокон кан
Талап жатып калганы.
Муну көрүп Семетей
Ичи күйүп калганы.
Намыз кылып, көз жайнап,
Каалгадай кайран тиш
Быркырата бек чайнап,
Арстандай көз жайнап.
Оозунан жалын шыркырап,

Тиштенсе тиши быркырап.
Ардыгып кетти Семетей
Намысы кеткен немедей:
Бу Букардын балбанын
Кокондуктун Төөбалбан
Жыгат деген эмине?
Бу Букардан күйгөн бак
Сынат деген эмине?
Сан байгени Алты шаар
Алат деген эмине?
Шагы сынып алактап,
Букарлыктын баарысы
Калат деген эмине?
Сынган намыз кимдики,
Сыздаган сөөк кимдики?
Бу көрөкчө өлөйүн,
Минтип тирүү тургуча
Туубай туна чөгөйүн,
Ушу турган Төөбалбан
Бир күрөшүп көрөйүн.
Казамды жазса кудурет,
Төөбалбандан өлөйүн.
Болбосо ушу турган Төөбалбан,
Бир күрөштү салайын.
Жыгып алсам Төөбалбан,
Колун сууруп алайын.
Деп ошондо муну айтып,
Семетей түштү бакырып,
Төөбалбандап чакырып.
Атаңдын көрү Төөбалбан
Мойнуңду бери бура тур,
Күрөшөмүн тура тур.
Мени да жыгып алып кет,
Көп олжого канып кет!
Каарданып муну айтып,
Басса тизе бүгүлүп,
Төөбалбан көздөп жүгүрүп.
Чиймек болду сызыкты,
Баштамак болду бузукту.
Манастан калган эр жетим
Кылмак болду кызыкты.
Көрө калып баланы
Атам деп жүргөн Ысмайыл
А да бузду санааны
Чуркап келип кармады
Эр Семетей баланы.
Чоочуп кетип кеп айтып,
Кокуй жалгыз деп айтып,
Кан күрөшпөйт балбанга.
Кантет уулум кантет деп,

Балтыр этиң толо элек,
Балакетиң алайын
Сенин, басташар чагың боло элек.
Каптал этиң толо элек,
Сенин, кармашар чагың боло элек.
Жумурткадай чаласың,
Өзүң он экиде баласың,
Төөбалбан менен күрөшүп,
Кулунум, уят болуп каласың.
Жашың он жетиге толо элек,
Кулунум, чапчышар чагың боло элек.
Он экиде кезиңде
Күрөшөм деп калбагын
Уят болуп албагын.
Атасы минтип турганда
Бала туйгун Семетей,
Арстандай көзү жайнады,
Асылдан тууган туйгунуң
Кан ичмеси кармады.
Катуу кайрат баштады,
Кармап турган атасын
Жутуп ие таштады.
Кокуй, ата, не дейсиң?
Ойлочу ата бул сөздү,
Кеткен намыс кимдики?
Келген намыс кимдики?
Сынган мүйүз кимдики?
Сыздаган сөөк кимдики?
Букар малдан айрылып,
Такыр экен дебейби?
Бир жигит намыс кылган жок,
Букарлыктын баарысы
Катын экен дебейби?!
Кокуй, атам Ысмайыл
Он экиде күрөшпөй,
Отуз бешке келгенде
Тушаган итке жетемби?
Он биримде күрөшпөй
Он тогузга келгенде
Чапсам бокко өтөмбү?
Тоспо ата жолумду,
Коё бер ата колумду!
Канча айтса, канча укпайт,
Кордук кылды балага.
Күрөшпө деп көп тосот,
Зордук кылды балага.
Зордугуна көнөбү
Теңдигин бала береби.
Ошондо бала Семетей
Каарданып бакырды,

Төөбалбанды чакырды:
Атыңдын башын бура тур,
Атаңдын көрү Төөбалбан
Алдыңкы жерге тура тур.
Мени да жыгып алып кет,
Мыкты болсоң сен балбан —
Узунуман салып кет.
Казына жыйган сан дүйнөм
Бирөөнү койбой саяйын,
Муну да кошуп алып кет,
Байгеге жетик канып кет.
Аздык кылса ой балбан
Баашалыгым саяйын
Муну да кошуп алып кет.
Азыраак мойнуң бура тур,
Алышам балбан тура тур.
Семетей мындай деген соң
Жыгып алып, көөп алган,
Туруп берди балага
Баягы, көөдөнү жок Төөбалбан.
Ант ургурду, ант урду,
Кызырдуу жерге катылып,
Жин ургурду, жин урду.
Макул-макул-макул деп,
Барбактады Төөбалбан.
Чаначтай мурду дердектеп,
Дардактады Төөбалбан.
Баланын үнүн укканда
Көңүлү гүлдөй жай болду.
Бу бачагар* баланы
Жерге кармап чабайын,
Кудай берсе алтын так
Азыр тартып алайын.
Жаш кезинде соёюн,
Бачагарды, өлүм кылып коёюн.
Жаш кезинде баланын
Бооруна мыктап тоёюн.
Минип турган алтын так
Азыр тартып алайын,
Он экиде жетимин,
Өлүм кылып салайын.
Түмөн* казына, сансыз мал
Баладан тартып алайын.
Алты шаар, Кокон кан
Кудай берсе коё тур,
Көп байгеге салайын.
Ушу кепти ойлонуп,
Туруп берди Төөбалбан.
Төрөдөн калган Семетей
Төптөп* айтып бул сөздү,

Бек убада кылды эми:
Атаңдын көрү Төөбалбан
Убаданы бек кылгын,
Кудай деген шерт кылгын.
Мени жыгып сен алсаң,
Дегениңе көнөйүн,
Капкалуу Букар калың шаар,
Жердеп жаткан канча жан,
Каймагын бузбай берейин.
Мени жыгып сен кетсең
Калкыма кабар салайын.
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Бу Букардын калың эл
Былкылдатпай билгизип,
Кечеки минген алтын так
Ошо такка мингизип,
Өзүңдү кан көтөрүп алайын.
Кокустан сени жыгып мен алсам,
Тирүү койбой өзүңдү
Курмандыкка чалайын.
Сени жыгып мен алсам
Кабыргаңды сөгөмүн,
Каныңды суудай төгөмүн.
Курмандыкка чаламын,
Мейлиң өлсөң, мейлиң кой,
Сенин колуңду сууруп аламын.
Мен, балбанга сайдым мынча малымды,
Сен балбан саясыңбы жаныңды?
Мен сайдым алтын тагымды,
Балбаным саясаңбы жаныңды?
Семетей мындай деген соң
Ант ургурду, ант урду,
Ажал айдап жин урду.
Макул-макул-макул деп,
Макул, жакшы, баатыр деп,
Канымды сизден аясам
Жети атабыз капыр деп.
Эки жагын каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Жетип келди Төөбалбан.
Төөбалбан жакын келгенде,
Төрөнүн уулу Семетей
Күрөшөрүн билгенде
Баракелди Төөбалбан
Дегениңе көнөйүн,
Не да болсо балбаным
Кезегиң мурда берейин.
Сүйгөнүң кандай, ал балбан,
Амалыңды аябай

Артыкча маа сал балбан.
Төрөнүн уулу Семетей
Билегин тосо берди эми.
Билектен балбан алды эми.
Бардигер күчүн салды эми.
Кызыр чалган шер неме
Төөбалбандан билегин
Кыңкайбай сууруп алды эле.
Төөбалбан сунду билегин,
Эми карап отургун
Семетейдин дүмөгүн*.
Кармай алды кабыштап,
Катуу күчкө салды эми,
Төөбалбандын билегин
Катуулап кармап алды эми.
Он мүчөсү баланын
Тең экенин көрдүңбү?
Ойрондон туулуп Семетей
Шер экенин көрдүңбү?
Булкамын деп булка албай
Шыбырады Төөбалбан.
Жуламын деп жула албай
Тыбырады Төөбалбан.
Өлгөн менен арман жок,
Төөбалбан, билегин сууруп алган жок.
Ары-бери тыбырап,
Төөбалбан турду жорголоп,
Бээ саамдай* кара кан
Береңиң катуу кармаса
Беш колунун башынан
Сийип турду шорголоп.
Ай-хай-ай-хай-ай-хай деп,
Андан башка кеп айтпай.
Айгайына көнгөн жок,
Билегин коё берген жок.
Туткагы кармап* тура албай
Кан ичменин тукуму,
Кайра кармап калды эми,
Кайра мыктап капшырып,
Катуу кармап алды эми.
Тил сүйлөбөй турбады
Кайра кармап алганда
Билегинин сом эти*,
Аркы билек чулу* сөөк
Быт-чыт болуп кыйрады.
Алты шаар, Кокон кан,
Далы жагы Анжыян,
Туура жагы Маргалаң,
Көз алдында Самаркан,
Тойго келген сегиз кан

Тизеси жерге бүгүлүп,
Канын сурап* балбандын
Бүткүл бектер жүгүрүп.
Арачалап калгыча,
Канын сурап алгыча,
Ачуу толук Семетей
Белден кармап имерип,
Заң дегизе балбанды
Жерге чаап жиберип.
Дүмөктү бала салды эле,
Төөбалбандын бир колун
Такыр сууруп алды эми,
Муну менен Төөбалбан
Өлүм болуп калды эми.
Ашка келген сегиз кан
Улугу бар, каны бар,
Ускалуу* журттун баары бар.
Узун кулак* билгич бар,
Жоруктуу Манас көкжалдын
Жосунун* көргөн кары бар,
Баягы, өчмөлтөйдүн* баары бар.
Шыбырашып калышып,
Чоң бузук сөзгө салышып.
Баскан жерин тамандап,
Келген кандын баарысы
О дүйнө кеткен Манасты
Ушак кылды жамандап.
Көргүсү келбей баланы,
Көбүрөөк бузуп санааны.
Акыры бала оң кылбайт,
Аман жүрсө-соо кылбайт,
Азыр жашы он экиге келиптир
Он жетиге келгенде
Акыры бизди соо кылбайт.
Буланы булап алат го,
Аман жүрсө куу жетим
Бузукту мыктап салат го.
Каяшаяк бергенди
Кармап алып куу жетим
Курмандыкка чалат го.
Төбөбүздөн басат го,
Төрт түлүктү чачат го.
Төрөнүн уулу бул жетим .
Тийип алат бээни,
Жакын барсак кокустан
Жайната муштайт мээни.
Андан көрө Букарга
Катуу амалды салалы,
Алдап эпке келтирип,
Андан көрө жетимди

Ак үйлүү сурап алалы.
Жер ортосу Маргалаң
Эптеп сурап баралы.
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кыз жыйнап,
Келеңкер чачпак*, кең соору,
Келишимдүү уз* жыйнап.
Бели тутам, бети айдай
Белгилүүдөн жыялык,
Алам десе, балага
Бешөөнү ника кыялык*.
Балага муну кылган соң,
Күчөткүлө сегиз кан
Күпчөккө* салган бозону,
Ичине кошкун аябай
Күйдүргөн уу ошону.
Мас болгондо баланын
Башын кесип алалы,
Курмандыкка чалалы.
Башын кесип байланып,
Абыке менен Көбөшкө
Сүйүнчүлөп баралы.
Белдешкен жооңдун башы деп,
Казына жыйган сан кара,
Манастан калган түмөн мал,
Сүйүнчүгө алалы.
Кудай берсе ушинтип
Байып жатып калалы.
Ашка келген сегиз кан
Деп ушундай кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Темиркандын алдына
Жатык сөздүү, бал тилдүү
Чеченден бирөө барды эми.
Салоодон салоомалейкум
Сандыргалуу кан акем.
Барча журттун атасы,
Байкагын кепти атакем.
Ары балбан, ары шер,
Бир артык уулуң бар экен.
Ал уулуңдун таксыр ай,
Алтын болсун көмүрү,
Алыстап жүрсүн өмүрү.
Бул сөзгө быйыл көнүңүз,
Алдейлеп турган баланы
Быйыл, ак үйлүү* бизге бериңиз.
Жер ортосу Маргалаң
Баланды алып баралык,
Калайыкка бир эрке
Ак үйлүү коюп салалык.

Ала көөдөн Темиркан
Чечендердин сөзүнө
Көнмөк болду көрдүңбү?
Ак үйлүүгө баласын
Бермек болду көрдүңбү?
Ак үйлүү бала Семетей
Аны мындай таштайлы,
Азаптуу кемпир Чыйырды
Манасты тапкан энеси
Ошондон кабар баштайлы.
Ааламдын каны зор Манас
Өлүп калган эмеспи
Барыдан дүмөк, мүшкүл иш
Он эки жылы тура албай
Өөдө болор шайман жок
Чөгүп калган эмеспи.
Асыл уулу өлгөндө
Кордук көргөн эмеспи.
Өлөйүн деп арынан
Өлбөй жүргөн байбиче
Семетейдин барынан.
Боз ала туйгун болпоң деп,
Боздоп ыйлап Чыйырды,
Манастан калган чолпон деп.
Көңүлү толгон санаага,
Медер кылат ал кемпир
Уулунан калган балага.
Токсон бешке келген кез
Казасы жетип өлө элек,
Баласы он эки жашка келгиче,
Семетейди көрө элек.
Келгендерден кеп укту,
Атасын тартып Букарга
Артык болду деп укту.
Артыгын угуп сабылып,
Алты күн тамак ичпестен
Ак байбиче Чыйырды
Жатып алды таарынып.
Айласын таппайт байбиче
Каныкейге жалынып:
Ой, Каныкей, кулунум,
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат талаа деп,
Кайгыланып өлбөдүм
Карындан чыккан бала деп.
Кулаалы деген курган куш
Куюлуп учат жем үчүн,
Кургуча өлбөй турганым
Курган балам сен үчүн.
Казгалдак деген кайран куш

Карчыгага жегиздим,
Каадалап жүргөн жетимди
Качып келип Букарга
Темиркан уулу дегиздим.
Куу бактым, кушка жегиздим,
Курсактан чыккан жалгызды
Куруп келип Букарга
Ысмайыл уулу дегиздим.
Казылган чуңкур, калың ор
О, Канымкей, кулунум,
Кайнап бир жатат биздин шор.
Быйыл ажалдан мурун өлөмүн,
Канымкей балам, акырет жүзүн көрөмүн.
Айкөлдөн калган жетимди
Кайсы бир күнү көрөмүн?!
Тулпардан калган туякты,
Туу казанат чыракты,
Туура көзгө көрсөткүн
Туйгундан калган чунакты.
Бөлүнттү кудай санаамды
Качан көрөм Канымкей
Кардымдан чыккан баламды?
Ой, Канымкей, кулунум,
Семетейди көргүм бар,
Семетейди көрбөсөм
Быйыл балам өлгүм бар.
Тамак ичпей, аш ичпей
Жатып алды байбиче.
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп алды Чыйырды.
Кан аралаш кандуу жаш
Кайгыланып көп ыйлап,
Төгүп алды Чыйырды.
Азап тартып сабылып,
Бир жактан Канымкей ыйлайт жалынып.
Ак байбиче энекем
Көрүп койсом көөнүм ток,
Энеке сенден башка мекем жок.
Баладан калган Семетей
Байкушту алып мен келсем.
Моюндан кармап сен алсаң,
Боздоп үндү сен салсаң.
От билелек балага
От билгизип сен салсаң.
Түбүмө чогуу ал жетсе
Ээликменин тукуму
Таласты көздөй ал кетсе
Казбасын кудай орумду,
Кайнатпасын ушунтип,
Капкайда кеткен шорумду.

Салбасын менин башыма
Адам салбас сонунду.
Балаңдан калган жетимиң
Жашы он экиге толо элек,
Абыке менен Көбөшкө
Атышаар чагы боло элек.
Ээлигип барып ал уулуң
Өч алар чагы боло элек.
От алдырып жиберип,
Ойронду башка саларсың.
Чыйырды туруп муну айтат,
Жаман кемпир биринде
Тура калып ыркырап,
Боздоп ыйлап чыркырап,
Шек алдырсам оңбоюн.
Шек билгизип жиберсем
Ой, Канықей, кулунум,
Эгерде эки болбоюн!
Найзага таккан желекти,
Алып келип көргөзгүн
Айкөлдөн калган белекти.
Кулунум Манас өлгөндө,
Куу жаным кордук көргөндө,
Манастан кантип калам деп,
Кылча көрбөй жанымды
Курмандыкка чалам деп,
Жүрөккө бычак катам деп,
Жалгызым Манас балама
Ошондо аякташа жатам деп,
Алты торпок кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп кабыштап,
Кый сүбөөгө табыштап,
Эми муштап каларда,
Өзүмдү өзүм жарарда,
Балтыр бешик Семетей
Балакетиң алайын,
Ошондо, кундактагы куу жолтой
Колун сууруп барбактап,
Эмчегимди талашып,
Бычагымды кармалап,
Ошондо, күлүп турду дардактап.
Өлөйүн деп абыдан
Өлбөй калдым кулунум,
Бир Семетей барынан.
Тулпардан калган туякты,
Турбай алып келе көр
Канықей, туйгундан калган чунакты.
Алып келсең өзүмө
Ой, Канықей, кулунум,

Ошону көргөзө көргүн көзүмө.
Өлгөндө көргөн жетимди,
Алып келгин өзүмө.
Деп ошондо муну айтып,
Ак байбиче Чыйырды
Кудайга үнү угулду,
Керебетке жыгылды,
Кейип калды Чыйырды.
Жапаны* энең салган соң,
Турбай жатып алган соң,
Асылдан калган жетимди
Тоспой турган айла жок,
Алып келбес чама жок,
Мунарыктуу керүүдөн
Букарлыктын чогулуп,
Куш салуучу жеринен,
Жээк жолдун оюнан,
Чоң Ак-Чийдин боюнан,
Жесир эжең Каныкей
Ошондо, жетип тосуп калды эле.
Ошондо бала Семетей
Күйгөн кызыл чок чыккан,
Күрдөлүү Букар шаарында,
Мындай тентек жок чыккан.
Темиркандын шаарына
Тентип кирип зор болгон.
Калаалуу Букар шаарына
Качып барып чоңойгон.
Аркалап чапан кие элек,
Ошо кезде Семетей
А дүйнө кеткен Манастын
Ата экенин биле элек.
Бөлөктө жүрөт санаасы,
Темиркандын ботосу,
Ысмайылдын баласы.
Асыл бала көкжалдын
Астындагы миңгени
Темиркандын тулпары,
Колунда эрмек кылганы
Атасы Ысмайылдын шумкары.
Букар ылдый желигип,
Шумкар салып ээлигип.
Ээликкендин артынан,
Тамашанын дартынан,
Эжесине кезигип.
Баягы эжең Каныкей
Астынан басып кыйгачтап,
Азабы толук кеп баштап,
Акырын сүйлөп бек таштап.
Ар бир айткан кептери

Аманат жанды жеп таштап.
Мына ошондо Каныкей
Манастан калган боз кисе*
Моюнга кынай салынып,
Боздоп турат куурагыр
Семетейге жалынып.
Иничек деп сөз баштап,
Айланайын иничек,
Атыңдын оозун бура тур,
Арманым айтам бир далай
Асыл иним тура тур.
Казылуу жаткан орум бар,
Кайрылып иним тура тур,
Сизге, какшап айтар сонун бар.
Аргымак жалдуу тайкушмун*,
Арымды кудай түгөтүп,
Ак жолтой кыргыз элимден
Азып качып жеримден
Эри өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болот деп,
Ушу Букар шаарына
Качып келген байкушмун.
Байкуш эжең тилин ал,
Мен өңдөнгөн катынга
Бадыша иним көзүң сал.
Иничек мен Таласта турганда
Жер жүзүнүн баарына
Султан болгон жан элем,
Ырыскылуу дөөлөтүм*
Бир адамча бар элем.
Жашымда көрдүм дөөлөттү
Жездеңдин көзү өткөн соң
Жеткилең көрдүм мээнетти.
Жездең эске түшкөндө
Иничек жаңы өлгөндөй күйөмүн.
Менин атам Темиркан,
Уялашым Ысмайыл,
Улук иним Семетей,
Үчөөң аман жүрсүн деп,
Иничек, кудайдан сурап жүрөмүн.
Келгендерден кеп угам,
Ушу Букар шаарына
Жаңыдан бала Семетей
Султан болду деп угам.
Алтын таажы кийди деп,
Ар кайсы элдер кеп айтат
Алтын такка минди деп.
Кут майрек* болсун оюнуң,
Кубаттуу болсун бул тоюң.
Алтын болсун көмүрүң,

Ой, алдыңа кетейин,
Алыс болсун өмүрүң!
Маңдайдан аккан булак жок,
Бадыша жездең көкжалдан
Аркада эркек чырак* жок.
Тоодогу жылкы тогуз сан,
Тобурчак*, буудан* аралаш,
Тобурчак, тулпар мээси жок,
Толуп жаткан сан дүйнө
Калып калды талаада
Тосуп алар ээси жок.
Аргымак жыйдык алты сан,
Тегиз кула, ала жок,
Теңизиң көкжал жездеңден,
Тегеренип кетейин
Же өзүңдөй эркек бала жок.
Кудайдын салган буйругу
Көтөрбөскө чара жок.
Тентип келип Букарга
Жан үчүн келип конупмун,
Качкан катын дедирип,
Кагылайын иничек
Быйыл мен жаман аттуу болупмун.
Тилимди алсаң иничек,
Кезегинде келе жүр,
Аттанып үйгө түшө жүр,
Жесирдин ашы жок бекен,
Кезинде тамак иче жүр.
Босогом* басып кире кет,
Колумдан канча тон келет,
Чоң бергендей сен көрүп,
Ошол тонум кие кет.
Эжекең куурап калганын,
Кагылайын иничек
Мындан кийин биле кет.
Аңгеме дүкөн* курай жүр
Ал-акбалың кантип жатат деп,
Мен өңдөнгөн жесирдин
Ал-акбалын сурай жүр.
Биздикине бара кет
Ал-акбалың кандай деп,
Мага көзүң сала кет.
Иничек, бериң жездең барында
Биз да сиздей кан элек,
Журт узатып, эл күткөн
Бир кишиче бар элек.
Таалим алган Манастан
Ыктуу эжең эмеспи.
Катын жолборс калыкка,
Мыктуу жеңең эмеспи.

Акырын басып төтөлөп,
Айнектей болгон жетимин
Эне экенин билгизбей,
Иним деп айтып жетелеп.
Токтогондо сабылып,
Иничек деп жалынып,
Каныкейдин ак сарай,
Каалга темир сом калай,
Канча жесир болсо да,
Сөөлөтү артык бир далай.
Чоюн баш алган чогоолдоң
Капка тосор төртөө бар.
Найзакерден ыктуудан,
Аябаган мыктуудан
Ары басса алтоо бар.
Жазбай аткан мергенден,
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер
Сакчылардан жетөө бар.
Курбулаган жез мамы
Босогого кактырган,
Ар боруму жайлалуу,
Акборчук менен Тайтору
Турган экен байлалуу.
Ак сарайдын оозунан
Акырын атын алды эле.
Басып барып Каныкей
Эл узатып көп көнгөн,
Буудандарга аралаш
Актулпар байлап салды эле.
Каныкейдин сарайга,
Кайгысы жок баланы
Алып жүрүп калды эле.
Каалгасы танаптуу*,
Кайран жеңең Каныкей
Заң дегизе тартты эле.
Эже экенин билгизип,
Бейиш сындуу сарайга
Семетейди киргизип.
Ошондо бала Семетей
Бадыша энең долунун
Кең сарамжал* мүлкүнө
Кейип бала таң калып.
Быяк жагын карасаң,
Жакут таштан жардырган,
Көрсө адамдын мээрин кандырган,
Күнү менен түнү жок
Жарык кылып салдырган.
Быяк жагын карасаң
Чылк алтындан жарылуу,

Үйдүн төрүн караса
Тегиз алтын, сан дилде*
Орду-ордунда салылуу.
Бер жак жагын карасам
Чайдоосу* алтын, дан арзан
Тасторкону жайылуу,
Кантын кардай топурган,
Сары майдан опурган,
Кубанып кирген адамга
Бейиштин түрүн баштаган.
Баглан козу*, ширин баш
Бор кайнатып таштаган.
Жая* кертип, жал* койгон
Тасторкондун үстүнө
Жетимиш уруу даам койгон.
Көрсө көңүл бек тойгон,
Ошол даамдын баарысын
Семетей жесин деп койгон.
Жездем Манас барында
Эжекем кандай жан экен?
Ушул эжемди алган жездемдин
Кудай, кай арманы бар экен?
Бул, адырдан аккан колоттун*
Булагы болуп кетсемчи,
А дүйнө кеткен Манастын
Өлгөндө көргөн мен чиркин,
Чунагы болуп кетсемчи.
Ушул тартылуу турган Кара-Кыр,
Чиркин, желем болуп калсачы,
Ушул асыл эжем Канықей
Эжем эмес, бул чиркин
Энем болуп калсачы.
Баласы болсом Манастын,
Ботосу болсом эжемдин,
Сан жыйылган топ эле,
Алда таала кудайга
Чиркин ай, түк арманым жок эле.
Алты айга минсе Манастын
Бурагы* болуп калсамчы,
Ушул асыл эжем байкуштун
Өлгөндө көргөн эр жалгыз
Чырагы болуп калсамчы.
Баласы болсом Манастын,
Жалгызы болсом эжемдин,
Санаса көңүл ток эле,
Алда таала кудайга
Түк арманым жок эле!
Ушул кешиги* жок эжекем
Баласыз калчу жан эмес,
Баласыз кантип калды экен?

А дүйнө кеткен жездекем,
Ботосуз калчу кан эмес
Ботосуз кантип калды экен?
Кудайдын кылган буйругу
Болот экен чарасыз,
Ушул боздоп турган эжекем,
Керилген жездем Манастан
Кантип калды баласыз?
Каңырыгы бек түтөп,
Карап чыдап тура албай
Кайгыланат Семетей.
Карды чайга тойгондо,
Тамагын жеп болгондо,
Алакан жайып турганда
Жаңы бата кылганда.
Кайран эжең Канықей
Аста сүйлөп сабылып,
Өз баласын куурагыр
Иничек деп жалынып:
Берен иним угуп тур
Эрениң жездең өлгөндө
Бейпайды* бул баш көргөндө
Өксүгөнүм билгизип,
Ак байбиче энекем
Ала келдим Таластан
Ай далыма мингизип.
Айдыңы катуу дариям
Ак байбиче энекем,
Токсон бешке илинип,
Чыгып калган олуям.
Султан жездекеңдин энеси,
Көргөндө кубат чекеси,
Көрүп койсом көөнүм ток,
Эжекең мен карабет шордуунун
Карап турган мекеси.
Деп ошондо муну айтып,
Өз баласын иним деп,
Сенден бөлөк кимим деп,
Биз өңдөнгөн жесирге
Өзүңдөн бөлөк иничек
Көз салуучу кимим деп,
Бурулуп басып Канықей
Керегенин* бер жагы,
Көшөгөнүн ар жагы.
Керебеттин үстүндө
Доңкоюп жаткан карыя,
Шай колдогон олуя.
Ак байбиче Чыйырды
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп калган кези экен.

Бадыша уулу өлгөндө
Бадышам деп көп ыйлап,
Өөдө болор шайман жок
Байбиче, чөгүп калган кези экен.
Кайран энең Каныкей
Кайгырып жаткан кемпирди
Как билектен алды эми,
Катуулап кепке салды эми.
Ак байбиче урмекем
Айланайын энекем
Тилегиң кудай бериптир,
Баш көтөрүп тур эне
Кичине кудаң келиптир.
Туруп салам бер эне
Боздогонуң таш жарып,
Кагылайын энеке
Улар болуп жүрчү элең,
Ал кудамды көрсөм деп,
Энеке, кумар болуп жүрчү элең.
Ошо кезде Чыйырды
Бул кабарды уккан соң,
Дүпө-дүпө жөтөлүп,
Төшөктөн башын көтөрүп,
Тарса-тарса жөтөлүп,
Жастыктан башын көтөрүп,
Алтын таяк колго алып,
Араң турду оңдонуп,
Чунагы, Семетей көздөй толгонуп.
Кадыры жетик куу көздү
Энекең, кайрылып ааарчып алды эми,
Эт бышымга* баланы
Эрикпей карап калды эми.
Баланы байкап туруп сабылып,
Коё берди Чыйырды
Ошондо Каныкейге жалынып.
Эй, Каныкей, кулунум,
Кулунум Манас өлгөндө,
Курган баш талоон көргөндө,
Тайган иттей желгенде,
Тарчылык көрүп мүшкүл баш
Таластан тентип келгенде
Биз келгенде төрөлгөн.
Эсепсиз киши ат койгон,
Чоң той кылып бээ сойгон.
Салым түшүп Букардан
Сансыз каймал союлган,
Эл чогулуп өз аты
Эр Семетей коюлган.
Ооган тоюн жеп кеткен
Аман жүрсө бу бала

Ойротту бузат деп кеткен,
Кыргыз тоюн жеп кеткен,
Аман жүрсө бу бала
Кылымга татыйт деп кеткен,
Кечээ, Букарга жаңы кан болгон,
Кагылайын Канык ей
Сенин кичине иниң ушубу?
Калың Букар көп элди,
Он экиде сураган.
Жүргөнүң Букар тушубу,
Кааласа тилек көп кылган,
Кагылайын Канык ей
Сенин кичине иниң ушубу?
Көрбөсөм да билбесем
Кагылайын, кичине кудам аманбы?
Кичине кудам, аттанып үйгө келе жүр,
Ал-акбалың кандай деп,
Береги, каран күн көздү көрө жүр.
Шек билгизбей кепти айтып,
Адам билбес шекти айтып.
Орой кармап мойнунан
Кеби менен күйгүзүп,
Кекиртекке оозун
Билер-билбес тийгизип.
Шуркурата шур жыттап,
Байкуш калган байбиче
Ачыгын айтар айла жок,
Шуулдата бек жыттап.
Айласы кетип амал жок
Айкөлдөн калган жалгыз деп,
Асыл энең Чыйырды
Өкүрүп иер айла жок.
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп алды байбиче,
Бөгөсүнөн чөкчөйүп,
Чөгүп алды байбиче.
Аны мындай таштайлы,
Кайран жеңең Канык ей,
Асылдан кабар баштайлы.
Кагылайын иничек,
Аттанып үйгө түшө жүр
Колумдан тамак иче жүр,
Ээси жок үйгө келе жүр,
Кезинде келип иничек
Эжеңдин жүзүн көрө жүр
Эшигим ачып көрө кет,
Көңүлүңдү бөлө кет.
Эжекем жесир экен деп,
Ал-акбалым биле кет,
Жасап жүрдүм бир кийим

Жан бирге иним кие кет.
Эчен жылы Букарга,
Эсил жеңең Канықей.
Жашап жүргөн эмеспи.
Жалгызым келсе киет деп,
Кары бою суусар бөрк,
Жасап жүргөн эмеспи.
Ак сандыктын ичинен
Айлана басып Канықей
Алып чыкты бир буюм.
Ар белгисин карасаң,
Армандуу кеп сөз кыйын,
Эми иничек угуп тур
Эжекең жесир экенин.
Эш кылган* иним билип кет,
Белекке берем бир бөрктү,
Мээнетиңди алайын,
Ачууланбай кийип кет.
Таластан болчу биздин жер,
Кызырлуу кыргыз биздин эл.
Өңчөй окшош кыпкызыл,
Көркү мындай болучу,
Көкжал жездең Манастын
Иничек, бөркү мындай болучу.
Деп ошондо муну айтып,
Бөлөк жактан баштады,
Тебетейин таштатып,
Бөлөкчө борум баштатып,
Эжелигин билгизип,
Кайран катын Канықей
Алып келип балага
Суусар бөрктү кийгизип.
Бурула басып Канықей,
Ак сандыктын ичинен
Дүмөгү катуу иш кылып,
Түрдөнтүп эчен сөз айтып,
Алып чыкты бир буюм.
Бербей койсом жаман ат,
Мээнетиңди алайын,
Берен жездекеңдин чепкенин
Белекке берем аманат.
Көргөн сайын эстегин,
Өзүңдөй көргөн жездеңди.
Асылдуу буюм суп чепкен,
Атышка кирсе ок өтпөс,
Сайышка кирсе найза өтпөс,
Табылбай турган чоң буюм,
Муну, жоготуп ийсең бек кыйын.
Суп чепкенди кийгенде
Арбак* конуп залкайып,

Сөлөкөтү, сөөлөтү
Кан Манастай даңкайып.
Айдыңы* турат, шамал жок
Айкөлдөн калган жетимге
Ачык айтып ийүүгө
Каныкейде амал жок.
Жана эжекең сабылып,
Жана турган балага
Иничек деп жалынып.
Ок жаңылып кетпеске,
Ажалың чогуу жетпеске,
Эжең долу экенин,
Мындан кийин биле кет.
Жана берем бир буюм
Эжекеңден кие кет.
Муңайып эжең муну айтып,
Ак куржунга салылуу,
Ардактап таза багылуу,
Сарамжалы бир далай
Төрө Манастан калган кандагай*,
Тегереги байлалуу,
Жоон сандан ылдыйкы
Тегиз курч менен саймалуу,
Алты теке терисин
Тазалап жүнүн алдырган,
Күдөрү ийлеп балбанга,
Таза ийлетип салдырган,
Ичин торко ичтеген,
Аргын менен кыргыздын
Алтымыш кызы тиштеген,
Тартып алса кандагай
Шили болуп чоюлган,
Коё берсе кандагай
Желим болуп жыйылган.
Кармаса жумшак керилген,
Катуу кармап алганда
Кармаса адамдын колу бөлүнгөн.
Иничек деп жалынып,
Эже экенин билгизди,
Алып келип бутуна,
Кандагайды кийгизди.
Анын ар жак жагында
Бил териси булгаары,
Бадышадан өөдөрөк
Бул бейбактын кылганы.
Көрсө, кишинин мээрин кандырган
Кызыл алтын, жакуттан
Такасына салдырган,
Ашагандан, машаган,
Кош ойдуруп жиберип,

Кыргызча кылып жасаган,
Семетей келсе киет деп,
Көөдөнү болсо кулунум
Жесирликти билет деп,
Жасап жүргөн соору өтүк*
Кайран энең Каныкей
Кийгизе турган жолу бар.
Семетейдин бутунда
Кийип алган көн өтүк*,
Тумшугу өөдө чүйрүйүп,
Кой тойгондой шору бар,
Бутунан сууруп ыргытып,
Буудан жеңең Каныкей
Эже экенин билгизип,
Жасап жургөн соору өтүк
Семетейге кийгизип.
Асмандан түшкөн боз кисе,
Кайран жан менен дос кисе.
Кыйкырып белге бир чалган
Кайнаган кашаа жоо болсо
Кыйкырып жездең чыр салган,
Белекке берем ушуну
Береним иним ала кет.
Береним жездемдики деп,
Белек кылып иничек,
Белине муну чала кет.
Аста басып Каныкей
Боз кисе колго алды эми.
Өлгөндө көргөн чунакка,
Аманат кылып боз кисе
Белине кынай чалды эми.
Айдыңы бар, шамал жок,
Бир бооруна жалгызың
Басайын дейт амал жок.
Эшик ачып чыгарып,
Эптеп атка мингизип,
Акырын сүйлөп сабылып,
Иничек деп жалынып:
Атыңдын оозун бура тур
Дагы айтам бир сөздү
Алдыңкы жерге тура тур.
Капкалуу Букар шаарына
Кайрылбай иним бара көр.
Алты шаар, Маргалаң,
Аягы Кокон, Самаркан,
Бет алдында Анжыян,
Өөдөкү сакал Өзүбек,
Төмөнкү сакал Козубек,
Анжыяндын айры сакал Сынжыбек,
Кокондогу Кушбеги,

Сени ак үйлүү сурап калгандыр.
Атаң Темирканды кудай алгандыр,
Кубанып кетип көөдөгүң,
Берейин деп салгандыр.
Ак үйлүү алдап алууга
Курмандыкка чалууга,
Бу дүйнөдөн жоготуп,
Тындым кылып салууга
Ак буудай унун чайнашты,
Келеме шарып кармашты.
Убаданы бек кылды,
Сени союп таштоого
Өлө турган шерт кылды.
Деп ошондо муну айтып,
Чыркырап ыйлап алды эми,
Өлгөндө көргөн жалгызын
Букарды көздөй салды эми.
Жээк Ак-Чийди басты эми,
Жетим-Мойнок, төрт кыраң
Муну бала ашты эле.
Тар көчөсүн бааналап,
Көкжалың, Букарга кирди аралап.
Азарын катуу салды эми,
Алдыңкы, эжеси айткан бир кепке,
Ичи күйүп калды эми.
Темиркандын казына
Аралап кирип барды эми.
Темиркандын Акбараң
Тагынан тартып алды эми.
Ак куржунда ок-дары
Көтөрүп атка салды эми.
Темиркандын Зулпукор
Кыны менен илинип,
Ашып-шашып Семетей
Актулпарга жүгүрүп,
Туурасынан тулпарга
Койчо чурап минди эле.
Алтын жаак айбалта
Билегинде чалылуу,
Жоону бузар сыр найза,
Такымында салылуу.
Актулпар менен чуратып,
Ордодогу сегиз кан,
Оолуккан бойдон Семетей
Ошондо кирип барды эле.
Бийчилерин алдына
Ары-бери бийлетип,
Көтү кучак чоң дутар*
Акунуна ойнотуп.
Дутарларын тарттырып,

Алтымыштай жигитке
Тегиз акуш айттырып*,
Дутарларын чалыптыр,
Тегиз ойноп калыптыр,
Тамашага батыптыр.
Оозунан туман сөгүлүп,
Каалгадай кайран тиш
Таруудайдан бөлүнүп,
Оозунан жалын шыркырап,
Күрөктөй болгон кашка тиш
Тиштенген сайын быркырап,
Кокон каны Кушбеги
Жөөлөтүп кирип барды эми.
Жөөлөтүп барып Семетей
Жүйөлүү кептен салды эми:
Атаңдын көрү айт Кокон
Кыргын болуп каласың
Бирөөң калбай кайт Кокон.
Алты шаар, Кокон кан
Жериңе калбай азыр кет,
Бирөөң калбай өлөсүң,
Менден бирди көрөсүң.
Атаңдын көрү Анжыян
Көк кепичиң тепейтпе,
Аргымагың кекейтпе.
Азаптуу жерге коносуң,
Азыр кыргын болосуң.
Кылчайсаң менден өлөсүң,
Кыямат жүзүн көрөсүң.
Мени сурап алгыдай,
Ак үйлүү алып баргыдай,
Ашыма уу салгыдай,
Башымды кесип алгыдай,
Белдешкен жоонун баарына
Сүйүнчүлөп баргыдай.
Ошолордон көп алтын
Мөөсүлдүккө* алгыдай,
Он экиде жанымды
Тындым кылып салгыдай
Булаңды булап алдымбы?
Бузугуңду салдымбы?
Алаңды ала качтымбы?
Сенин ак дилде, булуң чачтымбы?
Кулаңды кууй качтымбы?
Куржунда булуң чачтымбы?
Адырың бойлой кондумбу?
Алты кан элиң турасың
Арпаңды чийки ордумбу?
Жерге кирген жети кан
Жетелеп алган көчүң жок,

Ак үйлүү барып сойгудай,
Өлүм кылып койгудай,
Менде, жети атаңдын өчү жок.
Айт Кокон, атыңдын оозун тарт Кокон.
Килиттеген* ак куржун
Шашып оозун ачты эле,
Бөксөрбөгөн ок-дары
Темиркандын Акбараң
Уучтап туруп күйду эле.
Акбараң колго алды эми
Алдыңкы жаткан кокондук
Барсылдакка алды эми.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Анжыян качты бир жакка.
Сен айттың деп сүйлөнүп,
Бир-бирине күүлөнүп,
Кокон качты бир жакка.
Айтса-айтса болбойсуң
Айтпаган ойго койбойсуң.
Баарыбызды кырат деп,
Кырып жаны тынат деп,
Мүшкүлдү башка салат деп,
Канзааданын уулуна
Катылган аман болбойт деп,
Кайра айткан оңбойт деп,
Маргалаң качты бир жакка.

СЕМЕТЕЙДИН САРЫ ТАЗГА ЖОЛУККАНЫ

Букардагы Темиркан
Айта турган кеби бар,
Он экиде чунактан
Чочуп жүргөн чени бар.
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Көп токойго ээ болгон,
Кенже ини болуучу
Сары таздан шеги бар.
Жышаналуу* Сары таз
Бузук салчу шеги бар,
Буруп айтпас кеби бар,
Туура айтуучу сөзү бар,
Маңдайында аяктай жалгыз көзү бар.
Көлөйдөн кичүү ини,
Акылдан Темиркан чиркин адашкан,
Ал Букардын кандыгын
Жети жылы талашкан.
Жергелүү журт бузушуп,
Желеден айгыр минишип,
Жерден бакан эңишип,

Жапирим* деп салышып,
Жаман уруш болушкан.
Журт кырылып, эр өлүп,
Журт чыгымы көп болуп,
Байкуш калган Сары таз
Ошонун, баскан жери коо болуп.
Үч агасы жоо болуп,
Чиркиндин өзү таз болуп,
Бүткүл Букардын журту кас болуп.
Астындагы Туучунак
Тулпар аты ток болуп,
Эл бузулуп, журт ээрчип
Карааны жанда жок болуп.
Өз жакыны кас болуп,
Көрөргө күнү аз болуп.
Атынан айрып, жөө кылып,
Күлешендин Гүл-Токой,
Көмүр өчүртүп ээ кылып.
Антпесе Сары таз байкуш куруучу,
Ай сайын сексен төөнүн көмүрүн
Букардын Темирканына
Алым* берип туруучу.
Алымына чыдабай,
Алды каткан Сары таз,
Көмүр өчүрүп куруучу.
Алымдан бир төө кемисе,
Алтымыш балбан Букардан
Ошону айдап сабап уруучу.
Отко тазың күйүүчү.
Темиркандын шаарына
Каныкей тентип келди деп,
Уламадан* угуучу.
Жетим келип Семетей
Ысмайыл багып алды деп,
Элден угуп жүрүүчү.
Коргоол* менен күн санап,
Кордукта жүрөт Сары таз.
Тууганы душман ит болуп,
Зордукта жүрөт Сары таз,
Аябаган азапты
Тартканы жүрөт Сары таз,
Семетей келсе атасын
Айтканы жүрөт Сары таз.
Семетей менен кыргызга
Кеткени жүрөт Сары таз.
Темиркандын түбүнө
Эптеп жүрүп эбин таап,
Жеткени жүрөт Сары таз.
Он экиге келди деп,
Тилегим кудай берди деп,

Баабединге* бата айтат
Байкуш тууган Сары таз,
Коросонго* кой айтат.
Тилегим качан берет деп,
Жетимим качан келет деп,
Чөп алачык мекени
Түнөп жүрөт Сары таз.
Алда таала жалгыздан
Жетимим качан келет деп,
Тилеп жүрөт Сары таз.
Отунчу таздан кеп укса,.
Тукумуң бөлөк деп укса,
Буламды булап алабы?
Бузукту мыктап салабы?
Казынам бузуп кетеби?
Жетимим, түбүмө чогуу жетеби?
Белендеп казып орумду,
Жетимим кайнатар бекен шорумду.
Өлбөй жүрсө ал жетим,
Көрсөтөт го сонунду.
Айта турган кеби бар,
Чочуп жүрөт Темиркан,
Сары тазда шеги бар.
Токойго бала кетеби
Түп атасын түрө айтып,
Түбүмө чогуу жетеби?
Көмүр өчүргөн тазынан
Шек санаган коobу* бар,
Коobунан чочуп Темиркан
Балага айтар жообу бар.
Сары таздан шеги бар,
Токойго шумкар салба деп,
Темиркандын күндө айткан кеби бар.
Мойнуна курун салынып,
Болбой жүрөт Темиркан
Семетейге жалынып.
Өзөндүү дайра булагым,
Семетей өлгөндө көргөн чунагым.
Бузуктуу тилди албай жүр,
Күлешендин Гүл-Токой
Күлүп шумкар салбай жүр.
Кызыкка адам канбаган
Күлешендин токою
Бирөө күлүп шумкар салбаган.
Кезиккен аман калбаган,
Кез болуп адам барбаган,
Кезиккен тирүү калбаган.
Барган адам көп болгон,
Келгендер кайра жок болгон.
Жолоп адам барбаган,

Жологон тирүү калбаган.
Терең казган ору бар,
Тепчип кетчү шору бар.
Жолуккан киши соо болбойт,
Жолборсу он беш төлдөгөн.
Адамды соруп ийүүчү
Ажыдаары алтымыш,
Анын ар жак жагында
Кылыч тумшук пили бар,
Токойго бармак тозок иш,
Кымбатым, уулум билип ал.
Ажыдаар бар, алы* бар,
Адамды чайнап таштачу
Азуулусу дагы бар.
Бөлөк-бөлөк сөзү бар,
Токойдон киши көрүнсө,
Башында жалгыз көзү бар.
Атакең Темирканыңдын
Мынча айтар сөзү бар.
Күндө айтып тим койбойт,
Түндө да айтат Темиркан.
Күдөрүн үзбөй бул сөздөн,
Күндө айтат Темиркан.
Бул кабарды укканда
Тулпар оозун бурабы?
Туйгунундун жалгызы,
Шумкар салбай турабы?
Ээлигип кетпей чунакты
Тынч туруп кудай урабы?
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Өлөндүү жерди өрттөгөн,
Кара сууга кан куйган,
Канкор Манас жалгызы
Темиркандан кеп угуп,
Күлешендин Гүл-Токой,
Капырай, каттаган келбейт деп угуп,
Ошо турган токойдун
Тегерегин чалайын.
Кармаша келер жоо чыкса,
Баарысын кырып салайын.
Ажыдаар, пилин чачайын,
Токойдун жолун ачайын.
Токойго кирип олтуруп
Казган орун толтуруп.
Кашаттан калың жоо чыкса,
Боз мунарык чок чыкса,
Боруму катуу ок чыкса.
Жан аябай салышып,
Алты айга чейин алышып,
Ордосун бузуп чачайын,

Айткан жоосун басайын.
Жаккан отун өчүрүп,
Ушу турган Букарды
Жабылта баарын көчүрүп.
Санаасы менен болтуруп,
Карыган атам Темиркан
Коркконду кошо кондуруп,
Кайран башты шер кылам.
Каракчынын баарысын
Талкалап айдап жиберип,
Гүл-Токойду жер кылам.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзам* гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Төгөрөк журтту жыйбасам.
Атыша чыгар жоо болсо
Айдап жүрүп талкалап,
Такыр баарын кырбасам.
Туубай туна чөгөйүн,
Жаш кезимде өлөйүн,
Далдайып басып жүргүчө
Кыямат жүзүн көрөйүн.
Ордодон чурап түйүлүп,
Оолугуп мынча сөз айтып,
Ок өтпөстү кийинип.
Каныкей берген Боз кисе
Катуулап белге чалды эми,
Көк темирден туулга
Көтөрүп башка салды эми.
Ал барабан, айбалта
Ала коюп жайланып,
Жоо-жарактын баарысын
Жолборстон калган чунагын
Орду-ордуна байланын.
Алтын жаак айбалта
Билекке кынап чалды эле,
Бөксөрбөгөн ок дары,
Көтөрүп атка салды эле.
Актулпарды токунуп,
Букардан чыгып оолугуп.
Астындагы мингени
Темиркандын тулпары,
Колундагы алганы
Ысмайылдын шумкары.
Букардан чыгып бөлүнүп,
Олуя чалган чиркиниң
Опол тоодой көрүнүп.
Кыя жол менен бөлүнүп,
Кызыр чалган байкушуң
Көк урчук тоодой көрүнүп.

Ашып-шашып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Тегерегин карабай
Теңдешээрге жоо чыгып,
Теңиз баш кандай болот деп,
Теги эчтеме ойлобой.
Теги чунак жол жүрүп,
Астындагы тулпарга
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Обу жок бала жол жүрүп,
Аянбастан мол жүрүп,
Семетей турбай аянып,
Кең Ак-Чийди таянып,
Жандаган жалгыз жол менен
Жээк Ак-Чийди сыдырып,
Май-Булакты кыдырып.
Эжекеси Каныкей
Кыз чагында бейбактын
Сейилдикке чыгуучу
Касиеттүү Кең-Көлчүк,
Кең-Көлчүк тоосун таянып.
Кең-Көлчүктүн кең белге
Бала чыга келди эле.
Асты чаңдак мунарык
Боз бадалды көрдү эле.
Мунарыктап бурчтанат,
Булуңгур болуп учтанат,
Кээ бир, кээ бир жеринен
Үйдөй чынар көрүнөт,
Ал чынарды көргөндө
Баланын көөнү бөлүнөт.
Күлешендин Гүл-Токой
Токою жакшы жер экен.
Будур-будур бели бар,
Будурмак ашуу жери бар.
Адыр-адыр бел экен,
Адырмак ашуу жер экен.
Асты жагын Гүл-Токой атам дээр экен.
Күлешендин Гүл-Токой,
Күлүп кирип барды эле.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Ал токойдун ичинде
Бөлүнүп учкан казы бар.
Кыл куйрук* кайнап былкылдап,
Кызыл башы кылкылдап.
Каркырасы буркурап,
Турнасы унчукса
Эри өлгөндөй чуркурап.
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар,

Жан жаныбар баары бар.
Жараткан экен бир кудай
Ушул өндүү токойду,
Жай келтирип абыдан,
Кайыщга тууп куштары
Капырай, камынып турат
Терекке тууп куштары
Теминип турат учканы.
Үйдөй кызыл чынары
Үстү-үстүнөн кыйкырып,
Үнү жакшы улары*.
Алтымыш күнү ойносо,
Асты канбайт экен го,
Бул токойдон кумары.
Күкүктөрү күүлөнөт,
Тал-талында сүйлөнөт.
Күкүгү сайрап күүлөнсө,
Күйүттүү адам укпусуз,
Ичинен карыш чыккысыз.
Булбулу сайрап таң аткан
Булбул үнү миң бөлөк,
Муңдуу тиктеп укпусуз,
Муңу бардын баарысы
Бул токойдон чыккысыз.
Күлешендин Гүл-Токой
Күлүп ойноор жер экен, учканы.
Ар бир кызык кызматын
Билип ойноор жер экен,
Өз билгенин азамат
Кылып ойноор жер экен,
Эрки менен эр жигит
Болуп калчу жер экен.
Чатыр тигип, бээ байлап,
Конуп алчу жер экен.
Алмасы бышып көң болгон,
Жийде* кулап сай толгон
Жалбырагы жаргактай*,
Мунун кара курту бармактай
Балтырканы* билектей,
Маралы качып чу десе
Мала кашка инектей*.
Кыргоолу кызыл көнөктөй*
Кыдырып ойноор жер экен,
Касиети орногон
Гүл-Токой атам дээр экен.
Имерилген суу менен,
Көк көрүнбөс тал менен.
Кубанып бала зыргытып,
Акшумкарды ыргытып.
Каз, өрдөктү илдирип,

Канжыганын баарысын
Каз менен кууга билдирип.
Гүл-Токойду жээктеп,
Канжыгага батпаса
Куюшканга* тээктеп*.
Минген аты Актулпар,
Колундагы Акшумкар,
Кызык жерге кирген кез,
Кыйындап шумкар салган кез.
Дүнүйө чыгып оюнан
Бала ойноп калган кез.
Акшумкарын белендеп,
Ыргап жүрөт Семетей.
Көп кубаныч тамаша
Көрдүм бүгүн кызык деп,
Жыргап жүрөт Семетей.
Баткактуунун башына
Тал аралаш тикенек
Чытырмандын чатына
Ойноп бала турду эле.
Ысмайылдын доолбас*
Камчы тийсе каңк эткен,
Союл тийсе түгөткө
Жер бузулуп даңк эткен.
Кара жаак камчыны
Кармай калып имерип,
Доолбасты ортого
Семетей тартып жиберип.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Ал токойго салды эле,
Көнөчөктөй* көк бостек*
Текөөрү* темир, тээги* жез,
Канаты алтын, эки кез,
Типтик учуп зыркырап,
Күн чыгыш көздөй дыркырап.
Ай тийгендей көрүнүп,
Манастын уулу жетимдин
Кумар болуп бостекке
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Кыргоолду көрүп чыдабай,
Актулпар оозун бурду эле,
Кыңкая түшүп Семетей
Акшумкарды урду эле.
Артык балбан, кайран шер,
Ата, короздой болгон кайран эр.
Каарды катуу баштады,
Күч менен салган Акшумкар,
Астындагы Актулпар,
Кулап кете жаздады.
Мүдүрүлүп жоголуп,

Сүрдүгө түшүп оңолуп.
Бегелчеги* майышып,
Тегеренип темтеңдеп,
Тегиз күлүк Актулпар
Теги араң оңолду.
Колдон чыккан Акшумкар
Көтөрүлүп жөндөнүп,
Көрбөй калган өңдөнүп.
Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап, .
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез,
Көзү кара, көк шал бут*.
Көргөзгөнүн койбогон,
Көнөктөй этке тойбогон.
Талпынганын койбогон,
Табактай этке тойбогон.
Канатын жыйып шукшурбас
Казды көлдөн учурбас,
Куйругун жыйып шукшурбас,
Сени кудай не урду
Кыргоол эмес Акшумкар,
Кууну көлдөн учурбас.
Бооңу чечип бошотошуп,
Бу токойдо коштошуп,
Үзүрлүү кебим айтпасам
Ушу жерден жат болуп,
Букарды көздөй кайтпасам.
Деп ошондо муну айтып,
Каарданып бакырып,
Темирлеп ураан чакырып.
Кара жаак камчыны
Кармай калып имерип,
Астындагы Актулпар
Такымга чаап жиберип.
Малмага* салган ак тизгин
Тартып койбой жайды эми.
Кан ичменин тукуму
Кыргоолду кууп калды эми.
Кыргоол көктө, бул жерде
Кызыкты салды бу жерге.
Этине келген Актулпар
Баскан жери быркырап,
Чоң казандай даңканы,
Бала төрө чунактын
Төбөсүндө чыркырап.
Таман жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук*
Көмөкөйдө карсылдап.
Араандай ооз ачылып,

Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып.
Жер айрылып закымдап,
Канаттуу күлүк Актулпар,
Деңгелдеп чуркап жакындап.
Ысмайылдын Акшумкар
Чолок учуп имерип,
Жебеден* мурун жиберип,
Кыска айланып имерип,
Кыргоолду көздөй жиберип.
Жетип илип аларда
Тик сайылып тутулду,
Чөп алачык жарты үйгө
Кыргоол алдырбай кирип кутулду.
Кызыгып калган кыргоолго
Кызырдуу жетим барды эле,
Доолбасты каккылап,
Катуулап карап салды* эле.
Кыргоолду таап алууга
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай.
Тебелетип токойду
Ачуусу келип тырышып,
Ала албай калган шумкарга
Адамдан бетер урушуп.
Кулаалы* да куш, сен да куш,
Сен кулаалы болбосоң
Алып берсең кыргоолду,
Адал мууздап мен алсам,
Канжыгама мен чалсам,
Кайран эжем Каныкей,
Качып жүргөн жесирге
Тартуу кылып мен барсам.
Кан жездем Манас көкжалдан
Катылуу жаткан көп дүйнө
Кайра сурап мен алсам.
Ойлосом көөнүм ток эле,
Атаңдын көрү Акшумкар
Арманым сага жок эле.
Жетпей калып кыргоолго
Сени кудай урдубу?
Токту койдун томук эт
Кечээ томугун* кесип бергенде,
Оодарып салып табыңдан*
Же мени кудай урдубу?
Артыкча кууп көөн салбай
Сени кудай урдубу?
Бузуп салып, сыр билбей
Мени кудай урдубу?
Күп-күп этип күүлөнүп,

Күрсүлдөп турат Семетей,
Албай калган шумкарга
Адамдан бетер сүйлөнүп.
Ошо токой боюнда,
Төрт аркан бар жонунда.
Эчки тону этинде,
Жаргак шымы көтүндө.
Ит жүрбөгөн жолу бар
Адам өндүү эрбеңдеп,
Көөдөндө эки колу бар.
Жаткан иттей кашы бар,
Жана жан казандай* башы бар.
Чекеде жалгыз көзү бар,
Элчиликтен аз көрдү,
Төбөсүнөн манжылы тазын куюлткан
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Жалаңгычтай таз көрдү.
Караңгы эмес, түнү бейм
Каракчы деп кан атам айтып жүрчү эле,
Ошол каракчынын бири бейм.
Жекенге* жаткан күнү бейм,
Желмогуздун бири бейм.
Шумкарды коюп сандалып,
Сары абаңа таң калып.
Төө моюн чоң оргок*
Белине мыктап таңылуу.
Кош колдоп кармап алды эле
Жолоп адам баргысыз,
Аюу чыдап калгысыз.
Астында кара токойду
Оргок менен койгулап,
Түбү менен жойгулап,
Төөчө жөөлөп калды эле.
Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче,
Тоодой кылып жыйгылап,
Үрпөйгөн жердин баарысын
Келтек*, таяк колунда
Такыр койбой ургулап.
Кызыгын көрчү тазыңдын
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип чок коюп,
Күү дегизе бир үйлөп.
Куу тезекке от коюп,
Кырк кулач көсөө колунда
Тегерегин үйүрүп,
Кара көсөө калтырбай
Жолум үйдөй чүйүрүп.
Көмүрлөрү көрүнүп,
Көнөктөй болгон көпкөк чок

Көсөө менен бөлүнүп.
Көмүр өчүргөн тазындын
Камбылы көзгө көрүнүп.
Алты көнөк суу баткан
Өгүз баш кара жан аяк*,
Кайнар кара булакка
Күп дегизе малды эми.
Жаймалантып төгүлтүп,
Сууну сузуп алды эми.
Күр дегизе бир ууртап,
Күп дегизе бир бүркүп,
Ачып көздү жумганча
Бир бүрккөн жок, миң бүркүп,
Кырк кулачтай көсөөнү
Көмүрүнө салды эле.
Көк букадай чапчылап,
Төгөрөккө жайды эле,
Алтымыш төөгө жүк көмүр
Өчүп жатып калды эле.
Бул эрдигин көргөндө
Чыдай албайт Семетей:
Салоомдон-салооммалейким
Сандыргалуу Сары аба.
Салам айтса сөзү жок,
Салам турмак тазыңда
Көрүп койгон көзү жок.
Зыңгырап ал таз кенебейт,
Семетейдин саламын
Бучкагына теңебейт.
Эрдик менен кесирди
Алда таалам кабаттап,
Канча куурап жүрсө да
Ал тазга берген экен ченебей.
Тоотпой ал таз турганда
Күйүп бышып чок болуп,
Эки көзү от болуп,
Токойго бала келе элек
Бул өндөнгөн кесирди
Жер үстүнөн көрө элек.
Куугунум кирди, кууп бер,
Кыргоолумду кагып бер,
Шумкарымды алып бер!
Көп муну айтса сөзү жок,
Айтып турган жетимди
Көрөйүн деген көзү жок.
Кайра күйдү Семетей,
Кайраты артык жетимиң
Каарданып тура албай.
Ат байласа мамы жок,
Тирүү эмессиң жаның жок,

Башында бир тал кылың жок,
Сенин, көмүрдөн башка чырың жок,
Адамбы десем, суруң жок,
Баатырсыңбы Сары таз?
Салам айтсам алик жок,
Капырсыңбы Сары таз?
Таз кедей көмүрдү төөдөй жөөлөгөн,
Гүл-Токойду ээлеген.
Адам көрбөй чөлдө өскөн,
Киши көрбөй акмак таз
Кара токой көрдө өскөн.
Салам айткан кишини
Көрбөйсүңбү Сары таз?
Казаң* жетсе бир күнү
Өлбөйсүңбү Сары таз?
Шумкарым алып колума
Бербейсиңби Сары таз?
Ушинтип оокат кылгыча,
Минтип тирүү тургуча,
Балыгыңдын майын ич,
Сары таз мадериңдин* канын ич.
Сары таз сени соёмун
Көп жиниме сен тийсең,
Токоюң ээн коёмун.
Сексен жаның болсо да
Өлүм кылып коёмун.
Жөөлөтүп кирди Семетей,
Жакын кирип барганда
Сары таз туруп муну айтат:
Атандын көрү жетим кул,
Эрбең-эрбең толгонсуп,
Эмеле киши болгонсуп,
Темиркандын шаарына
Теңизин таштап Таласка
Жетим кул, тентип жүргөн сен кандай?
Өз тууганым кас болуп,
Көмүр өчүргөн мен кандай?
Он экиге келипсиз
Көмүр өчүргөн байкушту
Көөлүгүнө жетесиң,
Кызыталак жетим кул,
Кыйырың кыргыз Таласта
Сен кыйырыңа качан кетесиң?
Көк койгуттун* алчысы*
Ысмайылдын куш салуучу жалчысы,
Калаада элдин акчасы,
Темиркандын куш салуучу бакмасы
Көмүр өчүрүп талаада
Көөлүгүмө жетесиң,
Көкжал болсоң сен жетим,

Кызыталак жетим кул
Элиңе качан кетесиң?
Ачуу менен Сары таз
Уй баш кара жан аяк
Кайнар кара булактан
Кайра сууну сузду эле.
Күр дегизе бир ууртап,
Күп дегизе көмүргө
Кайрыла туруп бир бүркүп.
Көмүр чаңдап түн болуп,
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууган Семетей
Ичи күйүп жин толуп.
Туралбастан кайран кан,
Тутамга келбей кайран жан.
Жанакы таз кеп айтып,
Жана кеби бек тийди.
Жалчысың деп айтып
Күйүп-жанып чок болуп,
Эки көзү от болуп
Оозунан жалын шыркырап,
Оолугуп жетим тура албай,
Таздын айткан сөзүнө
Мойнун бөлөк бура албай.
Отко башы оңкоюп,
Сары таздын көчүгү,
Тегирмендей тоңкоюп.
Май куйруктун балык эт
Башкача көзгө көрүнүп,
Бадырайып турганда
Сунгандан кайра тарта албай,
Чаппай тазды кайта албай,
Кара жаак булдурсун*
Кармай калып имерди.
Май куйруктун курч этке
Бала төрө жинди кул
Басып келип жиберди.
Басып ийсе Сары таз
Кудайга үнү угулду,
Көмүргө башы тыгылды.
Тарыраак кылган жаргак шым,
Тийген жерде быркырап,
Арык бою кара кан
Тарта электе камчынын
Кошо кетти шыркырап.
Таздын көзү тунарып,
Чоң аяктай май куйрук
Кошо чыкты чубалып.
Качты тазым жорголоп,
Кайра чаап ийсе жеди деп,

Көмүрүнө корголоп.
Баса түшүп жорголоп,
Балаалуу сөздөн салам деп,
Балтырдан каны шорголоп.
Басалбай токтоп калтактап,
Кыйык-кыйык кеп айтып,
Биттеген аттай талтактап.
Канатынан кайрылып,
Каяшаяк сөз айтып,
Чөйчөктөй көздүү Сары таз
Май куйруктан айрылып,
Жарасын мыктап кармады.
Сай сөөгү зыркырап,
Кайрылып туруп Сары абаң
Эми Семетейди каргады.
Кызыталак жетим кул,
Кыядан түшкөн көчүң жок,
Кызыл ала кылгыдай
Кырк атаң кыргыз өчү жок.
Тентиген сенче элде жок,
Көтүмдү жара чапкыдай
Жети атаң өчү менде жок.
Бу, Гүл-Токой кытай эли эмес,
Атаң Манас көкжалдын
Өпкөсүн жарып өлтүргөн,
Кызыталак жетим кул,
Коңурбай кытай мен эмес.
Белиңди бекем бууп ал,
Бээжиндеги Коңурбай,
Берен атаңды кайсап таштаган,
Ошондон кунун кууп ал!
Бу токой Бээжин жери эмес,
Аяш атаң Алмамбет
Аңдып атып таштаган
Кожожаш кытай мен эмес.
Таласта кыргыз көчүңдү ал,
Тамтандаган жетим кул
Берендериң кайсаган
Бээжиндеги кытай журт,
Ошондон барып өчүңдү ал!
Өгүзүңдүн жоорун чап,
Кокуй-кокуй май куйрук,
Өлгөн атаң Манас кандын боорун чап.
Күчөпсүң кыргыз четин чап,
Энең Каныкейдин көтүн чап.
Башкы атаңдын баарын чап,
Куйругумду чапкыча
Балам, сен мадээриңдин башын чап.
Канатымдан кайрылдым,
Кокуйдан кокуй май куйрук,

Май куйрук сенден айрылдым.
Өзөн-өзөн-өзөнчө
Балам, өзөнчө бойлой конуп кал,
Өз тууганың кас болуп,
Өзүң мендей болуп кал.
Атаң Манас эр эле,
Ааламды бузган шер эле.
Көкжал атаң өлгөндө,
Көп зордукту Таласта
Энекең шордуу көргөндө.
Абыке, Көбөш жоо болуп,
Атаңдан калган дүнүйөң
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Кыйналып тентип сен энең
Букарга качып келгенде,
Алдасам тирүү калат деп,
Кыркып ийип чыбыгын,
Кылып берген ырымын,
Дегенине көндү эле,
Ысмайылга берди эле.
Таласта кыргыз эл кандай?
Кан атаңды тааныбай,
Тентип жүргөн сен кандай?
Кашатка тиккен тал кандай?
Канзааданын баласы
Качып жүргөн жөн кандай?
Тегиз тиккен тал кандай?
Жетим кул, тентектик кылар жөн кандай?
Теги жетим угуп көр
Тегиз кыргыз эл кайда?
Буудан Манас уулу элең
Букарга тентип конупсуң,
Жашың он экиге келгиче,
Таятаң Темиркандай мытаамдын
Дене кулу* болупсуң.
Бу Букардын шаарына
Тели куш* этин жедирген
Арсыз сендей бар бекен,
Энекеси долуну
Тентиген катын дедирген.
Толкуп жаткан букарлык
Бу Букар саа жер болбойт,
Токсон жыл жүргүн дене кул,
Бул тажик саа эл болбойт.
Ал кыргыз сенин айлыңдыр,
Акун кан сенин кайныңдыр,
Айчүрөк сенин зайбыңдыр.
Атаң сенин башкадыр,
Кан Манас атаң төрө деп,
Качып жүргөн Каныкей

Карабет саа эне деп.
Шамал жокто теминген,
Селдей байкуш бар бекен?
Энесин эжем деп жүргөн?
Сендей байкуш бар бекен?
Укумунан тукумун
Укуй айтты* Сары таз.
Олокойдун* баарысын
Чукуй айтты Сары таз.
Өткөн менен кеткенди
Ойлой айтты Сары таз.
Ата менен бабасын
Койбой айтты Сары таз.
Көмүрчү таздан кеп угуп,
Эли бөлөк деп угуп,
Талас мунун жери деп,
Кыргыз мунун эли деп,
Кечикпестен кеп угуп,
Кыямат кеткен зор Манас
Атасы экен деп угуп.
Угуп алып сабылып,
Көзүнүн жашы он талаа
Сары тазга жалынып:
Кагылайын, Сары аба,
Билбестен чаап жибердим
Актулпар сатуу, мен тартуу*,
Кагылайын, кан аба.
Токойдо жүргөн Сары аба,
Көп таарынып баратсаң
Актулпар сындуу малымды ал,
Астыңа жатып берейин
Чыркыратып жанымды ал.
Кайра сурайт Семетей
Кайра айтканы кайра кеп,
Кайра да айтат Сары таз.
Баягыдай дагы деп
Жана сурайт жана деп,
Дагы айтат дагы деп,
Жанакыдай дагы кеп.
Кагылайын, Сары аба
Билбегенди билгизип,
Билимдүү сизден айлансын.
Туйбаганды туйгуздуң
Туура жаным садага.
Келе абаке колуңду,
Көргөзөрмүн көзүңө
Киши көрбөс сонунду.
Ушу сөзүң чын болсо,
Айтканың туура так болсо,
А дүйнө кеткен Манас кан

Ата экени ак болсо,
Менин атам кан Манас
Төрө экени чын болсо,
Байкуш эне Канықей
Эне экени чын болсо
Көмүрүң көмүр эмес түлөөдүр*,
Бу жакшылык кылганың
Өз башыңа күбөдүр.
Кудай Талас көргөзсө,
Аргын менен кыргызга
Аралап аким мен консом,
Калкыма кабар салармын,
Маана кылып* башыма,
Бадыша кылып элиме,
Аман барсам жериме,
Эч болбосо аргынга
Кан көтөрүп алармын.
Бул токойдон көчүрүп,
Сары таз атың өчүрүп,
Кырсыгың кыркып калармын,
Жашымда өлүп албасам
Сизди Сары кан коюп алармын!
Келе абаке, колуңду
Ачармын, ашкере сенин жолунду,
Анык жууп кетирем
Чекеңе толгон шорунду.
Ушу кебиң калп болсо,
Чекеңдеги жалгыз көз
Жалгыз көзүң оёрмун,
Көмүрүндүн кашына
Сизди, курмандык кылып соёрмун!
Колун кармап кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Боодон алып шумкарды,
Моюнга чаап тулпарды,
Кайра тартып дыр коюп,
Караргандан түнөрүп,
Букарды көздөй чү коюп,
Талаада таздан кеп угуп,
Тукуму кыргыз деп угуп,
Кызык таздан кеп угуп,
Атасы бөлөк деп угуп,
Көмүрчү таздан кеп угуп,
Атасы Манас деп угуп.
Оолугуп Семетей,
Букарга чү деп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Талаага түшүп бакырып,
Таалайы артык куу жетим
Кээ бир жерге келгенде

Манастап ураан чакырып.
Талас-Талас-Талас деп,
Жердин атын көп айтат,
Айкөл султан Манас деп,
Эрдин атын көп айтат.
Жер союлуп закымдап,
Жеткилеңи Семетей
Букарга калды жакындап.
Букарга кирчү күнүндө
Арам сактап* Темиркан,
Кезигип калса токойдон
Бузулуп кайра тартат деп,
Бузуку сөздүн баарысын
Сары таз чочко айтат деп.
Кызыталак таздан кеп угуп,
Кыйыры бөлөк деп угуп,
Бузулуп бала тартат деп
Темиркан акыл ойлонуп,
Оймок ооз, бото көз,
Мөлтүрөгөн кара көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Көрсө азамат суктанган
Семетей тосуп алууга,
Астынан ойноп барууга
Кыздан жыйды бир жүздү.
Келеңкор чачпак*, кең соору
Келбети нурдун кызындай,
Узун бойлуу, жал-жал көз
Келинден жыйды бир жүздү.
Жазы жаак чеченден,
Акыл тапкыч эченден,
Жүйө тапкыч ыктуудан,
Жүрөгү калың мыктуудан.
Комузчу менен кыякчы
Өнөрпоздун баарысын,
Кеби ширин, сөзү бал
Жыйып алды Темиркан
Билгичтердин баарысын.
Барабанын тарттырып,
Бала туйгун жолунан
Тегиз акуш айттырып.
Жыйып алган келин-кыз
Эки-экиден бар кылып,
Селкинчекти салдырып,
Кызыл ала көрүнтүп,
Дүнүйөнүн баарысын,
Бу баланын жолуна
Кызык кылып көрүнтүп.
Кең Букарын бааналап*,
Кирип келди жетимиң

Астыга коюп салдырган
Баякы тамашасын аралап.
Каалгадай кайран тиш,
Кабылан тууган чунактын
Таруудайдан бөлүнүп,
Барды-келди мүчөсү
Опол тоодой көрүнүп.
Басып чыккан бирөө жок
Баланын түрүн көргөндө,
Жыйылган келин, сансыз кыз
Туш-туш жакка бөлүнүп.
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси бек кармап,
Атасы Манас кабылан
Бүгүн жаңы өлгөнсүп.
Жапа тартып атасын
Күйүтүн бүгүн көргөнсүп.
Оолугуп бала чыдабай,
Ой ойлонуп тура албай.
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Чунагыңдың көңүлү
Алда нече бөлүнүп.
Бек бастырып кенебей,
Береги жаткан кыз-келин
Бучкагына теңебей.
Кайраттуу таздан кеп угуп,
Кан Манас атаң деп угуп,
Каран күндү бек тартып,
Капага бала чыдабай
Ашып-шашып жол тартып.
Кошокчу менен кыякчы,
Кайрылып бала калбастан,
Оюнпозго барбастан,
Оюн салган тамаша
Бирөөнө азар салбастан.
Ысмайылдын чынар бак,
Айланасы алма шак,
Дал ортосу боз дөңгө
Ал боз дөңгө салылуу
Жоо караган мунара,
Мунаранын түбүнө
Бузулуп бала сабылып,
Темиркан менен Ысмайыл
Тегимди* катып койду деп,
Тегеле жаман таарынып,
Колундагы Акшумкар
Чынарды көздөй зыргытып,
Үстүндөгү суп чепкен
Жерге чечип ыргытып,
Болбой бала чыр баштап,

Актулпарды бош таштап,
Аккаңкыны жастанып,
Кыбыланы баштанып,
Темиркандын Зулпукор
Жанбашына салынып,
Атасы Манас көкжалдан
Белекке кийген суп чепкен
Айкарадан жамынып,
Жумган көзүн түк ачпай,
Сунган бутун түк тартпай,
Чукуранып ойгонбой,
Бир жагына толгонбой.
Кыймыл этип, кылт этпей.
Кыймылдап жетим былк этпей.
Керээленип сабылып,
Келип жетип боз дөңгө
Жаткан экен таарынып.
Букардын каны Темиркан,
Темиркандын алдына
Кабарга барды канча жан.
Кабарчыдан кеп угуп,
Канкордон тууган бул жетим
Таарынып жатат деп угуп.
Ашып-шашып Темиркан
Семетейдин жаткан дөң
Жете келип караса
Аккаңкыны жастанып,
Кыбыла көздөй баштанып,
Жаткан экен Семетей.
Семетейди көргөндө
Баабединин шайлатып,
Жети кара буканы
Капкасынан айдатып.
Жетиктигин билгизип,
Жеткен жерде буканы
Кескилетип ийгизип.
Ар кандай кылып талаага,
Ар нерсе түшүп санаага,
Алтымыш торпок, кырк эркеч*
Жана чапты садага.
Оңбогон чунак оңгон жок
Ошондо бала Семетей
Козголуп чунак койгон жок.
Кудайдын чындап жараткан,
Кулу эненин көрдүңбү?
Курган Манас зор кандын
Уулу экенин көрдүңбү?
Мойнуна курун салынып,
Боздоп турду Темиркан
Балага минтип жалынып:

Ай кашыңда чолпонум
Ай, Семетей, бери тур,
Ардактап жүргөн чолпонум!
Түптүү терек чынарым
Көрбөсөм канбайт кумарым,
Өөдө тургун Семетей
Өлгөндө көргөн чунагым!
Асманда жарык жылдызым,
Жакамда көөхар*, кундузум*.
Өзөндөн аккан жапжарык
Суусун канар булагым.
Карыганда атанды
Тирүүлөй көргө сен салбай
Өөдө болгун чырагым.
Ушу турган Букарда
Кандыгым толук башымда,
Сени көрдүм, кулунум,
Алтымыш жети жашымда.
Жыйдым алтын ким үчүн,
Жыргалым балам сен үчүн.
Укчу азыр батамды*,
Сакалымдын агында,
Сапарым чукул барында,
Тозокко салба атаңды.
Таарынып мени күйгүзбө
Тарчылык салып бул башка,
Кулунум, тирүүлөй көргө киргизбе,
Минтип мени күйгүзбө.
Ат менен атын жарышып,
Атыңдан көөнүң калдыбы?
Куш менен кушуң салышып,
Кушуңдан көөнүң калдыбы?
Тон менен тонуң кийишип,
Ушундан көөнүң калдыбы?
Кылычыңды айт, кыныңды айт.
Кыстабай мени чыныңды айт.
Жети там толгон казына
Сен үчүн жыйган дүйнө ошол.
Балталап оозун ачайын,
Зарып кылып чачайын.
Атканада миң тулпар,
Түлөктө* турат жүз шумкар,
Бирөөнү койбой таратып,
Туш-туш жакка чачайын.
Зарып кылып малымды
Кулунум, сен үчүн кыйнап жанымды,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдыртып,
Ат күлүгүн табайын.
Медийнанын беш бурчун

Беш айланта кыдырып,-
Куш кыраанын табайын.
Ай ааламдын баарына
Кабар берип сиз дейин,
Катуу буйрук бир кылып,
Ок өтпөс тонду издейин.
Деп, ошентип Темиркан
Көп жалынып турду эми.
Бала чунак көкжалга
Көп жалынчы кылды эми:
Сунган бутун түк тартпай,
Жумган көзүн түк ачпай,
Манастан тууган көй кашка*
Баланы кудай урду эми.
Ашып-шашып Темиркан
Алаттуу мүшкүл иш көрдү,
Бу баладан, коркунуч
Мамындай мүшкүл күч көрдү.
Көрүп алып Темиркан
Бекерге карап турбады,
Дарс окуган* молдону,
Ак селдечен* кожону,
Себеп кылчу дарысын,
Жыйып журттун баарысын,
Дарс окуган молдолор
Баса окуп алды эле,
Мында бала болгон жок.
Ала чапан кожолор
Эчени дуба* салды эле,
Түк кыңкайып койгон жок,
Түгөнгөн жетим болгон жок.
Өз атасы Ысмайыл
Ал да келип жалынды,
Баякы бала Семетей
Ого төтөн таарынды.
Чоң энеси Алтынай,
Ысмайылдын Күмүшай,
Кайрадан кайра жалынды
Ого төтөн таарынды.
Ысмайылдын Кишимжан
Ургаачынын узу ошол,
Ысмайылдын кызы ошол,
Каныкей Букарга сапар келгенде,
Семетейди бергенде,
Балтыр бешик* жашында,
Көтөрүп жүрүп чоңойтуп,
Артык жакын башында.
Семетей Букар төрөсү,
Ошо келген кызыңыз
Семетейдин жанындай көргөн эжеси.

Басып ыйлап сабылып,
Көргөн жерде балага
Мендеден бөлөк жалынып:
Алтай минсе арыбас,
Кагылайын Семетей
Кара тулпар бууданым,
Нары чети уялаш
Үрөнүм бирге тууганым.
Кара кашка тынарым*,
Оозумду ачып өбөрүм,
Көзүмдү ачып көрөрүм,
Артымдагы карааным.
Ай, Семетей, уялаш
Каргылуу* шаардын чоң каны,
Кечке жаткан оңобу,
Кан таарынган болобу?
Кантет, иним, кантет деп,
Баглан козу*, керткен жал
Белендеп тамак аш алып,
Кантын кардай топуруп,
Тасторконун толтуруп,
Тургун, иним, тургун деп,
Туруп тамак ичкин деп,
Көп таарынып калба деп,
Мойнуна колун салды эле,
Кызыр чалган чунакты
Кытыгылап калды эле.
Каарды бала баштады,
Антип турган эжесин,
Көй кашканын тукуму
Жутуп ие таштады.
Түнөрүп турган куу жетим
Кишимжандай эжесин
Кагып калды как жаакка.
Катуу түрттү ар жакка.
Алтымыш топчу, кырк маржан*
Катуу тийип балбан кол
Кыйрап кетти быркырап.
Эбелектей Кишимжан
Учуп кетти дыркырап,
Кайран жанга күч келип,
Кара жерди таянса
Эки алакан сом эти
Такыр кетти быркырап.
Эки көзү төрт болуп,
Жайнап кетти Кишимжан.
Эби жок келип ачуусу
Каргап кетти Кишимжан.
Башыма жоолук салсамчы
Башымды ачып кайнымдан

Кызыталак куу жетим
Ника кыйып алсаңчы.
Көңүлү бөлөк акмактын
Көктөлмөгү да кыйын,
Көбүнчө бөлөк душмандын
Эптелмеги бек кыйын.
Эшек баксаң алты жыл,
Буудан болбойт турбайбы?
Эзели кыргыз бир бөлөк,
Тууган болбойт турбайбы?
Темиркандын шаарына
Тентип келип чоңойдуң,
Кан Ысмайыл шаарына
Каралап келип зор болдуң.
Теги башка тукуму
Тууганым десе жат экен,
Көтөнү бөлөк көктөлбөйт,
Көңүлү бөлөк эптелбейт.
Бөлөккө бурдуң бейлиңди,
Таап алгын жетим кул
Таласта кыргыз элиңди.
Деп ошондо муну айтып,
Каргап кетти Кишимжан.
Кишимжандан кеп угуп,
Жана Манас экенин
Айныбай бала бек угуп.
Ошо шаардын төрөсү
Жана жетти жанына
Көлөй деген эмеси.
Ала көөдөн эр эле
Кыялы чоркок эме эле.
А да жетти күпүлдөп,
Каарданып балага,
Жана келди дүпүлдөп.
Көрбөй койсо сагынып,
Баланы жакшы көрүүчү,
Ары чети бек сырдаш
Ыйманындай көрүүчү.
Мына ошондо Көлөй кан:
Атышкан жоо бузукту,
Сагынып калган экенсиз
Алыстан жылкы тийишти,
Артыкча кыргын сүрүштү.
Караан жанга болбойт деп,
Сен таарынып алган экенсиң.
Таарынбай чунак тура кел,
Менин айтканымды уга кел,
Боз адырмак тоо барбы?
Балам, болжошо турган жоо
Бекиген кымбат доо барбы?

Берен иним өөдө тур,
Мекеден келген жоо барбы?
Темир аркан тор барбы?
Бузулбай салыш кылууга
Тепчип кечер шор барбы?
Бээжинден келген жоо болсо
Берен иним муну айткын,
Бээжинге чейин сүрөйүн.
Бек кыргындын ичинде
Актулпар берчи минейин.
Бир кылга байлап жанымды,
Курман болуп алдыңа
Курган жаным кирейин.
Атынан түшүп эр Көлөй,
Асыл тарткан арактан,
Алтын курбу жан аяк
Топтолтура куйду эми.
Баланын башын көтөрүп,
Көлөкөң сунуп турду эми.
Сууда жекен* жалбызым,
Султан Семем жалгызым.
Көлөкөлөп кеткенге
Бааналуу түпкүр мазарым,
Сунган ашым ичпесең
Айланайын, кулунум,
Сынып калат назарым*.
Назарымды сындырба
Чынарым балам өөдө тур.
Келгендерден кеп уктум
Он эки күнү таарынып,
Аш ичпеди деп уктум.
Аш ичпеген өлүүчү,
Таарынган балаа көрүүчү.
Ичегиң күйүп дарт болот,
Боор этиңе кан толот.
Оорусаң бала оңбойсуң,
Кайран жан кетсе мүшкүл иш
Эгерде аман болбойсуң.
Арак деген ачуу аш,
Айып болсо кечип кой,
Астыңа түшөт кайран баш.
Астыга салса ак жолтой,
Арка кылам Букардан
Айдап жүрсөм сан колдой,
Жаш баладай таарынбай
Иче кой муну куу жолтой.
Көт жакта жүрсө ак жолтой, барбы?
Көлөкөң бийик сан колдой,
Башымды тарттым өзүңө
Ичип ий муну куу жолтой.

Деп ошондо Көлөй кан
Башын тартса болгон жок,
Көп жалынса Көлөй кан
Семетей, бир козголуп койгон жок.
Ачуусу келип тырышып,
Ала көөдөн киши эле,
Семетей менен урушуп:
Балам, сенин булаңды булап алдыбы?
Букарлык барып кулунум,
Таластагы кыргызды
Такыр кырып салдыбы?
Ушунчалык Букарлык
Сенин айыбыңа калдыбы?
Неге буздуң бейлиңди
Кырган киши кылча жок,
Кең-Колдо кыргыз элиңди
Ордолоп алган жүйө жок,
Оңурайып таарынып,
Сенин, ордунду бузган бирөө жок.
Букар Кең-Кол жер эмес,
Таласта май куйругун жара чаап,
Каныкейдей энеңди
Такыр талап качырган,
Абыке, Көбөш мен эмес.
Кейиттиң жаман таарынып,
Кең-Колдон бузган көчүң жок.
Кейитесиң таарынып,
Атаң Манас кандын өчү жок.
Кара кыя закым жок,
Кайраттуу шердин баласын
Күтүп тукум кылам деп,
Багып жүргөн жанакы
Темирканда акыл жок.
Буланы булап алганы,
Көңүлү бөлөк бул жетим,
Көп таарынып калган го
Букарга бузук салганы.
Арак ичпей таш ичкин,
Аздык кылса кыялың
Атаң Манастын канын кошо ичкин.
Деп ошондо Көлөй кан
Балакет сөздөн баштады.
Ачуусу келип түрс кыял,
Баланын башын жерге таштады.
Бура тартып сабылып,
Бир бөрүнүн баласын,
Багып жүргөн экен деп,
Агасы Темирканга таарынып.
Бул кабарды укканда,
Бала султан чиркин кул,

Ордунан турду Семетей
Бир кудайга жалынып.
Көлөй кандан кеп угуп,
Кыйыры бөлөк деп угуп.
Баабедин деп жүгүрүп,
А дүйнө кеткен Манас кан
Ата экени анык билинип.
Ордунан туруп жүгүрүп,
Кабынан чыгып жүрөгү,
Семетейдин кабыл болуп тилеги,
Көлөйдөн анык кеп угуп,
Эми ишенди Семетей
Атасы Манас деп угуп.
Манастан калган боз кисе
Моюнга кынай салынып,
Токойдогу Сары таз
Аныгын айткан экен деп,
Абасына жалынып.
Кудайдан тилеп жүргөмүн,
Букардагы Ысмайыл
Атам десем тагамсың,
Букардын каны Темиркан,
Ата экен десем таятам.
А кудурет баабедин,
Энекем Каныкейге барайын,
Амалдап жатып карыдан
Аныгын сурап алайын.
Асыл кыргыз биздин эл
Андан кийин барайын.
Деп ошентип Семетей,
Акылы качып, бек шашып,
Айбалтаны таянып,
Энеси Каныкей көздөй жөө басып,
Капка темир Букардын
Калаасынан чыкты эле.
Кызыр чалып керилип,
Бөлөкчө көзгө көрүнүп,
Күмүш кемер* курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып.
Эрте сөзү кеч болуп,
Энесин каалап көрүүгө
Эки көзү төрт болуп,
Басып барат Семетей.
Баланы мындай таштайлы,
Кабылан энең Каныкей
Кабарды андан баштайлы.
Букарда жатып кеп угуп,
Он эки күнгө Семетей

Тамак ичип, даам сызбай
Ооруп жатат деп угуп,
Кабырга сөөк сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Өкүрүп өксөп тура албай,
Көзүнүн жашын тыя албай,
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Жалгыздан кабар укканда
Айласы кетип буркурап,
Буйругу күчтүү кудайга
Мунаажат* кылып чыркырап.
Семетейге жетүүгө
Өлгөндө көргөн чунакка
Курман болуп кетүүгө
Элтеңдеп чуркап бел ашып,
Ашып-шашып жөө басып,
Тилегенин бир кудай
Берип салган кези экен,
Кайран энең Каныкей
Карк алдынан баланын
Келип калган кези экен.
Энекесин көргөндө
Ээлигип чунак токтобой
Колун сунуп кеп айтып,
Карааным энем деп айтып.
Тартылуу турган кара кыр
Кайып тосор желемсиң,
Караан кылган энекем
Эжекем десем энемсиң.
Кааласам кадыр түнүмсүң,
Маңдайымда пиримсиң*.
Теңиз атам өлгөндө,
Сан казына дүнүйөм,
Чачып келген экенсиң.
Төркүнгө тентип энекем,
Качып келген экенсиң.
Көөдөндөн акыл түк кетип,
Шашып келген экенсиң.
Канзааданын жалгызы
Качып жүрөр жөн барбы?
Катүгүн энем эл кайда?
Бекзааданын жалгызы
Безип жүрөр жөн барбы?
Береним энем эл кайда?
Элге жетер күн кайда?
Медерлеп тентип Букарга,
Темиркан келип конупсуз,
Төркүнгө келип тунупсуз.
Манастын тентиген уулу дедиртип,
Жаман атты кылыпсыз.

Темиркандын шаарына
Тентип жүрөр жөн барбы?
Теңиз энем эл кайда?
Деп ошентип Семетей
Сөзүн айтып турган соң,
Так кейиштүү мүшкүл сөз
Өзүн айтып турган соң.
Ата, кагылайын, иничек
Кара оозуна кан толсун,
Кандай неме аны айтат
Апий, иним, койгун деп,
Ыргып долу калды эле.
Энесине Семетей
Колун сунуп калды эле.
Шашкан бойдон балага
Колун берди Каныкей.
Кылт этип сөздөн жаңылбай
Иничек деп көп алдап,
Жообун берди Каныкей.
Жок сөзүн бала укту эми,
Баатырдан калган Семетей
Күйүп жаны чыкты эми.
Колун кармай калганы,
Кара жолтой жетим кул
Катуу кармап салганы.
Кармаганга чыдабай
Күйүп жанып чыркырап,
Айла кетип жан күйүп,
Айтып ийди буркурап:
Коё бер жетим колумду,
Кулунум, казба менин орумду.
Кайната бербе кулунум,
Капкайдагы шорумду.
Ырдайын азыр ырымды,
Кокуй жетим коё бер,
Айтайын азыр чынымды.
Атаң Манас өлгөндө,
Аркада эркек өзүң жаш,
Арамдардын баары кас,
Буламды булап алганда,
Бузукту иттер салганда.
Алайдан аккан тамчысы,
Май куйруктан кете элек,
Кулунум, Абыке кулдун камчысы.
Айтсам сөзүм дагы бар,
Энекең, мен карабет бейбактын,
Алты арам чаап жиберген
Эмчегимде тагы бар.
Зарлансам кудай алабы,
Кечээ, сени көтөрүп

Кейип тентип качканда,
Сыр-Дайранын чоң суусун,
Кырк эки тепчип кечкенде,
Бузултуп кудай санааны,
Боорума кысып баланы,
Жесирлигим билгизип,
Айдалыма энекем
Ал шордууну мингизип,
Зарлансам кудай алабы,
Балтырыма турган муз,
Менин сай сөөгүмөн калабы?
Кулунум, Абыке, Көбөш эки арам,
Мындан көрдүм кордукту.
Чыйбыт, Кочкор төрт арам,
Ошондон көрдүм чоңдукту.
Адыбай, Көлбай алты арам,
Аныктап көрдүм кордукту, уулум.
Кечээ, мен энекең Каныкей
Күйүктүн белин аша албай,
Күйүп тентип баса албай,
Жоргонун белин аша албай,
Чунак жан, жобоп* ыйлап баса албай.
Кепич тозуп, байпакчан
Кейисем өлбөй чунак жан.
Өтүгүм кетип, байпакчан,
Аласасы келбесе
Өлмөгү кыйын мобу жан.
Сыр-Дайра бойлоп кече албай,
Заманым кетип курган жан
Зыркырап ыйлап өтө албай.
Жатарыма кабак* жок,
Оозанып качар тамак жок,
Токсон беште энекем ыйлап чыркырап.
Акыл качып, ал кетип,
Ашыккан менен өтө албай,
Айлам кетип турганда
Абам Бакай ак жолтой,
Карааны бийик сан колдой.
Төрө Бакай — карыям
Атаң Манастан калган олуям.
Султан атаң Манасты
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган.
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Ай ааламга шер кылган,
Туюк жерде жолду ачкан,
Бекип жатса колду ачкан,
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Алты айчылык азапты

Азырынча ойлогон.
Капылетте сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Атаң Манастан калган Бакай шер,
Билген экен кайран шер,
Ат арытып жол чалып,
Каныкейлеп үн салып,
Кан атам Темирканга кат алып,
Эки чанач сүт алып,
Эки күлүк ат алып,
Эптеп сууну кечирип,
Өчкөн отум тамызган,
Өлгөн жаным тиргизген.
Бегирээк бузуп санааны,
Бегирээк жыттап көзүңдөн,
Коё бербей баланы,
Эри өлгөндө катынга,
Төркүнү жакын болот деп,
Колуман кармап кабыштап,
Кокуй Бакай абакем
Төрөдөн калган өзүңдү,
Букарга кач деп табыштап.
Букарга тентип келгемин
Буйрук кылган Бакай кан.
Байгамбар чалыш бабамдын,
Тилин алып мен жесир,
Тууганым, Ысмайылга бергемин.
Кыркып ийип чыбыгын,
Кылып берип ырымын,
Ит аягын кечирип,
Ысмайылга мен бердим.
Түбүмө чогуу жетет деп,
Атышчу жоо далай бар,
Жетиле элек кезинде
Башыңды кесип кетет деп,
Мойнуңа тумар тактырдым,
Атакем, Темирканга бактырдым.
Болбосо кырмалуу жагдан*, кырк килем,
Кыргыздын жайын мен билем.
Оймолуу жагдан, он килем,
Огойдун жайын мен билем.
Биздин элди сурасаң
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан, күмүш көп,
Боз коёндон, түлкү көп,
Биздин элди сурасаң
Сан казына мүлкү көп,
Шабиет* ойноп даң салган
Биздин элде күлкү көп.
Келеңкор чачпак, кең соору,

Келини сулуу биздин журт,
Кызыл көйнөк айча бел
Кызы сулуу биздин журт.
Аргын, кыргыз аралаш
Конуп жаткан биздин эл,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан биздин эл,
Элдин жайы ушундай.
Эсил уулум угуп тур,
Эми жайын айтайын:
Бир иши казба менин орумду,
Кайнатпа менин шорумду,
Сала бербе башыма
Уулум, киши кылбас сонунду.
Боз ала туйгун болпонум.
Боз карчыга чолпонум.
Өлөрүмдө көргөнүм,
Баашаман калган эрмегим.
Караганда кардым ток,
Өзүңдөн бөлөк бирөөм жок.
Көрөргө мынча күнүм бар,
Сенден бөлөк кимим бар?!
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым.
Найзага таккан желегим,
Семетей, айкөлдөн калган белегим.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Айтайын сөздүн аныгын
Угуптур бери эрмегим:
Сенин атаң өлгөндө,
Азапты куу жан көргөндө,
Айкөлүмдүн сан дүйнө,
Арамдын баары бөлгөндө.
Өлөйүн дедим арыман
Өлбөй калдым Семетей
Сен чунактын барынан.
Кетейин деп арымдан
Кетпей калдым кулунум
Семетей сенин барыңдан.
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат жем үчүн,
Канчаны көрдүм кулунум
Бир Семетей сен үчүн.
Кулаалы деген курган куш
Куюлуп учат жем үчүн,
Көп кордук көрдүм арамдан
Кулунум, балам сен үчүн.
Өкүрүп ыйлап айыңан
Өлбөй тентип келгемин

Өткөрө сенин айыңан.
Алты арамдын казабы
Өтүп кетти ошондо
Чоң атаң, чочко кандын азабы.
Келжиреген алты акмак
Кең-Колдон чаап көчүмдү,
Кейип тентип мен келдим
Алты арамдан, ала албай
тентип өчүмдү.
Угуп бала желигип,
Токтоно албай ээлигип.
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кайраты журтка көрүнүп.
Кыйын таздан кеп угуп,
Кыйры бөлөк деп угуп,
Аты бөлөк кашка деп,
Атасы такыр башка деп,
Отунчу таздан кеп угуп,
Атасы көкжал Манас каң,
Арта тууган деп угуп:
Энесинен кеп угуп,
Эли кыргыз деп угуп.
Ээлигип жетим токтобой
Арстандай көз жайнап,
Каалгадай кайран тиш
Бөлө-бөлө бек чайнап.
Токтобой санаа бөлүнүп,
Оозунан жалын төгүлүп.
Кан атам Манас өлбө деп,
Кайгысы көзгө көрүнүп.
Берен атам өлбөй кал,
Безип тентип Букарга
Курган баш адам болбой кал.
Бел байлаган бел кайда
Береним атамдан калган мурапым,
Белгилүү кыргыз эл кайда?
Бет алып кыргыз Таласка
Берен жан барар күн барбы?
Тар көчөсүн бааналап,
Он эки капка Букарды
Оолугуп жетим аралап.
Оолугуп бала төтөлөп,
О, дүйнө кеткен Манаска
Куран окуп келүүгө
Асылдан калган ак мал деп,
Бала Тайторуну жетелеп.
Оолугуп бала чыгарда,
Таянеси Алтынай
Чыңырып ыйлап сабылып,

Чындап кирип ошондо
Темирканга жалынып:
Айланайын, Темиркан,
Кара көңүл кан элең
Малга кароо жан элең.
Ушу турган жетимдин,
Дегенине көнбөсөң,
Ушу турган Актулпар
Тартуу кылып бербесең.
Таарынып кетсе Букарга
Буламды булап алат го,
Бузукту чогуу салат го.
Түпкө чогуу жетет го,
Түгөнгөн Букар шаарын
Түгөл кырып кетет го.
Кызыкты бала салбасын
Кыздардын баарын токмоктоп,
Таласка айдап барбасын.
Жетим жүрүп жетилди,
Жергеге минтип кошулду.
Букарга келип оңолду,
Бузулуп келип зор болду.
Ок өтпөгөн тон эле
Көк күпүнү* кийгизгин,
Ок жетпеген мал эле
Актулпарды мингизгин.
Ичинде кырты калбасын*
Аталыгың билгизгин.
Буурукмасы кармаса
Букардын элин жебесин,
Бузук киши экен го
Таятам, бузулган экен дебесин.
Айтканымды биле көр,
Асынганда айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда
Аманат жандын эрмеги,
Ойногондо Очогор,
Чындаганда Койчагыр,
Артык темир Алмабаш
Ыраакы-жуук ылгабас,
Аманат жанга күч келсе
Он эки күнгө бузулбас.
Каным, дегениме көнө көр,
Букардагы караан кылган жээниңе
Боз келтеңди бере көр.
Таянеси чыркырап,
Тартуу кылгын мүлктү деп,
Айтып турду буркурап.
Угар замат Темиркан
Тегереги чынар бак,

Ортосунда алтын так.
Ашып-шашып жүгүрүп,
Так түбүндө мунара*
Мунарага жүгүрүп.
Чыга калып караса
Баягы жетим Семетей
Манас кебин кийиптир:
Каарынан жан чыгып,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан,
Жандай салып камынып.
Касаба* колдо калкылдап,
Атасы Манастан калган боз кисе
Кайран белде жаркылдап.
Көк сүлөөсүн, суусар бөрк
Башына кийип ээлигип.
Бала калган экен жээлигип.
Атасы, Манастан калган курч болот
Билекке кынай чалыптыр,
Алтын жаак айбалта
Шордуу энеси Каныкейден алыптыр.
Сөлөкөтү сөлбөтү,
Ар мүчөсү келбети,
Атасы Манастай болуп калыптыр.
Көрүп турган калайык
Адам, жүгүргөндөй болуптур.
Көрүнөө душман жанынан
Түңүлгөндөй болуптур.
Тукум калып артында
Көрүнөө Манас кабылан
Адам, тирилгендей болуптур.
Боз ала туйгун болпоңго
Боору эзилип тура албай
Күйөөсү Манастан калган чолпонго,
Каарданып төтөлөп,
Ордодогу Актулпарды таятасы Темиркан
Балага тартуу кылды жетелеп.
Мойнуна кемер салынып,
Боздоп турду Темиркан
Семетейге жалынып:
Ой, Семетей, кулунум,
Барайын десең атаңа
Көңүлүн жаман бузган көп,
Сени менен кездеше турган душман көп.
Кыр жагыңда кытай бар,
Бет жагында бараң бар,
Сени менен басташчу жоо далай бар.
Тил үйрөттүм жоо үчүн
Тилсизден жолдош берейин,

Кулунум, жетим Семетей
Кылыч тумшук пилимди ал,
Кымбатым жетим тилимди ал.
Ушу турган Букарды
Кагылайын жетимим
Такыр жыйнап баарысын
Чубатууга салайын.
Өлчөлүү жерден болжош ал,
Кагылайын, кулунум,
Өзүңө ыктуу жолдош ал.
Жазбай аткан мергенден
Балам, мындан жүздү берейин.
Айзакерден ыктуудан
Андан жүздү берейин.
Айбалта чапчуу мыктуудан
Мындан жүздү берейин.
Кара мылтык карс этсе
Качпай туруп салышчу,
Камбылдан жүздү берейин.
Чогоол мылтык чорт этсе
Чочубай жоого кирүүчү
Балам, даңгылдан жүздү берейин.
Жүйрүк тууган чеченден
Мындан жүздү берейин.
Өлгүчө турчу жолдоштон
Мындан жүздү берейин.
Булардан жүздөн берген себебим
Кең Талас саа жер эмес,
Абыке саа эл эмес,
Олуят саа бата эмес,
Чоң атаң чочко кан саа ата эмес.
Чалгынга минсең чарчабайт,
Оорукка* минсең оорунбайт.
Алты ай минсе арыбайт.
Ажалы туура жетпесе
Акыры жүрсө карыбайт.
Кара байыр казанат
Жана калбыр өпкө, жез билек,
Чылбыры тутам калгыча
Чындаган жоого алдырбайт.
Чын казасы келбесе
Миңгенин жоого чалдырбайт.
Жылкыдан каалап берейин
Кулунум, Актулпар өңдүү малымды ал,
Аздык кылса жолдошуң
Кулунум, жетим жанымды ал.
Калаалуу Букар шаарымды ал,
Эрендердин баарын ал.
Экөөмдү коюп бирөөмдү ал,
Өгөөмдү* коюп бүлөмдү* ал.

Өкүрүп канча сөз салдым,
Өлтүрбөй жетим тилимди ал.
Таятам Темиркан шордуу экен деп,
Бул кызматым билип ал.
Атышка кирсе ок өтпөйт,
Сайышка кирсе найза өтпөйт.
Каалап берди таятаң
Көк күпү бердим кийип бар,
Актулпар бердим минип бар.
Анан баргын Таласка,
Минтип куран окуп кел,
А дүйнө кеткен атаң Манаска.
Таятасы Темиркан антип турган соң
Каалаганда Актулпар
Жетимге тартуу кылган соң,
Алы калбай сүйүнүп,
Таятасы Темирдин,
Ок өтпөсүн кийинип.
Алдыңкы кашы ак алтын,
Көткү кашы чылк күмүш.
Эки каптал эн темир,
Эңишке минчү аккаңкы,
Ошондо бала токунуп,
Актулпарды минди эле.
Таятасы Темиркандын боз келте,
Ай далыга илди эми.
Атасы Манастан калган боз кисе,
Кынай белге чалды эле.
Күлүмсүрөп сумсайып,
Күндөй бетин нур чалып,
Атырайып сумсайып,
Айдай бетин нур чалып,
Семетей кылды шумдукту:
Кагылайын таята
Бул кебиңди ким уксун,
Көз байлаган түн уксун,
Казылуу калың ор уксун,
Кайнатылуу шор уксун,
Мындан бөлөк ким уксун.
Темир аркан тор алып,
Тегерете кол алып,
Кылыкты кантип кыламын,
Кымбатым атамдан калган казына
Кыргызды кантип кырамын.
Сенден жыйнап кол алып,
Чалгыным кантип чаламын.
Чакташкан кытай душман жок,
Абыке, Көбөш тууганга
Мен, чалышып кантип барамын.
Ажал жетсе өлөмүн

Оомийин деп кол жайып,
0 дүйнө кеткен атама
Мен, куран окуп келемин.
Таласты көздөй ээлигип,
Тартынбай бала желигип,
Капкага бала жеткенде
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Кайран энең Каныкей
Тосуп калган кези экен,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Чылбырдан кармап буркурап,
Энекең, коё бербей чыркырап,
Түнөтмөк болду конокту
Энекең, баштамак болду жомокту.

КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Чыңырып ыйлап буркурап,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз
Энеңден бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Ой, кулунум, угуп ал
Муңканганым Аксарай
Муңумду айтам бир далай.
Казылып калган орумду ук,
Караан кылган жетимим
Кайнап жаткан шорумду ук.
Адам бир болсоң жетимим
Ичимден чыккан сонунду ук.
Дүнүйөм көрбөй тыйынча
Чачканымдан келейин
Таластан качып жөө тентип,
Кулунум, качканымдан келейин.
Кечээ, береңиң атаң өлгөндө,
Беренден калган сан дүйнө,
Бет алып кирип алты арам
Казынаны бөлгөндө.
Булаңды булап алганда,
Алты арам бузукту мыктап салганда.
Эсебим жаман тапканда,
Көкбөрү* кылып сүйрөтүп,
Менин эмчегим жара чапканда.
Зарлансам кудай алабы
Тиледим сендей жалгыз баланы.
Алты арамдын куйругум жара чапканы
Сай-сөөгүмдөн калабы?
Уулум, адырда жылкы ала баш,
Аркада чунак өзүң жаш,
Айкөлүм атаң өлгөндө,

Моминтип таланды көргөн ушул баш.
Абыке, Көбөш эки арам
Мындан көрдүм сабоону,
Чыйбыт, Кочкор төрт арам
Мындан көрдүм талоону,
Адыбай, Көлбай алты арам,
Ашкере көрдүм камоону.
Атаң Манастан калган кырк чоро
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Ошондон көрдүм кордукту.
Менин алтыным болду көмүрчө
Казынам бузду семирсе.
Күмүшүм болбой көмүрчө,
Күйгөндү билбей семирсе.
Кыркы кырк жерден келген кан эле,
Таласка конгон ал эле,
Ок өтпөгөн тон жасап,
Ойрон энең мен элем
Оюңа муну ала жүр
Ой жетим, унутпагын теги эле.
Муңкансам сөзүм бир далай
Муңумду айтам угуп ал.
Аргын, кыргыз аралаш
Элдин жайын айтайын,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жердин жайын айтайын.
Тайган иттей бүрүштөп,
Желген жерден келейин,
Кулунум уулум угуп ал
Таластан качып, жөө тентип,
Келген жерден келейин.
Казынама кайгырып,
Чачкан жерден келейин.
Таластан сени көтөрүп,
Уулум, качкан жерден келейин.
Мен энекең бейтаалай
Эл маанисин айтайын,
Жетимим мындан жол тартсаң
Жер маанисин айтайын:
Букардан чыгып жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Токумдай жерде коосу жок.
Томуктай жерде тоосу жок,
Буурсун тийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуң тартып урчтанган,
Кең Букардын кең Ак-Чий
Кең Ак-Чий деген жер ошол.
Кейип тентип Букарга

Качып келген мен ошол.
Кебимден кылча унутпай
Эстеп жүргүн сен ошол.
Кең Букардын зор Ак-Чий
Алты күндө өтөрсүң.
Андан ары барганда
Күлешендин Гүл-Токой,
Гүл-Токойго жетерсиң.
Гүл-Токой жайын айтайын:
Кайыңга тууган куштары,
Камынып турат учканы,
Терекке тууган куштары,
Жетимим, темингендир учканы.
Тоосунда кары бар,
Токою толгон чары бар.
Булбулу сайрап отурса
Мундуу киши чыккысыз.
Тоту куш талдан үн салса
Күйүттүү бенде уккусуз.
Алма бышып көң болгон,
Каңгагы кулап сай толгон.
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай.
Тымчыгы бар улардай,
Чынары бар мунардай.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Тектиринде теке бар,
Будурунда бугу бар,
Адырында аркар бар.
Кулактарын чунайтып,
Бөрү ал жерде жүрбөгөн,
Куйруктарын чубалтып,
Түлкү ал жерде жүрбөгөн.
Үйдөй-үйдөй чынар бар,
Чынарында булар бар,
Чындап уулум көзүң сал.
Бир бутагы чынардын
Ала карга ал тууган.
Бир бутагы чынардын
Коко тамак чар тууган.
Бир бутагы чынардын
Самсаңдап учкан сары тууган.
Чындап жетим көрүп ал
Жан бүткөндүн баары тууган.
Ээрин алып жайдактап,
Актулпарды баймактап*,
Аккаңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Чыканактап тынч алып,

Чырм этип уйку алып,
Шашпай уйку кандырып,
Тулпарынды чалдырып,
Өргүп гана кетчү жер ошол.
Чаалыгып энең качканда,
Алты күнү жан багып,
Энекең шордуу жаткан жер.
Күлешендин Гүл-Токой,
Күнүм жетим унутпа,
Гүл-Токойдон кеткенде,
Ары карай өткөндө
Боз ала чаңгыл, Боз-Бөлтөк.
Боз-Бөлтөккө жетесиң,
Боз-Бөлтөккө чыкканда
Балакетиң алайын,
Кулунум, бир ээлигип кетесиң.
Чунак уулум угуп ал,
Көңүлүң жаман бөлүнөт
Алды^жагың карасаң
Айтылуу Кокон көрүнөт.
Андан ары ашканда
Боз мойнокту басканда
Көк өзөндүү бел келет,
Көрсөң мындай жер келет.
Аман-Жолдун бели ошол,
Эсил энең карабет келген жол ошол.
Какылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок
Ал жолдон ары кетерсиң.
Боз ала туйгун болпонум,
Боз карчыга чолпонум.
Өлчөп чачым өргөнүм,
Өлөрүмдө көргөнүм.
Бир көрөргө түнүм бар,
Сенден бөлөк кимим бар,
Жалгызым аман болсо деп,
Бир кудайга кылдым зар,
Эчен уруу жол айтам
Абайлап уулум угуп ал.
Аман белди басканда
Андан ары ашканда,
Сыр-Дайраны басарсың.
Кемпир менен баланы
Керилип куу жан көтөрүп,
Тарчылыктуу күн көрүп,
Таластан тентип кеткемин.
Кыштын кыраан чилдеден
Мен энекең бейтаалай
Ошол аккан Сыр-Дайра
Кырк эки тепчип кечкемин.

Сыр-Дайрадан кечерсиң,
Ары карай өтөрсүң,
Чыйырчык, Салар эки өзөн
Эки өзөнгө жетерсиң.
Олуя өткөн мазар бар
Кагылайын, кулунум,
Зыярат* кыла кетерсиң. .
Андан ары баргында
Боз мунарык керүү ошол,
Чалкайыңкы кең өзөн,
Олуя-Ата жери ошол.
Олуя-Ата барганда
Күн батышты карасаң
Кара-Балта, Сокулук
Бүлбүлдөп жону көрүнөт,
Ошолорду көргөндө
Уулум, көңүлүң жаман бөлүнөт.
Оң колго жетим бурулсаң,
Ээр белдей боз мойнок
Жорго деген бел ошол,
Энекең, мен карабет бейтаалай
Жобоп ашкан жери ошол.
Ошол ээр белдей мойнокко,
Чыга көр, жетим, сен ошол.
Ар жак жагын карасаң
Бөөт-бөөт жер келет,
Бөлтөк-бөлтөк бел келет.
Адыр-адыр жер келет,
Адырмак артуу бел келет,
Жылгындуу Кең-Кол жер ошол.
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Жыргалдуу кыргыз эли ошол.
Ошол элден айрылып,
Каңгырган энең мен ошол.
Жана жетим туп ал
Коргонум кокуй болгон жер,
Кошун талап мүлкүмдү
Алты арам алып тойгон жер.
Бура тартып карасаң,
Балакетиң алайын,
Үч-Кошойдун бөксөсү,
Айтып берсе түгөнбөйт
Энекең Каныкейдин өктөсү*.
Айтканым жалган болбосо
Жесир энең долуну
Же кырсык чалып койбосо.
Бактыясы* качпаса,
Байкушуң энең шашпаса,
Үч-Кошойго барганда
Жетимим, таң билбеймин иш кыйын,

Жан жүрбөгөн талаадан
Жетимим, астыңдан чыгат бир буюм.
Калайыкка сынаакы
Кадырын тапсаң жетимим
Кан атаң, Манастан калган мураапы.
Бейдаараттуу бендеге,
Кабылбаган Кумайык,
Бейли жаман адамга
Табылбаган Кумайык.
Кайыбынан кабылган,
Медияндын чөлүндө
Беш күн атаң жол тартып,
Барып сууга кезигип,
Даарат* алган жеринде,
Кум-Булактын өзүнөн,
Чоң кумайдын боюнда,
Чоң дөбөнүн өзүндө,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Кайыбынан кабылган,
Кыямат кеткен атаңа,
Ошол жерде табылган.
Өзүн көк жору тууган кызыл эт,
Көз ача элек кезинде
Көкжалың кан атаңа табылган.
Аргын кандын Ажыбай
Атакеңдин жолдошу,
Олуят эрдин эр Бакай
Атакендин, о дүйнөлүк болжошу,
Кол башындай сур күчүк,
Кумайык таап алганда
Атын Кумайык кыраан коюптур.
Тойлугуна кан Бакай
Тогуз боз бээ союптур.
Улама сөздөн улаптыр,
Бакай, өз билгенин сураптыр.
Кабылан тууган кан Бакай
Капанын баарын жоюптур,
Мындай кызмат кылбаса
Берен Манас угуп ал
Айып болот дечү эле,
Көп кирдетип койбосо.
Үшүнтүп турса Кумайык
Кайып болот дечү эле.
Ар бир тоону жердеген
Кайып багат дечү эле,
Сыңар күнөө кылбаган,
Ургаачыда бир адал
Зайып багат дечү эле, Манас,
Бакай кан, Манас кеңешип,

Бакай акыл тааптыр.
Манас, мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Кең Букар өңдуу жер көрдүм,
Керилген бейбак эр көрдүм.
Букардан Темиркан көрдүм,
Бир олуязаада жан көрдүм.
Өзү кара сурдун сулуусу,
Мусулмандын нурдуусу.
Ургаачынын айзакерден ыктуусу,
Зайып заттын мыктуусу.
Өзү үзүлгөндү улачу, деп,
Чачылганды жыйначу.
Өзү кадыр түн экен,
Олуя чалыш күң экен,
Ургаачынын узу экен,
Букарда, Темиркандын кызы экен.
Өзү бала секелек,
Он төрттөн жашы өтө элек.
Сексен төөгө дилде артып,
Темирканга баралык,
Кааладым, кызың бергин
Барып сөйкө* салалык*.
Кудай берсе кырааңды,
Каныкейге, бир бактырып алалык.
Бу Кумайык кыраандын
Капасына жүрө албайт,
Каныкей багып бербесе
Каадасын, бөлөк катын биле албайт.
Күндүз жүрбөй, түн жүрүп,
Күдөрүн үзбөй, күн жүрүп.
Сандык-сандык белди ашып,
Самаркан бойлоп жер басып.
Сенин атаң кан Манас
Ажыбай, Бакай ал болуп.
Кең Букарга барганда
Сексен төөгө дилде артып,
Атаң Манас кабылан
Мага куда боло калганда.
Мойнума сөйкө салганда,
Башымды торгоп калганда.
Өзүм бала секелек,
Өрүмгө чачым жете элек.
Мен энекең бейтаалай
Ургаачыдан уз кезим,
Он төрттөгү кыз кезим.
Көкжалым атаң келгенде,
Дардайып Манас кабылан
Мени көбүрөөк кыстай бергенде.
Кол башындай сур күчүк

Көз ача элек кезинде,
Сенин атаң кан Манас
Энекең мен шордууга бергенде
Кан атаң Манас шерт кылган,
Убаданы бек кылган:
Кумайык багып сен берсең
Азарым* анык салармын,
Кол жеткен жердин баарына
Каныш кылып алармын.
Артылып камчы чаппасмын,
Айкалтып күнү албасмын.
Бенделигим билгизбейм,
Бек сөзүм сизге тийгизбейм.
Жүдөө баксаң жаманат,
Кумайык сага аманат.
Мойнуна тумар тага көр.
Жаман багып сен койсоң,
Ушу турган Букардын
Буласын булап алармын,
Бул Кумайык ит үчүн
Бузукту мыктап салармын.
Атаң муну көп айтып,
Аста басып келгенде.
Кол башындай сур күчүк
Аманат кылып табыштап,
Энекең, мен шордууга бергенде.
Колума алып карасам
Мал болору чак экен,
Көңүлсүз бакса тайганды*
Карантүн салып куу башка
Өлүп калчу табы экен.
Амалым такыр кетет деп,
Ажалы чогуу жетет деп,
Аңдабай койсо бу күчүк
Ачкадан өлүп кетет деп,
Оозум менен сүт берип,
Минтип бактым тайганды.
Колум менен эт берип,
Күйүткө салдым күнүмдү,
Жийиркенип бой жыйбай
Упчу кылдым тилимди.
Алман* салып Букардан
Байтал бээни* сойдурдум,
Байтал бээнин бал казы
Тишим менен ордуруп,
Тилим менен сордуруп,
Минтип бактым тайганды.
Чыканактап тынч албай,
Чырм этип уйку албай,
Минтип бактым тайганды.

Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Антип бактым тайганды.
Кыш убак өтүп, жаз жетип,
Акыл ооп, ал кетип,
Эл санаган аз болуп,
Тайганга, азуулу арам кас болуп.
Атакем Темиркандын зор ордо
Кырк кез* орду каздырдым.
Кумайыкты салдырып,
Букардан чыккан кырк мерген
Кумайыктын башына
Сакчы коюп салдырдым.
Арстанга чалдырбай,
Өзүң көргөн Кумайык
Бөөдө өлтүрүп салдырбай,
Араң сактап калтырдым.
Алты айга мезгил толгондо
Багып жүргөн Кумайык
Жойлоор чагы болгондо,
Жолборс да болсо тиштешип,
Ойноор чагы болгондо
Күйүп турган чок чыгып,
Азуулудан андай тентек жок чыгып,
Мойнунда болот каргыны*
Жара чайнап салганы,
Энекең, мен карабет бейтаалай,
Чыңырып кармап алгыча,
Сөксөөлдүн чогуна
Куйругун чаап алганы.
Куйругу чокко тийгени,
Эки эли жери күйгөнү.
Менин, бейлимди кудай алганы,
Ошо күнү, берен атаң канзаада
Каарданып дардайып,
Чаначтай мурду барбайып,
Күйөөлөп түшүп калганы.
Кумайыкка сын кылып,
Куйругун көрүп чыр кылып,
Курган башка сын кылып.
Этене тайтаң*, эсер күң,
Айтканыма тил албай,
Кадырымды биле албай,
Уручу кудай урду деп,
Көпкөндүктү кылды деп,
Баккын деген асылды
Күйпүл күчүк кылды деп,
Колуман кармап имерип,
Колтукка тээп жиберип.
Шер жасаган кан атаң,

Серпилип буту жеткенде
Он эки бирдей кабыргам
Окустап тартып кеткенде,
Таамай эки кабыргам
Такыр кыйрап өткөндө.
Өлүп калбас жан болдум,
Көөкөр үйлөп* чунак жан
Алты айда араң мал болдум.
Үтүрөңдөп мен шордуу
Кабагым-кашым дебедим,
Жаман катын биринде
Атаңа каяшаяк бербедим.
Өз азабым тарткамын,
Атаңа өзөктөп сөздү айтпадым.
Өткөн иштин жайынан,
Чуулгандуу Кумайыктын айынан,
Жазайыл салып мойнума,
Бир Кумайык ит үчүн
Атакең, жатпай кетти койнума.
Өзөнгө бойлой конгомун
Кумайыктын айынан,
Жатпай коюп кан атаң
Алты ай салбар* болгомун.
Ок өтпөгөн тон жасап,
Олуя өткөн атаңа
Өлгөндө катын болгомун.
Кулунум, эми Кумайык жайын айтайын:
Айтайын десе тили жок,
Атандан калган Кумайык
Айбандан эстүү жаныбар.
Бөдөнөдөй бөгүлүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Аза күткөн* Кумайык,
Алты күнү аш ичпей
Куруп калган Кумайык.
Атаңды жууган жерине
Алтымыш күнү үн баспай
Улуп калган Кумайык.
Өөдө болуп жойлобой,
Бөгүп калган Кумайык,
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп салган Кумайык.
Аза күтүп атаңа,
Куруп калган Кумайык.
Айбан минтип турганда
Адам кантип турат деп,
Бенде карап турбаган,
Кумайыкты көргөндө
Баякы, бereниң Бакай ыйлаган.
Алты кырдын жонунда,

Бери карай качканда,
Кара көзүм кашайып,
Калып калды Кумайык
Алты арамдын колунда.
Айтсам, алдага сөзүм зар эле,
Абыкедей какшаалга
Азганакай Кумайык
Үйүрлүгү бар эле.
Алдап кармап алгандыр,
Аңга алпарып салгандыр.
Аюуга салса тиштебей,
Адал кызмат иштебей,
Башын жерге салгандыр,
Улуп жатып алгандыр.
Ити да душман оңбойт деп,
Манастын бардыгындай болбойт деп,
Ээрчиткен адам тунбайт деп,
Манастын барындай кызмат кылбайт деп.
Каргыдан байлап үйрөтүп,
Камчыга алып сүйрөтүп,
Кызыл ала кылгандыр.
Токмоктоп жүрүп ургандыр
Иттей кордук кылгандыр.
Эл өөдөгө тартарда
Кубаты мындан кетсин деп,
Ажалы минтип жетсин деп,
Жашыган өпкө бергендир,
Кордукту Кумайык шордуу
Эл ылдыйга түшөрдө
Амалы мындан кетсин деп,
Ажалы мындан жетсин деп,
Түктөп ийип арпаны
Кебегин аталага чалып бергендир.
Өпкөсүн кебек сайгандыр,
Ушул быйыл Кумайык
Дүпөйүл гана болуп калгандыр.
Кабылан көкжал өлгөнү
Он эки жылга толду деп,
Досум Манастан калган жетимим
Он эки жашар болду деп,
Ушул быйыл жетим кул
Келер чагы болду деп,
Тилёгимди бир кудай
Берер чагы болду деп,
Жылды эсептеп алгандыр,
Кезеңчини ашкандыр,
Бери карай баскандыр.
Сенин келериң анык билгендир.
Үч-Кошойду бөксөлөп,
Суур уулап жүргөндүр.

Адырдагы аркарга
Айдап кыргын салгандыр.
Будурдагы бугуну
Бугуп жүрүп жаргандыр.
Ушу быйыл Кумайык
Түзөңдөн кулан куугандыр,
Кезиккенин жаргандыр,
Семирип, сергип алгандыр.
Адырды чалып токтобой
Бозуп жүргөн кезидир.
Айтканым жалган болбосо,
Айкөлдөн калган жалгызым
Семетей качан келет деп,
Сени тосуп жүргөн кезидир.
Кумайык сени көргөндө
Айтайын десе тили жок
Улуп чыгат Кумайык.
Жаныңа жакын калганда
Баспай улуп бөгүлөт,
Өзү, айбандан бөлөк шумдуктуу,
Ошонун, көзүнүн жашы төгүлөт.
Арстан түрдүү үнү бар
Атаң Манастан калган Кумайык,
Алты бөлөк жүнү бар.
Көчүгү ичке, көөдөн чоң,
Кумайык өңдүү кыраан жок.
Жолборстон кайра тартпаган,
Атакеңдин Кумайык
Аюудан кайра кайтпаган.
Тиштегенин бүлдүргөн,
Жыргатып ээсин күлдүргөн.
Агытсаң кыраан ит ошол,
Алып келсең кулунум
Атаң Манас айкөлдөн калган мүлк ошол.
Каргыдан байлап чала кел,
Энекең карабетке ала кел.
Кулунум, таштап келсең жаманат,
Атаңдан калган Кумайык саа аманат.
Шек кетирсең Кумайык
Тукуму туура оңбойт деп,
Туйгунум Манас көкжалдын
Дал өзүндөй болбойт деп
Кезеңчени ашпасын,
Кейитип сени каппасын.
Кумайыкка кезигип,
Кучакташып турганда,
Кызматың анык кылганда,
Оң жак жагың карасаң
Кула чолок бээ чыгат.
Кула бээ кармап соё кет,

Карыш казы анда бар,
Жанына Кумайыкты коё кет.
Кумайык жайы момундай.
Муну мындай таштайын,
Жана уулум угуп ал,
Бер жагынан баштайын:
Айтып боздоп отурсам
Алдага сөзүм зар эле,
Атаң көкжал кандын колунда
Жан кубантып салуучу
Акшумкары бар эле.
Атаң Манас өлгөндө,
Алты күнү күн тийбей,
Күн караңгы түн түшкөн.
Атаң Манас өлгөндө,
Жамыят* карап турбаган.
Катагандын кан Кошой,
Элемандын эр Төштүк,
Эштектердин Жамгырчы,
Дөөлөрдүн баары ыйлаган.
Ошол атаң өлгөндө,
Дүмөктү бул баш көргөндө
Алтын боосун талкалап
Тытып кетти Акшумкар.
Кайып болуп дүйнөдөн,
Качып кетти Акшумкар.
Жердин жүзүн чалгандыр,
Ушу быйыл Акшумкар
Оюна сени алгандыр.
Бадыша Манас көкжалдын
Бар арбагын билбесем,
Манастан калган жетимге
Бир тукумум бербесем,
Иттигимди билер деп,
Таңды макшар күнүндө
Мени, кара эшек кылып минер деп,
Имерме тоонун кайкаңга,
Ителги туубас тайпаңга,
Айтканым жалган болбосо
Жетимим, жетип уя салгандыр.
Нарындын башы Чатыр-Көл,
Ошондо жүргөн куу кумпай
Бой кошушуп калгандыр,
Үйүгүшүп алгандыр.
Бөксөнү тосуп аң-кушка
Быйыл кыргын салгандыр.
Кууну айдап куугандыр,
Ала телек кар кете
Тукумун шумкар тууган дыр.
Бөксөнү тосуп Акшумкар

Келериң быйыл билгендир.
Кум арыктуу дайрадан
Атаңдан калган Акшумкар
Куу бөктөрүп жүргөндүр.
Капчыгайлуу зоолордон,
Хаз бөктөрүп жүргөндүр.
Боор жүнүн чачкандыр,
Отуз эки күн басып,
Жумурткасын ачкандыр.
Тукумун туура жаргандыр,
Ушу жолдо баласы
Кара ала болуп калгандыр.
Ала келсең Акшумкар,
Ала турган табыдыр.
Сен барганда баласы
Темене канат* чагыдыр.
Кырааны журтка сынаакы
Кыямат кеткен атакең
Манастан калган мураапы.
Кондуруп салсаң куш ошол,
Атаң, Манастан калган мүлк ошол.
Акшумкар сынын айтайын:
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез.
Көзү кара, көк шал бут,
Көргөндөн кайра тартпаган,
Көнөктөй жемден артпаган,
Талпынгандан тартпаган,
Табактай жемден артпаган.
Куйругун жыйып шукшурбайт,
Кууну көлдөн учурбайт.
Канатын жайып шукшурбайт,
Акшумкар, казды көлдөн учурбайт.
Жем баштыкка сала кел,
Сасык канат кылбастан
Жакшы багып берейин,
Энекеңе ала кел,
Акшумкар жайы момундай.
Аны мындай таштайын
Жана уулум угуп ал
Ар жагынан баштайын:
Ар жак жагы сары өзөн
Кең Таластын бою ошол,
А дүйнө кеткен атакең
Мекен гана кылган жайы ошол.
Ошол Талас боюнда
Энекең Каныкейдин Аксарай,
Каалгасы темир сом калай,
Катын да болсо энеңдин
Сөөлөтү гана болчу бир далай.

Эсил атакең аман барында
Энекендин коргонго
Жолун душман чалбаган,
Жолоп эч ким барбаган.
Сакчылары сандан көп.
Кароолчусу андан көп.
Эшиктин алды жагында
Жин бериден жетөө бар.
Кылыччандан кыркы бар.
Найзакерим алтымыш
Кан атаңдын барыңда
Энекең, мен карабет бейбактын
Кароолу мынча болуучу.
Коргонум кулап оңгондур,
Сакчылар турган Аксарай
Бузулуп короо болгондур.
Чынардын баары кыйылып,
Чындап кудай ургандыр.
Жетимим, чын касиет тыйылып.
Куркулдаган кузгун жок,
Какылдаган карга жок,
Жан бүткөндүн баары жок,
Талас ээн калгандыр.
Атаңдан калган кайран жер,
Ушундай шумдук болгондур.
Муну мындай таштайын
Бер жагынан баштайын.
Ары карай сен барсаң
Таластын суусу ташкандыр,
Там башынан ашкандыр.
Үрбүстүн суусу киргендир,
Үстүнөн үйөр жүргөндүр.
Сен барганда ал Талас
Аябай кирип жаткандыр.
Бастырып сууга сен киргин,
Балакетиңди алайын,
Кара чаар кабылан
Кадимкидей бар болсо,
Капталындан чамынат.
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынат.
Ошо сууга киргенде,
Аяш атаң болуучу
Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер
Жекени* белге курчанган,
Жети түмөн* кол келсе,
Желбегей кирип кол салган.

Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү.
Ай сарала ат минген,
Түпөгү* жок айза алган.
Жанына жалаң кылыч байланган,
Алтын айдар, чок белбоо
Бээжинде Азизкандын баласы
Алмамбет астындан чыгып көрүнөт.
Анын бер жак жагында
Көк ала сындуу ат минген,
Көк ырапыс* тон кийген,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Алышса, арстандын тиши өтпөгөн,
Адамдын алы жетпеген.
Акбалтайдын Чубагы
Астыңдан чыгып оолугат.
Ажыбай, Бакай эки кан
Астыңдан чыгып жолугат.
Бер жагыңды карасаң
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Кара калпак кыргагы,
Кан атаңдын Сыргагы,
Балам бери тарткын деп,
Коштоп чыгат бу дагы.
Орто бойлуу, кең далы,
Асты жагын карасаң
Алты миң эрдин сүрү бар,
Аркасын сала бергенде
Арстандын түрү бар,
Маңдайы жарык ак жолтой,
Бийиги бийик сан колдой.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Аккула өңдүү ат миңген,
Атаң Манас артык шер,
Кулунум, колдочу жери ошол жер.
Ошо белги бар болсо,
Ары таман барып кел.
Ошо белги жок болсо
Ары гана барбай кайтып кел.
Белги көрбөй калдым деп,
Энекең, мен шордууга айтып кел.
Ал белгини көргөндө
Андан ары барарсың
Кең-Шор деген жер ошол,
Көрүп кел Кең-Шор жер ошол,
Атаң Манасты жуткан мен ошол.

Атаң Манас өткөндө,
А дүйнөгө кеткенде,
Атаганат дүнүйө
Асылым ала кеткин деп,
Атаңдан калган кырк чоро
Катар туруп өкүргөн.
Кара токой тал бүткөн,
Атаңа кудай жар бүткөн.
Ушу бүгүн Кең-Шордо
Кулунум жетим көрө кел.
Берен атаң өлгөндө
Бereним ала кеткин деп,
Тарак тийбес кара чач
Ошондо, тал-талынан жулгамын.
Тал-тал чачым жулган жер
Тал-тал токой тал бүткөн.
Ушу бүгүн Кең-Шордо
Кулунум жетип көрө кел.
Менин бетимден аккан каракан
Тушардан кызыл таш болгон.
Кан атаң журтка баш болгон.
Көзүмдөн аккан кара жаш
Ушу бүгүн Кең-Шордо
Көлчүк кара суу болгон,
Атакең журтка туу болгон.
Атаң Манас өлгөндө
Кошой, Төштүк кан ыйлап,
Атаңа, кез болгон жандын баары ыйлап.
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башыма алтымыш мүшкүл бир келип.
Ачык көмсөм айкөлдү
Дүшман ачып алабы?
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарабы?
Минтип кегин алабы?
Мен энекең бейтаалай
Калдай* башым туу кылдым,
Катын башым эр кылдым,
Катайын деп канкорду
Калайыкка чуу кылдым.
Желдеттен бешөөн бүт кылдым,
Желмаяндан* күч кылдым,
Кең Мисирди чалдырдым,
Тил билбеген бендеден
Сексен арап алдырдым.
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Акысына ат берип,
Аянбадым мен шордуу
Казына чачып бат берип.

Лом темирден курч берип,
Болот кетмен мүлк берип.
Эчкиликтин Кара-Тоо,
Мелмилдеген үлкөн зоо,
Таластын бери бетинде,
Кең-Колдун бери четинде.
Кара зоо боорун ойдурдум.
Оозун ойдум, курган жан,
Жалгыз киши баткандай,
Ар жак жагын көөлөттүм*
Алты миң койлор жаткандай
Үстү түшүп кетет деп,
Түбүмө минтип жетет деп,
Кара жер басса айкөлдү
Бөөдөдөн чирип кетет деп,
Куу дүйнөмдү аябай
Алтындан түркүк чойдурдум,
Алтымыш мезгил жерине
Алтындан түркүк койдурдум.
Эсилим жетим угуп ал ;
Минтип көмдүм атаңды.
Ичи сасып кетет деп,
Эптүүлүктү билгиздим.
Үстүндөгү кара суу
Лом темирлеп буздуруп,
Үңкүрдүн ичи менен жүргүздүм.
Жана жетим угуп ал
Жакут* таштан жардырдым,
Алтымыш уруу жерине
Жакут, көөхар аралаш
Чырак гана кылып салдырдым.
Асты чирип кетет деп,
Алтындан соктум керебет.
Суп* кийгенде сурак жок
Суптан салдым төшөктү.
Тегерегин көөхардан
Жаймалата бөктүрдүм.
Кокус чирип кетет деп,
Жатакана жайына
Арчанын күлүн төктүрдүм.
Жайы бүтүп болгон соң
Кошой, Төштүк жакынга
Ымандай айттым сырымды,
Кабылан Бакай абама
Айтып бердим чынымды.
Сыйнат атын токуттум,
Жаназасын окуттум.
Кепинин* кесип буудурдум,
Бакай менен эр Кошой
Бул экөөнө жуудурдум.

Жалпы дөөлөр биригип,
Жаназага* алган жер
Чынар терек орногон,
Атаңды, чындап кудай колдогон.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин асты дым жата,
Балбандарга көтөртүп,
Астына панар кармадым.
Үңкүрдү бенде түк билбейт,
Колтугумда сен жетим
Өзүм баштап баргамын.
Атаңдын сөөгүн көтөрүп,
Кырк эшен келме айткан жер.
Ал үңкүргө жеткенче
Кызыл кырчын тал бүткөн,
Атаңа кудай жар бүткөн.
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы.
Кең Таластын оюнда,
Кең-Колдун куйган боюнда,
Түгөнгөн тоонун урчукта,
Салынып келген тумшукта,
Чоң Ак-Чийдин четинде,
Кара жолдун үстүндө,
Кан атаң Манасты кудай алат деп,
Зайыппуруш кайран шер
Мен Таластан кеткенде
Белги калбай султандан,-
Дайынсыз болуп калат деп,
Жети жүз атан* комдоттум,
Дорбо*, арканын ондоттум,
Жер билгич жыйып алдырдым,
Дүнүйө жүзүн чалдырдым.
Анжыяндын ар жагы,
Намангендин бер жагы,
Кокон кандын колтугу,
Күлешен менен Чилмайдам
Катар экөөн көргөзүп,
Күлешендин күлбото
Күлботодон алдырдым.
Жети жүз атан кирелеп*,
Топурагын алдырдым,
Чоң челекке чалдырдым.
Уй, эчки жүнүн кыймалап,
Ал баткакка салдырдым.
Ийлендүүсүн келтирдим,
Үстүнө кылдан септирдим.
Аксакал байдын баласы
Аралбайдай балбан сарт,
Алтымыш балбан кетменкор,

Ылайын боо тептирдим.
Алым салдым аргынга,
Алты мин эркеч жыйнадым,
Алты миң эркеч бир кырып,
Кыш кайнатып бек салдым,
Атакеңдин күмбөзүн
Алты кылым өткүчө
Бузулбай турсун деп салдым.
Тегинге карап турбадым,
Алым салып кыргыздан
Жети миң эркеч жыйнадым.
Жети миң эркеч бир кырып
Кыш кайнатып бек салдым,
Жети кылым өткүчө
Жетигимдин күмбөзү
Бузулбай турсун деп салдым.
Мекедеги катчыга
Алты күлүк ат бердим,
Азыр бизге келсин деп,
Алакандай кат бердим.
Чоң Мекени чалдырып,
Чоң эшенди алдырып.
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге өзү кошулса
Көчүп келсе Таласка,
Куран окуп турганда
Атасы өткөн Манаска
Бу маанини көрсүн деп,
Кызык кылып салдырды.м.
Кыжы-кыйма чоң бүлүк
Каканчынын кагышын,
Чоң Бээжиндин чабышын,
Чогуу гана тарттым сүрөткө.
Агып кеткен жер жүзү,
Канды тарттым сүрөткө.
Өлүп жаткан кыйшайып,
Жанды тарттым сүрөткө.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болуп,
Аны бир тарттым сүрөткө.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо болуп,
Муну гана тарттым сүрөткө.
Капыр менен мусулман
Кагышын тарттым сүрөткө.
Качпай туруп салышкан,
Чабышын тарттым сүрөткө.
Бакыбай, Дуулат эки кан
Канды тарттым сүрөткө.
Алооке кан, Азизкан,

Эрди тарттым сүрөткө.
Миңген атым Арбуудан,
Менин калдайган кара башымда
Өзүмдү тарттым сүрөткө.
Эчтеме менен ишиң жок
Эмчегимди талашып,
Менин бетимден аккан кара кан
Саамайың ылдый куюлуп,
Кулунум, өзүңдү тарттым сүрөткө.
Эсен болсо жалгызым
Бул Таласка келер деп,
Ушу турган Ак күмбөз
Ичине кирсе кулунум
Маани жайын көрөр деп.
Босогодон киргенде
Сол жаккы жагын карасаң
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Алгара менен жулкунтуп.
Катынын кара баскансып,
Качкыны жакын качкансып,
Куугунун чукул куугансып,
Катыны эркек туугансып,
Антаңдаган эр калча
Алгарага миңгизип,
Аны гана тарттым сүрөткө.
Чоң өтүк бутта чойкоёт,
Короздой мойну койкоёт.
Көз айнеги балкылдайт,
Көрүп турсаң Коңурбай
Көөкөрдөй болгон шуру таш,
Ээй, төбөсүндө жаркылдайт.
Алтын айлуу сыр найза
Алачыктай чоң калча,
Найзакерден ыктуу эр,
Өзү жоонун айласын билген көйкашка.
Абайласаң көрөрсүң,
Атырайган муруту,
Майлаган балта сабы окшоп,
Саландаган муруну
Селебенин* кабы окшоп,
Эки көздүн кычыгы,
Ачылып калган көргө окшоп,
Каш-кабактын ортосу
Бай жайлаган төргө окшоп,
Атаң Манасты сайган Коңурбай
Шай колдогон шер ошол,
Өзү жоонун айласын билген эр ошол.
Ылама каны кан Жолой,
Шибенин каны Ороккыр,
Солоондун каны Музкиндик,

Манжунун каны Нескара,
Баарыдан мыкты Коңурбай,
Баарысын катар тең коюп,
Буларды тарттым сүрөткө.
Оң жагыңды карасаң,
Алдын салып турганда
Арстандын түрү бар,
Аркасын сала бергенде
Алты миң эрдин сүрү бар,
Түн жалаңгыч түрлөнгөн,
Ач арстан көздөнгөн,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай,
Орточо бойлуу, кең далы,
Аколпокту* кийгизип,
Аккуланы миңгизип,
Каптап жаткан кытайды
Какайлатып сүргүзүп,
Баарысын, Бээжинди көздөй тийгизип,
Сенин атаңды тарттым сүрөткө.
Астындагы Аккула
Айбандын зору жаныбар,
Байтал бээнин кулуну
Кара жылкы дулдулу*.
Атакеңдин Аккула
Аныктап жетим көрсүн деп,
Муну тарттым сүрөткө.
Анын бер жак жагында
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей,
Сепкили жок ак жүздүү,
Чекири жок кой көздүү,
Сары жаргак шым кийген,
Сарала сындуу ат минген,
Түпөгү жок найза алган,
Жанына жалаң кылыч байланган,
Азизкандын Алмамбет
Аяш атаң болуучу,
Аны тарттым сүрөткө.
Жетик белин курчанган
Жети сан кара кол келсе
Желбегей кирип кол салган,
Анын бер жак жанында
Кара калпак кыргагы,
Өзүң менен боорлош
Кан Манастын Сыргагы.

Чырм этип уйку албас,
Чыканактап тынч албас,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Астыга салса ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Теке жоомарт* ат минген,
Темирдей көпкөк тон кийген
Сыргакты тарттым сүрөткө.
Анын бер жак жагында
Көк ала сындуу ат минген,
Көк ырапыс тон кийген,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Алышса ааламдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Ок жетпестен ат миңген,
Ок өтпөстөн тон кийген,
Касаба колдо калкылдап,
Кан иччү кара курч болот
Билегинде жаркылдап,
Алмадай мойну узарып,
Арстандай көзү кызарып,
Алтын жакут курчанып,
Күлүп ийбей сумсайып,
Күн-жаң-жуң, солоон, кытайга
Күркүрөп жеке кол салып,
Аяш атаң Чубакты
Аны да тарттым сүрөткө.
Анын бер жак жагында
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Жүйө сөздү байкаган,
Бал менен оозун чайкаган,
Башын башаалуу ишке бөлөгөн,
Аягын миң алтынга жөлөгөн,
Капилетте сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Астыга салса ак жолтой,
Аркага жүрсө сан колдой,
Астындагы миңгени
Жалдуу кызыл, калдуу көк
Чалгын чалса чарчабайт,
Оорукка* минсе оорунбай,
Бакай кандын көк тулпар,
Көк тулпар өндүү ат минип,
Чолпондой көзүн жайнатып,
Айчык алтын кызыл туу
Атаң Бээжин барганда
Эр Бакайга карматып,
Кайнап жаткан капырды

Кара таандай айдатып,
Бет алдына келгенин
Береңиң кан Бакайга жайлатып,
Аяш атаң арстан
Бакайды тарттым сүрөткө.
Андан бери карасаң
Кең көкүрөк, бото көз,
Келберсиңки жайык төш,
Кара тилин кайраган,
Кан алдына сайраган,
Жети бөлөк тон кийген,
Жетимиш уруу тил билген,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбас кара көмөкөй,
Жүйө таап кеп билгич,
Өзү жүгүрүк чечен, эп билгич,
Өзү адамзаттан таңдайлуу,
Адамдан чолпон маңдайлуу.
Ырыстуу эрдин күндөшү
Атаң Манас кабылан
Ырысына Табылган
Аргын уулу Ажыбай
Өзү дүнүйөнүн тилмечи.
Ак ырапыс тон кийип,
Карткүрөң өңдүү ат минип,
Ажыбайдын ал Күрөң,
Атаң Манас барында
Чабарга минген Карткүрөң.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып келүүгө
Кабарга минген Карткүрөң.
Атышка минсең алдырбайт,
Керишке минсең кейибейт,
Чалгынга минсең чарчабайт.
Чылбыры тутам калбаса
Чындаган жоого алдырбайт.
Чындап кырсык чалбаса
Миңгенин жоого чалдырбайт.
Камбар ата, кайып сан
Кагышка минер Карткүрөң,
Чын кишенеп ийгенде
Астынан айбан мойнун бурбаган,
Кара жылкы баашасы,
Карткүрөң үнүн укканда
Тоодагы кулан чубаган,
Сенин атаң кан Манас
Кең Бээжинге баруучу,
Качан болсо Күрөңдү
Тийип алган жылкыны
Баштатууга алуучу,

Үстүндөгү миңгени
Ача сакал, сарт жүздүү
Аргын кан уулу Ажыбай
Атасы менен касташып,
Келип конгон Таласка.
Атаң менен дос болуп,
Чоро болгон Жакыптын
Жалгыз уулу Манаска.
Көктөн көй аман* жылдыз
Көкжал атаң шер менен
Кыяматтык дос болуп,
Кара болот курч алып, козголуп,
Каарданып сумсайып,
Ок өтпөстү кийгизип,
Карткүрөңдү мингизип.
Тыргоот, кытай, манжуну
Ажыбайга тийгизип,
Кан аккан калың урушка
Кайра тартпай киргизип,
Аяш атаң болуучу
Мен, Ажыбайды тарттым сүрөткө.
Ыраман кандын Ырчы уулу
Ычкыры түпөк, кырк муундуу.
Үзүктөй калпак, эр Шууту,
Акжолтойдун Төлгөчү,
Шыгай кандын Эркеси,-
Урумкандын алтын таажы Музбурчак,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыялкандын найзакерден күжүрмөн
Төмөнкү Кырымдан келген эр Серек.
Көкжал бөрү Көрөгөч
Атакеңдин кырк чоро
Кытайга казат салдырып,
Кырк чоронун колуна
Кырк найзаны алдырып,
Кыргынды мыктап салдырып,
Атакеңдин кырк чоро
Катар тарттым сүрөткө.
Кырк чоронун алдында,
Акылы жаман бөлүнүп,
Каканчынын Бээжинин
Шашканын тарттым сүрөткө.
Жылаңайлак, жылаң баш
Ашып-шашып антаңдап,
Качканын тарттым сүрөткө.
Кумурскадай жайнаган,
Чиркейден бетер кайнаган,
Элин бир тарттым Бээжиндин.
Кайрылып жетим келгенде
Калайманды көрсүн деп,

Каканчылуу Бээжиндин
Кызыгын тарттым сүрөткө.
Бейлине бекем алсын деп,
Атасынын жоругун
Жетимим бейлеп калсын деп,
Белгиге тарттым сүрөттү.
Ал сүрөткө киргенде
Көңүлүң жаман бөлүнөт,
Көзүңдүн жашы төгүлөт,
Көкжал атаң кан Манас
Тирүүсүндөй көрүнөт.
Атаңа күйүп жалгызым
Көңүлүңдү бурбагын,
Кокустан жаның кыйбагын.
Сен күмбөзгө киргенде,
Жалган айтып койбосом
Күмбөздүн ичи күүлөнөт,
Күңгүрөнүп сүйлөнөт.
Эчен белги көрүнөт,
Кулунум көңүлүң жаман бөлүнөт.
Күмбөздөн ошол белги билинсе
Алты арамга барып кел,
Атандан калган мүлктөрүң
Айныбай кирип алып кел.
Ошо белги жок болсо
Ар жакка барбай кайтып кел,
Белги көрбөй калдым деп,
Энекең, бейтаалайга айтып кел.
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы.
Муңканганым Аксарай,
Муңумду айтсам бир далай.
Андан бери тартканда,
Бери карай кайтканда,
Жаңырыктын Жар-Кыя
Жалгыз жолдун чубама
Ошо жолго келгенде
Атаңдан калган ээсиз мал.
Энең тентип, күн көрүп
Букарга качып келди эле.
Кыямат кеткен сен атаң
Кан өлгөндө карыга
Мал баккан эрмек болот деп,
Аманат кылып табыштап,
Кан Бакайга берди эле.
Багылып жүргөн ошол төө
Жети жүзгө толгондур.
Ошо төөнүн ичинде
Төө атасы Боз буура,
Төө энеси Куу инген,

Келериңди билгендир.
Жайып салса токтобой,
Коё берсе оттобой,
Адырды бойлоп ошол төө
Сени күйүп жүргөндүр.
Асый каймал*, тай тайлак
Астыңдан чыгат тайтаңдап.
Тегиз баары буркурап,
Теңизим уулум Семетей
Ал төөлөрдү көргөндө
Теңиз жаның чыркырап.
Өркөчтөрү делпилдеп,
Чуудалары селкилдеп,
Тегеректеп дыркырап.
Тегиз боздоп чуркурап,
Чуудалары* бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Сени жыттап турат буркурап.
Келериңди билгендир,
Улугум уулум угуп ал
Сени күйүп жүргөндүр.
Ошо төөнүн ичинде
Жалпак өркөч кара нар*
Алдыңкы ээрди шалпылдак,
Көткү өркөчү далпылдак,
Атаң Манастан калган Желмаян
Кезикпей келсең жаманат,
Желмаяндын октосун*
Ала келгин жетимим
Бир өзүңө аманат.
Жалпак өркөч кара нар,
Кабылан кан атаң Манастан
Калып калган мураапың.
Асыйын* айтып берейин
Кулунум уулум угуп ал
Токсон бешке толгондур,
Ушу быйыл Желмаян
Токсон беш асый болгондур.
Арстан атаң өлгөнү,
Аса күтүп калгандыр,
Он эки жылы болгуча
Ошо турган Желмаян,
Турбай жатып алгандыр.
Бөдөнөдөй бөгүлүп,
Бөгүп калган Желмаян.
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп калган Желмаян.
Желмаянды көргөндө
Бенде жанын кыйнаган,
Адам карап турбаган.

Атандан калган Желмаян
Чуудаларын чаң баскан,
Эки көзүн кал баскан,
Желмаян күчтүү кезинде
Атаң Манас кабылан
Ок, дарысын артчу эле,
Капкайда казат тартчу эле.
Алтымыш суп* ок, дары,
Жүктөй жүргөн Желмаян.
Ар жабдыктын баарысын
Атаң Манас кабылан
Үптөй жүргөн Желмаян.
Кайыбынан кабылган,
Кызыр чалган атаңа
Кыйналып жүрүп табылган.
Ободо жылдыз жошулуп,
Атаң Манас шер менен
Медияндын чөлүндө
Кудай сүйүп кошулуп,
Атаң Манас канзаада
Биттейинде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Күлүгү журтка сынаакы,
Кан атаң Манастан калган мурапы.
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Алтынды мыктап чогултуп
Аябастан арткандыр,
Турбай коюп Желмаян
Азабын абакең Бакай тарткандыр.
Көдөөдөн* жулуп чөп берип,
Көнөк менен суу берип,
Өлбөстөн мурун өлгөндүр,
Аяш атаң Бакай кан
Ашкере кордук көргөндүр.
Желмаян турбай жаткандыр,
Бакай кан тозок тарткандыр.
Айтайын десе тили жок
Ичинен сыздап күйгөндүр.
Семетей келсе өзүмдү
Манаска атап чалат деп,
Кудайдан сурап жүргөндүр.
Жетимим качан келет деп,
Манастан калган Желмаян
Он эки жылга күйгөндүр.
Сен төөлөргө барганда
Желип келет Желмаян.
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп келет Желмаян.
Тегеренип өзүңдү

Басып келет Желмаян.
Оң жагыңан бир жыттап,
Сол жагыңан бир жыттап,
Кан атаңдын чоң камыр
Чоң камыр көздөп чу коюп,
Качып берет Желмаян.
Атакең көмгөн кара зоо,
Кара зоого барганда
Кутпа* жакты баштанып,
Кара зоону жазданып,
Чөгүп берет Желмаян.
Көздүн жашын иргилтип,
Төгүп берет Желмаян.
Октосун жерге бек кадап,
Бөгүп берет Желмаян.
Камчыласа турбастан
Чөгүп берет Желмаян.
Өлсө өөдө болбостон,
Бир козголуп койбостон,
Жатып алат Желмаян.
Өлгөндө көргөн чунагым
Колуңду сууга сала көр,
Кол дааратың ала көр,
Атаңа куран бек окуп,
А дүйнө кеткен атаңдын
Арбагына табыштап,
Желмаянды чала көр.
Башында алтын окто бар
Аманат койгон окто эле,
Канжыгаңа чала кел,
Энекең, мен байкушка ала кел.
Кулунум, ала келгин өзүмө,
Көргөзө көргүн көзүмө,
Энекем байкуш экен деп,
Ыраазы болгун өзүмө.
Желмаяндын октосун
Тегеренип кетейин,
Көргөзө көргүн көзүмө.
Таштап атсаң жаманат,
Желмаяндын октосу
Жетимим саа аманат.
Муну мындай таштайын,
Билбегенди билгизчү
Билимдүү Бакай олуя,
Туйбаганды туйгузган
Туюмдуу Бакай карыя.
Көктөн булут козголуп,
Көкжал атаң Манаска
Отузунда дос болуп.
Бакайдын жайын сен уксаң

Олуяттын кулуну,
Адамзаттын туйгуну.
Эченди көргөн олуя
Атаң Манас көкжалга
Арка болгон карыя.
Алты айчылык азапты,
Азыр байкап билүүчү,
Көзү ачык, ээй, олуя.
Эсил кан атаң султанды,
Эсил Бакай олуя
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Атаң Манас көкжалды
Эр уулу менен тең кылган.
Ошол Бакай карыя,
Атакең Манас көкжалды,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганын жыйнаган.
Белиңе таңуу, бел ошол
Белгилүү Бакай шер ошол.
Аман барсаң Таласка
Арка кылчуу зор Бакай
Аябаган эр ошол.
Абакең Бакай көкжалды
Таап ала көр сен ошол.
Жолдош болсоң жолугуп,
Жолборсуң Бакай ал ошол.
Айла тапкыч эр ошол,
Кан атаң Манас ордуна
Бел болуучу шер ошол.
Муну мындай таштайын,
Жана уулум жана сөз
Ар жагынан баштайын.
Сенин киндик атаң Бөлөкбай
Мына ошону айтып таштайын.
Төкөр уста Бөлөкбай
Көктөн жылдыз козголгон,
Дөөтү менен Бөлөкең
Кыяматтык дос болгон.
Ашагандан машаган
Дөөтү менен кеңешип,
Кымбат ишти жасаган,
Атаң Манас арстан шер
Касиетин көрдүргөн,
Жылкыдагы миң байтал,
Энчисине бердирген.
Казынага кан кылган,
Төрө атаң Манас көкжалдын
Кылычтарын шайлаган,

Айзанын баарын чогултуп,
Жоо жагына камдаган.
Бөлөкөцүн абалкы жайын айтайын:
Төмөнкү кең Кырымда туулган,
Жерди Манас чалдырып,
Үзүктөй болгон чоң калпак
Эр Шуутудан алдырып.
Атаң Манас султандын
Зулпукор жасап бар кылган,
Ар жабдыган шай кылган.
Мекен кылган Таласты
Жабдыктын баарын бүткөрүп,
Төкөр уста Бөлөкбай
Бек кылган атаң Манасты.
Берен уста Бөлөкбай
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон атаң жалгыз Манаска.
Сенин атаңөлгөндө,
Казынаны алты арам келип бөлгөндө,
Алтымыш күнү атышып,
Ала болуп чалдырып,
Атакеңдин кырк чоро
Алты башчы бир болуп,
Бөлөкбай казынаны алдырып,
Алтын, күмүш казына
Чачып кеткен Бөлөкбай,
Кайып болуп талаага
Качып кеткен Бөлөкбай.
Киндик атаң* болучу
Бөлөкбайды көрүп кел,
Кол кайырың берип кел.
Бөлөкбай жайы момундай.
Муну мындай таштайын,
Бер жагынан баштайын:
Кең Таластын боюнда,
Кара тоонун боорунда,
Чогулушкан бийи бар,
Чоң атаң, чочко кандын үйү бар.
Ал Таласты жер дебе,
Чоң атаң, чочко канды эл дебе.
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе, чалганы
турат өзүңдү.
Кыйшыгы турат көзүндө,
Кыңырты турат сөзүндө,
Кыябын тапса, ал какшаал,
Кылганы турат өзүңдү.
Атам деп аган түшпөгүн,
Акыры тамак ичпегин.
Тамак берсе оң кылбайт,

Жетимим гана сени соо кылбайт.
Чочко кандын үйүндө
Күпчөккө* салган бозо бар,
Иче көрбө жалгызым,
Ичинде күйдүргү уусу кошо бар.
Чапчакка* салган бозо бар,
Чоң атаң ал чочконун үйүндө
Чачама уусу кошо бар.
Жесир кезде сын кылган,
Бу башыма сыр кылган.
Анчалык эмес бөлөгү,
Бар дүмөктү баштаган,
Чоң атаң, чочко кандын бүлүгү.
Чоң атаң, чочко канга кезиксең
Убалынан коркпостон
Кашайта көзүн оюп кел,
Кармап алып союп кел,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Курмандыкка чалып кел.
Муну айтып нетейин,
Бууданым чунак угуп ал,
Эми ар жагына кетейин.
Андан ары барганда
Адыр-адыр бел келет,
Адырмак ашуу жер келет.
Таластын аркы четинде,
Үрбүс жакы бетинде.
Кара тоонун оюнда,
Кара жардын боюнда,
Уй жыйылган бадачы*.
Бадачынын ичинде
Жырык кара уй сааны бар,
Жыртык кара үйү бар,
Жесир калган Бурулча
Айтайын анын дайынын.
Ургаачынын узу эле.
Бээжинде кытай канынын
Эсенкандын кызы эле.
Өтүп кеткен жайынан,
Бурулчанын айынан,
Сенин атаң зор өлүп.
Кырк эки сан кол өлүп.
Бурулчаны алганда,
Бузуктун алды катыккан
Бузулбай алты ай салышып,
Аягы, чоң казат болуп атыккан.
Бурулча тартып алганда,
Бул Бээжинге барганда.
Ойрондон эчен жан барып,
Он эки түгөй кан барып.

Атаң Манас шер барып,
Алмамбет, Чубак тең барып,
Ажыбай, Бакай кан барып,
Ааламды бузчу жан барып,
Топон суу тийбес Бээжинге
Токтобой кирип чыр салып.
Казына бузуп уз алып,
Тартуусуна берендер
Ай-жаң-жуң кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча
Эки мыкты кыз алып,
Топон суу* тийбес Бээжинге,
Токтобой кирип Бээжинге,
Тогуз ай кандык так алып,
Чалыяр* чактап кирбеген
Какандан Бээжин шаар алып,
Өлбөчүдөй ой кылып,
Көкжал бир атаң ичинде
Сексен күн тынбай той кылып,
Алмамбет, Чубак эки арстан
Эки арстан көөнүн тындырган,
Эсенкан кызы Бурулча,
Алмама нике кыйдырган.
Ай-жаң-жуң кызы Бирмыскал
Олжого тартып алдык деп,
Чубакка нике кыйдырган.
Алтын, күмүш, ак дилде
Жүктөй албай чыгышкан,
Эки кызды баш кылып,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай чыгышкан.
Алмамбет менен Бурулча
Ал Бээжинге конушкан,
Тогуз ай жүзү болгуча
Эрди-катын болушкан.
Тогуз айга толгондо
Тоодой Бакай жолбашчы
Көчүрүп келген Таласка.
Таласка Бурулча келип конгондо,
Келгени үч ай болгондо,
Аккула окко учурган,
Алмамбет шейит кечирген.
Бурулча жесир калган жер
Сулуусуна суктанып,
Алты арамдан Абыке акмак алгандыр.
Абыкеге боюн салбай койгондур,
Сабап жүрүп сойгондур,
Ушул быйыл салбар* кылып койгондур.
Артык кордук кылгандыр,
Алкымдагы бадачы,

Бадачынын ичине
Жырык кара уй берип,
Жыртык кара үй берип,
Чылгый тери ийлетип,
Уйчуларга бийлетип,
Саанчы кылып салгандыр.
Шордуу аяш энеңден
Сабап гана өчүн алгандыр.
Көйнөгү тозуп бөлүнүп,
Аяктай эти көрүнүп,
Ушу быйыл барбасаң
Аяш энең байкуштун
Абийири кетип калгандыр.
Саамай чачтын агыдыр
Ушу быйыл барбасаң
Кулунум, сапар кетер чагыдыр.
Өткөрө ыйлап буркурап,
Энекең, өлүп калар табыдыр.
Атыңды оңдоп токуп кел
Аяш атаң арстанга
Аныктап куран окуп кел.
Бурулча жүзүн көрүп кел,
Энекең берген аманат,
Бурулчадай байкушка
Суп көйнөгүм бере кел,
Бурулчага барганда,
Бу жагынан баштайын,
Тоюна токсон сойдурган,
Жаңы төрөп жатканда
Атын эр Күлчоро койдурган,
Жетимден кабар баштайын.
Айзадагы желеги
Аяш атаң Алмамдын
Алдейлеген кереги.
Атына таккан жүгөнү,
Аяш атаң байкуштун
Алдейлеген күмөнү.
Аяш энең Аруuке
Алакендин улуу зайыбы болуучу.
Өлө турган оюнда
Биз Букарга качканда,
Дүнүйөнү чачканда,
Калып калган Аруукенин боюнда.
Алты жыл бала өспөгөн,
Алты жылы болгондо
Асыл Мажик көйкашка
Чылк казыга бөлөгөн.
Баласы өсүп курсактан
Аруuке Күлчорону төрөгөн.
Баланы төрөп турганда

Оң колуна кара кан
Кармай түштү деп уктум.
Кулактын учу тешилүү
Сүннөтү* кесилүү,
Алмамбеттин чынары
Чын казанат туягы,
Капанын баарын жойду дейт,
Атын Күлчоро берен койду дейт.
Жасагандын жазуусун,
Күлчоро ымыркай кезде көрүптүр.
Энеси сулуу Аруuке
Төрөгөндөн үч күндөн кийин өлүптүр.
Байкуш энең Бурулча
Мойнуна тумар тагыптыр.
Алдейлеп жакшы багыптыр.
Өлөйүн деп Бурулча
Бузат эчен санааны,
Медер кылып жүргөндүр,
Бир Күлчоро баланы.
Тилегин кудай бергендир,
Күлчоро алты жашка келгендир.
Абыке, Көбөш алты арам
Кой көтүнө салам деп,
Баланы дене кул* кылып алам деп,
Күйүп турган чок чыгып,
Аргын менен кыргыздан
Андай тентек жок чыгып.
Жылкычысын ургандыр
Койчусун сабап токмоктоп,
Кызыл ала кылгандыр.
Минтсе жетим оң кылбайт,
Чоңойсо жетим соо кылбайт,
Буланы булап алуучу,
Жайына койсо бул жетим
Бузукту чогуу салуучу.
Түпкө чогуу жетүүчү,
Жашы он экиге келгенде
Бизди жалпы кырып кетүүчү.
Түпкө минтип жетүүчү.
Чоңойчу болсо оң кылбайт,
Чогуубузду соо кылбайт.
Абыке, Көбөш алты арам
Ашкере минтип кеңешип,
Алтыга келген чорого
Ашкере кылык кылгандыр,
Артыкча сабап баланы
Кызыл ала кылгандыр.
Таластын суусун кечирип,
Чоң кишиче токмоктоп,
Кыйнап жүрүп ургандыр.

Топу кийбей жылаң баш,
Көйнөгү жок жылаңач
Кутулуп качып шашкандыр,
Энеси Бурулча көздөй качкандыр.
Бадачынын балдарын
Баарын жыйып алгандыр,
Ушул быйыл Күлчоро
Чүкө атышып калгандыр.
Чүкөнүн баарын жыйгандыр,
Букарга кеткен абакем
Качан келер экен деп,
Бурулча кыйнап тургандыр.
Сен барганда күйүнөт,
Кан абалап астыңдан чуркап жүгүрөт.
Күлчоро түрүн көргөндө
Кабырга сөөгүң сөгүлөт,
Жетимим, көзүңдүн жашы төгүлөт.
Чуркап келген Күлчоро
Дүнүйөңдөй көрүнөт.
Ыраазы болсоң сөзүмө,
Ошол турган Күлчоро
Жолдош болсо өзүңө
Шай колдогон шер болот,
Өзүңдөн өөдө эр болот,
Миңгени тулпар сур болот,
Өзүңө жолдош чын болот.
Добул келсе жел тийбейт,
Кыйкырган жоого мал бербейт.
Жетик белин курчанат
Жети сан каптап кол чыкса
Желбегей кирип кол салат.
Бел байлаган бел ошол
Аяш атаң Алмамбет
Артыкча берген арнап
Белекке калган шер ошол.
Сен өзүңдөн кулунум,
Найза бою бир кулач
Арта тийчү шер ошол.
Кайран жаның өлгүчө,
А дүйнө жүзүн көргүчө
Адал кызмат бир кылып,
Өзүңө, жолдош болчу шер ошол.
Жайнаган кызыл чок болот
Бет алса сан кол токтолот.
Кымбат тонду кийгизип,
Бери карай тартарда
Кулунум, кыл жээрдени миңгизип,
Күлчорону ала кел.
Алты ай минсе арыгыс
Буудан кылып берейин,

Ак эмчек сүтүн эмизип,
Доор кыямат болгуча
Саа, тууган кылып берейин.
Азапты артык баштаба,
Артыкча кылдым табышты
Күлчорону таштаба,
Күлчоро жайы мына бу.
Аны мындай таштайын ,
Бер жагынан баштайын.
Көк ырапыс тон кийген, сындуу ат миңген,
Аяш атаң болуучу
Акбалтайдын Чубагы
Энекең, мен карабет бейбактын
Айтканында чала бар,
Аяш атаң, Чубактан тууган бала бар.
Энесин Камбар алгандыр,
Тоюна кочкор сойгондур,
Атын Канчоро берен койгондур.
Ала келсең бereним
Кара көңүл жери бар.
А да как өзүңө бир жолдош
Болуп берчү эрениң.
Бу да белиңе таңуу бел ошол
Арамдыгы болбосо
Аябаган эр ошол.
Камбар багып калгандыр,
Каадалуу уулум угуп ал
Ошону атасынып калгандыр.
Канчорону көрө кел,
Белегин мыктап бере кел.
Муну мындай таштайын,
Жана уулум кебимди ук
Бер жагынан баштайын.
Чогулуп жаткан бийи бар,
Ары карай өрдөсөң
Абакең, алты арамдын үйү бар.
Билбегенди билгизет
Билимдүү Бакай олуя,
Көп караңгы Көбөш итке киргизет.
Сен киргенде абакең
Каарданып дардаят,
Чочконун, чаначтай мурду барбаят.
Шоорук кан кызы Акылай,
Жана акылы кыска капырай.
Атаң Манас султандын
Тартып алган катыны.
Улуу зайыбы болучу,
Иттигин эл журт билгендир,
Көбөш итке тийгендир.
Байбиче болуп калгандыр,

Дүнүйө мүлк казына
Ээлик болуп калгандыр.
Сен киргенде ордого
Атаң Манастан калган Аккелте
Атуучу болсоң мүлк ошол,
Атаң Манастан калган курч ошол.
Асынып алса жарыктык
Айдалынын айнеги
Айкашкан жоого сунганда,
Аманат жандын эрмеги.
Атамдан калган мүлкүм деп,
Белекке сурап ала, кел.
Сураганга бербесе,
Дегениңе көнбөсө,
Жамандашпай кайта кел.
Энеке бербей койду деп,
Мен шордууга айта кел.
Жана кызык жана бар
Жана жетим кулак сал
Айтканымды билип ал.
Кайыпчынын белинде,
Кокусунан кабылган,
Атакен Манас султанга,
Кайыбынан табылган,
Асмандан келген алты курч.
Кылычтын кыйын мыктысы
Атаң алган Зулпукор,
Бакай кандын Жойболот,
Ажыбай алган Кылболот,
Алмамбеттин Жойкума,
Чубак алган Ташкесер,
Кылычтын кыңай аягы,
Эр Сыргактын Наркескен,
Алты болот курч ошол,
Адамзаада бендеге
Табылбаган мүлк ошол.
Кыйкырып кындан суурганда
Ташты чапса ирмеген,
Канга мыкты тойбосо,
Катса кынга кирбеген,
Каарданып шилтесе
Кан ичпей куру жүрбөгөн.
Кыйкырып кындан чыгарса
Ар түрдүү болуп кызарган,
Шилтеген сайын узарган,
Ташты чапса тартпаган,
Темирден кайра кайтпаган.
Буламды булап алганда,
Бузукту иттер салганда,
Эсебим мыктап тапканда,

Колтугумда сен жетим
Эмчегим жара чапканда.
Алты айлыктын жолунда,
Кара көзүм кашайып,
Калып калды кулунум
Абыкенин колунда.
Аста сүйлөп сабылып,
Абаке деп жалынып,
Жылма сөздөн сала кел,
Алдап-салдап арамдан,
Тегиз орой жамандан,
Атамдан калган мүлкүм деп,
Алты курч сурап ала кел.
Бербей койсо жалгызым
Жамандашпай кайта кел.
Эгерде бербей койду деп,
Энекең, мен шордууга айта кел.
Алты курч жайы мына бул,
Аны мындай таштайын.
Ар жагында кызык бар
Абайла, уулум, баштайын.
Жана сөзүм жана бар
Жана сөзүм угуп ал.
Атаңдан калган Аколпок
Колго түшүп калгандыр,
Букара өскөн кесек ит
Булайт кийип салгандыр.
Эришин жибек мадаткан,
Сайышка кийсе кулунум
Найзанын учун жадаткан.
Жебенин огу жетпеген,
Барандын огу өтпөгөн,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме күрмө кең жака
Керишке кийсе кылтайбас,
Атакендин Аколпок.
Бет алган жоого барганда,
Атакең, Бээжинге казат салганда.
Кызыл камчы Шыпшайдар,
Кыйын дөөсү кытайдын
Музкиндик уулу Тикен алп,
Алышканды койбогон,
Артык соргок чоң балбан,
Бир доңуздун этине,
Бир жегенде тойбогон,
Ким көрүнсө жайланган,
Он эки батман* чоюн баш
Белге кынай байланган,
Музкиндик менен Ороккыр,

Алты миң кытай, сан калдай
Баарысынын көйкашкасы Коңурбай.
Кыстап дөөлөр жеткенде,
Кырк миң балбан, көп кытай,
Кызыр чалган атаңды,
Тегеректеп кеткенде
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Какайлап* ураан чакырып,
Кырк уруу кытай бөлөк
Бөлөк-бөлөк бакырып.
Ар кимиси ал журттун
Өзүнчө ураан чакырып, журт
Камыш сындуу сел болуп,
Кайраттуусу Коңурбай
Каптаган кытай эл болуп.
Жээк тартып кылкылдап,
Жергелешип былкылдап.
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй.
Мунарык болуп жер үстү,
Элден бир тал көрүнбөй.
Акылга дыйкан Коңурбай
Атаңды бөлүп алганда,
Алмамбет, Чубак, Сыргак жок,
Кайнап жаткан кытайдын
Камоосуна калганда.
Шуру отогот*, маржан таш,
Луңтуңдун каны аралаш,
Атаң Манас көкжалды
Тегеректеп алганда.
Кумурскадай капырдын
Курган атаң эр көкжал
Ортосунда калганда.
Найзакердин баарысы,
Күпүлдөтүп атаңды
Найза менен сайганда.
Атаң Манас барбайып, -
Ортого түшүп калганда.
Алты күн атаң камалып,
Кытай тегеректеп алганда
Кызыл кылыч Зулпукор,
Кынап берген Аколпок,
Кызыл найза, мылтыкка
Чыдап берген Аколпок.
Найзанын учу майышып,
Бараң өтпөй, топ түшүп,
Чыдап берген Аколпок.
Амал-арга кетпеген
Атаңа Наркескен мизи өтпөгөн.

Каканчындын кагышта,
Калың кытай манжунун
Кан төгүшкөн чабышта,
Чыдап берген Аколпок.
Атса бараң огу өтпөй,
Аябай сайса найза өтпөй,
Атаңдын каарына чыдабай
Кытай качып сандалган.
Тону болот экен деп,
Кечилдин каны Коңурбай
Атаңдын ал тонуна таң калган
Мен энекең бейтаалай,
Ичин жибек иштеген.
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Жети жыл тынбай тиштеген.
Тиктеп жатып ошону,
Кайран көзүм кардыккан.
Тиштеп жатып ошону;
Кайран тишим жоюлган.
Ак буладан алдырдым,
Курч темирден эгенди
Кум майдасын элетип,
Эчен сексен кабаттап,
Аколпокко салдырдым.
Арданбай тиктеп машадым,
Эрикпей тиктеп, көп жүрүп,
Сегиз жылда араң жасадым.
Кечээ, буламды булап алганда,
Жесирлиги курусун
Оңураңдап кезек ит,
Ордону бузуп калганда
Олжого кетти ал кымбат.
Баарыдан кымбат ал буюм.
Абыке менен Көбөштүн
Ордосуна бара кел, с
Энеке, белек бергин деп,
Акылайдан Аколпокту ала кел.
Жана сөзүм, жана бар,
Жана жетим тилимди ал.
Жарты кебин таштабайм,
Жана уулум билип ал.
Алты жерден бүктөлүү,
Атаңдын сайышка кирчү Сырнайза,
Сырнайза жайын айтайын:
Тутам жери кырдалуу,
Тутам жери сырдалуу,
Пил терисин каптаган,
Кызыл алтын, зер төгүп,
Кармачу жерге бураган.

Атаң Манас кабылан
Каарданып сунганда
Душман качпай турбаган.
Түндө сунса жарк эткен,
Камчы тийсе Сырнайза
Доолбастай заңк эткен.
Сайып алып күч кылса
Сынып кетпей ийилген.
Сырттаныңдын Сырнайза
Көрсө көңүл кандырган,
Жонуна курчтан салдырган.
Ашагандан машаган
Төкөр уста Бөлөкбай
Кылдат уста, кайран шер
Куп келтирип жасаган.
Булгаарыдан каптаган.
Темирин курчтан таптаган.
Улап учун кызарткан,
Тийгенинин баарысы
Тим болбой ырбап кетсин деп,
Ажалы минтип жетсин деп,
Айласы такыр кетсин деп,
Кыноосун жакын кынаткан
Алты жолдоп кайралап,
Адамдын көз жашы менен сугарткан.
Түпөккө алтын кердирген,
Ар кызматы жаккан соң,
Жылкыдагы миң байтал
Бөлөкбайга бердирген.
Бөлөкбай кылган Сырнайза
Алты арамдын ордодон
Белекке сурап алып кел.
Бөтөн сөздөн баштаба
Боз ала туйгун болпонум,
Боз карчыга чолпонум,
Айткандардын баарысын
Айлаң келсе таштаба
Айлаң келсе алтооно
Жүйөлүү сөздөн салып кел,
Айтканыңа көнбөсө,
Аларыңды бербесе
Акырын кайра тартып кел,
Жамандашпай кайтып кел.
Мүлктүн жайы мындайча.
Муну мындай таштайын,
Жандуудан чыккан чоң тулпар
Буурулдан кабар баштайын.
Бир кудайга зар ыйлап,
Өтүп кеткен кан атаң
Каргылуу чунак минсин деп,

Айбандан чыккан Арбуудан.
Артымда жалгыз минсин деп,
Бир өзүңө арнап,
Башына тумар тактырган
Бирөөнүн көзү болот деп,
Бакай канга бактырган.
Кунанында ал Буурул
Бугудай мойнун бураган.
Буудандыгын билгенде
Буттап алтын, зер берип,
Букардын каны сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак Буурулду,
Береним жалгыз минет деп,
Бейдаарат* киши минбеген.
Кабылан атаң барында
Күрүч жууп жем берген.
Күйөрүм уулум минет деп,
Сенин дал өзүң менен тең көргөн.
Асыйына* келгенде
Аркардай мойнун бураган,
Аркан бою аң келсе
Айныбай аттап чураган.
Ар экенин билген соң
Алымдап алтын, зер тартып,
Анжыян каны сураган.
Сураганга бербеген
Бермек түгүл Буурулду,
Бет алган киши минбеген.
Мойнуна тумар тактырган
Болжолдуу жалгыз минет деп,
Казынага бактырган.
Буура көкүл тайкы жал,
Колу кыска, өзү зор,
Кара байыр казанат
Өзү калбыр өпкө, жез билек
Кайыптан тууган Арбуудан,
Кыз Сайкалдын Алгара,
Ушул экөө бир тууган.
Туудурдум деген ата жок,
Туудум деген эне жок,
Чын кайыптын баласы.
Чындаган тулпар Буурул ат,
Минип келсең ат ошол.
Алты ай минсе арыбайт,
Алтымыш асый болгуча
Азуу сөйкөп карыбайт.
Жети ай минсе арыбайт,
Жетимиш асый болгуча
Азуу сөйкөп карыбайт.

Чалгын минсең чарчабайт,
Жоого минсең жоорубайт,
Жортулга минсең кулунум
Арка-башы оорубайт.
Кыш түлөгүн алганда
Кызыл буурул тайкы жал,
Жаз түлөгүн алганда
Кара буурул кулан бел.
Асыл атаң өлгөндө
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак, буудан аралаш,
Абыке, Көбөш алты арам
Сан жылкың тийип бөлгөндө,
Абыке, Көбөш арамдын
Жоо экенин көргөндө
Көтөрмөлүү Суусамыр
Ашып кеткен ал Буурул,
Алтымыш күлүк ээрчитип,
Качып кеткен ал Буурул.
Кан атаңа кайгырып,
Кайып болгон ал Буурул.
Айтайын десе тили жок
Элкин оттоп, ээн басып,
Карап жүрөт Буурул ат.
Каалап койгон жан бирге
Семетей качан келет деп,
Ай эсептеп, күн болжоп,
Карап жүрөт ал Буурул.
Каргылуу* Семетей качан келет деп,
Санап жүрөт ал Буурул.
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Басканын коочак коо билип,
Жүргөнүн заңгел тоо билип.
Булак тандап суу ичип,
Буйгаттан тандап чөп үзүп.
Бетегелүү бел оттоп,
Аркар менен тең токтоп,
Эрикпей жерди чалгандыр,
Элсиз жерге баргандыр.
Жылды эсептеп Буурул ат
Келериң быйыл билгендир.
Сен барганда Буурул ат
Бугудай мойнун бурултуп,
Буруп келет Тайбуурул.
Мойнун тосуп кулунча
Туруп берет Тайбуурул.
Башын тосуп октого
Сунуп келет Тайбуурул.
Чунагым сени көргөндө

Тал жибектей көкүлү
Бөлөк-бөлөк бөлүнөт,
Айтайын десе тили жок,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Ийиниңе ээк артып
Тунуп турат Буурул ат,
Ичин жыйнап, жер чапчып,
Куруп турат Буурул ат.
Оң ийниңен бир жыттап,
Аркардай көзу кызарып,
Кымбатым сени көргөндө
Кулун үнүн чыгарып,
Уктап турат Буурул ат.
Ачылган кызыл этиңден
Жыттап турат Буурул ат.
Атамдан калган малым деп,
Буурулду кармап минип кел.
Энекең тозок тартканын,
Бобу жактан билип кел.
Арамга согуш баштаба,
Канзааданын жалгызы
Каалап саа тапшырдым
Буурулуңду таштаба.
Буудан буурул атыңдын,
Муңканып уккун жомогун,
Бул энекең катындын
Алда таалам бир буйруп,
Берген жерин айтайын.
Атайын саа энчилеп,
Карачанын кан Сайкал.
Кагыш кылып атаңа,
Каран түн түшүп башына,
Айласы кетип, кыз Сайкал,
Тартуу кылып Буурулду,
Берген жерин айтайын.
Атаң Манас эр эле,
Ала көөдөн шер эле,
Телегейи тең эле,
Ичин карап, өөй, отурсаң,
Жер жүзүнөн кең эле.
Ат семирип ык болгон.
Атаң аралашып кырк болгон.
Олуяттын эр Бакай,
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон Манаска,
Аргын кандын Ажыбай,
А да келген кыргызга,
Акбалтайдын Чубагы
Бу да келген Таласка.
Азизкандын Алмамбет,

Үзүктөй калпак эр Шууту,
Ырамандын Ырчы уулу,
Күчтүү колдуу Байчоро,
Төлгөчү кандын Төлөгү,
Адыкандын Акжолтой,
Баары келген Таласка,
Чоро болгон атаң султан Манаска.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Ар кылыгы кызык чал,
Кырк чоронун бөлөгүнөн улук чал.
Улуктукту ойлогон,
Бузуктугун, өөй, койбогон.
Өлгөнүнчө ал капыр,
Бузукусун койбогон.
Алтынын ийсе агызып,
Асыл Манас кайран шер,
Аны бузду экен деп койбогон.
Бузарды мурун ойлогон,
Буласын өрттөп ийсе да
Буудан чалыш атакең,
Аны бузду экен деп койбогон.
Ордодо жаткан атаңа
Ойрон кепти салыптыр,
Ошол гана кезде энеңди
Опсолоң бузуп калыптыр.
Манасым мен билгенди билдиңби?
Айдап салган өөй эгиниң сенин —
Эгин эмес өөй турбайбы,
Чубак менен Канықей
Тегин эмес өөй турбайбы.
Төрө Манас көкжалдын
Төшөгүн гана баскан оңобу?
Тузуна кара санаган
Чоролор дин мусулман болобу?
Балта кандын баласы Чубак
Баркыңды быйыл кетирди,
Бадыша Манас ойлочу?!
Кыргыл чал бузук кылганда,
Кызыр чалган өөй атаңды
Кыйындап гана бузуп турганда.
Сенин ала көөдөк атаң шер
Ошондо мен энекең шордууну
Алек гана кылган ошол жер,
Кыргыл чалга ишенип,
Жазайыл гана салган мойнума,
Каарданган кан атаң
Ошондо жатпай бир койду койнума.
Өзөнгө бөлөк конгомун,
Өлбөй гана житпей мен долу,

Кыргыл чалдын айынан
Алты ай гана салбар болгонмун.
Тегинге карап турбадым,
Тутамга келбей биздин жан,
Кан атаңды баш кылып,
Кырк жайсаңды жыйнадым.
Жазы жаак эренден
Жана жаңылбаган беренден,
Жүйө тапкыч ыктуудан,
Жыйнадым мынча мыктуудан,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып таштадым.
Ички дартым билер деп,
Кабылан тууган кан Бакай
Абакемди алдырдым.
Ошондо Аргын кандын Ажыбай,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Акбалтайдын Чубакты,
Атайы жанга алдырдым,
Аныктап сөзгө кандырдым:
Сумсайган кабак, суп ыштан, Чубак,
Сенин султандыгын ушу чак, Чубак,
Кара сөз болуп кайманаң, Чубак,
Быйыл сындыбы белем биздин шак, Чубак.
Бала бир болуп сен калдың, Чубак,
Эне бир болуп мен калдым, Чубак.
Нойгуттан качып сен келдиң, Чубак,
Эликтей сүтүм мен бердим, Чубак.
Ай балта күчтүү баш бузат, Чубак,
Агын суу күчтүү таш бузат, Чубак,
Эселек адам эл бузат, Чубак.
Арам бир кыял оңчуу эмес, Чубак,
Бузуку эки болчу эмес, Чубак.
Ак буудай ундан камыр дейт, Чубак,
Кырктын гана башы Кыргыл чал, Чубак,
Экөөбүздү тамыр дейт, Чубак,
Арстан чалыш кан Чубак,
Ачуусу келип түрлөнүп,
Кыргыл чалга сүйлөнүп,
Каалгадай кайран тиш,
Таруудайдан быркырап,
Көзүнөн күйгөн от жалын,
Адам көргүс шыркырап:
Ээй, кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн акмак чал,
Өз жүргөнү улук чал,
Түбүнөн чыккан бузук чал.
Куралып жүргөн чорону
Басайын деген экенсиң,

Кымбатыма ушактап,
Кыраандарды кырк жакка
Чачайын деген экенсиң,
Манастын көөнүн моминтип
Сен басайын деген экенсиң!
Кызматын көрдүм канкордун,
Сен нетейин деген экенсиң,
Катыны менен чыр кылып,
Сен кетейин деген экенсиң.
Жатсаң, копсоң жаман иш,
Сен араң жүргөн экенсиң,
Бузугуң ашып башыңдан,
Сен арам жүргөн экенсиң!
Ай-хай достум, ай Манас,
Султандыгың чын билип,
Келип кондум Таласка.
Мен да кандын уулу элем,
Өзүм да кандын бири элем,
Кадырым Манас билет деп,
Кайгуулга ала жүрөт деп,
Келип кондум Таласка.
Эмчегин ээмп Каныкей,
Чоро болдум Жакыптын
Жалгыз бир уулу Манаска.
Антка сийсем оңомбу,
Дин мусулман боломбу?
Мен бек арам болдум кетейин,
Бу жерге туруп нетейин?!
Бейли жаман Кыргыл чал,
Сенин түбүңө чогуу жетейин.
Чактармын кыргыз өзүндү,
Укпаймын сенин Кыргыл чал,
Мындай буйгат-буйрат сөзүңдү.
Акбалтайдын Чубагы
Аттана чыгып жол тартып,
Белгилүү кыраң бел басып,
Бет алган эчен жер басып.
Акыл качып, көз жайнап,
Ар түркүн түшүп ич кайнап,
Белгилүү кандын баласын
Бейпай кылып турганы,
Бек ушак сөзүн аябай,
Бу кырктын башы чочконун
Бу кайсындай иттик кылганы.
Акбалтайдын арстаны
Уят болуп жана өлбөй,
Убара болуп жөн өлбөй,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өзүнүн жанын кыя албай.
Көңүлү жаман бөлүнүп,

Чубактын көзүнүн жашы төгүлүп,
Анжыянды басыптыр,
Чубак атасын көздөй качыптыр.
Масейилди ашыптыр,
Кең Кашкарды басыптыр.
Кыдырата карабай,
Кан Балтайдын Чубагы
Кылча жанын аябай,
Таарынгандан сабылып,
Таластагы кан атаңа таарынып,
Кашкарды камап алды деп,
Алты шаардын баарына
Кээ бирөөдөн кеп уктук,
Чубак султан болуп калды деп,
Өзөнчө бойлой конгонмун,
Кыргыл чалдын айынан,
Бузукунун жайынан,
Жатпай коюп сен атаң,
Эки жыл салбар болгомун.
Ургаачыдан шер жыйнап,
Катындан балбан эр жыйнап,
Ак үйлүү жыйып алтымыш,
Арстан атаң көкжалга
Таласка баса конгомун.
Намыс этип ар кылбай,
Доосун бирге доолашып,
Жоосун бирге жоолашып,
Олондой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйүшүп,
Жоого бирге киришип,
Атаң салбар кылганда,
Салынды кылып турганда
Калдайган башым туу кылып,
Катын башым эр кылып,
Бөлөгүн айтып нетейин,
Кулунум үшүнтүп жүрүп тең болдум.
Орозай сарттын он уулу,
Алакөөдөк атаңды,
Жар көчүрүп жапканда,
Жапасын энең тартканда,
Атакеңдин Кумайык
Адырга салып желгенде,
Энекең мен карабет бейбакка
Кумайык качып келгенде,
Кырк чоро менен атаң жок,
Зулпукор колго алгамын,
Жоо жаракты баарысын
Белге гана кынай чалгамын.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйгөмүн,

Ок өтпөгөн көк күпү*,
Сыртыман баса кийгемин.
Энекеңдин кара кашка аргымак,
Токунуп муну миңгемин,
Атакеңдин Кумайык,
Кубалап жолго киргемин.
Кумайыкты кубалап,
Абийирди мындан тапкамын.
Өлбөстөн мурун өлгөмүн,
Жар түбүндө жатканда
Кан атаң таап көргөмүн.
Антаңдатып шаштырдым,
Атаңды аман алууга
Бир тиргизип салууга
Төө көтөргөн чоң балбан
Акаярга каздырдым.
Жар топосун чачтырдым,
Атакеңдин кырк кыраан
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жерге койбой ачтырдым.
Өчкөн отун тамыздым,
Өлгөн жанын тиргиздим,
Чачылганын жыйнадым,
Мен зайыпча карап турбадым.
Жортолмон атаң Манаска,
Жоого кирсе дем кылдым,
Кыркы кырк кан уулу эле
Кырк чорону кулунум,
Мен эби менен эл кылдым.
Үй күтүп карап турбастан
Мен катын башым шер кылдым.
Сенин атаң Манастын
Санаасы менен болтурдум,
Сандыгынын баарысын
Сары алтын мүлккө толтурдум.
Салып жүрүп там кылдым,
Сайып жүрүп бак кылдым.
Атаң Манас кабылан
Кыргыл чалдан кеп угуп,
Ушу алганым долу Канымкей,
Абийирсиз чыкты деп угуп,
Аалам жолду чалам деп,
Алганым жаман болгон соң,
Атышып жатып эчен жыл,
Карачанын кыз Сайкал,
Колукту кылып алам деп.
Ээрчиткени кырк чоро,
Ажыбай, Бакай каны бар,
Улаккандын Сыргагы,

Азизкандын Алмамбет,
Кыраандардын баары бар.
Атаң Манас кабылан
Уламадан кеп угуп,
Ургаачыдан кан Сайкал
Кыраан чыкты деп угуп.
Касташканга той бербей,
Какандын каны Коңурбай
Каптап кирип келгенде,
Кабылан Сайкал бой бербей.
Лоп дарыя кайран жер
Эби менен жер кылып,
Лоптогу кыргыз нойгутту
Эби менен эл кылып.
Карачанын Сайкалы
Эрен чыкты деп угуп,
Кыздан туулган кабылан
Берен чыкты деп угуп.
Кылымга кыргын салам деп.
Карачанын кан Сайкал,
Кагышып жүрүп ошону
Катын кылып алам деп,
Пилге жүктөп ок алып,
Билимдүү Бакай ичинде,
Кырк жайсаң өңдүү кол алып,
Ок өтпөс тонду бүктөтүп,
Желмаянга жүктөтүп.
Найзаларын шаңдатып,
Мылтыгын тегиз камдатып,
Нарын бойлой жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Сыртты бойлой сыдырып,
Жаман-Эчки, Тарагай,
Муну бойлой кыдырып,
Тик-Иртикти ашыптыр,
Ар жагында чоң Турпан,
Чоң Турпанды басыптыр.
Кум-Арыкты кечиптир,
Чоң Ак-Кумга жетиптир.
Лопту көздөй жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Тоңкойгон чуңкур коо кечип,
Томпойгон эчен тоону өтүп.
Ат арыктап, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Эриксе элик атышып,
Эрикбесе сен атаң,
Ат жайдактап жатышып,
Ырамандын Ырчысы
Ырдап берип кашында,

Төрөбектин Төлгөчү
Төлгө салып башында,
Барбардын тоосун этектеп,
Жолбашчысы зор Бакай
Желмаянды жетектеп,
Атаң Манас кабылан
Ат бороюн сыдырып,
Кыз Сайкалдын Лоп дайра,
Лоп дарыя Чоң-Токой,
Ошонун баарын кыдырып.
Ээр белдей урчукка,
Эшилген тоонун тумшукка,
Жаңы жетип барганда
Калкамандын Кара аты
Кайгуулга атаң чыгарса,
Кайсы чоро көй кашка
Муну каалап минмек адаты,
Кароолго чыккан Сереги
Калкамандын Кара атын,
Каалап минип ошол эр,
Эшилген тоонун урчукка
Кароолго чыккан ошол жер.
Кан Манастын Сереги,
Кан Манастан бата алып,
Кароолду көздөп аттанып.
Касаба колдо калкылдап,
Кара болот зулпукор,
Ач билекке жаркылдап.
Кара темир туулга
Кайран башка кийинип,
Кароол десе сүйүнүп,
Кыдырата карабай
Кылкылдаган белеске,
Чыккан экен ошол эр
Кылча гана жанын аябай,
Жалпак-Кыя, Жар-Ташка
Жатып уйку кандырып,
Чырм этип, уйку алып,
Чыканактап тынч алып.
Асмандан жылдыз бөлүнүп,
Жер кашкайып көрүнүп.
Тараза жылдыз баткан соң,
Таң кашкайып аткан соң,
Карап турса эр Серек
Лоп токойдун урчукта,
Оңурайган тумшукта,
Чоң-Токойдун бетинде
Алкынган кара ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Зорлугу тоонун теңиндей,

Көрүнгөндү жегидей,
Орто бойлуу, кең далы,
Ач арстан көздөнгөн,
Түрү суук жүздөнгөн.
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүнгөн,
Жай-жарактын баарысын
Окшошураак кийинген,
Кумсайыңкы бир адам
Алгара санга бир салып,
Ойгуттап ураан үн салып.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Сунуп алган сыр найза
Кырк кулачтай көрүнүп,
Көрүп турган Серектин,
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Астындагы кара аттын
Оозунан көбүк төгүлүп.
Кара атты санга бир салып,
Карача кандын кыз Сайкал
Ошондо, кароолчуга кол салып,
Жебеден мурун жетиптир,
Жеткен жерде кыз Сайкал,
Калкамандын Кара аттан
Жеткенде сайып Серекти,
Көмө муштап өтүптүр.
Калкамандын Кара аты
Кароолчусун сайдырып,
Карача кызы долуга
Олжого түшүп кетиптир.
Манас кандын кырк жайсаң
Кароолчу антип кеткен соң,
Барабанды бир салып,
Манас деп баары үн салып,
Маңдайлашып бакырып,
Жеткен экен баарысы
Ошондо Манастап ураан чакырып.
Кан атаң, Манас кандын кырк жайсаң,
Кыз Сайкалдын кырк жигит
Аралашып калышып,
Алты күнү, алты түн
Ача мойнок талаада,
Аянышпай сайышып,
Бирөөнү бирөө ала албай,
Бирөөнү бирөө буларың
Өлүм кылып сала албай.
Маңдайлашып турушуп,
Баса кирип урушуп,
Алыша албай турганда,
Карачанын кан Сайкал

Жеткен экен качырып,
Ырамандын Ырчы уулу,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Колу күчтүү Байчоро,
Ботокандын Бозуулга
Болбой Сайкал жетиптир.
Жеткен жерде жетөөнү
Көмө коюп өтүптүр.
Эрмек кандын эр Болот,
Кыз Сайкалдын балбаны.
Манас кандын кырк жайсаң,
Түшкөнүнүн ат атын
Эр Болот олжо кылып алганы.
Ойронду Сайкал салыптыр,
Бет алса аттан түшүрүп,
Белгилүү Сайкал алыптыр.
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Кызыл найза кынаган,
Кырк чоро такыр жөө калып,
Кыз Сайкал менен сайышып,
Кырк жети күнү Алакең
Жалгыз өзү чыдаган.
Чокуга турган Алакең,
Чоюлуп сайган кыз Сайкал,
Чочубай койгон Алмаң шер.
Кыйкырып сайган Алакең,
Кыйшайбай койгон кыз Сайкал
Туруп найза сайышып,
Айзанын учу майышып,
Кара чаңга канышып,
Качпай туруп сайышып,
Сайышкан айза быркырап,
Топурак учуп, тоз күйүп.
Айза сынып кынаган,
Аяш атаң Алмамбет
Алтымыш күнү сайышып,
Кыз Сайкалга чыдаган.
Аккуланы токунуп.
Зулпукорду байланып,
Жай жарагын камданып,
Коңгурап кейип, ич күйүп,
Козголоң түшүп тура албай
Карачанын Сайкалга
Бет алып айза салууга,
Кырк жайсаңдын күлүгүн
Ажыратып алууга.

Кожо, молдо жыюуга,
Алы келсе Сайкалды
Тал түштө ника кыюуга
Каарданып таптанып,
Карачанын Сайкалга
Кабылан атаң аттанып,
Ээр белдей мунарык
Эңкее түшүп жол чалып,
Карачанын Сайкалга
Кабылан атаң кол салып,
Кезек-кезек сайышып,
Карачанын Сайкалы
Түгөнүшүп калышып.
Айкырыи айза сунушуп,
Алыша албай турушуп,
Күнү-түнү эчен күн
Алыша албай турушуп.
Эңкейишке киргенде,
Карачанын Сайкалын
Кан атаң жетип беш сайып,
Беш айза катар сындырып,
Түгөнгөн тоонун урчуктан,
Кан атаң Манас канкорду
Жетип Сайкал төрт сайып,
Төрт айза катар сындырып,
Кезек-кезек турушуп,
Атаң менен кыз Сайкал
Кезме кезек урушуп,
Балта менен салышып,
Балтанын башы быркырап,
Сабы колдо калышып.
Кылыч менен салышып,
Кылычтын баары быркырап,
Кабы куру калышып,
Түп этектен алышып,
Ошо кезде эки эрен
Түгөнүшүп калышып,
Жакалашып тартышып,
Кыз Сайкалдын Алгара,
Атакеңдин Аккула,
Зардебине бу балбан,
Айбан чыдап тура албай
Тизеден кумга батышып.
Күндүз чыдап, тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Күндөп түндөп турушуп,
Тыным кетип урушуп,
Бетегелүү керүүдө,
Атаң менен кыз Сайкал
Бет алышкан жеринде

Сайкалды кудай уруптур,
Канчык Сайкал ал долу
Кайраттанып туруптур.
Астындагы Алгара
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Каарданып бакырып,
Урааны Карачалап чакырып.
Шай* колдогон неме экен,
Ургаачы арстан, шер экен.
Атаң Манас бышылдап,
Эңкее албай эр атаң
Ык семирген кези экен.
Качырып Сайкал жетиптир,
Кабырганын булчуңун
Ошондо муштап өтүптүр.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Күйүт тарткан эмедей,
Күрсүйгөн атаң Манасты
Алган экен ошондо
Кыз Сайкал ат үстүнөн көтөрүп.
Аттан таштап ийүүгө
Асыл Сайкал кыя албай,
Баатырга балаа салгандан
Баатырың Сайкал уялбай.
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Кыз Сайкалдын башына
Алтымыш санаа бир келип.
Ушу турган кан Манас,
Телегейи тең эле,
Ичин карап отурсам
Жер жүзүнөн кең эле,
Алты шердин кенжеси
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Өзү зайыппуруш эр эле.
Айкөл Манас султандай,
Жан жаратып жасаган
Жакында бербейт теги эле.
Менин, кыр жагымда кытай бар,
Баш жагымда бараң бар,
Биз менен басташчу жоо далай бар.
Манасты катын сайды деп,
Кырк уруунун эли эле
Кытайды кудай урабы?
Какандагы Коңурбай
Каптап келип береки,
Кыргыздын журтун кырабы?
Долулукту кылдың деп,
Көрүнөө кудай урабы?
Кырк уруу кытай калың эл,

Кабар түшүп кокустан,
Каптап келсе бу жерге,
Ажыратып ала албай,
Менин, көрүнөө багым сынабы?
Деп ошондо кыз Сайкал
Атаң Манас султанды
Кайрадан атка миңгизип.
Дал ошентип турганда
Ай Сарала ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок найза алган,
Жанына жалаң кылыч байланган,
Азизкандын Алмамбет
Карачанын Сайкалга
Капталынан качырып,
Сарала санга бир салып,
Кан Манастап үн салып,
Кан Сайкалга кол салып,
Түгөнүшүп калышкан,
Түйшүктү көрүп кайран шер,
Атакен Манас көкжалды
Ажыратып алышкан.
Кабарчыдан кеп угуп,
Таласта жаткан мен энең,
Карачанын Сайкалга
Көкжалым алдырып ийди деп угуп,
Ушактан бузук кеп угуп,
Сандыргалуу Сайкалга
Кан атаң Манас көкжалым
Сайдырып ийди деп угуп,
Көнүлү кургур бөлүнүп,
Менин, көзүмдүн жашы төгүлүп.
Атакендин айынан,
Кыз Сайкалдын жайынан,
Ардыгып кетип курган жан
Суук жерди жайладым.
Ичим күйдү тымызын,
Ала көөдөн атана
Сууну бердим кымыз деп.
Аны берген себебим,
Көөдөк катын Акылай,
Көөдөнү жок капырай,
Казы кертип, бал берип,
Жая кертип, ж

ал берип,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып эт берип,
Семирчүү аштан көп берип,
Көөдөнү жок ал энең,

Жабышып жүруп Манасты
Көп семиртип салыптыр.
Ыргайтынын белинде
Баргалышып турганда,
Сенин атаң Манас кан
Муну менен барбайып,
Бек семирген атакең
Эңкее албай дардайып.
Эптүү Сайкал сайыптыр,
Семиздеп кетип сен атаң
Эңкее албай калыптыр.
Күйгөндөн барып курган жан,
Тарагайды жайладым,
Колум менен билгизбей,
Көөдөк атаң Манасты
Мына үшүнтүп байладым.
Атаң Манас султандын
Ичине ийди* салгамын,
Ички майдын баарысын
Мен энекең бейтаалай,
Эбим менен гана алгамын.
Астындагы Аккула
Арпадан аса жем берип,
Айда терин алгамын.
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күндө терин алгамын.
Атаң менен Аккула,
Экөөнү этке келтирип,
Эбим менен байладым.
Агытып ийдим Сайкалга.
Сапарбай ылдый салышып,
Жаман суу бойлоп алышып,
Аянышбай жатышып,
Маңдай, тескей эки эрен
Аянышбай атышып,
Күпсөрдөн дары күбүшүп,
Тулпар оозун бурушуп,
Айзалашып турушуп,
Аянбай бир топ урушуп,
Акылынан шашыптыр,
Карачанын Сайкалы
Калкы ойгутту көздөй качыптыр.
Эшилме кумга барганда
Жеңип келген Сайкалды,
Жембаштыктай бөктөрүп,
Ошондо, эңип бир келген Сайкалды.
Каарданып кордуктап,
Карачанын Сайкалын
Атакең, алып келген зордуктап.
Каарданган капырдын,

Азабы өттү ушул өңдүү катындын.
Бул өңдөнгөн катынды,
Каарданган капырды,
Тал түштө алып жатайын,
Тамашага батайын,
Тарткын мындай көшөгө,
Салгын кенен төшөктү,
Кожо, молдо жыйгын деп,
Дуба окутуп долуну
Бүгүн ника кыйгын деп,
Атаң Манас зордуктап,
Аламын деп турганда,
Алтын күлдүү суп көйнөк
Кийбей койгон кыз Сайкал.
Атакең көкжал султанга
Тийбей койгон кыз Сайкал.
Буудан көкжал кебимди ук,
Бу көйнөгүң кийбеймин,
Бу дүйнөдө тийбеймин.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Мына ушундай дүйнө бок.
Бу дүйнөгө кызыкпайм,
Канкор тилиң алайын,
Кыяматтык жар болуп,
Таңда макшар болгондо,
Сени менен мен өзүм
Кошулуша барайын.
Өлөрүңдө кырк күнү
Өзүм келип бадышам,
Зыйнатыңа турайын.
Бу дүйнөлүк мен өзүм
Болбой турган себебим,
Алып турган зайбыңыз
Телегейи тең экен,
Ургаачынын шери экен,
Он эки кыздын кенжеси,
Алданын жакшы көргөн бендеси.
Кара сурдун сулуусу,
Өзү мусулмандын нурдуусу.
Адамзаттын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Зайып аттын тазасы,
Алып турган зайбыңыз
Кең этектин башаасы.
Чын олуя жан экен
Алып турган зайбыңыз
Каныкейдин тилинде мөөр бар экен,
Эрдинин сөөлү бар экен.
Каргаган адам оң болбойт,
Тили тийген соо болбойт.

Кең Талас бойлой конбоймун,
Ургаачы султан Канықей,
Муну менен күпүлдөп күнү болбоймун.
Бу кишинин тили тийген оң болбойт,
Тиктеген жаны соо болбойт.
Куу дүйнөгө кызыгып,
Бу дүйнөдө оңбоймун.
Бу дүйнөдө эр таттуу,
Күпүлдөп сизди талашып,
Жүзү кара болбоймун.
Айтканыңа кирбеймин,
Бу дүйнөдө тийбеймин.
Кеби тийсе зайбыңдын,
Ат байлаган мамыдай
Такыр бойдон өтөмүн.
Жүзүн көрбөй кудайдын
Капыр бойдон өтөмүн.
Мурунтан зайбың билемин,
Ургаачынын башаасы
Байгамбар чалыш долуга,
Не бетим менен курган жан
Күнү болуп жүрөмүн.
Башаалуу кыргыз жер мына,
Басып кордук кылсаңыз
Башымды кессең мен мына.
Агызчу болсоң кан мына,
Кыюучу болсоң жан мына,
Короолоп чоро эл мына,
Кордукту кылсаң мен мына.
Баатыр көкжал кебимди ук,
Адырмак бойлой конбоймун,
Алганың султан Канықей
Аңылдап күнү болбоймун.
Карача кандын кан Сайкал
Мойнун жерге салганда,
Болбой жатып алганда.
Арага Бакай ал келип,
Болбой койгон мелтиреп.
Тил албай долу койгондо,
Куландан туулган кунан көк,
Ай туяк айтып сойгондо.
Ала чапан Айгожо,
Айгожону баш кылып,
Алты кожо жыйдырган.
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Кыяматтык никесин
Кызыр чалган сен атаң
Кожолорго кыйдырган.
Ошондо Сайкал кубанган,

Телегейиң бадышам,
Тең экениң билинди.
Алты шердин кенжеси,
Эр экениң билинди.
Атышка кирсе азыкың,
Билбестен мыктап сайыштым,
Баатыр, менин тарттыра көрбө жазыгым.
Деп ошондо муну айтып,
Карачанын Сайкалы
Кул азык ушул болот деп,
Кол башындай дан берип,
Бадышам, кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Кошой бата бергенде,
Капыр менен мусулман
Кошо бата берди деп,
Менин атам Карача
Угуп айткан кеби бар.
Баатыр сенин өзүңө
Батадан бүтүп бир бала
Келе турган чени бар.
Көңүлдөгү санаага,
Тай энчилеп берейин
Баатыр, сенин каканакта балаңа.
Тайдын жайын айтайын:
Кечээ, мунарыктап бурчтанган,
Булуңгур тартып учтанган,
Барбардын бери бетинде,
Лоп дайранын четинде,
Ала шалбырт мезгилде,
Кен өзөндүн баткалда,
Жетимиш бээ кулундап,
Кең өзөнгө жатканда.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Ала чаңгыл буркасын
Шамал болуп. жатканда
Салып барсам бир жерге,
Куюн ойноп жатыптыр,
Куюн эмес ошол иш
Кулун ойноп жатыптыр.
Туудум деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок.
Кайыбынан кабылган,
Кудай сүйүп жаныбар,
Талаадан минтип табылган.
Энеси талаа кайыбы,
Ошо күндөн, ушу күн
Билинбей жүрөт дайыны.
Алты ай минсе арыбайт,

Алтымыш асый болгончо
Азуусун сөйкөп карыбайт.
Жет-Кайт минсе арыбайт,
Жетимиш асый болгуча
Тилдигин басып карыбайт.
Аркасы бийик, зээри бас,
Адырга салса оюбас,
Асыл төрөм байкап тур.
Аккуладан анча өөдө,
Чалкуйруктан чарк өөдө,
Коңурбайдын Алгара
Биздин жылкы болуучу,
Алгарадан анча өөдө.
Кулансурдан дагы өөдө,
Телкүрөндөн теги өөдө.
Теминге минсе жоорубас,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Чоңойсо Буурул ат болот,
Аман болсо көрөрсүз,
Сураган адам жат болот,
Атаң Манас көкжалга
Тайбуурул берген тартууга,
Тай чагында мен алдым
Тарагайга келгенде.
Жүдөгөн буурул тай экен,
Оозун ачып карасам,
Ууру тиши бар экен.
Ууру тишин кактырдым,
Үшүп өлүп кетет деп,
Ажалым минтип жетет деп
Абайдан* жабык жаптырдым.
Алтымыш кулун бир кырып,
Аз эмдирип энесин
Өлгөндө минтип бактырдым.
Башына үкү тагылып,
Бирөөнүн көзү тиет деп,
Жан көрбөс жерге бактырдым.
Кунанына келгенде
Бугудай мойнун бурады,
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан чурады.
Бууданын байкап билген соц,
Буттап алтын бул берип,
Букардын беги сурады.
Сураганга бербеген,
Бермек тургай бууданга
Бей даарат киши минбеген.
Буурулду минсең кулунум,
Атаң Манастан калган бурагың.

Муну мындай таштайын,
Жана уулум жана сөз,
Жана айтам дагы кеп,
Ар жагынан баштайын:
Кан атаң султан кан эле,
Бет алган сөзгө ишенген,
Атаң Манас кабылан
Момундай ала көөдөн жан эле.
Жан жаратып атаңдай
Бендесин бербейт теги эле.
Акбалтайдын Чубагы
Бузукка кирип таарынып,
Кыргыл чалдын айынан,
Кырк чоронун жайынан,
Арада алат, мүшкүл сөз
Бир кысталак ушак барынан,
Ободон жылдыз тутулуп,
Акбалтайдын Чубагы
Таарынып кетип атаңа,
Тетиги, нойгутка кирип кутулуп.
Таласка, Алай тең эмес,
Атаң Манас султандан
Акбалтайдын Чубагы
Кылча жери кем эмес.
Чубак атасын көздөй тартканда,
Манас канга таарынып,
Чубак элин көздөй кайтканда,
Аргынды тийип бой кылып,
Атаң Манас канкорго
Адам көрбөс мүшкүлдү
Баштайын деп ой кылып,
Айлам жетсе Таласты
Таштайын деп ой кылып,
Каарданып камыгып,
Кабылан Чубак таарынып.
Кыр жагында кытайга
Кыябы менен кат берип,
Катты аябай бат берип,
Манжуу каны Незкара,
Кытайдын каны Ылама,
Чоң Жолойдой балбаны,
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Алоокенин Коңурбай
Эр экени чын болсо
Бул мезгилде келсин деп
Алты тулпар ат барып,
Бээжиндин Кары канына
Алакандай кат барып.
Топурак учуп, тоз күйүп,

Жер бузулуп, чаң учуп,
Дүңкүлдөгүн уруптур,
Бул кабарды укканда
Бээжиндин каны Кары кан,
Балбандарын жыйыптыр.
Шуру отогот*, маржан таш,
Луңтуңдун каны аралаш,
Карыпчысын* калдайткан
Калдайдын каны аралаш.
Беренжисин* кийинген
Бээжиндин журту аралаш.
Күрмө кийген калмакт_ш
Күчтүүлөрү бөлүнүп,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы бөлөк көрүнүп.
Темир аркан, торчону,
Кара кытай, манжуунун
Тегиз канжар колчону,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилден илек кол берип,
Ок өтпөстү кийгизип,
Алгараны миңгизип,
Коңурбайды жиберип.
Айлаң келсе Коңурбай
Атандын өчүн алгын деп,
Тирүү кармап Манасты
Кырк аркан бою зынданга
Алып келип салгын деп.
Кызыталак буруттан
Момунтип өчүң алгын деп.
Асман ачык, жер бүркөк
Жерден бир тал көрүнбөй,
Топурак учуп, тоз кайнап,
Элден бир тал көрүнбөй.
Найзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Жээк тартып чуркурап,
Жергелешип буркурап,
Камышты көр, селди көр,
Ошондо, каптаган кытай элди көр.
Мунарып тийген чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр.
Ат көтөргүс дөөнү көр,
Бачагар, айбалта алган жөөнү көр.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Курчап кетчү журтту көр.
Бээжиндин колу козголуп,
Береңиң атаңды кармап аларда,
Бекитип орго саларда,
Үч айдай мурун мен энең

Бул кабарды билгемин.
Көңүлүм жаман бөлүнүп,
Менин, көзүмдүн жашы төгүлүп.
Эрдиги бар, эси жок
Көөдөк атаң ой ойлоп,
Аккуланы быйыл жыл
Ык семиртем деп ойлоп,
Аккуланы агытып,
Армансыз атаң жатканда
Жердин жүзүн чалдырдым,
Бир адамга түйгузбай,
Аккуланы алдырдым.
Астына кумдан төктүрүп,
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күндө терин алдырдым.
Арпадан аса жем берип,
Айда терин алдырдым.
Атаң Манас айкөлдүн,
Тонун кылдым борумдап,
Атын бактым сонундап.
Жоо жарагын белендеп,
Жана долу турганда,
Аяш атаң эр Чубак
Андан кабар баштайын.
Атакеси Акбалтай,
Ай-ааламга кан экен,
Акбалтайдын башында
Касиети бар экен.
Кечээ, арбакты сыйлап Акбалтай
Ал Чубак качып барганда:
Он экиге келгиче
Алдейлеп бактым өзүңдү,
Бүгүн көргөн эртең жок
Чунак уулум, угуп тургун сөзүмдү.
Жашың он экиге келгенде
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Барып кондуң Таласка,
Чоро болдуң Жакыптын
Жалгыз уулу Манаска.
Ак буудай данын чайнаштың,
Келеме шарип* кармаштың,
Жер жарылып козголдуң,
Жетимиш сапар дос болдуң.
Кызыр чалган Манаска
Кыяматтык дос элең,
Манас сенин шеригиң,
Шеригиң менен касташып,
Уулум, эмине деп бөлүндүң.
Абайлагын Чубагым,

Ошол Манас шер экөөң
Султан болор убагың.
Ушак сөзгө таарынып,
Эмине болду чунагым?
Кызырлуу Чубак кулунум,
Атаң Акбалтай айтат тилимди ал.
Ушакка кирген оңобу,
Каймана сөзгө таарынып,
Балам, качкан жан адам болобу?
Канкоруна таарынып,
Ушу жерге кайсалап келген оңобу?
Бузула чыгып камынып,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Бир бузулган итке таарынып,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кырк чорого улук чал,
Ойлогону бузук чал.
Бузуктан далай ойлогон,
Бууданың Манас кабылан
Аны бузду экен деп койбогон.
Эселек ушак кылганда
Чубак эсиңден кеттиң таарынып,
Эзелки достуң Манаска
Сен душмандык кылдың камынып.
Каарданып кан Балтай
Баатырың Чубак көкжалга
Тескери бата бергенде,
Атасы кечип кетерин
Арстаның Чубак көргөндө,
Кызыл куйрук пил алып,
Кымбатың Чубак тил алып,
Алтын танап чатырды
Аркы-терки бүктөтүп,
Алайдан чыккан тулпарга
Алып келип жүктөтүп,
Ок дарынын баарысын,
Ошондо Чубак көкжалың
Желмаянга арттырып.
Айзакерден ыктуудан
Мындан алып бир тогуз,
Айбалта чапчуу мыктуудан
Андан алып бир тогуз.
Ар жабдыктын баарысын
Кызыл пилге арттырып,
Аттанып Чубак жол тартып,
Күндүз жүрбөй, түн катып,
Атасынан бата алып,
Алайдан чыкты аттанып.
Кең Кашкар бойлоп жакалап,

Ашуу ашып, таш басып.
Чубагың токтобостон жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Ак ала туу көтөрүп,
Чоң Таласка бет алып,
Кароол карап, жер чалып,
Жанына кырк бир жан алып.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Арстан түрдүү кургуруң
Ала-Тоодой көрүнүп.
Эки жагын каранып,
Эпсиз тууган кургуруң
Эрди, мурдун жаланып.
Көк ырапыс* тон кийип,
Көк ала сындуу ат минип.
Эчен түрдүү түрдөнүп,
Арстандай күүлөнүп,
Ала-Тоодой эр Чубак
Келе жаткан жери ошол.
Муну гана мындай таштайын,
Энекең карабет Каныкейдин жөө жомок,
Бирөөнү койбой баштайын:
Каныкейдин коргондо,
Энекең алты ай салбар болгондо,
Алоокенин Коңурбай
Алты уруу кытай келерин
Энекең шордуу билгенде,
Бөлүнүп жайлоо жайладым,
Бөлөгүн гана айтып нетейин,
Атакеңдин Аккула
Колум менен байладым.
Чын этине келтирип,
Чын казатка жайладым.
Кейидим, ыйлап көп жүрдүм,
Алтымыш салбар кылса да
Айкөлүм минип Аккула,
Атышка кирсе деп жүрдүм.
Ошондо текке карап турбадым,
Атакендин жор, жарак
Баары гана жогун чогултуп,
Ал ордого камдадым.
Энекең минтип турганда,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Он эки зубун* кол алып,
Темир аркан тор алып,
Он башысы ороктоп,
Найзанын башы короктоп.
Адамдын башы кагышып,
Найзанын башы чабышып,

Төрөңүз көөдөк Манасты
Төбөсүнөн басам деп,
Төрт түлүгүн чачам деп,
Тийип алып бээсин,
Жакын келсе алардын
Жайната гана муштап мээсин,
Чыгарайын буруттун
Капкайдагы кээсин,
Кармап байлап келейин,
Камбардай Манас дөөсүн.
Кежир кылса Манасты
Кеп кылбай кармап алайын,
Кырк аркан бою зынданга
Айдап бир келип салайын.
Андан кийин буруттун
Мен, айылын кырып чабайын.
Жети асаба туу болуп,
Алоокенин Коңурбай
Жети түмөн кол болуп,
Кызыл чоктуу кытайдын
Ошондо, кыйындары, ээй, козголуп,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары козголуп.
Күрмө кийген калмактын
Күчтүүлөрү бөлүнүп,
Карыпчычан* манжуунун
Калдайлары бөлүнүп,
Катуу кабар, кеп угуп,
Кан Балтайдын Чубагы
Качып кетти деп угуп,
Камыштан бетер сел болуп,
Кайнаган кытай эл толуп,
Камышты көр, селди көр,
Каптаган кытай элди көр.
Төбөбүздөн айланып,
Төрт сандуу кытай басканда,
Уйкудагы кыргыз журт
Кароолчу, сакчы анда жок.
Каран түн салса куу башка
Кулунум, ушундай болот дүйнө бок.
Аргын, кыргыз ой тартып,
Конуп жаткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп жаткан кезинде,
Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап турган кезиңде,
Андай жоо келер ойдо жок,
Жыргап турган кезинде.
Бүтүн кундуз терисин
Жарты бөлүп алышып,

Багалекке салышып.
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе кең Таласта жатышып.
Чалгынчы жок, кароол жок,
Калың кытай козголуп,
Иле бойлоп жол жүрүп,
Ач-Маралды басканда,
Төрт түлүктү чачканда.
Таластагы кыргызды
Бээжиндеги Коңурбай
Түн ортосу мезгилде
Камынтпай келип басканда,
Булумду булап алганда,
Бузукту кытай салганда,
Таласта аргын, кыргыз журт
Көргүлүктү көргөндө,
Бийөнгө тийип башына,
Ормомбек кан өлгөндө,
Боз ала желек, кызыл туу
Кудай бетин салбай кал,
Бойбойлошкон ызы-чуу.
Ак ала желек, кызыл туу,
Ач кыйкырык, ызы-чуу.
Алапайын таба албай,
Кыргыз качып сабылып,
Ыйман менен алгын деп,
Өлүм жакка камынып.
Азиз кандын Алмамбет,
Олуяттын эр Бакай,
Аргын кандын Ажыбай,
Улак кандын Сыргагы,
Чыдап бенде турбаган
Согушка кирип ошондо,
Төрт арстан чыдаган.
Кумурсканы көр, куртту көр,
Куртчалык кытай журтту көр.
Кырк уруу кытай сан балбан
Түн ичинде бастырып,
Атаң Манаста калган көп арман.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү боо түшүп,
Кыргыз качып сабылып,
Уйкуда жаткан атакең
Кан Манаска жалынып:
Кокуй көкжал кантесиң
Төрт уруу кытай камынып,
Төбөбүздөн басты деп,
Бир кызыкты салгын деп,

Ушу турган кайран журт
Кан экениң чын болсо,
Бизди ажыратып алгын деп,
Кыргыз ыйлап буркурап,
Кыз, катыны чуркурап
Атакең көөдөк шерге барганда,
Атаң Манас кабылан
Көйнөкчөн чуркап барбактап,
Жылаң аяк, жылаң баш,
Ок өтпөс кийбей жылаңач,
Бел бакан алып колуна,
Азабым келди тартайын,
Эч болбосо жаздыгым ала жатайын
Кейип атаң коңгурап,
Керээзин айтып оңгурап.
Аты жок жөө жүгүрүп,
Аманат жандан түңүлүп.
Бакан алып сен атаң
Кытайдын белгилүү дөөсүн чаба албай,
Жылаңайлак, жылаң баш
Жыргалдуу Манас сен атаң
Алапайын таба албай,
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип.
Сенин жарыктык атаң барбактап,
Ок эле жылма кылып ийчүдөй
Жыңайлак атаң дарбактап
Астынкы дөөгө жетерде,
Аралаша кетерде,
Ажалы минтип жетерде,
Алоокенин Коңурбай
Ач айкырык саларда,
Тирүү байлап аларда,
Атакеңдин Аккула
Этине келген чоң тулпар
Учкан куш менен жарышып,
Калган экен Аккула,
Казы алуучу боор эт
Төмөнкү кабыргага жабышып.
Чап олоңун бек тартып,
Ошо турган Аккула
Куюшканын кыскартып,
Ок өтпөстү жаптырып.
Окоро түйгөн чылбырды
Узунураак тактырып,
Акырын бастым, сабылдым,
Аккелте менен Аколпок
Экөөнү колго тең кармап,
Ардыгым коюп мен энең
Атакеңе жалынып,

Окоро түйгөн чоң чылбыр
Мойнума кынай салгамын
Аккелте менен Аколпок,
Сырнайза менен Аккула,
Зулпукор баштап бул бешөөн,
Атаңа тарттуу кылгамын:
Башалуу калаа жер мына,
Баягы сөзгө ишенсең,
Бадышам, башымды кессең мен мына!
Кадырман кыргыз эл мына,
Канымды төксөң мен мына!
Байлап алсаң кол мына,
Терең кассаң ор мына,
Уксаң айкөл сөз мына,
Чукучу болсоң көз мына
Кыйып ий чымын жан мына,
Минсең Аккула тулпар мал мына!
Ушакка кирген оңобу,
Бузукуга ишенген
Бадышам, эреним сендей болобу?
Кайнаган какан кытайга,
Карап көр султан кабылан,
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Жылаңач кирген болобу?!
Атышка кирсе ок өтпөс
Ак олпок мына, кийип кир,
Артык курч, темир алма баш,
Ыраакы, жуук ылгабас,
Алтымыш күнгө бузулбас,
Ардактаган Аккелте
Айдалыңа илиңиз,
Аянышпай, кез келди,
Султаным, астыңкы жоого кириңиз!
Күрдөөлдүү буюм Сырнайза
Белек бердим алыңыз.
Какандын эли катуу дарт,
Султаным, качырып согуш салыңыз!
Кыйкырып кындан чыгарса
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга тоюп албаса
Кайрылып кынга кирбеген
Зулпукор бердим алыңыз,
Кытайдын каны Коңурбай
Кыйындап уруш салыңыз.
Каадалуу кыргыз калың журт,
Чамаңыз келсе, султаным,
Ажыратып алыңыз!
Аккуланы мингизип,
Аколпокту кийгизип,
Өчкөн отун тамызып,

Өлгөн жанын тиргизип,
Үзүлгөнун уладым,
Чачылганын жыйнадым.
Атаң Манас арстан
Ичсе канга тойбогон,
Адамзаада бендеге
Назарын салып койбогон.
Бастырып жоого кирбестен
Атакең турду сабылып,
Коё берген сен атаң
Мен шордууга жалынып.
Атаңдын көрү айым, ай,
Карагаттай көзүңдөн,
Кагылайын өзүңдөн.
Айнектей кара көзүңдөн,
Айлансам гана болот өзүңдөн!
Аргымак жалдуу тайкушум.
Менин базарым ачар байкушум.
Сөзү ширин булбулум,
Качан болсо, арка бир болгон кургурум.
Аман болсо кан башым
Артылтып камчы чаппасмын,
Аркырашып урушуп,
Сени менен, андай бир мындай дебесмин.
Кайран башым барында
Сел каптатса болбосмун,
Сенин кылган ишиңди
Айым ай, эки экен деп койбосмун!
Кубанып атаң муну айтып,
Кытайга кыргын салган жер.
Аргын, кыргыз кайран эл,
Таң кашкайып сүргөндө
Ажыратып алган жер.
Асмандан түшкөн боз кисе
Жеткилең белди курчанып,
Жети түмөн кытайга
Атакең, жеткилең кирип кол салып.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Найзакерден ыктуу экен,
Өзү, жоонун айласын билген мыктуу экен.
Алты миң кытай, сан калдай
Аксакалы Коңурбай,
Атаң шердин өзүнө
Аралаш найза сунганда,
Опол тоодой зор Макил
Олуят атаң Манастын
Астынан найза урганда.
Күрмө кийген күчтүүсү,
Карангүн атаң Манасты

Тегеректеп турганда
Мен энекең долунун
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Тирүү бир жүрбөй өлөйүн,
Аташканым айкөлгө
Катын да болсом курган жан,
Бир караан болуп берейин,
Деп ошондо курган жан,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйгөмүн,
Көк темирден туулга
Көмкөрө башка кийгемин.
Жылкыдан тулпар жылма айгыр,
Кара кашка аргымак,
Чын токунуп мингемин.
Мен жетердин алдында
Зыңгырап атаң кенебей,
Коңурбайдан бөлөгүн
Ошондо бучкагына теңебей,
Топурак учуп, тоз каптап,
Асман ачык, жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбей.
Күн бүлбүлдөп бүркөлүп,
Күндүн көзү чүмкөлүп.
Ай бүлбүлдөп бүркөлүп,
Айдын көзү чүмкөлүп.
Караңгы тартып жайланып,
Адамдын көзү байланып.
Боз мунарык чаң учуп,
Топурак учуп зыркырап,
Таласта кыргыз, аргындын
Катын, кызы чуркурап,
Алапай ңачып, ал кетип,
Алек болуп калышып,
Жаңгыз чыдап жапаага
Айкөлүң атаң салышып,
Алоокенин Коңурбай
Айгайлашып турганда,
Айкырып найза сунушуп,
Сунган найза сынышып,
Адам чарчап, ал кетип,
Кошулушкан кыргында
Арыктап кара кан кетип,
Алек болуп турганда.
Арсаңдап күлүп сен атаң,
Зың-зың этип кенебей,

Илек* кытай балбанды
Бучкагына теңебей,
Колдогону кожосан
Колтуктан жөлөп Илиясы
Кырк миң жандай жабылып,
Кара чаар кабылан
Карасаң атаң көкжалдын
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынып,
Таалайлуу атаң кабылан
Астын сала бергенде
Алты миң колдой көрүнүп,
Ал карааңды көргөндө
Качып кытай бөлүнүп,
Качып берген кытайдын
Кез келсе каны төгүлүп,
Кылкылдап кытай жетерде,
Атакең асыл көкжалды
Тирүү кармап кетерде,
Түпкө минтип жетерде
Мен энекең бейтаалай
Манастап ураан чакырып,
Алсыз кытай манжуну
Атаң көкжал Манастан
Айдап чыктым сапырып.
Кара күйгөн чокту көр,
Кан атанды бет алып
Каптап кеткен окту көр.
Мөндүрдү көр, чокту көр,
Бөлүнө тийген окту көр.
Казып койгон орду көр,
Кайнатылуу шорду көр,
Калың кытай, көп тыргоот
Каптап кеткен колду көр.
Кара жанды аябай
Катуулап кирди Коңурбай,
Кадимки калча зорду көр.
Ыйбы, шыйкы балбаны
Тушунан чалма салганы.
Эчен найза бир тийсе,-
Кызыр чалган атакең
Кыңкайбай карап турганы!
Кытай кыстоо салганда
Кыйкырып кытай, көп манжу
Кызыр чалган атаңды,
Тегеректеп алганда.
Калың Кытай какайлап,
Каптап кирет чуркурап.
Бурулуп атаң караса

Шер экенин көрдүнбү?
Калың кытай, көп манжу
Качып берет чуркурап.
Басып кытай барганда,
Атаңа уруш салганда
Качып, шашып талаалап,
Токтоп жүргөң андан көп,
Эсил кайран бир боорум
Балан жерге өлдү деп
Жоктоп жүргөн андан көп.
Бир-биринен ажырап
Карап жүргөн андан көп
Кайрат кылып калп эле,
Кайра тосуп бир-бириы
Сабап жүргөн мындан көп.
Кан Манас кыргын кылат деп,
Качып, үркүп бир-бирден
Тарап жүргөн мындан көп.
Жолдошунан айрылып,
Жоболоң тартып бир-бирден
Карап жүргөн андан көп.
Найза тийип кагыштан
Кокуй болгон мындан көп.
Айбалта тийип согуштан
Сокур болгон мындан көп.
Буту сынып жүрө албай
Коштоп жүргөн мындан көп,
Колу сынып кокуйлап,
Боздоп жүргөн мындан көп.
Жаманы качып алышып,
Эрени качпай салышып.
Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде.
Таң агарып сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Куш көтүлөп таң сүрүп,
Курчап кытай көрүнүп.
Алоокенин Коңурбай
А да чыгып жабылып.
Бөдөнөдөй кайран көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Окко учсам өлүп калууга,
Ажалым жетсе айкөлгө
Айкалыша барууга.
Кара кашка аргымак
Олбуй-солбуй теминип,
Ондоп-солдоп камчы уруп,
Каарданып бакырып,
Калың кытай душман эл,
Катындыкты билгизбей

Эркекче ураан чакырып,
Кара кашка тулпардын
Тартып оозун бургамын,
Кыргагы болот сыр найза
Кыйкырып жоого сунгамын.
Кара кытай чоң Макил
Ошондо колду салгамын.
Жанындагы кырк сакчы,
Кыркын аттан түшүрүп,
Катар сайып өткөмүн.
Чоң керик* минген Макилге
Капталынан жеткемин.
Жеткен жерде Макилди
Чоң керикчен капырды,
Чондугу тоодой баатырды
Кең курдун буяк чети деп,
Өпкөнүн өлчөө бети деп,
Чыңырып ыйлап сабылып,
Чын кудайга жалынып
Керикти* минген балбанды,
Керилип муштап еткөмүң.
Найзам сынып быркырап,
Чоң кериктин үстүнөн,
Опол тоодой ал Макил
Кулап кетти дыркырап.
Оолжуп энең турганда
Капырдын каны Ороккыр
Каарданып качырып,
Бөйрөгүмдөн асылып,
Чоң качырын бир салып,
Чоң найзасын колго алып,
Каарданып күркүрөп,
Каарынан жан чыгып,
Энеңдин бүткөн бою дүркүрөп,
Жетип кармап алганы,
Жетмек болду ал какшаал
Курмандыкка чалганы,
Мен энекең Каныкей
Шордуунун башын алганы
Шибээ каны Ороккыр
Күркүрөп жакын калганы.
Аташкан шерим атакең
А дүйнө кеткен Манас кан,
Эр мүчөлүү береки,
Эрен катын Каныкей
Курмандыкка чалат деп,
Кургурумду бу кытай
Бөөдө өлтүрүп салат деп.
Аккула санга бир салып,
Сырнайзаны колго алып,

Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегиче,
Ороккырга жеткени,
Ороккырдай балбанды
Чоң качырдын үстүнөн
Көмө коюп өткөнү.
Бир сайгандан чыкпастан,
Атаң кабылан колу тийген соң,
Кадимки балбан Ороккыр
Жаханнамга* кеткени.
Зулпукорду колго алып,
Макил баштап, Дөөдүрдү
Жетөөнүн башын кескени.
Макил менен Ороккыр
Эки дөөсү өлгөнүн,
Эпсиз балбан Коңурбай
Сыртынан туруп көргөнү.
Жамгыр кылып жаа артып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Кайраттанып бакырып,
Какайлап* ураан чакырып.
«Какай*» деген урааны
Калың кытай, сан манжу
Каптап кеткен турабы.
Жалгыздык жапаа көргөн соң
Кан Балтайдын арстаны
Эсине түшкөн убагы.
Ээр белдей мойнокко
Эр атаң Аккула оозун бурганы.
Артык кыраан кырк чоро,
Атакең, Чубакты кошуп турганы.
Кара кылар ногой жок
Кайрат кылар берен жок,
Кагылсам болот кудайга
Канкорум Бакай, Чубак жок,
Алмамбет арстан, Сыргак жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бу күнүм карыш көрүндү,
Ушундай белең дүйнө бок!
Курсагым ачып келгенде
Жаяны кесип жечү элем.
Жанымда Чубак бар болсо
Жаңжуңду бузам дечү элем.
Кардым ачып кеткенде
Казыны кесип жечү элем.
Катыгүн Алмам барында
Калмакты кырам дечү элем.
Кызыл болот Зулпукор
Көөлөшөрмүн дечү элем,
Кызырлуу Бакай барында

Он сегиз миң ааламга,
Курган жан, жөөлөшөрмүн дечү элем!
Алек бир болдум сында жок,
Ай жалгыздык курусун,
Катыным болду карааным,
Баягы кабылан Сыргак мында жок.
Чубагым кетип таарынып,
Менин белимдин сынган убагы.
Чубакты мындай кылдың деп,
Акыреттик Алмамбет
Кыйшык карап турганы.
Олуят чалдын эр Бакай,
Кыяматтык кайран дос,
Кызматкер эрин жамандап,
Кылыгы жаман болду деп,
Бакайдын болду көөнү кош.
Аргын кан уулу Ажыбай
Акыреттик дос эле,
Ушакка Манас ишенип,
Уйпалып кетсин бу дүйнө,
Ушундай Манас болду деп,
Чалгырты болду көзүндө,
Чалгайы болду сөзүндө.
Чалына Манас ишенип,
Чалгырттап көкжал кетти деп,
Чамасы келсе кырк чоро,
Чалмак бир болгон өзүмдү.
Каарданып муну айтып,
Капаланып кол курап,
Кырк чоро жоктоп эр атаң
Капа болуп коңгурап,
Акылынан эр атаң
Шашып калган кези экен,
Колдогону боюнан
Качып калган кези экен,
Кырк чоросу жанда жок,
Кыстоо түшүп куу жанга
Кыямат кеткен сен атаң,
Шашып калган кези экен.
Мына ошентип турганда,
Тилегенин бир кудай
Берип салган кези экен.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Баягы Акбалтайдын Чубагы
Ашып түшүп Таласка
Келип калган кези экен.
Жолдош болуп атаңа
Жолборс, көкжал арстан
Көк ырапыс* тон менен,
Көгала сындуу ат менен,

Желип калган кези экен.
Мандайдан чыкты бакырык,
Баягы Чубак үнү экен,
Манастап ураан чакырып,
Жеткилең белин курчанып,
Жети түмөн кытайга,
Жеке кирди Чубагың
Жеткен жерден кол салып.
Чубактын үнүн укkан соң,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк ала калкан ойногон,
Башын бар алтынга бөлөгөн,
Аягын чылк күмүшкө жөлөгөн,
Капыядан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан,
Астына салса ак жолтой,
Абасы Бакай сан колдой,
А да кирди бакырып,
Олуяттын эр Бакай
Ал дагы Манастап ураан чакырып.
Сарала сындуу ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок найза алып,
Жанына жалаң кылыч байланып,
Алтын айдар, чок белбоо
Бээжиндеги Азиз кандын жалгызы,
Маңдай жагы бакырык,
Чубактын үнүн укканда,
Ал да чыкты адырдан
Манастап ураан чакырып.
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны,
Теке жоомарт* ат минген,
Көк темирден тон кийген,
Кылычын кынга жөлөгөн,
Кыйкырган жоого кол салса,
Кыпкызыл канга бөлөгөн,
Ажалдан кайра тартпаган,
Атышкан жоодон кайтпаган,
Сумсайганын жазбаган,
Сунгандан бура тартпаган,
Ааламга жетет чамасы,
Манас менен ал Сыргак
Ага-ининин баласы,
Ал да адырдан чыкты бакырып,
Чубактын үнүн укканда

Манастап ураан чакырып.
Аргын кан уулу Ажыбай
Жетимиш бурку тил билген,
Жеткенден кайра тартпаган,
Кез болгондон кайтпаган.
Карткүрөң өңдүү ат минген,
Кара ок өтпөс тон кийген
Каарданып бакырып
Чубактын үнүн укканда,
Бу да кирди көрдүңбү
Манастап ураан чакырып.
Манас кандын кырк чоро
Мунун баары бакырып,
Катар кирди урушка
Баарысы Манастап ураан чакырып.
Топурак учуп жошулуп,
Өлүмдөн кайра тартпастан,
Манас менен кырк чоро
Так ошондо кошулуп.
Кара канга канышып,
Кабылан тууган эрендер
Качпай туруп салышып,
Найза кармап, топ бузуп,
Мындан ажалдуу бенде окко учуп.
Талкан чалган эмедей
Мусулман капыр бөлүнбөй,
Топурак каптап чаң учуп,
Жерден бир тал көрүнбөй.
Жетик белин курчанып,
Кабылан атаң, эр Чубак
Карысы Бакай ичинде,
Жеке аралап кол салып.
Ойноп, ойноп кеткенде
Он эки манжу бир өлөт.
Ажалдуу адам өлбөйбү,
Мындай сонун ким көрөт.
Жети асаба, кызыл туу
Калың кыргын ичинде,
Ач кыйкырык, ызы-чуу.
Барабан үнү барсылдап,
Беттешип эрен сайышса
Найзасы сынып карсылдап,
Кылыч кыйрап быркырап,
Айбалтанын баш-башы
Сабынан ыргып чыркырап.
Күндөп, түндөп турушуп,
Жети күн тынбай урушуп.
Алоокенин Коңурбай
Кечээ Таласка кылган кордугу,
Кыргызды чаап алам деп,

Кыйлага кылган зордугу.
Сексен миң балбан, сан калдай
Жоонун ашкере эри Коңурбай.
Кериктин* оозун бурушуп,
Кезенишип урушуп.
Ажыбай, Бакай эки кан,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Сыргак, Серек тегиз эр,
Адыкандын Акжолтой
Айкөлүңдүн чоросу,
Ар бириси сан колдой,
Аралап чогуу киргенде,
Айкөл атаң ичинде,
Алты сан кара кытайды
Ылачындай тийгенде,
Кара талдай капырды,
Камап айдап кыргылап,
Бээжинди көздөй сапырды.
Орто жерин эр Манас
Оюп келип берди эле
Эки четин эрендер
Союп кирип берди эле.
Бир бөйрөгүн эр Бакай
Камап келип берди эле,
Кыл ортосун кыраандар,
Сабап келип берди эле.
Каарына чыдабай
Качып кытай сөгүлүп,
Кайратына чыдабай
Туш-туш жакка бөлүнүп.
Эренден эчен союлуп,
Торго түшкөн мындан көп.
Алапайын таба албай
Какандын журту көп өлүп,
Колго түшкөн мындан көп.
Коңурбай баштык көйкашка,
Эрендердин баарысы
Астына качып көрүнүп.
Кайраты жок жаманы
Кача албай каны төгүлүп.
Ушул жайды көргөндө
Акылынан шашыптыр,
Алоокенин Коңурбай
Ашып-шашып жол жүрүп,
Бээжинди көздөй качыптыр.
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим,
Өөдөлөп чачым өргөнүм,

Өлгөнүмдө көргөнүм.
Муңканганым ак сарай,
Бурулуп жетим угуп тур
Муңумду айтам бир далай.
Жана сөзүм жана бар
Жана жетим угуп ал.
Муну мындай таштайын,
Бер жагынан баштайын.
Өлгөнүнөн калганы,
Бээжинге качып барганы.
Кабылан эри Коңурбай,
Бээжиндин Кары канына
Барып кабар салганы.
Маанисин угуп Кары кан
Калайманды баштаптыр,
Чын Бээжиндин калың журт,
Чын каарына чыдабай
Кырылып кете жаздаптыр.
Тегереги чынар бак,
Бээжиндеги алтын так,
Каны чыккан мунара
Мунаранын үстүнө,
Барабанын чалыптыр,
Дүңкүлдөгүн ургулап
Журтун жыйып калыптыр.
Дүмөктү каны баштаптыр,
Каканчынын калың журт
Каарына чыдабай
Бузулуп кете жаздаптыр.
Балбаны бар, кары бар
Кырк уруу кытай Бээжиндин
Ошо кезде баары бар.
Кыйын кыстоо мен көрдүм,
Журтум кулак салыңар.
Атактуу Кары кан элем,
Азыр журтум тилимди ал.
Найзакерден ыктууң кел,
Азыр менин жаныма
Акылга чечен мыктууң кел,
Өзү балбан шериң кел,
Кары кан айтат бир сөздү,
Ушуну байкап көрүңөр.
Алоокенин Коңурбай
Таластын боюн чалдырып,
Чубак алдап кат берсе,
Айдап барып журтумду
Кыргызга кыргын кылдырып.
Манас оңой кан эмес,
Ойлонбой барчу жан эмес,
Манасты алдап сойбосок,

Өлүм кылып койбосок
Татытат шордуу тузуңду,
Далайды кылып ал Манас
Талатат сулуу кызыңды.
Кубалап тийип жылкыңды
Аман болсо ал Манас
Умачтай ачат уйкуңду.
Бейпай кылат Бээжинди
Сындырат эчен белиңди,
Өлтүрөт эчен эриңди.
Бедөөнүн чачын өрүп ал,
Беш алты жылдын ортосу,
Өлбөсөң журтум Манасты
Бу Бээжинден көрүп ал.
Алтын менен көөхардан
Аралаш казар кеним бар,
Кырк уруу кытай элим бар,
Жакыптын жалгыз уулу Манастан
Бээжинди бузат деген шегим бар.
Менин, кебездей белим ийилди,
Ажайып билгич күйүндү,
Бээжинди Манас алат деп,
Менин бичигиме чийилди.
Убаданы бек кылам,
Ушуну уккун калайык.
Адам өлөр шерт кылам.
Кара жолтой Манасты
Кармап союп келгенге
Алтын тажым кийгизем,
Алтын такка мингизем,
Ушу турган чоң Бээжин
Чоң кандыгын билгизем.
Жар чакырды Кары кан,
Капырдын бейли тарыган.
Дал ошентип турганда,
Бул акылды кылганда,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүсү качып жолобой,
Таш сайынган манжунун
Тазасы качып жолобой,
Берендери бириндеп,
Чоң каны антип турган соң
Алоокенин Коңурбай
Айласын таппай зирилдеп.
Каны буйрук кылган соң
Чоң ылама калмагы,
Чоң Жолойдой балбаны,
Манжунун каны Незкара
Каарына чыдабай,
Каны антип турганда

Калың эли муну айтат.
Кабылан сындуу Манаска
Кабылган тирүү болбойт деп,
Кан ичме көкжал баатырга
Кезиккен аман келбейт деп,
Барган жан кайра тартчу эмес,
Манаска катылган кайра кайтчу эмес,
Какандын эли муну айтып
Капа болуп турду эми.
Өзү мусулмандын уулу экен,
Каракалмак Каканга
Кыргызды манжу кырганда
Кечээ колго түшкөн кул экен.
Көкчөкөз менен Көзкаман,
Жел тийбес менен Чаңдуу аяк,
Орозон баштап бул бешөө
Түбү мусулмандын уулу экен.
Кара кытай кулу экен.
Көзкамандын Коңкулбоз
Тулпарга чалыш мал экен.
Аталып турган бул бешөө,
Жарыктык Манас көкжалга,
Туугандыгы бар экен.
Манаска барып союуга,
Башын кесип жеткизип,
Кары кандын алтын так
Белек кылып коюуга
Ыламанын алдына,
Чоң буркандын түбүнө,
Өлө турган ант кылып,
Өлүп кетер уу жалап,
Чочкодон төрттү союшуп,
Бичикти төшкө коюшуп,
Желдети жетик куралып,
Кары кандын алдынан
Тийсе өлтүрөр уу алып
Бээжинден чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Кырк күнчүлүк чөл көрүп,
Кыйла айлануучу көл көрүп,
Тоңкойгон эчен тоо көрүп,
Тоңурайган коо өтүп,
Жүрүп келет беш балбан.
Жоругун бөлүп санаадан.
Беш чочко жолдошту алып баладан:
Көкчөкөздүн тогуз уул,
Көзкамандын тогуз уул,
Жел тийбестин тогуз уул,
Чаңдуу аяктын тогуз уул,
Орозондун тогуз уул.

Талаага жатса ак чатыр,
Такыр арам калмактар
Манаска кетип баратыр.
Ара жерге келгенде
Күлүктөн тандап ат берет,
Күйгүлтүктөр Манас канга кат берет.
Берген катын карасаң
Ыйлап бешөө кеп жазган,
Кабылан Манас кайран шер,
Түбүбүз тууган деп жазган.
Чоң атаң Кара кан баатыр өлгөндө
Кан талоосу мүшкүл иш,
Кордукту куу жан көргөндө,
Буланы булап алганда,
Бузукту булар салганда,
Каяшаяк бергенди,
Курмандыкка чалганда.
Алымын мыктап салганда,
Алы куруп кыргыз журт
Туш-тушка тентип калганда,
Биз Бээжинге тентип кеткенбиз.
Тентидик кирдик, күн көрдүк,
Кара калмак манжунун
Бадасын багып күн көрдүк.
Куш учпаган чөл менен,
Ит баспаган бел менен,
Азып тентип келебиз.
Алтайга минсе арыбас
Буудан деп тентип келебиз,
Атабыз бирге ыймандаш
Тууган деп тентип келебиз.
Калмак чапты көчүмдү,
Кара манжу, шибээден
Алалбай чыктым өчүмдү.
Мен Бээжинде турганда,
Уламадан уладым
Билгичтерден сурадым,
Кулдук күн көрдүм, көп жүрдүм,
Кабылан көкжал Манаска
Капырдан качып кутулуп,
Айыл консом деп жүрдүм.
Аз тасмыя мүлкүмдү,
Чачып кетип баратам.
Баарыбыз кыргыз тукуму,
Манас иним күтүп ал
Мен, качып кетип баратам.
Келиштирип кат берип,
Кабылан Манас көөдөктү
Кейигендей бат берип.
Алты күлүк ат барды,

Карабет энекеңдин ак сарай,
Каалгасы темир ак калай,
Алакандай кат барды.
Кереттүү энең бей таалай
Кейип ыйлап чочуган,
Кең жыйындын ичинде,
Келген катты зор Бакай
Келиштирип окуган.
Кең-Кол ою чоң Талас
Тоо экенин билгемин,
Калмакта жүргөн арамдын
Мен жоо экенин билгемин.
Кары кандын алтын так
Алгандыгын билгемин,
Атаңа душман бир болуп,
Калың казган терең ор
Салгандыгын билгемин.
Мен энекең Каныкей
Көңүлүм жаман бөлүнүп,
Көзүмдүн жашы төгүлүп,
Көкчөкөз менен Көзкаман
Душмандыгы көрүнүп
Ыйлап ийип сабылып,
Көөдөк атаң Манаска
Көбүрөөк айттым жалынып.
Арып келген бууданың,
Сенин ачып келген тууганың,
Кырк жылы кытай Бээжинге
Барып коңшу конуптур,
Арамдын көөнү бурулбайт
Ашкере кытай болуптур.
Көкчөкөз аттуу оңобу,
Көзкаман деген болобу?
Аман болсо канкорум
Алтының болбойт көмүрчө,
Айыл консо ал какшаал
Алганды билбейт семирсе.
Күмүшүң болбойт көмүрчө,
Күрсүйгөн калмак какшаалың
Күйгөндү билбейт семирсе.
Бачайың болбойт кийизче,
Баркыңды билбейт кийинче.
Жибегиң болбойт кийизче,
Сенин күйгөнүң билбейт кийинче.
Калмак тууган болобу,
Ошону тууган бир деген оңобу?!
Семиргенде калмагың
Тең тууган болом дебейби,
Теминишип келгенде
Тел кулунуң жебейби.

Сындырат кармап найзаңды,
Сыртына тээп семирсе
Кетирет сенин айланды.
Сырыңды билип алган соң
Ичиңден үңүп жебейби,
Теминише келгенде
Калмагың тең тууган болом дебейби.
Айыл консо ал калмак
Казынаң бузуп албайбы,
Кыябына илинсең
Сенин башыңды кесип салбайбы.
Үйралганда ал иттер
Эшигиң түртүп ачпайбы,
Тоюнуп алса токтой тур
Тозогун калың чачпайбы.
Чалгырты болор көзүндө,
Чалгайы болор сөзүндө
Чамасы келсе калмагың
Чалмак бир болор өзүңдү.
Кыңырты болор сөзүндө,
Кыйшыгы болор көзүндө,
Кыябын тапса калмагың
Кылмак бир болор өзүңдү.
Бу Таласка келгенде
Бузуп иер айлыңды,
Чамасы келсе аларың
Кетирер сенин дайыңды.
Биттейимде биригип,
Бармактайда баш кошкон
Бадышам төрөм тилимди ал.
Артыкча айттым эпке кир,
Айкөлүм төрөм кепке кир.
Береки алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны.
Алалык асыл ынакты,
Жиберелик калмакка
Алмамбет менен Сыргакты.
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге көргөзбөй,
Жол тостуруп калалык,
Жолдон кармап алалык.
Жолуккан соң какшаалды
Курмандыкка чалдырып,
Тындым кылып салалык.
Экөө барса жарачу
Жетип мойнун кыялык,
Жеринен чыккан душманды
Өрт өчкөндөй кылалык.
Ошондо Манас барбактап
Каарданып дардактап,

Арстандай көзү жайнады
Ала көөдөн кайран шер
Канакей Каныкей тилин алганы.
Каалгадай кайран тиш
Кабылан бөлө-бөлө чайнады,
Ачуусу келип төрөнүн
Кан ичмеси кармады.
Оюңа койсом ой долум,
Ойдолойсуң турасың.
Ойдо жок дүмөк кепти айтып,
Менин тууганым душман кыласың.
Тууганым келсе калмак деп,
Маа, сен туура эле бузуп турасың.
Тууралануп көп сүйлөп,
Сен душмандыгың кыласың.
Кайгы баш кайдан оңолду,
Айдалып кетип алыска
Сегиз бирдей тууганым,
Дайны жок кетип жоголду.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт жолу издеп таба албай,
Менин төрө башым кор болду.
Аккула бактым буудан деп,
Азапты тарттым тууган деп.
Жердин түбү Желпиниш
Жети агам издеп таба албай,
Жеткилең жолдо кор болдум.
Агартмак болдуң чачымды,
Качан болсо сен долум
Жалгыз бир кылдың башымды.
Минтип бир жүрсөң сен долу
Казасың калың орумду,
Тууганым менен кас кылып.
Кайнатасың шорумду.
Баштайсың ушак бузукту,
Көргөзмөк болдуң сен катын
Адам бир көрбөс кызыкты.
Күчөтүп ийдиң сен долу,
Айыкпас оору балааны,
Азып келген тууганга
Сен көргөзмөк болдуң жараны.
Ээлигип атаң көкжал кан,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Карангүн салып энеңди
Качырып тартып жиберип.
Бүлдүркөн түрлүү көйнөгүм
Бүгүшүнөн бөлүнүп,
Кара бет энең долунун
Капталдан каны төгүлүп.

Азапты мындай тартпадым,
Жаман катын биринде,
Атаң айкөл Манаска
Каяшаяк айтпадым.
Эс оогондон ойгондум,
А дүйнө кеткен атаңа
Кабагым силкип койбодум.
Сенин атаң Манас кан
Күрмөп- байлап күнүмдү,
Какшасам албай тилимди,
Казган калың орумду,
Көргөзгөн менин көзүмө
Киши көргүс сонунду.
Көкчөкөз менен Көзкаман
Көрүнөө келген душманга
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Одугандын Ормомбек,
Эштектердин Жамгырчы,
Алкымдагы Шыгай кан,
Ушул үчөөн жиберип,
Күлүктөн ылоо байлатып,
Багылан козу, ширин баш
Келиштирип кайнатып.
Кантты кардай топуруп,
Сары майдан опуруп,
Тосо чыгып тууган деп
Тозокко салчу душманды
Тоодай атаң түк билбей,
Тосо барган ошол жер.
Кеби ширин, сөзү бал
Келген душман бобулар.
Олуят атаң Манаска
Ой-да, чындап кеп айтып:
Алты ай минсе арыбас,
Айкөл Манас аманбы.
Азып келдик кытайдан,
Арстан Манас күтүп ал,
Менин бу кылганым жаманбы?
Качырга миндик буудан деп,
Какандан чыктык тууган деп,
Көңүлдүн көбүн оорутуп,
Береки Коңкулбозду жоорутуп.
Биз кытайдан чыкканда
Жылгындуу Кең-Кол жер бар деп,
Качып тентип келебиз,
Кадырды табар кабылан
Манас бир өңдүү шер бар деп.
Каканга кеттик жер жайлап,
Кабылан Манас угуп тур.

Каканчылуу көп кытай,
Бизди айдап бир жүрдү кембайлап.
Кордугуна чыдабай
Тентип качтык жер жайлап,
Жакыптын жалгызына дем байлап.
Серпилип качкан биз болдук,
Себебин тапкан сен болчу,
Жөөчүлүк өттү тай берчи,
Манас суусап кеттик чай берчи.
Үзүлүп кеттик улачы,
Кан экениң чын болсо
Манас чачылып кеттик жыйначы.
Арыдык жанды семиртчи,
Ачтык курсак тойгузчу,
Үшүп кеттик тон берчи.
Күрдөөлдүү жанды күтүп ал,
Ой, султан Манас тилимди ал.
Кабылан Манас арслан,
Калкты күткөн адатың,
Калмактан келген бобулар,
Кагышып ийсең жоо менен
Сенин артыңда жүрөр канатың.
Көкчөкөз менен Көзкаман
Катар сөзүн бек айтып,
Адылке айыл конгондой
Кабылан Манас деп айтып.
Көбүрөөк сөзүн укканда
Сенин көөдөк атаң кубанып,
Калмактан келген аларды,
Көчүрүп келди Таласка.
Тууганым деп кондурду,
Өз эркинче болтурду.
Атсыз келген кытайга,
Аркар аяк, жез билек
Ат тулпарын мингизди.
Тонсуз келген кытайга,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз
Ок өтпөс тонду кийгизди.
Катынсыз келген какшаалга,
Карындаш тууган ушу деп,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кыргыздан чыккан сулууну
Алып берди кан атаң.
Малсыз келген какшаалга,
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак буудан аралаш,
Ар түлүктөн мал берди.
Эндей аяк какшаалга,
Элди-журтту билгизди.

Үйсүз келген какшаалга,
Сан казына ак ордо
Момындай үйгө киргизди.
Көкжал атаң көөдөк шер,
Казына оозун ачтырды.
Сан казына, жыйган мүлк
Калмакты тууган болот деп,
Сарып кылып чачтырды.
Тел кулун союп жей берди,
Тегереги бузук сөз
Манаска тең тууган болом дей берди.
Кымызын ичип желигип,
Атаң Манас арстандын
Кыябын таппай ээлигип.
Атаң Манас көкжалдын,
Арагын ичти ээлигип.
Абайлап журсөм аларды,
Атаң Манас көкжалдын
Айласын таппай жээлигип.
Бөтөн сайдын жээгине
Бөлүнүшө сүйлөшөт,
Аракка тоюп алганда
Ал какшаал бирөөнү-бирөө күүлөшөт.
Алабакан шырыгы,
Аз бузулуп кылыгы,
Абайлап энең мен билем,
Баягы калмакча болду ырымы.
Элдир бир селдир кеп угуп,
Эмгекке тууган мен шордуу,
Колодон кылган чоң буркан*,
Көзкамандын үйүндө
Караңгы түндө чогулуп,
Калмактар тобоп бир кылат деп угуп.
Чочуп ойлоп кеп санап,
Бир түбүмө ал калмак
Жетер бекен деп санап.
Кыларын эчак билгемин,
Атаң канга ал шайтан
Кылат го деп жүргөмүн.
Кече, калың аргын ой тартып
Конуп жаткан кезинде,
Аргын, кыргыз аралаш,
Болуп жаткан кезинде.
Эриксе элик атканда,
Эрикпесе кырк чоро
Элкин ойноп жатканда.
Тамаша тактап салганда,
Сары короо, өзөн күз
Кырк таман ордо салганда.
Жетик ордо атышып,

Кызыкка минтип батышып.
Жылкынын кызыл тайын жеп,
Көк кенедей кырк кыраан
Толуп жаткан кезиңде,
Шабиет* оюн, оромпой*,
Болуп жаткан кезинде,
Коштон кийип суусар бөрк,
Ыргап турган кезинде,
Кымыз ичип, кыз ойноп,
Жыргап турган кезинде,
Ойноп оюн курганда,
Оюна албай бузук сөз,
Ойношуп көкжал турганда,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел
Кыздан жүздү жыйганда,
Келеңкер чачпак, кең соору
Келинден жүздү жыйганда.
Ургаачы, эркек бөлүнүп,
Бу дүйнөнүн бейиши
Тамаша сонун көрүнүп,
Күлкү күндү чыгарып,
Күлүп ойноп кубанып,
Тамаша таңды атырып,
Кырк чоронун баарысы
Кыйын оюн салганда,
Энекең мен карабет бейтаалай,
Ак ордонун ичинде
Аколпок жасап калганда,
Алакөөдөк атанды
Көкчөкөз менен Көзкаман
Көрүнөө алдап алганда,
Атакең аа кеткенин
Кырк кыраандын баарысы
Бирөө көрбөй калганда
Чийген экен сызыкты,
Алакөөдөк атаңа
Ошондо кылган экен кызыкты.
Казган экен орумду,
Кара калмак какшаалдар
Менин кайнаткан экен шорумду,
Көргөзгөн экен көзүмө
Киши көргүс сонунду.
Кыялданып коноктоп;
Атаң кирип барганда,
Кытайдан келген арамдар,
Кызык сөз айтып жомоктоп.
Кан атаң кирип барганда
Кадырын билип күүлөнүп,

Көзкаман чочко сүйлөнүп:
Манасым саа келгени
Азып келип семирдик.
Ачып келип тоюндук,
Кетилип келип жетилдик.
Таласка конуп жер кылдык,
Таалыгып тентип Бээжинден
Көкжалым сени дем кылдык.
Биз калмакта жүргөндө
Кара калмак манжу элек,
Канына кызмат кылчу элек.
Кызматтан кыйшык кеткенде,
Катындарча жүгүнүп,
Кытайга тобоп кылып турчу элек.
Биз кыргызды таап жутундук,
Ошол жүгүнгөндөн кутулдук.
Биз Каканда турганда
Тутам калган жаныбыз,
Тентип бир келсек муң чечер
Аман бол Манас каныбыз.
Биз Бээжинде жүргөндө
Канзаада Манас угуптур,
Караңгы болгон күнүбүз,
Калмактан азат бир кылган,
Аман жүр Манас пирибиз.
Азат кылдың айкөлүм,
Калмактан келген башымды.
Анда-мында көкжалым,
Ичбедиң келип ашымды.
Биздикине келбедиң
Алакбалың кандай деп,
Бадышам, биздин алды билбедиң.
Биздикине түшпөдүң,
Колумдан даам ичпедиң.
Кабылан Манас көкжалдан
Калк тартынар кан беле,
Каным Манас келгенде
Кара жаным аябайм,
Бая ит ичкирден бар беле?
Көзкаман айтып турганда
Көкчөкөз өөдө турду эми,
Кылт этсе өлүп кетүүчү,
Жыттаса ажал жетүүчү,
Кырк жылкы уудан коштуруп,
Ачыткысын келтирген,
Кас кылганды өлтүргөн,
Көөкөргө куюп баптаган,
Ала көөдөн кабылан
Кан Манаска сактаган.
Тийсе болот дүмөк иш,

Алтын курбу аякка,
Көкчөкөзү кантейин
Мелтирете куйду эле.
Түбүбүз тууган бирге деп,
Көкжал Манас төрөгө
Көзкаман алып сунду эле.
Көөсөрлүгүн көрдүңбү,
Ала коюп имерип,
Көзкамандын сунган уу,
Манас кан такыр тартып жиберип.
Ичкенде көк жал бүк түшүп.
Төбөсү менен тик түшүп.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыйын уу экен бергени
Кыямат кетчү эмедей,
Алагай көзү алайып.
А дүйнө кетчү немедей
Уу ичип Манас жүйө жок,
Өлүм орток жан бирге
Баякы кыраандардын бирөө жок.
Ажыбай, Бакай эгиз жок,
Алмамбет, Чубак теңиз жок,
Сыргак, Серек эрен жок,
Шууту кул, Ырчы берен жок,
Акыреттик биргелеш
Баягы, кырк кыраандын баары жок.
Сүзүлүп куу көз жумулуп,
Сүрөтү качып ич күйүп,
Дарманы кетип сүзүлүп,
Кече, Көзкаман душман болгон соң,
Султаным, көрүнөө жандан түңүлүп.
Өөдө болбой бүк түшүп,
Оңбогон ууну ичкен соң,
Султаным, төбөсү менен тик түшүп.
Каныкей тилин албаган
Кайран баш көрө берсин деп,
Кайран төрөм күйүнүп.
Көкчөкөздүн тогуз уул,
Көзкамандын тогуз уул,
Баарысы айзакерден ыктуулар,
Жоонун айласын билген мыктуулар.
Калмагынча калдырап,
Бурканына жалынып,
Көзкаман менен Көкчөкөз,
Ала келген алты жүз,
Ашкере балбан баарысы.
Мас болгон Манас көкжалга
Кылыччаны камынып,
Кыйшыңы эми келди деп,
Кыямат кеткен атаңа

Калган экен жабылып.
Көкчөкөздүн тогуз уул
Эми көрүнөө кылыч алды эми.
Көзкамандын тогуз уул
Чоюнбаш чапчу чоң балбан,
Чогуу каптап калды эми.
Желтийбестин тогуз уул,
Жетигинен кеп угуп,
Жетип каптай берди эми.
Желдейбоздун тогуз уул,
Кылыч чапчу ыктуулар,
Кыйын атаң көкжалды
Азыр башын кесчүүдөй,
Жакын каптап келди эми.
Кытай каптап кетерде,
Башына кылыч жетерде,
Атаң Манас шер эле,
Атаң өңдүү бир кудай
Жан жаратпайт теги эле.
Кара чаар кабылан,
Атаңдын капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан,
Атаңдын бет алдынан камынып.
Астын сала бергенде
Ак жолборстой түрдөнүп,
Атакендин барааны
Миң кишидей сүрдөнүп.
Көргөн кытай балбандын
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Балбандардын көзүнө
Атакең, арстандай көрүнүп.
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Ары баатыр, ары шер
Атаңа чыдап кире албай,
Алек болгон ошол жер.
Атакең көздү жумганда
Кытай тегеректеп жабылып,
Атакең көздү ачканда
Чапканы барган балбандар
Качкан бир экен жабылып.
Атакең көзү ачылса,
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Качып берет жабылып.
Эрикпей камап жатышып,
Курмандыкка чала албай,
Кыямат кеткен атаңа
Батынып кол сала албай.
Мурадына жете албай,

Башын кесип кете албай.
Кылыччаны бата албай,
Атаң сүрдүү, артык шер
Мылтыкчаны ата албай,
Алек болуп турганда.
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Атакендин башына алтымыш мүшкүл бир келип,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Ажалы жакын көрүнүп,
Атаң айткан арманды,
Бу дүнүйө жалганды,
Эстеген экен шер атаң,
Кыяматтык жол бирге,
Кыстоо көрүп капырдан,
Кырк чоро өңдүү балбанды.
Баатырың баатыр Манас атанып,
Ителгидей кайран көз
Каңырыгы бек түтөп,
Ирмебей көзгө жаш алып.
Капаланып коңгурап,
Кайран бир жандан түңүлүп,
Кырк чоро жоктоп оңгурап.
Калың балбан Көзкаман
Кан атаң Манасты камап алганда,
Кайран бир жандан түңүлүп,
Канкорум кырк чоро жоктоп калганда:
Кара бир ниет калмакты
Ээ, кудай көргөнү келген экенмин,
Казамды жазып ушундан,
Ээ, кудай өлгөнү келген экенмин.
Ажал жетип, жан кетпей
Тирүүлүктүн кордугун
Калмактан көргөнү келген экенмин.
Тууганым деп кытайга,
Туура алдатып кайран баш
Түшкөнү келген экенмин.
Өт жарылчу кымбат аш,
Бу кытайдын колунан
Мен ичкени келген экенмин,
Тентип бир көчүп Бээжинден,
Тегиз бир кондуң Таласка.
Тел кулунум жедиңби,
Тейи жаман кесек ит,
Мени менен тең тууган болом дединби?
Уу чыладың күбүңө,
Кесек ит ушинтип жеттиң түбүмө.
Кара найза желегим,
Карангүн, Алмам арстан
Калмактан келген белегим.
Жеткилең белин курчанган,

Жети милек* жоо келсе
Желбегей кирип кол салган.
Бу дүйнөдө жыйгандаш,
Кокуй Алмам ыймандаш,
Кайда бир кеткен көрүнбөй,
Кокуй Алмам курбалдаш.
Мен Таласта турганда
Жая кесип жечү элем,
Жанымда болсо Алмамбет
Мен жаң-жуң* бузам дечү элем.
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон
Баш жагын бар алтынга бөлөгөн,
Аягын миң алтынга жөлөгөн
Капилетте сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Бал менен оозун чайкаган,
Алты айчылык азапты
Көз ачымда байкаган,
Астыга салса ак жолтой,
Артымда жүрсө сан колдой,
Адамзаттын туйгуну,
Олуяттын кулуну,
Маңдайдагы барааным,
Бадыша Бакай карааным,
Алмамбет, Бакай артык шер
Бул экөө карап турсачы.
Көк ырапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Алышса ар кимдин алы жетпеген,
Арстан тиши өтпөгөн,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Акбалтанын арстаны
Кабылан Чубак көкжалым,
Кашымда карап турсачы.
Ободон жылдыз козголгон,
О, дүйнөлүк дос болгон.
Биттей кезде биригип,
Бармактайда баш кошкон,
Кара тилин кайраган,
Жетимиш түрдүү тил билип,
Кан алдында сайраган,
Аташкан достум Ажыбай,
Артыгым карап турсачы.
Калмактан келген арамдар,
Анан бу кордукту кылсачы.
Атка бир жеңил, тайга чак,
Уйкусу кемчил, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган,

Кылычын кынга жөлөгөн,
Кызыккан кыйла жоо чыкса,
Кыпкызыл канга бөлөгөн,
Теке жоомарт ат минген,
Темирдей көпкөк тон кийген,
Алтайга минер бууданым,
Кайда бир кеткен дайны жок,
Алат күн Сыргак тууганым,
Сыртымдан Сыргак уялаш,
Кабылан карап турсачы.
Сереңдеген Серегим,
Серпилише жоо келсе
Менин сезденбей кирчү береним,
Айкөлү минтип жатканда,
Бир көзүмө көрүнбөйт,
Кайда бир кеткен эреним,
Серегим карап турсачы,
Сезгенген дарттай уу берип,
Кытайлар зордугун анан кылсачы.
Төлгөчү кара ак жолтой.
Төлгөсүн тартып төп айткан,
Ажал менен азапты,
Бурмалабай бек айткан.
Эрдигинен оолуккан,
Эзил жанга жолуккан,
Төлгөчү карап турсачы.
Ырамандын Ырчысы,
Адамдан айлакерден сынчысы.
Ырдап айткан кебимди,
Далай жер кордук салганда
Далай тапкан эбимди.
Үзүлгөнүм улаган
Атышта карап турбаган,
Ырчым карап турсачы.
Үзүктөй калпак эр Шуутум
Адамзаттын туйгуну,
Атышка салса ак жолтой,.
Айдап жүрсө сан колдой,
Адамдан ак жолтой тууган кургуру
Кырк чоронун туйгуну,
Чалгынды бирге чалышкан,
Чампаңдан жылкы алышкан,
Айкырып найза сунушкан, ,
Куугунду бирге куушкан,
Коюбуз бирге короолош,
Ашыбыз бирге жороолош,
Артыкча Шууту эреним,
Бул жерде карап турсачы.
Каңгайдан качып келген чочколор
Зордугун анан кылсачы.

Колу бир күчтүү Байчором
Эрдигинен оолуккан,
Он төртүндө жолуккан.
Туу түбүндө турарым,
Кааласа берген бир кудай
Кара кашка тынарым.
Көрүп койсо кумарым,
Кандуу согуш чуу чыкса
Туу түбүндө турарым.
Карасам көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Кыстоону көрүп турамын,
Мен өлүп кетер убагым,
Кайда кеткен Байчоро аттуу ынагым?
Качырып найза сунсачы,
Карааным, Байчоро карап турсачы.
Анан Манас өлсөчү,
А дүйнөнү көрсөчү.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Ач кыйкырык салсачы.
Капырлар каран салганда,
Айкырып жетип Кыргыл чал
Мени ажыратып алсачы.
Талыкпай найза сунушчу,
Тазбаймат карап турсачы.
Талыгып кеттим жалгыз жан,
Анан кийин бул кытай
Бул зордугун кылсачы.
Одуган кандын Ормомбек
Олуя чалыш эр чором,
Ойронум чором эрим жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай белең дүйнө бок.
Адам таппас акылың,
Абайлап карап отурсам,
Ажыратып чыр салчу
Алат күн Бозуул жакыным.
Ормомбек, Бозуул түгөйлөш
Теңизим карап турсачы.
Улук да жок, каным жок
Карартып кудай урарбы.
Кырк кыраандын баары жок,
Бел байлаган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок.
Биттейимде бириккен,
Бармактайда баш кошкон,
Кенедейде кезиккен,
Кара сурдун сулуусу,
Мусулмандын нурдуусу,

Каныкей долу мында жок.
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Каныкей карап турсачы,
Көкчөкөз акмак, Көзкаман
Кордугун анан кылсачы.
Каарданып келгенде
Калайманды баштаган,
Чындап жини келгенде
Төөнү жаза муштаган.
Төө көтөргөн Акаяр,
Төрөлүү журтту кырганда.
Төрт жашында олжолоп,
Алып келген балбаным.
Балбанымдан ажырап,
Ай талаага калгамын.
Бадыша Манас кайран шер
Баарын жоктоп турганда
Бек арстаның Акаяр,
Жарап турган кези экен.
Кылыч алып кымпыйып,
Кыялында муну ойлоп,
Кымбатым Манас санга алса,
Кыйкырып кирип кытайдан
Ажыратып алсам деп,
Ошо кезде Акаяр,
Карап турган кези экен.
Ыкыс берип Акаяр,
Көрүп турган кези экен.
Кылча көрбөй куу жанды,
Кымбаты Манас көкжалга,
Курман болуп кетүүгө
Өлүп турган кези экен.
Сандуу кебин укканда,
Айкөл Манас кабылан
Акаярлап чыкканда.
Кыдырата карабай
Кылча жанын аябай,
Тегерете карабай
Теги эле жанын аябай.
Өрттөй көзү жайнады,
Өлүп кетпей калбады.
Каалгадай кайран тиш
Таруудай бөлө чайнады,
Арстандай көзү жайнады.
Айкырык салып токтобой,
Акаярдай балбандын
Кан ичмеси кармады.
Бөрк ал десе, баш кескен
Бөлөк балбан эр ошол.

Кан төк десе, жин төккөн
Кайраты бар неме ошол.
Суу ич десе, уу ичкен
Өмбүл-дөмбүл эр ошол.
Өлгүчө кирип болушуп,
Өлөрман менен салышып,
Кайран энең Каныкей
Касиеттүү долуга,
Кабар берген жери ошол.
Түбүнө эми жетерде,
Акаярга бой бербей,
Түгөнгөн атаң канкордун
Азыр башын кесерде.
Буланы булап аларда,
Бузукту минтип саларда,
Бурулбай кирип кытайлар,
Буудан атаң Манастын
Моминтип башын аларда,
Бу дүйнөдөн жоготуп,
Тындым кылып саларда
Ошо турган Акаяр
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Үзүлгөнүн улады,
Салышпай карап турбады.
Каарданган бакырык,
Баякы кирген Акаяр,
Бечара, Манастап ураан чакырып.
Энекең мен карабет бейтаалай,
Көзүмдүн жашы төгүлүп,
Көңүлүм жаман бөлүнүп.
Көзүм жанган от болуп,
Ичим жанган чок болуп,
Токтоно албай желигип,
Эр мүчөлүү энекең
Ошол күнү ээлигип.
Алакан мөңкуп, көз тартып
Азаптуу белги көргөмүн.
Айласы келсе кытайлар,
Бүгүн канкор башына
Бир азапты моминтип,
Салат ко деп жүргөмүн.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйгөмүн.
Ок өтпөгөн бадана,
Төртөөнү каттап кийгемин.
Бир шайтанды кытайлар,
Салат ко деп жүргөмүн.
Алты ай минсе арыбас,
Атакеңдин Аккула

Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу.
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күндө терин алгамын.
Арпадан аса жем берип,
Айда терин алгамын.
Атаңды кылар ошол күн
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагыма толгонуп,
Таң кашкайып сүргөндө
Шашып намаз окунуп,
Аккуланы токунуп.
Карагаттай көзүмдөн
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнө сындуу көзүмдөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Кабырга сөөгүм бөлүнүп,
Көзүмдүн жашы төгүлүп,
Канкорум кандай күндө деп,
Ойлосом оюм бөлүнүп.
Кең Таластын оюнда
Кирип келдим курган жан,
Көзкамандын ордого.
Уручу кудай таптакыр,
Уруп салган кези экен.
Кабылан атаң канкор шер
Калмактан ууну көп ичип,
Өлөр өлбөс жан менен
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат кетчү эмедей
Атаң куруп калган кези экен.
Каарданып Акаяр,
Кагылсам болот кудайга
Камдык* ойлоп кенебей,
Канча кытай балбанды
Бучкагына теңебей,
Каарданып жөтөлүп,
Ала-Тоодой атаңды,
Артык балбан Акаяр,
Жаш баладай көтөрүп,
Коргошундай атанды
Койбой чуркап көтөрүп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жебеден мурун жеткени,
Жеңе долу качкын деп,
Айлакер жеңе Каныкей
Айкөлүн Манас султандын
Айласын эптеп тапкын деп,
Бир айлалуу жерге чапкын деп,

Өлөр-өлбөс жан менен
Көкжалды маа бергенде
Ашып-шашып мен долу
Айкөлдү кармап кабыштап,
Алганда туура өңөрүп,
Аккаңкыга табыштап.
Астымда тулпар Аккула,
Этине келген бууданды,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Чындап оозун жайгамын
Акылдан артык шашкамын,
Алапайым таба албай
Беш-Таштын башы бек жайлоо,
Бек жайлоо көздөй качкамын.
Качып чыга бериште,
Көкчөкөз менен Көзкаман
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Эмчегим жара бир атып,
Үстүмө каран түн түшүп,
Зыркырап какшап бир жактан
Жүрөгүмдүн толтосу,
Кабылан, айкөл, шер атаң
Өлүк, тирик ортосу.
Булчуңум окко бурдуруп,
Оң эмчектин түбүнөн,
Атаңды алып качканда
Көзкамандын огуна
Эмчегимди жулдуруп,
Акылдан бөлүп шашкамын,
Канкорумдан айла жок,
Кайыпчынын зоосуна,
Как үңкүрдүн өзүнө,
Кузгун жетбес борчукка,
Өлгөндө алып баккамын.
Атаң солуп жарадар,
Эмгекти минтип тартканмын.
Ажал жетип кетпеске
Жерден себеп издедим.
Оролмо тоону чалдырып,
Себеп болчу дары чөп
Миң уруусун алдырып.
Алапайым таба албай,
Желмаянды мингиздим,
Жер үстүнө кат жазып,
Куюн көтөн Энтери
Меке дилда чалдырдым.
Мисир менен Багдаттан,
Жашыл кара дарыдан

Кең Багдаттан алдырдым.
Уу ичкен атаң шериңе,
Жан аякка чайкадым,
Күчтүүлүгүн көргөмүн,
Кашыкка өлчөп бергемин.
Ичкен сайын кан атаң.
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып.
Өө деп, атаң окшуса,
Өжөк-өжөк заар кетип,
Энекеңден ал кетип.
Ичкен сайын дарыны,
Атакеңдин оозунан
Кочууш-кочууш заар кетип.
Дарынын уусу басылып,
Атаң шердин ошондо
Умачтай көзү ачылып.
Илдет уу кезигип,
Атаң Манас шер эле,
Өлгөндө араң мал болгон,
Кырк жеринен тешилип.
Күндүзүндө тынч албай,
Минтип бактым атаңды.
Түн ичинде уйку албай,
Антип бактым атаңды.
Мен энекең бейтаалай,
Тешикке себеп болот деп,
Ички заардын баарысын
Тышын көздөй сорот деп.
Кызыractын кырк байтал
Мунун баарын сойдурдум,
Казысын бузуп ойдурдум.
Энекең минтип жөлөдүм,
Атаң шердин дал өзүн,
Алтымыш күнү болгуча
Казыга кун-түн бөлөдүм.
Ооруган жерин басылттым,
Ойрон атаң көкжалдын
Умачтай көзүн ачылттым.
Эптүүлүктү билгиздим,
Кыйналып кырк бир күн
Атаңды атка мингиздим.
Айыгып кетти кан атаң,
Араң жатып мал болду.
Аны мындай таштайлы
Азап салган Көзкаман
Арамдан кабар баштайлы.
Берен Манас өлдү деп,
Кыямат жүзүн көрдү деп,
Ал калмак муну ойлоптур.

Казыналык сан дүйнө
Буланы булап алыптыр,
Бузукту мыктап салыптыр.
Кез болгонду бүктөптүр,
Кең казына, сары алтын,
Качырына жүктөптүр.
Салышып жүргөн Акаяр
Кыргызга тилчи болот деп
Өлтүрбөй байлап алыптыр.
Кырк аркан бою чоң зындан,
Чоң Таласка каздырып,
Тирүүлөй аны салыптыр,
Моминтип кегин алыптыр.
Тирүү чыккан кароолду,
Бир адамга көргөзбөй
Бир кишиге билгизбей,
Кармап союп бүктөптүр.
Казынанын баарысын
Олжолоп алып кетүүгө,
Ошол турган кыргыздын
Түбүнө чогуу жетүүгө.
Табылбас алтын, көөхар таш
Кан Манастын казына
Качырына жүктөптүр,
Көтөрмөнү ашыптыр
Суусамыр бойлоп басыптыр.
Мунарык тоону жээктеп,
Бөксө менен жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кароолун мыктап каратып,
Уктаганын сабатып.
Ашып-шашып жол тартып,
Айкөлүн союп салдык деп,
Күндүз жүрбөй түн катып.
Тоо башылап жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Капсалаңды жакалап,
Кара-Кырлап бакалап,
Эчки-Өлбөстү эңкейип,
Эки-Чат конок болуптур.
Ошо күнү Көзкаман,
Жылкыдан тулпар Конкулбоз
Ээрин алып жайдактап,
Алтын бурма чидерди*
Алып келип баймактап*.
Калмак ээрди жазданып,
Күн чыгышты баштанып,
Алп уйкуну салыптыр.
Бир топ күнгө, бир топ түн
Эрикпей уктап алыптыр.

Жылкыда тулпар алабаш,
Мөрөй тийип, ордо атып,
Жыргалдуу оюн ичинде
Алмамбет, Чубак аралаш.
Ушак, шыбыр кеп угуп,
Кытай алдап уу берип,
Манас өлдү деп угуп.
Кырктын башы Кыргыл чал
Кең Таластын боюнда,
Жылгындуунун оюна,
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Салып келди Кыргыл чал.
Какылдаган карга жок,
Кукулдап учкан кузгун жок.
Каныкейдин ак сарай,
Анын каалгасы темир сом калай,
Катын да болсо бейбактын
Сөөлөтү болчу бир далай.
Каныкейдин сарайдан
Түркүгүн сууруп алыптыр,
Кароолчудан алтымыш,
Курмандыкка чалыптыр.
Адамдын мурду, кулагын
Тумар кылып тагынган,
Көргөн адам багынган.
Жин-периден жетөө эле
Эшигинин алдында,
Муну такыр кырып салыптыр.
Буланы булап алыптыр,
Бузукту мыктап салыптыр.
Казына бузуп өтүптүр,
Түпкө эчак жетиптир.
Уруучу кудай уруптур,
Өрт өчкөндөй кылыптыр.
Түркүктү сууруп кулатып,
Чынарын кыйып сулатып,
Чындап душман болуптур.
Кара көз чогуу кашайып,
Кан Манастан айрылып,
Түпкө эчак жетиптир.
Казына бузуп талкалап,
Такыр чаап кетиптир.
Көрүп алып Кыргыл чал
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Сакалды жулкуп ыргытып,
Уруучу кудай урганбы,
Төбөсүнөн басканбы?
Уктап жаткан кезинде

Төрт түлүгүн чачканбы?
Айкөлүмдөн ажырап,
Аныктап кудай урганбы?
Асылдан такыр ажырап,
Кырк чоро каран калганбы?
Долоно сап айбалта
Толгонтпой аны ким аштайт.
Толгон журт, кыргыз көп аргын
Тоздуруп ийбей ким баштайт.
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт.
Калың ногой, көп кыргыз
Капа кылбай ким баштайт.
Кайгысы жок эме эле,
Кабылан тууган шер эле,
Жан деп кудай жалгасаң,
Манасты кудай аман кыл.
Мекеден чыккан жоо болуп,
Бейпайы катуу, доо болуп
Түбүмө чогуу жеткенби?
Кара көз чогуу кашайып,
Бул өлтүрүп кеткенби?
Топон суу тоздоп кирбеген,
Беренимдин мойнунда
Бээжиндин доосу бар эле.
Беренимди баскан бейм,
Урчу кудай урган бейм.
Манас, Манас бакырып,
Каныкей таппай чакырып,
Кара болуп кайгырып,
Султаны Манас кандан айрылып.
Өкүрүнүп токтобой
Ордо ордуна келди эле,
Ордодо жаңы топурак,
Жалгыз аттын жолу бар.
Акаярды камаган
Беш балбандын ору бар.
Ор кашына бакырып,
Үстүнөн чыкты Кыргыл чал
Акаярлап чакырып.
Өлөр өлбөс жан менен,
Өлүп кетер ал менен,
Жаткан экен Акаяр.
Азоого чалма салуучу,
Кыргыл чалдын жанында
Жылкы кармап алуучу
Сексен кулач кыл аркан,
Жандан чечип калды эми,
Ыргытып орго салды эми.
Ор түбүндө Акаяр

Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Камбыл тууган Кыргыл чал
Ордон сууруп алды эми.
Акаяр алсыз болгонун,
Кыргыл чал кыраан көрдү эми.
Кызыл арак, ширин аш
Кыңкайта куюп Кыргыл чал,
Акаярга берди эми.
Өчкөн отун тамызып,
Ордо жаткан Аярдын
Өлүүчү жанын тиргизип,
Кыргыл чал карап турганда.
Билген менен туйганын,
Өчкөн менен көргөнүн,
Өлүү-тирүү ортосу,
Беш калмактан кордукту
Береңи Манас көргөнүн,
Салыш кылып, ал жетпей
Азапты чогуу тартканын,
Кайран энең эмчегин
Көзкаман жара атканын,
Акыл кетип антаңдап,
Айласы кетип шашканын.
Айкөлдү туура өңөрүп,
Аккулага камчы уруп,
Каныкей энең качканын
Баарын айтат Акаяр.
Угуп алып Кыргыл чал
Кырк чорого келди эми.
Кыйкырык салып Кыргыл чал
Кырк чорону шаштырып,
Кан ордосу чоң оюн
Тебелете бастырып:
Атаңдын көрү кырк чоро,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Мен туйганды туйдуңбу?
Канкордон кабар уктуңбу?
Касташканың өлтүрүп,
Дарт кумардан чыктыңбы?
Атаңдын көрү кырк чоро,
Арак ичпей, таш ичкин.
Аздык кылып баратса
Атаңдын канын кошо ичкин!
Балыгыңдын майын ич,
Мадериңдин* канын ич.
Кырк чоро, сенин Кең-Колго сайган багың жок,
Сенин, керилип жатар чагың жок.
Таласка курган багың жок,

Сенин, талтаңдап жатар чагың жок.
Бүтүн кундуз терисин
Жара бөлүп жиберип,
Багалекке урдуруп,
Сенин дардайып жатар чагың жок.
Казынага ээ кылган,
Карангүн Манас каның жок.
Кан Манастан айрылып,
Ойлоп көргүн кырк чоро
Сенин ойной турган чагың жок.
Туура Манас көкжалдын
Тууганы болду душманы,
Каныкей айтса тил албай,
Кабылан Манас көкжалың
Ичинде калды бышманы.
Буласын булап алыптыр,
Бузукту чындап салыптыр.
Таластагы баатырдын
Казынасын ураткан,
Чынарын кесип сулаткан,
Кароолчуну бүктөгөн,
Казынаны Бээжинге
Олжо кылып жүктөгөн.
уруучу кудай уруптур,
Көкчөкөз менен Көзкаман
Ушундай кызык кылыптыр.
Оюнду бузуп тебелеп,
Ойнотуп турду Кыргыл чал
Кырк чорону жемелеп
Кыргыл чалдан кеп угуп,
Кырк калмак жетип түбүнө
Бээжинге качты деп угуп,
Ошо кезде кырк чоро,
Мекен кылып Таласты,
Конуп калган кези экен.
Көк кенедей тарсайып,
Толуп калган кези экен.
Ар кимиси сан колдук,
Болуп калган кези экен.
Урунарга тоо таппай,
Ошо кезде кырк чоро
Уруша турган жоо таппай.
Кечерине чок таппай,
Атышарга ок таппай.
Тийип өлөр тоо таппай,
Тийишип кетер жоо таппай.
Манас кандын кырк жайсаң,
Кызырканып уктабай,
Эки көзү төрт болуп,
Жайнап турган кези экен.

Айза, кылыч алты убак
Кайрап турган кези экен.
Алтай мңнсе арыгыс,
Ар кимиси тулпарды,
Байлап турган кези экен,
Канык ей кылган ок өтпөс,
Ар кимиси айныш жок,
Кие турган кези экен.
Бешөө турмак Бээжинге,
Тие турган кези экен.
Ок кече турган чагы экен,
Оюла турган табы экен.
Байлоодогу тулпарга
Манасты угуп күйүнүп,
Баары кыраан көкжалдар
Ашып-шашып жүгүрүп.
Жоо жарагын шайлашып,
Найза, мылтык кылычын
Жай-жайына байлашып.
Касаба колдо калкылдап, ..
Өткүр болот Зулпукор,
Кол колунда жаркылдап.
Окчонтойлуу кисени*
Сырттан кезе байлашып,
Барабанды урушуп,
Баары бирдей жоо жакка,
Камынышып турушуп
Кырк чоро Манас канаты,
Алтымыштай санаты,
Бет алган жоону талкалап,
Канкорлордун бейпайга салган адаты.
Кырк чоронун баарысы
Талас өрдөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Ашып-шашып арстандар
Кетчү жолу ушу деп,
Көтөрмөнү ашты эле,
Суусамырды басты эле.
Урчукка ченей жол жүрүп,
Ат аябай, мол жүрүп.
Алыстап кароол, ээй, карабай,
Тулпарларды, ээй, аябай.
Кээ бир жерде, ээй, кырк чоро
Үзөцгү кагып, ээй, жарышып.
Кээ бир жерде кырк чоро,
Тегиз тулпар көй кашка
Оозу менен алышып.
Баары тулпар буудандар
Баскан жери быркырап.
Чоц казандай дацкандар

Кырк чоронун башына
Чакмак бир алып дыркырап.
Бөксөгө тартып, жол жүрүп,
Ат аябай, ээй, мол жүрүп.
Тоңкойгон чуңкур коо басып,
Томпойгон бийик, ээй, тоону ашып.
Будур ала тоо менен
Бетегелүү кең майдан,
Ошондо кең майданды басты эми.
Улуу тоолоп жол жүрүп,
Камбыл Бакай, кан абаң
Ат аябай, ээй, мол жүрүп.
Эчки-Өлбөстүн, ээй, Эки-Чат
Ошондо, ашып кирип, ээй, жатты эми.
Кырк чорого кыйшайып,
Кызырлуу Бакай кайран шер
Кымбаттуу сөзүн айтты эми.
Кечикпей качкын конгонбу?
Атаңдын көрү кырк жайсаң,
Сенин керектүү маалың болгонбу?
Бу жерге, жоголгон качкын конгонбу?
Кырк чоро, жортқондо жолуң болгонбу?
Базарлуу багың ачылып,
Сенин бар күйүтүң чачылып.
Кара болот, ок өтпөс
Атаңдын көрү кырк жайсаң,
Кие турган кез келди.
Качкындарды таандай
Чоролор, тие турган кез келди.
Какайлатып токмоктоп,
Кары кандын алдына
Баатырлар сүрө турган кез келди.
Жүгөн катпай жайдактап,
Качкынды мине турган кез келди.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк мууну,
Ырдап турчу кашыма.
Төлгөчү кара Төлөгүм,
Төлгөңдү тарткын көрөмүн.
Айза кармап, топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Кызык кыргын көрөмүн.
Ырамандын Ырчысы
Ырдап кепти салды эле,
Төлгөчү кара Төлөгү
Төлгөсүн тартып алды эми.
Кеткен качкын конуптур,
Келишкен жолуң болуптур.
Адырдагы булактай
Кошулушар кези экен,

Ак буудайдын унундай
Жуурулушар кез экен.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушар кези экен.
Асманда чолпон жылдыздай
Боз болучу чак белем,
Айкөл аман кошулуп,
Дос болушар чак белем.
Төлгө тартып төп айтып,
Төмөнкү качкын кутулбайт,
Төрө агам Манас кан келет деп айтып,
Оозун жыйып алгыча
Арт жагынан бакырык,
Акаяр менен Канықей
Алар да келет алыстан
Манастап ураан чакырып.
Ойрон жеңем Канықей
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө ороп түйүптүр.
Кан Манастын эски бөрк
Башына баса кийиптир.
Кара жаак айбалта
Билекке кынай чалыптыр,
Кара болот Наркескен
Кынынан сууруп калыптыр.
Кара кашка аргымак
Чап олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,
Оң-тетири камчы уруп,
Олбуй-солбуй теминип,
Катын башын эр кылып,
Калдайган башын туу кылып,
Качкындардын изине
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алыптыр.
Алты шердин кенжесин —
Алданын сүйгөн пендесин,
Аккулага мингизип,
Аколпок тонду кийгизип,
Аккелтедей чоң мылтык,
Асынганда жаныбар
Айдалынын айңеги,
Айкашкан жоого салганда
Аманат жандын эрмеги,
Манас кандын мойнунда
Ай тийгендей жаркылдап,
Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кынай мыктуусу

Манас алган Зулпукор
Билегинде жаркылдап,
Бөлөкбай кылган Сырнайза
Такымында балкылдап.
Короздой болгон кайран шер
Опол тоодой көрүнүп.
Алмамбет, Чубак, Бакайдын
Айкөлүн туура көргөндө,
Көрүнүшпөй калчуудай,
Кейип турган эрендер
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Бадышасы Манас шер,
Кыраандардын көзүнө
Өлбөй тирүү көрүнүп.
Кырк чоросу чуркурап,
Атасын көргөн эмедей
Бир кудайга тилекти,
Кылып турат буркурап.
Алмамбет, Бакай арстандар
Баабедин деп бата айтып,
Коросонго кой айтып,
Ай туяктап ат айтып,
Ар тилегин бат айтып.
Көкжал төрөм келди деп,
Тилекти кудай берди деп,
Үзүлгөн болот уланып,
Кабыланды көргөндө
Манас кандын кырк жайсаң
Тегиз баары кубанып.
Ободон жылдыз жошулуп,
Көкжал шерге кырк чоро
Аман эсен кошулуп.
Кабылан Бакай эр көкжал
Качкын изин кубалап.
Жээк менен сыдырып,
Жерге талаа кыдырып,
Мойнокчону ашты эле,
Үч-Аралды басты эле,
Иленин башы Үч-Арал
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу
Экөөн катар ашты эле.
Күнөс, Жылдыз, Кош-Талаа
Койбой экөөн басты эле.
Көзкаман жүрүп таянып,
Амбал тоону этектеп,
Кутулдук деп кубанып.
Капанын баарын жойдук деп,
Каалап барган кара көкжал төрөнү,
Алдап-салдап аш берип,
Абдан союп койдук деп.

Бээжинге кабар салууга,
Каканчынын канына,
Кары кандын алдына
Сүйүнчүлөп барууга,
Кырк уруу кытай көп журттун,
Бир кандыгын алууга
Качкан калмак кубанып,
Жаткан экен жайкалып.
Ээр белдей белеске
Из чалган Бакай кабылан
Эңкейип кирип көрдү эле.
Боз ала мунар кызыл туу,
Болжосо кытай ызы-чуу,
Барабанын чалыптыр
Манасты сойгон ойну деп,
Калмактары былкылдап,
Катуу бийлеп алыптыр.
Кан Бакайдын киргенин
Кароолдо турган Желдейбоз,
Катуу көрүп калыптыр.
Алдындагы тулпарга
Камчы басып бакырып,
Көзкаман, Көкчөкөзүнө
Ураанын айтып чакырып.
Көкчөкөз менен Көзкаман
Уруучу буркан уруптур,
Көөдөк Манас, кырк кыраан
Артындан кууп туруптур.
Алмамбет чардоо чалыптыр,
Олуяттын эр Бакай,
Ойлосоң мүшкүл, каран иш,
Сары изиңе чөп салып,
Саргара кууп калыптыр.
Каканга чейин кубалап,
Калайман

ды салууга,
Кырк кыраандын баарысы
Убада кылып салыптыр.
Манасы жетик кан эле,
Эң жаман деген чоронун
Алы мин кишиче бар эле.
Казып койгон ор келди,
Кайран жанга шор келди,
Канча айтсам да тил албай
Кандарым кудай урдубу?
Каканга чейин кубалап,
Бурутту кудай урдубу?
Күндөп-түндөп жол тартып,
Качалы десе болбойсуң.

Камчыланар кез келди,
Ай, Көзкаман, оңбойсуң.
Өңчөй чоро жүгүрдү,
Өлдү деген Манас кан
Көрсөң бүгүн тирилди.
Кылыкты башка кыласың,
Олжолоп алып кыргыздын
Кыздарын катын кыласың.
Ойрону Манас өлдү деп,
Теңкерибей турасың.
Кыраанын көрдүм Манастын,
Кызыталак Көзкаман
Айласын кандай кыласың?
Улуу Бээжин түпкү шаар,
Ушу жерге жетпей Көзкаман
Өлүп калар түрүң бар.
Желдейбоз айтып турган соң
Көкчөкөз, Көзкаманына
Жетип кабар кылган соң.
Ашып-шашып шаңданып,
Жоо жарагын камданып,
Бээжинден чыккан кылычты
Кынынан сууруп шайланып.
Айбалта менен очогор
Адис болгон көкжалдар
Ар жабдыгын камданып.
Каарланды бакырып,
Жанындагы аскерин
Камдангын деп чакырып.
Жазбай аткан мергенин,
Жабылдыра камдады.
Кагышып жатып өлүүгө
Камданбай карап калбады.
Белгилүү Манас, кан Бакай
Төбөсүнөн Кара-Кыр
Кара-Кырды ашты эле,
Баягы качкын Көзкаман
Аралаша басты эле.
Туманды көр, чаңды көр,
Туура өлүшкөн жанды көр.
Мунарып күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр.
Жамгырды көр, чокту көр,
Жазбай тийген окту көр.
Манас кандын кырк кыраан
Ажыбай, Бакай артыктар
Алмамбет, Чубак көкжалдар,
Сыргак, Серек эгиздер,
Шууту кул, Ырчы теңиздер.
Көкчөкөз менен Көзкаман

Көргөн жерден ыктуулар,
Көп жоонун адисин билген мыктуулар,
Тегерегин карабай
Тегиз кирди урушка
Теңгедей жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Кыйындар кирди урушка
Кылча жанын аябай.
Тегерегин карабай,
Теминип уруш кылды эми,
Теги эле жанын аябай.
Жар чакырып, жүйө айтып,
Жанагы турган Көзкаман:
Кан Манастын кырк кыраан,
Аттын оозун буруп бер,
Жекеме жеке сайышка
Убада кылам туруп бер.
Белги кылып бир жерди
Жер өлчөөлөп калалы,
Жеке согуш салалы.
Акжолтой Бакай аны угуп,
Капырга дөөмөт* берди эми.
Кара манжу, кытайдын
Айтканына көндү эми.
Кабылан Бакай бакырып,
Манас кандын кырк жайсаң
Кел бери деп чакырып.
Манас кандын кырк жайсаң
Айзакерден эриң кел,
Аябаган шериң кел,
Кыйшайып калбай баарың
Кылымды бузчу каның кел.
Атыша чыгат Көзкаман,
Жекеге чыгар кимиң бар?
Жетик ойло кырк чоро
Жекеге кимиң барасың?
Жаралуу Манас султандын
Убалы-сообу болобу,
Милдетин кимиң аласың?
Сайышка кимиң барасың?
Чаңды кимиң саласың?
Чактап көргүн кырк кыраан,
Чабышка кимиң барасың?
Абийирди кимиң аласың
Деп ошентип Бакай кан
Оозун жыйып алгыча,
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кырааны,
Теке жоомарт ат минген,
Темирдей көпкөк тон кийген,

Ажалдан кылча тартпаган,
Атышка салса кайтпаган,
Өлүм десе сүйүнгөн,
Кан экени билинген,
Сумсайганын жазбаган,
Сунгандан кайра тартпаган,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу кемчил, жолго сак,
Кара болот кыргагы,
Кабарыңда бар бекен
Кан Манастын Сыргагы
Көкчебич оозун бурду эле,
Аба Бакай, Алмамбет
Арстандарым бата бер.
Ажал жетип баратса,
А дүйнө жүзүн көрөйүн.
Болбосо, абийир берсе жараткан
Алдыңкы качкын кытайдын,
Аскерин эки бөлөйүн.
Жана абама кылган Көзкаман,
Кармасам канын төгөйүн.
Курмандыкка чалайын,
Жол үстүндө сүйрөтүп,
Жоосуну кеткен арамга,
Бир тамаша салайын.
Сыргак жандын Бозкисе,
Моюнга кынай салынып,
Бата сурап Бакайга
Бала Сыргак жалынып.
Оозун жыйып алгыча,
Ойрон Бакай, Алмамбет
Жанындагы Сыргакка
Бата берип салгыча.
Каарланып бакырып
Көкчөкөз чыкты жекеге
Султан кыргыз, эр бурут,
Сенин, бүгүн сурагың бүтөр кези деп.
Чалгын чалган жол ушул,
Чала жүргөн кол ушул,
Балам Сыргак сен тургай
Бадыша Манас көкжалды
Ала жүргөн кол ушул.
Деп ошентип Көкчөкөз
Каарланып качырып,
Кертору оозун бурду эле.
Келеген найза*, чоюн баш
Бала Сыргак байкушка
Күркүрөтө сунду эле.
Капырдын каны төгүлүп,
Бала Сыргак эр эмес

Чиркин Бакайдын көөнү бөлүнүп.
Тегеренип карабай,
Теги Сыргак көйкашка
Теңселип чыкты согушка,
Теги эле жанын аябай.
Найза сунуп кенебей,
Бара жатат Сыргак жан,
Астыңкы кара калмакты
Бучкагына теңебей.
Эрдик менен шердикти,
Бала Сыргак көкжалга
Алда таала жараткан
Берген экен ченебей.
Өөдө, төмөн карабайт,
Дөңгүлдүгүн көрдүңбү,
Бала өлөмүн деп санабайт,
Ажалдан бала түк тартпайт,
Атышкан жоодон түк качпайт.
Ошо кезде Сыргак жан,
Көкчебич оозун бурду эле.
Опол тоодой Көкчөкөз,
Күркүрөп айза сунду эле.
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткилең Сыргак көйкашка
Жеткен жерде калмакты,
Как жаакка муштап өттү эле
Зың-зың этип кенебей,
Эр Сыргактын сайганын
Сырттан экен Көкчөкөз,
Бучкагына теңебей.
Көкчебич оозун тарткыча,
Оңолуп Сыргак кайткыча,
Камбыл көкжал Көкчөкөз
Кырк кулач бою көк найза,
Кыйкырып карап сунду эми,
Кыңкайлап калган Сыргакты
Качырып жетип урду эми.
Сардеби мүшкүл айзанын,
Оой түшүп жоголду,
Ой, кудурет, сакта деп,
Сыргагың, Көкчебичтин ыйык жал,
Араң кармап оңолду.
Араң турган Сыргакка,
Азапты салды Көкчөкөз.
Аран ооз сур жебе
Ала коюп Көкчөкөз
Аны менен кырк атты.
Болот октуу сур жебе,
Муну менен төрт атты.
Бала Сыргак көйкашка

Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап.
Ажыбай, Бакай, Алмамбет
Көрүп турат күйүнүп.
Оолжуп турган Сыргакка,
Алтын жаак айбалта
Ала коюп Көкчөкөз,
Аны менен төрт салды.
Кара болот Аркескен,
Кабылан Сыргак колго алды.
Жекелешип турушту,
Бала Сыргак кайран эр,
Жети күн тынбай урушту.
Көкжал Алмаң көйкашка,
Сырттандыгы бир башка,
Сарала санга бир салып.
Сыргак жан деп үн салып,
Ай сарала бууданга
Олбуй-солбуй теминип,
Оң тетири камчы уруп,
Сыргакка каалап жетерде,
Сырттан Алмаң көйкашка
Айсарала ат менен
Манастап ураан чакырып,
Бели ар жакта бекчейип,
Балбылдаган кайран көз
Чыгып кетпей чекчейип,
Адисим Алмам ак жолтой
Жебеден мурун жетти эле,
Коңкулбоздун үстүнөн,
Жеткен жерде Алакең,
Көзкамандай балбанды
Көмө коюп өттү эле.
Кече, көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көгала калкан ойногон
Капыяда сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан.
Астыга салса акжолтой,
Айдап жүрсө сан колдой.
Абам Бакай карыя,
Эчен жер менен кармашып,
Жоонун айласын билген олуя.
Көк тулпарды бир салып,
Ойкуманы колго алып,
Ойрон абаң кан Бакай
Көзкаманга жетти эле,
Жеткен жерде кабылан,
Кадимки Көзкамандай балбанды
Башын кесип өттү эле.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн

Аңгемени сураба.
Кайран балбан Көкчөкөз
Көк керикке камчы уруп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы капырдын
Акырек ылдый төгүлүп,
Жан аябай кайгырып,
Бир тууганы, Көзкамандан айрылып,
Чындап кирди согушка.
Айсарала ат минген
Алакеңе жетерде,
Бута бою жакындап,
Айза сунуп өтөрдө,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Акбалтайдын Чубагы,
Айкырып найза көтөрдү.
Көкала санга бир салып,
Алакең канга жеткизбей
Көкчөкөзгө кол салып.
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Чубакем,
Көк кериктин үстүнөн
Көмө коюп өттү эле.
Каарланып бакырып,
Аттан ыргып Көкчөкөз
Бээжиндеп ураан чакырып.
Канатынан кайрылып,
Көк кериктен айрылып.
Арстан Алмаң, кайран шер
Жойкуманы колго алып,
Кылыч сунган ошол жер.
Токмоктой болгон кайран чач,
Адис Алмам айкөлүм
Толгой кармап алды эми.
Андай мындай дегиче,
Башын кесип салды эми.
Калганына кан Бакай
Кыйратып колду салды эле.
Жалгыз бирөөн куткарбай,
Минтип кырып салды эми.
Көкчөкөз менен Көзкаман
Экөөнү катар союшуп,
Калмагынан бирөө жок,
Такыр кырып коюшуп.
Талаада талкан болушуп,
Азапты минтип тартышып,
Арамдар, олжого алган сан алтын
Таласка кайра артышып.
Күндөп-түндөп жол тартып,
Ашып-шашып жол басып,

Суусамырды басты эми,
Көтөрмөнү ашты эми.
Кече, Жылгындуунун оюна,
Кең Таластын боюна,
Өлүп кетпей ой кылып,
Аргын, ногой чогулуп,
Алтымыш күнү той кылып.
Кең Талас бойлой кондуруп,
Аргын, кыргыз аралаш
Эрки менен болтуруп.
Манас кандын кырк кыраан
Качкындарын куткарбай,
Кармап берген кез ушул.
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Көзкамандын урушта
Ажыбай, Бакай кан аман,
Алмамбет, Чубак шер аман,
Серек, Сыргак тең аман,
Улукмандын кары аман,
Манастын кырк жайсаңдын баары аман.
Аман бир барып, аман кел, уулум,
Абыке менен Көбөшкө
Атышып кыргын салбай кел,
Күн мезгилин айтайын,
Кулунум, алтымыш күндөн калбай кел.
Буурулду кармап буудан кыл,
Муңумду гана жазар жетимим,
Сен алты арамды тууган кыл.
Энеси Каныкей далай күүлөнүп,
Жомогун сүйлөп түгөтүп,
Жок нерсени билгизип,
Жетим Семетей ичин күйгүзүп.
Бөдөнөдөй кайран көз,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Бөтөн-бөтөн сөз айтып,
Карагаттай, ээй, кайран көз,
Кадырман жетим балам деп,
Камчы бою жаш кетип.
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учат талаа үчүн,
Канчаны көрдүм шордуу жан,
Карындан чыккан бала үчүн.
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым.
Алты абаңа бара кел,
Бергени болсо мүлкүндү
Бейпай салбай ала кел.
Бербей калса кулунум
Жамандашпай кайта кел,

Энеке бербей койду деп,
Мен бейбакка айта кел.
Уулум бузук кылсаң жаманат,
Бууданың, Бакай кан болсун жолдошун,
Барып келген бул ишиң
Бир кудайга аманат.
Саламат барып сак келгин,
Мен энекең бейбакты
Зарлантпай, уулум, бат келгин!
Деп ошентип Каныкей
Ыйлап, кейип сабылып,
Манастан калган чунакка
Насаатын айтып жалынып.
Туралбай ыйлап чыркырап,
Өлгөндө көргөн жетимге
Байкуш энең Каныкей
Батасын берип буркурап.
Таласты көздөй узатып,
Эчен жомок иш айтып,
Энекең Каныкей ыйлап турганда
Манастын тапкан энеси
Токсон беште карыя,
Өзү шай колдогон олуя.
Ошо кезде Чыйырды
Жалгызы жетим чоңоюп,
Тилегин кудай берген кез,
Өлбөй, житпей Чыйырды
Токсон бешке келген кез.
Көзү калган ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп,
Он эки мүчө устукан
Токтоно албай зирилдеп.
Тоодой болгон урмекем,
Асыл кан Манасты тапкан энекем.
Коён туяк колго алып,
Көзүн сүртүп бакырып,
Алтын таяк колунда
Жалгызы Семетейди чакырып:
Сапарың болсун саламат,
Жетимим Таласка кетип баратат,
Ээ, кудай, бир өзүңө аманат.
Өлгөндө көргөн жетимим
Ары баргын бир он күн,
Элде жана бир он күн,
Кайра келгин дагы он күн.
Күн мезгили отуз күн,
Отуз күндө келерсиң,
Отуз күндө келбесең,
Мен энекең шордуунун
Өлгөн күнүн көрөрсүң!

Оомийин деп кол жайып,
Эки энеси тең жайып,
Ошондо, калаалуу Букар буркурап,
Калайыктын баарысы
Ошондо, батасын берди чуркурап.

СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖҮРГӨНҮ

Ажалым жетсе өлөм деп,
Атам өткөн Манаска
Куран окуп келем деп,
Астындагы мингени
Темиркаңдын тулпары,
Колундагы алганы
Ысмайылдын болоту,
Касаба колдо калкылдап,
Манастан калган жетимиң
Баатыр Таласка жүрдү жаркылдап.
Букардан чыгып жол тартып,
Бурулбастан бек басып,
Бозоргон мунар бел ашып,
Боруму сонун жер басып,
Айнымай бала жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кең Букардын зор Ак-Чий
Мыктуу тулпар атчанга
Эрикпей жүргөн бендеге,
Алты күндүк жол экен,
Мунара Ак-Чий дээр экен,
Ал Ак-Чийди басты эле,
Оркойгон тоонун тумшугун
Жетимиң оодарылып ашты
Атадан калган жерине,
Кетип барат Семетей
Баякы аргын, кыргыз элине.
Астындагы Актулпар,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Бет алып жетим жод жүрүп,
Күн кылкылдап батарда
Күлешендин Гүл-Токой
Гүл-Токойго жолукту.
Күлешендин Гүл-Токой
Жаткан экен жайкайып,
Сары өзөн тартып кайкайып.
Энеси жаткан Чынарга
Астындагы Актулпар
Ээрин алып жайдактап,
Аса байлап Чынарга
Бек бекитип баймактап*.

Аккаңкыны жазданып,
Манастан туулган чиркиниң
Кыбыланы* баштанып,
Көк тердикти салынып,
Бир кудайга жалынып,
Ачболотту жазданып,
Кутба* жакты баштанып.
Сунган бутун түк тартпай,
Жумган көзүн түк ачпай
Алп уйкуну салды эле.
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда уйкудан чочуп ойгонуп,
Арстандай толгонуп.
Манастан калган жетим кул
Актулпарды токунуп,
Жана жетим жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ээр белдей мунарык,
Энеси келген Аман-Жолдун бели экен.
Эсил энекем айткан кеп эле,
Аман-Жол ушул деди эле.
Бура тартып Семетей
Тоңкойгон ылдый коо басты,
Маңдайынан салынган тумшук тоону ашты.
Салынган тоого барганда,
Эрикпеген эр чиркин,
Жонуна чыгып алганда.
Белеске чыгып бет алса,
Көргөндө көңүл бөлүнөт,
Мунарыктап бурчтанган,
Жөө туман түшүп учтанган,
Карарып түтүн бөлүнөт.
Энекем айткан эсил сөз,
Баягы карарып Кокон көрүнөт.
Коконго кирип кайрылбай,
Сапарынан айрылбай.
Энеси келген Аман-Жол
Как эткенден карга жок,
Кукулдаган кузгун жок.
Буурсун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок.
Мүдүрүлөр аңгек жок,
Ат жыгылар дөңгөк жок.
Аман-Жол ылдый жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Аянбастан жол жүрүп,
Адырмак ала жер басып,
Боз будурмак белди ашып,
Самсаалаган тоо басып
Салынган эчен коо басып,

Жээк менен сыдырып,
Боз мунарык керүүнүн
Бою менен кыдырып,
Сыр-Дайра кечип жол тартып,
Ашуу, ашып, таш басып,
Акылы алек баланын,
Ашып-шашып жол тартып.
Бөөт-бөөт бел көрүп,
Бөксөлүү эчен жер көрүп,
Ичке-Талдап сыдырып,
Чыйырчык, Салар эки суу,
Бою менен кыдырып,
Актулпарды чалдырбай,
Жатып уйку кандырбай,
Эски Ташкент, Чалдыбар
Эңкейип жетим ашты эле,
Казы-Курттун чоң талаа
Түз кара чөл, үйгөн кум,
Чымчып жээр чөбү жок,
Чык этип коер суусу жок,
Ээн талаа күйгөн кум
Эрикпей жетим басты эле,
Энекем жаткан Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Кара-Үңкүргө тартты эле.
Актулпарды чалдырып,
Кайыпчынын үңкүргө
Жатып уйку кандырып.
Ат бороюн сыдырып,
Энеси келген жол менен
Эрикбей жетим кыдырып.
Талас көздөй жол жүрүп,
Талыгыш жок мол жүрүп,
Ээр белдей белестин
Эченин катар ашты эле,
Эчен дөбө, эчен сай
Эрикбестен. басты эле.
Жээк жолдоп сыдырып,
Олуя-Ата, кош Мерки
Бою менен кыдырып,
Олуя-Ата келгенде,
Күн батышты караса,
Кара-Балта, Сокулук
Карарып жону көрүнүп.
Көрбөй калса жетимдин,
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Оң кол жагын караса,
Мунарыктуу чоң белес
Өзөнчө кайкаң көрүнөт.
Жорго деген бел ошол,
Жоргонун белин ашты эле,

Ары жагы Кең-Кол, чоң Талас,,
Эңкейип көрсө көк чалкак,
Таластын ичи көрүнөт.
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Жер соорусу турбайбы.
Момуну, жердеген адам тунбайбы.
Бөөт-бөөт бел келет,
Бөтөнчө жыргал жер келет.
Адыр-адыр бел келет,
Адырмак эчен жер келет.
Бөлүнгөн эчен төр келет,
Бөлөкчө бейиш жер келет.
Кең Таластын чоң өзөн,
Жаткан экен жайкайып,
Өзөнү чалкак кайкайып.
Адырдан аркар куюлуп
Адырдын чөбү суюлуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдун чөбү суюлуп.
Тектирден теке камалып,
Кыясынан, аркардын жүнү сабалып.
Керүүдөн кийик токтошуп,
Мунун, текеси жүздөн топтошуп.
Адырдан аркар жайылып,
Эңкүүлөп* элик чү койсо,
Эки колу сайылып.
Жаткан экен кең Талас
Чөбү нумар* баттанып,
Өтөгүн жыттап караса,
Бейиштин жыты жыттанып.
Жалбырагы жаргактай,
Жаныбарым Таластын
Кара курту бармактай.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Кыл куйругу кылкылдап,
Жаткан экен кең Талас,
Кызыл баш өрдөк былкылдап.
Кайыңга тууп куштары,
Камчыланып учканы.
Чынарга тууган куштары,
Чыңданып турат учканы.
Тоосунда улары,
Токоюнда мелтирейт
Кызык өскөн чынары.
Кең Таластын оюна,
Эштемесин аябай,
Алда-таала бир кудай,
Берген экен буларды.
Оролуп чөптөн жүрө албай,

Калган экен оролуп
Бугу марал улагы.
Бастырганы будурмак,
Жапалуу жалгыз жол менен
Жалгыз жетим баратса
Эңкейген жери будурмак
Үч-Кошойдун бөксөсү,
Өлгөнүнчө жазылбайт
Көргөн жандын өктөсү.
Адыр-адыр бөлүнөт,
Адырга жаңы барганда
Атасы Манастан калган мурапы
Ак тайган көзгө көрүнөт.
Бенде көрбөс түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Анда-мында улуса,
Киши укпаган үнү бар.
Бөксө менен бөгүлүп,
Бөгүп келди Кумайык,
Көздүн жашын иргилтип
Төгүп келди Кумайык.
Көрүшкөнү жетимге
Сыйлап келди Кумайык,
Сырттаны Манас кан келип калгансып,
Ыйлап келди Кумайык,
Айтайын десе тили жок
Куруп турат Кумайык,
Сай сөөктү сыздатып,
Улуп турат Кумайык.
Маңдай чачы суюлат,
Айбан да болсо жаныбар
Көздүн жашы куюлат.
Үч-Кошойду жээктеп,
Кең Таласты тээктеп,
Үрүп жүргөн кези экен.
Айтайын десе тили жок,
Семетейим келет деп,
Билип жүргөн кези экен.
Манастан калган жетимди
Он эки жылы күйүптүр,
Абыке, Көбөш — арамдан
Артык кордук көрүптүр.
Кумайык жакын келгенде
Кумайыкты караса,
Мойнунда алтын каргы* бар,
Энекем Каныкей айткан кеп эле,
Келип калса Кумайык
Алтындан таккан мойнунда
Каргысы болот деди эле.
Кан атамдын Кумайык,

Кумайыктын өзү экен,
Туулган жалгыз жаныма,
Атамдан калган мурапым,
Жолуккан жүргөн кези экен.
Кайыбынан кабылган,
Кагылайын Кумайык,
Кан атам Манас шерге табылган.
Аюудан кайра тартпаган,
Жолборстон кайра кайтпаган.
Тиштегенин бүлдүргөн,
Агыткан ээсин күлдүргөн.
Кырааны калкка сынаакы
Кымбатым атамдан калган мурапым.
Боз кисе салып мойнуна,
Кумайыктын, башын бир тыкты койнуна:
Тенизим атам өлбөй кал,
Тентүүнү куу жан көрбөй кал!
Кабылан атам өлбөй кал,
Качканды куу жан көрбөй кал!
Айланайын Кумайык,
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен мен байкуш!
Тең курбуң Манас шерден айрылып,
Темтейип жүргөн сен байкуш!
Каракандын шаарына
Кара кылар тууган жок,
Качып кеткен мен байкуш!
Кан Манастан айрылып,
Карышкыр издеп талаада
Каңгырап калган сен байкуш!
Атамдан калган мен карып,
Талаада жүргөн сен карып!
Кумайыкты көргөндө
Манастан калган жетим кул
Атасы Манасты көргөн эмедей
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Атасы Манас тирилип,
Алдына келген эмедей
Аңгырап ыйлап кучактап,
Алек бир болду Семетей.
Кумайык улуйт аңгырап.
Семетей ыйлайт заңгырап.
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетет,
Ителгидей кара көз
Ирмеген сайын жаш кетет.
Кумайык менен көрүшүп,
Семетей адамдан бетер өбүшүп.

Кумайыкты жетелеп,
Семетей жүрүп ээликти,
Кула чолок кайып бээ
Бет алдынан кезикти.
Кула бээ кармап сойду эми,
Карыш казы анда бар,
Бери карай тарткыча
Белекке тойуп жаткын деп,
Кумайыкты койду эми.
Андан ары жол тартып,
Будур-будур бел ашып,
Будурмак артуу жер басып,
Кең-Колго кирип келди эле,
Кең-Колдон көрдү кызыкты:
Имерме тоонун кайкаңдан,
Ителги туучу тайпаңдан,
Айкөл Манас барында,
Шумкар туучу уяда,
Атасы Манастан калган Акшумкар
Бет алдынан кезикти.
Быйыл жетим келет деп,
Чын келерин Акшумкар
Билип жүргөн кези экен,
Уя басып, таш бойлоп,
Күйүп жүргөн кези экен.
Манастан калган жетимди,
Көргөнү жүргөн кези экен,
Аманатын жетимге
Бергени жүргөн кези экен.
Арбагын сыйлап Манастын
Айткаңына көнөм деп,
Баласына баламды
Аманат кылып берем деп,
Көңүлдөгү капанын
Бирөөн койбой жоюптур,
Кышында тууп баласын
Күн өлчөөсүн өлчөөлөп,
Тоңдурма салып коюптур.
Күн жылымтал болгондо
Кокту менен коркурап,
Сары суу агып толгондо
Көкүрөк жүнүн чачыптыр,
Отуз алты күн басып,
Тукумун шумкар ачыптыр.
Кайыпчынын белинен,
Казга кыргын салыптыр,
Кум-Арыктын дайрадан
Куу бөктөрүп калыптыр.
Улуу тоонун башынан,
Улар кууп тоюттап,

Тоодакты алып жарыптыр.
Семетей быйыл келет деп,
Атасы Манастан калган Акшумкар
Жетимди күйүп алыптыр.
Капырай, энекем айткан кеп эле,
Абийир берсе атаңдан калган Акшумкар
Астыңдан чыгар деди эле.
Акшумкардын өзү экен,
Канетпесе өзүмдү,
Жаныбар, күйүп жүргөн кези экен.
Акшумкарды көргөндө,
Атасы Манас бүгүн күн
Тирилип жанга келгенсип,
Тилегин кудай бергенсип,
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум атам деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум атам деп ыйлап,
Көзүнүн жашы он талаа,
Же мурундун суусун тарта албайт,
Бала, көзүнүн жашын арта албайт.
Асманда жүрүп баркылдап,
Ал баланын үстүнө
Айланып калат жаркылдап,
Жакын бала барганда,
Жаныбарым Акшумкар
Шыдыр учат жаркылдап.
Акшумкарга кезигип,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып.
Манастан калган жетимдин
Чымындай жаны кубанып.
Жоголгону табылып,
Абийири мындан жабылып.
Кайгынын баарын жойду эми,
Капаны жетим койду эми.
Кагылсам болот алдага,
Кайыбынан жолугуп,
Боз борук түшүп келди эми.
Семетей, боз борук союп, жай кылып,
Ырым кылды Акшумкар,
Анын буту колун май кылып.
Өлмөйүнчө көзү ачык,
Ары чети сөзү ачык.
Ары сынчы, ары шер,
Акшумкардын баласын
Сынап турган ошол жер,
Манастан калган чолпон эр:
Туурасынан караса,
Акшумкардын баласы

Турумтай сыны көрүнөт,
Туура кыраан экен деп,
Манастан калган жетимдин
Көңүлү мындан бөлүнөт.
Жан-жанынан караса,
Жагалмай сыны көрүнөт,
Кыр-кырынан караса,
Ай, Акшумкар жаныбар
Кызыктыгы мынчалык
Кыргыйдын сыны көрүнөт.
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез,
Көзү кара, көкшал бут,
Көрүнсө жемден артпаган,
Көргөндөн кайра тартпаган,
Табактай жемден артпаган,
Талпынса кайра тартпаган.
Канатын жыйып шукшурбас,
Айланайын жаныбар,
Же казды көлдөн учурбас.
Куйругун жыйып шукшурбас,
Аман жүрүп чоңойсо,
Жаныбарым, кууну көлдөн учурбас.
Атам Манас көкжалдан калган куш экен,
Энекем долу Каныкей
Айткан иши ушу экен.
Жетимдин көңүлү толуп шанданып,
Жана жүрдү жетим кул
Андан ары Таласты көздөй камданып.
Жол тарткан жетим ээликти,
Акканы кыйын артык суу
Кең Таласка кезикти.
Таластын суусу ташыптыр,
Таш башынан ашыптыр.
Үрбүстүн суусу кириптир,
Үстүнөн үйөр жүрүптүр.
Түбүнөн ташы калдырап,
Үстүнөн көбүк жалбырап,
Аңтарылып сөгүлүп,
Төө өркөчтөп төгүлүп,
Төмөн жагын карасаң
Төрт дайрадай көрүнүп.
Карагай кулап, сал агып,
Кайың менен тал агып,
Жардын боору туурулуп,
Жаш балаты, карагай
Түбү менен жулунуп,
Жарга барып урунуп.
Байкап турган бенденин
Аманат жаны куурулуп.

Жомогун айтып турганда,
Жосундуу, энекем айткан кеп эле.
Кирген сууга кезиксең,
Кейип кечүү издебей,
Туура киргин деди эле.
Туура кирер себебим,
Агын суу эмес атакем,
Ажалдан кайра тартпаган.
Кирген суу эмес мен атам,
Кишиден кайра кайтпаган,
Ажалдан кылча тартпаган.
Атасын тарткан эр Семең
Агып жаткан ал сууга
Чу деп кирди эр немең.
Актулпарды чуратып,
Жардын башын уратып,
Жайнаган сууга кирди эле.
Колдогону кырк чилтен
Колтуктан жөлөп алыптыр.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Кан Манастын пирлери
Кошо колдоп калыптыр.
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынып,
Катар колдоп алыптыр.
Энесинин кеби бар,
Кудай берер чагында,
Манас кандын кырк чоро,
Суудан колдоп алат деп,
Айтып кеткен чени бар.
Оң жагына караса,
Айсарала ат минген,
Кыл куйругун бек түйгөн,
Кызыл жүздүү, нур чырай,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Кезиккенди жегидей,
Сары жаргак шым кийген,
Түпөгү жок найза алган,
Жанына жалаң кылыч байланган,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Алтын кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган,
Күмүш кемер курчанган,
Күлүмсүрөп сумсайган,
Күндөй бетин нур чалган,
Какандан өлгөн Алмам шер

Манастан калган жетимди
Ай, бала, мындай тарткын деп,
Коштогон жери ошол жер.
Сол жак жагын караса,
Көк ырапыс тон кийген,
Көк ала сындуу ат минген,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Алышып арстандын тиши өтпөгөн,
Чабышып кишинин алы жетпеген,
Астыга салса ак жолтой,
Атыша чыкса сан колдой,
Кызыл желек, туу алган,
Кыйкырык атыш жоо чыкса,
Кашкайып күлүп кубанган.
Чоң калайман Бээжинде,
Чоң Казаттын өзүндө,
Кечээ, ажалдуу аскер өлгөндө
Айза кармап топ бузган,
Мылтык тийип окко учкан,
Каарланып оңолгон,
А да кайып болуп жоголгон,
Балтай кандын баласы
Суу ичинде кыйкырып,
Чубакем колдоп калыптыр.
Ичке сууну төтөлөп,
Асты жагын караса
Бир тууганы Сыргак жан
Коштогон экен жетелеп.
Орто бойлуу, кең далы,
Жыйырма бирде убагы.
Алтымыштын артыгы,
Кырк чоронун кыйыны,
Теке жоомарт ат минип,
Темирдей көпкөк тон кийип,
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Жеткилең белин курчанган,
Жети түмөн жоо келсе,
Желбегей кирип кол салган,
Артыкча белин курчанган,
Алты сан кытай жоо чыкса,
Аралап келип кол салган, .
Кара болот кыргагы,
Кабылан кан Манастын Сыргагы.
Иним бери бастыр деп,
Суу ичинде тар жолдо
Коштоп калган убагы.
Анын бер жак жагында,
Батасы журтту байыткан,
Байкаса жанды жарыткан,

Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойногон,
Капыяда сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Султан Манас баатырды
Ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эл уулу менен тең кылган,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Паанайлуу Бакай кайран эр,
Кабылан Бакай кайран шер.
Көк тулпар өңдүү ат менен
Уулум коркпой кечкин деп,
Мурадыңа жеткин деп,
Келериң эчак билдик деп,
Балам, сени кечүүдөн күйүп жүрдүк деп,
Агын суу эмес кулунум,
Ажалдан кайра тартпа деп,
Атышкан жоого киргенде
Манас деп ураан салып жүр,
Балам, өлүмдөн кайра кайтпа деп,
Айдап алган кези экен.
Анын артын караса,
Карткүрөң өңдүү ат минген,
Ок өтпөс тандап тон кийген,
Жетимиш бурку тил билген.
Адамзаттын күндөшү
Таалайлуу Манас эр шердин
Бу дүйнөлүк тилмечи.
Кара чокко айдаса,
Калмак тилин билчүүсү,
Кызыл чокко айдаса,
Кытай тилин билчүүсү,
Солоон, шибээ эки уруу,
Анын тилин билчүүсү,
Капталынан Ажыбай
Жетим кул, коркпой кечкин деп
Аман болсоң, кулунум,
Мурадыңа жеткин деп,
Карткүрөң менен булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп
Жана айдап алыптыр.
Таң билбейбиз чын болсо,
Кадимкидей көрүнүп,
Баатырлар колдоп калыптыр.
Аккула тулпар ат минип,
Ак ырапыс тон кийип,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Астын сала бергенде

Ажыдаардын түрү бар,
Аркасына карасаң
Алты миң гана эрдин сүрү бар,
Атасы көкжал арстан:
Атышка кирип барганда
Каарланып бакыргын,
Кысталыш жоого келгенде,
Сен балам Манастап ураан чакыргын.
Арбагым азыр бар болсо,
Балам ар жерде колдоп аламын,
Балам ар качан көзүм саламын!
Ошондо колдогонун көргөн соң,
Баланын гана көөнү бөлүнүп.
Арстан шердин арбактар
Кадимки тирүүсүндөй көрүнүп.
Суудан чыгып жетим кул
Бир кудайга жалынып,
Бир кудайга ат айтып,
Атасынын арбакка
Ак боз бээни бат айтып.
Будур-будур белди ашып,
Эчен жалкак төр басып,
Семетей гана жетим ээликти,
Атасы өткөн кең Шорго,
Ал жетимиң кезикти.
Андан ары жол жүрүп.
Төмөнкү түгөнгөн тоонун урчукта,
Дүмпүйүп жаткан тумшукта,
Кең Ак-Чийдин четинде,
Кара жолдун үстүндө,
Зоңкоюп күмбөз көрүнүп.
Ал күмбөздү көргөндө
Манас кандын жетими
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көкжал атасы карап тургансып
Көзү кетип алактап,
Мууну бошоп шалактап,
Кең күмбөздү бет алып,
Күмбөздү көрүп аңгырап,
Өкүрдү бала куу жетим
Атакелеп заңгырап.
Алтын жаак айбалта
Ач бөйрөккө таянып:
Ойронум атам өлдүңбү?
Он экиге чыкканда
Атаке, саа оолжуп ыйлап келдимби!?
Ак марал айдап уй кылган
Алышкан жерди буй кылган,
Арстаным атам өлдүңбү!?

Алыска тентип чоңойгон
Ары жок эле жетим келдимби!?
Эки суунун куюлуш,
Дайрасындай кан атам,
Эки тоонун урунуш,
Чоң зоосундай кан атам!
Күмбөзүң сарай коргончо,
Жалгызың келди өкүрүп,
Күйгүлтүк атам ойгончу!
Кең Букардын шаарына
Качып кетип чоңойгон
Мендей шордуу бар бекен?
Ишимди кудай ондочу,
Өткөн бир атам колдочу!
Таңга жуук сары жылдыздай,
Атама, болжош бир болуп барбадым,
Канкор атамдан таалым үйрөнүп,
Мен жетим, жолдош болуп калбадым.
Кан ата, жетиге чыксам өлбөдүң,
Кан атам эле жүзүн көрбөдүм.
Чөптүн башын силкинткен
Желдей байкуш бар бекен?!
Атанын жүзүн көрбөгөн
Дүйнөдө, мендей бар бекен?
Кабылан атам өлбөй кал,
Жалгызың жетим калбай кал!
Атам Манас бар болуп,
Актулпар оозун бурбадым,
Чунак жан, капырга найза сунбадым,
Анан атам өлбөдүң,
Мен ар жоругуң көрбөдүм.
Атам Манас бар болуп,
Чарана топу кийбедим,
Чалкалап жоого тийбедим.
Атамдын атышкан жери зор Бээжин
Талкалап айдап жүрбөдүм.
Шер атамды көрсөмчү,
Андан кийин өлсөмчү!
Арманын айтып бакырып,
Манастан калган жетим кул
Атакелеп чакырып.
Ысмайылдын сыр найза
Атасынын күмбөздүн
Босогого урду эле,
Сыр найзаны таянып,
Атакелеп турду эле.
Ээй, бала минтип турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап.
Көңүл эчен бөлүнүп,

Күмбөздүн ичи дүңгүрөп,
Эчен белги көрүнүп.
Күмбөз ичи күүлөнөт,
Күмбөздүн ичи, ээй, жарыктык
Күңгүрөнүп, ээй, сүйлөнөт.
Күмбөздөгү сүрөттү
Көрүп турду Семетей,
Куу көңүлдү эченге
Бөлүп турду Семетей.
Сол жагына караса,
Боконо сөөгү болкулдайт,
Эт жүрөгү солкулдайт.
Алгара минип жулкунтуп,
Алтындан чылбыр булкунтуп.
Чоң өтүгүн чойкойтуп,
Короздой мойнун койкойтуп.
Жана көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй шуру таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Алтын айлуу сыр канжа
Алачыктай чоң калча.
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнсө жанды соргудай.
Кабагы көлдүн буткулдай,
Катылганды жуткудай.
Каш кабактын ортосу
Бай жайлаган төргө окшоп,
Эки көздүн кычыгы
Ачып салган көргө окшоп.
Типтик копкон муруту
Майлаган балта сабы окшоп,
Саландаган муруну
Селебенин* кабы окшоп,
Кебез белбоо, кен өтүк,
Кечилдин каны Конурбай,
Өзү келберсиген доңуз ай.
Айзакерден ыктуу кул,
Өзү, жоонун айласын билген мыктуу кул,
Кысталактын кара аты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты,
Каарына тийгенде,
Канча жердин баарысын
Мунун, талкандай чалган адаты.
Телегейи тең экен,
Өзү, кытайдан туулган эр экен,
Кыямат кеткен, ээй, атамды,
Алдап жүрүп, ээй, бу калча
Мерт кылары, ээй, эп экен.
Адамдан артык ал калча,

Жумуру баштуу бендеге
Жаратылган эме экен,
Кытайга кызыл короо чеп экен,
Өзү калча, бою зор,
Болкоюңку эр экен.
Алоокенин Коңурбай,
Шордуу энем, аны тарткан сүрөткө.
Анын ар жак жагында,
Шуру отогот, маржан таш*,
Лунтуңунан* бир миң кан,
Коңурбайга аралаш.
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн бир бөлүп,
Аны тарткан сүрөткө.
Таш сайынган кытайдын,
Тазаларын бир бөлүп,
Дагы тарткан сүрөткө.
Найзачанын алкынтып,
А кытайдын жөө күлүгүн булкунтуп,
Туурасынан, ит жээрдин
канын жулкунтуп,
Энекем, баарын тарткан еүрөткө,
Темир аркан торчонун,
Тегиз канжар колчонун,
Атка оюнчу күлүгүн,
Калың кытай бүлүгүн,
Кагышын тарткан сүрөткө.
Калайман болгон чоң бүлүк,
Согушун тарткан сүрөткө.
Манжунун каны Нескара,
Чоң кара тон кийгени,
Чоңкүрөңдү мингени,
Калаймандуу урушта
Туу көтөрүп жүргөнү.
Ошо колдун көтүнөн,
Алышканды койбогон,
Бир чочконун этине,
Бир жегенде тойбогон.
Ат оюнчу жөө күлүк,
Кытай бузуларда чыгычуу,
Казыналык чоң балбан,
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп,
Маңдайы бөлөк Маңкүш алп,
Карагер минген Казан алп,
Жана сайышка мыктуу Сазан алп.
Чоң ылама калмагы,
Чоң Жолойдой балбаны.
Кызыл камчы Шыпшайдар,
Шибээнин каны Бөрүкөз,

Тыргооттун каны Канышай,
Солоңдун каны Музкиндик,
Ит жээрдин каны Ороккыр,
Ороккыр уулу Тикен алп,
Каражой уулу Кожожаш,
Ушулар менен кармашкан,
Калың майдан чон казат,
Кара канга баттырып,
Канды тарткан сүрөткө.
Калың казат көп кыргын,
Дагы тарткан сүрөткө.
Капыр менен мусулман,
Кагышын тарткан сүрөткө.
Калың канга боёлуп,
Чабышын тарткан сүрөткө.
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Азуулары, ээй, аркайып,
Ат өлүгү, ээй, тоо түшүп,
Муруттарын, ээй, сербейтип,
Эр өлүгү, ээй, боо түшүп,
Топурак учуп, тоз күйүп,
Чанды тарткан еүрөткө.
Өлүп жаткан, ээй, кыйшайып,
Жанды тарткан, ээй, сүрөткө.
Айбалталап чабышып,
Найза менен, ээй, кагышып.
Тулпар оозун бурушуп,
Ыңгайына келгенде
Кылыч менен урушуп,
Жакалашып, ээй, тартышып,
Алыс болсо бир-бирин,
Мылтык менен атышып,
Кайрылышпай, ээй, карашып,
Кабыла келсе бир-бирин
Найза менен мадашып,
Жекеге чыга сайышып,
Болоттун учу майышып.
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Дагы тарткан сүрөткө.
Агып кеткен, ээй, кол арык,
Канды тарткан, аа, сүрөткө.
Найзаларын, ээй, түшүрүп,
Качып жүргөн энтеңдеп,
Жанды тарткан сүрөткө.
Эчен күлүк тулпардын,
Ээри түшүп бооруна,
Мойноп жүргөн мындан көп.
Эсил кайран жан боорум

Бу казаттан өлдү деп,
Боздоп жүргөн мындан көп.
Куюшканы, ээй, үзүлүп,
Ээри кетип мойнуна,
Шашып жүргөн мындан көп.
Найзаларын түшүрүп,
Эми найзачан келсе жеди деп,
Качып жүргөн мындан көп.
Кара көкжал кабылан,
Аккула өңдүү ат минген,
Аколпок сындуу тон кийген,
Окту кенен арттырган,
Ок жаңылып кетет деп,
Опсуз күлүк Аккула,
Абай менен жаптырган.
Алыска жүрсө болбойт деп,
Төрт туяктын баарына,
Алтындан така кактырган.
Орто бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Атакем султан Манас эр.
Колдогону бир тогуз,
Колтугунан жабылып,
Кол бергени бир тогуз,
Жан-жанынан жабылып,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып.
Чолок көк жал арстан,
Атакемдин, ээй, пирлери,
Туш-тушунан камынып.
Атамдын Бозкисе белде жаркылдап,
Атышка салчу Аккелте,
Атамдын ай далыда балкылдап.
Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кыңай мыктуусу,
Манас кан алган Зулпукор,
Билегинде жаркылдап.
Достусу Бөлөкбай кылган Сырнайза,
Оң такымда көрүнүп,
Көк темирден туулга,
Көмкөрө башка кийгизип,
Кайнаган кытай, манжуну
Какайлатып сүргүзүп.
Кабылан, канкор кайран шер,
Атамды тарткан сүрөткө. ^
Анын бер жак жагында,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк тулпар өңдүү ат минген.
Көк ала калкан ойногон,
Капилетте сөз тапкан,

Караңгы түндө көз тапкан.
Найза алгандын ыктуусу,
Кара киши мыктуусу
Абам Бакай артык шер,
Кытайдын четки колун айдатып,
Атакемдин, айчыгы алтын кызыл туу
Кан Бакайга карматып,
Бакайды тарткан сүрөткө.
Келсе жетим көрсүн деп,
Ушулардын кызматы
Унутулбай жүрсүн деп,
Дааналап тарткан сүрөткө.
Анын бер жак жагына,
Аттары тулпар ала баш,
Манас кандын кырк жайсаң,
Кайран энем Каныкей,
Баарын гана тарткан аралаш.
Ошондо бала Семетей
А дүйнө кеткен шерлерге
Куран окуп эрлерге
Тиктеп чыдап тура албай,
Тирүүсүндөй дем кылып,
Бала, көзүнүн жашын көл кылып,
Андан ары барды эле.
Беш-Таштын башы Бек-Жайлоо,
Айта турган кеби бар,
Каныкей Букар качканда
Төө кайтарып кан Бакай
Азапты жаман тарткан кез,
Он эки жылы урушуп,
Абыкенин алтымыш эрин аткан кез.
Бакайдын кайтарып жүргөн төөсү,
Ошондо жети жүзгө толуптур,
Ошо жылы барганда жети жүз төө болуптур.
Жаңырыктын жар кыя,
Жалгыз малдын чубама,
Жетим анык, ээй, келерин,
Жети жүз төө, ээй, билиптир,
Жаңырыкты, ээй, басыптыр.
Төөнүн баары ээй, буркурап,
Айтайын десе, ээй, тили жок,
Баары бирдей, ээй, чуркурап.
Асый тайлак, аа, тайтайлак,
Баары чуркап, аа, тайтаңдап.
Чуудалары, ээй, бөлүнүп,
Көз жаштары, ээй, төгүлүп,
Тегеректеп, ээй, буркурап,
Шорго үйүлгөн, ээй, эмедей,
Жетимди, тегиз жыттап, ээй, чуркурап.
Төөлөр минтип, ээй, турганда,

Төрөнүн, көөнү ээй, бөлүнүп,
Төрөм атам Манас, ээй, өлбө деп,
Жетимдин, көзүнүн жашы, ээй, төгүлүп.
Капырай айбаны минтип, ээй, турганда,
Адам, менин жаным кайдан, ээй, аялуу.
Семетей төө менен кошо буркурап,
Төрөнүн уулу, ээй, чунагың,
Ошондо боздоп турду, ээй, чыркырап.
Ошондо, төө энеси Боз каймал,
Балага кошо келди, ээй, буркурап,
Төө атасы, ээй, Боз буура,
Ошондо, кошо чыкты, ээй, чыркырап.
Ал экөөнүн, ээй, артынан,
Манастын, жалпак өркөч, ээй, кара нар,
Ошол Манастан гана калган Желмаян
Алдыңкы эрди, ээй, шалпылдак,
Ошонун көткү өркөчү, ээй, далпылдап,
Башында алтын, ээй, нокто бар,
Асыйын санап, ээй, келгенде
Жашына анык толуптур,
Жаныбарды, ээй, байкасаң
Токсон беш асый, ээй, болуптур.
Атасы Манастан калган Желмаян,
Кечээ, кайран Манас өлгөндө
Куруп калган Желмаян,
Аса күтүп, ээй, от жебей,
Армандуу болуп, ээй, суу ичпей,
Төө ичинде, ээй, көбүрөөк
Жүрүп жүргөн, ээй, кези экен.
Жетимим качан келет деп,
Айтайын десе тили жок
Жаныбар, күйүп жүргөн кези экен.
Семетейди, ээй, көргөндө
Төөдөн башка Желмаян
Буркурап боздоп, ээй, келгенде
Аз чуудасы, ээй, бөлүнүп,
Көздөн жашы, ээй, төгүлүп,
Башында алтын, ээй, окто бар,
Капырай жарк-журк этип көрүнүп.
Адамча ыйлайт, ээй, жаныбар,
Ошондо көздүн жашы, ээй, төгүлүп.
Атаман калган, ээй, мура деп,
Аны көрүп, ээй, Семетей
Көңүлү жаман, ээй, бөлүнүп.
Колтугуна, ээй, баш тыгып,
Ыктап турду, ээй, Желмаян.
Куркуратып, ээй, жетимди,
Жыттап турат, ээй, Желмаян.
Эми көргүн, ээй, кызыкты,
Баланы тегеренип алды эле,

Кутпага карай, ээй, Желмаян,
Мойнун буруп, ээй, калды эле.
Ээр белдей, ээй, белести,
Ашып жүрдү, ээй, Желмаян.
Семетейге, ээй, жеткирбей,
Басып берди, ээй, Желмаян.
Манас кандын күмбөзгө,
Качып берди, ээй, Желмаян.
Ак күмбөзгө, ээй, келгенде,
Боздоп-боздоп, ээй, алды эле.
Бир жолу эмес, ээй, жаныбар,
Үч жол боздоп, ээй, салды эле.
Кан атандын коргончо,
Бир бөйрөгүн, ээй, жазданып,
Кутба жагын, ээй, баштанып,
Көздүн жашын, ээй, иргилтип,
Төгүп берди Желмаян.
Эми кыбыланы, ээй, баштанып,
Чөгүп берди, ээй, Желмаян.
Башында алтын нокто бар,
Катып алды, ээй, Желмаян.
Жерден башын көтөрбөйт,
Жатып алды, ээй, Желмаян.
Алда таала, ээй, жанымды
Алса деп турат, ээй, Желмаян,
Айкөлгө атап өзүмдү
Чалса деп турат, ээй, Желмаян.
Таттуу этимди бышырып,
Тойсо деп турат, ээй, Желмаян,
Куран окуп Манаска
Өзүмдү сойсо деп турат Желмаян.
Камчыласа түк турбай,
Каранды салды Желмаян.
Кайрат кылса түк коппой,
Балааны салды, ээй, Желмаян.
Желмаяндан, ээй, түнүлүп,
Жетимин аттан түштү жүгүрүп.
Адаша моюн шамшарды
Ала коюп Семетей
Жаның алда таалага,
Сообун атам Манаска
Деп бир айтып эр Семен,
Жедмаянды аныктап,
Эми чалды эр немең.
Жедмаянды чалды эми,
Башын кескп алды эми.
Башында алтын нокто бар,
Энекемдин кеби эле,
Кан атам, Манастан калган деди эле.
Бул ноктосун алайын,

Канжыгага мыктап чалайын,
Берен энем долуга
Белекке ала барайын.
Ноктону жулуп алган соң,
Канжыгага чалган соң,
Айып болду Желмаян,
Башынан нокто кеткен соң
Кайып болду Желмаян.
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт,
Жерге тамган каны жок,
Желмаяны дагы жок.
Качып кеткен түрү жок,
Басып кеткен изи жок.
Муразына моминтип,
Жетип калды Желмаян.
Көздөн кайым бир болуп,
Кетип калды Желмаян.
Жуманын кадыр күнүндө,
Бейшембинин түнүндө,
Эки өркөчтүн түбүнө
Жылаңач бала минет дейт,
Жалпак өркөч кара нар,
Бүгүн да тирүү жүрөт дейт,
Кан Манастын күмбөзгө
Жумасында келет дейт.
Желмаянды чалган соң,
Энесинин аманат кылган ноктосун
Арнап бала алган сон
Ары карай бастырса,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз малдын чубама.
Өкүрүгү таш жарган,
Бакырыгы баш жарган,
Астында аты арыган,
Өзү жаман карыган,
Мунун айтып мунканган,
Аягында кар болгон,
Төө кайтарып түзөнгө
Бир келүүгө зар болгон,
Куудай сакал кубарткан,
Кузгундай көзүн кызарткан,
Мууну калган былкылдап,
Көзү калган ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп,
Дөбөгө чыгып озондоп,
Токтоп чыкты бир адам.
Төөнүн баарын ээсиз деп,
Боктоп чыкты бир адам.
Мунун, жарымы кайда кеткен деп,

Ошондо, жоктоп чыкты бир адам.
Боз буурасы кайда деп,
Карап чыкты бир адам.
Төөнүн баарын токмоктоп,
Сабап эле чыкты бир адам.
Дөбө-дөбө-дөбөчө,
Дөбөчөгө токтоду,
Жанагы, астындагы ээсиз мал,
Ээсиз малды жоктоду.
Тоюң менен топот түш,
Тоюна кайдан кайрылдым.
Той жебейин, ок жейин
Төөлөрүмдөн айрылдым.
Ашың менен апат түш,
Ашына кайдан кайрылдым.
Аш жебейин, таш жейин,
Манастан калган мал эле,
Желмаяндан айрылдым.
Мунун, Боз буурасы ошо жок,
Куу ингени кошо жок,
Желмаяны дагы жок,
Желмаяндан айрылган
Куу сакал Бакай багы жок.
Кашайгырдын куу көзү,
Чукулгандай болдуңбу?
Өрттөнгүрдүн сакалы,
Бүгүн, кыркылгандай
Капырай, эртең жетим
Желмаян кана дегенде,
Кай азапты тартамын,
Кыркылгырдын сакалы,
Кандай деп жооп айтамын?!
Көк чолок оозун бурду эле,
Ошондо, Желмаян жоктоп турду эле.
Актулпар минген Семетей
Ал Бакайды көргөндө,
Эми сынамак болду кайран эр.
Менин энем, Канымкей айткан кеп эле,
Менин атам Манастан болдуңбу? келгенде,
Бакай баатырыраак деди эле.
Бөлөкчө кептен салайын,
Мунун ичинде сырын алайын.
Бул атамдан артык шер болсо,
Муну маана кылып алайын.
Бул маанисиз чал болсо,
Көп кейитпей кедейди
Эми курмандыкка чалайын.
Же өз сырымды жашырып,
Ушу турган Бакайга
Мен бөлөксүнүп барайын.

Муну айтып Семетей
Желип чыкты алдынан.
Бармак болду Бакайдын
Байкап турган жанынан.
Актулпар оозун бурду эми,
Ошондо салам айтып турду эми.
Жетик эрен куу жетим
Эми, жетип эле салам кылды эми.
Салоодон салоом алайким, жезде,
Анда Бакай муну айтат,
Алейки салоом мелейким, балам,
Ураның ким, дайның ким?
Уругуң ким, айлың ким?
Кай уруктан болосуң?
Тукумуң ким, дайның ким?
Балам, туура чыккан айлың ким?
Балам, киндигиң кескен жериң ким?
Балам, өнүп өскөн элиң ким?
Анда бала муну айтат,
Бошоң тартпай чың айтат:
Ээй, жезде, кудайдын сүйгөн кулумун,
Төмөнкү, Жаналы, Карач уулумун.
Муну көргөн бенде эр деген,
Төмөнкү, Чамбыл-Белди жердеген.
Жеримди сурап нетесиз,
Жезде, бизди жерсиз адам дейсизби?
Менин, элимди сурап нетесиз,
Мени, элсиз адам дейсизби?
Жезде, сенин бузук салган ченің бар,
Менин, айта турган кебим бар.
Сенин, айкөлүң Манас барында,
Менин, айлымды чапкан ченің бар,
Мен, ошон үчүн кан жезде
Сизге, бир сала турган кегим бар.
Кечээ, айкөлүң Манас барында,
Чамбыл-Белде менин Жанаалы, Карач атама
Кызылдай кыргын салыпсың,
Кыйратып сабап атамды
Менин, эжем Көрпаян тартып алыпсың.
Олжого минтип тунупсуң,
Сен олжо катын кылыпсың.
Сен буланы булап алыпсың
Бузукту минтип салыпсың,
Мен Карачтан туулуп,
Жезде, эрешен тартып эр болдум,
Эми эсиңе ал жездеке,
Мен, эр уулу менен тең болдум!
Менин айткан сөзүмө
Көнөсүңбү жездеке,
Астыңдагы Көкчолок,

Азыр маа тартууга
Бересиңби жездеке?
Эрдигиң бизге жетиптир,
Эжемди тартып алганда
Сенин, азабың өтүп кетиптир.
Же тоодой болгон кыз алып,
Тору ала жорго тай бербей,
Толук жилик эт бербей,
Сенин томсортконуң бир кордук.
Айкөл Манас барында,
Сен, айлымды кырып кетипсиң,
Сенин, бул кылыгың бир зордук.
Азырынча айтканга
Көнөсүңбү жездеке?
Азыр келдим Көкчолок
Айыбына сен өзүң, бересиңби жездеке?
Туура кептен кылды эми,
Бакайдын душманы болуп турду эми.
Кабылан Бакай канкор шер
Бакырып кепти кылды эми:
Көнөйүн, балам, көнөйүн,
Көкчолок сенден садага,
Көбү кеткен эжеңди
Муну кошо берейин!
Балам, ал айтканың дагы чын,
Сенин, айтканыңдын баары чын.
Кечээ, жетигим Манас аман кез,
Жердин жүзүн чалгамын,
Ошол Чамбыл-Бел жериңе,
Көр уулу, Султан элиңе,
Менин ушул колум чабышып,
Ушул оозум айтышып,
Бу бир жолу эмес атаңды
Алты жол чаап алгамын.
Койдой жинин каккамын,
Сенин атаңды минтип чапкамын.
Сенин эжең Көрпаян
Мен ат көтүнө салгамын,
Мен, мал бербей тартып алгамын.
Көнөйүн, балам, көнөйүн,
Астымдагы Көкчолок
Сүйүнчүгө берейин.
Көнөйүн, балам, көнөйүн,
Көбү кеткен эжеңдин,
Балам калыңына берейин.
Көкчолок сенден садага,
Балам, болотумду мокоттум,
Бүгүн, Желмаянды жоготтум.
Канатымдан кайрылдым,
Бүгүн, Желмаяндан айрылдым.

Же жер менен баскан изи жок,
Же тийип кеткен киши жок.
Белгилүү мыкты жан эле,
Береним, Манастан калган мал эле.
Балам, Желмаянды көрдүңбү?
Желмаянды билдиңби?
Балам, Желмаяндын белгиси,
Жалпак өркөч кара нар,
Башында алтын нокто бар.
Алдыңкы эрди шалпылдак,
Көткү өркөчү далпылдак.
Беш жүз түтүн калкым бар,
Балам, дегениңе көнөйүн.
Баш булгабай баарысын,
Желмаянды сен көрсөң,
Балам, сүйүнчүгө берейин.
Астымдагы Көкчолок,
Алган зайбым Көрпаян,
Жалгыз уулум Байтайлак
Балам, муну да кошо берейин.
Адырда жылкым алты сан,
Тулпарым күлүк ала баш,
Аргымак, буудан аралаш,
Муну кошо берейин.
Балам, бүгүн кетирди кудай алымды,
Жоготуп ийдим кулунум,
Бүгүн, Желмаян өңдүү малымды.
Муну айтып Бакай кан
Көкчолок оозун бурду эле,
Көбүрөөк какшап турду эле.
Манастан тууган жетим кул
Эрдигин сынап Бакайдын
Кебин бөлөк бурду эле,
Бөлөкчө болуп турду эле:
Кең-Колго сайган багың жок,
Кесиреттүү жездеке,
Сенин, керилип турар чагың жок,
Сенин, кер-мур айтар табың жок.
Сен, кекээрлеп сөздөн салычу
Керилген Манас каның жок.
Эжеңди талаада катын кылдым деп,
Ат көтүнө салдым деп,
Атаң Жанаалы канды талкалап,
Зордуктап тартып алдым деп,
Сенин бу кордугуң сындабы?
Тартынбай кебиң айтасың
Сенин, улугуң Манас мындабы?
Сенин, кетирейин эбиңди,
Суутайын абышкам капкайдагы желиңди.
Жоготкон жогуң сурайсың,

Желмаян деп турасың,
Чалым, сен кимди шылдың кыласың?!
Деп ошентип Семетей
Айбалтаны колго алып,
Актулпарды бир салып,
Кылыч алып кымпыйып,
Ошондо Бакайды көздөй кол салып,
Ыкыс берип койду эле.
Эми анда Бакай муну айтат:
Төө кайтарып жооруган
Көкчолок өңдүү малым бар,
Көрүнөө кудай кырк урсун,
Сексен кесип салса да
Балам, сендик алым бар!
Бу чаркымды сурасаң
Балам, төө кайтарган ой-боймун,
Төрт жол кудай мени урса,
Балам, сени койбоймун!
Чиркин алдымдагы Көкчолок
Арыганда кезиктиң,
Бу ааламды кырган кан Бакай
Карыганда кезиктиң.
Бу Таластын өзөнү
Жол болгондо кезиктиң.
Мен, жолборсумдан айрылып,
Кор болгондо кезиктиң.
Башымдагы суусар бөрк
Чөп болгондо кезиктиң.
Менин, балакетим башыман
Көп болгондо кезиктиң
Көкчолок алчу кулунум,
Алдыңкы жерге шашпай тур,
Эркек болсоң кысталак
Былкылдабай качпай тур.
Капчыгайдын көк өзөн
Чала жүргөн жол эле,
Сендей болгон баланын
Сегиз миңин талкалап,
Ала жүргөн кол эле.
Манас, Манас үн салып,
Чалды кудай эми урду.
Айкырыкты салды эми,
Көкчолокту бир салып.
Каарланып сумсайып,
Кырга Бакай келди эле,
Кайыңды Бакай көрдү эле.
Бакай кайыңды тартып каңтарып,
Түбү менен кайыңды,
Жулуп алып аңтарып,
Чокмор* кылып алды эле.

Астындагы Көкчолок
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оңдоп-солдоп теминип,
Балам, мыктуу болсоң шашпай тур,
Алдыңкы жерден качпай тур.
Качпай турсаң эренсиң,
Кайраты бар беренсиң.
Кайратыңды көрөйүн,
Башынды сексен бөлөйүн,
Көөкөрлөп каның төгөйүн,
Кабырганды сөгөйүн.
Бакай минтип үн салып,
Чоң чокморду колго алып,
Эми эсебин табарда,
Эми келип чабарда
Бакайдын ысыгына бата албай.
Суугуна жата албай,
Ошондо боконо сөөгү болкулдап,
Манастан калган жетимдин
Эт жүрөгү солкулдап,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Абаң Бакай эр султан
Ала-Тоодой көрүнүп
Же чыдап бала тура албай,
Актулпар менен жылт коюп,
Ордун салып* Семетей
Качып эле чыкты кылт коюп.
Ошондо кысталак деп күүлөнүп,
Семетейди чаба албай,
Бакай, ордуна түштү сүйлөнүп.
Баланын, чымындай алы калбады,
Качып чыгып белеске,
Кайрылып туруп Семетей
Кан Бакайды ошондо
Жездекелеп алдады:
Аргымак элен арыгыс,
Жездеке, арып кеткен экенсиң
Ай-аалам журтка кан элең,
Жездеке, карып эле кеткен экенсиң.
Манас кан өлсө баары өлүп,
Баштыгы Бакай кары өлүп,
Оңбой калган экенсиң,
Тирүү десе санда жок,
Жездеке, болбой эле калган экенсиң.
Тирүү калбай өлүпсүң,
Жездеке, кыямат жүзүң көрүпсүң.
Жездеке, Көкчологуң мен сурап,
Не мураска жетейин,
Же карып калган эжемди
Сизден тартып алганда,

Кайда алып кетейин.
Талаада төө кайтарып,
Жездеке, чогоол болгон экенсиң.
Сиз конок келсе токмоктоп,
Жездеке, орой болгон экенсиз.
Мен Чамбылдан жол жүрдүм,
Ат аябай мол жүрдүм,
Карып болгон кан жездем
Аман үчүн келгемин,
Кан Манасың өлүптүр,
Жезде, салам үчүн келгемин.
Айтылуу Талас жериңиз,
Аман-эсен жатабы,
Жезде, аз гана кыргыз элиңиз?
Бул кабарды укканда
Эми Бакай муну айтат.
Балам, калайык аман, кан аман,
Калың журттун баары аман.
Жылгындуу Кең-Кол жер аман,
Аз гана кыргыз эл аман,
Төө кайтарып күн көргөн
Төрө жездең мен аман.
Балам, атыңдын оозу алчактайт,
Айбандын түркүн минипсиң,
Балам, найзаңдын учу бир кучак
Балам, жыгачтын түркүн илипсиң.
Балам, асыл таштан дечү эле,
Акыл жаштан дечү эле,
Балам, сен Букардан чыктыңбы?
Балам, Букардан кабар уктуңбу?
Алты шаар, Маргалаң,
Аяк жагы Кокон кан,
Кежигеси кең Букар,
Капталында Самаркан,
Катар турган шаар эле,
Кабарчысы бар эле,
Кербен келип турчу эле,
Кеп угулуп жатчу эле,
Букар жактан чыктыңбы?
Балам, Букардан кабар уктуңбу?
Кечээ кабылан Манас өлгөндө,
Калк жыйылып көмгөндө.
Каралуу калып Каныкей,
Жетим калып Семетей,
Абыке, Көбөш алты арам
Айласыз иттер жоо болуп,
Буланы бузуп алганда,
Бузукту мыктап салганда,
Сан алтынын чачканда,
Эри өлгөндө катынга

Төркүнү жакын болот деп,
Атасы Темиркан көздөп качканда.
Кечээ, каралуу кетти Каныкей,
Балтыр бешик чагында,
Букарга качып кетти Семетей.
Манасты санап күйөмүн,
Өлгөндө көргөн Семетей
Өзүндөй чыгар бекен деп,
Баланы күйүп жүрөмүн.
Токтой тургун кулунум,
Эми күн эсебин алайын,
Күндү катка салайын.
Жыл эсебин алайын,
Эми жылды катка салайын.
Ал эле чычкан, ал эле уй,
Ал эле жылкы, а да барс,
Ал эле коён, ал жылан,
Ал эле тоок, ал улуу,
Ал эле мечин, а да кой,
Ал эле доңуз, ал эле ит,
Айкөлдөн калган кулунум,
Өлбөй жүрсө Семетей
Быйыл он экиге толгон кез.
Каныкей айткан кеп эле,
Капаңды коюп, төөңдү бак,
Кабылан аба кан Бакай
Канкордон калган жетимди
Жашы он экиге келгенде,
Ушу турган Таласка
Алып келем деди эле.
Кайрылганда бу башка
Кадыр түн өңдүү түн барбы?
Картайганда бул башка
Семетей келер күн барбы?
Балам, сен Букар жактан чыктыңбы,
Балам, сен Букардан кабар уктуңбу?
Жакшы кабар сен айтсаң
Сенин айтканыңа көнөйүн,
Жетимдин төөсү жети жүз,
Балам сүйүнчүгө берейин.
Деп ошентип Бакай кан,
Семетей сурап турганда,
Анда бала муну ойлойт:
Сынайын бу Бакайдын санаасын,
Угузайын бул Семетей баласын.
Ээй, жезде, Букар жактан чыкканмын,
Чыкмак турмак ичинен
Кайнап кабар уккамын.
Манастын улуу Семетей,
Кечээ качып барып Каныкей,

Манастын уулу жетимдин,
Мойнуна тумар тагылып,
Ысмайыл уулу дедиртип,
Тагасына багылып.
Кыркылып кетип чыбыгы,
Кылынып берип ырымы.
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Каныкей, Букарга кирип көрүптүр,
Башы менен баласын
Ысмайылга бериптир.
Быйыл балаң Семетей
Он эки жашка келиптир.
Букардын каны Темиркан,
Казына оозун ачыптыр,
Сан казына көп алтын,
Калкка зарып кылып чачыптыр.
Сегиз кан журтун жыйнаптыр,
Ат чаптырып той кылып,
Ааламдын калкын чогултуп,
Түбүн билген адамга,
Кан Манастын ашы деп,
Түк билбеген адамга,
Семетейдин тою деп,
Чакчелекей чаң болуп,
Эл кыжылдап жер толуп,
Не бир кыйын эр келип,
Не бир кыйын шер келип,
Ошо Семетейдин тоюна
Мына алтындарын кең сайып,
Малы башын тең сайып,
Жар чакырып турганда,
Ошондо, Кокондон чыкты Төө балбан,
Ошондо, Букардан чыкты Ак балбан.
Кармашканы балбандын,
Тогуз күн болуп алганы,
Букардын Ак балбаны
Алсыз болуп калганы.
Кокондуктун Төө балбан,
Көтөрүп уруп жиберип,
Сан казына сайган мал,
Такыр талап алганы.
Ошондо, көрүп туруп Семетей
Көкжалдын ичи күйүп калганы:
Букарлыкты Кокондук,
Алат деген эмине?
Бул Ак балбанды Төө балбан
Жыгат деген эмине?
Бул, букарлыктын шактары
Сынат деген эмине?

Бул кеткен намыс меники,
Бул келген намыс кимдики?
Туубай гана туна чөгөйүн,
Бул намысым кетирсем,
Мен тирүү жүрбөй өлөйүн.
Деп ушунтип муну айтып,
Алтын тактын үстүнөн
Каарданып бакырды,
Ошондо, Төө балбанды чакырды:
Мен, сайдым Букар шаарымды,
Сен, саясыңбы жаныңды?
Сени жыгып мен алсам,
Калкыма кабар салайын,
Айта-буйта дедирбей,
Башыңды үзүп алайын.
Мени жыгып сен алсаң
Калкыма кабар салайын,
Ушу турган Букарга
Алтын таажым кийгизип,
Алтын такка миңгизип,
Сени, кан көтөрүп алайын.
Деп ошондой деген соң,
Жыгып алып көөп алган,
Жылма келген Төө балбан
Макул-макул-макул деп,
Макул, жакшы баатыр деп,
Каарданып камынып,
Качырып кирди баланы.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Каарданып жүгүрүп,
Жетип келди Төө балбан,
Төө балбандын мыктуусун
Семетей чунак көрдү эми.
Каарланган балбанга,
Семетей билегин тозо берди эми.
Билектен балбан алды эле,
Бардигер күчүн салды эле,
Балбан кармап турганда
Зың-зың этип кенебейт,
Ал балбандын кармашын
Семетей бучкагына теңебейт.
Каарланды Семетей,
Катуу күчтөп калды эле,
Төө балбандын колунан,
Төрөнүн уулу эр жалгыз
Билегин сууруп калды эле.
Эми Төө балбан сунду билегин,
Ошондо көрдүк калайык
Семетейдин дүмөгүн,
Чапа кармай калды эле,

Төө балбандын билегин.
Тартамын деп тарта албай
Тыбыраңдайт Төө балбан,
Жулкамын деп жулка албай
Кыбыраңдайт Төө балбан.
Жана кармап ийди эле
Төө балбан кетти жорголоп,
Ай-хай, кулдук ай-хай деп,
Өзүңө кулдук кылдык деп,
Семетейге корголоп.
Беш колунун башынан,
Берендигин көрдүңбү,
Бээ саамындай кара кан,
Зиркиреп сиет шорголоп.
Жана балбан элең деп,
Кан ичердин тукуму
Жана кармап алды эле.
Баштакыдан беш бетер
Күчөтө кармап салды эле.
Төө балбандай байкуштун
Тиши кетти кычырап,
Төө балбандын бир колу
Чирип калган куурайдай,
Быт-чыт болду бычырап.
Төрт кандын эли чогулуп
Тартуу алып баргыча,
Эптеп-септеп балбандын
Канын сурап калгыча,
Ошондо арачалап алгыча,
Балаңыз, эми эсебин тапты эле,
Жем баштыктай көтөрүп,
Төө балбандай байкушту
Жерге алып чапты эле.
Былкылдатпай балбандын,
Боорунан басты эле.
Дүмөктү жетим баштады,
Төө балбандын бир колун,
Такыр сууруп таштады.
Ошондо Төө балбан байкуш өлдү эле
Семетейдин эрдигин
Сегиз кан байкап көрдү эле.
Сегиз кан байкуш канетет,
Өөдө-төмөн жүгүрдү,
Атасын анык тартты деп,
Сегиз кан жандан түңүлдү.
Ошондо жетим барып жетилди,
Жергеге минтип кошулду.
Эрешен тартып, эр болду, эле,
Балаңыз, эр уулу менен тең болду.
Эр болгону курусун,

Эми жаман болду жумушу.
Шай колдогон шер чыгып,
Он эки мүчө тең чыгып,
Кечээ өткөн Манастын
Өзүнө гана тете эр чыгып,
Сегиз кан тоюн жеди эле,
Аман жүрсө бул бала
Кылымды бузат деди эле.
Кечээ, Төө балбан жыгып алганда,
Бир колун сууруп салганда,
Балага бирөөнүн тили тийгенби,
Бирөөнүн көзү тийгенби,
Балаң кабыргадан кагынып,
Жалгызың, как төбөдөн сезгенип,
Адам таппас дарт тийип,
Чын кесикке кезигип,
Чыныдай боору эзилип,
Оозунан кан келип,
Айлакер адам кабылбай,
Балаңа түк себеби табылбай,
Кыямат жүзүн көрүптүр,
Жалгызың, жети күн болду, өлүптүр.
Күйүп ыйлап чыркырап,
Өз сакалын Темиркан,
Бечера, жулуп эле салды деп уктум.
Жалгызымдан калбайм деп,
Чоң энеси Чыйырды
Токсон беште карыя
Бычакка түшүп жарынып,
Өлүп калды деп уктум.
Өз атасы Ысмайыл
Өз башын өзү талкалап,
Уруп салды деп уктум.
Баягы, күйүттүү катын Канықей
Күйгүлтүк жалгыз өлдү деп,
Эки бетин талкалап,
Жулуп салды деп уктум.
Жезде, ээн калыптыр Таласың,
Моминтип, туяксыз кетти Манасың.
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Бул кабарды укканда
Үндөн кетти кан Бакай.
Эки көзү алайып,
Тилден кетти кан Бакай.
Эт бышымда кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Өзөн-өзөн-өзөнчө, балам,
Өзөнчөгө конуп кал, балам,
Күйөрүңөн айрылып,
Өзүң мендей болуп кал, балам!

Кара оозуңа кан толуп,
Балам, кайрылгысыз күнгө кел,
Кудай демиң суутуп,
Өзүң, ошо Семетей өңдүү түргө кел!
Балам, Куу-Мойнок бойлой конуп кал,
Кудай демиң суутуп,
Күйөрүңдөн айрылып,
Балам, өзүң мендей болуп кал!
Каргап ийип кан Бакай
Карандуу кептен салды эми,
Кара жерди ыйлатып,
Бакай, жалгызын кошуп калды эми.
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Гүл күнүндө күйдүргөн
Бир Семетей чунагым!
Боз ала түйгун болпоңум,
Достум, Манастан калган чолпонум!
Темир чептүү коргонум,
Күйдүрүп кеткен күлботом,
Семетей, кагылайын ойронум!
Манастан калган баргегим,
Менин кагылайын айнегим!
Тулпардан калган туягым,
Тумшугу жок куу жанга
Медер кылган чунагым!
Найзага таккан желегим,
Семетей, айкөлдөн калган белегим
Кокуйдан-кокуй күлботом,
Семетей кайдан, ээй, көрөмүн?!
Өзөн-өзөн-өзөнчө,
Өзөн бойлой кондумбу,
Жалгызымдан айрылып,
Ээ, кудай, өрт өчкөндөй болдумбу?!
Мен төө кайтарам, көп жүрөм,
Төрөмдөн калган жалгызым,
О, кокуй, келер бекен деп жүрөм!
Көз майымды түгөтүп,
Тилек кылам ким үчүн,
Тиктеп төө кайтарып,
Бир Семетей сен үчүн!
Кабарың уктум жаманат,
Караңгүн жалгыз ала жат!
Өлүмгө мойнуң бурдуңбу?
Береки өлө албаган абанды
Өрт өчкөндөй кылдыңбы?!
Же сакалымдын агында,
Кокуй, сапарымдын барында,
Же кысталбай куу жан өлбөдүм,
Кыямат жүзүн көрбөдүм.

Же кызырлуу Бакай өлдү деп,
Сенден мурун мен өлүп,
Өкүрүп жетим келбедиң!
Же колуң менен абаңды,
Сыйнатын кылып көмбөдүң,
Же кокуй, жетим ала жат,
Сени, мен өлбөстөн мурун көрбөдүм!
Же төө кайтарып кайгырдым,
Мен күйөрүмдөн айрылдым!
Канатымдан кайрылып,
Кара кылып отурган
Чын күйгүлтүк күлбото
Семетейден айрылып.
Минтип күйүп отуруп,
Не муразга жетейин,
Манастан калган жетимге
Курман болуп кетейин.
Деп ошентип кан Бакай
Өксөп-өксөп өкүрүп,
Алача моюн ак канжар
Ала койду кынынан.
Өзүн-өзү Бакай шер:
Курмандыкка чалганы,
Жалгызы жетим жолуна
Курман болуп калганы.
Оңтойлоду эр Бакай
Кабыргасын сөккөнү,
Кыймак болду куу жанды
Өз канын өзү төккөнү.
Көкчолок оозун бурарда,
Эт жүрөктүн толтого
Алача моюн ак канжар,
Күп дегизе урарда
Айбалта алып камынып,
Манастан калган жетимиң
Аба, Бакай, кантет деп,
Карыяга жалынып.
Колундагы айбалта,
Ала коюп Семетей
Бакай кандын канжарын,
Кагып туруп калды эми.
Бир каккандан чыгарбай
Ыргыта чаап салды эми,
Көкжал Бакай карыны
Аман алып калды эми.
Тулпар оозун бурбагын,
Аба Бакай, туйгун жанды кыйбагын.
Көбүрөөк боздоп турасың
Сенин, Таласың кандай жер эле?
Сенин, Манасың кандай эр эле?

Бала өлдү деп кайгырып,
Аба Бакай, кудайдын кылган иши эле.
Айкөл Манас арстаның
Аба Бакай, кимге окшош киши эле?
Сөлөкөтүн, сөлбөтүн,
Көрдүң беле, ой аба,
Көкжалыңдын атка минген келбетин?
Муну уккан соң зор Бакай
Кайра тартып калды эми,
Коён туяк колго алып,
Көзүн аарчып алды эми.
Дүңгүрчөктө асмайы
Жакшы чымчып кабылан
Таңдайына салды эми.
Кабагын кармап оңкоюп,
Жетимге көзүн салды эми,
Жетик тиктеп калды эми.
Байкап тиктеп отурса
Мурунуна муруну
Мурдакы өткөн Манаска
Булгап койгон эмедей,
Баш терисин Манастын
Балага кайра кийгизип,
Чулгап койгон эмедей.
Баш териге баш тери
Баптап койгон эмедей.
Манас канды тирилтип,
Ээй, кудай, саптап койгон эмедей.
Көкжалың Манас өзүңдөй,
Өзү эмес кара көзүндөй.
Кылт дей түшүп зор Бакай
Ошондо жетимдигин билди эми,
Курдашы Манас султандын
Уулу экенин билди эми.
Менин, абийирим мындан жабылып,
Жоготкон жогум табылып,
Жобогон жетим келдиби,
Жетимди көзүм көрдүбү?
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен сен кандай?
Аманат жетим келет деп,
Телмирген Бакай мен кандай?
Кечээ, калаалуу Букар шаарына
Качып кеткен сен кандай?
Карааным жетим келет деп,
Өлбөй-житпей талаада
Төө кайтарган мен кандай?
Адырдан аккан булагым,
Айкөл Манастан калган чунагым.
Улуп-уңшуп Бакайдын

Кудайга үнү угулду,
Адис Бакай кабылан
Ат үстүнөн жетимди
Илип жерге жыгылды.
Арандай оозун ачты эми,
Семетейди бооруна басты эми.
Эт бышымга зор Бакай,
Болкулдап алып жатты эми.
Бооруна Бакай басканда,
Ошо кезде Семетей
Ичи-тышы чок болуп,
Күйүп барат балбылдап,
Сырты кайнап от болуп.
Бакай сындуу карыя,
Кое бербей булкулдап,
Бүткөн боюн карасаң
Коргошундай солкулдап.
Кучагын мыктуу жайышып,
Кумары мыктуу канышып.
Ага-ини көрүшүп,
Ошондо аябастан өбүшүп,
Артык Бакай кан ыйлап,
Ал Семетей дагы ыйлап.
Көңүлдү минтип бөлүшүп,
Ой тобо, ата-бала көрүшүп,
Кайран Бакай кабылан,
Кайрадан кайра кучактап,
Көп бөлүнтүп санааны,
Коё бербейт баланы.
Тилегим алдам берди деп,
Тиктеген жетим келди деп,
Менин үзүлгөнүм уланып,
Ушунтип жаным кубанып,
Баабедин* деп бат айтып,
Коросонго* кой айтып,
Алда таала кудайга
Ай туяк* деп бээ айтып,
Айкөл Манас арбагы
Атаган жерден төө айтып,
Жетими келип жетилип,
Бакай жергеге минтип кошулуп,
Уктаса көзү илинбей,
Ошо бала келгенде
Карылыгы билинбей,
Он беш жашка келгенсип,
Күүгө келди зор Бакай.
Жомогу жанды жоботот,
Тилге келди зор Бакай.
Тилегин кудай берген соң,
Кабылан абаң Бакайдын

Тиктегени келген соң,
Күйүттүн баары, ээй, чачылып,
Күптүүнүн баары ачылып,
Жоголгону жыйналып,
Бакайдын жобогон жаны кубанып,
Ошондо Бакай кайран шер,
Он бешке келген кайран эр
Ээрчиткени Семетей,
Бастырып Бакай кеп айтып,
Падышам жетим деп айтып.
Түнөсөң көргүн конокту,
Бакайдан уккун жомокту.
Кечээ Кең-Шордон Манас өткөндө,
О, дүйнөгө кеткенде,
Өзөн бойлой конгондо,
Кулунум, өрт өчкөндөй болгондо.
Менин, кайран балам Каныкей,
Эч бир жанга билгизбей,
Ары-бери чаптырып,
Эч ким билбес акылды
Ойлоп балам таптырып.
Бир кишиге кеп айтпай,
Бир адамга сырлашпай,
Эчкиликтин кара зоо,
Мелмилдеген үлкөн тоо,
Кара зоо бетин каздырып,
Кан атаң Манас канды тапшырып.
Ачык жерге мен көмсөм
Алаткүн ичте бышман* бар,
Айкөл аман барында
Атышып жүргөн душмандар
Камырын* ачып кетет деп,
Кашайтып түпкө жетет деп,
Жобону минтип салат деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Өлгөндөн өчүн алчудай
Даңгыттарга жарат деп,
Чоң өчүн минтип алат деп,
Акыл ойлоп, кеп түйүп,
Амалды ичке бек түйүп,
Энекең казды, биз көмдүк,
Ойрон энең долунун
Олуясын чын көрдүк.
Кулунум балам Семетей,
Ошо жайга баралык.
Зайыппуруш султанга,
Зыярат кылып калалык.
Кабылан Бакай кургуру
Эчен-эчен сөз айтып,
Ээрчиткени Семетей,

Курдашым Манас көкжалга
Куран окуур кезди айтып,
Билбегенди билгизип,
Энеси баскан жол баштап,
Изи менен жүргүзүп,
Эчкиликтин кара зоо,
Мелмилдеген үлкөн тоо,
Камырга жакын калганда
Айкөл Бакай аңгырап,
Манас кан деп заңгырап,
Өксөгөн Бакай, эр султан,
Өкүрүп үндү салды эми.
Ак сакалы суюлуп,
Көзүнөн аккан кандуу жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Абасы Бакай минткен соң,
Айлансам болот кудайга,
Армандуу бала турабы,
Атакелеп бакырып,
Балалыгын көрдүңбү,
Бааша атасы Манасты
Өөдө тур деп чакырып,
Балалык кылат Семетей
Атакелеп бакырып.
Алтын жаак айбалта
Оң бөйрөккө таянып,
Ойронум атам деп ыйлап,
Кара жаак ак камчы
Сол бөйрөккө таянып,
Солтонум атам деп ыйлап.
Карыя Бакай кабылан
Ал кейишин тыйганда,
Көздүн жашын жыйганда.
Ал Манастын камырын
Бакайдан башка жан билбейт,
Камырда ыйлап турушуп,
Кайрылып кайрат кылышып,
Дем алышып, эс жыйнап,
Кутба жагын караса,
Ээр белдей мойнокту
Ашып чыгып келатат,
Төө атасы Боз буура
Ал камырды карата
Качып чыгып келатат.
Камырга жакын келгенде
Ачылчу оозун жазданып,
Кутба жакты баштанып,
Чуудасы тал-тал бөлүнүп,
Чунагы Семетейге көрүнүп,
Чөгүп берди Боз буура.

Жаның алда таалага,
Сообуң атам Манаска,
Деп ошентип Семетей,
Боз бууранын чалды эле.
Ур дегизбей бууранын
Башын кесип алды эле.
Жана Бакай кеп баштайт,
Акырын айтып бек таштап:
Дүмөктү Каныкей балам баштаган,
Жашы он экиге келгенде
Атасына Семетей
Келип куран окуса,
Бир кирерге баласы
Аманат деп таштаган.
Бул үңкүргө кир балам,
Кабылан атаң шериндин
Ар мүчөсүн көр балам.
Ичиңдеги капанын
Бирин койбой чач балам,
Энекең кылган аманат,
Бул үңкүрдү ач балам.
Оозунда ташты аңтаргын,
Бери карай каңтаргын.
Бакай муну айткан соң,
Тарта албай бала былкылдыйт,
Алы кетип кылтылдайт.
Бала минтип турганда,
Ачуусу келди кан Бакай:
Ойноо сендей мас кезде,
Ойноп жүргөн жаш кезде,
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Жер солкулдап бир убак,
Өтүп кетти кайран чак.
Эмдигинин балдары
Чөбөк ичип, чөп чычкан,
Байры бала кезимде
Ойноп оюн салчу элек.
Күчтү сынап калчу элек.
Түптүү чыккан кайыңды
Түбү менен кайран жан,
Жулуп-жулуп алчу элек.
Деп ошентип зор Бакай,
Жолум үйдөй кара таш,
Оозунан жулуп алды эми.
Мен кирерге жолум жок,
Бала жетим киргин деп,
Кан Манастын жатканын:
Карааным жетим, билгин деп,
Баланы жумшап калды эми.
Келип жетим кирди эми,

Зайыппуруш көкжалдын
Койгон жайын көрдү эми.
Көрүп көңүл бөлүнүп,
Атакелеп жетимдин
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Ителгидей кайран көз,
Ирмеген сайын жаш кетип,
Чолпон сындуу кайран көз,
Чогуусунан жаш кетип.
Коңгурап ыйлап Семетей,
Манасты кошуп турду эми:
Айкөл Манас атам шер,
Азып тентип жетимиң,
Сөөгүңдү көрдүм ушу жер.
Сөөгүң жатат жаның жок,
Сүрөтүң турат каңың жок.
Керебетиң коргончо,
Темиркандын шаарына
Тентип кирип күн көргөн,
Жетимиң келди кашыңа,
Теңизим атам ойгончу!
Эки суунун куюлуш
Шар жериндей кан атам!
Эки тоонун урунуш
Чоң белиндей кан атам!
Ай төбөлөп, күн тууган,
Болжош болуп калбадым,
Атакеме курган жан
Жолдош болуп калбадым.
Тирүүңдө байкап көрбөдүм,
Он экиге келгенде
Ойронум атам өлбөдүң.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта жыйбадым,
Төрө атам бүгүн өлдү деп,
Башыңда кызмат кылбадым.
Арман кылам кудайга,
Жатканың борчук коргончо,
Жалгызың келди кашыңа,
Жарыктык атам ойгончу!
Бет имерген шыпылдап,
Желдей байкуш бар бекен?
Жетим калган атадан,
Мендей байкуш бар бекен?
Канзааданын жалгызы
Качып жүргөн жөн барбы,
Карааным келип калды деп,
Кагылайын кан ата
Тириле турган күн барбы?!
Бекзааданын жалгызы

Безип кетер жөн барбы,
Береним уулум келди деп,
Береки жаткан атакем
Тириле турган күн барбы?!
Каракандын шаарына
Кан ата качып кеттим жаманат,
Жаным тутам* бу күнү,
Кабылан атам ала жат!
Темир кандын шаарына
Тентип кеттим жаманат,
Теңизим атам ала жат!
Деп ошентип Семетей,
Үңкүрдөн чыкты бакырып.
Абасы Бакай султанга,
Колун булгап чакырып.
Анда Бакай муну айтат:
Жолуң болсун Семетей,
Ишиңди кудай оңдосун,
Арбагы тирүү шер эле
Атакең Манас колдосун.
Деп ошентип Бакай кан,
Алачыктай кара таш,
Ала коюп колуна,
Демде Бакай бекитти.
Караса көзгө илинбейт,
Кайып болду ал үңкүр,
Кайда экени билинбейт.
Муну мындай таштайлы,
Айкөл Манас эр шердин
Акыреттик Бөлөкбай,
Ошондон кабар баштайлы.
Төкөр уста Бөлөкбай,
Атасы Манас эр менен
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жороолош.
Усталыктан мүлк жасап,
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон ал дагы
Султан көкжал Манаска.
Бөлөкбай Талас келгенде,
Кан көтөрүп төкөрдү,
Кыргыз журтка дөө кылган,
Ар казына, сары алтын,
Муну багып турууга
Казынага ээ кылган.
Манастын казына жыйган үңкүрү,
Бөлөкбай баштап кырк калча
Манастын үңкүрүн баккан мүңкүрү*.
Кечээ, көп дүйнөнү чачканда,
Көтөрүп алып жетимди,

Канықей Букарды көздөп качканда,
Казыналык үңкүрдү,
Талап алып алты арам
Буласын булап алганда,
Бузукту мыктап салганда.
Казынаны алты арам
Олжо кылып чачканда.
Алапайын таба албай,
Кырк калчаны ээрчитип,
Качып, тентип Бөлөкбай
Чоң зоодо күнүн көргөн кез.
Ошо түнү Бөлөкбай
Уйкудан чочуп ойгонуп.
Дүнүйө кирип ичине,
Жалгызы, Семетей кирип түшүнө.
Баабедин деп бакырып,
Калчаларын чакырып:
Айланайын кырк калчам,
Качып тоого тентиген
Карып калчам бери кел,
Казынадан айрылган
Арык калчам бери кел.
Айланайын кырк калча,
Кадыр түндөй түн барбы,
Семетей келер күн барбы?
Кашайгырдын кабагы
Кагып силкип көп тартат,
Бул эмине болучу,
Бул белгимди жоручу?!
Түндө жатып түш көрсөм,
Канкордун уулу Семетей
Жетимим келип калыптыр,
Абыкеге калайман,
Артык жетип салыптыр.
Семетей келип калганбы,
Же кудай берип салганбы?
Кайкычактын кароол таш,
Кагылайын кырк калча,
Басып кароол карайын.
Бакайдан белги мен көрсөм
Бакырып үндү салайын.
Ошону айтып Бөлөкөң
Кароол ташка келиптир.
Кароолдон карап отурса,
Оргуп түтүн бөлүнөт,
Бакай өңдүү бир адам,
Отун алган көрүнөт,
Тилекти кудай берген бейм,
Тиктеген жетим келген бейм.
Каалашты кудай берген бейм,

Карааным жетим келген бейм.
Бөрк кийбей жылаңбаш
Бөксөгө түшүп барбактайт,
Көйнөкчөн чуркап дардактайт.
Көкжал кан Бакай өзү бейм,
Жетими келип шер Бакай
Жээлигип калган кези бейм.
Бадырайган көйнөкчөн,
Мандай жакта көрүнгөн
Бакай кандын өзү бейм.
Баласы келип, тилеги
Кабыл болгон кези бейм.
Кырк калчасын бакырып,
Кел берилеп чакырып.
Жылаңайлак, жылаңбаш
Кырк калча баштап Бөлөкбай,
Бөксө тоосун этектеп,
Келе жатат кырк калча,
Боз борукту жетелеп.
Чоңоюп жетим келгенде
Баабединге соём деп,
Энчилеп койгон мал экен.
Кырк калча келди жабылып,
Бакай канга жалынып.
Кырк калча туруп муну айтат,
Капылетте сөз тапкыч,
Караңгыда көз тапкыч,
Кайран абам эсенби?
Кызырлуу күнүң бөлдүңбү,
Бакай аба, сен жетимиңди көрдүңбү?
Анда Бакай муну айтат:
Ээй, Бөлөкбай, кырк калча!
Тилегиң кудай бериптир,
Манастан калган жалгызың
Баякы жетим келиптир.
Кырк калча, күптүүнүн баары жазылды.
Кырк калча, күйүтүң эми басылды!
Бакайдан муну укканда
Бузуп ийди санааны,
Басып калып жыгылды,
Бөлөкбай Манастан калган баланы.
Бөлөкбай ыйлап турганда,
Караандуу Бакай кан ыйлайт,
Карап турса иш кыйын
Кырк калчанын баары ыйлайт.
Ошондо ыйлап Бөлөкбай
А кудай эми берди деп,
Айнегим жетим келди деп,
Бөлөкбай, Бакай карысы,
Кырк калчанын баарысы

Кол көтөрүп буркурап,
Кудайга айтып боругун,
Оомийин дешип чуркурап.
Мойнуна курун салынып,
Жетимим аман койгун деп,
Бир кудайга жалынып,
Боз борук союп калды эми.
Аш кайнабас казанга
Алып келип эрендер,
Баабедин айткан боруктун
Бардигерин салды эми.
Кабылан Манас канкор шер,
Тирилип бүгүн келгенсип,
Бөлөкбай, Бакай баш болуп,
Кырк калчасЫ дагы бар,
Алп уйкуну салды эми.
Муну мындай таштайлы,
Кабылан Бакай, Семетей,
Мындан кепти баштайлы.

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН БАКАЙДЫН*ЖАКЫП КАНГА ЖОЛУГУШУ

Жетими келип жетилип,
Арстаны жолдон кабылып,
Азаптуу жетим табылып,
Эми жүрмөк болду кан Бакай
Чон атасы, чочко кан көздөй камынып.
Билбегенди билгизчү,
Билимдүү Бакай эр ошол.
Туйбаганды туйгузтан
Туйгундун кара көзү ошол.
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жалгыз малдын чубама.
Кайкысын адам чалбаган,
Каттап киши барбаган,
Жүктөгөнү бил болгон,
Кан Бакай барбай калганы
Он экиче жыл болгон.
Ошо жерди көрдү эми,
Ээй, кагылайын, кулунум,
Ушу жаткан Боз-Мойнок,
Боз-Мойнокту көргөндө,
Көңүлүм кетет көп ойноп.
Талас, Кең-Кол ортосу,
Кадырын калык билген жер,
Ат арытып, жер чалып,
Ээй, балам, ит агытып, куш салып,
Бир кезекте Бакайдын
Оюн салган жери ошол.
Оңкойгон адыр боз тумшук,

Ойронум Манас барында,
Мындай тема оригиналда жок.
Ушул Бакай кан абаң
Кароол карап жер көргөн,
Кайгуулга чыгып жол чалган,
Жан абаң Бакай бели ошол.
Он эки жылга толгуча,
Ит агытып, куш салбай
Кашайган Бакай мен ошол,
Ээн калган жер ошол.
Жетим мындай тура тур,
Тура турган себебиң,
Казып койгон оруң бар,
Кайнатылуу шоруң бар.
Жалгызым сенин башыңа,
Жапалуу мүшкүл сонун бар,
Бул Талас саа жер эмес,
Бөлөгүн айтып нетейин
Чоң атаң, чочко кан саа эл эмес.
Баштаар саа бузукту,
Көргөзөр саа кулунум
Киши кылбас кызыкты.
Жетимим, аман болсо көрөрсүң,
Чалгайы болот сөзүндө,
Чалгырты болот көзүңдө,
Чамасы келсе чалмак болот өзүңдү.
Буйгаты болот сөзүндө,
Бузугу болот көзүндө,
Мурда озунса чочко кан
Соймокчу болот өзүңдү.
Чоң атаң ал чочконун үйүндө
Күпчөккө* салган бозо бар,
Ичинде күйдүргөн уусу кошо бар.
Чапчакка* салган бозо бар,
Чачама уусу кошо бар.
Аюу талпак, зор килем,
Аселде жалгыз отурба,
Түбүнө казып камдаган,
Кырк кулач чуңкур ору бар,
Кабыланың, кан Бакайдын жообу бар.
Билип гана тилим албасаң,
Абакең, бул Бакайдын шору бар.
Азапты айттым билип ал,
Алаткүн жетим тилимди ал.
Чоң атаң чочко канга барайын,
Атасы эле, ээй, атаңдын
Арбак үчүн, ээй, пир үчүн
Мен, амандаша калайын.
Асылдан калган жетимиң
Азыр келип, ээй, калды деп,

Чочко каның, ээй, ак болсо,
Мен сүйүнчүсүн алайын.
Кара гана болсо кан атаң
Мен, калайман мүшкүл салайын.
Мен, кармаша кетип ит менен,
Андан капкайда кегим алайын.
Адал болсо атаңдын
Аяк жагын сынайын,
Арам болсо акмактын
Буласын булап алайын,
Бузукту мыктап салайын.
Ордосуна кирейин,
Арам менен адалын
Чек ара кылып билейин.
Деп ошондо зор Бакай,
Көк тулпарды бир салып,
Жакып кандын ордого
Жана Бакай кашкайып,
Салам айтып тастайып,
Жана кирип барды эми.
Салоодон салоо малейким,
Сандыргалуу кан абам
Сандырга журтуң эсенби?
Он эки жылы чабыштык,
Жакып кан, ойлосоң быйыл табыштык.
Кандуу кийим кийиштик,
Манас өлсө баары өлүп,
Биз кытайдан бетер сүрүштүк.
Кааданы качан билиштик,
Келжиреп ушак көп болуп,
Карыя, кез боло албай жүрүштүк.
Кең-Кол мына, жер мына,
Башымды кесип таштасаң
Баякы Бакай мен мына!
Калаалуу кыргыз эл мына,
Кайран абам, канымды төксөң мен мына!
Деп ошентип, ээй, Бакай кан
Салам айтып кашкайып,
Бакай султан кирди эле.
Бакайды көзү көргөндө
Чоң атасы, ээй, чочко кан,
Моминтип, чогуу эле кудай урду эми.
Салам айтса алик жок,
Тегеренип, ээй, ыкчыйып,
Тескери карап, ээй, мыкчыйып,
Айбалта кармап ыңгырап,
Азыр бузук салчудай
Тескери карап зыңгырап,
Кутургансып, ээй, кыйгачтап,
Чоң атасы ээй, чочко кан,

Бакай канды көргөн жерде чыр баштап:
Бузук салып көндүрүп,
Бул Бакай чочко сенсиңби?
Абыке кандын алтымыш эрин өлтүрүп,
Өлбөсүңдү, ээй, билдиңби?
Бакай кул, өлбөймүн деп жүрдүңбү?
Кемибесиң, ээй, билдиңби?
Бакай сен, кетпеймин деп жүрдүңбү?
Бакай сен, нар өлтүрүп, дооң бар,
Сен, булкор Бакай келдиңби?
Алтымыш эрди, ээй, кайсаган
Сен, кункор Бакай келдиңби?
Бакай кул, Кең-Колго боюн жашырып,
Кесиреттүү, ээй, жесирди
Сен, Кең-Колдон жөө качырып,
Сен, Жоргонун белин ашырып,
Жоболондуу, ээй, канчыкты,
Сен, Таластан жөө качырып,
Бакай кул, жобобосуң билдиңби?
Сен, жоголбойм деп жүрдүңбү?
Бакай, Таласка башың жашырып,
Манастан калган баламды
Сен, Темиркан көздөп качырып,
Сен, кектүү кылып тукумум
Калганыма, ээй, асылып.
Ажалыңдын, ээй, жеткенин,
Билесиңби, ээй, зор Бакай
Сенин, амалың бүгүн кеткенин.
Алда колго бергеиин,
Бакайдын ажалы жетип келгенин.
Барбактаган Бакай кул,
Сенин, казамын азыр орунду,
Бакай кул, кайнатам азыр шоруңду.
Кылайын азыр, ээй, сонунду,
Артыңа эле байлап колуңду,
Көргөзөйүн Бакай кул
Адам гана көргүс сонунду.
Олжолоп чечип, ээй, алайын,
Үстүңдөгү өлгөндө тапкан тонуңду.
Деп ошентип Жакып кан,
Оодарылып, ээй, оңтойлойт.
Орою гана суук кеп айтып,
Жакыпты кудай жана урду,
Жан тутамча көрүнбөй,
Падыша Бакай кайран шер
Ошондо, чочко канга кеп урду:
Сенин көргөнү келдим көзүңдү,
Карасаң, чочко, каалап келдим өзүңдү,
Угуп тургун, азыр айткан сөзүмдү.
Сүргөнү гана келдим чачыңды,

Кескени келдим башыңды
Чийгени келдим сызыкты,
Кылганы келдим башыңа
Киши кылбас бузукту.
Сенин укканы келдим сөзүңдү,
Сенин чукумак болдум чочко
Тетиги уңкуйган эки көзүңдү.
Падышам Манас өлгөндө
Ак болотум кетилген,
Азыр арстаны келип Бакайдың
Ал акбалы жетилген.
Таласка боюм жашырып,
Сенин, ал айтканың дагы чын,
Баана кылган баланы
Таластан жөө качырып,
Кең-Колго боюм жашырып,
Кесири тийип кетет деп,
Ымыркай бала чагында
Ажалы бөөдө жетет деп,
Кылгылыкты кылат деп,
Кыйналганым дагы чын.
Жетимим келди, жетилдим,
Ачуум бир келет абайла,
Өлтүрөм сенин өзүңдү,
Укбаймын өкүм сөзүңдү,
Чукуймун азыр көзүңдү!
Баштаймын саа бузукту,
Кыламын чогуу кызыкты!
Кымбатым жетим келген соң,
Тилекти кудай берген соң,
Өзөндүү булак чоң Талас
Менин, өрдөтө салар малым жок.
Өз тууганым касташып,
Менин, өлүмдөн аяр жаным жок
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жылдырып айдаар малым жок,
Жылма жерден жоо чыкса,
Менин, аянып калар жаным жок|
Кан ичип жүрүп катыгып,
Өзүм кабылан Бакай атыгып,
Баштагыдай оңолдум,
Менин, жетимим келип зор болдум
Бузуктуу кан көрүнсө
Буласын булап аламын,
Кайра айткан жан болсо,
Карап тургун чочко кан
Мен, курмандыкка чаламын!
Менин, карааным келип жетилдим|
Эми капкайда кегим аламын!
Өрдөй бир коном Таласты,

Мура кылам, мурунку өткөн Манасты!
Бүгүн, кубаныч кылам санааны,
Паана кылам башыма
Манастан калган баланы!
Бүгүн, Жакып жетимим келип жетилдим,
Жергеге минтип кошулдум.
Кордуктун баары жоголду,
Бүгүн зарланган Бакай оңолду!
Алмак бир болдум теңдикти,
Кылмак болдум мен сага
Капкайдагы эрдикти!
Көргөзөйүн көзүңө,
Баякы мурункудай шердикти!
Төбөндөн бүгүн басайын,
Төбөндөн тийген чочко кан,
Сенин, төрт түлүгүң чачайын!
Чабайын кашка жолуңду,
Олжого чечип киейин,
Сенин үстүндөгү тонуңду!
Түгөтөйүн жообуңду,
Чукуюн терең оруңду!
Кежиримекөп тийсең
Кесемин сенин башыңды.
Сураганы келгемин
Сенин, эчеге чыккан жашынды!
Төө баккан Бакай оңолду,
Төрөнүн уулу Семетей чунак чоңойду!
Качкын Бакай оңолду,
Бүгүн, кабылан чунак чоңойду!
Эми Кең-Колдон алам көчүмдү,
Келберсиген иттерден
Алмак болдум мен Бакай
Капкайда кеткен өчүмдү!
Кайгымдын баары кетилип,
Менин канатым карыш жетилип,
Талаадан жетим табылып,
Менин, абийирим минтип жабылып,
Алышканга мен Бакай
Эми жүрүп эле калдым камынып.
Сураса бербес мүлкүңө,
Суук укурук салармын,
Кааласа бербес казына,
Каратып тартып аламын.
Карааңды кудай берген соң,
Карап тургун Жакып кан,
Сага, мен калайманды салармын.
Менин, адырда жылкым алабаш,
Аргымак буудан аралаш,
Менин, мүлкүм кайда Жакып кан?
Тоодогу жылкым тогуз сан,

Тобурчак тулпар аралаш,
Менин, бу малым кайда Жакып кан?
Айбалта, кылыч колго алып,
Кынаганы келгемин.
Бузуп кеткен мүлктөрдү,
Мен, сенден сураганы келгемин.
Кең-Колдон уктап түш кылдың,
Менин, кербеним Манас кеткен соң,
Мага сен унуткусуз иш кылдың.
Канга тойбос Зулпукор,
Карап турган Жакып кан,
Мен, алышканы келгемин!
Кара кытай, манжудай,
Сени менен Жакып кан,
Мен, салышканы келгемин!
Жакшы болсоң өзүңүз,
Айыл конуп Таласка
Мен, турушканы. келгемин!
Шайтанды салсаң Жакып кан,
Сени менен мен өзүм
Урушканы келгемин!
Карыя деп мен түшсөм,
Кара мылтык Зулпукор
Боолашканы турасың.
Абыкенин алтымыш эри кайда деп,
Сен, жоолашканы турасың.
Бакайдын кебин уккан соң,
Башкача мытаам Жакып кан.
Жүргүздү ооздон шамалды,
Семетей келди деп угуп,
Бакайга, кылмак эле болду амалды.
Калп эле ыйлап коңгурап,
Бакай канга жалынып,
Баланын дайынын уккан соң,
Калп эле ыйлап коёт оңгурап:
Ээй, айланайын, Бакай кан,
Чын эле жетим келдиби?
Тилекти кудай бердиби?
Сакалымдын агында,
Сапарым туура барында,
Өлө турган чагымда
Өзөңдүү дайра булакты,
Алып келгин бер жакка
Өлгөндө көргөн чунакты. .
Түптүү терек чынарды,
Каным, Манастан калган жалгызым
Семетейдей чыракты!
Боз ала туйгун болпонду,
Кудайдан сурап жүргөмүн
Балам, Манастан калган чолпонду.

Өлбөй жүрөм жан үчүн,
Бир Семетей бала үчүн.
Бул өлбөдүм ким үчүн,
Темиркандын шаарына
Тентип кирип чоңойгон
Бир Семетей бала үчүн.
Сууда чынар талмызым,*
Султан Манастан калган жалгызым!
Кумар болуп кудайга
Кылып жүрдүм убада,
Семетейди көрсөм деп,
Андан кийин өлсөм деп,
Узак жашап күн көрдүм,
Баламдан жалгыз Семетей
Келер бекен деп жүрдүм.
Семетей ойлоп келгенде
Ичим күйүп, боорум чок,
Манастан калган күлботом,
Бакай, менин баламдан башка дартым жок!
Ээй,.байтамбар сындуу Бакай эр,
Келип калса жетимим
Дегениңе көнөйүн.
Ал казына, көп дилде,
Мунун баарын Бакай кан
Сүйүнчүгө берейин.
Бөлөк дебе санаамды,
Алып келип көзүмө,
Көргөзө көргүн өзүмө
Бир Семетей баламды.
Кокуй Бакай тилимди ал,
Сүйүнчүгө берейин
Эшиктеги, кызыл куйрук пилимди ал!
Экөөмдү таштап, бирөөмдү ал,
Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Кемпирим коюп, элимди ал,
Алтын менен казына
Ар кылбай берем өзүңө
Арстаным Бакай өзүн ал!
Баатыр уулум Манастан калган жетимим
Көп зарыгып кетпейби,
Күн зардеби өтпөйбү,
Өлгөндө көргөн жалгызым
Суукка үшүп кетпейби,
Ушинтип кудай албайбы,
Кастарлаган жалгызым
Дарттуу болуп калбайбы,
Жакып мындай деген соң,
Жакшылап угат эр Бакай.
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көкжал Бакай кабылан

Көптү көргөн бereниң,
Көз ачык Бакай олуяң
Эл экен, жоосун биле албай,
Ан-таң калып кан Бакай
Көкчолокко минди эми,
Көкжал Бакай жүрдү эми.
Бастырып Бакай кабылан,
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башыңа алтымыш санаа бир келип:
Тукуянсыз* жетимди,
Туура алып келбейин..
Чочкого чалыш кан эле,
Сырын тартып бир көрбөй,
Жетимимди бербейин.
Чоң атасы чочко кан,
Кара ниет жан эле,
Жоругу менен көнүлү,
Капырга чалыш бар эле.
Журтчулугу, ээй, аз эле,
Баласы эмес бу чочко,
Манасымдын өзүнө,
Касчылыгы бар эле.
Адал болсо Жакыптын
Ак көңүлүн көрөйүн,
Арам болсо Жакыптын
Акмактай сырын билейин.
Деп ошентип кан Бакай,
Артык кыйын олуя,
Арам менен адалын,
Жакып сындуу атасын
Эми, сынамак гана болду карыя.
Журүп кетип зыр коюп,
Кайра тартып чу коюп,
Көкчолок оозун бурду эле.
Кабылан Бакай канзаада
Кан Жакыптын капшыттан
Кебин тыңшап турду эле.
Жакып кан жатат коңгурап,
Ошондо ыйлап турат оңгурап:
Ой, кемпир, мен билгенди билдиңби,
Мен туйганды туйдунбу?
Казып койгон ор келди,
Кайнатып койгон шор келди.
Өрттөп иер өрт келди,
Балдарыма, каранкүн мүшкүл зор келди.
Кемпирим, түгөнгөн сайын түтөгөн
Тиги, дүмбөкүнүн* тукуму,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Тиги, кара сууга^кан куйган

Капылеттин өз уулу.
Тиги, өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Тиги, өрттөнгүрдүн жалгызы.
Акыр да бизди оң кылбайт,
Ээй, кемпир, балдарымды соо кылбайт.
Менин, эмгектен тапкан сан , кара.
Кече, ашыктан тапкан түмөн мал.
Ушунун баарын жок кылган
Дүмбөкү Манас өз уулу.
Бу жетимди сойбосок,
Тындым кылып койбосок,
Менин тукумумду оң кылбайт.
Буурсунду бургузбайт,
Алты уулумду бу Таласка тургузбайт.
Жетимге кызык кылалык,
Бу чиркинди өрт өчкөндөй кыралык.
Кемелине келтирбей,
Кечиктирбей өлтүрүп,
Муну минтип өлүм кылалык.
Көк мыязды копоруп,
Жулган кездей кылалык.
Жаш кезинде кырчынды
Кырккан кездей кылалык.
Укkан жандын баарысын
Жашыгандай кылалык.
Түбүнөн кыркып теректи
Ээй, кемпир, аарчыгандай кылалык.
Минтпей койсок оң кылбайт.
Балдарымды соо кылбайт.
Кызыл куйрук пилимди ал,
Кымбатым кемпир тилимди ал.
Бакай канга бал чыла,
Өрт өчкөндөй кылалык,
Семетейге, ээй, уу чыла.
Бакдөөлөттөй байбиче
Жакып кан антип турганда,
Ыргып кетти жарыктык:
Оңбогон, какбаш, оңбойсуң,
Качан болсо калжактап,
Сен бузугунду койбойсуң.
Качан болсо арамдын
Алтымышын ойлойсуң.
Боз ала туйгун болпоңго
Кантип колуң барычу
Ошол өңдүү, боз карчыга чолпонго!?
Айзага таккан желегиң,
Айкөл Манастан калган белегиң.
Тулпардан калган туякка
Кантип уу бересиң
Туу казанат чунакка?!

Минтсең, какбаш, оңбойсуң, . ,
Өз баланды өлтүрсөң
Эгерде эки болбойсуң.
Кепинин жеген иш кыйын,
Кепинсиз сендей болобу,
Керденге бүткөн чунагын
Капырай, өлтүрөм деген оңобу?!
Сенин, бул ишиң калсын талаага,
Алты уулуң келип жыйылып,
Жалгыз Манаска кетсин садага.
Кабылан Манас барында,
Казы керткен жан болдум,
Кабылан Манастын көзү өткөн соң,
Калмактан жаман кар болдум.
Берен Манас барында,
Ажайыптуу казынам,
Ар түлүгүм шай болуп,
Он сегиз миң ааламга
Мен туручу элем кан болуп.
Манасым кетти, күн кетти,
Байкасам кадыр түн кетти.
Өз балаңа уу чылап,
Өткөрө арам кыласың,
Минте берсең сен өзүң
Алты уулунду кырасың.
Байбиче, Бакдөөлөт минтип турганда,
Жакып кан турду күүлөнүп,
Кол токмок алып колуна,
Кордукту салмак эле болду сүйлөнүп.
Колундагы токмокту
Кармай калып имерип,
Байбичесин, башка салып , жиберип.
Баш айрылып бүк түшүп,
Дарман кетип ал кемпир,
Төбөсү менен тик түшүп,
Алы кетип алсырап,
Эт бышымга кансырап:
Оңбогон какбаш оңбойсуң,
Өз балаңа уу чылап,
Сен бузугуңду койбойсуң.
Балаң эмес өзүң өл,
Аксакалдуу карың өл!
Маа салмактан Абыке, Көбөш баарың өл!
Өкүрөсүң сен какбаш,
Өзөн бойлой конуп кал!
Маа салмактан, алты уулундун баары өлүп,
Сен, өрт өчкөндөй болуп кал!
Баштатан арам түрүң бар,
Сенин, тозоку болчу ченің бар!
Бакдөөлөттөй байбиче

Токмоктон башы айрылып,
Тозок тартып кайгырып,
Тоодайым Манас өлбөй кал,
Манастан бала калбай кал,
Баласы келсе уу бер деп,
Ээ, кудай, бендесине салбай кал!
Кайгыланып байбиче
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Ээй, чиркин көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп.
Балама кастык кылат деп,
Ошол уруп турган абышка
Кемпирге жалаңкычтай көрүнүп.
Басып туруп байбиче
Байкап кирди чыгданга,
Алты киши тойгудай,
Ал Жакыптын кара аяк
Карыя тартып ийсин деп,
Бакай канга бал куйду.
Күпчөккө салган бозо бар,
Ичинде, күйдүргөн уусу кошо бар,
Семетейге уу куйду.
Ашын камдап белендеп,
Ачуусу келген байбиче
Алапайын таба албай,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көрүп турду байбиче,
Көрсө копор* куу жетим
Ичип иер бекен деп,
Ошондо өлүп турду байбиче.
Уу чылады Жакып кан,
Угуп алып Бакай кан
Көк тулпар менен &ыр коюп,
Манастын уулу жетимге
Барып жетти чу коюп:
Боз ала туйгун болпоңум,
Боруму жаман иш көрдүм,
Угуп тургун, боз карчыга чолпонум.
Арагын алып сунганда
Арагын ичсең өлөсүң,
Жетимим, а дүйнө жүзүн көрөсүң.
Жаш чагыңда жайрайсың,
Жана, уулум, ичсең тирүү калбайсың.
Искечү болсоң өлөсүң,
Байкап койгун ушуну
Ээй, балам, канткенде күнүң көрөсүң.
Бакай канга бал куйду,
Мен барып тартып иемии,
Балам саа уу куйду.
Көөнүң ичсең, көөнүң кой,

Көп жаныңа кас болсоң,
Көөнүң жетим ичип кой.
Көргөзүп Талас талааны,
Алып келди Бакай кан,
Жакып кандын үйүнө
Баякы, Манастан калган баланы.
Манастан калган жетим кул,
Кан атасы, Жакып кандын үйүнө,
Жайнап жетим кирди эми.
Чоң энеси Бакдөөлөттөй байбиче,
Семетейди көргөндө
Боздоп ыйлап чыркырап,
Падыша уулум Манастан калган белек деп,
Байбиче ыйлап буркурап.
Карыганда Каныкей
Энең барбы, Балам деп,
Картайганда Чыйырды
Мурааң барбы, балам деп.
Айтылуу Талас жериңди
Издеп эсен келдиңби,
Ушул кыргыз элиңди!
Темиркандын шаарына
Тентип кирип чоңойгон
Теңизим жетим келдиңби?
Калаалуу Букар шаарына
Качып барып чоңойгон,
Карааным жетим келдиңби?!
Чоң энеси Бакдөөлөт
Балага ыйлап буркурап,
Жетимим деп байбиче
Жетине албайт чыркырап.
Жетимин көрүп карыя,
Боздоп турат буркурап.
Кара ниет кан Жакып,
Арамдыгы ашкере
Балага, калп көрүшөт коңгурап,
Калп эле ыйлайт оңгурап:
Тулпардан калган туягым,
Семетей, туу казанат чунагым!
Айзага таккан желегим
Айкөл Манастан калган белегим.
Бузу.кунун айынан
Бу казынам чачканы.м.
Балтыр бешик чагында,
Балакетиң алайын,
Букарды көздөй качканың.
Баабединге бата айтып,
Бардыгымды үрөдүм.
Манасым эске түшкөндө
Баарыдан жаман күйөмүн,

Жетимим эсен келсе деп,
Дүйнөдө, сени сурап жүрөмүн.
Ошондо, чоң атасы Жакып кан
Ыйлап турду коңгурап,
Ошондо, боздомуш болду оңгурап.
Боздомуш болуп сабылып,
Балага калп эле ыйлап жалынып.
Тартып өөп ийди эле,
Оозу токмоктон муздак тийди эле.
Тур, байбиче, тургун деп,
Баягы ит ичкирден бар бекен,
Бу балама күйгун деп.
Ыргып туруп байбиче
Балчылаган шекер аш
Бакай канга күйду.эле,
Жутуп Бакай калды эми.
Уу чылаган ачуу аш,
Ичинде, күйдүргү уусу аралаш,
Алып сунуп байбиче
Айласын таппай турду эми.
Ошо, кеп сүйлөбөй, тил айтпай
Чоң атаң, чочко канга бергин деп,
Ошондо, ишара кылып турду эми.
Кабагын кагып, көз кысып,
Эрин тиштеп, баш чайкап,
Чоң атаңа бергин деп,
Үнү жок жандап турду эми.
Бакдөөлөттөй байбиче
Бул амалды кылды эми.
Арагын алып Семетей
Атакелеп жалынып,
Кан Жакыпка сунду эми.
Арагын ичпей калжактап,
Жакыпты кудай урду эми.
Атаке, сенден мурун аш ичсем,
Андан кийин, ыйманымды кошо ичсем.
Сунбай ичсем оңомбу,
Кан атам, мурун оозуң тийбесе,
Ушуну ичсем боломбу.
Мен болуп-трлуп оңомбу,
Сизге сунбай мен ичсем,
Эгерде эки боломбу.
Ат байласа мамы жок,
Сизден мурун мен ичсем,
Такыр болуп кетемин.
Жүзүн көрбөй кудайдын
Атаке, капыр болуп кетемин.
Кеп кылбай даамың мен ичип,
Кемелиме келемби,
Сизден мурун мен ичип,

Келирки күздү көрөмбү?!
Атадан мурун аш ичкен,
Абийирдин баарын кошо ичкен,
Ошенткен бала болобу
Ошону бала деген оңобу.
Өзүң ич, ата, өзүң ич,
Деп ошондо Семетей
Кайра бир сунду аягын.
Анда Жакып муну айтат:
Ичпеймин, балам, ичпеймин,
Менин, кулунум Манас өлгөндө,
Менин, бу башым каран көргөндө.
Кайкайган белим сынганда,
Кан баламдан айрылып,
Мени түнөртүп кудай урганда.
Өзөнгө бойлой конгондо,
Туйгунумдан айрылып,
Өрт өчкөндөй болгондо.
Ит ичкирдин бул арак
Иччү болсом кулунум,
Ботомдун боорун жейин деп,
Менин каргыш эле кылган жерим бар.
Туйгунум Манас өлгөндө,
Ичпейин деп ант кылдым,
Өлүп кетер шерт кылдым,
Убаданы бек кылдым,
Бир жолу эмес бул ашка,
Кырк эки сапар шерт кылдым,
Чон атан кан Жакыптын
Токсон сегиз жашы эде,
Ушуну ичпейин деген аш эле.
Жуткун, балам Семетей,
Ээй, суусап келген жарыгым.
Сен өңдөнгөн, кымыз ичке мас кезде,
Кыялы тентек жаш кезде,
Кимдер муну ичпесин
Тартып ий, балам, тартып ий!
Арак ичкен мас кезде,
Акылы суюк, жаш кезде
Арактан кай жан аянсын,
Арак эрдин жолдошу
Алып ий, балам, алып ий.
Онбогон, какбаш, оңбоду,
Жүйө сөз айтып болбоду,
Манастын уулу эр Семең,
Текти билген эр немең.
Ай, атакем, Жакып кан,
Сенден мурун ким ичсин,
Ушу сунгаН ашыңды
Сен ичпесең, ит ичсин,

Ит ичпесе, куш ичсин,
Капкараңгы түн ичсин,
Мындан бөлөк ким ичсин.
Ала коюп аягын,
Манастан тууган эр чиркин
Босого көздөй серпти эле.
Ирегеге серпилип,
Арак барып жеткенде,
Көнөчөк баштуу көк даңгыт
Ал Жакыптын дөбөтү,
Серпкен ууну жыттады.
Уу мыктуусун мындан бил,
Жыттагандан чыкпады,
Шилисин тартып жок болду.
Көк даңгыт өлүп калган соң,
Чон атасы Жакыптын
Чочколугун билди эми.
Кан атасы Жакыптын
Кас экенин билди эми:
Оңбогон, атам, оңбойсуң,
Өз балаңа уу берип,
Минтип жүрсөң сен өзүң
Эгерде эки болбойсуң!
Бузук айттың сөзүндү,
Бу, жиниң кайнап кан атам
Жоготмок болдуң өзүмдү!
Жок кылмак болдуң башымды,
Камдадың арак ашыңды!
Казмак болдуң орумду,
Кайнатмак болгон экенсиң,
Кан ата, капкайдагы шорумду!
Көргөзмөк болгон экенсиң,
Киши көргүс сонунду.
Эми, чиемин саа сызыкты,
Каалаганың чыр болсо,
Баштайын саа бузукту!
Кан ичер Манас көкжалдан,
Канкор тууган чиркиниң
Кармай алып аякты,
Аягың кийгин башыңа,
Түк ыраазы эмесмин
Ушу сенин, уу чылаган ашыңа.
Көмкөрө салды аягын
Кан Жакыптын башына.
Ошо кезде Жакыптын
Чачы күйдү шыркырап,
Уу күчтүүсүн көрдүңбү,
Сакал менен муруту
Чогуу күйдү дыркырап.
Чачы кетип таз болду,

Мурут менен сакал жок,
Жакып кан байкуш мас болду.
Баш териси айрылды,
Баласы, Семетей чунак кайгырды.
Кан Жакып кайсап салууга
Баланын колу бара албайт,
Капкайда кекти алууга.
Калайыктын каты бар,
Кан Жакыптын сааты бар,
Кастарлап жайлап ийүүгө
Акмактын ата деген аты бар.
Кымбатын Бакай көкжалың
Достусу Манас көкжалга,
Тартып берген боз куржун
Кан Жакыптын жүгүндө,
Турган экен жыйылуу.
Көргөн жерде зор Бакай
Манастан калган куржун деп,
Бакай менен Семетей
Экөө кармап куржунду,
Көкчолоктун жанына
Алып чыкты сүйрөтүп.
Баягы турган боз куржун
Бакай абаң Көкчолокко салынып.
Өзү кошо минди эми,
Ээрчиткени Семетей,
Кара ниет Жакыптан
Кан Манастын куржунун,
Тартып алып жүрдү эми.
Кайыпчынын кара үңкүр,
Кабылан Манас барында
Казына каткан даана үңкүр.
Казына жыйган үңкүргө
Оодарып түшүрүп.
Баякы, Манастан калган үңкүргө
Боз куржунду капшырып,
Манастан калган куржун деп,
Бөлөкбайга тапшырып.
Билбегенди билгизип,
Билимдүү Бакай олуя
Туйбаганды туйгузуп.
Туйгуну Бакай карыя.
Ээрчиткени Семетей,
Үзүлгөндүн баарысын
Улап жүрөт кан Бакай.
Чачылгандын баарысын,
Жыйнап жүрөт эр Бакай.
Олуяттан бата алган,
Олуя Бакай атанган
Өзү билгич жан ошол,

Өлүп калса сөзү ачык,
Тирүү жүрсө көзү ачык,
Ошо Бакай шер ошол.
Жерди, сууну көрсөтүп,
Манастын уулу жетимди.
Алып жүргөн жери ошол.
Ээр белдей белести,
Ашып Бакай келди эле.
Белге чыга келгенде
Көкчолок оозун бурду эми,
Көлпүгүп ыйлап турду эми:
Ээй, айланайын, жетимим,
Акылым айран бөлүнөт,
Бу дүйнө соодагер
Бизди алдап кеткен көрүнөт.
Кечээ, тоодой шер Манас өлгөндө,
Тозокту куу жан көргөндө,
Аргын, кыргыз аралаш
Таластан үркүп көчкөндө,
Кабылан көкжал Манастын
Жаккан бир оту өчкөндө,
Кан Манас көзү жоо болуп,
Таласка Абыке, Көбөш ээ болуп,
Абыке менен Көбөштү
Таптакыр кудай урду деп,
Жесир менен жетимди
Талап алып турду деп
Келгендерден кеп угам,
Таамай кеп ушу деп угам.
Бурулчадай сулууну
Абыке акмак алды дейт.
Алакең зайыбы Бурулча,
Кызыгына баткызбай,
Коюнуна жаткызбай,
Боюн салбай койду дейт.
Абыке, Көбөш алты арам,
Сүйрөтүп жүрүп урду дейт,
Кызыл ала кылды дейт.
Жаңырыктын жар кыя,
Жалгыз жолдун четинде,
Жазайыл* салып мойнуна,
Жатпай, коппой койнуна,
Иттерди кудай урду дейт,
Салбар катын кылды дейт.
Жыртык кара үй берип,
Жырык кара уй берип,
Эртең эрте тургузуп,
Чылгый тери ийлетип,
Күн салкындап кеч кирсе
Тамашага бийлетип,

Абыке, Көбөш алты арам,
Ушинтип өчүн алды дейт.
Алкымдагы бадачы,
Бадачыга Бүкөштү,
Саанчы кылып салды дейт.
Ушу кезде Бурулча,
Көйнөгү тозуп бөлүнүп,
Энкейгенде Бүкөндүн,
Артынан куйрук көрүнүп.
Абийир этин жаба албай,
Арык болду деп угам.
Өлүк десе көрдө жок,
Тирик десе санда жок,
Эсенкандын Бурулча,
Карып болду деп угам.
Кыяматтын кыстоосун,
Көрмөк болду деп угам.
Ушу быйыл барбасак,
Өлмөк болду деп угам.
Келгендерден кеп уктум,
Алмамбеттин Күлчоро
Абыке, Көбөш алты арам,
Дене кул кылып алууга
Кой көтүнө салды дейт.
Коюна көнбөй Күлчоро
Койчуга кордук салды дейт.
Жылкычысын уруптур,
Бооз бээсин жарыптыр.
Жесир менен мискинге,
Жетим менен карыпка,
Сокур менен төкөргө
Малын союп кыйратып,
Той түшүрүп жыргатып,
Малын кырды деп уктум.
Абыке, Көбөш алты арам:
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Өрттөнгүрдүн тукуму.
Кара сууга кан куйган,
Капилеттин тукуму.
Алты жашка келди эле
Эми он бешке чыкса оң кылбайт,
Баарыбызды соо кылбайт
Деп ошондо муну айтып,
Камчыга алып сүйрөтүп,
Алмамбеттин Күлчоро
Кызыл ала кылды дейт,
Кыйнап сабап урду дейт.
Кокуй күн атам өлбө деп,
Копшонуп ыйлап Күлчоро,
Бакырлык түшүп башына

Бакырып ыйлап Күлчоро,
Кудайга үнү угулуп,
Эң сыздады деп уктум.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Үрбүстүн башы кыр менен
Басып жүрөт деп уктум.
Абакем качан келет деп,
Көрүнгөндөн көп сурап,
Шашып жүрөт деп уктум.
Ушу быйыл барбасак,
Айланайын жетимим,
Ажыратып албасак,
Иттикти чогуу билбейби,
Таңда макшар күнүндө,
Айтылмышы чын болсо,
Кара эшек кылып минбейби.
Муну айтып зор Бакай
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Түз болгон тоонун тумшукка,
Кара сеңир белестен,
Кан абаң Бакай караса,
Жыртык кара үй турат.
Тигип алган үйүнүн
Тутуусу кеткен бөлүнүп,
Кереге, уугу көрүнүп.
Көрүп алып зор Бакай
Алтын жаак ай балта
Оң бөйрөккө таянып,
Семетей менен Бакай кан,
Оңгурап үндү салды эми.
Бакай кан үндү салганда
Бала жетим турабы,
Семетей кошо үн салды эми.
Алты дайра бириксе
Куюшундай бек акем!
Көз жетпеген зор тоонун
Урчугундай бек акем!
Ашуусу бийик зор тоонун
Сеңириндей бек акем!
Ок өтпөгөн чопкуттун
Өнүрүндөй бек акем!
Кара болот курчтардын
Темириндей бек акем!
Табылгы чыккан өзөндүн
Колотундай бек акем!
Таптап койгон Манастын
Болотундай бек акем!
Артында калып жаманат,
Кыймылдаткан жөнү жок,
Желдей байкуш бар бекен,

Кыйырынан айрылган
Мендей байкуш бар бекен?
Өкүрдүм жаман жүйө жок,
Белди бекем бууганга
Бээжиндеги Коңурбай
Атам, Манастын кунун кууганга,
Алакчы дүйнө оңбой кал
Алмамбет, Сыргак бирөө жок.
Төрөсүн кудай албасын,
Төрөдөн катын калбасын.
Энекем берген суп көйнөк
Бербей кетсем жаманат,
Сизге берген аманат.
Аяш эне Бурулча
Энекем берген көйнөгүн,
Белекке бердим кийиңиз,
Берен энем долуну
Көп унутпай жүрүңүз.
Көйнөктү жетим берген соң,
Көйнөгү колго тийген соң,
Көйнөктү, Бурулча шордуу кийген соң,
Бурулча кайдан токтоду,
Мурункусун жоктоду:
Төрөмдүн көзү өткөн соң
Өлөйүн деп арыман,
Өлбөй калдым акыры
Күлчоронун барынан.
Өлүп калсам окустан,
Бенделик кылсам кокустан,
Өлгөндө көргөн жалгызым,
Күлчоро бөөдө калат — деп,
Абыке, Көбөш алты арам,
Эне-атасы такыр жок,
Дене кул кылып алат деп,-
Көргөмүн дүйнө жалганын
Мун үчүн өлбөй калгамын.
Бу дүйнөдө чала бар,
Мурунку кеткен Алмамдан
Алып калган белекке
Алты жашар бала бар.
Алмамбет санап келгенде
Өрттөнүп, жанып күйөбүз,
Аркасында алты жашар Күлчоро,
Ошону арка кылып жүрөбүз.
Муну мындай таштайлы,
Алмамбеттин жетими
Күлчородон баштайлы.
Абыке, Көбөш алты арам,
Алты жашар баланы
Жер карама кылууга

Колунан байлап үйрөтүп,
Сабаган экен сүйрөтүп.
Алмамбет уулу Чорону
Иттердин баары чогулуп,
Кызыл ала кылыптыр,
Кыйнап сабап уруптур.
Алты жашар ал Чоро
Топусу жок жылаңбаш,
Көйнөгү жок жылаңач,
Абакелеп чыркырап,
Кудайга үнү угулбай,
Куурап жетим буркурап.
Сан-сан болуп көгөрүп,
Сан эти кеткен бөлүнүп,
Көкжал атам өлбө деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Таманы ташка тапталып,
Чекеси күнгө какталып,
Үрбүстөн качып жөө жүрүп,
Кыйла күнү мол жүрүп,
Кызыл белес кырка зоо
Кыйналып бир күн аралап,
Кызырлуу эрдин баласы,
Кыйналып жатты бир күнү
Кара үңкүрдү бааналап,
Кара үңкүрдө жатты эле,
Кайгыны жетим тартты эле.
Ал-аңгыча болгон жок,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Тентип жүргөн жетимге
Кезиккен экен, ой, тобо,
Көк бука минген дубана.
Бир караса дубана
Кырк адам болуп бөлүнөт,
Бир караса дубана
Миң киши болуп көрүнөт.
Кожосандын өзү экен,
Кырк чилтендин көзү экен,
Кыдырдуу Алмам уулуна
Кезигүүчү кези экен.
Колдогону кожосан,
Колдоп алды жетимди.
Кол бергени кырк чилтен,
Жөлөп алды жетимди.
Баабедин атам бакырып,
Ашкере ачык жол берди,
Жыңайлак Кызыр олуя
Эки сапар, үч сапар
Ал балага кол берди.

Балам, кыйкырган жоодон тартпай жүр,
Өлүмдөн кайра кайтпай жүр,
Ажалдан кылча тартпай жүр!
Балам, астыга салса ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Олуят Бакай абаң бар,
Түп атасы түгөл кан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган
Түбү күчтүү Манастан,
Жашы он экиге келгендир,
Жолдош болор шер ошол.
Жоругуң табар эр ошол,
Күтүп алчу эр ошол,
Көңүлүң тапчу шер ошол,
Быйыл келип калар кези ошол.
Муну айтып дубана
Көздөн кайым жоголду,
Муну уккан соң Күлчоро
Уйкудан чочуп ойгонду.
Элирип бала жүгүрүп,
Эликтен бетер түйүлүп,
Бадачыны аралап,
Энеси Бурулчанын алачык
Алачыкты бааналап
Жүргөн экен Күлчоро.
Жылаңайлак, жылаңбаш;
Кийими жок жылаңач,
Тамашага батыптыр.
Бадачынын балдарын жыйып Күлчоро
Чүкө атышып жатыптыр.
Мына ошондо жетимиң
Жетик ыйлап сабылып,
Бадачынын балдарына жалынып:
Бадачынын балдары ай,
Айланайын, балдар ай!
Жанды кудай жаратат,
Жалпы балдар бери келчи,
Жаным чыгып баратат.
Эбедейим эзилип,
Эт тырмагым созулуп,
Эми кудай бергенби,
Жоготкон жогум табылып,
Абийирим минтип жабылып,
Жолдошум агам келгенби?!
Темиркандын шаарына,
Тентип кетти деп угам,
Теңизим абам келгенби?!
Уламадан уладым.
Билгичтерден сурадым.
Тилекти кудай берди дейт.

Абам, быйыл он экиге келди дейт.
Айланайын, балдар ай,
Көктөн көк ала мунар бөлүнөт,
Ата менен энеден
Ашкере калган жетимге,
Бир аңгеме көрүнөт.
Айланайын, балдар ай,
Кырсыкты кыйын чечүүчү
Жайым келген көрүнөт,
Кызыр чалган түбүнөн
Айланайын, балдар ай,
Менин, байым келген көрүнөт!
Башыма жарык тийүүчү
Айым келген көрүнөт!
Каалаганга бир кадыр
Түнүм келген көрүнөт!
Өчкөн отум тамызар,
Өлгөн жаным тиргизер,
Айланайын, балдар ай,
Менин, күнүм келген көрүнөт!
Айланайын, балдар ай,
Бел байлаган кара кыр
Белим келген көрүнөт,
Медер кылып жүрүүчү
Шерим келген көрүнөт!
Кабагым бүгүн ачылат,
Айланайын, балдар ай,
Кайгырган жүрөк басылат.
Басылгандын себеби.
Байкагыла балдар ай,
Энекемдин алачык
Алачыктын чамгарак,
От жагылбас каран үй
Оргуп түтүн бөлүнөт.
Эзелден бери, балдар ай,
Ат байланбас куу мамы
Эңи тулпар көрүнөт.
Кешиги жок энекем,
Чың-чың үнү чың чыгат,
Чыңырган үнү бек чыгат,
Чыңырыктын аягы
Чындаган төрөм деп чыгат.
Ушу, бүгүн алданын жакшы күнү экен,
Муңканган үндү мен уксам,
Шордуу энем Бурулчанын үнү экен.
Ушу куу үйгө келген эки жан
Абакем Семетейдин өзү экен,
Өзү эмес кара көзү экен,
Жетимим кайда жүрөт деп,
Издеп келген кези экен.

Жанындагы жолдошу
Айланайын, балдар ай,
Атадан калган мураапы
Олуят Бакай карыя,
Аталардын барында
Аким түшкөн ар жерге,
А да так ушундай олуя.
Деп ошонтип Күлчоро
Тизеси жерге бүгүлүп,
Алачык көздөй дыр коюп,
Жетимиң, чуркап келди жүгүрүп.

КҮЛЧОРОНУН СЕМЕТЕЙГЕ УЧУРАГАНЫ

Манастан калган Семетей
Ойлонгон ою бөлүнүп,
Ой ойлонуп отурса,
Берен энең бейбактын
Айтканы көзгө көрүнүп,
Энем, Канықей айткан кеп эле,
Аман Талас сен көрсөң,
Алмамбет уулу жетимди
Ала келгин деди эле.
Ошону айтып Семетей
Козголуп жетим караса,
Чуркап келет бер жакка
Алты бала жылаңач.
Такымына камчы уруп,
Тамашаны салыптыр,
Эски кара бөрүктү
Көкбөрү тартып алыптыр.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Ошо балдар ичинде
Күлчоро келет жүгүрүп.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Алакең кандын баласы
Кийими жок жылаңач.
Күлчорону көргөндө
Каарданып коңгурап,
Ошондо каңырыгы бек түтөп,
Жашып кетти зоңгурап.
Ителгидей кайран көз,
Ирмебей көзгө жаш алып,
Жаш алып турган себеби
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көрөм деп жүргөн чунагы
Жылаңач көзгө көрүнүп.
Бу кең өзөн суунун булагы,
Аяш атам арстандын
Кечигип көргөн чырагы.

Муну айтып Семетей
Арандай оозун ачты эми,
Алмамбеттин баласы.
Бир Күлчоро жетимди
Бооруна басты эми.
Ошондо, ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калды эми,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калды эми.
Ободо чынар жылдыздай
Жошулушуп алды эми.
Эки жетим баш кошуп,
Кошулушуп алды эми,
Үн алышып тең ыйлап,
Коңгурап үндү салды эми.
Арстан шердин балдары
Азышып жүрүп табышып,
Теңиз эрдин балдары
Тентишип жүрүп кабылып,
Ошондо, кучакташып буркурап,
Эки жетим чыркырап.
Сөөгүнө сөөгү жетишип,
Билекке билек өтүшүп. .
Жоготкон жоктор кабылып,
Жолоочу жетим табылып.
Манастын уулу эр чиркин,
Жобосун айтты камынып:
Какшып жаткан суусу жок
Чөлдөй байкуш бар экен,
Караанын көрбөй тентиген,
Мендей байкуш бар бекен!?
Семетей минтип буркурайт:
Алты жашар Күлчоро
Моминтип ыйлап чыркырайт:
Менин, өөдө тартсам өбөгүм,
Белим абам келгенби?!
Медер кылып көп жүргөн,
Шерим абам келгенби?!
Абаке, козу жайып көп жүрдүм,
Кокуй таалай, абакем
Качан келет деп жүрдүм.
Муңумду айтып чыркырап,
Көп боздодум буркурап.
Темиркандын шаарына,
Тентип кеткен сен кандай?
Теңизим качан келет деп,
Телмирип жүргөн мен кандай?!
Курусун жалган дүнүйө,
Курсактан туулуп түн көрдүм,
Курсатым сендей абам жок,

Мен кулчулук менен күн көрдүм!
Бөлүнттү кудай санааны,
Иттердин урган таягы
Сай сөөгүмдөн калабы!?
Азоо тайдай үйрөтүп,
Алып качып кезек ит
Ары бери сүйрөтүп.
Аябай кордук кылганы,
Ары-бери жетимди
Көкбөрү тартып урганы.
Денемдин баары быркырап,
Сай сөөгүм зыркырап,
Зарлансам кудай алабы,
Иттердин кылган кордугу
Сай сөөгүмдөн калабы.
Абыке, Көбөш эки арам
Мындан көрдүм кордукту.
Чыйбыт, Кочкор төрт арам
Мындан көрдүм зордукту.
Адыбай, Көлбай алты арам
Ошондон көрдүм кордукту
Кордукту көрүп көп жүрдүм,
Кокуй абам кабылан
Качан келет деп жүрдүм.
Абакем кайра кайрылып,
Келип консо Таласка,
Кең-Колдон бузсам көчүмдү,
Келберсиген иттерден
Алса деп жүрөм өчүмдү.
Балдар минтип турганда,
Баатыр Бакай абакең
Ак сакалы суюлуп,
Көзүнөн аккан мөндүр жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Муңдуу абаң Бакай буркурап,
Эки арстан деп чыркырап.
Токтобой мууну зирилдеп,
Көбүрөөк жашып бечара,
Көөдөнү турат кирилдеп.
Ортого түшүп камынып,
Эки арстанга жалынып,
Билбегенди билгизген
Билимдүү Бакай карыя
Арага түшүп экөөнү,
Ажыратты олуя.
Жыпжылаңач балага,
Жети кара букачар
Кескилетип жиберип,
Баланын назырын кылды садага.
Кечээ, Букардан бери чыгарда,

Баякы кайран энең Канықей,
Аманат берген ак куржун,
Чунагы Семетейге чак куржун.
Кайран энем бейтаалай
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Бир кудайга зар ыйлап,
Чунагы, Күлчорого арынап,
Айта берсе сонун бар,
Ал куржундун ичинде
Күлчорого аманат берген тону бар.
Жасап берген ал тондун
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө
Бүчүсү алтын сымбаты.
Бир далай баа кымбаты.
Жакасында каты бар,
Күлчоро жетим киет деп,
Ардактап жазган аты бар.
Жетимдигин билгизип,
Энеси берген аманат
Күлчорого кийгизип.
Аркагы жибек ак суптан,
Арнап тиккен көйнөктү,
Аны ичинен кийгйзип.
Кайран катын Канықей
Кадырман жетим киет деп,
Каалап кылган жаргак шым,
Багалеги байлалуу,
Жибектен каргы саймалуу.
Букардын аркагы кымбат сарала,
Байкуш энем Канықей
Эчен күнү, эчен түн
Тыным албай тиштеген.
Капырай, тартып алса ошол шым
Шили болуп чоюлган,
Коё берсе ошол шым
Желим болуп жыйылган.
Ар жерине ал шымдын
Милте коюп талдырган.
Бүтүн кундуз терисин
Жара тилип жиберип,
Багалекке салдырган.
Барыдан кызык жаргак шым,
Күлчорого кийгизип.
Ал куржундун түбүндө,
Каадалуу энен Канықей
Бу кызматым билер деп,
Алмамдан калган Күлчоро

Аманат кылып киер деп,
Жасагандан, машаган
Көк сүлөөсүн кымбат бөрк,
Күйүттүү энем Канықей
Күлчорого жасаган.
Жетимдигин билгизип,
Энеси кылган ал бөрктү
Күлчорого кийгизип.
Өчкөн отун тамызып,
Алмамбеттин жетимин,
Өлгөн жанын тиргизип.
Бурулча менен Күлчоро
Эки муңдуу үйүнө,
Ак боз бээ кармап алдырып,
Алмамбетке ататып
Ак боз бээни чалдырып.
Кантын кардай опуртуп,
Сары майдан топуртуп.
Бөлөкчө жорук баштатып,
Багылан козу, ширин баш
Жесир, жетим үйүнө
Бор кайнатып таштатып.

МАНАСТЫН КАРЫНДАШЫ КАРДЫГАЧКА СЕМЕТЕЙДИН ЖОЛУККАНЫ

Муну мындай таштайлы
Быягынан баштайлы.
Ээрчиткени эр Бакай,
Манастын уулу бул жетим
Ажалым жетсе өлөм деп,
Абыке, Көбөш, алты агам
Учурашып келем деп.
Жакшы болсо агалар,
Атамдан калган муралар,
Бурулушар тууганым.
Айкөлдөн калган Буурул ат
Бет алып сурап келем деп,
Артыкча белдүү алты агам
Ага кылып алам деп,
Атама тете кан экен,
Абыке агам бар экен.
Жоону бирге жоолашып,
Доону бирге доолашып,
Берен тууган Абыке
Белиме таңуу кылбасам.
Бээжиндин журту какандан
Бет алып кунду куубасам,
Канча атамдын өчү бар,
Кытайта кыргын салбасам.
Абакем Бакай, кебимди ук,

Арка кылып алтоону,
Жыйнап алып шерлерди.
Өзүмө катар тендерди,
Жөнүмө көнсө алты агам
Аргын менен кыргызды
Артылта жыйып албасам,
Айдап алып баарысын
Чубатууга салбасам.
Кара мылтык карс этсе
Качпай турган эренден,
Чогол мылтык чорт этсе
Чочуп кетпес беренден,
Найзага камбыл ыктуудан,
Айбалта чабар мыктыдан,
Жол табуучу эренден,
Көзгө атуучу мергенден,
Калың чаңга канышчу,
Калың уруш чын болуп,
Калың жоого кез болуп,
Качпай туруп салышчу
Калың кол жыйнап албасам.
Мага кара болсо алты агам,
Кара калмак, тыргоотко
Калайманды салбасам.
Быйыл кызыталак кытайга
Кыргынды мыктап кылбасам.
Үч-Кошойдун боюнда
Шыгайдын уулу Чынкожо
Белиме таңуу кылбасам,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Сары кандын Калыгын,
Жамгырчынын Шайымбет,
Текечинин Ормонбек —
Жалаң кандын балдары
Койбой баарын жыйбасам,
Мени кор көрбөсө алты агам,
Быйыл эпсиз көп колду жайнатып,
Айчыгы алтын кызыл туу
Бакай канга карматып,
Алдыңкы кытай Бээжинге
Кыргынды мыктап кылбасам.
Түнөрүп жаткан түп Бээжин
Түп атам өлгөн өчү бар,
Түз кирип уруш салбасам.
Түптүз турса тууганым,
Түрү суук кытай, калмакка
Түз кирип кегим албасам:
Найза кармап, топ бузуп,
Алышып жүрүп окко учуп.
Айтып турган ушул иш

Семетейдин тилеги.
Билбегенди билгизип,
Бакай абаң муну айтат:
Абыке, Көбөш барында,
Айланайын жалгызым,
Алты агаң аман чагында,
Бул Талас сага жер эмес,
Бул кыргыз сага эл эмес.
Бул Кең-Кол сага жер эмес,
Бул аргын сага эл эмес.
Абыке агаң айтайын
Ак көңүл тууган эр эле.
Көбөштүн жайын сурасаң
Көп караңгы ит эле,
Ит эмей кайсы киши эле.
Ал чочконун айынан,
Азып-тентип күн көрдүк,
Кап-караңгы түн көрдүк.
Калайманды биз көрдүк.
Көбөш ит кордук салганда,
Ордону талап алганда,
Темиркандын шаарына
Тентип кирип күн көрдүк.
Кеги бар бирөө соёт деп,
Бөөдө өлтүрүп коёт деп,
Кыркылып кетип чыбыгың,
Кылынып берген ырымың,
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Мойнуңа тумар тагылдың,
Көбөш көрдүн айынан
Темиркандын шаарына
Тентип кетип багылдың.
Тегеренип кетейин,
Айтсам сөзүм далай бар.
Көбөш чочко колунда
Атандан калган кырк чоро,
Кыркы кырк жерден келген ит эле,
Ит эмес кайсы киши эле,
Атандын көзү өткөндө
Айбандар кетти санаага,
Кылчайбай атаң Манаска
Кырк чоро кетти талаага.
Ушу кезде кырк чоро
Үрбүздү жайлап чек кылды,
Алты арамды бек кылды.
Бу кезде кырк чоронун кыйыны —
Кыргыл чал баштык, Тазбаймат,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,

Качан болсо бузук кепти ойлогон.
Буттайын бузуп ийсе да,
Буудан атаң кабылан
Бузду экен деп койбогон.
Көмкөрүлүп кырк чоро
Көбү унутуп Таласты.
Таштап кетти көрдүңбү
Атакең султан Манасты.
Атаң Манас барында
Баабедин деп бакырган,
Манастап ураан чакырган.
Ушу кезде кырк чоро
Талдын башын жапырат,
Көбөштөп ураан чакырат.
Биз менен кыябы келсе кыйрашат,
Кызыр урган кырк чоро
Кайсы күнү сыйлашат.
Какшап айтып отурган
Кан абаң Бакай кеби бар.
Карап жүргүн ушуну,
Сенде кырк чочконун кеги бар,
Булардын кыялы бузук жери бар.
Кагылайын жетимим,
Кайгуулду мыктап чалалык,
Кабарды мыктап алалык.
Деп ошеңтип Бакай кан,
Түгөнгөн тоонун урчукка,
Дүмүрөйгөн тумшукка,
Ат арытып, жер чалып,
Караан байкап жол чалып,
Астындагы Көкчолок
Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири из чалып,
Берен Бакай кабылан
Белеске жетти таянып.
Ал ацгыча болгон жок,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кез болгонду жегидей,
Кабагы бийик, өңү сур,
Кең көкүрөк, жайык төш
Келберсиген бир адам,
Кара күрөң ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Тун жалаңгыч түстөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Асабасы калкылдап,
Көк темирден туулга
Төбөсүндө жаркылдап,

Көрсө көңүл бөлүнүп,
Ок өтпөс болот калканы
Ай далыда көрүнүп,
Алтын жаак айбалта
Билекке мыктап чалынган,
Канга тойбос ач албарс
Болот кылыч салынган,
Адамдан бөлөк түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Кара күрөң тулпар малы бар,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Соруп иер алы бар,
Келбети күчтүү бир адам
Келип жетти жанына.
Манастан тууган эр чиркин
Азыр келген адамга
Айтып турду бир кепти:
Түрүң суук жүз бөлөк
Кайдан келген эренсиң?!
Атыңдын мойну алчактай
Айбандын түркүн минипсиң,
Найзаңдын арты бир кучак
Жыгачтан түркүн илипсиң,
Ат арытып, жер чалып
Ит агытып, куш салып,
Оролмо тоону айланып,
Жоо-жарагын байланып,
Жортормондун бирисиң.
Жоругуң көзгө көрүнөт,
Жолуң болгур, чыныңды айт,
Азыр каның төгүлөт.
Атышар көөнүң бар. болсо,
Мылтыгың мындай камдап кой,
Салышар көөнүң бар болсо,
Айбалта, кылыч камдап кой,
Сайышар көөнүң бар болсо,
Найзаңды бери камдап кой,
Бүгүн бек өлүм түшөт оюңа,
Бек сакыт бол боюңа.
Жортормон адам сен болсоң,
Жолуккан балаң мен болсом,
Кашайта көзүң оёмун,
Каардандым соёмун.
От чалып көзүң жайнады,
Өңгөчө койбойм жанынды,
Кан ичмем бүгүн кармады.
Менин жайым сурасаң,
Ат бороюн сыдырып,
Сайышар сендей эр таппай,
Салмакташар жер таппай,

Кармашып кумар жазууга
Сен өңдөнгөн жан таппай,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Убара болуп турганым.
Муну айтып Семетей
Каарданып токтобой,
Кара жаак ак камчы
Кармай калып имерип,
Кадиктүү күлүк Актулпар
Карынга тартып жиберип,
Болот кырлуу сыр найза
Болбой кармап имерип,
Актулпар оозун бурду эле,
Күрсүйгөн дөөнү карата
Күркүрөп найза сунду эле.
Качырып барат Семетей,
Семетей жакын калганда,
Зың-зың этип кенебей,
Баланын сунган найзасын
Бучкагына теңебей,
Кара күрөң тулпардын
Тартып оозун бурду эми,
Талыкпай карап турду эми. *
Талаптуу экен бул бала
Найзасын мыктап сайсын деп,
Арманда болбой калсын деп,
Карткүрөң оозун бурду эми.
Бет алып жетип Семетей
Бек кармап найза урду эми,
Баланын урган найзага
Мелтиреп карап турду эми,
Кемердин бери жак бети деп,
Өпкөнүн төмөн чети деп,
Качырып бала урганда,
Колунда болот найзасы
Бытырады быркырап,
Тизе белден бүктөлдү,
Кайран жанга күч келди.
Серпилип Семең сайганда
Серпилип теги койгон жок,
Семетей кайра тарткыча
Алтын жаак айбалта
Ала коюп төрт чапты,
Анын нары жагында
Ач болот жандан сууруп,
Аны менен үч салды,
Колунда камбыл найзасы,
Артык экен айласы.
Жетимиңе жетти эми,

Жетип муштап өттү эле.
Беренсинген жетимдин
Бели кетти мекчейип,
Көзү кетти чекчейип, *
Ээринен арт кетип,
Үзөңгүдөн бут кетип,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Актулпарга чак тизгин,
Опсолоң тентек жетим кул
Ондой кармай калды эми.
Астындагы Актулпар
Оңдоп-солдоп камчылап,
Оң такымга салды эми,
Ойрондун уулу чунагың
Обу жок шашып калды эми.
Катылбас жоого катылып,
Караңгүн болгон экенмин,
Тийбес жоого катылып,
Тил азар болгон экенмин,
Бул дүйнөнүн кордугун
Көргөнү тийген экенмин,
Ажал жетип, күн бүтпөй
Өлгөнү тийген экенмин.
Касиеттүү кан эле,
Деп ошондо муну айтып,
Кайран бала Семетей
Ашып-шашып дыр коюп,
Абасы Бакай карата
Качып жетим чу коюп.
Кууп келет Кардыгач,
Эңкейиштеп качканда,
Семетейдин Актулпар
Эликтей колу сайылат,
Өр таяна бергенде
Кардыгачтын тулпары
Жал-куйругу жайылат.
Жалы суйдаң, куйругу аз,
Жалаңгыч экен Телкүрөң.
Кан Жакыптын малы эле,
Кумга тууп, ташка өскөн,
Жылкыдан бөлөк башка өскөн,
Кара байыр, капкан бел,
Чуркаганы шамал жел,
Аныкайып Телкүрөң
Кагышка минсе камсыкпас,
Оорукка минсе оорунбас,
Чалгынга минсе чарчабас,
Желгенине жел жетпес,
Басканына мал жетпес,
Карачанын кыз Сайкал,

Кан Жакыптын Кардыгач,
Калың кытай, каканчын
Каптап такыр келгенде
Калмактардын дөөлөрү:
Кайран Жолой, Бороончу,
Калмактардын Бозкертик,
Канча дөөнүн баары бар,
Манжунун каны Незкара,
Баарысы найза салганда,
Кызыл болот зулпукор
Кынап берген эмеспи,
Кырк уруу кытай дөөлөргө
Кырк бир күнү сайышып,
Чыдап берген эмеспи.
Ургаачынын шери ошол,
Уйпалгыр жайын сурасаң
Ааламды бузар эр ошол.
Семетейди кубалап,
Айдап барган жери ошол.
Акылынан шашты эле,
Анталаңдап Семетей
Аманат жандан түңүлүп,
Бакайды көздөй качты эле.
Ашып-шашып дыр коюп,
Абасын көздөй чу коюп.
Абам Бакай айлакер
Ажыратып албаса,
Амалым кеткен ушу жер.
Ошондо бала Семетей
Капаланып күйүнүп,
Астындагы Актулпар
Омбул-домбул түйүлүп,
Үстүндөгү Семетей
Чымындай жандан түңүлүп,
Ашып-шашып анталап,
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Мынчалык шашкан себеби
Кезиккен бул эр эр экен,
Кемтиги жок шер экен,
Таалайы артык зор экен,
Бендеде мындай жок экен,
Чындап найза сунганы
Чыңоолу кызыл темирдей.
Чоңдугун карап отурса
Урчуктуу тоонун сеңирдей.
Актулпар келет түйүлүп,
Семетей аманат жандан түңүлүп,
Жылгындууну аралап,
Семетей качты Бакай канды бааналап.

Ашып-шашып антаңдап,
Ал Манастын жетими
Теги жаман шашты эми,
Теңиз Бакай абаңды
Тегерене качты эми.
Арстан Бакай абаң шер .
Аң-таң болгон ошо жер,
Бараанын көрүп сабылып,
Коё берди Бакай кан
Семетейге жалынып:
Ээй, Манастан калган баргегим,
Баатырдан калган айнегим,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чырагым,
Антандап шашып алыпсың,
Балам аябай качып калыпсың,
Казылган калың ор барбы?
Кармачу темир тор барбы?
Кайнатылуу шор барбы?
Качканың жаман чунайып,
Каканчындын Бээжинден
Балам, каптаган илек кол барбы?
Карааным жетим чыныңды айт,
Көкчолокту минейин,
Көлкүгөн калың калмакка
Өлөрүмдө бир жемек,
Жараткан иши бир демек,
Быйыл сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагымда
Салышып чогуу кирейин,
Сандаган кытай, көп шибээ
Бээжинге чейин сүрөйүн,
Өлөрүмдө мен Бакай
Каканга айдап кирейин,
Улукман Бээжин улуу журт,
Учуна чейин сүрөйүн.
Жоруксуз жерде доо барбы?
Жолуккан сага жоо барбы?
Айтып Бакай тургуча,
Жоопту Семетей жетим кылгыча,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Кара күрөң ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кайрат менен каарына,
Найзасын сунган заарына,
Беттеп бенде келгисиз,
Бенде жүзүн көргүсүз,
Көрсө көңүл бөлүнүп,

Кайрат менен сымбаты
Бендеден бөлөк көрүнүп.
Мингени тулпар Телкүрөң
Тартпай оозун буруптур,
Он эки кулач сыр найза
Күркүрөтө сунуптур,
Кара көзүн кан чалып,
Кандуу бетин сур чалып,
Өрттөй көзү бек жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Кашка тиши караса,
Таруудайдан быркырап,
Оозундагы көк жалын
Оттой күйүп шыркырап,
Каарданып күйүнүп,
Катын кейпин жоготуп,
Эркекче кийим кийинип,
Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүптүр,
Көк темирден туулга
Көмкөрүп башка кийиптир.
Аң-таң калып Бакай эр
Абайлап карап турду эле.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Бадыша Бакай байкуштун
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Көңүлү кетип көп жакка
Чөгөт болуп бөлүнөт,
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети
Кабылан Манас көкжалдын
Дал өзүндөй көрүнөт.
Ойду-тоонун баарысы,
Ой тобо, жүгүргөндөй көрүнөт,
Өткөн Манас көзүнө
Тирилгендей көрүнөт.
Козголуп жүрөк зыркырап,
Бул карааңды көргөндө
Кокуй күн Бакай буркурап,
Коён туяк колго алып,
Эки көзүн тең ааарчып,
Эс ала албай буркурап,
Баатыр Бакай кабылан
Барыны көргөн олуяң,
Келе жаткан бул адам
Көктөн мунар бөлүнөт,
Манас менен уялаш,
Уялаш түгүл удаалаш,
Камбардай болгон Жакыптын
Туу белинен сызышкан,

Кайран энең Чыйырды *
Жатынын жара тээп чыгышкан.
Эпсиз энең Чыйырды
Уулдан бирди шер тууган,
Кыздан бирди шер тууган.
Уулдан тууган эр Манас
Уялуу журтка кан болгон.
Кыздан тууган Кардыгач
Кыз күнүндө бейтаалай
Кылым чайкап, журт бузган.
Он жетиге келгенде
Найза сунуп, топ бузган,
Кабылган кара калмактын
Канын төгүп сулаткан,
Эңкейиште эр сайган,
Эр Жолойду баш кылып,
Кара калмак, манжунун
Жетөөң жетип бир сойгон.
Каарына бу кыздын
Калайык чыдап турбаган.
Кан Коңурбай баш болуп,
Чынмачындын Бээжиндин
Чын кандары ыйлаган.
Кабактан каар төгүлгөн,
Беттешкен эки бөлүнгөн.
Бээжиндин Чынчы канына
Жана каканчындын шаарына
«Бичигине» чийилген.
Иле суусу чоң дайра
Өйүз-бүйүз жатышып,
Алты миң кытай, сан калдай,
Булардын аксакалы Коңурбай,
Ачбуудан минген эр Жолой,
Чоңкүрөң менен Незкара
Бозбуудан минген Бороончу,
Боз качырчан чоң Дөөдүр,
Ылама, Шыйкоо карысы,
Кайры диндүү капырдын
Алптарынын баарысы,
Жааны тартар ыктуусу,
Качыр минген Карабоз,
Буда шибээ журттун мыктысы,
Солоондордун Бозкертик,
Соорондүктүн Шыпшайдар,
Бүткүл кытай жабылып,
Найзакерден кытайдын
Абыданы жабылып.
Өйүз-бүйүз турушуп,
Найза менен жетишпей
Мылтык менен урушуп,

Тосколдошуп жатышып,
Тогуз кун тынбай атышып,
Бир бирине эрендер
Батыша албай жатканда,
Жекени белге курчанып,
Түмөндөгөн кытайга
Телкызыл менен аралап,
Кардыгач найза сунганда,
Таш сайынган кытайдын
Тазалары кулаган.
Калдайдын туусун кулатып,
Канын сайып сулатып,
Айнымбастан жатышып,
Алтымыш күнү атышып,
Алек кылган кытайды.
Ошондо Чоңтаман, Дөнкөй алп өлүп,
Кытайдан чоң уруш болуп, жалпы өлүп,
Ошо калың согуш ичинде
Кайраттанып жөнөлүп,
Кардыгачтын сыр найза
Капкара канга бөлөнүп.
Кабылан тууган Кардыгач,
Кечилдин каны Коңурбай
Бет алышып турганда,
Кайран жанды аябай,
Ошо турган Кардыгач
Качырып найза салганда,
Алоокенин Коңурбай
Айласы кетип калганда,
Коңурбайдын кырк төрө
Оолжуган калчаны
Ажыратып алганда.
Кытайлардын дөөлөрү,
Аты жок балбан жөөлөрү,
Кумурскадай баатырлар,
Курчаган экен капырлар,
Куруп калсын жалгыздык.
Капырлардын казыналык мергени
Каражой чукул келгени,
Кара жалдуу Бороончу,
Бороончуну сайганда,
Мүшкүлдү ал кыз тартыптыр,
Чукул турган Каражой
Телкызыл атты атыптыр.
Башын чайкап Телкызыл
Бүк түшүп жерге жатыптыр.
Ошондо калмактан балбан Ылама,
Капырдын жайын сураба,
Колго түшкөн ал кызды
Тегеректеп алыптыр,

Эжекең Кардыгач шордуу башына
Калайманды салыптыр.
Ошондо темир аркан торчону,
Тегиз канжар колчону,
Калың кол каптап келгенде
Жакын келген жаңжуңдун
Ичегисин булаптыр,
Найза жеткен жерлерин
Найза менен сойлотуп,
Кызыгып жакын келгенин
Кылыч менен сулатып,
Төрт күнү бейбак чыдаптыр.
Каарданып кайгырып,
Казатка минип отурган
Телкызылдан айрылып,
Ошондо көкүрөктү чаң басып,
Көздү кара кан басып,
Акыл бошоп, ич күйүп,
Дарман кетип салактап,
Эки колу шалактап,
Эки көзү алактап,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү Манас шери жок,
Жети бөрү бир койду,
Жетимим чунак угуптур,
Таласа тарпын коёбу,
Жетимиш калмак бир кызды
Сабаса тарпын коёбу?
Тегеректеп Ылама , ..
Теги эле кармап алыптыр,
Теңиз эжең Кардыгач
Колго түшүп калыптыр.
Кардыгач колго түшкөндө,
Шуру отогот, маржан таш
Зуңтуңдун канын жыйыптыр,
Ыламага балдырап,
Ошо күн нике кыйыптыр,
Кардыгачты Ылама чочко алыптыр.
Кытайча кымчат кийгизип,
Качырдан ылоо миңгизип,
Бээжинди көздөй олжолоп,
Беш жүзү алып тартканда,
Олжолоп кайра кайтканда,
Кабылан Манас, Бакай эр,
Акбалтанын Чубагы,
Кайнап жаткан капырды
Каканды көздөй сайганда,
Кечээ кыргыздын күнү тууганда,
Бейпайга салып капырды
Бээжинди көздөй кууганда,

Бээжин журт качып дыркырап,
Бээжинди көздөй буркурап,
Ысык-Көлдү басканда,
Кызыл-Кыя ашканда,
Кызыталак кытайды
Эчки-Өлбөстү эңкейтип,
Эпсиз сайып барганда,
Маңкан ылдый басканда,
Кордой ылдый чапканда,
Ит урушун салганда,
Иттей кууп алганда,
Көңүз менен Текести
Көмкөрүлтүп алганда,
Иленин башы Үч-Арал
Имерилтип кууганда,
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу
Сүрүп барып турганда,
Тай-Ашуунун чара таш,
Өйүз-бүйүз жери тар,
Камалышып туруштук,
Аламан уруш кылыштык.
Бет алып тынбай урушуп,
Бейпайлашып турушуп.
Кандуу канга канышып,
Качпай туруп салышып,
Түз кармап найза сунушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Түгөнүшүп урушуп,
Дөөсү жанын аябай,
Мүшкүлдөшүп турушуп,
Кытай кайнап толушуп,
Аламан кыргын болушуп
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Найзанын башы чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Кумурскадай былкылдап,
Курттай жайнап кылкылдап,
Асман ачык, жер бүркөө,
Топурак каптап, чаң учуп,
Тогуз күн уруш бир болдук.
Жер көрүнбөс чаң менен,
Жеткилең уруш болгондо
Алек болдук жан менен.
Жабыла кытай жаа тартса
Жаанын огу чыркырап,
Мунун тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Ажалы жеткен өлүшүп,
А дүйнө жүзүн көрүшүп.

Ошо согуш болгондо
Аксакалдуу кары өлгөн,
Кытай менен буруттан
Кыйла адам дагы өлгөн.
Жан кашайып салышып,
Жан талашып калышып,
Бет алышып тиктешип,
Найза салып айкырып,
Бет алганды бүктөшүп,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Күчтөшүп уруш кылышкан,
Кан Бакай абаң ичинде
Калайман салып турушкан.
Кызырлуу Манас каны бар,
Кырк чоронун баары бар,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Арстан тиши өтпөгөн,
Ааламдын алы жетпеген,
Акбалтанын Чубак бар.
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Улак кан уулу Сыргак бар.
Баарысынан артыгы
Таалайлуу Манас канкор шер,
Талыкпай кара кытайга
Талканды салган ошо жер.
Талыкпастан турушуп,
Талкалашып урушуп.
Бет алышып турушуп,
Белсенишип урушуп,
Жекеме-жеке чыгышып,
Чамасы келсе бир-бирин
Жер алдына тыгышып,
Бет алып уруш кылганда,
Бейпайлашып турганда,
Калың кытай калкы бар,
Уругу манжу кытайдан
Чоң Дөңгө деген алпы бар.
Ал Дөңгөнүн өзүнө
Качырдан тулпар мингизип,
Жалаң темир торгой көз
Көк темир соот кийгизип,
Ал капырдын колунда
Он эки кулач сыр найза.
Кырк уруу кытай көп калкка
Ошо келген Дөңгөнүн
Кымбаттыгы билинген,
Каарынан кан чыккан,
Кайратынан жан чыккан.

Жети жыл тынбай жөө жүрүп,
Кап тоонун бери четинен
Жетимиш дөөнү өлтүргөн.
Алты жылы жөө басып,
Найзасын чыктап майлаган,
Кабарыңда бар бекен:
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китең алп,
Маңдайы темир Мангуш алп,
Карагер минген Каман алп,
Сарыгер минген Сазан алп —
Бул бешөө менен чоң Дөңгө
Бет алып найза сунушуп,
Жети күн тынбай урушуп,
Эрдикти мындай кылыптыр,
Кап тоонун бери бетинен,
Суук-Төр деген бир тоонун
Түгөнгөн наркы четинен,
Уруктуу балбан сексен дөө
Тугөл кырып салыптыр.
Сексенинен бешөөнү
Каканчындын канына
Тирүү байлап барыптыр,
Бээжиндин Кары канына,
Тартуу кылып салыптыр.
Ошондо Дөңгөнү каны жактырган,
Байлап барган бешөөнү
Казынага бактырган.
Адам таппас ой кылып,
Сексен төрт күнү той кылып,
Дүңкүлдөгүн урдуруп,
Барабан кулак тундуруп,
Сурнайларын сызгыртып,
Конгуроосун кактырып,
Колодон кылган чоң буркан
Аса байлап алдырып,
Астынан журтун чубатып,
Алекти минтип салдырып,
Этегине кытайча чийип кат коюп,
Дөңгө кан деп ат коюп,
Алтын таажы кийгизип,
Ал Дөңгөнүн бир өзүн
Алтын такка мингизип,
Аярына сынатып,
Ырчысына ырдатып,
Айтканын журтка эп кылып,
Кырк уруу кытай Бээжиндин
Жарымына бек кылып.
Күрмөчөнүн күлдүйтүп,
Ал Дөңгөнүн өзүнө

Күчтүүнүн тонун кийгизип,
Карыпчысын калдайтып,
Канынын тонун кийгизип,
Серүүн жайга бактырып,
Ал Дөңгөнү жактырып,
Аярлары көрүптүр,
Буруттардын буурукма Манас
жиндисин
Дөңгө кармап берет деп,
Үмүт кылып жүрүптүр.
Дөңгөнү бери жумшаарда,
Кары кан менен Эсен кан,
Айжанжуң менен Күнжаңжуң,
Азиз кан бешөө кан экен,
Каканчыны Бээжиндин
Чоң улугу ал экен.
Ушу кыргыздын каны Манасты
Чоң Дөнгө кармап берет дел,
Чоң үмүтү бар экен.
Дөңгөнүн жайын сураба,
Кабар алып канынан,
Кайраты ташып абыдан,
Бузукту мыктап салам деп,
Бейилсиген Манасты
Бет алып кармап алам деп,
Чын камынып чоң Дөңгө
Келип калган кези экен.
Дөңгөнүн жайын сурасаң
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Катылганды жегидей,
Адамдан бөлөк түрү бар
Катылса жандан кан чыгып,
Жана кайратынан жан чыгып,
Качыры жерди тебелеп,
Кан Коңурбай, Жолойду
Катынынча жемелеп:
Эмгиче Манас бурутту
Эңкейтип сайып албаган,
Жылкысы турмак буруттун
Уйларын айдап албаган,
Качырып уруш кылбаган,
Кыздары түгүл буруттун
Катынын олжо кылбаган,
Кайратсыз Калча кайда экен?
Калың кытай, какан журт
Эбелектей чөп болсоң,
Эби жок мындай көп болсоң,
МанЖу, кара калмак журт
Баарың качып алыпсың,
Толуп жаткан буруттан

Жалгыз кыз олжо алыпсың.
Деп ошентип чоң Дөңгө,
Күрмө кийген кытайдын
Күчтүүлөрүн жемелеп.
Таш сайынган кытайдын
Тазаларын жемелеп,
Бүлүктү жаман баштады,
Каарданып чоң Дөңгө,
Кандарынын баарысын
Кырып ие таштады.
Мына ошондо ошол дөө,
Аркасында көп даяр
Каптап турган эчен дөө,
Кайраттанып күркүрөп,
Калың кытай, Коңурбай
Как жарылып дүркүрөп,
Береленип белсенип,
Белгилүүнүн бири экен,
Бери ургандай теңселип,
Как жанына байлалуу
Кызыл баштык дүңгүрчөк,
Колундагы канжага
Дүңгүрчөктө тамеки
Төрт чеңгелдеп салды эле,
Ал Дөңгөнүн канжасы
Дагы толбой ошондо
Жана төрт эли бөксө калды эле.
Жолум үйдөй барбайтып
Киседен чубап кара куу,
Кытай оттук, боор таш
Кырып ийип от коюп,
Канжасына чок коюп,
Соруп алса чоң канжа
Барабандай коркурап,
Коё берсе түтүнү
Кол ыштыктай буркурап,
Жалпы манжу, көп кечил
Жаны калбай чыркырап.
Жылдыз учкан эмедей,
Канжанын чогу зыркырап,
Алдында тулпар качырга
Каарданып камчы уруп,
Каарданып бакырып,
Кел бурут деп чакырып.
Ал Дөңгөнү көргөндө,
Кан Манастын кырк кыраан,
Кыраандын баары жыйылып,
Уу ичкендей тыйылып,
Дөңгөгө чыдап жан барбай,
Кырк чоронун өзүнөн

Өңүнөн биттей кан калбай.
Кызыталак кытайга
Катылган тирүү калбайт деп,
Буга кезиккен тирүү барбайт деп,
Кыргыл баштап карысы
Кырк чоронун баарысы,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Билегинен сап кетип,
Берен Манас кабылан,
Белгилүү тууган олуяң,
Сайыппуруш артык шер
Сайышты кылган ошо жер.
Кожосан Манас кабылан,
Астындагы миңгени
Казатка минер Аккула
Өзү кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу.
Сыр найзаны колго алып,
Аккула санга бир салып,
Арстан төөдөй кабылан
Ал Дөңгөгө кол салып.
Асмандан түшкөн боз кисе
Айкырып белге курчанып, .
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Жер жарылган үн салып,
Берен Манас арстан
Бели артына мекчейип,
Жумулбай көзү чекчейип,
Калмак ээрдин кашы деп,
Омуроо ылдый чөгөрсөм
Жүрөктүн болгон башы деп,
Манас муштап алганда
Кыңкайбады чоң Дөңгө,
Кызыгы калың аңгеме.
Касташкан жоого көп минип,
Кандим болгон Аккула,
Муштаганда Дөңгөнү
Буту жерге орногон.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Жаркырап күлүп тастайып,
Кезегиң алгын капыр деп,
Бээжинден чыккан экенсиң,
Белгилүү Дөңгө баатыр деп,
Белеске турду кан Манас,
Бет алып сайды чоң Дөңгө,
Бейлебей койду кан Манас.
Чокуга турду чоң Дөңгө,
Чоюлуп сайды кан Манас,

Чочубай койду чоң Дөңгө.
Кезекме-кезек турушуп,
Бири-бирине мыкташып,
Кыйкырып найза урушуп,
Кылымда жок чоң жомок
Мына минтип урушуп.
Жана турду чоң Дөңгө,
Жана турду кан Манас,
Жана Манас сайганда,
Чыдап турган Дөңгөнүн
Ок өтпөс тону бөлүндү,
Өпкөнүн тушу көрүндү.
Алапайын таба албай,
Ошо турган чоң Дөңгө
Алек болуп турганда,
Кан Коңурбай, Шыпшайдар,
Кадимки Тикен балбаны
Кан Манасты карата
Аламан коюп калганы.
Кан Манастын кырк төрө
Качырышып турушуп,
Каптатып ийбей Манасын
Карсылдашып урушуп,
Айбалталап чабышып,
Акалашып калышып,
Ыгына келсе жайлашып,
Өлчөөсүнө келишсе,
Курч түпөктүү найзаны
Өлчөлүү жерге кадашып.
Кудай бетин көргөзбө,
Кайсы экени билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Камгак учкан эмедей
Түз жерден жайнап чаң кетип,
Адыр-күдүр аңгектен
Коркурап кара кан кетип,
Дөңгөнүн жайын сурасаң,
Манастын ысыгына чыдабай,
Кайратына бата албай,
Каканды көздөй чу коюп,
Качып калган кези экен,
Акылдан шашып антаңдап,
Кайран Дөңгө канетсин
Шашып калган кези экен.
Энкейишке келгенде
Ал Дөңгөнүн качыры
Букадай мойну бултулдап,
Өргө чыга бергенде
Манас кандын Аккула
Аркардай көзү жылтырап,

Жеткилең Манас абакең
Жебеден мурун жеткени,
Жеткен жерде Дөңгөнү
Качырынын үстүнөн
Көмө коюп кеткени.
Акбалтанын Чубагы
Жетип башын алганы,
Жетиги Манас бул экөө
Дөңгөнү союп салганы.
Белдүү Дөңгө өлдү деп,
Бээжиндин журту качканда
Ошондо берен Манас көкжал кан
Кара манжу, шибээни
Кубалап айдап сапырып,
Бээжинди көздөй жапырып,
Күчтүүсү Дөңгө өлгөндө,
Күйүттү кытай көргөндө,
Кууп-сүрүп отуруп
Жылдыздын нар жак бетинен,
Ак-Талаанын четинен,
Кыраң-Кырдын жонунан,
Ыламанын колунан,
Кайнап жаткан капырдын
Темир аркан торунан
Кардыгачты минтип тартып алганбыз.
Кытайга өнөк алдырбай
Кызыкты мындай салганбыз.
Таласка келип конгондо,
Кайран бала Кардыгач
Жаман атты болгондо,
Эр Манас туруп муну айткан:
Эл оозунда элек жок,
Эси жок журттан угат деп,
Ошо күн жаны чыгат деп,
Элден ушак кеп укса
Ошо күнү өлөт деп,
Жаш кезинде карындаш
Кыямат жүзүн көрөт деп.
Жаман атты болорун
Жарыктык Манас көрдү эле,
Жердин түбү желпиниш,
Желпиништи жердеген,
Жаман элдин ээсине,
Жарманас деген дөөсүнө
Жарманаска бергенбиз,
Жарманаска бергени,
Каттап адам барбаган,
Кабарын киши албаган,
Уламадан уласак,
Биле турган адам жок.

Тетиги кара күрөң ат минген
Кардыгачтын өзү экен,
Кан агасы Манасты
Көргөнү келген кези экен.
Деп ошентип Бакай кан
Оозун жыйып алгыча,
Карындашы Кардыгач
Көнүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Санаасы жаман бөлүнүп, ,
Салаа-салаа көз жашы
Кайран бет ылдый төгүлүп,
Кардыгач бейбак канетет,
Бакайдын жүзүн караса,
Эчки тону этинде,
Жаргак шымы көтүндө,
Сакалынын агында,
Сапары чукул барында,
Гүлдөгөн гүлү башынан
Эбак эле өчүптүр,
Бакай кандын башына
Өлүмдүн түрү жетиптир.
Көкжал Бакай карыя
Көзү кеткен ириңдеп,
Көөдөнү калган кирилдеп,
Мууну калган былкылдап,
Көзү нары жакта жылтырап,
Куудай сакал ак болуп,
Куруй турган чак болуп,
Калган экен Бакай кан.
Тиктеп турса Кардыгач,
Бакай эрдин башына
Өлүмдүн каары жетиптир,
Тирүүлүктүн белгиси
Эчак өтүп кетиптир.
Бакайды көрүп зар ыйлап,
Чыңырып турат жан кыйнап:
Ээ, кабылан Бакай кан аба ай!
Башыңдагы суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Дөөлөтү башта барында
Ким күркүрөп жүрбөгөн,
Бакай канды көргөндө
Бет албай бенде дүрбөгөн.
Берен кан Бакай абакем,
Сен ушундай болдуңбу?!
Тентип кетип алыска
Мен ушундай болдумбу?!
Аба Бакай кабылан,
Кагылайын олуям,

Калайыктын таанышы,
Бу дүйнөнүн калысы,
Топон суу жүрсө тоздобос,
Тоодой абам Манастын
Тоодой алтын мамысы.
Амалсыздан айланып
Алыска кеткен мен элем.
Доол келсе жел тийгиз
Калың токой чер элең,
Кабарың укпай маң болгон
Кайгы баш байкуш мен элем,
Кайрылып келдим Таласка
Аманбы кыргыз элиңиз?
Кабарын аба айтып бер,
Эсенби Манас шериңиз?
Көз көрсө курсак көп кайнайт
Кең-Өзөн, Кең-Кол жериңиз,
Кеп кылдым, аман бар бекен,
Кеңири аргын элиңиз?
Кейитпей аба бачым айт,
Аман-эсен бар бекен
Баякы Манас шериңиз?
Кен-Колго тарткан желебиз,
Кыямат кетпей аманбы
Чыйырды карган энебиз?
Ургаачынын узу эле,
Темиркандын кызы эле,
Бармактайда баш кошуп,
Биттей кезде бириккен,
Сыр билги жеңем Каныкей
Сырттаным аман бар бекен?
Кырк чоронун кыйыны,
Алтымыштын артыгы,
Алтын айдар, чок белбоо
Бээжиндеги Азиз кандын жалгызы,
Алмамбет көкжал эсенби?
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырым этип уйку албаган,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы
Кайран иним эсенби?
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон Манаска,
Кою бирге короолош,
Ашыңар бирге жороолош
Арстаным Чубак аманбы?!

Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштап карысы,
Аргын кандын Ажыбай,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Ырамандын Ырчы уулу,
Колу күчтүү Байчоро,
Кокуй Боз уул аманбы?
Кыялым жакшы бөлгөнүм,
Манастан артык көргөнүм,
Баатыр аба кебимди ук,
Кырк кыраан түгөл аманбы?!
Барганым мынча күн болуп,
Кеткеним нечен жыл болуп,
Бергенинер Жарманас
Жаман элге дөө болуп,
Карындашың Кардыгач
Калың журтка ээ болуп.
Кулалы жыйып, куш кылып,
Курама жыйып, журт кылып,
Тели куш багып, куш кылып,
Тентиген жыйып, журт кылып
Ордо күтүп, кан болуп,
Олуя чалыш жан болуп,
Ар бир жерден эл жыйып,
Курап турган кезимде,
Көкдөө, Акдөө дөө чыгып,
Ат көтөрбөй жөө чыгып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Карагай найза боолашып,
Желпиништин оюнда
Жети жыл тынбай жоолашып,
Чакташып чамам жете албай,
Алышып алым келе албай,
Алты ай тынбай жол жүрдүм,
Ат аябай мол жүрүп,
Күлазыгым түгөнүп,
Канжыгамды жеп келдим.
Уялашым кан Манас
Кол берер бекен деп келдим.
Алмамбет, Чубак баш болуп
Мол берер бекен деп келдим.
Ажыбай, Бакай эгиз эр,
Эгизди берер деп келдим.
Сыргак, Серек теңиз эр,
Тегизди берер деп келдим.
Ак жолтой Манас тууганга
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип,
Өңкөйүп кетип баратам,

Өбөк болор деп келдим.
Күн чыгыш карай учканда
Куштун талыйт канаты,
Босогодон өткөн соң,
Кайра тартып төркүлөө
Ургаачынын адаты,
Аба Бакай артык шер,
Өңкөйгөндө өбөк бол!
Көкдөөдөн кордук көп көрдүм,
Абаке Бакай жөлөк бол.
Өчкөн отту тамызгын,
Өлгөн жанды тиргизгин,
Кабылан Бакай сен элең,
Кароолго чыгып кагышкан
Кардыгач бейбак мен элем.
Анда Бакай муну айтат,
Бенде көргүс шумду айтат:
Окуям айтам Кардыгач
Он эки жыл болгондур,
Кан Бакайдын өлгөнү
Он эки жылга толгондур.
Калың казган орумду,
Кайнаткан кудай шорумду.
Угуптур Кардыгач балам шорумду,
Менин казандай кара чоң бөркүм
Чөп болгондо келипсиң,
Дөөлөтүмдөн мээнетим
Көп болгондо келипсиң,
Көр азабын тартайып
Көргөнүмдө келипсиң.
Көөдөнүм кетип кирилдеп,
Көзүм кетип ириндеп
Өлөрүмдө келипсиң!
Семетей келип жаныма,
Оңолгондо көрүндүң,
Сай көкжалдын баарысы
Жоголгондо көрүндүң,
Өлбөй-житпей кан Бакай
Омолгондо көрүндүң.
Ушу күндө кан Бакай
Баатырлык кетип эрде жок,
Кепин кийип чоң Бакай
Чирип жаткан жерде жок.
Кардыгач балам кебимди ук!
Канкоруң Манас барында,
Бээжинге кирип белги алып,
Бет алып Бээжин жерди алып,
Кармашып жүрүп кайрылып,
Караан кылып отурган
Кан Чубактан айрылып.

Бөлөк журт кытай, көп манжуу,
Бөлүп айдап кайрылып,
Жыйырма жашка келди эле
Эр Сыргактан айрылып,
Серпишип Серек эр-өлүп,
Баатыр Бозуул тең өлүп,
Күлкүчү Күлдүр шер өлүп,
Чоролордон он эки мыкты бек өлүп,
Кароолго чыгып чалдырып,
Намаз окуп айкөл эр
Жүлүндү четтей сайдырып,
Менин айкөлүм Манас кан өлүп,
Мен жүрөмүн Кардыгач,
Төө кайтарып кайгырып,
Төрөлөрдөн айрылып.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанымды кыя албай,
Күн ачылбас түн көрдүк,
Эчки тонум этимде,
Жаргак шымым көтүмдө,
Балам, ботом, Кардыгач,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кечээ абакең Манас өлгөндө
Абандан калган сан дүйнө
Абыке, Көбөш; алты арам
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Ошондо каралуу кеткен Каныкей,
Качып кеткен Семетей.
Буулумду булап оңолуп,
Семетей Букарга кирип чоңоюп,
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Адырдан аккан булагым,
Касташып жүргөн бу балаң
Айкөл Манастан калган чырагың.
Эй Кардыгач, кулунум!
Бузуп ийдиң санааны,
Бурулуп кууп алыпсың
Бууданан калган баланы.
Менин жүргөнүм кара зоо болгон,
Алты арамга кошулуп,
Кырк чочко баары жоо болгон.
Күйүттүү байкуш Кардыгач
Күрмөлүп муну укканда,
Тарак тийбес кара чач
Талынан жулуп ыргытып,
Эсинен танып чыркырап,
Ал шордуу уялаш-ай деп буркурап:
Көрүнгүс жерге мен кетип

Көрбөй калдым жаман ат,
Эми туйгунум Манас ала жат!
Тутам-тутам тал жибек
Туш-туштан кармап бөлбөдүм,
Күн батыш жайдан мен келип
Тууганым сени көрбөдүм.
Каарданып жүргөндө
Казыны кесип жедимби,
Капыстан келип угузуп,
Мени какшатайын дединби!
Кардыгач бейбак муну айтып,
Мелтиреген ак бетке —
Беш тырмакты салды эми,
Жулуп-жулуп алды эми.
Жулкканда кара кан кетип,
Кардыгачтан ал кетип,
Көзүнүн жашы суюлуп,
Эки беттен аккан кан
Акырек ылдый куюлуп,
Чыңырып ыйлап Кардыгач
Чын Манасты укканда
Кудайга үнү угулуп,
Телкүрөңдүн үстүнөн
Тегеренип жыгылып.
Кардыгач антип турганда,
Кадырман Бакай кан ыйлап,
Карангүн жетим дагы ыйлап,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап.
Кайратты кылат Кардыгач,
Кайрат айтат Бакай кан:
Ээй Кардыгач кулунум,
Жылкыдан жылма кер өткөн,
Ушунча журттун атасы
Адам ата теги өткөн.
Эчен албан эр өткөн,
Эчен түрдүү калк өткөн,
Эчен кыйын алп өткөн.
Өткөнгө өкүрө берсе табылбайт,
Кеткенге кейиген менен кабылбайт.
Береки кууп жүргөнүң,
Кан абаң Манас канкордун
Караан кылган жалгызы.
Кардыгач балам кебимди ук,
Кечээ Көкөтөйдүн ашында
Көп жыйылган кашында,
Кошой бата берди эле.
Капыр менен мусулман
Кол көтөрүп чуркурап,
Кошо бата берди эле.

Батадан бүткөн Семетей,
Байкушуңдун чырагы,
Кан Манастын ордуна
Караан кылып турамын.
Бул жетимди тууганда,
Көңүлдөгү капаны
Койбой Манас жойгондо,
Атын эр Семетей койгондо,
Орус тоюн жеп кеткен,
Аман жүрсө бул бала
Ойротту бузар деп кеткен.
Кытай тоюн жеп кеткен,
Аман болсо бул бала
Кылымды бузар деп кеткен,
Өзөңдүү дайра булакта,
Өлгөндө көргөн чунакты,
Өткөрө найза салыпсың,
Өлгүчө кууп алыпсың.
Телкүрөңгө токудуң
Шириден ичмек тердикти,
Жетимимди кубалап,
Көргөздүн бүгүн эрдикти.
Бакай минтип турганда,
Байкуш болгон Кардыгач
Чың-чың ыйлап, чың ыйлап,
Чыңырып катуу бек ыйлап,
Чындаган Манас бир боордон
Калган мерсет деп ыйлап,
Кардыгач туруп муну айтат,
Киши билбес шумду айтат:
Абаке Бакай, Семетей,
Тозбо бүгүн жолумду,
Коё берсең колумду,
Телкүрөң оңдоп минейин,
Тек билбеген алтоону
Тегиздеп айдап сүрөйүн,
Темтеңдетип баарысын
Абыке, Көбөш карысын
Кашайта көзүн оёюн,
Караансыз бузук иттерди
Калтырбай баарын соёюн.
Арстан алган эмедей
Иттерди таптакыр кырып коёюн.
Төбөсүнөн басайын,
Доңуздай сабап жанчайын.
Кара басып жүргөндүр,
Суук дуба салып иттердин
Умачтай көзүн ачайын,
Кутуруп жүргөн алтоонун.
Байлаткан жинин жазайын.

Аракка тойгон арамдын
Айкырган жинин басайын.
Кыргыл баштап карысын,
Кырк чоронун баарысын,
Кыямат кеткен Манаска
Курмандык кылып чалайын,
Өзү тийген иттерден
Моминтип кекти алайын,
Төбөсүнөн басайын,
Төрт түлүгүн чачайын.
Тийип алып бээсин,
Жакын келсе жайната муштап мээсин,
Чыгарайын иттердин
Кутуруп жаткан кээсин.
Кардыгач мындай дегенде,
Семетей мындай деди ошол:
Кокуй, эже не дейсиң,
Бу кебиңди ким уксун,
Көз байлаган түн уксун,
Түбү кара суу уксун,
Түгөнгөн эжем ким уксун.
Ачуусуна келгенде
Агаларын кырды деп,
Ар ким өсөк кылбайбы,
Өзөктөн кудай урбайбы,
Өз тууганын өлтүргөн
Өрнөктө мындай иш барбы,
Жакынын жалмап таштаган,
Адам турмак эжеке,
Айбанда мындай иш барбы?!
Эл оозунда нелер жок,
Манастын жетим жинди уулу
Агасын сойгон дебейби,
Ашкере калкым муну укса,
Мени айың кылып жебейби!
Чогулган адам кеп салса,
Атасы Манастан калган мураа эле,
Чоросун сойду дебейби.
Чогулган журттун баарысы
Чогулуп жүрүп ушактап,
Чогуу эле мени жебейби.
Темиркандын шаарына
Тентип кетип чоңоюп,
Бу Манастын баласы
Теги жок чыкты дебейби.
Жылгындуу Кең-Кол, бу Талас
Атамдан калган жер экен,
Жалпы кыргыз, көп аргын
Атам канкордон калган эл экен.
Ушу турган кең Талас

Каканчындын шаары эмес,
Өпкө жарып, өт алган
Абыке, Көбөш эки агам
Бээжиндеги Коңурбай кытай жоо эмес,
Ушу кокуй күн эжем соо эмес.
Карагын эже бул сөздү,
Кара кырда коо барбы,
Ата кагылайын эжеке,
Какшатып кырып койгудай
Калмактан келген жоо барбы?
Кызыл кырда коо барбы,
Кыйратып кырып ийгидей,
Кытайдан келген жоо барбы?
Эр адам кумар бууданга,
Эгерде кара санабайм
Эришим бирге тууганга.
Эсилим эжем кебимди ук
Сенин этегиң төмөн саатың бар,
Ургаачы деген атың бар.
Желпиниш жерден кайрылып,
Бизге айыл конбойсуң,
Босогоң бөлөк жарыктык,
Бизге эгерде тууган болбойсуң.
Кете бер эже элиңе,
Желпиништей жериңе.
Капа болбо эжеке,
Атан өлсө тайлак бар
Кому жерде калабы,
Атасы өлсө бала бар
Орду куру калабы?!
Келип консом Таласка,
Жети жүз кызыл нар айдап,
Жер чийилген мал айдап,
Нар куйругун өрбөсөм,
Атактуу жездем Жарманас,
Барып жүзүн көрбөсөм,
Жетик абам эр Бакай
Жол баштатып албасам,
Алышкан Ак дөө, Көк дөөгө
Кыргынды кызык салбасам,
Кардыгач эжем, жездемди
Ажыратып албасам,
Бет алышкан душманың
Берен эже, токтой тур
Баарын кырып салбасам,
Манастан туубай өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн.
Кагышып жаткан Көк дөөгө
Кармашып канын төгөйүн,
Жердегениң Желпиниш

Жетип айыл конушуп,
Эжеке сага болушуп,
Жетип уруш салбасам,
Желмогуздун колунан
Ажыратып албасам,
Семетей атым курусун.
Убаданы бек кылып,
Адам өлөр шерт кылып,
Күндү катка салалы,
Күн эсебин алалы,
Убада ушу, кеп ушу
Эжеке эми кайта бар,
Семетей келмек болду деп,
Кан жездеме айта бар.
Зайыптык кылып эжеке,
Кайрылып келбе өзүмө,
Көрүнбөй кеткин көзүмө.
Мен тууганга барганда,
Көрүнүп калсаң көзүмө
Кымбатым эжем өлөсүң,
Кыямат жүзүн көрөсүң,
Артык көзгө көрүнсөң
Эже сени соёмун,
А дүйнө кеткен Манаска
Аякташа коёмун,
Телкүрөң союп жеп кетем,
Эки бирдей энеме
Эжекем Кардыгач өлдү деп кетем.
Кош эмесе эже деп,
Кол алышып калышып,
Колун кармап зар ыйлап,
Кожосан Бакай кары ыйлап,
Кокуй күн муңдуу дагы ыйлап,
Арманын айтып арыштап,
Алда таала, кудайга
Өлгөндө көргөн жетимди
Аманат кылып табыштап,
Кара күрөң ат менен,
Кара күпү тон менен,
Семетейден бөлүнүп,
Кайрылып жүрдү Кардыгач.
Чуңкур терең кабактап,
Коодо жүрдү Кардыгач.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Манастан калган жалгызды
Алты арам алда эмине кылат деп,
Арам санайт көрүнөт,
Тоодо жүрдү Кардыгач.
Мына ошондо Кардыгач,

Семетейге көрүнбөй,
Астындагы Телкүрөң
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Он-тетири теминип,
Өзү көргөн жер менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Кароол карап, жол чалып,
Каарданып из чалып,
Абыке, Көбөш алты арам,
Жетимим кармап алат деп,
Кокусунан кесек ит
Жоксон кылып салат деп,
Кокустан жетим кезиксе,
Түбү жок тууган какшаалга,
Түз кирип найза сунсам деп.
Түгөтүп кырып баарысын
Анан кийин тынам деп,
Майдан жагын бароолдоп,
Семетей кайта тарткыча
Кардыгач жүрдү кароолдоп.
Муну мындай таштайлы,
Бакай менен Семетей
Мындан кабар баштайлы.

БАКАЙ МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ УЧУРАШКАНЫ

Абакең Бакай карыя
Билбегенди билгизет,
Билимдүүнүн өзү ошол,
Туйбаганды туйгузар
Туйгундун кара көзү ошол.
Кабылан Бакай абаңыз:
Кагылайын коргонум.
Жана бейлеп угуп ал.
Атаң Манастан калган кырк чоро
Эчен жерден доо доолоп,
Эчен жерден жоо жоолоп,
Даңгыл болгон капырлар.
Эр өлтүрүп, баш кесип,
Камбыл болгон капырлар.
Айланайын жетимим,
Байкачы ушу кебимди.
Бар сөзүм айтсам чын укпай,
Кетире көрбө эбимди.
Атаңдан калган кырк чороң
Кайда экенин билели,
Арамдарда жок болсо,
Анан барып кирели.
Деп ошентип Бакай кан,
Бир адамга билинбей,

Бир кишиге көрүнбөй.
Өлгөндө көргөн чунакты
Алда эмине кылат деп,
Коркуп жүрөт көрдүңбү?
Абыке, Көбөш капырдан
Чочуп жүрөт көрдүңбү?
Жээк ылдый сыдырып,
Жети мойнок, кырк чыбыр
Койбой баарын кыдырып,
Бөтөнчө кара дөбөнүн
Бөйрөгүнөн караса
Бөтөнчө киши көрүнөт.
Ал кишини көргөндө,
Бөрү Бакай абаңдын
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Атка минген келбети,
Кырк чоронун бири экен.
Муну көрүп зор Бакай
Кыр-кырынан карады.
Кыргыл чал түрү көрүнбөйт.
Маңдайынан караса,
Байчоро түрү көрүнбөйт.
Бастырганын байкаса,
Тазбаймат түрү көрүнбөйт.
Бек жакындап Бакай кан
Берен Бакай көз салса,
Үзүктөй калпак эр Шууту,
Адамзаттын туйгуну,
Кыямат кеткен Манасты
Унутпай жүргөн кургуру.
Кырк чоронун мыктысы,
Көкжал Бакай кабылан
Кеңешин салар ыктуусу.
Ошол күнү кырк чоро
Арак ичип кутуруп,
Ойлогон ою аз болуп,
Ала буурул мас болуп,
Жаткан экен кырк чоро
Кайран Шууту канетсин
Кырк чородон бөлүнүп,
Кызыр чалган Бакайга
Бара жатат көрүнүп.
Байкуш Шууту караса
Дөбөдө турат төөдөй жан,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Агарып тиши мистедей.
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой.
Устукан сөөк мүчөсү,

Абайлап карап отурса
Азыркы жандан бир башка,
Ар жоругун караса,
Абаң Бакай көй кашка.
Бакайбы деп таңданып,
Курган Шууту таңгалып,
Бар борумун караса,
Бакай өндүү кейпи жок.
Байкап-байкап тиктесе,
Каны качып, сөөгү бар,
Карып болгон көрүнөт.
Карып калган Бакайга
Асмандагы жылдыздай
Жошулушту Шууту кул,
Айтмак болду арманын
Кошулушту Шууту кул.
Бакайды Шууту көргөндө,
Көңүлү жаман бөлүндү.
Кайран Шууту канетет,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Жаман жашып зыркырап,
Шуутунун айткан кеби бул:
Салоодон-салоом алейким, аба!
Анда Бакай муну айтат,
Алеки салоом алеки, балам!
Карып болдум десемби, балам!?
Сенин алты кан бегиң эсенби, балам!?
Карыбың Бакай мынакей,
Кайгырып жүрөм десемби.
Менин, кайгым ичтен жоголду,
Бая, картайган Кыргыл эсенби?
Ошо, картайган Кыргыл жоголбойт,
Тазбаймат аман барында
Кырк чоро ишиң оңолбойт.
Айланайын, Шууту кул,
Төрө Бакай мен элем,
Төрө Шууту сен элең.
Айланайын эр Шууту,
Чалгыртың жокпу көзүңдө?
Чалгайың жокпу өзүндө
Буйгатың жокпу көзүңдө
Бузугуң жокпу өзүңдө?
Бакай мындай дегенде,
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа:
Кагылайын, кан аба
Угуп тургун сөзүмдү,
Ыйлатпа менин өзүмдү.
Кош колго салган тушамыш
Өрөө кылды дейсиңби,

Кузгундай болгон ал иттер,
Мени төрө кылды дейсиңби.
Кабар барбы, кеп барбы?
Кагылайын, жан аба,
Кадыр түн өңдүү түн барбы?
Кан Манастын жалгызы
Семетей келер күн барбы?
Аба, Букарды чалып чыктыңбы?
Жетимден кабар уктуңбу?
Күйүттүү жүрөк, көпкөн ич
Кан аба качан басылат,
Жетимим келип бул жерге
Куу кабак качан ачылат?!
Анда Бакай муну айтат:
Эй, айланайын Шууту кул,
Кабылан Манас өлгөндө
Кармаган болот кетилип,
Ушу бүгүн мен турам,
Айланайын, Шууту кул
Жетимим келип жетилип!
Сүйүнчү Шууту, сүйүнчү!
Жетимим келип жетилдим,
Жергеге минтип кошулдум!
Бакай мындай дегенде,
Баатыр Шууту муну айтат:
Абийир берер күн болсо,
Андай аттуу түн болсо,
Аба Бакай кебимди ук.
Ушу бүгүн эр Көбөш
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Төшөктөн башын көтөрүп.
Төбөдөн тийген эмедей,
Турбай жатып алган кез.
Төрөлүгүн мындан бил,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштап карысы
Төбөңдөн тийген иттерди
Төрө кылып алган кез.
Мен бир, борумдап кепти салайын,
Бозого тойгон иттерди
Тескери жолго салайын.
Абайлап кирип барайын,
Аракка тойгон иттерди
Алыс бир жолго салайын.
Айкөлдөн калган жетимдин
Жерин аруу кылайын.
Кароолдо калды кан Бакай,
Кайра жүрдү Шууту кул.
Канча жерди көп көргөн
Даңгыл Шууту баратат.

Келген акыл, кең кыял
Камбыл Шууту баратат.
Кан Манастын барында
Канчалык элчи көп жүргөн
Даңгыл Шууту баратат.
Жүгүрк чечен, жүйрүк тил
Жүйө тапкыч эр ошол.
Кырк чорого кызыкты,
Салган жери дагы ошол.
Кан Көбөштүн ордого
Абыкенин керүүгө,
Мажилис салган жерине
Каарданып бакырып,
Кырк чоролоп чакырып,
Кызыкты салып Шууту кул
Кыргыл баштык карыга,
Кыргын тийген эмедей
Кызык кылды баарына.
Шуутунун айткан кеби бул,
Дүрбөлөң салган жери бул:
Кырк чоро болбой кыйрап кал,
Кырга койгон кароол жок,
Кыйрапсың го баарыңар.
Атаңдын көрү кырк чоро
Арак ичпей, таш ичкин,
Аздык кылса кырк чоро
Атаңдын канын кошо ичкин.
Таласка курган багың жок,
Атандын көрү кырк чоро
Талтайып жатар чагың жок.
Керүүгө тиккен багың жок,
Атаңдын көрү кырк чочко
Керилип калар чагың жок.
Кымыз ичпей, заарыңды ич,
Ичкилик ичпей кырк чоро
Кубаарыңдын канын ич.
Кароол карап, жер чалсам
Кабарды катуу мен алсам
Кара-Буура, Чаткалдан
Оргуп-оргуп чаң чыгат.
Оргуган чаңды карасам,
Эр Шуутудан жан чыгат.
Кара кытай, көп манжуу
Кан Коңурбай баш болуп,
Каптап келген түрү бар.
Манас өлсө баары өлүп,
Атандын көрү кырк чоро
Болбой калган күнүң бар.
Шууту минтип турганда,
Манас кандын кырк чоро

Кыргын тийген эмедей
Кызык болуп шашышып,
Этегин үзө басышып.
Энтелендешип жүгүрүп,
Сурнайларын тартышып,
Манастан калган кызыл нар
Азыгын мыктап артышып,
Жоо жарагын шайланып,
Жан казанын байланып,
Барабанын бир коюп,
Кара-Буура, Чаткалга
Каптап баары чу коюп.
Кырк чоронун ичинде
Адыбай, Көлбай эки арам,
Чыйбыт, Кочкор төрт арам,
Кошо кетип калды эми.
Кеткенин көрдү зор Бакай.
Ошо күнү Көк чолок
Жаадай учуп зыркырап,
Желгенине жел жетпей,
Басканына мал жетпей.
Жетимин көздөй желигип,
Жетти Бакай балага.
Көк чолок оозун бурду эми,
Көкжал Бакай карыя
Көп сөз айтып турду эми:
Атаңдан калган кырк чоро,
Кыргыл баштык карысын
Кызык кылып Шууту кул
Жумшап ийди баарысын.
Ордосунда ойлосом,
Абыке, Көбөш эр калды.
Баса түшүп сүйлөшүп,
Кагылайын, жетимим,
Чыгаралык арманды.
Атаң, Манастан калган сан дүйнө,
Белек бер деп айталы.
Берип калса жаманга
Жамандашпай кайталы.
Кандан калган казына
Каалап сурап көрөлү,
Капырлык кылбай түз турса,
Абыке, Көбөш агаңдын
Каалаган дартын берели.
Айланайын жетимим,
Берен абаң Абыке
Бек акылдуу жан эле,
Айла тапкыч кеменгер
Акылы мынча бар эле.
Көөдөк абаң Көбөштүн

Башы азоо, сөөк жинди
Оргу-баргы жини бар,
Оюңа салам жетимим
Ойлонуп муну билип ал.
Орой кыял Көбөшкө
Көп теңелбе, кулунум,
Ушу айткан тилимди ал.
Акмактар акмак болбосо
Бөлөк эмес санаасы,
Атаң менен аталаш
Бул иттер, кичи катын баласы.
Көкжал Бакай муну айтып
Абыкени бет алып,
Ничке жолун төтөлөп,
Эр Манастын жалгызын,
Караан кылып жетелеп.
Абыке менен Көбөштүн
Мекен кылган ордого,
Бакай менен Семетей
Аттан түшө калды эми.
Түбү коло, учу жез
Бийиктиги төртчө кез,
Кооз коло мамыга
Коңгурап басып барышып,
Окоро түйгөн ак чылбыр,
Көкчолок менен Актулпар
Мамыга күрмөй чалышып,
Бекем байлай салышып
Абыке, Көбөш ордого
Семетей менен Бакай кан
Кирип барган жери ошол.
Экөөнө туруп жалынып,
Абыкенин кеби ошол:
Салоодон-салоом алейким
Арстаным Бакай аманбы?
Аз чатак кылдык туугандан,
Жазганым Бакай аманбы?
Бекип жаткан бек жолду
Ачканым Бакай аманбы?
Бейпай салып Бээжинди
Басканым Бакай аманбы?
Бет алган жоону кыйраткан
Арстаным Бакай аманбы?
Өбөктөгөн куу жандын
Өбөгү Бакай аманбы?
Өлгөнү турган куу жандын
Себеби Бакай аманбы?
Каарданса душманын
Бу дүйнөдөн жок кылып,
Көчүргөн Бакай аманбы?

Өчкөн отун тамызган,
Өлгөн жанды тиргизген,
Өкүм Бакай аманбы?
Оомийин деп кол жайса,
Батам Бакай аманбы?
Манастан калган мураапы
Атам Бакай аманбы?
Карап жүрсө кардым ток,
Көрүп жүрсө көөнүм ток,
Аба, сенден артык мураа жок.
Олуя чалыш жан элең,
Букар жакка бардыңбы?
Жеңемден кабар алдыңбы?
Жолоочулай чыктыңбы?
Жетимден кабар уктуңбу?
Жеткилең аба, кан Бакай
Жетимден кабар сен уксаң
Сүйүнчүгө берейин
Актелки өңдүү малымды ал,
Аздык кылса бул олжо
Көөкөргө куюп канымды ал.
Өзөндүү дайра булактан,
Эптеп жообун угуп бер
Өлгөндө көргөн чунактан.
Анда Бакай муну айтат:
Ой, Абыке жан, кулунум,
Жоктогон жетим табылат,
Жоголгон чунак кабылат.
Сүйүнчүң болсо азыр бер,
Жетимиң мына, азыр көр!
Бакай кан мындай дегенде
Бир-бирден сакал бириндеп,
Абыке ыйлап зирилдеп,
Мурундан суусу суюлуп,
Бууданан калган жетим деп,
Мууну бошоп Абыке,
Көзүнүн жашы куюлуп.
Коңгурап ыйлап сабылып,
Кокуйлап Семетейге жалынып,
Абыке жан аталып,
Каңырыгы бек түтөп,
Ителгидей кара көз
Ирмебестен жаш алып:
Кайгыртып кеткен алыска
Кара кашка тынарым,
Кайрылып келген Таласка
Кагылайын чунагым!
Туйгундан калган тунжурум,
Туу казанат кургурум.
Тулпардан калган туягым,

Туу казанат Манастан калган чырагым.
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган алыска кеткен белегим.
Ай кашында чолпонум,
Манастан калган алдейлеген солтонум.
Кыйындан калган кыраакым,
Кымбат Манас жалгыздан
Калып калган мураапым.
Маңдайга бүткөн барааным,
Баатырдан калган карааным.
Уядан учкан шумкарым,
Жылкыдан чыккан тулпарым.
Мен, казына бактым көп жүрдүм,
Караан кылган жетимди
Келер бекен деп жүрдүм.
Кагылайын жетимим,
Калың малың менде бар
Багып жүрөм аманат,
Каракандын шаарына
Тентип кеттиң жаманат.
Адырда жылкың алты сан,
Айчыктуу кула ала баш,
Ичинде аргымак, буудан аралаш,
Асылым жетим алар деп,
Атасынан бу жылкы
Баласына калар деп,
Багып жүрдүм аманат.
Телмиртип мында абаңды,
Каракандын шаарына,
Тентип кеттиң жаманат.
Боз ала тунжур болпоңум,
Ушу турган Семетей,
Боорума басар чолпонум.
Жел тийбес түптүү чынарым,
Жетиминен жетилген,
Кара кашка тынарым.
Төбөмдө үркөр болжолум,
Төрт курчап кытай жоо келсе,
Бузулбас болот коргонум.
Бу сөздү айтып Абыке
Өлгөндө көргөн жалгыз деп,
Бир Семетей баланы
Орой кармап мойнунан,
Оңгурап ыйлап токтонбой.
Ээгинин астынан,
Кекиртектин үстүнөн,
Абыке сындуу агаңыз
Кур-кур кургур көп жыттап,
Кучактап ыйлап бек жыттап.
Алтоонон Абыке өңдүү кан ыйлап,

Ак сакал Бакай дагы ыйлап.
Абыке, Бакай бул үчөө
Чуркурашып жатканда
Ошондо Көбөш көкжал эр
Зың-зың этип кенебейт,
Ыйлап жаткан буларды
Бучкагына теңебейт.
Көлпөйүп Көбөш жатканда
Көп кызыкка батканда,
Акылай менен ал Көбөш
Айкалышып жатканда
Манастын уулу жетим кул
Акылы жаман бөлүнөт,
Атасы бүгүн өлгөндөй
Көзүнүн жашы төгүлөт,
Дардайган Көбөш агага
Ачуусу келет көрүнөт.
Кайраттанып ич күйүп,
Карап жетим тура албай,
Кызыкты жетим кылды эми,
Кыямат кеткен Манастын
Мүлктөрүн доолап турду эми:
Абыке аба сөзүмдү ук,
Менин атам өлүптүр,
Атамдан калган сан дүйнө,
Чөл түшүрүп бөлгөндө,
Эсепти минтип тапканда,
Жесир энем байкуштун
Эмчегин жара чапканда,
Чын эсебин таапсың,
Айбалталап энемди
Чыңыртып жыга чаапсың.
Манастан калган казына
Такыр талап алыпсың.
Билтениң минтип кылыпсың,
Атамдан калган дүйнөнү,
Олжолоп алып тыныпсың.
Ата ордуна кармаган
Арка кылган Абыке,
Айтмак болдум сөзүмдү ук.
Атам Манастан калган Кумайык
Кырааны журтка сынаакы,
Атам Манастан калган мураапы.
Чоң Таластын жээгинен
Адашып сизге калыптыр,
Ак тайган өңдүү мүлк кайда,
Анын жайын айтып бер.
Текөөрү темир, тээги жез
Тегереги эки кез,
Тепкени тегин кетпеген,

Ага теңдешип кыраан жетпеген,
Көзү кара, көк шал бут
Көргөндөн кайра тартпаган,
Көнөктөй жемден артпаган,
Канатын жыйып шукшурбас,
Казды көлдөн учурбас.
Куйругун жыйып шукшурбас,
Кууну көлдөн учурбас,
Алып жүрөр куш экен,
Атамдан калган мүлк экен,
Акшумкар кайда, абаке?!
Кечээ, түнөрүп жаткан
Чоң-Бээжин
Кан атам казат барганда,
Кошо барган Желмаян
Энекем айткан кеп эле,
Алты агаңда деди эле,
Желмаян күлүк ал кайда?!
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана*, торгой көз,
Атамдан калган Аколпок
Олжого сизге калыптыр!
Белекке мыктап кийүүгө,
Белгилүү чепкен деп угам,
Бет алып жоого тийүүгө.
Жетимди жетим экен деп,
Жеткилең аба көрүңүз,
Каалап келдим өзүңдөн
Аколпокту бериңиз.
Атамдан калган алты курч
Кылычтын кынай мыктысы:
Манас алган Зулпукор,
Ажыбайдын Ачалбарс,
Бакай алган Кылболот,
Алмамбеттин Жойкума,
Эр Чубактын Ойкума,
Сыргак алган Наркескен,
Ардактуу кылыч алты курч
Каралуу энем турганда,
Каптап чаап алганда,
Тартып алып калыпсың,
Каалап келдим бул кайда?
Билген адам айтчу экен,
Асмандан түшкөн боз кисе,
Кан атам көкжал эр менен
Кадимкидей дос кисе.
Бейпай салып энеме
Муну тартып алыпсыз,
Каалап келдим, көнүңүз
Боз кисени бериңиз.

Асынганда жаныбар
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого бир койсо
Аманат жандын баргеги.
Атамдан калган мүлк экен,
Алып жүрөр курч экен,
Аккелте кайда, мунунду айт!?
Менин атам өлгөндө
Адырда жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш
Атамдан калган мал кайда?
Атамдан калган Нарбуурул
Чөлгө тууп, ташка өскөн,
Кайыптан бөлөк башка өскөн.
Кулан менен куушкан,
Кыз Сайкалдын Алгара
Тулпар менен туушкан.
Аркасы бийик, зээри пас
Адырга салса оюбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуусун сөйкөп карыбас.
Тартууга берген Буурул ат
Буура көкүл, тайкы жал,
Буудан атам, кан Манастан калган мал.
Тартууга Сайкал бергенде,
Тай чагында келгенде,
Башына үкү тактырган,
Караңгы жерде бактырган.
Сынчы сынап жактырган,
Абайы жабуу жаптырган.
Мага энчилүү Буурул ат,
Маанисин сурап отурдум,
Таласта кыргыз жан кайда,
Буурул ат өңдүү мал кайда?
Бул мүлкүм кайда, эл кайда?
Анда Абыке муну айтат:
Айланайын, жетимим,
Ал айтканың дагы чын,
Айтканыңдын баары чын.
Атаң Манас барында
Адырда жылкы алты сан,
Аргымак, буудан аралаш
Көбөйдү, азайганы жок.
Атаңдан калган болот курч
Жетилди, кетилгени жок,
Атаңдан калган казына
Толбосо, бөксөргөнү жок.
Атаңдан калган мал мына,
Атаңдан калган жан мына.
Атаңдан калган үп мына,

Атаңдан калган мүлк мына!
Кейип-кепчип көп жүрдүм,
Кан Манастын жетими
Качан келер деп жүрдүм.
Казына мына, эл мына,
Жетимим деп куураган
Абыке агаң мен мына!
Акылман тууган Абыке
Алыстан келген балага
Акылды мыктап кылды эми,
Көрүшүп ыйлап турду эми.
Аны мындай таштайлы,
Көбөштөн кабар баштайлы.
Алаңгазар, ичи тар
Алтоонон арамга тууган Көбөш бар.
Көбөштүн ичи көп арам,
Көбүнөн чочко чын жаман.
Кыялы жаман айгырдай
Торсулдаган кул экен
Токойдогу камандай
Корсулдаган кул экен.
Кыбыладан сызгырган
Жел болуучу кул эмес,
Жетим менен биригип,
Эл болуучу кул эмес.
Козу кара кочкордой
Кокчоктогон кул экен,
Колуна тийген адамды
Токмоктогон кул экен.
Алым-салык элине
Чачып турган кул экен.
Каяшаяк бергенди
Тирүүлөй жерге киргизип,
Басып турган кези экен.
Алтоонон Көбөш кан экен,
Азабы мынча бар экеч,
Өзү бир акмак тууган жан экен.
Турду Көбөш күүлөнүп,
Манастын уулу жетимге
Болжолу жок сүйлөнүп.
Көбөш дүмөк баштады,
Манастын уулу жетимди
Чарпып ие таштады.
Өкүрүгү баш жарды,
Кыйкырыгы таш жарды.
Каарданып күпүлдөп,
Кайран Көбөш дупүлдөп:
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен жетим кул
Каракандын шаарына

Качып кеткен качкын кул
Бу кызыталак жетимдин
Кылып турган ишин көр.
Өлтүрүп башын кыяйын,
Өрт өчкөндөй кылайын.
Жар жыгылса суу жөлөйт,
Бул жалгыз кул өлсө ким жөлөйт?!
Кызыталак жетим кул
Сенин, атаң Манас кандан не калган,
Кула чолок бээ калган,
Курттаган жалгыз төө калган,
Жырык кара уй калган,
Жыртык кара үй калган.
Сенин атаң Манастын
Киргени кара алачык,
Атаңдын күнү өтүүчү
Ар кайсы менен сабашып.
Томаяк кылып сен атаң
Торпокко жүктү арттырган,
Тозокту минтип тарттырган.
Сенин атаң Манас келесоо
Аккуланы минүүчү,
Беттешкен менен урушуп,
Догурунуп жүрүүчү.
Атаңдын минип жүргөн Аккула
Биздин жылкы болуучу,
Догурунуп ал Манас
Күчүн минип жүрүүчү.
Бир кыялы кармаса
Аргымак биттеп ат кылган,
Алтайдан бизди жат кылган.
Мунун атасы Манас келесоо
Кайсы жерде эл чапкан,
Келесоо болчу сен атаң
Биздин мал менен жан баккан.
Чуулган ишти баштаган,
Калмактан келсе кадырлап,
Көзкамандай тууганды
Чогуу союп таштаган.
Жүргөндү зындан коо кылган,
Бузук салып кытайга
Бизди алардан жоо кылган.
Кызыталак жетимдин
Кылган ишин карачы.
Манастан канча жан калган,
Атаңдан кайсы мал калган?
Айтып турган Акшумкар
Уядан өзүм алгамын,
Кубанчыга салгамын.
Кызыталак жетим кул

Качан Манас кушу экен?
Медияндын чөлүнөн,
Даарат алган жеримден
Таап алган Кумайык.
Таап алган өз итим,
Кызыталак жетим кул
Качан Манас ити экен?
Кечээ, барып чаптым Ооганды,
Маргалаң кайдан соо калды.
Кожого кордук салганда
Тартып алган Аколпок
Качан Манас тону экен?
Кызыталак жетим кул
Айтып турган кебин көр!
Боз кисе деп турганын,
Болбос кепти кылганын.
Медийнанын белинен,
Пери ойногон жеринен,
Кайыбынан кабылган,
Как өзүмө табылган.
Кызыталак жетим кул
Качан Манас буюму?
Кызыталак жетимдин
Кылып турган ишин көр.
Кечээ, Букарды бузуп барганда,
Буулумду булап алганда,
Мазарлуудан кабылган,
Ээн жерден табылган,
Асмандан түшкөн алты курч
Өзүм таап алгамын,
Кызыталак жетим кул
Качан Манас мүлкү экен?
Ыргайтынын белинен
Ырас беттеп барганда,
Бейпайды калың салганда,
Көөнө-Турпан астында,
Чоң-Барбардын бетинде,
Лоп дарыя четинде,
Нойгутка кол салганда,
Карачанын Сайкалга
Кагыш кылып барганда,
Карачанын Сайкалын
Өзүм сайып алгамын.
Кызыталак жетим кул
Айтып турган Буурул ат
Качан Манас малы экен?
Адырда жылкы алты сан,
Айтылуу күлүк ала баш,
Ичинде аргымак, буудан аралаш
Өзөн толгон ушу мал

Керденге* бүткөн өз малым.
Качан Манас малы экен,
Ала көөдөн Манастын
Канча малы бар экен?
Кызыталак жетимдин
Кылган ишин көрдүңбү?
Калп эмени доо кылып,
Турган ишин көрдүңбү?
Уйгу-туйгу кеп айтат,
Ушунчам бар деп айтат.
Кара өзгөйлөп ой кылат,
Калп эле мага доо кылат.
Бороондотуп закымдап,
Болбос сөз айтып чакылдап,
Болбоду Көбөш абаңыз
Чын күрсүлдөп кетти эми.
Көбөштүн айткан суук кеби,
Манастын уулу жетимдин
Чучугунан өттү эми.
Теминип Көбөш кыйкырса,
Сөөгүнөн өтүп кетти эми.
Күүлөнгөндөн күүлөнүп,
Көбөштүн көзү ок болду,
Тутамча болбой курган жан
Баланын ичи чок болду.
Тентип-тербип кеткенин,
Теги жок Көбөш акмагың
Тегиз айтып өттү эми.
Дүпүлдөп Көбөш күүлөнүп,
Ушундай деп сүйлөнүп,
Алмамбеттин жойкума
Ала коюп колуна.
Кылыч алып кыйкырып,
Көбөштөп ураан чакырып,
Тагынан түшүп дардактап,
Көбөш кул келет барбактап.
Көбөш жакын келгенде,
Баланын айткан кеби ушу:
Арам Көбөш кебимди ук,
Кулаңды кууй качтымбы?
Куржунда булуң чачтымбы?
Алаңды ала качтымбы?
Аңыраңдап чуркайсың
Мен алтыныңды чачтымбы?
Сураса бербес көп дүйнө
Эми суук укурук саламын,
Кааласа бербес казына
Сенден кармап, тартып аламын.
Сенин каалаганың чатакпы
Азыр кыргын саламын.

Энекем, Каныкей кейип кетиптир,
Сенден үшүнтүп өчүм аламын!
Көбөш жакын келгенде
Манастын уулу эр чиркин
Кагып калды как жаакка.
Кайран Көбөш канетсин,
Жаакка муштум тийгенде
Көзү кетти алактап,
Эси кетти шалактап.
Кудайга үнү угулду,
Жер кучактап жыгылды,
Керегенин көзүнө
Көбөштүн башы тыгылды.
Башын жулуп алгыча,
Эсин жыйып калгыча,
Бөйрөктөн ары бир тепти,
Оозунан акты кара кан.
Ошондо Абыке сындуу агасы,
Булардын арамдыгын карачы,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Угузбастан Семетейге сүйлөнүп,
Көөсөр тууган Көбөшкө
Болушчудай түрдөнүп,
Чаначтай бети кызарып,
Нардай мойну узарып,
Обдулгандан обдулуп,
Балага колду саларда
Кырааның Бакай карманды,
Абыкени тургузбай
Кымбаттуу кептен салганы:
Ай, Абыке жан, ай-ай, жан,
Бул урушкан тууган табышат,
Жетимиңе чий* кетсе,
Эртең эмине деп калышат?
Абыке жан, сабыр кыл,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылсаң озорсуң,
Сабырсыз болсоң тозорсуң.
Абайлагын Абыке
Сен Көбөшкө болушсаң,
Мен балага болушсам,
Өсөк сөз кайдан арылат,
Абийир кайдан жабылат?
Токтоолук кылбай калышсак,
Тойпоктошуп салышсак,
Тозокту көрүп алышсак,
Куюндан оргуп чаң кетет,
Жаңжалдан кара кан кетет.
Кан кеткенде жан кетет,
Ушундай бузук бир кылсак,

Абыке жан, андан кийин кантет?
Арман кайдан арылат,
Агайын кайдан табылат?
Кайгуулга минер Көкчолок
Канчалык өлүп кетсем да
Мен да сендей алым бар.
Абыке жан абайла,
Кыя тартып сууруса,
Кызуусу кумар кылычтын,
Кызыл ала мушташсак
Залалы жаман уруштун.
Абыкени ай-айлап,
Кармап турду Бакай кан.
Өрттөй көзү кызарып,
Жайнап турду Бакай кан.
Көбөштүн жайын сурасаң
Эстен танып колдойду,
Өлгөн жандай солдойду.
Кыямат кеткен немедей
Кызыталак түрүн карасаң,
Билегинен сап кеткен,
Жүрөгүнөн кап кеткен.
Дарман качып, ал кеткен,
Төшүнөн кара кан кеткен.
Жумган көзү ачылбайт,
Сунган буту тартылбайт,
Төшүнүн каны басылбайт.
Ойрон Манас өлгөндө,
Олжону иттер бөлгөндө,
Олжого кеткен Аккелте
Мунун кемтиги билүүлү,
Тоодой Көбөш абаңдын
Эр жагында илилүү.
Кан Манастын Аккелте
Каарды бала салганда,
Көбөш менен бул бала
Тойпоңдошуп калганда,
Керегени тепкилеп,
Өзүнөн өзү тарсылдайт,
Өзүнөн өзү барсылдайт.
Кулактан шүйшүп кан агып,
Өзүнөн өзү дүркүрөйт,
Өзүнөн өзү күркүрөйт.
Аккелтени көрдү эми,
Манастан калган жетимиң
Биле коюп Келтени
Ай далыга илди эми.
Сураса бербес дүйнөгө
Зордук менен кирди эми.
Капшыт жагын караса,

Кан Манастын Сырнайза
Капкара канга бөлөнгөн,
Туткасы алтын көөрдөн.
Ар уруу жыгач бурдурган,
Жез аралаш желимдеп
Бөлүнүп кетпес кылдырган.
Муунак-муунак баптаган,
Колдон тайып кетет деп,
Пил терисин каптаган.
Тутам жерин сырдаткан,
Тутам жерин кырдаткан.
Учу болот, бөрү тил
Таштан кайра тартпаган.
Ак болоттон кынаткан,
Алышкан жоону кулаткан.
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү менен дос экен,
Тийгенинин баарысы
Кабылдап өлүп кетсин деп,
Адамдын көз жашы менен сугарткан.
Кыйын уста Бөлөкбай,
Темирин тегиз чойгулап,
Барскан менен койгулап.
Көмүрүнө чыдабай,
Токойдун чети оюлган,
Көөрүгүнө чыдабай,
Көп букачар союлган.
Атамдан калган белек деп,
Бул найза бизге керек деп,
Аны да алды Семетей.
Манастан калган дүнүйө
Кыл эмесин таштабай,
Абыке, Көбөш колунан
Тартып алды Семетей.
Манастын уулу бул жетим
Эшикти көздөй октолду.
Көңүлү жашып бөлүнүп,
Ээрчиткени эр Бакай,
Бастырып чыкты жетимиң
Арстандай көрүнүп.
Кайран Бакай көз салса,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынат,
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынат.
Колдогонун көргөндө,
Кожосан Бакай абасы
Жаны калбай жалынат.
Баабединин бат айтып,
Бир кудайлап жат айтып,

Байкуш Бакай келе атат.
Кайра тартып жол жүргөн,
Бул экөөнүн коногу,
Эми айтып берейин
Абыке, Көбөш жомогун.
Акыл кирип, эс жыйнап
Көбөш өздө турду эле.
Шооруктун кызы Акылай
Шоодураган капырай.
Кан Манасты унуткан,
Азыр ит Көбөштүн катыны
Каарданды капыры.
Оңбогон катын оңбоду,
Бузуктан бирди койбоду.
Чыр чыгарын билбеди,
Чыңырып ыйлап арылдап,
Бузукту артык тиледи,
Көбөштү жаман сүрөдү.
Кичи катын арамдар
Уулу экениң чын экен.
Ара күрмөй дардайган
Кий* экениң чын экен.
Төшкө жатар, чолок конч
Ит экениң чын экен.
Менин, ит деп айтар кебим бар,
Силердин, иттик кылган жериң бар.
Ит дегениң ушу эмеспи,
Таласка конуп дөө болбой,
Канкордон калган казынам
Какшаалдар баарың ээ болбой.
Кымбаттуу дүйнө мүлкүмдү
Кыясынан чалдырдың,
Кымбат баа дүйнөмдү
Бир жетимге алдырдың.
Атаңдын көрү алты арам
Туубай туна чөгүп ал.
Тирүү жүрбөй өлүп ал!
Акылай мындай кеп урду,
Көбөштү кудай бек урду.
Жоо-жарагын шайланып,
Манастын уулу жетимге,
Сайышмак болду камданып.
Күүлөнүп Көбөш муну айтат:
Атасы Манас көөдөктү
Алты алдаган колум деп.
Темиркандын шаарынан,
Тентип келген жетимге
Көрсөтөйүн сонунду.
Карап турган жетимге
Калайманды салайын,

Каарыма келтирди,
Кармап башын алайын,
Кара жолтой жетимди
Жол үстүнө жарайын.
Караан кылган эмесин
Тындым кылып салайын.
Өлөрман тууган жетимге
Кыйкырып найза сунайын,
Жаш кезинде жайратып,
Өрт өчкөндөй кылайын.
Жаңы чыккан кайыңды
Сулаткандай кылайын.
Жардуу тоонун тумшугун
Нураткандай кылайын,
Аргын менен кыргызды
Көчүргөндөй кылайын,
Маңдайында жарыгын
Өчүргөндөй кылайын.
Күйгүлтүккө жетейин,
Бакай баштык карысын,
Баласы менен баарысын
Күбүп-күбүп өтөйүн.
Тору айгыр кармап минейин,
Темиркан көздөй сүрөйүн.
Ушуну айтып бул чочко
Акылай кылган боз чепкен
Эндей этке кийди эми,
Желедеги токмок жалдуу тору айгыр
Жайдак ыргып минди эми.
Майлуу кара бел бакан
Ийинине салды эми.
Жоо качтылап бакырып,
Көбөштөп ураан чакырып,
Кыйкырып кууп калды эми.
Токмок жалдуу тору айгыр
Жаадай учуп закымдап,
Семетей менен Бакайга
Кирип келди жакындап.
Бакай менен Семетей
Зың-зың этип кенебей,
Жүрө берди бастырып,
Өкүрүк салган ал итти
Бучкагына теңебей.
Көбөш жетти күүлөнүп,
Бакай канга сүйлөнүп:
Кызыталак Бакай кул,
Маңдайда жалгыз алачык
Бараанбы деп келипсиң,
Манастын акмак жетимин
Караан го деп келипсиң.

Караанынды кагайын,
Кызыталак куу сакал
Эсебин азыр табайын.
Сакалыңдын агында,
Сапарың жакын барында
Бузукунду билбейсиң,
Журт чайкабай жүрбөйсүң,
Карып калган чагыңда,
Өлүмүң жакын табыңда.
Көкчологуң шыйпантып,
Жердин үстүн чалыпсың,
Манастын тентип жүргөн жетимин
Караан кылып алыпсың.
Качан болсо сен какбаш
Бузуку кепти ойлойсуң,
Журт бузганың койбойсуң.
Ааламга чыр салдың,
Бузукка эгер тойбойсуң,
Минтсең какбаш оңбойсуң.
Бузукту салып бу жерге
Туура кылып келипсиң,
Манастын уулу жетимди
Мага буура кылып келипсиң.
Кесириң мынча журтка өттү
Кең-Колго боюң жашырып,
Эчак өлчү жетимди
Сен, кең Таластан качырып.
Буурул сакал Бакай кул
Бүркүт кылдың башыма
Манастан калган балаңды.
Азыр бузуп кетейин,
Түптүз кылып калааңды,
Курмандыкка чалайын
Сенин, караан кылган балаңды!
Каарданып күпүлдөп,
Кайраты толуп дүпүлдөп,
Кара майлуу баканды
Кармай калып имерип,
Каңк дедире Бакайды
Чокуга салып жиберип.
Бакан күчтүү жеткени,
Төрт элидей Бакайдын
Орой чоку үстүнөн
Тилинип чыгып кеткени.
Кайран Көбөш дардайып,
Каарданып барбайып,
Семетейге жеткени.
Бакан менен баланы
Дагы салып өтөрдө,
Атасы Манас көкжалдан

Арта тууган бу жетим,
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумгуча
Койбоочудай баканын
Колунан сууруп ыргытты.
Бузукка көзүн салганы,
Бура тартып алгыча
Бу чылбырдан алганы,
Былкылдатпай Көбөштү
Мыктап кармап калганы.
Манастан калган Зулпукор
Бала жетим чунагың
Кармай калып сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Курмандыкка чаларда,
Башын кесип аларда,
Куруп Көбөш каларда
Абасы Бакай карыя,
Шай колдогон олуя,
Көкчолок оозун бурду эми,
Көбөштү кармап баладан
Арачалап турду эми,
Алтындай кептен урду эми:
Ээй, айланайын, жетимим,
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым.
Жаман тууган кагышат,
Жай билбестер чабышат.
Жарылган баш жабылат,
Бир тууган кайдан табылат?
Айрылса баш таңылат,
Агайин кайдан табылат,
Алты ай тынбай жол жүрсө,
Көңүл калбайт буудандан,
Найзалашып сайышса,
Көңүл калбайт туугандан.
Бул Көбөштүн жанын бер
Айланайын, жетимим,
Бир кашыктай канын бер!
Тууганын сойгон оңчу эмес,
Душман тууган болчу эмес.
Кыйрына тийген оңобу,
Бизге кытай тууган болобу?!
Аман болсо жетимим
Эртең Талас конобуз,
Абыкени сойгон деп,
Жаман атты болобуз.
Манастын уулу эр жетим
Тууганын таап алды дейт.
Таласка жетим келгенде

Көбөшүн союп салды дейт.
Көп душман өсөк кылуучу,
Үшүнтүп кудай уруучу.
Тору айгыр соога малын бер,
Агаңдын бир кашыктай канын бер.
Кадырман Бакай канзаада,
Арачалап турганы.
Ачуусун жетим тыйды эле,
Мынча жерге чыр салган
Бул Көбөштүн дүмөгү,
Тору айгырдын башында
Аккуланын жүгөнү.
Каарды кайра салды эми,
Тору айгырдан жүгөндү
Эр Семетей көкжалың
Тээп сууруп алды эми.
Жүгөнү баштан кеткен соң
Тору айгыр токтоп турабы,
Үйрүн көздөй чү койбой.
Айгырды кудай урабы.
Тору айгыры курусун,
Азынап алып дыр коюп,
Үйүрүн көздөй чү коюп,
Жайдак болчу ал Көбөш.
Куймулчак жооруп зыркырап,
Көчүк эти быркырап.
Тору айгыр чуркап зыркырап,
Күүлөнүп чуркап тору айгыр
Желеге чуркап жеткени.
Жетип токтой калганда,
Жерге кирген ит Көбөш
Үстүнөн ыргып кеткени.
Ала салып эр Көбөш
Кулап жерге жеткени.
Коломто бою кара таш,
Башы тийип өткөнү.
Тору айгырдан токмок жеп,
Арам каны төгүлүп,
Жети күнү алсырап,
Жатты Көбөш кансырап.
Көбөш минтип турганда
Кыргыл баштык карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кырк чоронун баарысы,
Кайгуул карап, жер чалып,
Он күндүк жерге барыптыр.
Кайгуулдан чоро келгиче
Кара баскан эмедей,
Кадимки Көбөш акмакты
Кудай уруп салыптыр.

Буласын булап өтүптүр,
Бакай менен Семетей
Бул иттин, түбүнө чогуу жетиптир.
Манастан калган мүлктөрдү
Чогуу алып кетиптир.
Акылай турат арылдап,
Кырк чоронун баарысын
Сүрөп турат чарылдап:
Кагылайын кырк чоро
Качкынга сүрөөн салып бер,
Тартып кеткен мүлктөрдү
Өзүмө кайра алып бер.
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти кырк чоро.
Ажыбай, Шууту муну айтат:
Аңылдайсың Акылай
Көңүлгө салдың санааны,
Кырк чоро калат талаага,
Не бет менен кол салдык
Кызыр чалган Манастын
Өлгөндө көргөн балага.
Качырып уруш салгыдай,
Ал Семетей кабылан
Калмактан келген жоо эмес,
Акылай жеңем угуп тур,
Бу кыялың соо эмес.
Туура арбакка чатылып,
Чорону кудай урабы
Туйгун Манас баатырдын
Жалгызына катылып.
Тузу оор Манастыл
Тузу бизди сорбойбу,
Арбагы оор Манастын
Арбагы соруп койбойбу.
Абыкенин ордого
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Кызырдуу сөздү укканда
Кыйрап түштү баарысы.
Жоо-жарагын илишип.
Ичкиликке киришип.
Абыкенин үйүндө
Капшытында кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир арак.
Жан аякка куюшуп,
Жалпы баары сунушуп,
Жаның чыккан кырк чоро
Жан аябай урушуп.
Манастын уулу жетимди
Кырк чоронун иши жок,

Кайдасың деген киши жок,
Арак ичип алкынган,
Кымыз ичип кыйкырган,
Кырк чоронун домогун,
Эми айтып берейин
Эр Семетей жомогун.
Ээр белдей мойнокко
Эр Семетей, Бакай кан
Эми чыгып барды эле.
Кутпа жагын караса
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө
Бакай кандан жан чыгат.
Көкчолок оозун бурду эми,
Жетимим деп чакырып,
Бери кел деп бакырып,
Берен Бакай турду эми.
Баабедин деп бакырат,
Семетейлеп чакырат:
Айланайын, Семетей,
Каным, Манастан калган эрмегим,
Өлгөнүмдө көргөнүм,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен билгенди билдиңби?
Бүгүн Бакай абандын
Боконо сөөгү болкулдайт,
Эт жүрөгү солкулдайт.
Ээй, айланайын, жетимим,
Оргуган чаңды көрдүңбү?
Оргуган чаңды билдиңби?
Чандын алдын карасам
Көңүлүм бошоп бөлүнөт,
Сенин, Нарбуурул атың көрүнөт.
Минчү болсоң сынаакы,
Атаң, Манастан калган мураапы.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Ошо Буурул жаныбар
Тосуп чыккан көрүнөт.
Он эки жылга толду деп,
Быйыл казатка минер кадырлаш,
Келер кези болду деп.
Кымбат тулпар Нарбуурул
Көкүлүн көккө зыргытып,
Кара жердин кыртышын
Чапчып-чапчып ыргытып,
Куйрук, жалы бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Айтайын десе тили жок,
Айбан да болсо Буурул ат

Окуранып болкулдап,
Ичин жыйып солкулдап.
Теңиздин уулу жетимиң
Тегерегин карабай,
Тайбуурулду көргөндө
Тегеле жанын аябай.
Тилегин кудай бергенсип,
Тим эле Манас атасы
Бүгүн тирилип жанга келгенсип,
Буурулду көрүп турганда,
Манасты көргөн эмедей,
Айбандын зору Буурулду
Мойнунан кармап буркурап,
Ууртунан жыттап алды эми.
Манастын уулу жетимиң
Оңгурап үндү салды эми.
Муңдуу Бакай канетет,
Мундашын көргөн эмедей,
Мурда өткөн Манас канзаада
Курдашын көргөн эмедей,
Берени Манас тирилип,
Бетине бүгүн келгендей
Буурулду көрүп кан Бакай
Көкүлдөн кармап кур жыттап,
Куркурата бек жыттап,
Айбан да болсо Буурул ат
Курдаштан калган деп ыйлап,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап.
Бакай менен Семетей,
Катар ыйлап зыркырап.
Манастан калган сан жылкы,
Тебелеп кетчү эмедей,
Тегеректеп чуркурап.
Теги кудай берген соң,
Буурул өзү келген соң,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Ойронуң Манастан калган эмеспи
Аккулага чак тизгин.
Беренелүү оң жүгөн,
Ооздугу болоттон,
Ойрон, Манастан калган чоң жүгөн.
Буурул атка катты эми.
Ал-аңгыча болгон жок,
Жана кызык, жана бар.
Кайып болуп Буурул ат
Бу Таластан качканда,
Сексен күлүк ээрчитип,
Жер кыдырып басканда
Ошондо, Камбар ата, чоң боз бээ

Кан Манастын өз малы,
Буурул атты ээрчитип,
Кошо кеткен эмеспи.
Кароол карап, жер чалып
Жүрүп жүргөн эмеспи,
Семетей качан келет деп,
Күйүп жүргөн эмеспи.
Окуранып ал боз бээ,
Оң жагынан кез болду,
Манастын уулу жетимиң
Алдасына жалынып,
Манастан калган боз кесе,
Моюнуна салынып,
Ошо турган боз бээни
Кулагы менен көкүлүн
Кошо кармап алды эми,
Атасы Манас жолуна
Атап туруп чалды эми.
Боз бээни союп жатышып,
Кызыкка мындай батышып,
Манастын малы эмеспи
Талаага союп жайнатып,
Жан казанга кайнатып,
Бакай менен Семетей,
Жылкычы бар, кары бар
Манасты билгендердин баары бар.
Түлөөгө боз бээ союлуп,
Түгөл курсак тоюнуп.
Өчкөн оттор жагылып,
Өлгөн жандар тирилип.
Ой, тоонун баары жүгүрүп,
Ой тобо, Манастын уулу экен деп,
Көргөндүн баары сүйүнүп.
Баабедин деп бакырып,
Манастын жалгыз уулу келди деп,
Сүйүнчүлөп чакырып.
Эң алдуусу бээ союп,
Ортолору кой союп.
Жарыктык Манас көкжалдын
Жалгыз уулу келди деп,
Бизге, жараткан кудай берди деп,
Ойдогусу тоосуна,
Сүйүнчүлөп жүгүрүп,
Күүгүм Кирип, күн батты,
Элдин алды ным жатты.
Төбөдөн жылдыз быркырап,
Кыбыла көздөй зыркырап,
Чолпон жылдыз бөлүнүп,
Таң шоокуму көрүнүп.
Таңдын муздак жели зыркырап,

Кайыңдын башы дыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Олжого түшкөн боз куржун,
Актулпарга арттырып,
Жез казанды көмкөрүп,
Аколпокту бөктөрүп,
Актулпарга жүктөтүп,
Жылгындуунун оюна,
Чоң Кең-Колдун боюна ,
Бала, Бакай барды эле.
Так ошентип турганда
Адыр-адыр бөлүнүп,
Ал адырдын жонунан
Аркар айдап акактап,
Кумайык байкуш көрүнүп.
Бери карай келгенде,
Кула бээни сойгондо,
Аманат кылып жанына
Кумайыкты койгондо.
Кан Манастын Кумайык
Кула бээнин этине
Баса жатып тоюптур,
Баатыр Манас султандын
Бардыгындай болуптур,
Семирип-сергип алыптыр,
Кубат кирип калыптыр.
Семетей кайра тартканча,
Элден кайра кайткыча,
Адырдагы аркарды
Айдап жүрүп жарыптыр,
Көргөн жанга тамаша
Мынча кызык салыптыр.
Будурдагы бугуну
Бузуп айдап жарыптыр.
Адырдагы куланга
Аябай кыргын салыптыр.
Куруп калган Кумайык
Кумары жетик каныптыр.
Жетим, Бакай алдына
Салып келсе Кумайык,
Кундуздай жүнү толуптур,
Айкөл Манас баатырдын
Бардыгындай болуптур.
Таштап кетсем жаманат,
Кагылайын энеме
Апарайын аманат.
Энекем айткан кеп эле,
Ала келгин деди эле.

Кумайык таап кудайлап,
Курган жетим муну ойлоп,
Ойду-тоонун баарысы
Жүгүргөндөй көрүнүп,
Султан Манас атасы
Тирилгендей көрүнүп,
Ээрчиткени эр Бакай
Андан бери бастырды.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Үстү жакы сеңирден
Дагы кызык көрүнөт,
Көрүп алып Бакайдын
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Манас кандын Акшумкар
Баласы бүгүн келет деп,
Тосуп жүргөн көрүнөт.
Ошо күнү Акшумкар,
Ашуу тосуп алыптыр,
Келгин куу, келгин каз
Кыргынды кызык салыптыр.
Кыямат кеткен Манастын
Арбагын сыйлап алыптыр,
Канетсе Бакай, жетим келет деп,
Жолунан тосуп калыптыр.
Тилегин кудай бериптир,
Тегерек болгон баласын
Терекке алып келиптир.
Он экиде жетимди,
Учуп көзүн көрөм деп,
Атасы Манас айкөл шер,
Арбагын сыйлап Манастын,
Баласына баласын,
Аманат кылып берем деп,
Келип калган кези экен.
Энесинен баласы
Алда канча чоң экен.
Текөөрү болот, тээги жез,
Тегереги эки кез.
Көзү кара, көк шал бут,
Көргөндөн кайра тарткысыз.
Акшумкардын баласы
Көөдөн жүнү толуптур.
Камчыланып жаныбар
Тегерек канат болуптур.
Айтайын десе тили жок
Акылман эстүү Акшумкар,
Каз, каркыра, келгин куш
Азыкка жыйнап коюптур.
Камалып жаткан каз, өрдөк

Элесин көрүп шумкардын
Эси мындан чыгыптыр.
Баш көтөрбөйт баарысы,
Баш-башын сууга тыгыптыр.
Канаттын күүсү угулуп,
Каршы-терши жыгылып,
Балырга башы тыгылып,
Турган экен жаныбар.
Береңиң жетим муну алып,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып.
Жоголгондор табылып,
Абийири мындан жабылып.
Акшумкарды алганда,
Ойду-тоонун баарысы
Жүгүргөндөй көрүнүп,
О, дүйнө кеткен атасы
Тирилгендей көрүнүп.
Көкжал Бакай абасы
Кисесинен* бир боону,
Алып чыкты абаңыз,
Жибектен чалган боо экен,
Акшумкарга такты эми.
Бакай минтип жатканда,
Манастын уулу эр чиркин:
Кудай таалам берген соң,
Кайыбынан Акшумкар
Баласын алып келген соң,
Аянып кантип калалы,
А дүйнө кеткен атакем
Арбагына багыштап,
Актулпарды чалалы.
Актулпарды айтканда
Безге сайган эмедей
Ыргып кетти эр Бакай.
Кокуй, жетим, тилимди ал
Тил албасаң жаманат,
Коркконунан таятаң,
Актулпар берген аманат.
Аманат атын сойгондо,
Өлүм кылып койгондо,
Канеткенде оңобуз,
Калкка шылдың болобуз.
Болор кепти мокотпо,
Адам болсоң жетимим
Актулпарды жоготпо.
Кудай урган кан эле,
Малга кароо жан эле,
Айтканыма көнө көр,
Айланайын, жетимим,

Актулпарды алып барып
Аман-эсен бере көр.
Жамандашпай, касташпай
Бу кызыкты сала кел,
Таятаңдын батасын
Жакшы сурап ала кел.
Эсен барып, бат келгин,
Эрикпей барып шат келгин.
Астында күлүк Нарбуудан
Таштуу жерде тарта бар,
Жесир энең шордууга
Жеткилең Бакай канды көрдүм деп,
Дубай салам айта бар.
Деп ошондо муну айтып,
Нечен кепти билгизди,
Манастын уулу жетимди
Абакеси кан Бакай
Букарды көздөй жүргүздү.

СЕМЕТЕЙ ТАЛАСТАН БУКАРГА КАЙТА ЖӨНӨГӨНҮ

Бура тартып Бакай кан
Бек жайлоо көздөй жөнөдү.
Берендин уулу жетимиң
Букардан бери чыгарда
Тилек кылып көп ыйлап,
Эки энекем тең ыйлап,
Кечикпей келгиң деп ыйлап,
Байкуш энем Чыйырды,
Токсон беште карыям,
Атам Манасты тууган олуям,
Чыңырып үндү салды эле,
Күн эсебин алды эле,
Күндү катка салды эле.
Нары баргын он күнү,
Элде жүргүн он күнү,
Кайта келгин он күнү.
Үч мезгили отуз күн,
Отуз күндө келбесең
Энекемдин кеби эле,
Ажалдан мурун шордуу энем
Өлүп алам деди эле.
Чөккөн төөдөй бүкчүйүп,
Бөгүп калган энекем.
Эки күнү кечиксем
Бөөдө ажалы жетеби,
Арманда өлүп кетеби.
Убадасы отуз күн,
Энекем өлүп калабы
Каранды башка салабы.

Манас кандын Аколпок
Бала жетим кийди эми.
Топчулугу бир тогуз,
Топчулугун бекитип,
Үпчүлүгү бир тогуз
Үпчүлүгүн бекитип,
А кудай деп сүйүнүп,
Аколпокту кийинип.
Манастан калган Боз кисе
Курчанып белге чалды эле.
Бала төрө кабылан,
Эртеги өткөн атасы
Манас болуп калды эле.
Атасы Манастан калган Зулпукор,
Сол жагына илди эми.
Асынганда айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого салганда
Аманат жандын эрмеги.
Атасы, Манастан калган мүлк эле,
Атасынын Аккелте
Айдалыга илди эми.
Ашып- шашып Семетей,
Букарды көздөй жүрдү эми.
Жетимиң, булардын баарын алганда
Көркүнө чыгып балкылдап,
Көкжалдын, көнөктөй болгон Акшумкар,
Оң колунда жаркылдап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Он эки мүчө тең болуп,
Манастай болуп көрүнүп.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Манастын уулу жетимиң,
Беттешкендин баарысын
Тирүү чайнап жегидей.
Бөөт-бөөт белди ашып,
Бөлтөк, чуңкур жер басып,
Адыр-адыр белди ашып,
Адырмак, артуу жер басып,
Тоңкойгон чуңкур, коо кечип,
Манастын уулу кабылан
Томпойгон өөдө тоону ашып,
Чыбыр-чыбыр мойнокту
Чындап жүрүп айланып.
Астындагы Буурул ат
Аңгек-дөңгөк жер келсе
Атынын жайын айтайын,
Капкандай бели ийилип,
Кең сайча аңгек кез келсе,
Илинбей ыргып түйүлүп.
Ырас буудан экен деп,

Манастын уулу эр жетим
Кубанып эми сүйүнүп.
Ошондо бала муну ойлойт:
Бүгүн миндим жаңыдан,
Бу жаныбар Буурул ат
Тулпар экен абыдан,
Тулпары бүгүн билинет,
Туягы тийген жерлери
Туш-тушунан бөлүнөт.
Туура алты ай жол жүрсө,
Тулпарлык жайы көрүнөт.
Туушун көрсө Семетей,
Туяктын туура тийген жер
Кемеге болуп оюлат,
Сүрдүгүп туяк тийген жер
Белги болуп союлат.
Ат боройго салды эле,
Аябай жүрүп алды эле.
Манастын уулу жетимин
Ошо күнү барбаса,
Кыяматтын кыстоосун
Көрө турган болуптур,
Отуз күнү так болуп,
Ойрон энең Чыйырды
Өлө турган болуптур.
Тамак ичпей, аш ичпей,
Азапты минтип салыптыр.
Жетимим качан келет деп,
Боздоп жатып алыптыр.
Жетимди кудай берет деп,
Аман болсо келет деп,
Кайран энең Каныкей
Азапты тартып алыптыр.
Энеси чөгүп турганда,
Бул азапты кылганда.
Кайран жеңең Каныкей
Тизеси жерге бүгүлүп,
Темиркандын мунара
Чуркап чыкты жүгүрүп.
Үмүт кылат Каныкей
Жетимин чыгып көрүүгө,
Көрсө айтып кабарын
Чыйырдыга берүүгө.
Чыгырыгын имерип,
Чын көзүнө жиберип,
Дүрбү салып караса,
Алда таала бир кудай
Берип салган көрүнөт,
Элине кеткен жалгызы
Келип калган көрүнөт.

Асты жагын караса
Жолборстон кайра тартпаган,
Аюудан кайра кайтпаган,
Агытканын күлдүргөн,
Тиштегенин бүлдүргөн,
Бала экенде баптаган,
Күчүгүндө сактаган,
Мойнуна каргы тактырган,
Көңүлү кургур бөлүнөт,
Астындагы чуркаган
Чын Кумайык көрүнөт.
Артындагы келаткан,
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга шумкарым,
Өзөндөн аккан булагым,
Тайбуурул менен келетат
Өлгөндө көргөн чырагым.
Каалаганың бериптир,
Карааным жетим келиптир!
Тилегиң кудай бериптир,
Тим эле энем өөдө бол
Тиктеген жетим келиптир!
Бала кирди Букарга
Бар жабдыгы шайлалуу.
Манастан калган аманат
Бары, жогу камдалуу.
Сөөлөтү артык бир далай.
Байкуш жетим барбайып,
Атасы Манаска окшоп дардайып,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынып,
Каймана колдоп алыптыр.
Чолок көк жал арстан
Жандай салып чамынып,
Кырк чилтен, кызыр Илияс
Кыйын колдоп калыптыр.
Кыдырата баланы
Тегеректеп алыптыр.
Канык ей менен Чыйырды
Карааның көрүп балага,
Кара жанын курмандык
Кылып турат садага.
Эсилди көрүп алганда
Эки энеси сүйүнүп.
Кумайыкты көргөндө
Канык ей менен Чыйырды,
Катар экөө күйүнүп,
Айтайын десе, тили жок,
Айбандан эстүү Кумайык,
Калайык бар, каны бар

Кумайык минтип турганда,
Калың журттун баары бар.
Эки айымды көргөндө
Бөдөнөдөй бөгүлүп
Бөгүп келди Кумайык,
Көзүнүн жашын иргилтип,
Төгүп келди Кумайык.
Эки айымды көргөндө
Куруп турду Кумайык,
Адамдан бетер оңулдап,
Улуп турду Кумайык.
Мына ошондо Кумайык
Каныкейди көргөндө,
Төшүнө башын салды эми,
Киши ыйлаган эмедей
Боздоп жатып алды эми.
Кумайык минтип турганда
Курган энең кошо ыйлап,
Өз атасы Темиркан,
Иничеги Ысмайыл
Букардын каны кошо ыйлап.
Кан ыйласа калк ыйлап,
Калайык журт жалпы ыйлап,
Карыганда Чыйырды
Төшөктөгү кары ыйлап.
Ээ, Кумайык, жаныбар,
Эне ордуна энемди
Эне кылып алыптыр,
Эмчекке башты салыптыр.
Оң эмчектен бир жыттайт,
Сол эмчектен бир жыттайт,
Каныкей турат зар ыйлап,
Кумайык турат дагы ыйлап
Кумайык ыйлап турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Калың Букар жалпы ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Аксакалдуу чал ыйлап,
Калайык ыйлап, кан ыйлап
Улуксунган жан ыйлап,
Атасы Темиркан ыйлап.
Букардагы Ысмайыл,
Темиркан менен Көлөй кан,
Шаатемир менен бул төртөө
Окшош алты боз бээни
Ай туякка чалдырып.
Казыналык бактырган,
Тогуз кара буканы
Муну айдатып алдырып,
Назыр кылып баарысын

Тегиз башын чалдырып,
Кескилетип салдырып,
Ырым кылып балага
Мүчөсүнө кактырып,
Садага кылып чаптырып.
Ошондо бала муну айтат:
Кең Талас өңдүү жер таптым,
Керденге* бүткөн эл таптым.
Тамашалуу эл таптым,
Таалайга бүткөн жер таптым.
Элге кетпей эл-журтум
Эгерде моюн бурбаймын,
Элге жетпей тынбаймын.
Элдүү жердин тукуму
Элден безип нетейин,
Эми Букар эсен бол,
Мен элди көздөй кетейин.
Быйыл, Таласка көчүп барамын,
Көмүр өчүргөн Сары таз.
Мен Таласка алып барып
Аргынга кан көтөрүп,
Султан кылып аламын.
Сары кан оңой жан эмес,
Этегине кат койдум
Сары кан деп ат койдум.

ТЕМИРКАН ЖУРТУН ЧОГУЛТУПСЕМЕТЕЙДИ ТАЛАСКА КАНДАЙ ЖӨНӨТҮҮГӨ КЕҢЕШ КЫЛГАНЫ

Бала минтип турганда,
Темиркан менен Ысмайыл,
Көлөй менен Шаатемир
Журт чогулуп баарысы:
Ошо кезде Темиркан
Көчсө көчүп кетсин деп,
Элине аман жетсин деп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ошондо Ысмайыл, Көлөй кошо ыйлайт.
Семетей мында турганда,
Кагылайын жетимди
Кара болор деп жүрдүк.
Ушу турган Букардан
Кагылайын жетимим,
Каалаганың ала кет.
Кербенчиден кеп сурап,
Кешиги жок Букарга
Кез-кезде көзүң сала жүр.
Таятаң менен тагаңдан
Таамай аман барбы деп,

Кез-кезде кабар ала жүр.
Мына ошондо Темиркан
Барабан колго алды эми,
Дүмпүлдөтө чалды эми.
Дүмпүлдөк үнүн укканда,
Букардын сексен балбаны
Темиркандын алдына
Тегерете чапкылап,
Тегиз жетип калганы.
Байкуш Темир канетет
Балам элге кетет деп,
Самаган жайга жетет деп.
Атканада миң тулпар
Актулпарды баш кылып,
Айдап келгин бер жакка.
Чубатууга салалы,
Тулпарын тандап алалы.
Ал тулпардын ичинде,
Актулпар болсо айтылуу,
Мына Ысмайылдын Чоңкашка,
Шаатемирдин Чоңкүрөң,
Көлөйдүн Каракашка аргымак,
Агынайдын Туучунак,
Айдагын бери тулпарды,
Чубатууга салсын деп,
Семетей менен Сары кан
Каалаганын алсын деп,
Темиркан буйрук берген соң.
Казыналык балбандан
Миң балбаны камынып.
Миң тулпарга жабылып.
Кыска кармап төтөлөп,
Миң тулпарды миң балбан
Алек болуп жетелеп.
Көчөнүн ичи жарданып,
Көргөн жандар танданып,
Калаанын ичи жарданып,
Караган жандар танданып.
Казыналык миң балбан,
Ар кимиси бир жандан
Ээлендирип, булкунтуп,
Каран калган тулпарды
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Балбандын баарын шаштырып,
Согончогун бастырып,
Чубатууга салды эми,
Каныкей менен Сары кан
Аттарга, сынчы болуп калды эми.
Кээ бирөөнө көз салса
Кара байыр казанат,

Кээ бирөөнө көз салса
Калбыр өпкө, жез канат.
Кээ бирөөнө көз салса
Буура көкүл түрсүлдөк.
Кээ бирөөнө караса
Мүчөсү жоон күрсүлдөк.
Кээ бирөөсүн караса
Кулан соору, үкү аяк,
Кээ бирөөсүн караса
Кара байыр, түрс аяк.
Ортолоп тулпар өттү эми.
Нечен албан кетти эми.
Каныкей туруп кезикти,
Көлөй кандын Каракашка аргымак
Куйругу саяң, жалы аз,
Салышкан жоого болгон маш.
Аркасы бийик, зээри пас,
Куланды кууса куткарбас,
Бу курган катын Каныкей,
Кыз кезинде көп минип, ;
Кыйла жоо менен салышып,
Найзага болгон артык маш.
Каракашка аргымак
Каныкей каалап аны алды,
Кандай көзү ачык деп,
Калың Букар таң калды.
Букарлык минтип турганда,
Ат коштогон балбандын •
Беш жүзү өтүп кеткенде,
Беш жүзү азыр жеткенде
Көмүр өчүрүп, көө болуп
Көп токойго ээ болуп,
Кордук менен жүргөндө
Иттей чарык бутунда,
Кара теше колунда
Карыптыкта жүрүүчү,
Агынайдын Туучунак,
Тулпардыгын билүүчү,
Менин атым болсо деп,
Тилек кылып жүрүүчү.
Туучунак жайы мамындай
Чууга кирсе шашпаган,
Жерди калтыс баспаган.
Айгайлаган чуу чыкса,
Аңыраңдап шашпаган.
Жамгырдай жаап ок тийсе
Жаза жерди баспаган.
Чуу чыкканда шаңданып,
Тулпарлык сыны көрүнгөн.
Алты күндүк чөл келсе,

Оозун жайып жиберсе,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Сан тулпардан бөлүнгөн.
Кабырга сөөгү сөгүлгөн,
Айбандын зору зоңкоюп,
Кайыптык сыны көрүнгөн.
Казып койгон ор болсо,
Кайнап жаткан шор болсо,
Бутун корго малбаган,
Бу жаныбар Туучунак
Буйдалып туруп калбаган,
Чылбыры тутам калбаган,
Чындаган жоого алдырбас,
Кырсыктын миңи чалбаса,
Кылайып жоого чалдырбас.
Куйругу саяң, жалы аз,
Куюнга чалыш күлүк мал.
Чөлгө кирсе чөлүкпөс,
Адырга салса арыбас.
Бийиги кымбат белеске
Кылт этип жооруп койбогон,
Айлап, жылдап чуркаса
Акыры чарчап койбогон.
Өзү чуркаганга тойбогон
Төрт аяктуу айбанды
Чөөлүгө кууса койбогон.
Кулагы бүрүш чунайып,
Жылкыдан чыкпайт кылайып.
Мына ошондо Сары кан
Жанга өлчөлүү буудан деп,
Туучунак кармап алды эми.
Алакан жайып Темиркан
Дубасын берип аябай,
Берендигин билгизди,
Казынанын ичинен
Алып чыгып көк күпү*,
Сары канга кийгизди.
Темиркандын Бозкелте
Сары канга илди эми,
Ысмайылдын Наркескен
Сары канга илди эми.
Муну мындай таштайлы,
Бери жагынан баштайлы.
Ошондо, Темиркан жардык чакырды.
Дутарларын алдырып,
Темирден кылган шалдырак
Тегиз баптап чалдырып,
Кернейлерин бакыртып,
Дүнкүлдөгүн урдуруп,

Эпсиз акыл кылдырып,
Алтындан кылган мунара
Түбүнө калктын баарын жыйдырып,
Каарданып бакырып,
Темиркан жардык чакырып:
Улугун кел, каның кел,
Ушунча журтум баарың кел.
Айласы толук ыктууң кел,
Акылга дыйкан мыктың кел.
Ак селдечен кожоң кел,
Дарс окуган молдоң кел,
Акылга дыйкан карың кел,
Кары, жашың баарың кел.
Манастан калган баанайым.
Семетей жалгыз таалайым.
Алтындан чатыр тартканым,
Алдейлеп баккан арстаным.
Көктөйүндө көргөмүн,
Кызыл этте баламды
Асырап, сактап келгемин.
Мен ыраазы кудайга,
Эми он экиге келиптир,
Тилегин кудай бериптир,
Эрешен тартып эр болду,
Балалык кетип эс толду,
Элине кетер кез болду.
Он эки куйрук, он чалгын
Ойлосоң журтум жетилди.
Ордо күтөр кан болду,
Орунтуктуу жан болду.
Балалык-чагы жоголду,
Баатырлык түргө оңолду.
Эселек түрү жоголду,
Эр уулу болуп оңолду.
Үмүтүм бар баламдан,
Таласка барып конор деп,
Аман болсо бул жетим
Манастын уулу болор деп,
Үмүтүм жүрөт баладан,
Атасын тартып алар деп,
Аман жүрсө берекем
Армандуу журттун барына
Ата болуп калар деп.
Манастан калган мураапы
Кеткен бир кегин алар деп.
Ушу турган Семетей,
Жетик Букар сөзүмдү ук,
Жетим жүрүп жетилди,
Жергеге өзү кошулду.
Эрешен тартып, эр болду.

Эр уулу менен тең болду.
Маңдайына бак конду,
Баатырлык келер чак болду.
Ошондо Темиркан жардык чакырды:
Эми калкына кетет Семетей
Жаманың эмес, жамың кел,
Жабыла Букар баарың кел.
Бойдок кетсе бу бала,
Бойбойлоп журтум калбагын.
Боз ала туйгун болпоңдун,
Боз карчыга чолпондун
Колуктусун камдагын.
Эштенип энчи малын бер,
Кыргызга көчүп баратат
Минерге алтын тагын бер.
Ай, балбандар кебимди ук!
Он эки капка Букардын
Он эки оозун ачкыла,
Казынага караган
Он эки уруу малым бар,
Бир Семетей бала үчүн
Сарып кылып чачкыла.
Дарбазалуу ордодо,
Казыналык коргондо,
Кымбат баа кырмызы,
Кьгрмызыдан бүктөткөн,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана чалдырып,
Соода кылып жүктөткөн.
Көнөктөй болгон жылажын,
Эркелетип мойнуна
Эпсиз баарын тактырган.
Түк айбанга жолотпой
Ак сарайга бактырган,
Азууларын аркайткан,
Астыңкы ээрдин шалпайткан.
Өркөчү өөдө көрүнгөн,
Чуудалары төгүлгөн,
Кызыл күйрук сексен нар
Казынага тарткыла.
Алтын менен күмүштөн
Атандарга арткыла.
Дегениме көнгүлө,
Бул жетимдин энчисин
Ушундай кылып бергиле.
Жана сөзүм жана бар,
Жана журтум тилимди ал
Он эки капка Букардын
Эшигин ачып койгула,
Бээ баштаган беш тогуз

Ар эшикке сойгула.
Он эки билгич сынчыны,
Көзү ачык эренди,
Көптү көргөн беренди,
Ырас билчү ыктууну,
Артык билгич мыктыны
Ал эшикке койгула.
Калыкка кабар салгыла,
Оймок ооз, бото көз,
Кырмызы көйнөк, найча бел,
Босого маңдай, кара көз,
Болумдуу сулуу кара көз,
Кылтылдаган сулуудан
Он алтыдан ылдыйкы,
Он жаштан өөдөкү,
Эки ортосун кыздардын
Такыр жыйып алгыла,
Чубатууга салгыла.
Калайыкка билинген
Дайындуу кыз калбасын,
Калын, малга кетүүчү
Кайындуу кыз калбасын.
Темиркан каарын салган соң
Буйрукту балбандар угуп алган соң,
Түтүнгө кызды салды эми,
Түк койбой жыйып алды эми.
Сынчылардың алдына
Айдап кирип барды эми.
Каршы-терши кыз чубап,
Калайман болду Букарга,
Букардагы коргонго
Кыз кыжылдап толгондо.
Букардагы Көлөй кан.
Туура пейил, көзү ачык.
Ничке жолду төтөлөп,
Чубаган кыздын ичинен
Алып чыкты бир кызды
Көлөй төрө жетелеп.
Жетелеген ал кызы
Тектүү жердин кулуну,
Шаатемирдин кызы экен.
Өзү бала секелек,
Өрүмгө чачы жете элек,
Он төрттөн жашы өтө элек.
Шаатемирдин Чачыкей
Бели тутам, бети айдай.
Кара жерге кар тамса,
Карды көр да, этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да, бетин көр.

Мистени көр, тишин көр,
Усталардын зымын көр,
Зымын көр да, чачын көр,
Алманы көр, башын көр.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Тоту куштун жүнүндөй
Кубулуп эчен көрүнүп.
Көлөй сынап бергени.
Бөрк ал десе, баш кескен
Темиркандын балбаны,
Кандын алтын тагына
Шаатемир кызы Чачыкей
Муну кармап жетип барганы.
Букардагы Шаатемир,
Темиркан, Көлөй ушулар
Ага-ининин баласы.
Темиркандын алдына
Шаатемир барып арыз кылды:
Бу, Манастын уулу жетимге
Бергениңе сүйүнөм.
Толтой мунун кайыны,
Артынан чатак чыгат деп,
Ошон үчүн күйүнөм.
Кечээ Жети-Сууда жедигер,
Жедигердин эр Багыш,
Ал Толтойдун атасы,
Чачыкейге куда болгон батасы.
Куда болгон мал айдап,
Аладан алты жүздү айдап,
Адамдын көөнүн бөлүнтүп,
Алачыктай ак боз ат,
Көкүлүнө ал аттын
Аяктай була көрүнтүп.
Мунун, белгилүү жерде кайны бар,
Түгөнгүс дүмөк кеби бар.
Мен кызымды аябайм,
Ушундай, түгөнүшөр жери бар.
Бул Чачыкейди бергенде,
Калың кара жедигер
Каптап кетсе чуу тартып,
Айлабыз кандай болуучу,
Айылыбыз кандай конуучу?
Бул курган сөздүн шарты бар,
Жедигердин Толтою
Кудайлашкан анты бар.
Азапка бөөдө тутулдук,
Мунун, антынан кантип кутулдук?
Шаатемир минтип турганда,
Каарданып Темиркан
Казыр жини кармады,

Карап турган калыктын
Кылайган алы калбады.
Атаңдын көрү букарлык,
Ушу турган Букарга
Жети атакем кан болуп,
Адылдык менен журт сурап,
Зордук кылдым букарлык
Кайсы жерде ала тайыңа,
Мен көнбөймүн бул жолу
Кермелеткен жайыңа.
Бир кыз эмес Семетей
Сексен кыз алса мынакей!
Калың Букар элди алсын,
Төрт түлүктүү малды алсын,
Букардан алтын такты алсын,
Кааласа карган мени алсын.
Ушу турган жетимден
Кара жаным аябайм.
Кайындуу кызын берет деп,
Каарданса Толтойго
Тосуп айтар жообум бар,
Тойпондошор колум бар.
Сайыша чыкса көрөмүн,
Өзүм жообун беремин.
Милдет менен азабын
Мурда тосуп аламын.
Казыналык миң балбан
Кабар берип салганы,
Семетей менен Чачыкей
Дарбазалуу коргонго,
Темиркандын ордого,
Алып жетип барганы.
Токсон курдан бээ союп,
Сүт бото токсон төө союп,
Сары майдан опуруп,
Дүнүйөгө толтуруп.
Аш-тамагын жайнатып,
Адам тапкыс ой кылып.
Төрт уруктан токсондон
Ар уруу малдан сойдуруп,
Ар дубана, мискинди
Токсон күн катар тойдуруп.
Кызыкты кыйын баштатып,
Багылан козу, ширин баш
Бор кайнатып таштатып.
Тамаша таңды атырып,
Күлкүсү күндү батырып,
Тамашасын арттырып,
Торпок союп ырымдап,
Көкбөрүсүн тарттырып.

Көкбөрүгө киргенде
Балбандары дардаңдап,
Кожолору барбандап,
Камчыларын бек тиштеп,
Жалгыз атын күш-күштөп,
Тамаша таңды салышып.
Киши көрбөс чоң өнөр
Таз сүзүшүп алышып.
Сүзүп кеткен тазына
Дегенине көнүшүп,
Казыналык нарынан
Тогузду кармап беришип.
Адам билбес ой кылып,
Тогуз күнү той кылып.
Ак селдечен кожонун,
Дарс окуган молдонун,
Даанышманын жыйдырып,
Ал Букардын ырымы,
Кутпа окуп, ника кыйдырып,
Ошо кезде Семетей
Зайып алып, үй-үйлөп,
Атасын тарткан кан болуп,
Абийири артык жан болуп,
Көкжалдын уулу жетимин,
Көчмөк болду Таласка,
Кетмек болду атасы өткөн Манаска.

СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН ТАЛАСКА КӨЧҮП ЖӨНӨГӨНҮ

Манастын уулу жетимдин
Кетери көзгө көрүнүп,
Асыраган Букардын
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Улугу Темиркан ыйлап,
Ысмайылы дагы ыйлап,
Көкжал Көлөй ошо ыйлап,
Ошондо, Букардын журту кошо ыйлап.
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Караан болсо Букарга
Кагылайын, бу жетим,
Бизге, балаа жок эле деп ыйлап.
Кең Букардын шаарында
Сегиз там толгон казына,
Кызыл дилде, жакут таш,
Кымбат буюм аралаш.
Бадышалык балбаны
Кандан буйрук тийген соң
Кызыл күйрук сексен нар
Алтын менен жакуттан

Аябай артып салыптыр.
Семетейдин энчиге
Кетсең ала кеткин деп,
Алып жетип барыптыр,
Манастын уулу жетимге
Тартуу кылып салыптыр.
Дегенине көнүптүр,
Сексен төөнү артууга
Таласты көздөй тартууга,
Сексен балбан бериптир.
Семетейге сексен эр
Жолдош болуп алыптыр.
Сексен сегиз жан
Манастын уулу жетимиң
Таласка көчүп баратыр.
Манасты тапкан олуя
Токсон беште Чыйырды
Боз жоргону жылжытып,
Көңүлдүн көбүн бөлүнтүп,
Агартып чачты көрүнтүп.
Опол тоодой чалкайып,
Боз жоргого шалкайып,
Байбиче түштү бу жолго.
Опсуз энең Каныкей,
Эр мүчөлүү эпсиз эр,
Кайраттанып калыптыр,
Башкалап атты миниптир,
Баатырча тонду кийиптир.
Темирден кемер курчанып,
Сыр билгизбей сырт салып,
Сырттан энең сурданып,
Көрсө көңүл бөлүнүп;
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Кан Манастай көрүнүп,
Ок өтпөс тонду кийиптир,
Каракашка аргымак
Өз бурак атын миниптир.
Жоо-жарактын баарысын
Белендене байланып,
Эпсиз энең Каныкей,
Ээрчиткени Чачыкей.
Эрке келин Чачыкей
Кызыл-тазыл кубулган,
Кырмызыдан кийгизип,
Кырмызынын этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип,
Жашыл ала көрүнгөн,
Жалаң жибек кийгизип,
Ал жибектин этегин
Жайылтып жерге тийгизип.

Төбөсүнө Чачыңдын
Шөкүлөнү кийгизип,
Шөкүлөнүн жээги кызыл алтын көрүнүп,
Көрө калган кишинин
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Аркасында чач кабы
Алты бөлөк төгүлүп.
Чачыкейдей эркеге
Кызыл-тазыл кийгизип,
Кызыкты көрсөң мындан көр,
Букардан бери көчкөндө
Тайторуну миңгизип.
Таласты көздөй бет алып,
Манастын уулу Семетей
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Аколпок менен Аккелте
Үстүндө булар көрүнүп.
Таласка карап жол жүрүп,
Талыкпастан мол жүрүп.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып.
Астындагы мингени
Атасы Манас арынап
Таштап кеткен тулпары.
Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта баарын көчүрүп,
Бала төрө Семетей
Будур-будур чыбырды
Басып чыгып келетат,
Адыр-күдүр жерлерди
Ашып чыгып келетат.
Энекеси Каныкей
Өзү көргөн жол менен,
Өзөндүү булак суу менен,
Шашып чыгып келетат.
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Жатып уйку кандырбай,
Күлүктөрдү чалдырбай,
Минтип көчтү Таласка.
Ай талаалап, жол тартып,
Ат арытып, мол тартып,
Нарларына жүк артып,
Көрүнөө чыгып Букардан
Көчүп барат Таласка.
Адыр-адыр бел менен,
Ашып көчүп, жол тартып,
Нечен кызык бел көрүп,
Касиеттүү жер көрүп.

Оркок-соркок белдерге,
Оңурайган жерлерге,
Жаңы кирип келди эми.
Түз талаадан бел көрдү,
Адам жасап койгондой
Ар кайсы жерден дөң көрдү.
Күндөп-түндөп жол тартып
Күркүрөп көчүп алышты.
Нечен күнгө жол көчүп..
Аз гана эмес мол көчүп,
Эрикпей көчүп оолукту
Адам көргүс сонун жай,
Чыга келип жолукту.
Кабагы бар, дөңү бар
Караса кызык жери бар.
Адыры бар, бели бар
Аңдап турса бу жердин
Адам айткыс жери бар.
Аркак-теркек тоо көрүп,
Адам жүрбөс жер көрүп,
Ээр белдей мойнокко .
Эми чыгып келди эми.

КАНЫКЕЙ СЕМЕТЕЙГЕ ЖЕРДИ КӨРСӨТҮП АРМАН АЙТКАНЫ

Сары адырмак чыбырдын
Этек жагын ашты эле,
Олуя-Ата мазардын
Өөдө жагын басты эле.
Олуя-Ата барганда
Кайкайыңкы кара адыр
Жорго деген бел экен.
Адис болуп энекең
Аша жүргөн жер экен.
Жоргонун белин ашты эле,
Жолуккан жери чоң Талас
Адыр-адыр бөлүнүп,
Адырмак артуу көрүнүп.
Артуунун чөбү суюлуп,
Аркарлар кумдай куюлуп,
Будур-будур буюгуп,
Будурдун чөбү суюлуп.
Бугусу кумдай куюлуп,
Куланы түздө дыркырап,
Булбулу талдан чуркурап,
Күкүгү тоодон унчугуп,
Чынардан тоту сүйлөнүп,
Чындап көрсө бу Талас
Бетеге белден кең болуп,
Жалбырагы түрдөнүп,

Ичинен күрсүлдөп элик сүйлөнүп.
Кулун кармап, бээ байлап,
Турган жерди көргөндө,
Кысыр эмди тай союп
Тунган жерди көргөндө,
Ошондо энең Канықей
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетти.
Карагаттай кайран көз,
Камчы бою жаш кетти.
Жерин санап чыркырайт,
Энең ыйлап буркурайт.
Эртеги түшүп эсине
Эндиреп ыйлап Канықей,
Асмандан алданын күнү бүркөлөт,
Башына алтымыш санаа бир келет.
Жердеген жери көрүнөт,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Көкжал Манас кабылан,
Жаңы өлгөндөй көрүнөт.
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө Манастын сайган багына,
Жаңы келип Канықей,
Жана токтоп турду эми.

СЕМЕТЕЙ ТАЛАСКА КЕЛИП КОНГОНУ

Ордосунун ордуна,
Ордо тикти жетимиң.
Букардан келген сексен нар,
Сексенин катар чөгөрүп,
Аркан чечип, төө баштап,
Наалыш кылып, үй тигип,
Кечээ, каралуу кетип Канықей,
Качып кетип Семетей,
Буулумун булуп оңолуп,
Букарга кирип чоңоюп,
Жылгындуу Кең-Кол жер тапты,
Атадан калган эл тапты.
Эрешен тартып эр болду,
Эр уулу менен тең болду,
Атасы Манас айкөлдөн
Артыла тууган шер болду.
Таласка барып конгону
Манастай султан болгону.
Ордо күтүп, жан болуп,
О, дүйнө кеткен Манастын
Так өзүнчө бар болуп.
Таласка барып конгондо,
Манасча баатыр болгондо,

Ой-тоонун баары бакырык,
Ойдогунун баарысы
Манастап ураан чакырып.
Бала келип конгондо
Ак сакалдуу кары ыйлап,
Тирилип Манас келди деп,
Көргөн жандын баары ыйлап.
Билгиликтүү кары ыйлап
Манастын уулу келди деп,
Аргын, кыргыз баары ыйлап.
Баабедин деп бакырып,
Келген журттун баарысы
Манастап ураан чакырып.
Каракандын шаарына,
Качып барып чоңойгон,
Кабылан жетим келди деп,
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоңойгон
Теңиз жетим келди деп.
Баана кылган баш башка,
Базар жетим келди деп.
Балакеттүү дүмөктү
Жазар жетим келди деп.
Ошо Манас өлгөндө,
О дүйнө жүзүн көргөндө,
Өзөн бойлой конгонбуз,
Өөдө болор бир жан жок
Өрт өчкөндөй болгонбуз.
Ошондо калайыгы, карысы,
Калың элдин баарысы,
Оомийин деп чуркурап,
Баабедин деп буркурап.
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Көзүнүн жашы он талаа
Кырк калча менен Бөлөкбай
Каныкейге жүгүрүп,
Курган төкөр канетет
Ак сакалы суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Бөлөкбай келди көрүшүп.
Сөлөкөтү, сөөлөтү,
Атка минген келбети
Артыгыраак көрүнүп,
Көкчолок менен камынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көрөр болсоң ошондо
Бир кудайга жалынып,

Төрө Бакай келатат.
Баласы келин Канықей,
Бакай канды көргөндө
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай
Кешиги жок Канықей
Абийирдүүсүн көрдүңбү?
Кудайга үнү угулуп,
Бакайдын жүзүн көрө албай
Көзүн басып жыгылып.
Канықей минтип калганы,
Чоң энеси Чыйырды
Бакайды тосуп алганы.
Чыйырдыны көргөндө,
Баатыр Бакай карыя
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
Акбайбиче карыям
Алтын жатын олуям!
Темиркандын шаарына
Тентип барып кайрылган,
Теңизим энем аманбы?!
Акка бурдуң бейлиңди,
Айланып тапкан экенсиң
Кадимки Талас жериңди.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Талааңды көрдүң, энеке!
Төө кайтарган бакыр чоң Бакай
Балаңды көрдүң энеке!
Ботоң Манастан калган кең ордо
Калааңды көрдүң, энеке!
Курган Бакай карыя,
Кудайга үнү угулуп,
Көк чолоктун үстүнөн
Ооп Бакай жыгылып.
Чыйырдынын Бакай кан
Төшүнө башын салды эле,
Эмчегинен бир жыттап,
Ой, энекем деп, жыттап,
Ободогу булуттай
Жошулушкан жери бул,
Тентип жүргөн байкуштар
Кошулушкан жери бул.
Жетим менен жесирди
Жетип Бакай көргөндө,
Абакең Бакай кары ыйлап,
Аргын, кыргыз баары ыйлап.
Эсенкан кызы Бурулча,
Айжаңжүң кызы Бирмыскал
Эки жесир тең ыйлап,
Буларды карап отуруп

Башы муңдуу бек ыйлап.
Баатырдан калган чунактар,
Бирөө Алмамбеттин Күлчоро,
Бирөө кан Чубактын Канчоро,
Экөө келди көрүнүп,
Каныкейди көргөндө
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Бу жетимди көргөндө
Кайран энең Каныкей
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп.
Жетимди көрүп чыркырап,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип.
Өндүрдөн өзөлөнгөн булак деп,
Өлгөндө көргөн чунак деп.
Тулпардан калган туяктар,
Туйгундан калган чырактар,
Он эки жылы жан багып,
Кам кайгыңды жеп келдим.
Эки түгөй жетимди
Качан багам деп келдим.
Деп ошентип Каныкей
Адырда жылкы алты сан
Токсондоп айдап алдырып,
Ак боз бээден алты жүз
Ай туякка* чалдырып.
Адам тапкыс ой кылып,
Күлчоро менен Канчоро
Бул экөөнө той кылып.
Аргын, кыргыз аралаш
Конуп калды көрдүңбү?
Күндүзү кымыз, түнү кыз
Болуп калды көрдүңбү?
Канкор Манас барындай,
Бу Таластын боюна
Берекенин баарысы
Толуп калды көрдүңбү?
Ошондо, Манастын уулу жетимди
Алтындан соккон чоң килем
Зор килемге салды эми,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Оомийин деп Таласка
Кан көтөрүп алды эми.
Жетим келип жетилип,
Жергеге. минтип кошулуп,

Манастын уулу кабылан
Султан болуп калды эми.
Кырк кысырак байталды
Кайран энең Канықей
Тунугунан сойдуруп,
Казысын мөлдөп ойдуруп,
Жүрөгү майлуу болсун деп
Күлчоро менен Канчоро
Бул экөөнө тойдуруп.
Жергелүү чапан кийгизбей,
Жетимдигин билгизбей,
Казы кертип, жал берип,
Кымыз чайкап бал берип,
Арстан энең Канықей
Минтип бакты балдарды.
Оң эмчегин чыгарып,
Ойрон энең Канықей
Күлчорого эмизип,
Сол эмчегин чыгарып,
Солтон энең Канықей
Канчорого эмизип.
Күлчоро эмген оң эмчек,
Адал ууз сүт чыгып,
Канчоро эмген жагынан
Кара кочкул кан чыгып,
Бул белгини көргөндө
Канықейден жан чыгып:
Ушу турган Күлчоро
Бурулбас сенин бууданың,
Кыяматка жеткиче
Бирге жүрчү тууганың.
Канчоро эмген жагымдан
Кара кочкул кан чыкты,
Он эки мүчөм зыркырап,
Мен шордуудан жан чыкты.
Түйдөктөгөн жибегим
Түйдөгүн жазсам бөлүнбөйт,
Бу түгөнгөн Канчоро
Аман жүрүп чоңойсо,
Түз жүрөр бала көрүнбөйт.
Жашыл ала жибекти
Сандата тытсам бөлүнбөйт,
Эптеп жүрүп чоңойсо
Эл болору көрүнбөйт.
Эмчекти соруп турганда
Энекең жаман күйүндү,
Сексен тамыр зыркырап,
Жоолук жайы билинди.
Кызыкты кыйын салсак бейм,
Кымбатым жетим тилимди ал,

Калакка ченеп уу берип,
Кашык менен суу берип,
Ушу турган баланы
Тындым кылып салсак бейм.
Кара тоодо жөө туман,
Жел аргы тийсе бөлүнбөйт,
Эптеп камын кылбасаң,
Тындым кылып салбасаң,
Жөн жүрөр бала көрүнбөйт.
Семетей анда муну айтат:
Бу кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун!
Казылган кара көр уксун,
Мындан бөлөк ким уксун!
Аяш атам Чубактан,
Берен кандын өзүнөн
Белекке калган Канчоро.
Мен балага тийгиче
Туубай туна чөгөйүн,
Балдардан коркуп жүргүчө
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Күлчоро менен Канчоро
Экөө менин тууганым,
Жаш баланы өлтүр деп,
Жана эмне кылганың
Минтип жетим болгон жок.

<u>БАЙМЫРЗАНЫН ӨЛҮШҮ. СЕМЕТЕЙ САРЫ КАНДЫ КАБАРГА АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ ЖИБЕРГЕНИ.АНДАГЫ ЧАТАКТА ҮРБҮ, КЫРГЫЛ ЧАЛ, ТАЗБАЙМАТТАР САРЫ КАНДАН ӨЛҮШҮ.</u>

Кең Ташкенди жердеген,
Келберсиген эр деген,
Өнөгүн жанга бербеген.
Боз ала айчык туу алган,
Боз тулпар айгыр ат минген.
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Аксакалын жайкаган,
Сөз нускасын байкаган.
Жүгүрүк чечен, жүйөкор
Кан Баймырза өлүптүр,
Кайра келбес дүйнөнү
Ол карыя көрүптүр.
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Алакай көзү алактап,
А дүйнө көздөй жол тартып,
Токсон беште жан экен,
Толук көргөн кары экен.

Абасы Бакай ак жолтой
Сары кандай султаны,
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды,
Эштектерден Жамгырчы,
Акылман канды жыйды эми.
Үйүрмөнүн сазына
Үйүлө жыйын кылышып,
Чогулманын сазына,
Чогулушуп турушуп.
Кепти ортого салышып,
Жүйөлөшүп калышып,
Тапкычташып табышып,
Касиеттеп кыйгачтап,
Кайран Бакай сөз баштап:
Алты айчылык жол жүрсө,
Ат аябай мол жүрсө
Асылы башка буудандын,
Өпкө жарып, өт алса,
Карааны жакшы туугандын.
Каз айлангыс зоо болот,
Каралдашың тууганың
Карасаң үлкөн тоо болот.
Карааным жетим кебимди ук,
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип,
Абыке, Көбөш тууганга
Аябай кабар салалык,
Акылга муну алалык.
Туугандын тууган экенин
Мына ушүнтүп көрөлүк.
Алты ай минсе арыбас,
Нар буудандай бууданды
Буудан кылып алалык,
Абыке менен Көбөштү
Тууган кылып алалык.
Кең Таласты көп бойлоп,
Көмкөрүлүп ал консо,
Кең Кең-Колду жээктеп,
Кериле тартып биз консок
Бармактуудан батабы,
Тырмактуу бенде тиеби,
Жолоп душман келеби,
Бакай турду муну айтып.
Каныкей туруп муну айтат:
Кырк чоронун кыйшыгы
Кыргыл чал какшаал өлдүбү?
Ошо какшаал өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө,
Арамы Кыргыл чал акмак жоголбойт,

Ошол акмак турганда
Алтоонун иши оңолбойт.
Кыргыл чал чочко өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө
Кең Талас бизге жер болбойт,
Алты агаң бизге эл болбойт.
Энеси айтса бу сөздү
Оңбогон жетим оңгон жок,
Укумунан тукуму
Тил албаган көкжалдар
Энеси айтса болгон жок,
Кебин угуп койгон жок.
Кан Сары кан абага,
Алты агага Семетей
Чаптырмак болду чабаган.
Бурамалуу жез найза
Бурчтан кармап имерди,
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпести мингизип,
Чөйчөктөй көздүү абаңды
Алты агага жиберди.
Абыке, Көбөш эки агам,
Чыйбыт, Кочкор төрт агам,
Адыбай, Көлбай алты агам,
Атамдан калган мураалар.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы
Кыямат кеткен кан атам
Кыл арбагын сыйласа
Бирөө калбай келсин де.
Кайран абам Баймырза
Уч топосун салсын де,
Тууган болуп калсын де,
Калайыкты жыйсын де,
Катуулап кызмат кылсын де.
Туугандыгы чын болсо
Туу түбүнө турсун де,
Бу кызматты кылсын де.
Бээ баштаган беш тогуз
Кара ашына кайнатып,
Калың дүйнө, сары алтын
Зыйнатына* жайнатып,
Ат баштаган алты жүз
Дооранына* байлатып,
Кожо менен молдонун
Антип көөнүн жайлатып,
Бул Баймырза өлдү деп,
Кыяматты көрдү деп,
Көмөрүндө бул байды,
Адам тапкыс ой кылып,

Арбын дүрбөөн той кылып,
Кара жолду чаңдатып,
Ат күлүгүн камдатып,
Сүрөөнү мыктап бек кылып.
Алыстатып айдатып,
Баймырзанын сан жылкы,
Теңин бөлүп алалык,
Байгесине саялык.
Токсон беште кары экен,
Кызматын минтип кылалык,
Туу түбүнө туралык.
Калың журтка даң кылып,
Козголоңду салалык,
Муну менен, бир коштошуп калалык.
Анжыяндын аркагы жоон сары ала,
Букардын булу кымбат кара ала,
Зыйнатына жыялы,
Минтип кызмат кылалы.
Ажалдуу бенде өлбөйбү,
Жар жоросу көмбөйбү,
Тири жан күнүн көрбөйбү.
Темиркандын шаарына,
Тентип жүрүп чоңойгон
Жетимдин жүзүн көрсүн деп,
Алты агам мында келсин деп,
Адырмак элек кыялаш,
Атабыз бирге уялаш,
Тентектик кетсе өзүмдөн
Акка мойнум сунайын,
Алты агам келсин өзүмө
Энекем тартуу кылайын.
Баймырзанын чоң зыйнат*,
Чоң зыйнатка* турсун де,
Айта бар Абыке, Көбөш агага,
Бир туугандык кылсын де.
Жылкыдан тартуу кылайын
Тайторудай малымды,
Айыпка тартуу кылайын
Абакем Бакай карымды.
Аянбай тартуу кылайын
Он эки жашар жанымды.
Семетейдин аппак адал ою де,
Токсон жашка келгенде
Баймырзанын, дүнүйөдөн
кайткан тою де.
Топураңдап туугандар
Топуракты салсын де,
Төө баштаган тогузду
Мүчөсүнө алсын де.
Баймырзанын зыйнатын*

Бөлөк элден көп берем,
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн кайкайтып,
Жүк көтөрөр лөк берем.
Жыртышына кызыл алтын, зер берем,
Кыйла дүйнө мен берем.
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Султан абам угуп ал.
Тескери сүйлөп, күч кылса,
Кан абам сага иш кылса,
Баймырзанын кызматка
Зордуктап алам бээсин,
Байлап алам дөөсүн,
Жакын келсе ошондо
Жайната муштайм мээсин,
Чыгарамын чындашсам
Капкайдагы кээсин.
Кечигишип калбасын,
Кечигер болсо керишип,
Керишер жерин камдасын.
Салмактанып калбасын,
Салмакташып күч кылса
Сайышар жерин камдасын.
Салам айткан кебим бул,
Сары абам жакшы угуп ал!
Андысдатпай өзүнө айт,
Алты агамдын көзүнө айт,
Шууту кулдун бетине айт.
Колу күчтүү Байчоро
Атамдан калган мураапы,
Ошол өндүү баатырга айт.
Кырктын башы Кыргыл чал
Журт бузуку капырга айт.
Ырамандын Ырчы уулга айт,
Төлгөчү кара Төлөккө айт.
Ата уулудан карыга айт,
Кырк чоронун баарына айт.
Акыл табар Абыке
Акылман тууган эр эле,
Көбөш агам көлтөңдөп,
Көмүлгөн кара жер эле.
Көбөш менен Кыргыл чал
Кыялы жаман ит эле.
Оргу-баргы сөз айтса,
Ошол итке теңелбе.
Ээй, Сары кан, абаке,
Алдырып ийсең жаманат,
Абыке менен Көбөшкө
Элчиге кетип барасың
Абаке азыр аманат.

Мына ошондо Сары кан
Көк темир соот жамынып,
Көк жолборстой чамынып.
Нар кескен кылыч байланып,
Ар жарагын шайланып.
Асмандагы булуттай
Аркы-терки айланып,
Жоо жарагын камданып.
Артык чечен сөзү бар,
Чөйчөктөй болгон көзү бар.
Көрөр болсоң Сары абаң
Бет алдынан келген жан
Орою чочуп ошондо
Көңүлү жаман бөлүнөт,
Арт жагынан караса
Опол тоодой көрүнөт.
Сыр найзаны жайланып,
Ай балта кыя байланып.
Бир жагына асканы
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Абакеңиз Сары кан,
Ааламга салат аңгеме.
Көк темирден туулга
Көмкөрүп башка кийилүү.
Абакең жайын сурасаң
Эр мүчөлүү, жайык төш.
Көк темирден тон экен,
Жети кылым жоо келсе
Жеке аралап бир тийген.
Астындагы мингени
Артык тулпар Туучунак,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез билек.
Чалгын минсе чарчабас,
Оорукка минсе оорунбас,
Кетмен туяк, кең соору
Келишимдүү Туучунак.
Ок жаңылып кетпесе,
Бөөдө ажалы жетпесе,
Кагышка минсе камсыкпас,
Кайыпча буудан Туучунак.
Ордодон чыгып бөлүнүп,
Опол тоодой көрүнүп.
Келиштирип ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп.
Оолугуп көрүнүп,
Бетинен заары төгүлүп.
Керүү жерге кердирип,
Адырмакка барганда
Оозун коё бердирип,

Кең Үрбүстүн боюна
Абыке, Көбөш жаткан жай
Чөйчөктөй көздүү Сары кан
Салып уруп барды эле.
Казылып калган орду көр,
Кайнап жаткан колду көр,
Ак асаба тууну көр,
Айгайлаган чууну көр.
Мунар түшүп бурчтанып,
Калк чогулуп курчтанып.
Жээк тартып кылкылдап,
Кан Көбөштүн ордосу
Калың кол курчап былкылдап.
Боз алалуу кызыл туу,
Бойбою көп ызы-чуу.
Ак ала желек, кызыл туу
Ач айкырык ызы-чуу.
Мергендери мекчейип,
Найзачандар чекчейип.
Айбалтачан шайланып,
Абыке менен Көбөштүн
Калың колу камданып.
Жети асаба туу болуп,
Жер майышкан кол болуп,
Чогулган колу мол болуп.
Абыке, Көбөш жеке эмес,
Жер-жерден келген кол болуп,
Жер майышкан мол болуп.
Кечээ, Семетей Букар кеткенде,
Эки-Кемин жердеген
Эгиз кара ат байлагаң,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрүчүнүн күрмөгүн
Атына илип байлаган,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Кулаалы жыйып куш кылган,
Курама жыйып журт кылган,
Кара токой мал эткен,
Кара үңкүрүн үй эткен
Эйбит таз уулу эр Үрбү
Абыке, Көбөш алты арам
Үрбүгө кабар салыптыр,
Үрбүнүн колун чогултуп,
Таласка жыйнап алыптыр.
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген.
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган.
Керегеси агачтан,

Аркы атасы алачтан,
Айдаркандын эр Көкчө,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Айкайлаган казактан
Үмөтөй колун алыптыр,
Абыке, Көбөш арамдар
Муну жыйнап салыптыр.
Кастык кылчуу кандарды,
Ок атуучу жандарды
Баарын жыйнап алыптыр.
Алтын таажы Музбурчак,
Музбурчак уулу Буянбек
Атаңдын өчүн алгын деп,
Манастын уулу жетимди
Курмандыкка чалгын деп,
Аны жыйнап алыптыр.
Алкымдагы Шыгай кан,
Анын уулу Чынкожо,
Анын да кылган иши тың кожо,
Манастын уулу жетимди
Курмандыкка чалам деп,
Кетпеген кекти алам деп,
Ал жыйналып калыптыр.
Үрбүс бойлой конуптур,
Боз ала желек туу тартып,
Кумурскадай толуптур.
Кандарынын баарысы,
Калк бийлеген карысы,
Ала чапан кожосу,
Дарс окуган молдосу,
Абыке, Көбөш ордосу.
Ордосунда оолугуп,
Ошонун баары жолугуп,
Өлүп кетер шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Манастын жалгыз жетимин
Чогулуп кармап алууга,
Курмандыкка чалууга,
Тындым кылып салууга,
Өлтүрүп жанын кыюуга,
Өрт өчкөндөй кылууга.
Келген кандын баарысы,
Акылга дыйкан карысы,
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Ак буудай унун чайнашып,
Келеме шарып* кармашып,
Ак боз бээ союшуп,
Ат башындай ак куран
Төш-төшүнө коюшуп.

Манастын уулу жетимди,
Кармап сойбос кишинин
Жеткилең сөз баатыр деп,
Жети атасы капыр деп,
Күнгүрөнүп күүлдөп,
Күүсүнөн алардын
Жер айрылып дүүлдөп.
Жана Көбөш жанында
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштык карысы,
Найзакерден ыктуусу,
Акылга дыйкан мыктысы,
Пил мүчөлүү шерлери,
Аябаган эрлери,
Таштан кайра тартпасы,
Өлүм десе кайтпасы.
Кен көкүрөк эрени,
Келберсиген берени,
Кайнаган колдун ичине
Кан Сары кан келгени.
Кан Манастын чоросу,
Кабылан Шууту канетсин,
Сары канга муну айтат:
Алданын салган буйругун
Көргөнү келген экенсиң.
Ажалдан мурун булардан
Өлгөнү келген экенсиң.
Күчөп кетти иттердин
Казып койгон орлору,
Камдалып жатат көрдүңбү
Каптап кетчү колдору.
Баймырзадай карыга
Барып кызмат кылчу эмес,
Манастын уулу жетимге
Тууган болуп турчу эмес.
Таштуу жерде тартар бар,
Манастын уулу жетимге
Барып салам айта бар.
Казылган калың ор келди,
Кайнатылуу шор келди.
Манастын уулу жетимди
Каптап кетсе мобулар
Кандай жорук болот деп,
Кайран башка зор келди.
Жөнсүз жерден доо келди,
Семетей келсе соём деп,
Тындым кылып коём деп,
Туш-туштан кыйын жоо келди
Сары-Арканы чалдырды,
Казак уулун алдырды.

Алты шаарды чалдырды,
Алабек колун алдырды.
Эки-Кемин жердеген,
Желмогуздай эр деген,
Эр Үрбүгө бардырды,
Анын колун алдырды.
Музбурчактын Буянбек,
Мунун колун алдырды.
Казып койгон ору бар,
Кайнаган мындай колу бар,
Жадыгөй тилдүү чечен бар.
Сары абам уккун сөзүмдү
Алдап кетер эчен бар.
Алдоосуна көнбөгүн,
- Ордосуна кирбегин.
Аттан түшүп албагын,
Бөөдө өлүп калбагын.
Айбалтаңды камдангын,
Кылычың курчтап шайлангын.
Кандай заман, кандай күн,
Болор экен кандай түн.
Арак ичип алкынып,
Эрендердин баарысы
Абыке, Көбөш үстүндө
Кутургандай талпынып.
Кымыз ичип кызышып,
Сөөктөрү ысышып,
Чекеден терин сызышып.
Манастын уулу жетимге
Кекенишип жер муштап,
Өрттөй көзү жайнашып,
Ээрдин кесе чайнашып,
Туткагы кармап бакырып,
Тура албастан кутуруп,
Көбөштөп ураан чакырып.
Орун баспас кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Айгайлаган абыдан
Чууга кирип алыптыр,
Айыкпаган абыдан
Дууга кирип алыптыр.
Дуулашып жатканда
Кайран Шууту барыптыр.
Шуутунун айткан кеби бул:
Боз айгыр минип туу алган,
Борумун көрүп алганда
Кыргыздын журту кубанган,
Бир салганда казанга
Кырк тайдын этин кайнаткан,
Жетпес бакыр, мискинге

Аш-тамагын жайнаткан,
Байдын уулу Баймырза
Ошо мырза өлүптүр,
Кайтпас-тартпас бир болуп,
Кыямат жайды көрүптүр.
Аты күлүк ат алып,
Алакандай кат алып,
Чөйчөктөй көзүн жайнатып,
Чоң Сары кан келиптир.
Сары кан жайын сураба,
Адамдан ширин сөзү бар,
Маңдайда, көнөктөй жалгыз көзү бар
Ок жетпеген ат минген,
Ок өтпөгөн тон кийген.
Көк күпүнү* жамынган,
Көрөр болсоң Сары кан
Көк жолборстой чамынган.
Оң далысы кең экең,
Ойротту бузар шер экен,
Найзакерден ыктуу экен,
Айласы жетик мыкты экен.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Беттешкен жанды жеңгидей.
Эр мүчөлүү, таш жүрөк,
Айбаты катуу, заары күч,
Ажыдаар өңдүү түрү бар.
Эр Семетей баатырдын
Элчиси келди жооп бер.
Бул кабарды уккандар,
Чечен Үрбү эр көкжал,
Тили шекер, ичи заар
Чуркап чыкты ордодон.
Сары канды көргөндө
Өрттөй көзү жайнады,
Өлчүүдөй жини кайнады.
Жоо-жарагын шайланып,
Наркескенин байланып,
Сары канды кармап алууга,
Курмандыкка чалууга,
Заман акыр салууга,
Кепке келбей ошону,
Башын кесип алууга
Үрбү келет камынып.
Ал Үрбүнүн артынан
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Музбурчактын Буянбек
Бу да келет жабылып.
Кырк чоронун баарысы
Жана келет кармоого.
Кыргыл баштык карысы,

Жабылып калды каныңа
Кайнаган колдун баарысы.
Колу каптап келген соң,
Жоо экенин билди эми.
Жоо экенин билген соң,
Антаңдап шашып кенебей,
Аларыңдын баарысын
Кайран абаң канетсин
Бучкагына теңебей.
Үрбү жакын калганда,
Найза бою барганда:
Кабарга келген канчыбыз,
Жүйөкөрдүн бирибиз,
Чабааганчы тилчибиз,
Данакер болгон элчибиз.
Оолагыраак туруңуз,
Ошо жерден угуңуз,
Одураңдап чуркайсыз,
Осолдук болот мунуңуз.
Оюмда көрдүм душмансыз
Ошо жерге туруңуз,
Кабарчыга мен келдим
Карап сөздү угуңуз.
Балбандарың жабылат
Байлачуудай түрүңүз
Башкача экен жиниңиз.
Мени кармап алууга,
Курмандыкка чалууга,
Манастын уулу жетимди
Башы ылдый кирип чабууга
Чогулушуп кол жыйнап,
Айгайлатып мол жыйнап,
Алганын көрдүм бүгүн күн,
Бузулган экен сиздин түр,
Мыктап келди биздин жин.
Аркасы бийик, зээри пас
Астындагы Туучунак
Туучунакты бир салып,
Сыр найзаны колго алып,
Бура тарта бергиче
Эр Үрбүгө кол салып,
Адис болгон Сары кан
Эр Үрбүгө жетти эле.
Боордун быяк бети деп,
Өпкөнүн бир жак чети деп,
Кабырганын кашы деп,
Тайып кетсе топчулук
Жүрөгүнүн башы деп
Катуу муштап өттү эле.
Таамай сайды Сары кан,

Талкаланды Үрбү кан
Алгара аттын үстүнөн
Ыргып кетти сорок деп
Артындагы далыдан
Сары кандын найзасы
Чыга түштү корок деп.
Эр Үрбүнү жай кылып,
Ары таман өткөнү.
Бет алдынан кез болуп,
Тазбайматка жеткени.
Талыккан жок Сары абаң
Найза менен кескерип,
Таамай муштап өткөнү.
Сары кан найза сайганда
Баатырсынган Байматтын
Көк темирден туулга
Учуп жерге кеткени.
Жаман шашып Тазбаймат
Калканды колго алгыча,
Жанын сактап калгыча
Камбыл болгон Сары абаң,
Наркескен сууруп кынынан
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде Байматтын
Башын кесип өттү эле.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Бөйрөгүнөн жабылды,
Музбурчак уулу Буянбек
Буягынан камынды.
Кан Манастын кырк чоро
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып
Туш-тушунан жабылды.
Карма, тазды, карма деп,
Кармап алып жайла деп,
Кыргыл чал келет бакырып,
Көбөштөп ураан чакырып.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Опсуз баатыр Сары кан,
Астындагы Туучунак
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жетик экен Сары кан
Кыргыл чалга жетти эми.
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай.
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай.
Каарданып бакырып,

Манастап ураан чакырып,
Сакалдын орто бети деп,
Аш өтөрдүн чети деп,
Өзүң көргөн Кыргылды
Жетип муштап өттү эле.
Кыймылдабай, кылт этпей,
Тиктеген жерден былк этпей,
Найзанын учу аралап
Аш өтөргө жетти эле.
Ооз омуртка, кара куш
Таарый коюп өттү эле.
Кыргыл чалың канетет
Наркызылдын үстүнөн
Күркүрөп кулап кетти эле.
Мээнет тартып турушуп,
Беттешип жаман урушуп.
Желеден айгыр минишип,
Жерден бакан алышып,
Жаа пирим деп салышып,
Жаман уруш болду эми.
Жаанын огу дыркырап,
Жебенин огу шыркырап,
Жети курчап урушуп,
Жемек болду абаңды.
Жети бөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу.
Көбөш баштап беш миң жан
Алкымынан жабылды,
Абыке баштап алты миң
Бир жагынан камынды.
Койчу, аргын, кыргыз аралаш
Кырк чоронун барысы
Сары канга жабылды.
Карма, тазды, карма деп,
Кармап алып жайла деп.
Туучунагын току деп,
Эки көзүн чоку деп.
Ак асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Камгак учкан эмедей,
Кайсы экени билинбей,
Калың уруш болду эми.
Көбөштөп ураан чакырып,
Кырк чоро найза салды эми.
Туучунак менен Сары кан
Ортосунда калды эми.
Казып койгон ор болду,
Арамдын баары козголду,
Көрөрү калың шор болду,
Айланасын караса

Куш кутулбас тор болду.
Күн тутулуп бүркөлдү,
Сары абаңдын башына
Алтымыш санаа бир келди.
Арамдар каптап калганы,
Сары абаңдын башына
Акыр заман салганы.
Бул иттердин колуна,
Түшсөм арам өлөмбү,
Кыямат жүзүн көрөмбү.
Баана кылган Бакай жок,
Арка кылган аргын жок,
Абийирсиз өлөт экемин.
Чабаганчы болом деп,
Чалдырмак болгон экемин,
Арага келем деп туруп,
Алдырмак болгон экемин.
Алыша берсем буларга
Арам өлөт экемин,
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Араң өлөт экемин.
Теңеле берип буларга
Тендешем деп нетейин,
Теңизим жетим Семетей
Тезирээк качып кетейин.
Адалыраак өлөйүн,
Асыл Бакай абакем
Ошонун жүзүн көрөйүн.
Деп үшүнтүп Сары кан
Кара жаак булдурсун
Чапса кулак тундурсун
Кармай калып имерип,
Каңк дедире бууданды
Боорго тартып жиберип,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Туучунакка чак тизгин,
Сөөп оозун койду эле,
Баатыр кандын Туучунак
Башын жерге салды эле,
Аркардай арыш алды эле.
Артынан чаңы буркурап,
Төрт аяктын даңканы
Найза бою чыркырап,
Баскан жери быркырап,
А дегенде бир көрдү,
Андан кийин бир көрдү,
Андан кийин ким көрдү.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көктөн көк ала булут тутулду,

Көкжал тууган Сары кан
Көрүнөө качып кутулду.
Чачыкейдин коргонго,
Каныкейдин ордого,
Төрт-Күлдүн төмөн жагына,
Төрө Бакай жанына,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Сары абаң барды Таласка.
Астындагы Туучунак
Эти кызып алыптыр,
Ээленип, булкунуп,
Эри өлгөндөй жулкунуп,
Башын жерге салыптыр.
Үстүндөгү Сары кан
Жыйнап оозун тарта албай
Алек болуп калыптыр.
Чакчелекей чаң болгон,
Бүткөн бойдун баарысы
Кара кочкул кан болгон.
Сары канды карасаң,
Эрбеңдеген эки кол
Өөдө болбой шал болгон.
Жолум үйдөй кайран баш,
Каран калсын дүнүйө
Кара кочкул кан болгон.
Бакай көкжал кеп сурайт,
Кордуктун жайын бек сурайт:
Ай, Сары кан, баатырым
Эмине көрдүн деп сурайт.
Көргөн менен билгенин
Айтмак болду Сары кан:
Арстан Бакай кебимди ук,
Аргын менен кыргызды
Көргөнү келген экенмин,
Арага жүрүп Сары кан
Өлгөнү жүргөн экемин.
Каз айлангыс зоо көрдүм,
Кайнаган түмөн жоо көрдүм,
Үрбүскө чыга жер көрдүм,
Абыке, Көбөш эр көрдүм.
Көрө албаган көпчүлүк
Жанды жыйнап алыптыр,
Өпкө жарып, өт алчу
Канды жыйнап алыптыр.
Казып койгон ор болуп,
Түмөндөп колу козголуп,
Жети асаба туу келет,
Жер майышкан кол келет,
Каптап кетсе ошол кол

Кайран жанга зор келет.
Экөөбүздү кан аба
Колуна тийсе алгыдай,
Манастын жалгыз караанын
Тындым кылып салгыдай.
Көлпөктөшүп бакырып,
Журтту кудай уруптур
Көбөштөп ураан чакырып.
Тулпар атын шайлашып,
Кытайдан жоо келгендей
Найзаларын шайлашып,
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап.
Найзачаны бөлүнүп,
Жалаңкыч сыны көрүнүп.
Жыйып алган калың кол
Жер былкылдап жайнатып.
Казактардын кан Көкчө,
Анын уулу Үмөтөй,
Музбурчактын Буянбек,
Үрбүнүн колу дагы бар.
Алты шаардын Алабек
Анын колу дагы бар.
Найзачанын шайлатып
Айбалтанын баарысын,
Чет-четине карматып.
Мергеңдерин белендеп.
Ортосуна жайнатып. .
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Түрү суук көрүнүп,
Жайнап, кайнап бөлүнүп,
Жалаңкыч түрү көрүнүп.
Туруп берсек уялбай,
Каптап кетчү кол келет.
Каран күн жанга зор келет.
Жарк-журк этип көрүнүп,
Жайнай түшүп бөлүнүп,
Кылыччаны четинде
Кымбатым Бакай угуп ал,
Кыйындары бетинде.
Найзачаны четинде
Арстандары бетинде,
Кумурскадай былкылдап,
Жайнап чыгып келетат,
Курт экени билинбей,
Кайнап чыгып келетат.
Жаа тартуучу ыктуусун,
Жана бөлүп алыптыр
Кайраты бар мыктуусун.
Бөлөк бөлүп алыптыр,

Балбандардын баарысын
Башка-башка салыптыр,
Баарысын сүрүп артынан
Көбөш айдап алыптыр.
Калың кытай, Каканга
Казат кылуучу эмедей,
Кара басып алты арам
Кудай уруп салыптыр.
Ай караңгы бүркөлсө
Түн эмине болуучу?
Аба Бакай айла тап,
Бу жетимди каптаса
Күн эмине болуучу?
Бузулбай тийген ок келсе,
Бууругуп келген топ келсе,
Мундуу Тазың мен элем,
Мынча жоонун айласын
Табычу Бакай сен элең.
Үзүлгөндү улачу,
Чачылганды жыйначу
Көкжал Бакай сен элең,
Көкжалың Манас менен тең элең.
Сары кан мындай деген соң,
Бакай туруп муну айтат:
Ээ, Сары кан, курбалдаш
Кайып ашпас зоо көргөн,
Кайран Бакай мынакей,
Жер жүзүнө калайман
Салган Бакай мынакей.
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Алда салган буйрукту
Бенде чиркин көрбөйбү.
Каптап кеткен кол болсо
Эсебин Бакай бербейби.
Көкжалым Манас өлгөндө,
Он эки жылы жатыштым,
Абыке, Көбөш ит менен
Он эки жылы атыштым,
Кана менин өлгөнүм,
Кыямат жүзүн көргөнүм.
Түбү бирге туугандын
Өлчөөсүн көрүп турарбыз,
Өлчөөсүнөн тайгылса
Урушту анан кылабыз,
Урушсак кыргын кабылат,
Бизге ага-ини кайдан табылат?
Сайыша турган кол келсе,
Кара жанга зор келсе,
Анан кыргын салалык,
Манастын уулу жетимди

Ажыратып алалык.
Деп ошентип зор Бакай
Манастан калган доолбас
Ала коюп колуна,
Орто белге урду эле,
Аргын менен кыргызды
Бирөөн койбой жыйды эле.
Бакайдын уулу Байтайлак
Ок жетпес атты минишип,
Ок өтпөс тонду кийишип,
Найзасын алып камданып,
Айбалтасын байланып,
Жоо кийимин кийинип,
Бу да келди сүйүнүп,
Ажалым жетсе өлөм деп,
Манастын уулу жетимге
Караан болуп берем деп.
Эштектердин Жамгырчы
Салакалуу кан эле,
Буудан Манас көкжалга
Караан болгон жан эле.
Малы бирге короолош,
Ашы бирге жороолош,
Жамгырчынын Шайымбет
Боз ала желек туу алып,
Бойбойлогон чуу салып,
Ажал жетсе өлөм деп,
Манастан калган жетимге
Караан болуп берем деп,
Шайымбет балбан ал келип.
Бакай баштык карысы,
Туучунакчан Сары кан,
Эрендердин баарысы
Жоо-жарагын шайланып.
Семетейге кол салса,
Такыр каптап кетүүгө
Эрендин баары камданып.
Жылгындуунун оюна,
Кең Таластын боюна,
Жүздөн-жүздөн бөлүнүп,
Баарысы арстандай көрүнүп,
Аттын оозун бурду эле,
Аңдышып баары турду эле.
Аны мындай таштайлы,
Каптап келген калың кол
Андан кабар баштайлы.

<u>УРУШ БОЛУП АБЫКЕ, КӨБӨШ, ЖАКЫПТЫН ӨЛҮШҮ</u>

Абыке, Көбөш эки арам,
Чыйбыт, Кочкор төрт арам,
Адыбай, Көлбай алты арам,
Манастан калган кырк чоро,
Кан көтөрүп Көбөштү,
Касташкан кандан кол жыйнап,
Колун калың мол жыйнап.
Жердин үстүн таптатып,
Жер жайната каптатып,
Адам толуп кылкылдап,
Уйгу-туйгу былкылдап,
Найзачанын жайнатып,
Аркасын кырк чорого айдатып,
Талыкпаган жол келет,
Таптап кетер кол келет,
Боз ала желек туу келет,
Бойбойлогон чуу келет.
Дүркүн-дүркүн бөлүнөт,
Карап туруп Каныкей,
Кайран энең долунун
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай кайран көз
Камчы бою жаш кетип.
Бейкабар жаткан баламды
Арамдар каптап кетет деп,
Ажалы бөөдө жетет деп,
Кайран энең долунун
Кылайып алы калбады.
Кымбатым жетим минет деп,
Нар бууданды камдады.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз
Сайышка кийсе айза өтпөс,
Муну жетим кийсин деп,
Аколпокту камдады.
Манас кандын Аккелте,
Асынганда жаныбар
Айдалынын айнеги,
Алышкан жоого атканда
Аманат жандын эрмеги,
Жандуу мылтык Аккелте,
Кайран энең Каныкей
Кыргы менен кыргылап,
Кызыл кум менен сүргүлөп,
Тарткы менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Курган энең бейтаалай,
Кутудагы дарыны

Куркурата чөгөрүп,
Окчонтойдон ок алып,
Аккелтенин оозуна
Күлдүрөтүп урду эми.
Жоо-жарагын белендеп,
Чыйырды кармап турду эми.
Олоңдой болгон кара чач
Төбөгө кынай түйүнүп,
Эркектин киймин кийинип,
Уктап жатат Семетей,
Камынып жүрөт Каныкей.
Муну мындай таштайлы,
Бери жагынан баштайлы.
Боз алалуу кызыл туу
Эр Кочкорго карматып.
Колдун артын кылычтап,
Көбөш канга айдатып.
Айбалтачан четинде,
Арстан Көбөш бетинде.
Ак асаба, кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу.
Мылтык атар мергенди
Четине бөлүп алыптыр,
Алты миңдей кол менен
Абыке жүрүп калыптыр.
Кум-Кыяны жээктеп,
Жайнап чыгып келетат.
Кумурскадай быжылдап,
Кайнап чыгып келатат.
Колдун баарын кырк чоро
Айдап чыгып келетат.
Найзанын учу короктоп,
Адамдын башы сороктоп,
Болбогону көтүндө,
Болумдуусу четинде,
Качкылары көтүндө,
Кайрандары четинде.
Караса көзгө илинбейт,
Кудай бетин көрсөтпө
Кайсы экени билинбейт.
Камышты көр, селди, көр,
Кайнаган калың элди көр.
Желек менен жүргөндөр .
Жерди бузуп тапташып,
Манастын жалгыз жетимин
Жеп ийчүдөй капташып.
Доолбасты карс уруп,
Чогуу баарын ант уруп.
Абыке, Көбөш кол айдап,
Алты арамдын баарысы

Келген колду чогуу айдап,
Манастын жалгыз жетимге
Катылмак болду шор кайнап.
Жер тумандап закымдап,
Семетейдин ордого
Кол кирмек болду жакындап.
Кан Манастын кырк чоро
Ырас кудай урду эми,
Ыргылжың болуп турду эми.
Ырбы-дырбы болушуп,
Ала болуп жайнашып,
Бирөөн бирөө кармашып,
Кепти ортого салышып,
Дүркүрөшүп калышып,
Ата уулулап бөлүнүп,
Ошо келген чоронун
Адал нээт жакшысы
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Бөлөк-бөлөк кырк чоро
Бөлүнүшүп турганда,
Бөтөндүгү арамдын
Көрүнүшүп турганда
Бирөө, үзүктөй калпак эр Шууту,
Бирөө, Ырамандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк муундуу.
Ошол Ырчы уул канетсин,
Кызырдуу Манас эрди айтат,
Жүрөк жарар черди айтат:
Атаңдын көрү кырк чоро
Арбакты качан билебиз,
Арбагы азыр Манастын
Тузуна кантип сиебиз.
Баатыр Манас барында
Байкагыла кырк чоро
Барбалактап калчу элек.
Бүтүн кундуз терисин
Жара бөлүп жиберип,
Багалекке салчу элек,
Кундуз турмак көрпө жок,
Куруганың ушу кез,
Атаңдын көрү кырк чоро,
Журтта калган күчүктөй
Улуганың ушу кез.
Атаңдын көрү кырк чоро
Кызырлуу Манас өлгөндө
Барыбыз өлгөн экенбиз,
Кежиге жүндү үрпөйтүп,
Айбан болгон экенбиз,
Туйт деген жакка чү койгон,
Тайган болгон экенбиз.

Абыке менен Көбөштү
Кан көтөрүп мураага
Жетип калган экенбиз.
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына ок атып,
Айбан болуп бурулуп,
Адамдыктын түрүнөн
Кетип калган экенбиз.
Тузу оор Манастын
Тузуна кантип сиебиз,
Манастын туйгун уулуна
Не бет менен тиебиз?!
Кудайга койдум кырк чочко,
Кырга түйгөн кат кана,
Кучакташып дос болгон,
Кудайлашкан ант кана?!
Казат кылган Семетей
Өзөн суунун булагы,
Кабылан Манас султандын
Өлгөндө көргөн чырагы.
Каптап казат кылгыдай,
Карсылдашып тургудай,
Кара мунар тоо эмес,
Же калмактан келген жоо эмес,
Кызыл мунар тоо эмес,
Кыйкырып казат кылгыдай,
Же кытайдан келген жоо эмес.
Деп ошентип эр Ырчы уул
Эзелкисин жоктоду,
Каңырыгы бек түтөп,
Шууту кул кошо токтоду.
Кырк чоронун калганы
Бул экөөнү боктоду:
Манастын жалгыз жетимин
Баана кылган экенсиң,
Качкын катын Каныкей
Караан кылган экенсиң.
Манастын уулу оң кылбайт,
Баарыбызды соо кылбайт.
Ырчы менен Шууту кул
Мурун экөөңдү кармап алабыз,
Курмандыкка чалабыз,
Манастын уулу жетимден
Анан өчтү алабыз.
Булар мындай дегенде,
Шууту туруп муну айтат:
Манастын уулу жетимге,
Атаңдын көрү кырк чоро
Түз кирип найза сундуңар,
Көргөн менен укканга

Чын шерменде кылдыңар.
Түбө-түбө бетиңе,
Атаңдын көрү кырк чочко
Түлкү шимшир этинди,
Ким карайт сенин бетиңди?
Ырчы уул менен Шууту кул
Сан казына дүйнөсүн
Чачып кетти бул экөө.
Семетейге катылбай
Жер-жерине бет алып,
Качып кетти бул экөө.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде.
Асмандан тараза жылдыз батканда,
Таң дүмпөйүп атканда
Түркүн-түркүн эл каптап,
Түрмөгүн жазбай кол каптап.
Каарданып бакырып,
Көбөштөп ураан чакырып.
Абыкелеп чуу тартып,
Топурак учуп, тоз күйүп,
Аламандап жабылып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Камгак учкан эмедей
Качырып согуш салды эми,
Катуулап камап алды эми.
Алар камап келгенде
Тербелбеген жетимди
Кокустан каптап кетет деп,
Өлгөндө көргөн жетимдин,
Ажалы бөөдө жетет деп.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип.
Берен энең Каныкей
Алмамбеттин Сырбараң
Ала коюп колуна
Оңго ооп бир атып,
Он эчесин сулатып
Солго ооп бир атып,
Солтондорун кулатып.
Катындыгын билгизбей,
Абыке, Көбөш иттерди
Ал ордого киргизбей
Эпсиз эрдик кылды эми.
Ошондо, Манастын уулу Семетей
Зың-зың этип кенебей,
Сунган буту тартылбайт,
Жумган көзү ачылбайт.

Зыңгырап уктап кенебейт,
Курчап жаткан душманды
Бучкагына теңебейт.
Ошондо, Чачыкейдин коргондо,
Каныкейдин ордодо,
Түшкө жакын болгондо,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Чукуранып эригип,
Көк жолборстой керилип.
Нарбууданды токунуп,
Ордунан ыргып жүгүрүп,
Аколпокту кийинип,
Жаратканга жалынып.
Манастан калган боз кисе
Алып белге чалынып,
Жай-жарагын шайланып,
Төрөнүн уулу чунагың
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Башынан кайрат бөлүнүп,
Арстан түрү көрүнүп,
Бала төрө эр неме,
Атасы Манас айкөлдү
Айныбай тарткан шер неме,
Оолугуп, бөлүнүп
Ордонун ооз жагынан
Энеси Каныкейге көрүнүп.
Жалгызын көрө калганда,
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды,
Эки энеси тең ыйлап:
Кагылайын жетимим,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Казылуу калың ор келет,
Кайнаган түмөн кол келет,
Мунарык келет, чок келет,
Бузулбай тийчү ок келет.
Абыке, Көбөш зор келет,
Кырк чоро баштап жетимим
Кылымга татыр кол келет,
Кызыталак жанга зор келет.
Жети бөрү бир тайды
Таласа тарпын коёбу,
Мынчалык жоо жалгызды
Сабаса тарпын коёбу.
Жанга өлчөлүү жалгыз ат
Жаш бала минмек болдубу?
Жараткан бир өзүңө аманат,
Башка жакшы заман кыл,

Жараткан жалгыз кантейин
Жалгызымды аман кыл.
Олуя чалыш теңдерим
Жалгызымды колдоп ал,
Кыямат кеткен шерлерим.
Сыргак, Серек эгиз эр,
Алмамбет, Чубак тегиз эр,
Ишин кудай оңдосоң
Ушу төртөөң биригип,
Жетимим барат колдосоң.
Кол көтөрүп чыркырап,
Оомийин деп кол жайып,
Бата кылды буркурап.
Энесинен бата алып,
Эми жетим аттанып.
Кан атасы, Манастан калган Сырнайза,
Чымчык учпас кең сайда,
Мингени Буурул бууданга
Беттеше барды даңкайып,
Абыке, Көбөш тууганга.
Буурулду минип заңкайып,
Бура тартып жетимиң
Туруп берди балкайып:
Же сары адырмак тоо эмес,
Салыша турган жөнүң жок
Же кытайдан келген жоо эмес.
Басташарың мен болсом
Баашалуу кыргыз эл мына,
Итчилик кетсе кокустан
Башымды кессең мен мына!
Буурул ат тартуу, баш сатуу,
Калың казба орумду,
Калмактан бетер кол салып,
Кайнатпа менин шорумду.
Түбүбүз бирге уялаш,
Түгөнгөн колуң тыйыңыз,
Ачууңузду жыйыңыз.
Энекем, Каныкей тартуу кылайын,
Алты ага бирөөңө ника кыяйын,
Темиркандын шаарына
Тентип жүрүп чоңоюп,
Кайрылып жетим келгени
Тентек чыкты дедирбе,
Айланайын агалар,
Токо наалат келтирбе.
Оозун жыйып алгыча,
Кан Манастын кырк чоро
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Ач айкырык, куу сүрөөн

Абыке колу бир бөлөк,
Көкжалдап ураан чакырып,
Көбөштүн колу бир бөлөк.
Боз ала желек, туу тартып,
Бойбойлогон чуу тартып,
Түпкө чогуу жетчүүдөй,
Түгөл каптап кетчүүдөй,
Аламандап айдашып,
Жер былкылдап жайнашып,
Он башысы ороктоп,
Белгилүүсү бетинде,
Берендери четинде,
Найзачаны бөлүнүп,
Душмандык түрү көрүнүп.
Катылган сон өздөрү
Кабылан карап турабы:
Атандын көрү алты агам,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай кордошом.
Башымды тартсам болбойсуң,
Баарың каптап койбойсуң.
Энемди тартсам болбойсуң,
Эгиздеп каптап койбойсуң.
Казышмак болдуң орлорду,
Кактатмак болдуң чоңдорду.
Көкжалдын көк жал экени,
Көбүрөөк колго көрүндү.
Тууган деп аяп салганы,
Тууганы аяп калбады.
Каарданып алганда
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алды баланы —
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып.
Чолок көк жал арстан
Бет алдында камынып,
Бир караса Семетей
Миң кишидей көрүнүп.
Атасы Манас төрөдөн
Арта тууган көкжалдын
Кай кылыгын айталы.
Кайраты суук кабылан,
Караган бенде таң калган,
Катылган кайдан соо калган,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Оңой эмес куу жолтой
Опол тоодой бадирек.

Астын сала бергенде
Ажыдаардын түрү бар,
Аркасын карап байкаса
Миң адамдын сүрү бар.
Муну менен кагышкан адам оң болбойт,
Катылган киши соо болбойт.
Айда колду, айда деп,
Бу Манастын жетимин
Кол жабылып байла деп,
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргын деп,
Минтип кекти алгын деп,
Көбөш буйрук кылганда
Көп журт карап турабы.
Көптүгүнөн жер жайнап,
Качырып көп кол, кол салды.
Бирөөнү бирөө кембайлап,
Топурак учуп, тоз каптап,
Камгак учкан эмедей
Кудай бетин көрсөтпө
Кайсы экени билинбейт.
Боз ала желек, кызыл туу,
Бойбойлогон ызы-чуу.
Жан-жанынан жетимдин
Жаанын огу дыркырап,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Манастан калган кырк чоро
Ордону каптап чуркурап.
Найзанын башы кагышып,
Аламандап чу коюп,
Азаматтар жарышып,
Каптап жетти калың кол
Семетейге жабышып.
Бала төрө Семетей
Нарбуудан санга бир салып,
Аралап кирди сан колго
Семетей чындап кол салып.
Ажалы жеткен жан өлүп,
Уйгу-туйгу сайышып,
Ит урушун салышып,
Топурдашып калышып.
Ошондо кайран энең Каныкей
Чындап токуп миниптир,
Олондой болгон кара чач
Төбөгө кынап түйүптүр.
Семетейдин эски бөрк
Башка баса кийиптир.
Ажалым жетсе өлөм деп.

Азабым болсо көрөм деп,
Айкөлдөн калган жетимге
Караан болуп берем деп,
Айбалта алып ойнотуп,
Кырк чоронун кээ бирин,
Жыга чаап сойлотуп.
Капталынан камынып,
Канык ей кирди чамынып.
Туучунагын туйлатып,
Кез болгонду кыйратып,
Сары кан кирди бир жактан.
Бакайдын уулу Байтайлак,
Сары кандын Калыгы,
Жамгырчынын Шайымбет
Булар кирип урушуп,
Жетимге эми болушту,
Жекеме-жеке турушуп,
Айза салып урушуп.
Эки журт эми беттешип,
Кармап алып айзаны
Бир-бирине сунушуп,
Калайман уруш болду эми.
Кан Семетей канкор эр,
Калайман салган ошо жер.
Орто жерин эр Семең
Оюп келип берди эле,
Тегерегин Сары кан
Сабап келип берди эле,
Как ортосун Канык ей
Камап айдап кирди эле.
Булардын каарына чыдабай
Бөлүнүп сан кол дыркырап,
Айласын таппай чыркырап.
Семетей менен Канык ей
Бул экөөнү көргөндө
Айдалып келген кайран журт,
Аргын, кыргыз аралаш
Бирөө калбай бөлүнүп.
Найзаларын ыргытып,
Аттан түшө калышып,
Мойнуна курун салышып,
Астына келген эли бул.
Бала төрө чунакка
Калайыктын кеби бул:
Ой, боз ала тунжур, болпоңум,
Боз карчыга чолпонум,
Баашалык ала, жер мына,
Башты кессең биз мына,
Казбагын калың орумду,
Каным Манастан калган мураапы

Кайнатпагын шорумду.
Атаң Манас өлгөндө,
Кайгыны журтуң көргөндө,
Алты арам бизге кан чыкты,
Каарынан жан чыкты,
Алым-салык көп салды,
Абал мурда малды алды,
Калайманды баштады,
Каяшаяк бергенди
Каарданып алты арам,
Такыр кырып таштады.
Алман салып тай алды,
Алымына чыдабай
Атаңдан калган кайран эл,
Качып-качып тарады.
Теңиз жетим кепти ук,
Консоң Талас жер мына,
Атандан калган эл мына,
Өлтүрүп төксөң кан мына,
Чыркыратып жетимим
Кыйып ийсең жан мына!
Калайык айтып калганы,
Кан Семетей көкжалың
Үшүнткөн элди көргөндө,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Аргын, кыргыз аралаш
Аттан түшүп жабылып,
Семетейге багынып.
Ондон, бештен тарады,
Ойрондун уулу жетимди
Караан кылып барады.
Аргын, кыргыз бөлүнүп,
Түшүп берди колуна,
Манастын уулу жетимдин
Адалдыгы көрүнүп.
Көчүп барып Семетей
Талас өңдүү жер тапты,
Манастын уулу бадирек
Аргын, кыргыз эл тапты.
Абыке, Көбөш алты арам
Көбөштөп ураан чакырып,
Кыр-кырынан кырк чоро
Кайрат кылып бакырып,
Дагы чабуул койду эми.
Кырк чоро чабуул койгондо
Андис болгон Сары кан
Кайра тартпай турушуп,
Кырк чоро менен урушуп.
Тегиз найза сунушуп,

Теминишип урушуп,
Тегеректеп кырк кырааан
Сары канга жетти эми,
Кыркы, кырктай муштап өттү эми.
Кыямат кетчү эмедей,
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болуп.
Кайрат берчү эки кол
Өөдө болбой шал болуп
Жан казандай кайран баш
Туш-тушунан канжыгадай кан болуп,
Алек болду Сары кан.
Кан Сары кармап аларда
Курмандыкка чаларда,
Берен жеңең Каныкей
Беттеп чыгып кол салып.
Эңкейиштен эр сайып,
Ар сайганда Каныкей,
Төрттөн, бештен бир сайып.
Катын мындай болобу,
Муну катын деген оңобу.
Кырк чоронун баарысын
Тапты жеңең дарысын,
Талкан кылып кыйратып,
Такыр сайды баарысын.
Кайрат кылган кырк чоро
Канатынан кайрылып,
Аттарынан айрылып,
Отуруп калды оңшоюп,
О, жеңеке, кулдук деп,
Улуган иттей шоңшоюп.
Арстан энең Каныкей
Сары кан экөө биригип,
Аттарын айдап алганы,
Адырга таяп салганы.
Кырк чоронун кырк күлүк
Олжо кылып алганы.
Манастын уулу эр чиркин:
Абыке менен Көбөштү
Тири кармап алайын,
Кең Таласка кондуруп,
Калаа кылып алайын.
Эртели-кечти үч убак,
Баана кылып алайын.
Бир коркутуп кызык салайын,
Күчкө салып абамды
Эптеп кармап алайын.
Атасы Манастан калган Аккелте
Ойноп атса очогор,
Чындап атса койчагыр,

Артык курч темир алмабаш,
Ыраакы, жакын ылгабас,
Алтымыш күнгө бузулбас,
Нарбуурулга салуулуу
Ак куржундун ичинде
Алты чейрек ок, дары
Ойронду мыктап салыптыр.
Ошо турган куржундун
Оозун ачып алыптыр.
Аккелте колго алганда
Оңго ооп бир атып,
Солго ооп бир атып,
Сол жактын чаңын буратып,
Тийген сайын Аккелте,
Кашаттын башын уратып.
Бөлүнүп огу заркырап,
Октун чуусун көргөндө
Абыке, Көбөш алты арам,
Бөлүнүп качып дыркырап.
Бир аткан жок, миң атты,
Миң катар огу жеткени.
Коркутмакчы кылам деп,
Бала султан эр неме
Алыс атып турганы,
Көмөрүлүп аткан ок
Көбөштүн башын жулганы,
Көктелкинин үстүнөн
Көбөш агаң кулады.
Манастын уулу жалгыздын
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көп санаа келип башына
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Актелки менен аргытып,
Алтымыш мерген жанында
Абыке көзгө көрүндү.
Абыкени көргөндө,
Манастан калган боз кисе
Моюнга чечип салынды,
Буурул атты жетелеп,
Башын тартып Семетей
Абыкеге жалынды:
Буурул ат сатуу, мен тартуу,
Муңкантпай абам тилимди ал.
Акка моюн бурайын,
Энекем, Каныкей тартуу кылайын.
Жылкыдан каалап берейин
Нарбуудан өндүү малымды ал,
Керек болсо, абаке,
Көөкөргө куюп канымды ал.
Өөдөгө чыксам өбөк бол,

Ылдыйга түшсөм жөлөк бол.
Абаке, каптатпачы колуңду,
Кайнатпачы шорумду,
Качып келген жетимге
Абаке, кылдырбачы сонунду.
Мен, Букардан көчтүм бараан деп,
Бурулуп келдим бу жерге
Абыке, Көбөш — караан деп.
Бурулуп аба тууган бол,
Бузуп ийбе канымды,
Күйгүзбө менин жанымды.
Жетим турса баш тартып,
Абыкедей арамды
Артык кудай урду эми.
Алтымыш балбан баарысы
Жабыла согуш кылды эми.
Мунарыкты көр, чокту көр,
Алтымыш балбан, Абыке
Мөндүрдөй огун атканда,
Жайнаган кызыл окту көр.
Ок аткан сайын Семетей
Кыймыл этип кылт этпейт,
Кызырлуу жетим былк этпейт.
Жабылып мерген атканда,
Жапаа салып жатканда,
Өөдө-төмөн карабай
Өлөмүн деп санабай,
Тегерете карабай
Теги жанды аябай,
Нардай болгон Бууурулду
Аттанып жетим чыкканда,
Алтымыш балбан биринdеп,
Айласын таппай зирилдеп,
Заманасы куурулду.
Баланын каарын көргөндө
Ажалдан мурун өлдүк деп, -
Акыретти көрдүк деп,
Алтымыш балбан биринdеп,
Туш-тушка качты зирилдеп.
Актелкичен Абыке
Баланын түрүн көргөндө
Алапайын таба албай:
Теңелишсем бул жетим
Коёндой жерге ыктайт ко,
Артык сүрдүү сыр найза
Аңтара сайып кокустан
Түпөгүн* канга чыктайт ко.
Муну ойлонуп Абыке,
Боконо сөөгү болкулдап,
Боктуу ичеги солкулдап,

Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип:
Теңиздин уулу жетимге
Теңелип туруп нетейин,
Теги чыдап турбастан,
Анжыян кирип кетейин.
Барабанды бир койду,
Баатыр абаң Абыке
Бура тартып абакең
Качып шашып чү койду.
Абыке качты анталап,
Нарбуудан аты коёбу
Семетей кууду чалкалап.
Көбөштү союп койдуң деп,
Абыке качып барат таарынып,
Семетей келет аркадан,
Абакелеп жалынып.
Абыкенин Телкиге,
Жебеден мурун жеткени.
Жетип жандап өтөрдө,
Кан Манастын жалгызы
Семетей найза көтөрдү:
Абыкедей абамды
Коркутмакчы кылайын,
Эптеп кармап алайын,
Баана кылып башыма,
Базар кылып алайын.
Алып барып Таласка,
Аргын менен кыргызга,
Кан көтөрүп салайын.
Коркутуп найза сунайын
Бул амалды кылайын.
Өңүрүнүн четине,
Этегинин бетине,
Жазгап сайып өттү эми.
Ант ургурду, ант уруп,
Өөдөлөй тийип сыр найза
Өпкөгө кирип кеткени,
Абыке менен Көбөштүн
Тең ажалы жеткени.
Каныкейге сайдырып,
Арбак урган кырк чоро
Колго түшүп калыптыр.
Куткарбас темир аркандуу.
Торго түшүп калыптыр.
Каныкей менен Чыйырды
Семетейдин атасы,
Чоң атасы, чоң Жакыпка барыптыр.
Жакып өңдүү чочкону
Төбөсүнөн басыптыр,

Үч байбиче биригип,
Төрт түлүгүн чачыптыр.
Чыгарыптыр кээсин,
Чыгара муштап мээсин,
Чоң атасы чочко канды союптур.
Күйгөн жүрөк капалык
Кайран жеңең Каныкей
Бирөөн койбой жоюптур.
Колго түшкөн кырк чоро,
Козголтпой кырып салгыча,
Коросон Бакай кабылан
Көк сүлөөсүн бөрк кийип,
Көк ала калкан ойнотуп,
Бадана кийип жаркылдап,
Бала каздай баркылдап,
Бадыша Бакай кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бек таштап:
Ой Каныкей, Сары кан,
Оройлук болот мунуңуз,
Калың элде не жазык
Ошо жерге туруңуз,
Караан жетим келгиче,
Сабыр кылып туруңуз.
Кең-Өзөнгө жер керек,
Жетилип келген жетимге
Эртеңки күнү эл керек.
Адырмак тоого бел керек,
Азаматка эл керек.
Манастын уулу Семетей,
Таласка келип конгондо
Калкынын баарын кыйратып,
Кырып салды дедирбей,
Каны акмак эмеспи,
Калың элде не жазык,
Баштыгы акмак эмеспи,
Баары журтта не жазык,
Арамга буруп бейлиңди
Ой, кулунум, Каныкей,
Не бетиң менен кырасың
Манастан калган элиңди.
Бадыша Бакай баркылдап,
Арага түшүп калганы.
Ошончо журттун баарысын
Арачалап алганы.
Ал аңгыча болгон жок,
Бала төрө Семетей
Бу да келип калды эми.
Кан Манастын кырк чоро
Семетейди көргөндө,
Катар турду буркурап.

Каным Манастан калган жалгыз деп,
Айтып турду чуркурап.
Манастан калган баанайым,
Батадан калган таалайым.
Оболку кеткен Манаска
Отурсак, турсак күйөбүз,
Манастан калган баанайым
Тилегиң тилеп жүрөбүз.
Арбакты чапсаң жол мына,
Кара кылып отурган
Кырк чоро абаң биз мына.
Буталуу Талас жер мына,
Мурунку чоро биз мына,
Атадан калган мурааны
Күтүп алсаң биз мына.
Баашалуу кыргыз эл мына,
Баш алып ийсең биз мына,
Караан жетим угуп тур
Калың казсаң ор мына,
Кайнатар болсоң шор мына.
Баашадан калган жалгызым,
Байлап өлтүр кол мына,
Арбак сайып ант урган
Арам кыял биз мына.
Кырк чоро айтып чуркурап,
Кыямат кеткен Манастын
Арбагы деп буркурап.
Кырк чорону көргөндө,
Кыйындын уулу Семетей
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тайбуурулдун үстүнөн
Чуркап түштү жүгүрүп.
А дүйнө кеткен атамдан
Алып калган мураапым,
Айланайын кырк аба,
Бурулуп келдим ким үчүн,
Аркалуу кыргыз бир үчүн,
Ал жүргөнүм сиз үчүн
Алыстан арка кылган баанайым,
А дүйнө кеткен атамдан
Алып калган таалайым.
Астыга салсам ак жолум,
Атадан калган мураапы
Айдап жүрсө сан колум.
Кагышка кирсем караан бол,
Кармашка кирсем бараан бол.
Манастан калган эр жетим
Табылбаган кепти айтып.
Адырда жылкы алты сан,
Аргымак, буудан аралаш

Ал жылкынын ичинен
Алты жүз ак боз бээ союп,
Манастын уулу чиркиниң
Ар кылыкты тең коюп.
Кырк чоро, баштык Бакайды
Казысына бөлөтүп,
Картасына жөлөтүп,
Кырк чоронун баарына
Эриксе элик аттырып,
Эрикпесе жаткырып.
Суусаганда чал берип,
Суусабаса май берип,
Кантты кардай опуруп,
Сары майдан топуруп,
Туурдугун май кылып,
Тушукканда чорону
Туш-тушунан бай кылып,
Ок өтпөс тондон кийгизип,
Ок жетпес аттан миңгизип.
Калканын кара торлотуп,
Ар шаймандын баарысын
Кадимкидей оңдотуп,
Найзасын артык камдатып,
Айбалтасын шайлатып
Кылымга кыргын салганы,
Кыйындын уулу Семетей
Кызык болуп камданды.
Кытайдан өчүн алганы,
Ойлонбой жетим калбады,
Он төрт атты камдады.
Баатырдын уулу Семетей
Телегейи тең чыгып,
Атасын тарткан шер чыгып,
Алтын таажын кийгени,
Алтын такка миңгени.
Он төрт күлүк ат камдап,
Ок өтпөгөн тон жайлап,
Орто Кең-Кол жер жайлап,
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түз казанат эр чыгып,
Кылган иши жөн чыгып,
Манасты тарткан кан чыгып,
Кайратынан жан чыгып.
Таласка салган там болуп,
Кара кылды как жарган
Касиеттүү жан болуп.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе Таласта

Эркин ойноп жатышып,
Аргын, кыргыз аралаш
Кең-Колду бойлоп конушту,
Баатыр Манас көкжалдын
Бар кезиндей болушту.
Кырк таман чийип ордону
Кызык болуп атышып,
Кырк кысырак байталды
Байгесине сайышып,
Утканы союп алышып,
Таң-тамаша оюнга
Кырк чоро мындай канышып,
Кырк чоро күтүп турганда,
Кандыкты бала кылганда,
Ошо кезде Таласта
Кара эгинден күрүч көп,
Боз коёндон түлкү көп,
Бокчого жыйган мүлкү көп.
Кийгени түлкү киш болуп,
Кырк чоро менен көп журттун,
Ошо күндө турмушу
Акыр заман журтуна
Айтылгандай иш болуп.
Келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу кыргыздын.
Кызыл көйнөк, айча бел
Кыздары сулуу кыргыздын.
Кара чепкен, ак калпак
Уланы сулуу кыргыздын.
Ошо күндө кырк чоро,
Эки-экиден суусар бөрк
Чекеге коюп ыргашып,
Аргын менен кыргызга
Султан болуп жыргашып.
О дүйнө кеткен Манастын
Бардыгындай болушуп,
Ордо тигип кырк чоро
Таласка кайра конушуп.
Кырк чоронун баарысы —
Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлө жыйын кылышып,
Чогулманын сазына
Чогулуп жыйын кылышып.
Тапкычташып табышып,
Куугучташып куушуп,
Кутурушуп алышып,
Арам акыл салышып,
Ант урганды, ант уруп,
Акмак болду кырк чоро,

Киши билбес арамды
Тапмак болду кырк чоро.

КЫРК ЧОРОНУН КЫТАЙДЫ КӨЗДӨЙ КАЧКАНЫ

Баштагы күнү өлүптүр,
Тазбаймат, Кыргыл карысы.
Арамды сактап алды эми,
Кырк чоронун баарысы.
Кырк чоронун ичинде,
Нелер бар да, нелер жок,
Атандын көрү алакчы,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кырк чоро чочко оңгон жок,
Кылайган арам койгон жок,
Семетейге болгон жок.
Ал чоронун ичинде,
Найзакерден кабылан
Ыктуу чоро дагы бар.
Акылга чечен иш билги
Мыкты чоро дагы бар.
Айбалтаны чабуучу
Баатыр чоро дагы бар.
Бир сырын киши билбеген
Капыр чоро дагы бар.
Туйт деген жакка басуучу
Жаман чоро дагы бар.
Түрсүлдөп сөздү билбеген
Наадан чоро дагы бар.
Кеп сүйлөбөс, тил айтпас
Чоркок чоро дагы бар.
Түндө эшикке чыга албас
Коркок чоро дагы бар.
Акыл айла көп билген
Аалым чоро дагы бар.
Артык бузук жөн жүрбөс
Залим чоро дагы бар.
Далайынан иш билген
Тунук чоро дагы бар.
Майда ушакты жүргүзгөн,
Бузук чоро дагы бар.
Кырк чоронун жакшысы,
Медер кылган берени,
Кырк чоронун көзөлү,
Кудай урган ошо бар
Чыйбыт, Кочкор кошо бар,
Адыбай, Көлбай арам бар,
Арбый берет шумдугу
Мына мындай жамандар.
Каарданып күпүлдөп,

Кара баскан эмедей
Кайраттанып дүпүлдөп,
Кызык болуп кыйгачтап,
Кызыталак Кочкор кеп баштап:
Атаңдын көрү кырк чоро
Кыркың кызыл шер элең,
Ала көөдөн Манастан
Кайсы жериң кем элең.
Кылымга кыргын сен салдың
Кылыкты Манас ал алды.
Эрди сайсаң, сен сайдың
Аты калды Манаска.
Манас сенден эр эмес,
Кырк чоронун эрдиги
Кан Манастан жөн эмес.
Атаңдын көрү кырк чоро
Арак ичпей таш ичкин,
Балага чоро болгуча
Атаңдын канын кошо ичкин.
Кырк чоронун эрдиги
Адамзаат жетеби,
Өмүрүндө кырк чоро
Чоро бойдон өтөбү?!
Кумарың кармап кырк чоро
Урунарга тш таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кыркың кырк урук кан элең,
Кыркың кымбат шер элең,
Кыркың кырк жерден келген бөрү элең.
Кыйкырыгың таш жарып,
Кыркың кырк жерден келдиң Таласка.
Күнүң өлүп байланып,
Чоро болдуң Манаска.
Кайра барып Кең-Колго
Конгону калган экенсиң.
Манастын жалгыз уулуна
Кайра барып чогулуп,
Жана чоро, кесек ит,
Болгоку калган экенсиң.
Чамасы кеткен кырк чоро
Чалгынын кайра чалабы,
Манастын тентип келген жетимин
Төрө кылып алабы?
Туубай туна чөгүп ал,
Атаңдын көрү кырк чоро,
Бу көрөкчө өлүп ал!
Каарына тийгенде,
Манастын уулу Семетей
Калың казар оруңду,
Кайнатып коёр шоруңду.

Чоро болсоң жетимге,
Атаңдын көрү кырк чоро,
Көрөрсүң кызык сонунду.
Энеси бейбак Каныкей
Баласын сүрөп отуруп,
Бизди тирүү коёбу.
Айтсак эчен кеби бар,
Бу канчыктын, айыкбаган кеги бар.
Кечээ Манас өлгөндө
Өлгөнү кырк күн боло элек,
Эсебин жаман тапкансың,
Атаңдын көрү кырк чоро
Эмчегин жара чапкансың.
Кан Манастын кырк чоро
Айтканына ынанып,
Күн кылкылдап батканда,
Элдин алды жатканда,
Бир адамга көрүнбөй,
Бир кишиге билинбей,
Сан дүйнөнү чачкан жер,
Кырк чоронун баарысы
Таластаи эми качкан жер.
Ашмараны ашыптыр,
Кең өзөндү басыптыр:
Бу жерге туруп нетели,
Кытайлардын Коңурбай,
Качып барып ошого
Чоро болуп кетели.
Кызыталак жетимдин
Түбүнө минтип жетели.
Буласын булап алалы,
Бузукту анан салалы.
Буурукмалуу жетимден
Капкайда өчтү алалы.
Кең өзөн бойлой жол тартып
Кыйла жүрүп өтүптүр,
Кең Иленин боюнда
Кызыл-Жийде жетиптир.
Аш-тамагын жайнатып,
Ар кимиси жан казан
Ай талаага кайнатып.
Көп токтошуп турушуп,
Көлүктөрдүн баарысын
Көлүк байлоо кылышып.
Сай тулпардын баарысын
Ошо кезде кырк чоро
Ээрин алып жайдактап,
Чидер уруп баймактап,
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Эчкинин тоңгон майын жеп,

Эсирип жатты кырк чоро.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Манастын уулу Семетей
Уйкусу кетип чачылып,
Умачтай көзү ачылып,
Боконо жүрөк болкулдап,
Бүткөн бойдун баарысы
Белгиленип солкулдап.
Булгаары тердик көк токум,
Буурул атка токунуп,
Буруксуган жетимиң
Кырк чородон чочунуп.
Өзүнөн өзү күйүнүп,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Боз кисени чалынып,
Жаратканга жалынып.
Нардай болгон Буурулга
Алтын таман үзөңгү,
Теппей чурап жетимиң,
Койчо чурап минди эми.
Атамдан калган мурас деп,
Кырк чоронун өзүнө
Энчилеп берген чоң ордо,
Эсеби жок зор ордо,
Чоң ордого барды эми.
Ал ордону караса
Журту калган өзү жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Ашмаранын кайкысын,
Ашкан түрү көрүнөт.
Кең өзөн бойлоп кырк чоро,
Качкан түрү көрүнөт.
Талак кылып дүйнөсүн,
Чачкан түрү көрүнөт.
Манастын уулу Семетей,
Ителгидей кайран көз
Ирмебестен жаш алып,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Ал Манастын жетими, *
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Оозун жайса Буурул ат,
Учкан куш менен жарышып,
Оозун жыйса Семетей,
Окоро түйгөн ак тизгин
Эки колдо карышып.
Буткул-буткул жер келсе,

Бугудай мойнун буратып,
Бута бою аңдарды
Буйдалбастан чуратып,
Адыр-адыр жер келсе,
Закым болуп зыркырап,
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Куландай кулак жапырып,
Семетейдин Буурулу
Куюндай жерди сапырып.
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Буурул ат
Көк түтүндөй бөлүнүп.
Жер айланып такымдап,
Оозун жайса ал Буурул
Учуп барат закымдап.
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
Аттын изин кубалап,
Аябай кууп алыптыр.
Ийри кара суу менен,
Имерилген чөл менен,
Семетейдин Буурулу
Сыны бийик, сырты түз
Кабыргалуу казан ат,
Карачанын Сайкалга
Кагыш кылып барганда
Кармашта берген Буурул ат,
Капкандай бели ийилип,
Боз караган, бадалдан
Омбул-домбул түйүлүп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кырк чоронун үстүнө
Жетип барган ошо жол,
Эти кызып Буурул ат
Көк түтүндөй бөлүнүп.
Үстүндөгү Семетей
Опол тоодой көрүнүп.
Кырк чоронун баарысы
Семетейди көргөндө
Уйгу-туйгу дүргүшүп,
Шашпай жаткан бейкабар
Жан казанга мүргүшүп.
Урушту эске алышып,
Ашып-шашып кырк чоро
Ат-атына барышып.
Жоо-жарагын шайлашып,
Кытайлардын кыр муруну Коңурбай
Кыйкырып келип калгансып,

Кылыч, мылтык колго алышып.
Манастын уулу жетимге
Каршы тура калышып,
Камынып калды кырк бөрү.
Кыркылышып кетсе да,
Кырк чоро жакын тууганы.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кырк чорону көргөндө
Төрө бала Семетей,
Нардай болгон Буурулдун
Үстүнөн түштү жүгүрүп.
Буурул аттын ак чылбыр,
Окоро түйүп келтирген
Ойрон энең Канымкей,
Семетейге чак чылбыр
Моюнга ороп салынып,
Атадан калган мураа деп,
Кол куушуруп бооруна
Кырк чорого жалынып:
Айланайын кырк аба,
Казбагын менин орумду,
Качып бетбак бир кылып,
Кайнатпа менин шорумду.
Атадан калган мураалар
Аныктап уккун кебимди,
Сындырба менин белимди,
Суутпа менин демимди.
Куп уккун менин сөзүмдү,
Кырк аба, чукуп кетпе көзүмдү.
Буурулум тартуу, баш тартуу,
Сынап уккун сөзүмдү,
Кырк аба, зыркыратпа өзүмдү!
Балалык кетсе өзүмдөн
Ушу жерде чуку көзүмдү.
Арнап берген Буурулду
Ачырып ийди дедирбе,
Атадан калган мурааны,
Акмак экен Семетей,
Качырып ийди дедирбе!
Айланайын кырк аба,
Кыйшыктык кетсе кырк аба,
Колуң менен союп кет,
Манастын уулу өлдү деп,
Колуң менен коюп кет.
Жылкыдан тартуу кылайын
Тайбуурул өңдүү малымды ал,
Аздык кылса ал тартуум,
Көөкөргө куюп канымды ал!
Мен Букардан көчкөндө
Кызыл мейиз жеп келдим,

Карааан болсо кырк абам
Кытайды бузам деп келдим.
Бала минтип турганда,
Кырк чоронун баарысы,
Кызырлуу төрөң эмеспи,
Манасты көргөн эмедей
Татты кептен башташып,
Жабдыктарды ташташып.
Кырк чоронун ыктуусу,
Байчоро бар мыктуусу.
Баса түшүп баркылдап,
Байчоро баатыр жаркылдап,
Балага айткан кеби бул:
Эй, тулпардан калган чунагым.
Кечээ, түйгун Манас барында
Кара болот Зулпукор,
Көөлөп турган кырк чоро.
Касташканды кыйратып,
Жөөлөп турган кырк чоро.
Он сегиз миң ааламды,
Ээлеп турган кырк чоро.
Эрмектүү жетим келди деп,
Ордун басты Манастын
Тилекти кудай берди деп,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Каканга чалгын чалууга,
Кан Коңурбай баатырдан
Кабарды катуу алууга,
Бууругуп калган кырк чоро.
Кылымга кызык салууга,
Белгилүү Бээжин жер менен
Бир беттешип калууга,
Берендин уулу жетимди
Белге таңуу кылууга,
Кырк чоронун баарысы
Кызырлуу Манас барында
Кеңеш кылбай, кеп кылбай
Кете бермей адаты.
Кан Манаска айтпастан
Чалгынды минтип чалуучу,
Чабышып кирип ошондо
Чампандан жылкы алуучу.
Кымбатым Манас өлгөндө
Кырк чоронун түгөнүп калган сурагы,
Он эки жылы тим жатып,
Оолугуп калган убагы.
Ойрону жетим келгенде
Атандын көрү кырк чоро
Оолукпай карап турабы?!

Муну айтканда Байчоро
Анда чунак муну айтат.
Акыл табар айлакеч
Айланайын кырк абам,
Бакайга кеңеш салалы.
Ат семиртип, ык кылып,
Эрендин баарын бук кылып,
Кол чогултуп жайнатып,
Кан Манастын чоң туусун
Сары канга карматып,
Анан Бээжин чалалы.
Азырынча кырк аба,
Семирип-сергип алалы.
Касага тарткан эрендер,
Кайра тартып берендер,,
Таласка жөнөп калганы.
Талаа менен жол жүрүп,
Азыраак эмес мол жүрүп,
Кайра барып Таласка,
Кырк чорону кондуруп,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Күлкү оюнду болдуруп.
Суусар бөркүн ыргатып,
Кан Манастай көкжалдын
Бардыгындай жыргатып,
Адырда жылкы алты сан
Аргымак, буудан аралаш,
Ок жетпес аттан мингизип,
Ок өтпөс тондон кийгизип.
Дүнүйөнү жайнатып,
Баглан козу, ширин баш
Үч, төрт убак кайнатып.
Эриксе элик аттырып,
Эрикпесе Таласка
Эркин ойноп жаткырып.
Туурдугун май кылып,
Тушукканда чорону
Туш-туш жерге кан кылып.
Керегесин май кылып,
Кезиккенде чорону
Келберсиген кан кылып.
Бурулуп аккан булактан,
Буруп тулпар сугарып,
Мурдагыдан миң эсе
Кырк чоро атын чыгарып,
Манастай көрдү чорону.
Ошондо кайран энең Каныкей
Кабылан Бакай, Сары кан
Эр Жамгырчы, Бөлөкбай
Эрендердин баары бар.

Кайран энең Канықей
Бу жетимге кеп баштайт:
Учу түптүү жибекти
Чубап тартсам бөлүнбөйт,
Атандан калган кырк чоро,
Чуу салбай жүрөр көрүнбөйт.
Кызыл-тазыл кырмызы
Кыргагын тартсам бөлүнбөйт,
Кылыгы бузук кырк чоро
Кылчаяр жайы көрүнбөйт.
Чапчакка күйган кымызың,
Чамасы келсе кырк чоро
Чалыша берет тымызын.
Жортуулга жүрсөң кырк чоро,
Табылгы чогун үйлөшөт,
Жолдош кылсаң иттерди
Тарчылык жерде сүйлөшөт.
Жалынсаң укпайт кебиңди,
Сындырар сенин деминди.
Бир алтоон кетирип жибер Эренге,
Бөлүп-бөлүп баарысын
Түшүрүп жибер тереңге.
Бирин жибер Алтайга,
Бирин жибер Каңгайга.
Эртелеп камын кылбасаң
Эл болуп турчу кул эмес,
Эсиңди тапчу бул эмес.
Арам сактап ой ойлоп,
Арамдар сага эл болбойт.
Томуктай болгон чычкандын,
Токсонун жыйдым тон болбойт.
Тозокко чалыш кырк чоро
Токтоп сага эл болбойт.
Атасы Манас көкжалдан
Арта тууган Семетей,
Энеси канча кеп айтса,
Жатып алды кенебей.
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Таластын ичи бакырык,
Семетейлеп чакырып.
Жана качкан кырк чоро,
Кең Таластын боюнда
Көтөрмөнү ашыптыр,
Суусамырды басыптыр.

КЫРК ЧОРОНУН ЭКИНЧИ КАЧЫШЫ.
СЕМЕТЕИ КУУП ЖЕТИП, БААРЫН КЫРЫП,
КОЧКОРГО КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ

Кызарт ашып сыдырып,
Кең Кочкорду кыдырып,
Мына ошондо кырк чоро
Тамашага батыптыр.
Жолоочу жүргөн тулпарды
Ээрин алып жайдактап,
Аса байлап алыптыр,
Катуу суутуп салыптыр.
Таштан керме кылышып,
Даяр болуп турушуп.
Аш-тамагын жайнатып,
Жан казанга камынып,
Таш тулгага жабылып.
Түркүгү камыш чатырды
Түз жерге тигип салышып,
Кысырак тайдан союшуп,
Кыйындап кароол коюшуп,
Найзаларын шайлашып,
Мылтыктарын камдашып,
Жаткан экен кырк чоро.
Ал Кызарттан эңкейип,
Семетей дүрбү бир салса
Көк ала чатыр көрүнөт,
Көгөрүп түтүн бөлүнөт.
Уйгу-туйгу айкырык,
Кырк чорону караса
Душмандык түрү көрүнөт.
Манастын уулу эр жетим
Буурулду минип булкунтуп,
Көңүлгө батпайт көп санаа,
Кырк чорону көргөндө
Көзүнүн жашы он талаа.
Атасы Манастан калган боз кисе
Мойнунан чечип салынып,
Тайбуурулду жетелеп,
Кырк чорого жалынып.
Мен Таласка келгени,
Айланайын кырк чоро,
Алтымыш болду санатың,
Айланып учар канатым.
Бейлеп уккун кебимди,
Айланайын кырк аба,
Бек сындырба белимди.
Таласка барып кырк чоро
Таянган жери темирдей,
Таратып ийди чорону
Манастын жаман уулу дедирбей.
Өлтүрүп кетпе сөзүмдү,
Айланайын кырк аба,
Кылдырба өзөк өзүмдү.

Тирүү койбой союп кет,
Колуң менен кырк аба,
Мени белгилүү жерге коюп кет.
Кашайта көзүм оюп кет,
Каардансаң кырк аба,
Мен жетимди союп кет.
Кан Манастын кырк чоро,
Чыйбыт, Кочкор эки арам,
Адыбай, Көлбай төрт арам
Баары текши турушту,
Мылтык атып, жаа тартып
Карсылдашып урушту.
Кан Манастын кырк чоро
Башын тарткан жетимге
Жамгыр кылып жаа тартты,
Мөндүр кылып ок атты.
Жазайыл мылтык жабылып,
Кырк чоронун баарысы,
Акылманы, карысы
Жалынып турган жетимге
Жабылып кетти баарысы.
Оозу курчтан очогор
Катар туруп миң атып,
Кырк чоронун баарысы
Оң келдекей жаа тартып.
Араан ооз, сыр жебе
Ала коюп миң атып.
Туруп берсе жетимди
Каптап кармап алганы,
Чын нээттери бузулду
Курмандыкка чалганы.
Чамасы келсе аларың
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарганы.
Мунарыкты көр, чокту көр
Бузулбай тийген окту көр.
Бурч, бурч жерден найзалап,
Каптап кеткен топту көр.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Ал Манастын кырк чоро,
Алышса бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Ааламдын алы жетпеген.
Уңгусу терең сыр найза
Учуна болот улаткан,
Кез келгенди сулаткан.
Найзакерден кырк чоро
Айкырып найза сунганы,
Ондон, бештен дембелеп,
Туш-туштан найза урганы.
Манастын уулу эр жетим

Туруп берди кенебей,
Ошончолук найзаны
Бучкагына теңебей.
Мелтиреп жетим турганы
Найзаларын ташташып,
Балта менен урганы.
Үргүп-дүргүп турушту,
Айбалталап, найзалап
Кымбат болду урушу.
Кылычын колго алышып,
Жан аябай жетимге
Кыйкырып кылыч салышып.
Короздой болгон кайран шер,
Ошончо кордук кылса да
Козголгон жок кайран эр.
Ичи күйүп, боору чок
Тентип келген жетим деп,
Сырды билген тууган жок.
Артык тууган деп жүрүп,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Буурулду миндим буудан деп,
Атаңдын көрү куу дүйнө,
Бурулдум жалгыз тууган деп.
Же муңум жетпейт кудайга,
Бурулсам болбойт тууганга.
Канжыгам катып калганын
Кайшалаңдап ат билди.
Кайран жан күйүп кеткенин
Өз тууган эмес, жат билди.
Эми, өзөндүү булак, кең сууга
Өрдөтүп салар малым жок,
Өз тууганым жоолошту
Эми, өлүмдөн аяр жаным жок.
Адырдуу Кең-Кол, кең Талас
Айдап салар малым жок.
Өз тууганым ок атты
Эми, өлүмдөн аяр жаным жок.
Мен Таласка келгени,
Тууганым сени көргөнү,
Алаңды ала качтымбы?
Арымды жаман түгөттүң,
Атандын көрү жамандар
Казынаң ала качтымбы?
Эселек тууган оңбой кал,
Энемди тартсам болбодуң.
Эштенип алып соём деп,
Арамдыгың койбодуң.
Түгөттүң эми жашымды,
Түйшүгүң кылып ийсең да

Тартуу кылдым башымды.
Башымды тартсам болбодуң,
Бадыраңдап койбодуң.
Бадыраң темир курч эмес,
Башка өскөн иттер журт эмес.
Курама темир курч эмес,
Кутурган иттер журт эмес.
Кызыгыпсың кырк чоро
Аколпок сындуу үбүмө.
Абайласам кырк чоро
Жетмек болгон экенсиң,
Бу жетимдин түбүнө.
Сенин тиктегениң кызыкпы,
Каалаганың бузукпу?
Ойлогонуң тырышпы,
Каалаганың урушпу?
Сураса бербес күлүккө
Суук укурук-салайын,
Сумсайтып ийдиң кырк чоро,
Барыңды курмандыкка чалайын.
Кыйналтып ийдиң кырк чоро,
Кыйратып өчүм алайын.
Мааниң кеткен кырк аба
Башымды тартсам болбодуң,
Барсылдатып аткылап,
Бузугуңду койбодуң.
Туура кудай эми урду
Тулпардын оозун бурбайбы,
Тууганым деп жалынсам,
Душманым мында турбайбы.
Адыраңдап кол салсам,
Атакемдин арбагы
Айлантпай жетип мени урсун.
Айбандан бетер ок аттың,
Алда таалам сени урсун,
Күрмөгө салдың канымды,
Атаңдын көрү кырк аба
Күйгүзүп ийдиң жанымды.
Кырк аба мында турасың
Сен, кызыл кырча зоо белең,
Мен, кытайдан келген жоо белём?!
Кадыр билбес кырк аба,
Сен, кара адырмак тоо белең.
Качырып кол салгыдай,
Мен, калмактан келген жоо белем?!
Мен Букардан көчкөндө
Куланды кууп жеп келдим
Атаңдын көрү кырк чоро,
Куюшар тууган деп келдим.
Эми, өз убалың өзүңө,

Өзүң тийдиң кырк чоро
Эмгегиң кара төбөңө.
Мен Букардан чыкканда
Тоодакты кууп жеп келдим.
Тобуң менен кырк чоро,
Караан болор деп келдим.
Эми, карап тургун, кырк чоро,
Өлтүрмөк болдум өзүңдү,
Чукумак болдум көзүңдү.
Кетирмек болдум алыңды,
Төкмөк болдум каныңды.
Ошондо береленип жетимиң,
Ачык жерин бүтөдү,
Каарданып токтобой
Каңырыгы түтөдү.
Кырк чоро турду мылтыктап,
Жетим, кылчайбас түрүн көргөндө
Өрттөй көзү жайнады,
Кызырдуу шердин тукуму
Туткабы жаман кармады.
Каалгадай кашка тиш,
Бала төрө жетимиң
Качырата чайнады.
Каары көзгө көрүндү,
Каалгадай кашка тиш
Тиштегенде жетимдин
Таруудайдан бөлүндү.
Теңиздин уулу чиркиниң
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай,
Асмандан түшкөн боз кисе,
Алда деп белге курчанып.
Кан атасы Манастан калган Зулпукор,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Бир колунда жетимдин
Алтын жаак айбалта.
Такымында жетимдин
Манастан калган Сырнайза
Оң жагында көрүнөт
Алтындаган жан калта.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көкжалдын уулу жетимиң
Опол тоодой көрүнүп.
Алтын кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып.
Күмүш кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Назарланып сурданып.
Чечекейи жайнады,

Ченебеген жетимиң
Кан ичмеси кармады.
Найзалап турат кырк чоро.
Тайбуурулду -бир салып,
Найза сунуп айкырып,
Манастап ураан чакырып,
Кырк чорого кол салды.
Манастан калган жети туу
Жети жерге орнотуп,
Эми кирди жетимиң
Жеткен жерин сойлотуп.
Ардактуусу алты туу
Алты жерге орнотуп,
Айдап кирди жети-миң
Адегенде сойлотуп.
Күчтүүдөн Күлдүр ал өлдү,
Дардес деген кул эле,
Байчоро баатыр ал өлдү.
Чоң тамаша салган жер,
Чоң Кызарттын оюнда
Кең Кочкордун боюнда,
Мингени тулпар ала баш,
Кырк чоронун ичинде
Кочкор, Чыйбыт аралаш.
Укумунан тукуму,
Ээликменин тукуму,
А дедирбей кол салса,
Алактаган кырк чоро
Алтоо өлдү бир жайда.
Белгилүүсү белде өлдү,
Кочкор, Чыйбыт агасы
Кошула кеткен жерде өлдү.
Адыбай, Көлбай ал өлдү,
Кырк чоронун жакшысы
Кымбаты Күлдүр ал өлдү.
Төлөмөндүн төлгөчү,
Төрткүрөң байдын эркеси,
Аргын кандын Ажыбай
Кырк чоронун серкеси,
Көкжал тууган көрөгөч
Көсөлдөрү мында өлдү.
Манастан калган кырк чоро
Төрт агайын баш кылып,
Тамам кырып салганы.
Кырк чорону кырганы,
Кырып жаны тынганы.
Кырк чорону кырыптыр,
Кылганы үчүн кылыптыр,
Кырып жаны тыныптыр.
Кымбаттуу Бакай карыя,

Сары кан менен Жамгырчы
Ат аттарын токунуп,
Жүрүп калган кези экен
Жетиминен чочунуп.
Арстан Бакай абасы:
Олушуп жолго кире элек,
Ойрон бала куу жетим
Кыяматтын тар жолун
Көрүп калды бекен деп,
Кызыталак бу жетим
Өлүп калды бекен деп.
Сакалы кетип суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Жобоп Бакай абаңыз
Жоо бөрүсүн караңыз,
Ээрчиткени эки кан,
Муруту кетип суюлуп,
Мурундун суусу куюлуп,
Көкчолок менен зыргытып,
Чарадай даңкан ыргытып,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Аралашып жетимге
Кирип барды жакындап.
Кырк чорону ал жетим
Такыр кырып салыптыр,
Өлүктөрүн өзөнгө жыйып алыптыр.
Баатыр Бакай карыя,
Абам Бакай олуя
Коён туяк колго алып,
Көзүн аарчып болкулдап,
Көбүрөөк жашып солкулдап,
Бакай жашып кеткени.
Кокуй Бакай эр менен
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жоролош,
Өлүм орток, жан бирге
Бакайдын кетип көңүлү.
Талаадан көрдү-кан Бакай
Кырк чоронун өлүгүн.
Кырылганын көргөн кез,
Кымбат Бакай абаңыз
Кайра тартып кандарга,
Айтып турган мобу сөз:
Жамгырчы менен Сары кан,
Көңүлүм жаман бөлүндү
Кызыталак кырк чоро
Кырылганы көрүндү.
Кыялы бузук иттердин,

Калыптыр кырда өлүгү.
Талашкан сонун болобу,
Талаага каны төгүлдү.
Арамдан бүткөн кырк чоро,
Талаага сөөгү көмүлдү.
Коңгурап булар турганда,
Кошолондуу Семетей
Башында суусар кара бөрк,
Манастан тууган кара көк,
Эки жагын каранып,
Ээрди, мурдун жаланып,
Жетип келди Бакайга.
Капа болгон караңыз,
Шек билдирбейт балага
Кабылан Бакай абаңыз:
Эй, Манастын уулу жетимим
Кырк чоро качкын абаңды
Кыйын кууп алыпсың.
Кыйшыгын бир аз көтөрбөй,
Кыргын кылып салыпсың,
Кызыр чалган жетимим
Кыйла өчүңдү алыпсың.
Кызыл күйрук билимди ал,
Кымбатым жетим тилимди ал.
Баары бирдей кырк чоро
Манастан калган мураапы.
Кагылайын Семетей
Жамгыр кылып жаа тартып,
Жабылгандан союпсуң,
Жаныңа жапа бек келип,
Тындым кылып коюпсуң.
Манастан калган кырк чоро
Жашырып жүзүн кетпесек
Карагаттай кайран көз,
Каркылдап карга ойбосун,
Каалгадай кашка тиш
Сагызган чычып койбосун.
Бөйрөгүн бөрү ойбосун.
Бөтөн эттин баарына
Түлкүлөр капыр тойбосун.
Мингендерин союп кет,
Кетмендеп жерди оюп кет.
Мингенин атап союп кет.
Кырк чоронун баарысын
Белгилеп жерге коюп кет.
Тилин алып Бакайдын,
Ары өткөндөн, бери өткөн
Жолоочу жыйнап алыптыр,
Кочкор, Чыйбыт экөөнү
Адыбай, Көлбай төртөөнү

Катар коюп салыптыр.
Кырк чорого кырк күмбөз
Кызык кылып салыптыр.
Соодагерлүү токсон сарт,
Кербен башы Кызылсарт,
Кызылсарт менен дос болуп,
Устасын сарттан алдырып,
Баткагын ийлеп тептирип,
Эчки аралаш уй жүнүн
Баткагына септирип,
Баткагын кыйма чанатып,
Кыйшык өйдө болгонун
Кызылсартка каратып.
Кырк чорого кырк күмбөз
Кыйла даана санатып.
Кырк чоро коюп Семетей,
Кан Бакайдан бата алып,
Муну менен ошо жер
Кочкор болуп аталып.
Кырк чорону кырган соң,
Кырып жаны тынган соң,
Кайра келди Таласка.
Семетейде арман жок,
Султан болуп Таласка,
Аты угулуп Алайга,
Арбагы чыгып далайга,
Беттешкенди мент кылып,
Айткан сөзгө бек болуп,
Темирдей кара көк болуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Олуя заада жан болуп,
Калкка кабар салганы,
Алтын таажы кийгигип,
Аргын менен кыргызды
Кылтылдатпай билгизип,
Кан көтөрүп алды эми,
Атасы Манас көкжалдан
Арта туулуп Семетей,
Султан болуп калды эми.
Аргын менен кыргыздын
Үзүлгөнүн улады,
Чачылганын жыйнады.
Он эки мүчө тең чыкты,
О дүйнө кеткен Манаска
Жетик болгон эр чыкты.
Аргын менен кыргыздын
Өлгөнүнөн калганы
Семетей султан болду деп,
Олутка кайра конду деп.
Арыган ат семирип,

Ачкан курсак тоюнуп,
Эми жакшы болду деп
Таласты мекен жер кылып,
Таралган жыйып эл кылып,
Кен-Колду мекен жер кылып,
Кейиген журтту эл кылып,
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Күптүлүү жүрөк жазылып,
Күнүнүн баары чачылып,
Түпөйүл дарт оңолуп,
Арамдын баары жоголуп,
Манастын уулу бадирек
Минтип калган кези экен.
Кыргыздын кылган кызыгы,
Эми айтсак жөө жомок
Семетей менен Чынкожо,
Чатак болгон бузугу.

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ

Жуманын кадыр түнүндө,
Семетейдин ордодо,
Абасы Бакай кары бар,
Үч-Кошойдун боюнда
Аргын каны Сары кан,
Акыл табар дагы бар.
Ак жоолуктан олуя —
Энеси Каныкей бейбак ошо бар.
Эштектердин Жамгырчы
Акылман кандын баары бар.
Кырк калчасын ээрчитип,
Манастан калган мураапы,
Ободон жылдыз козголгон,
Дөөтү менен дос болгон,
Касиеттүү жан эле,
Казынанын каны эле
Бөлөкбай уста дагы бар.
Манастан тууган бадирек
Салып турган кеби бул:
Алмамбет уулу Күлчоро
Найзага таккан желегим,
Аяш атам Алмамбет
Караан кылып алсын деп,
Таштап кеткен белегим.
Ушу турган Күлчором
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Байтал бээни сойдурдум,
Казысына тойдуруп.
Алты жашта мен алып,

Мойнуна тумар тактырдым,
Аргын менен кыргызга
Эркелетип бактырдым.
Кирдүү көйнөк кийгизбей,
Кир болгон аяк ичирбей,
Баана кылдым баланы,
Балан-түкүн дегиздим,
Күлчоро менен Канчоро
Тең бөлдүрүп эмиздим.
Маңдайга баана кылган терегим,
Алмамбет менен Чубактан
Алып калган керээзим.
Жакамда баана кундузум,
Төбөмдө жарык жылдызым.
Тай, кунандай тебишкен,
Шордуу энем Каныкей
Анык тууган кылууга
Ак эмчек сүтүн эмизген.
Каныбыз бирге, жан бөлөк,
Калыс кандар угуп тур,
Он экиде Күлчоро,
Он төрттөгү Канчоро.
Кабылан Бакай баш болуп,
Калыс кандар карап тур,
Канзааданын баласы
Кабар албай кытайдан,
Карап турган оңобу?!
Бекзааданын жалгызы,
Бейлеп журтум угуп ал,
Бейкапар жаткан болобу?!
Арышы жетип калган соң
Найзалашып топ бузбай,
Ажал жетсе окко учпай,
Учмактуу шаар чоң Бээжин
Уйгу-туйгу урушпай,
Ошентпей адам болобу?
Жети күндүн бири өлүм,
Өлүмдөн корккон оңобу?!
Баашалуу кытай, какан журт
Кармашпасак болобу?
Кара туман көрүнгөн
Каканчындын оозу бар,
Кан атам Манас баш болуп,
Он эки эрдин доосу бар.
Анык кытай Бээжинге
Атышпай койсок болобу?
Атадан туулдум киши деп,
Туубай туна чөгөлү!
Кара курттай капырга
Качырып найза суналы,

Аргын, кыргыз бир тууган,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Белге таңуу кылалы.
Чынкожо кирсе эбиме
Белди бекем бубамын,
Бээжиндеги Коңурбай
Атамдын кунун кубамын.
Кан Коңурбай баатырга
Калайманды саламын,
Бир атам эмес, андан мен
Кырк атам өчүн аламын.
Абам Бакай, Ормонбек,
Күлчоро менен Канчоро,
Ушу төртөөң барып кел.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо.
Кебез тоону жердеген,
Келберсиген эр деген.
Кара гүлдүү тон кийген,
Кара бедөө ат минген.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Билимдүү эрдин бири эле
Бил мүчөлүү бадирек.
Белге таңуу бел ошол,
Каканчындын Бээжинге
Катылышып калышсак
Карсылдашып салышсак
Кайрат кылар эр ошол.
Мыктап найза сунушсак,
Мылтык атып, жаа тартып
Былчылдашып урушсак,
Туу түбүнө туруучу,
Кытайды кыргын кылуучу,
Каран түн түшүп, кан агып,
Катуу мүшкүл күн тууса,
Кайкаңдабай туруучу,
Кайратты мыктап кылуучу
Белге таңуу бел ошол,
Бээжинге барар эр ошол,
Аба Бакай, бул төртөөң
Алып келгин сен ошол.
Ал Чынкожо экөөбүз
Балбан элек билектеш,
Баатыр элек жүрөктөш.
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эр экен,
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чочубастын өзү экен.

Кечээ канкор атам барында,
Журт бузулуп кетпеске
Кең Сары-Колду жердеген,
Атагы нойгут эл деген,
Нойгуттун каны Акбалта
Ак үйлүү сурап алыптыр,
Шыгай менен Чынкожо
Буйругу менен кудайдын
Кебез тоодо калыптыр.
Темиркандын шаарынан
Тентип келип мен консом,
Кубанып кылган тою жок,
Өрүлүк сойгон кою жок.
Жетим иним келди деп,
Көргөзүп кеткен кашы жок,
Кубанта сунган ашы жок.
Кечээ көкжал атам өлгөндө,
Журт чогулуп көмгөндө,
Дубага бирөө келбептир,
Каралуу энем Каныкей
Келип бирөө көрбөптүр.
Өйүз-бүйүз кыялаш,
Ойлосун ушул сөзүмдү,
Түбүбүз бирге уялаш.
Бирдикке келсе Чынкожо,
Кең-Кол бойлой ал консо
Кең Талас бойлой мен консом.
Билимди койсок бир жерге
Асмандан алты уруу жылдыз козгошсок,
Акыреттик достошсок.
Ал экөөбүз бир болсок
Бармактуу адам батабы,
Тырмактуу киши тиеби?!
Бизге каңгурлар каптап келеби,
Кан Коңурбай тиеби.
Тууган болсо Кожого
Алты күлүк ат тартып,
Айныбай дүйнө бат тартып,
Чынкожо алып келе көр,
Атадан жалгыз жетимге,
Аба Бакай кабылан,
Жолдош кылып бере көр!
Тең атабыз, тең тууган,
Тегибиз бирге, бир тууган.
Каптап кирип баш тартып,
Бир көчүрүп калгыла.
Бу сөзүмө көнбөсө,
Кирбей койсо эбиңди,
Албай койсо кебиңди
Анты-шертин алсын де,

Көрүнбөстөн көзүмө
Душман болуп калсын де.
Шыгайдын уулу Кожого,
Чын жалынып ошого
Алты күлүк ат берип,
Алакандай кат берип.
Ичи күйүп имерип,
Төрт калысты жиберип,
Бала султан, эр көкжал
Төрөлүгүн билгизип,
Абыкенин Актелки
Күлчорого мингизип,
Көбөш кандын Көктеке
Канчорого мингизип,
Төрт калысты береки
Чынкожого жиберип.
Тоо башылап сыдырып,
Жердин үстүн кыдырып,
Адыр-адыр жер басып,
Адырмак ала бел басып,
Баатыр Бакай кабылан
Туура тарткан кыр менен,
Тунук булак суу менен
Масейилди ашыптыр,
Кең Кашкарды басыптыр.
Чоң Котонду жакалап,
Тулпарларды такалап,
Кебез-Тоого барыптыр.
Кербениң Бакай карыяң,
Кеби татты олуяң,
Эр Кожонун ордого,
Бекитилүү коргонго
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Үстү Кебез-Тоо экен,
Жалгыз аттын чубама,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кебез-Тоону жердеген,
Келберсиген эр деген.
Каарданса Чынкожо
Астынан чыгат канаты.
Кытай түгүл кылымга
Талкан чалар адаты.
Чытырайт экен Чынкожо
Чыңалуу кызыл темирдей,
Чын кармашар жоо эмес
Чоңдугу тоонун теңиндей.
Көзү көлдүн ордундай,
Көркөмүрөк кара сур,
Көрүнгөн жанды соргудай.
Кароолго койгон балбаны

Жүгүрүп атты алганы,
Жаадай учуп бир адам
Эшик тартып калганы.
Төрө Бакай карыя,
Эченди көргөн олуя
Жолду баштап киргени,
Жолборс сындуу Кожого
Салам айтып ийгени.
Абаң Бакай акжОлтой
Айтып турган кеби бул:
Адыр элек кыялаш,
Аманбы Кожо кулунум,
Аркагым бирге уялаш.
Алты күлүк ат тартып,
Алакандай кат тартып,
Астыңа алмадай алтын баш тартып,
Ат аябай жол жүрүп,
Алдыңа келдим өзүң бил,
Кан абам Бакай экен деп,
Мен Бакайды көзүңө ил.
Далай толгон арманым,
Кебез-Тоо көчүп, нойгутка
Ак үйлүү кетип калганың.
Төрө Манас султаның
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыямат көздөй кеткенде
Уучтап топо салбадың,
Түбүң тууган эл элең
Ырас кызмат кылбадың.
Кабыланың өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө
Абакелеп турбадың.
Береним Кожом кебимди ук,
Кызыр чалган жол болуп,
Кырк эки түмөн кол болуп,
Он эки түгөй кан болуп,
Калын, колго жолбашчы
Кабылан Алмам ал болуп,
Түнөрүп жаткан чоң Бээжин
Түз кирип найза сунганда,
Түрү суук кара кытайга
Казатты мыктап кылганда,
Кан Коңурбай баатырдын
Кандыгын тартып алганда,
Агача келин, сулуу кыз
Үптөй албай чыкканда,
Алтын менен күмүштү
Жүктөй албай чыкканда,
Кайнап жаткан кытайга
Качырып кыргын салганда

Караанын көрбөй жоголдуң.
Кайра тартып келиште
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кез болгондун баары өлүп,
Алмамбетти алдырып,
Чубакты белек чалдырып,
Кадырман шердин баарысын
Каканчынга алдырып.
Кайра тартып келгенде
Арка моюн арасы
Артык оору күч болуп,
Айкөлүңдүн жарасы.
Дүйнөдөн Манас өткөндө,
Каралуу калып Каныкей
Качып кетип Семетей,
Кылган иши оң болуп,
Букарга кирип чоңоюп.
Шай колдогон шер чыгып,
Келип конду Таласка.
Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге өзү кошулуп.
Таласка келип конгондо
Далай каалап өзүңдү,
Манастын уулу ал жетим
Көрөйүн деди көзүңдү.
Карап тургун Чынкожо,
Канзааданын дал өзү.
Кайран Кожо тилимди ал,
Кайра көчкүн Таласка,
Кайгырып баргын Манаска.
Малыңды жайгын талаага,
Барып караан болуп бер
Бир Семетей балага.
Сенин күрдөөңдү тапчу жер ошол,
Барып конгун Таласка,
Күтүп алчу эр ошол,
Күптүңдү жазар шер ошол.
Көк болотун майлады,
Көп жинине тийгенде
Көбөш канды жайлады.
Өжөрүнө тийгенде
Өз атасын жок кылды.
Кыйыгына тийгенде
Кырк чорону кыйратты.
Жакып канды жалмады,
Бетине чыгып балага
Укурук кайрар калбады.
Сага келген себеби,
Кара курттай каапырга,
Кан Коңурбай баатырга,

Казатты мыктап кылууга,
Белди бекем бууга,
Өзүңдү медет кылууга,
Бээжиндеги Коңурбай
Беттешип кунду кууга,
Бейпайды мыктап салууга
Береним сага жиберди,
Аргын менен кыргызга
Бек көтөрүп алууга.
Күмүштөн кемер курчанган,
Күндөй бетин нур чалган,
Күлүңдөгөн бул бала
Алмамбеттин баласы.
Орто бойлуу, кең далы
Тоюна токсон союлган,
Канчоро аты коюлган,
Кайран Чубак уулу ошол.
Кадырлаш тууган сен элең
Кожом, кадырын билгин сен ошол.
Көп сөз айтам тилимди ал,
Көкжалым Кожом билип ал.
Артык Кожом сен элең,
Акжолтой Бакай мен элем.
Деп ошондой дегенде,
Ошондо Кожо күүлөнөт:
Берен Бакай абаке,
Бу сөзүңдү албаймын,
Мен Таласка барбаймын.
Тоо ортосу Таласты,
Кантип барып жер кылам.
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоңойгон,
Теги бузук жетимди
Кантип барып эр кылам.
Муңканбай Бакай кебимди ук,
Адыр-адыр Кең-Колго
Кантип айыл кономун.
Манастын эселек уулу Семетей,
Медер кылып ошону
Кантип барып оңомун.
Оңдоп айткын сөзүңдү,
Бакай аба, оодарылтпай өзүңдү.
Кыйгач кылба көзүңдү,
Кыялатпа сөзүңдү.
Таласың артык жер бекен?
Семетей менден эр бекен?!
Уйгу-туйгу ара жол,
Чала жүргөн мен ошол.
Эрдигим ашык күлкана*,
Манастын эселек уулу жетимге

Айыл конбойм букара.
Күүлөнүп Кожо жатканда
Алмамбеттин Күлчоро
Айкырып жоого кире элек,
Жоо менен элдин ортосун
Ажыратып биле элек.
Жылып чыгып Күлчоро
Шумдукту мындан салыптыр,
Чынкожонун кара аты
Оё кесип ошондо
Ногойдун энин салыптыр.
Чылбырын сууруп бошонуп,
Жылмайгырдын кара аты
Жылмаңдай басып шашыптыр,
Жыласыңдын кара аты
Кебез-Тоо карай качыптыр.
Астындагы мингени
Абыкенин Актелки.
Ойрон жетим Күлчоро
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Алгара атты кууптур.
Кууп-кууп жете албай,
Чоро чыкты чоң жонго,
Кубаласа жеткирбей
Кара ат чыкты бир жонго.
Куткарып ийип кара атты,
Кулагын кесип Күлчоро
Кара атка кылды санатты.
Күүлөнүшүп жатканда
Кайра келди Күлчоро,
Жүйөөлөшүп, жөөлөшүп
Жаткан экен Чынкожо.
Аңги суудай күпүлдөп,
Үйүр айгырдай дүпүлдөп,
Ач бууradай чамынып,
Бука сындуу бакырып,
Мурунку жанын чакырып.
Күп-күп этип күүлөнөт,
Бакай канга сүйлөнөт.
Телегейи тең экен,
Оң далысы кең экен,
Ушундай оолуккан жини болбосо,
Ойротту бузар эр экен.
Толкуп жаткан шер экен,
Канчалык тоодой болсо да
Акыл жактан кем экен.
Айлалуу болсо ал Кожо,
Ай-ааламдын баарысын
Буй кылуучу неме экен.

Кайран Кожо абаңдын,
Арыстандай чамынса
Казандай кара бөркү бар.
Билимдүү болуп Чынкожо
Семетейге кошулса
Кылым кытай, каканды
Кызык кылар эрки бар.
Он эки мүчө тең экен,
Опсолоң тууган эр экен.
Көрөр болсоң Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо,
Узун бойлуу, кең далы,
Адамдан сүрдүү Кожонун
Кайсынысын айталы.
Ары баатыр, ары шер,
Көрөр болсоң Чынкожо
Көркү башка артык эр.
Көк гүлдүү тон жамынып,
Көк жолборстой чамынып.
Бар ачуусу табылып,
Куйкасы карыш тырышып,
Бакай менен урушуп.
Абаң Бакай артык шер,
Алапай таппай кайран эр.
Сакалынын агында,
Сапарынын барында,
Салмакташар арга жок
Карып калган чагында.
Көк сүлөөсүн, суусар бөрк
Кимдер ыргап кийбеген,
Кожо эмес Бакайдан
Бээжиндин каны дүрбөгөн.
Каарданып иш бүтөп,
Кабылан Бакай абаңдын
Каңырыгы бек түтөп.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Бакайды кудай чын албай.
Өкүм Бакай кожосан
Өлөйүн десе жан татты,
Кирейин десе жер катуу.
Ал-аңгыча болгон жок,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Атасы арстан туйгундан
Артык тууган Күлчоро
Күүлөнүп Кожо турганда,
Бул зордукту кылганда
Жини бойго тарады,
Ормонбек менен Канчоро

Бул экөөнү карады.
Каарына чыдабай,
Ормонбек менен Канчоро
Жүрөгүнөн кап кеткен,
Билегинен сап кеткен.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Экөөнү кармап алчудай
Тизесине салчудай.
Өөдө болбой кылчылдап,
Жер чукушат былкылдап.
Ал экөөнү көргөндө,
Адис болгон Чынкожо
Атырылып күүлөнүп,
Эчен түрдүү түрдөнүп.
Өзүнөн өзү күүлөнөт,
Өзүнөн өзү сүйлөнөт.
Кожо минтип турганда,
Атасы Алмаң төрөдөн
Артык тууган Күлчоро,
Тегерегин карабай
Теминип Кожо турганда,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кыйкырып Кожо турганда,
Кылчалык жанын аябай:
Салам айтып алдыңа
Кылдым асыл изатыңды,
Кыйкырасың жөнү жок,
Эми Кожо деп айтам атыңды.
Аңылдайсың сен Кожо
Катының кара баскансып,
Кутуруп чыгып кетипсиң,
Куугунуң жаңы качкансып.
Оолукпа Кожо жөнү жок,
Сары-Колдо нойгут элиң жок.
Сары оору болгон немедей
Салмакташпа жөнү жок.
Күркүрөбө, күүлөнбө
Күрсүлдөп Кожо сүйлөнбө!
Мээнет болсоң сен Кожо
Бел байлаган белиң айт,
Бекинип качар жериңди айт,
Казыша кетер оруңду айт,
Кайшаңдатпай жообуңду айт,
Кармашар болсоң сен Кожо
Камдап чыккан колуңду айт.
Манастан калган Зулпукор
Майлаганы келгемин,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Жайлаганы келгемин.

Кан ичер десең, кан ичем,
Канкор шердин өзүмүн.
Кабылан Семетейиңдин
Кararган кара көзүмүн.
Баатыр десең, баатырмын,
Бакылдаган сендейдин
Кайран жаным өлбөсө
Сексенине татырмын.
Дегениме көнүңүз,
Атам Манаска берген алымды
Он эки жылын эсептеп,
Бүгүн туура бериңиз.
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Ал алымды бербесең,
Так төбөңдөн басамын,
Төрт түлүгүң чачамын.
Баатырың байлап аламын,
Бакылдай берсең ушунтип,
Курмандыкка чаламын
Кыйшыгы болсо сөзүңдүн.
Кыйкыра берет экенсиң,
Кыйратамын өзүңдү.
Каарыма тийдиң катылам,
Карап турган Чынкожо
Жетим жүрүп жетилген,
Жетип калган жаным бар,
Деп ошентип Күлчоро.
Кулду коё бергин деп
Кожо чыкты качырып.
Шыгайдын уулу Кожону
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Бакай кармап алыптыр.
Алмамбет уулу чорону
Арстандай жулкунтуп,
Ормонбек кармап алыптыр
Ээлигишип булкунуп,
Эсеби жок жулкунуп.
Ээлигип Кожо жүргөндө,
Эсепсиз баатыр Күлчоро
Кара жаак камчыны
Кармай калып имерип,
Каң дедире Кожону
Төбөгө салып жиберип.
Төрөсүнгөн Кожоңуз
Төбөгө камчы тийген соң
Отурду Кожо окшоюп,
Тоногон нардай шоңшоюп.
Улуксунган эр Кожо,
Баладан камчы жегени,
Дени сууп делдейип,

Эт бышымга жеткиче
Эстен кетти эр Кожо.
Эсин Кожо жыйгыча
Эми аттанды Күлчоро.
Атасы көкжал эр неме
Ашыкпай басып жүргөнү,
Абыкенин Актелки
Койчо чурап мингени.
Айылын чаап талкалап,
Эр Кожого тийгени
Каарданып Күлчоро,
Артынганы берендин
Белгиленген ок, дары.
Берен көкжал Күлчоро
Астындагы мингени
Абыкенин тулпары.
Колундагы алганы
Алмамбеттин Ойкума,
Айдалыга асынган
Алмамбеттин Сырбараң.
Ээлигип чоро бөлүнүп,
Чынкожо көздөй көрүнүп.
Түбүнө чогуу жетчүдөй,
Коё берсе Кожону
Түгөтүп кырып кетчүдөй.
Бала жакын келгенде
Бакай кармай калды эми,
Эр Кожого жеткирбей
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Арачалап алды эми,
Айланайын Күлчором,
Алты ай минсе арыбас
Буудан керек эмеспи.
Акылдашып сырдашса
Тууган керек эмеспи.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кылган иши тың Кожо,
Сабыр кыл, чором, сабыр кыл,
Салышкан киши оңобу,
Чабышкан жакшы болобу?!
Таласты көздөй жол жүрүп,
Кебез-Тоонун урчугун
Кесип чыгар тумшугун.
Бетегелүү кайкаңда,
Бел-бел болгон тайтаңда,
Көктөн түтүн бөлүнүп,
Чыйырчыктай сары ала
Чынкожонун көп жылкы
Жолдо жүргөн көрүнүп,
Көкжал тууган Күлчоро

Көңүлү кетти бөлүнүп.
Күлчоро менен Канчоро
Телегейи тең ошол
Атасын тарткан аныктап,
Арбагы оор дебесе
Семетейден эр ошол.
Көп жылкыны бет алып,
Ач айкырык чуу салып.
Доолбасты каккылап,
Сырбараң менен Көкбараң
Экөө алмак-салмак аткылап.
Кулак тунуп дүңгүрөп,
Чынкожонун жылкысы
Түгөл үркту күркүрөп.
Орто жерин Ормонбек
Оюп айдап сапырып,
Көт жагынан чоролор
Манастап ураан чакырып.
Алсыз чабыр кулун, тай
Кең Кашкардын ар жагы
Какырга кырып салыптыр.
Кержектетип бээлерин
Орсок айдап алыптыр.
Чыбыраган тай, кулун
Талаага кырып салыптыр.
Зыңкылдаган бээлерин
Бойдок айдап алыптыр.
Шыгайдын уулу Кожонун
Алып кетти жылкысын,
Ачып кетти уйкусун.
Ошондо Шыгайдын уулу Чынкожо
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанын Кожо кыя албай.
Каарданып чыкканда
Байлоодогу кара атты,
Кутурган кул Күлчоро
Кулагын кесип алыптыр,
Ногойдун оюк энин салыптыр.
Жайытка келсе жылкы жок,
Түпкө эми жетиптир,
Түгөл тийип кетиптир.
Азапты артык салыптыр,
Атасын кытай өлтүргөн
Менден өчүн алыптыр.
Ак чардактай бээмди
Бакай канга тийгизип,
Укурук тийбес кара атты,
Кулдарга жайдак мингизип,
Кордук көрдүм мынчалык,
Жедигердин эр Толтой

Ошого кирип кетейин.
Чын атышып урушуп,
Түбүнө чогуу жетейин.
Жедигердин Толтойду
Жер майышкан сан колдон
Жетип жыйып алайын.
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен жетимдин
Тегиз каптап Ооганды
Катынын тартып алайын.
Былкылдак куурай бышкыча,
Мыйзамдын гүлү учкуча,
Мыктап алты ай салышып,
Түбүнө минтип жетейин.
Манастын уулу көөдөктүн
Акун кан анын кайны эле,
Айчүрөк анын зайыбы эле.
Каптап кирип Ооганга
Каран күндү салайын,
Канкордун уулу жетимдин
Катынын тартып алайын.
Жедигердин Толтойго
Жетип айыл коноюн,
Жети жыл тынбай салышып,
Семетейди соёюн.
Багыштын уулу Толтойду
Белиме тануу кылайын,
Беренсиген жетимди ,
Кулдары менен кырайын.
Таш коргонун талкалап,
Такыр чаап алайын,
Калайманды салайын.
Калың журтун талкалап,
Каптап чаап алайын.
Айыл конуп Толтойго
Асмандан жылдыз козголуп,
Акыреттик дос болуп,
Ат куйругун түйүшүп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Аптап ысык кайткыча
Эл ылдыйга тарткыча,
Эрикпей уруш кылайын,
Манастын уулу качкындан
Ушинтип өчүм алайын.
Келгендерден кеп уктум,
Бери карай кайтканда,
Букардан бери көчүп тартканда,
Эр Толтойдун зайбы экен
Шаатемирдин Чачыкей,
Семетей алды деп уктум.

Толтойду кудай урабы,
Козголоң салып которсом,
Кокуй Толтой болбосо
Койгулашпай турабы.
Көчтү Кожо күүлөнүп,
Кебез-Тоодой жеринен,
Эпсиз балбан, опсуз эр
Бөлүнүп кетти Чынкожо
Кадимки нойгут элинен.
Кайран Кожо канетет,
Кочкорун бычып, ирик кылды,
Коюнун баарын түрк кылды.
Айгырын биттеп, ат кылды,
Азапты Кожо бат кылды.
Букасын бычып ал Кожо
Билсең бойдок уй кылды,
Колундагы букара
Койбой такыр буй кылды.
Буурасын биттеп төө кылды,
Азаматын жөө кылды.
Дүйнөсүн сатып киш кылды,
Тууганына таарынып,
Кайран Кожо чамынып,
Киши кылгыс иш кылды.
Кебез-Тоодо букара
Колунда мынча калкы бар,
Балбандары жалпы бар,
Кожо да оңой эр эмес,
Эчен түрдүү алпы бар.
Баарын айдап Чынкожо,
Жедигердин Толтою
Барганда тилин албаса,
Байкап тургун калың журт
Бакчасына суу кылып,
Баары жогун чуу кылып,
Баарын чаап аламын.
Ойлогула калың журт
Таласы артык жер эмес,
Манастын качкыны менден эр эмес.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Ай-ааламдан кем эмес.
Айыл конуп Толтойго
Колун жыйып албасам,
Кордукту катуу салбасам.
Туубай туна чөгөйүн,
Тири жүрбөй өлөйүн.
Айкырып Кожо муну айтып,
Адам билбес шумду айтып,
Тынч жаткан элди кууратып,
Колундагы кайран журт

Жаккан отун өчүрүп,
Жабылта баарын көчүрүп.
Көлүктөрүн туйлатып,
Кыз, катынын ыйлатып,
Көчүп жүрдү Чынкожо.
Кордук кылып Чынкожо
Калың журттун баарысын
Кожойтуп айдап алганы,
Ак шайтандуу ал акмак
Ал элге кордук салганы.
Айдап такыр кембайлап,
Айлап, жылдап бул көчүп,
Жедигердин Толтойго
Кайран Кожо канетет
Жеткен экен ошого.
Каарданган Кожоңдун
Казандай кара бөркү бар,
Он сегиз миң ааламды
Азыр сорор эрки бар.
Төрө Кожо агаңыз,
Бу кылыгын караңыз.
Жедигердин элине
Белдүү барды, бел барды
Бендеден бөлөк түрү бар,
Белгилүү Кожо шер барды.
Эр Толтойдун башына
Опол-Тоодой туу барды
Букаранын башына
Айыкпаган чуу барды.

ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙГО КӨЧҮП БАРЫП КОШУЛГАНЫ

Калың кара букара
Капаланып муну айтат:
Ак Сакалдуу карысы,
Жедигердин баарысы,
Букара болуп келиптир
Көкжал Кожо баатырды
Көзүбүз анык көрдү го
Көп шайтандуу капырды.
Баатыр Толтой жоош эле,
Сурактуу Кожо алат го,
Суурулгус дартка салат го,
Айыл конду Чынкожо
Аман болсо көрөрсүң
Кыйла эсепти табат го,
Кыйла чаңды кагат го.
Жеткилең момун эл элек
Жерге кирген Чынкожо
Жепирип айдап отуруп,

Жеткизе кырып салат го.
Жерге киргир бул элдин
Убалына калат го,
Көрдүңөрбү Кожону
Оркок-соркок кеби бар,
Оймоктой башка күч келсе,
Олуша кетип шалпайып,
Мүнтүп келген чени бар.
Чардап айткан кеби бар,
Чапчышып алып бир эрге
Чарчап келген чени бар.
Каныбыз Толтой кабылан
Өөдүр-сөөдүр жан эле
Ушу Кожонун тилин алат го,
Кордукка салып бул элди
Такыр кырып салат го,
Эңкейген кары, кырчын жаш
Убалына калат го!
Журт айтып муну токтоду,
Бирөөнү бирөө боктоду.
Толтойго барып Чынкожо
Сандыргалуу кан болду,
Салакалуу жан болду,
Эр Толтойдун өзүнөн
Артыгыраак кан болду.
Кожо менен эр Толтой,
Төлөк менен Төлөбай,
Калча менен Кадырбай
Жедигердей бул журттун
Ушул алтоо-жакшысы.
Өрткө чабар бакшысы,
Өөдө кылар жакшысы,
Найзакерден эрени,
Айбалта чабар берени.
Ушул алтоо баш кошуп,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп турушту,
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп турушту.
Өлө турган шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Доону бирге доолоого,
Жоону бирге жоолоого,
Урушту бирге салышка,
Ажал жетип күн бүтсө,
Бир жерге өлүп калышка,
Кудай дешип кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Киши өлөр шерт кылып,
Мылтыктын оозун өбүшүп,

Кылычтын мизин жалашып,
Тоодо жылкы тогуз мин,
Жедигердин Толтойдун
Кайсы арманын айтасың,
Токсон кур бээ алдырып,
Кыбыланы бет алып,
Ай туякка чалдырып:
Жоодон кайта качкандар,
Жосуну минтип өлсүн деп,
Колун канга малдырып,
Жетип конду Чынкожо
Жедигердин Толтойго.
Жети-Өзөндө жедигер
Жетик жыйып алды эми,
Мына ошондо Чынкожо
Көргөн менен билгенден
Жетик жомок салды эми.
Кою болду короолош,
Ашы болду жороолош,
Көңүлү гүлдөй жай болду,
Кыш убак кетип жай болду.
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылган иши тың Кожо,
Каарданып бакырып,
Калың кара жедигер
Бирөөн койбой чакырып
Кандан буйрук келди деп,
Жедигердин баарысы
Келген экен ошондо
Төлөк, Толтой— карысы.
Кылчайбастан Толтойго
Кыргын тийген эмедей,
Кыйрап түштү баарысы.
Ар уруу журт жедигер,
Улугуң баштап карың кел,
Ушунча журтум баарың кел!
Далай айтып берейин:
Аргын, кыргыз эл элек,
Ошо журттан туулган
Манас деген кан чыккан,
Кабарын укkан душмандар
Көкүрөктөн жан чыккаң.
Алтайда туулуп чон болгон,
Алышкан душман кор болгон,
Кара калмак Жолойго
Калайман салган ошого.
Калайманды бир салган,
Каңгайды бузуп мүлк алган,

Кытайдын кыйла чоң каны
Алооке жерге киргизген,
Арстандыгын билгизген,
Ошо Манас өлдү эле.
Манастан калган сан дүйнө
Абыке, Көбөш алты арам,
Ошолор күнүн көрдү эле.
Энеси долу Каныкей,
Жетим калып Семетей,
Кордукка бөлүп санаасын,
Ала качып баласын,
Букарга кирип чоң болуп,
Кайрылып келип Таласка
Өз тууганын өлтүрүп,—
Өлөрман чыгып ал бала
Таласты көздөй көчкөндө;
Кошомат кылып Темиркан
Эр экен деп баланы,
Сарттарды кудай уруптур,
Шаатемирдин Чачыкей
Сенин ала турган катының
Семетей тартуу кылыптыр.
Маңастын уулу ал жетим
Бул зордукту кылыптыр,
Катыныңды алдырып,
Толтой, сени кудай уруптур.
Атасы Манас канкорду
Алты алдаган мен ушул.
Баатыр десе баатырмын,
Толтой досум мунумду ук
Жолдон бөлөк кол чыкса,
Жалгыз өзүм татырмын.
Мылтык үнүн укканда,
Асманга учат кара атым,
Кытай эмес кылымды
Кырып коёр адатым,
Сага келип чыгарам
Ошо Семетейдин санатын.
Кара сууда кеме жок,
Карап тургун жедигер
Кайран башым барында
Сага каш кайтарар эме жок.
Аман болсо кара атым,
Он сегиз миң ааламды
Талкандай чалар адатым.
Менин бу кебимде бушман жок,
Баатыр Кожо барында
Жедигер сага душман жок.
Кабарында бар бекен,
Каркыранын оюнда,

Кан Көкөтөй тоюнда,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кырк уруусу келгенде,
Кечээ Каркыранын Кара-Саз
Бээ байлатып салганда,
Калдай менен дос болуп,
Туз кайнатып алганда,
Кан Көкөтөй тоюнда
Алп жыйылып алганда,
Адам уулу түк калбай
Такыр бойдон барганда,
Олуя заада кан Кошой
Буйрукту катуу салганда,
Нарга жүгүн артканда.
Ошо жыйын ичинде
Кошой, Төштүк алпы бар,
Козголгон журту жалпы бар,
Кара калмак, манжудан
Кайран Жолой дөөсү бар.
Мусулмандын кабылан Манас ээси бар,
Кытайдан албан түрдүү баатыр бар,
Ал кытайдын ичинде
Түктүү таман Түкүбай
Түгөнүп кеткен капыр бар.
Алышканды койбогон,
Бир чочконун этине
Жалгыз жесе тойбогон,
Чоңдукка салып ал кытай
Чогуу каптап турбастан,
Кемегеде этти сапырган,
Жаңы салган чийки этти
Бышты-чийки ойдо жок
Кара калмак талаган,
Көкөтөйдүн кызмат кылган балдары
Көсөө менен сабаган.
Кыжылдаган капырлар
Кемегеге жүгүргөн,
Көрүп турган мусулман
Өз жанынан түңүлгөн.
Аккула менен чамынып,
Кабылан Манас ошондо
Аш бергени чакырсак,
Алганы келген экен деп,
Аябаган дүмөктү
Салганы келген экен деп,
Арстандай кызарып,
Нардай мойну узарып,
Ууртунан чаң чыгып,
Кайратынан жан чыгып,
Боз кисени курчанып,

Манас кирген күркүрөп,
Калың кытай, көп манжу
Кемегенин үстүнөн
Качып берген дүркүрөп.
Уруп айдайт биз десек
Кырып айдап калыптыр,
Башы айрылган мусулман
Баатыр Манас кабылан
Ажыратып алыптыр.
Аш берип жаңжал салды деп,
Кылымга чатак жетет деп,
Капыр менен мусулман
Карчалыша кетет деп,
Кайран Кошой, Акун кан
Кармап алып Манасты
Ээлендирип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Эптеп алып Манасты
Ажыраткан кытайдан.
Ошондо Акун муну айтып:
Кыяматтык дос элек,
Бу кебимди билип ал,
Ачууңду коюп тилимди ал!
Белгилүүнүн белинен,
Бери ойногон жеринен,
Ургаачыдан уз таптым,
Тийген айдай сулуусу
Жаш төрөгөн кыз таптым.
Тоюна токсон сойгонмун,
Артык сулуу экен деп,
Атын Чүрөк койгонмун.
Кулагына баламдын
Алтын иймек салгамын,
Айкөл Манас жан достум
Сага арнап калганмын.
Кебимди мыктап алыңыз,
Келин кылып калыңыз,
Оомийин деп кол жайып,
Башын байлап салыңыз.
Деп ошондо айтканда
Маакул болот Акун деп,
Бул айтканың акыл деп,
Кудалашып мал айдап,
Кулдук урган май чайнап,
Мына мындай кеби бар,
Акундун кызы Айчүрөк
Манаска келин жери бар,
Тил ал Толтой баатырым,
Анын жайын сурасаң
Семетейдин катыны.

Сенин зайбың ал алды,
Анын зайбын сен алсаң
Намыз мындай акыры.
Аңдачы Толтой баатырым!
Жети-Өзөндө жедигер
Жетип жыйып алалык,
Ооганга бүлүк салалык,
Манастын уулу Семетей
Мунун катынын тартып алалык.
Айчүрөктү талашсак,
Чачылып кетсин бар малың,
Манастын уулу Семетей
Катынын тартып алганда,
Калабы сенин арманың.
Оңой эмес Ооганга
Ойронду мыктап салалы,
Ойрон Толтой кебимди ук!
Ойкуштаган Айчүрөк,
Колукту кылып алалы.
Каптап барып биз жатсак,
Деген кепке көнбөсө,
Кары кызын бербесе
Кереге-талын кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Убара бүлүк салалы,
Ушүнтүп тартып алалы.
Жакшы кепке көнбөсө,
Деген кызды бербесе,
Тиешелүү сөзүм бар,
Тийишкенди жоготкон
Кабылан Кожо өзүм бар.
Түркүгүн сууруп тамдарын,
Түгөл кырып жандарын,
Бактарына суу буруп,
Байкасаң мынча чыр кылып,
Тегиз уруш саламын,
Темтеңдетип саламын,
Берсе дагы бербесе,
Айчүрөк тартып аламын!
Айлына салам дүмөктү,
Айласын жаман түгөтүп,
Акыры алам Чүрөктү!
Күздүн күнү болгондо,
Күйруктуу токту жедирбейм,
Жаздын күнү болгондо,
Шамыянын шайлатпайм,
Кош өгүзүн байлатпайм,
Жердин бетин ачтырбайм,
Кочууш эгин чачтырбайм.
Сасык амал кыламын,

Баары журтун кырамын,
Айчүрөк алып тынамын.
Бу дүйнөлүк кызыкка
Батканың кандай эр Толтой,
Айчүрөк менен айкалып,
Жатканың кандай эр Толтой.
Чекеңдеги тырышмын,
Аргындан келдим өзүңө
Маңдайыңда ырысмын.
Чындаганда Чынкожо
Чыңалуу кызыл темирмин,
Чын башыңа күч келсе,
Кара дөбө сеңирмин.
Астыңа салып айдасаң,
Ааламга бузук саламын.
Ала жүрсөң тилимди
Он сегиз миң ааламга
Кан көтөрүп аламын!
Чүрөктүн жайын укканда,
Кайран Толтой канетсин
Чымындай жаны чыркырап,
Сай-сөөгү быркырап,
Баабедин деп бакырып:
Баарың мында келгин деп,
Жедигерди чакырып.
Баабединин бат айтып,
Коросонго кой айтып,
Кайран Толтой аңгырап,
Аңги айгырдай заңгырап,
Кожодон угуп ээлигип,
Кокуй Толтой турабы
Чынкожо сүрөп турганда,
Толтойду кудай урабы.
Оогандарга кол жыйып,
Оңой эмес мол жыйып,
Жети-Өзөндө жедигер
Жетик жыйып алыптыр,
Жеткилең колу чогулуп,
Жер майышып калыптыр.

**<u>чынкожо ТОЛТОЙ КОЛ ЖЫЙЫП БАРЫП
«АЙЧҮРӨКТҮ БЕР» ДЕП АКУН КАНДЫ КАМАГАНЫ</u>**

Боз алалуу туу алып,
Бойбойлогон чуу салып,
Жети Өзөнү козголуп,
Жер майышкан кол болуп,
Төлөктүн уулу Төлөбай
Төмөнкү колдун башчысы
Калча менен Кадырбай

Канчалык колдун жакшысы.
Чындаганы Чынкожо
Чыңалуу кызыл темирдей,
Кайраттуусу кан Толтой,
Чоңдугу тоонун сеңирдей,
Күүлөнүп экөө турганда,
Күркүрөп буйрук кылганда,
Калың кара жедигер
Каяша айтар көтүбү,
Кумурскадай кылкылдап,
Боз мунар түшүп былкылдап,
Азык-түлүк камдатып,
Тулпарлардын барысын,
Сары токум байлатып.
Күрүчтөн күрмөк жем берип,
Күндө терин алдырып,
Найзаларын шайлатып,
Айбалта курчтан камдатып,
Бүтүн жондуу тулпарын
Согуш жакка ыйгарып,
Кырчаңгы, жоор тулпарын
Жарабайт деп чыгарып,
Ат куйругун түйүшүп,
Ооганды каптап өтүүгө,
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Каптап барып Ооганды
Калың бүлүк салууга,
Манастын уулу жалгызды
Шыкак болуп Чынкожо
Катынын тартып алууга.
Ойрон бузук кылууга,
Ойкуштаган Чүрөктү
Олжолоп алып тынууга,
Жедигерлер куралып,
Кара сакал эр Төлөк
Бурсат сурап турду эле.
Баатыр Толтой, Чынкожо
Баарың мында турасың,
Акылга дыйкан далай журт,
Карың мында турасың,
Каптап барсак орой иш,
Катылышсак жаман иш.
Калың колду жыйышып,
Кара калмак жоо эмес,
Катын үчүн урушуп,
Калың журт бөөдө кырылып,
Калайман түшкөн жакшы эмес.
Андан көрө Акунга
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган чеченден

Арага элчи салалы,
Жуучу түшүп калалы,
Зордук-кордук салышпай
Жакшылашып алалы.
Тилге келсе Акун кан
Башташпаса дүмөктү,
Берер болсо Чүрөктү,
Жети жүз кызыл пил айдап,
Нар куйругун өрөлү,
Акунга калың берели.
Куда болуп мал айдап,
Кулдукташып май чайнап,
Кызматты жакшы салалы,
Акундун кызы Айчүрөк
Теңдик менен алалы.
Тегеректеп биз барсак,
Тентектикти биз салсак,
Өлбөгөндөй калышсак,
Ооган да оңой журт эмес,
Кыз үчүн кыргын салышсак,
Андан өлсө бир топ жан,
Бизден өлсө бир топ жан,
Кыргын болуп алышсак,
Кыстап тартып алганда,
Бизге катын болобу.
Арага элчи салалы,
Абыдан кабар алалы,
Чынкожо, Толтой карысы
Кабыл көрдү ушуну
Кайран Төлөк айтканын.
Жедигердин барысы
Кепти ортого салышып,
Жуучуга барууга
Адамды шайлап калышып,
Кара сакал Төлөктү
Каалап чыкты барууга,
Калың кара жедигер
Акундан кабар алууга.
Төлөк жайын сурасаң
Арага жүрөр эптүүсү,
Бир тобунун кептүүсү.
Толтой менен Кожосу,
Кайран Төлөк дагы өзү —
Кагаз жазар молдосу.
Күн эсебин эсептеп,
Күндү катка салды эми,
Ай эсебин эсептеп,
Жылды катка алды эми.
Арага Төлөк кеткени
Калың кара жедигер

Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Кум-Кыянын жээк жол
Жайнап түштү жедигер,
Курт экени билинбей
Кайнап түштү жедигер,
Таш-Кыянын жээк жол
Жайнап түштү жедигер,
Жедигердин Багышы,
Багыштын эр Толтою
Опол-Тоодой зорлугу
Жер майышкан көп колу.
Найзаны үйүп алышып,
Мылтыкты тоодой жыйышып,
Мыкты төрө Чынкожо
Бу кылыкты кылышып,
Жерге түшүп жайнашып,
Тулпарды аса байлашып,
Алты-алтыдан бөлүнүп,
Жан казанын кайнатып,
Жыйырма жанга бир бээден
Азыктарын союшуп,
Кол бурчуна ар жүздөн
Кароолду мыктап коюшуп,
Колду жыйнап ирээттеп,
Кабылан Кожо эр экен
Кары кызын алам деп,
Кан Акунду бек курчап,
Камап жаткан кези экен.
Муну мындай таштайлы,
Арадагы элчиси
Төлөктөн кабар баштайлы.
Акун кандын чоң ордо
Дарбазасы далай бек,
Токсон кулач бийиги
Сыртындагы калың чеп.
Беттеп бенде киргидей,
Ал чебинин калыңы
Катарлашып тогуз төө
Бошко басып жүргүдөй.
Ошо турган Акундун
Салтанаты бек мыкты
Бадышалык баатырдын.
Каарына алган адамга
Казып койгон ору бар,
Кайраттанса Акундун
Кайнатып койгон шору бар.
Дарбазада мунара,
Мунун жайын сураба,
Анын бери жагында

Кан экен Акун карысы,
Каарданган кишини
Тартып салар дарысы.
Анын бери жагында,
Каттап адам барбаска,
Карагайдан ноо кылган,
Кары кызың бергин деп
Канча дөөлөр доо кылган,
Ошондо да Акундун
Кара башын соо кылган.
Дарбазада сакчысы,
Тышындагы миң балбан
Акунду чардап бакчусу.
Балбандары бир башка,
Барысы жолборс көй кашка.
Тегиз бедөө малы бар,
Акылман Акун каны бар,
Балбандарын байкасаң,
Бир балбандын өзүндө
Миң балбандын алы бар.
Эшигинин оозунда
Бакмачысы башкача,
Босогодо коңгуроо
Коңгуроосу кагылса,
Коёр эмес куу жанды,
Ар жагында сакчылар
Окусунан жабылса,
Арстандай чамынган.
Эшиктин бир жак жагында
Кылыч тумшук пили бар,
Катын алчуу Толтойдун
Кыйындыгын билип ал.
Анын ары жагында
Чынар түптүү багы бар,
Сүйлөгөн тоту дагы бар,
Бактан ары өткөндө
Кайран Акун берендин
Минип турган тагы бар,
Тактын чети чынар бак,
Ортосунда алтын так.
Баспай бенде сандалган,
Көргөн жандар таң калган.
Окуясын көргөндө
Төлөктүн көөнү бөлүнүп,
Акун кандын ал сарай
Бейиш чалыш көрүнүп.
Кылычтарын кымпыйтып,
Кыйындары дагы бар.
Балталарын таянып,
Башка журту көрүнөт,

Шыйрактарын мекчейтип,
Мергендери көрүнөт,
Беттешкен аман болбойт деп,
Төлөктүн көөнү бөлүнөт,
Төрт, беш балбан Төлөктү
Тегеректеп Акунга
Айдап барган көрүнөт.
Акунга айдап барганда,
Акундун жайын сурасаң
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Такка минген келбети
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Башкачараак көрүнөт.
Жаш кезинде Акун кан,
Керүүгө салган там экен,
Ошо Төлөк барганда
Көк ала сакал чал экен,
Карыса да Акунда
Көп аңгеме бар экен.
Жедигердин кара сакал Төлөгү
Элчи болуп барганда
Ак сакалы жаркылдап,
Келгин каздай баркылдап,
Акундун айткан кеби бул:
Жарагыңды шайланган,
Кылычын кынай байланган,
Кыйгачтаган сен кимснң?
Ураның айт, жайың айт?
Ургуңду айт, журтуңду айт?
Элдигиңди айт, жооңду айт?
Бул Акундун коргонго
Качырганың эмине?
Каалаганың ким эле?
Учурганың эмине?
Урушарың ким эле?
Айтчы ботом кебиң деп,
Акун айтты мындай кеп.
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Каардуусун көрдү эми,
Кисесине салган кат
Ала коюп антаңдап,
Акун канга берди эми:
Ортодогу жерчи элек,
Арага келген элчи элек,
Тараза жылдыз түн элек,
Арачынын бири элек.
Айтар кептин шарты бар,
Алып келген алдыңа
Чынкожо, Толтой каты бар,
Катын окуп караса

Кайран Кожо аты бар.
Каты шумдук кеби бар,
Айчүрөктү берсин деп,
Ооган кандын барысын
Камап калган чени бар.
Теңелишсең ичинде
Ай-ааламды койбогон
Кайран Кожо эли бар.
Кожонун жайын сурасаң,
Билеги жоон таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек,
Кайдан Чүрөк көрдү экен,
Кайдан Толтой келди экен.
Артыкча билет Акун кан,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кылган иши тың Кожо,
Оң далысы кең Кожо,
Оодарылма эр Кожо,
Таалим алган Манастан
Далайды көргөн шер Кожо.
Кечээ каралуу кетип Каныкей
Качып кетип Семетей,
Буулумун булап оңолуп,
Букарга кирип чоңоюп,
Көкжалдын уулу эр күйөө
Көчүп Талас келген го,
Манастын уулу жетимден
Мыкты кордук көргөн го.
Эрдиги бар күлкана .
Жедигердин Толтойго
Качып конуп букара
Кабарын айтып Чүрөктүн
Баштаган го дүмөктү.
Кайран Акун каныңыз,
Акыл ойлоп турду эми,
Чыр арбытып абыдан
Чылбыр чайноо кылды эми.
Сексен күнү болгондо
Бизден кабар алгын деп,
Куда болуп калгын деп,
Менин кызым Айчүрөк
Тегин кылчуу бала эмес,
Ушу турган кең Опол
Тебелеп кетээр шаар эмес.
Калың кара жедигер
Каптаптырсың чогуу эле,
Толтой менен Кожого,
Нар өлтүрүп таштаган
Пулкорлугум жок эле,
Эр өлтүрүп таштаган

Кункорлугум жок эле.
Убадабыз сексен күн
Каптап кетпей кокустан
Кыргын болбой окустан,
Калың колун тыйсын де.
Катын алары чын болсо,
Дегениме көнбөйбү,
Чынкожонун кара атын
Кебез байлап келбейби,
Эр Толтойдун Суркоён,
Баш алары чын болсо
Баш атына бербейби,
Жети жүз кызыл нар айдап,
Калыңына бербейби,
Алты кертип жүк жыйып,
Алдыңкы жолду чаңдатып,
Зайыбын Толтой албайбы,
Күйөө болуп калбайбы!
Куюп сунган чайы жок,
Куда болгон малы жок,
Кол көргөзүп кодоңдоп,
Кордукка Чүрөк бербеймин,
Дегенине көнбөймүн!
Акундан угуп убада,
Кара сакал эр Төлөк
Калкына кайтты энтелеп.
Калың кара жедигер,
Каны Толтой, Чынкожо
Кабар айтып кубанып,
Күн эсеби сексен күн
Убадага көнүшүп,
Эриксе элик атышып,
Калың кара жедигер
Ооганды камап жатышып,
Каарын салып Чынкожо,
Кайраттанып эр Толтой.
Камап жаткан жер ошол,
Эми айтып берели
Кайран Чүрөк кеби ошол:
Атам карган, өзүм кыз
Камап келсе жедигер
Ай караңгы түн бүркөк,
Түн эмине болот деп,
Атам карган, өзүм кыз
Күн эмине болот деп,
Ат бороюн сыдырып,
Ай-ааламдын барысын
Учуп жүрүп кыдырып,
Бел байлаган белди таап,
Учуп жүрүп мен өзүм

Өзүмө теңтуш эрди таап,
Көңүлүм сүйгөн шерди таап.
Калайманды салайын,
Камап жаткан Кожодон,
Кайраттуусу Толтойдон,
Кап-кайда кегим алайын.
Буунайын белимди,
Издейин мыктап теңимди,
Желиккен Кожо, Толтойдон
Бир алайын кегимди.
Олоңдой болгон кайран чач,
Талашка түшкөн биздин баш,
Жедигердин Толтойго
Не бетим менен тиейин,
Арадан чыккан аңгиге
Айдалып кайдан жүрөйүн.
Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көрөйүн,
Эселек Толтой какшаалга
Эңкейип катын болгуча
Эр издеп жүрүп өлөйүн!
Улуу Бээжин түпкү шаар
Учуна чейин барайын,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Жердин жүзүн сыдырып,
Жер үстүндө дөөлөрдүн
Бирөөн койбой кыдырып,
Бел байлаган белди таап,
Белгилүү кыйын шерди таап,
Кол жыйнаган Толтойго
Кордукту минтип салайын,
Кожосун союп баш кылып,
Минтил кегим алайын.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Мединанын беш бурчун
Беш айлана кыдырып,
Белгилүү жерден бел издеп,
Мелтиреген шер издеп,
Төрөсүнгөн Толтойдун
Төбөсүнөн бастырып,
Төрт түлүгүн чачтырып,
Калың казып орлорун,
Кайнатып такыр шорлорун,
Кырдырбастан колдорун,
Кетирбесем болжолун!
Деп, ошентип муну айтып,
Өткөрө кыйын шумду айтып,
Акундун кызы Айчүрөк

Белгиленип белсенип,
Безилдеп ыйлайт куурагыр
Бери ургандай теңселип.
Жаратылган дүйнөгө
Бели тутам, бети айдай,
Белгилүү сулуу түгөнгүр,
Кайран Чүрөк долунун
Кай кылыгын айталы:
Шекерди көр, сөзүн көр,
Чолпонду көр, көзүн көр,
Кара жерге кан тамса,
Кардан аппак этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да бетин көр,
Жибекти көр, чачын көр,
Алманы көр, башын көр.
Шумданып айткан сөзү бар,
Олуя Чүрөк өзү бар,
Канга ылайык каныштын
Канча түрдүү кеби бар,
Эрдинин үстү жагында
Түйрүгүрөөк жери бар,
Түгөнгөн Чүрөк бейбактын
Кай жеринде кеми бар.
Басса бети жаркылдап.
Алтымыш топчу, кырк ачкыч
Көркөм тууган кургурдун
Омуроодо шаркылдап.
Алдам өзү билбесе,
Акундун кызы Чүрөктүн
Албан түрдүү сөзү бар.
Кечээ Белендинин белинде,
Бери ойногон жеринде,
Бешикте тапкан Акун кан
Куп уксак мындай кеби бар,
Курган Манас уулуна
Куда болгон чени бар.
Манастын уулу жалгызды
Күйүп жүргөн чени бар.
Жолу болгон Толтойдун
Жоо болорун билиптир,
Жоголуп кеткен Манастын
Жосунун сыйлап жүрүптүр.
Аңылдаган Кожонун
Нааданын эчак билиптир,
О дүйнө кеткен Манастын
Арбагын сыйлап журүптүр.
Толтой камап келгенде,
Кожодон кордук көргөндө,
Күндөлүү иши оңолуп,

Ай-ааламды кыдырып,
Акундун кызы бейтаалай
Учмак болду жоголуп.

АЙЧҮРӨК АККУУ БОЛУП УЧУП ЧЫГЫП,
ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ БААТЫР АЛПТАРДЫ СЫНАГАНЫ

Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөөгө сөздөн эринип,
Акылы терең абыдан
Беринин кызы Чүрөктүн
Түгөнбөгөн кеби бар.
Дүнүйөнүн барысын
Кыдыруучу жери бар.
Бир кишиге билинбейт,
Билимдүүсү мынчалык
Бир адамга көрүнбөйт.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып кыдырса,
Чаалыгып-чарчап турбаган,
Кырк күнчүлүк чөл болсо
Чарчап-чаалып койбогон,
Түрдүү дүйүм сөз болсо,
Түк койбой баарын ойлогон.
Ургаачыдан акылман,
Акыл качып кутулбайт
Ошо Чүрөк капырдан
Адис болгон бейтаалай
Арабыча тилди окуп,
Ар дубаны түндө окуп,
Учканы жума күн болуп,
Кеткени кадыр түн болуп,
Ат бороюн сыдырып,
Жердин үстүн кыдырып,
Чынкожо менен Толтойдун
Кордугуна күйүнүп,
Ак куунун кебин кийинип,
Оогандан чыгып закымдап,
Канат ирмеп Айчүрөк
Чоң Кашкарга жакындап,
Кашкардан көрдү калың журт
Кайран жеңең таң калып,
Карап турса ошол эл
Төгөрөк бышкан наны бар,
Төрт булуң болгон тамы
Ошо кезде Кашкарды
Каратып турган Каңшыбек
Кадырман эрдин бири деп,
Сынап көрдү Айчүрөк.
Каңшыбек жайын караса,

Түпөк сакал түксүйгөн
Түгөнгүрдүн бири экен,
Кербендерин башкарып,
Жолдо жүргөн эме экен,
Боз качырын кекейтип,
Чомго минген эме экен.
Ысык жайды жайлаган,
Басса-турса белине
Кетмендей токоч байлаган,
Жору куйрук чоң кетмен
Жонуна салып кайлаган,
Ачык көйнөк, жайдак төш,
Белгилүү эмес, бел эмес,
Берен деп бенде ишенип,
Тие турган эр эмес.
Көргүсү келбей сыдырып,
Бери тартты кыдырып,
Эркеч-Тамды ашты эми,
Чоң Анжыянды басты эми,
Анжыяндын Сынжыбек
Аны сынап өттү эми.
Сынжыбекти сынаса,
Жыйылганда акыл жок, бар.
Жылас болгон булардын
Аттарынын бары айгыр
Куюшканы такыр жок.
Көк кепичин тепейтип,
Аргымагын кекейтип,
Козу кара кочкордой
Корчоңдогон кул экен,
Эркек кара каргадай
Токчоңдогон уул экен.
Ушуну баатыр экен деп,
Тийген адам оңобу,
Тилеги кабыл келбегир,
Тиктеше кетсе эр Толтой
Чай кайнатым коёбу.
Сарттардын чаар-ала чапаны
Не бетим менен киемин,
Буга кантип тиемин,
Бучук болгон эмедей
Чүмкөнүп кантип жүрөмүн.
Андан өтүп сыдырып,
Жана кетти Айчүрөк
Жана элди кыдырып,
Маргалаңда Малабек,
Малабекти чалды эле.
Кокон, Ташкен жер экен,
Коёндой окшош эл экен.
Кайра айтсам, кайра кеп,

Кайра айтып жүрөмбү
Кадимкинин сүрөтүн,
Жанагыдай деди деп,
Артык Чүрөк күйүнүп,
Чом мингенден түңүлүп,
Чочунуп тартты бер жакка
Жердин үстүн сыдырып,
Кулак уккан алптардын
Бирөөн койбой кыдырып
Кердин үстүн чалайын,
Керектүүнү табайын.
Кейип жүрүп нетейин,
Мусулмандан түңүлсөм
Капырга кирип кетейин.
Армансыз болбой чалайын,
Мусулмандын алптарын
Бирөөн койбой барайын.
Кетмен-Төбө жердеген,
Келберсиген эр деген,
Аты кеткен Алайга,
Арбагы кеткен далайга,
Айкожонун Билерик,
Бир көрөйүн имерип,
Билерикке келди эле,
Аны сынап көрдү эле:
Жол жорголуу кылтылдак
Жорго чалыш киши экен,
Отурса-турса жуунган
Молдо чалыш киши экен.
Бир жерден өөдө турбаган
Айып чалыш киши экен,
Селдеси түшпөс башынан
Зайып чалыш киши экен.
Кудай кылган ишимди
Куураган Толтой коёбу,
Зайып чалыш кишимди.
Ала шайы көйнөктү
Не бетим менен киейин,
Өзү да мандем киши экен
Не бетим менен тиейин.
Андан өттү сыдырып,
Ары тартты кыдырып,
Масейилди басты эми,
Кең Какшаалды ашты эми.
Ал Какшаалдын оюнда,
Жаман-Суунун боюнда,
Сапарбайды жердеген,
Кулансарык кыштаган,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,

Элемандын эркеси.
Куруп калган көкжалды
Бендеден бөлөк эр деген,
Ок өтпөс тон кийишкен,
Жер астына жети дөө
Жеке кирип тийишкен,
Жекене белге курчанган,
Жети түмөн жоо келсе
Жеке аралап кол салган,
Эңчегер жандын эрени,
Эчен дөөнүн берени,
Эр Төштүк сынап өтүүгө,
Муну көрө кетүүгө,
Көөнүнө жакса тийүүгө,
Намыс кылбай, ар кылбай
Токол болуп жүрүүгө.
Көөнүнө жакса Төштүктү
Ээрчитип жүрүп эр кылып,
Жедигердин Толтойду
Кара жер менен тең кылып,
Калайманды салбасам
Көөнүмө жакса Төштүктү,
Күйөө кылып албасам.
Булут менен закымдап,
Элемандын Төштүккө
Кирип барды жакындап.
Билеги жоон шер экен,
Баатыр Төштүк эр экен,
Жаш кезинде кезиксе,
Ушу Төштүк султанга
Тийип алар эр экен.
Узун бойлуу кең далы,
Ары балбан, ары шер
Алтымыштан өтүптүр,
Азыркы жашы берендин
Жетимишке жетиптир,
Жигиттиктен көчүптүр,
Карылыкка жетиптир.
Ысыгы кетип койнунун,
Кубаты кетип ойнунун,
Картайганда бу жанга
Кай бетим менен тиейин.
Карып калган жан экен,
Карап турсам колунда
Төрт катыны бар экен,
Болбосо Төштүк олуя,
Кожо заада жан экен.
Эңкейип кеткен эрени,
Жаш кезинде Төштүк дөө
Кыйла дөөнүн берени.

Алтын башы агыптыр,
Жигиттик доору өтүптүр,
Абышка доорго жетиптир
Ошол айыбы болбосо,
Кайран Төштүк канетет,
Чайиңги сындуу тон кийип,
Чалкуйрук сындуу ат минип,
Чалкалайт эле эр Төштүк,
Карылыктан кемитип,
Кайра тартты Айчүрөк.
Изге салып учту эми.
Мына ошондо Айчүрөк
Чеч-Төбөгө түштү эми.
Чеч-Төбөнү жердеген,
Ченебеген эр деген,
Байланып калган баатырдын
Багын ачкан эр Кошой,
Байланып калган базардын
Шаарын ачкан эр Кошой.
Чын олуя карыя,
Чын билимдүү олуя.
Калыйпадан кат алып,
Канзаададан бата алып,
Он эки пирге кол берип,
Зайыппуруш атанган.
Батасы журтту байыткан,
Байкаса жанды жарыткан,
Кызырдуу султан кымбат эр,
Кыйын сынчы Айчүрөк
Сынап турган ошо жер.
Абаңдын жайын сураба,
Өмүрдү кудай бериптир,
Жашы жүзгө таёо келиптир.
Жаш кезинде бул абам
Жети-Суудай кайран жер
Эби менен жер кылган,
Жети-Суунун кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылган.
Сынап көрсө абаңды
От кашына бөгүптүр,
Кайран абаң канетет
Өөдө болбой чөгүптүр.
Тирүү десе санда жок,
Өлүү десе көрдө жок,
Кошой жатып алганда,
Сагызган, таандай чуркурап,
Казанынан аш кеткен,
Жети-Суунун кыргызы
Капырлардан баш кеткен.
Кошойдун кетип каруусу,

Биринин тилин бири албай,
Бирин бири көрө албай,
Кыргыздардын барысы
Күтүп алар эл эмес,
Күптүмдү табар эр эмес.
Картайган Кошой кан абам,
Чоң атам менен тең экен.
Чарчаган Кошой бул дөөгө
Таңылып жүрүп нетейин,
Жер жүзүндө дөөлөрдүн
Барысын көрүп өтөйүн.
Кен Ысык-Көл кыштаган,
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Үрбүнү сынап кетүүгө,
Кирип келсе Айчүрөк
Эли калып өзү жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Баштыгы Үрбү өлүптүр.
Чабылгандан чачылып,
Жаман журт күнүн көрүптүр.
Өзөнгө эли конуптур,
Өзү өлүп эр Үрбү
Өрт өчкөндөй болуптур.
Үрбүдөн Чүрөк түнүлүп,
Чоң-Каштекти ашты эми,
Чөл жер менен кыдырып,
Кең Илени басты эми.
Бөөт-бөөт бел басып,
Будурмак ашуу жер басып,
Сан-түмөн жерди сыдырып,
Сары-Арканы кыдырып,
Сары-Аркага барганда,
Мындан көрдү кызык эл:
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Шылдыр айран, көк курут,
Казактардын кан Көкчө,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Үмөтөй сынап кирди эми.
Сары-Арканын кериден,
Алтымыш балбан жанында
Салбырын келген жеринен,
Сынап турду Үмөтөй.
Дүмбүл кыял көөдөнсүз
Торпок чалыш Үмөтөй,
Бет алган жоого киргенде
Коркок чалыш Үмөтөй.

Белге таңуу бел эмес,
Бек ишенер эр эмес,
Бир качканда токтобос,
Коркоктук жайы көрүнөт,
Жүйө билбес дүмпүлдөк,
Тим ишенер эл эмес,
Тийип алар эр эмес,
Жедигердин Толтою
Эрдиги мындан кем эмес.
Көкчөнун уулу Үмөтөй
Бенде ишенер эр эмес.
Туура учуп Айчүрөк —
Турбай-тынбай эр издеп,
Талаа-Челек басты эми,
Тоо-Челекти ашты эми,
Ысык-Көлдү кыдырып,
Кызыл-Кыя барды эми.
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мурадыл
Бели катуу эр деген,
Мурадылды көрдү эле.
Өзү жайчыл кул экен,
Эл четинде кароолчу
Баатырдыгы бар экен,
Алты солон, төрт манжу
Жолдошко муну алыптыр,
Кадимки Сандал-Булакка
Каптатып уусун салыптыр,
Ууга чыгып калыптыр,
Алты доңуз, төрт каман
Атып алып Мурадыл
Дардалактап калыптыр.
Кызыл мыян, көк көйнөк
Кай бетим менен киейин,
Кызыл киндик кытайга
Кай бетим менен тиейин.
Ары тартып сыдырып,
Каканчындын Бээжинди,
Кара курттай капырды,
Кан Коңурбай баатырды,
Кылымга аты угулган,
Казат кылам деп барып,
Мусулмандын кыйла дөөсү кырылган.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Кабарынан жан чыккан,
Бээжинге мыкты кан чыккан,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Келберсиген чочкого,
Ак сакалдуу карыдан

Сурап жүргөн ошондо.
Калайыктын барынан,
Коңурбай сынап калайын,
Кечилдин каны чочконун
Келбетин көрүп алайын.
Деп, ошентип Айчүрөк
Күрпүлдөктүн сазына
Чукул кирип барганда,
Коңурбай көрсөң эми көр,
Бажыга жыйган сан кара,
Бээжиндеги түмөн мал,
Коңурбайдын сан жылкы,
Жаткан экен кыжылдап,
Кумурскадай быжылдап,
Караса көзгө илинбей,
Бу капырдын жылкысы
Бөлүнгөнү билинбей,
Коңурбайдын сан жылкы
Түрдүү-түрдүү мал экен,
Түрмөктөлүү ал экен.
Чыйырчыктай сары ала,
Бир түркүнү жылкынын
Чыпка куйрук кара ала.
Бир түркүнү жылкынын
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген күр жылкы.
Кара жалдуу куласы,
Кажылдаган калчанын
Кай кылыгын айталы,
Минилбеген жыласы.
Томоголуу торусу,
Эжигейдей жээрдеси,
Чын агы жок карасы,
Жер жүзүнө билинген
Коңурбайдын даанасы.
Жылкысын көрүп кубанып,
Жыргап турду Айчүрөк.
Кулун-тайы бөлүнүп,
Түз жер менен чуркурап,
Кулан болуп жарышып,
Кутпа жагы жылкынын
Кыр-Кайыңдын бетинде,
Ылдый жагы жылкынын
Күрпүлдөктүн четинде,
Жылас болгон кытайдын
Жылкысы санга жетиптир,
Опсуз байып кетиптир.
Байып кеткен себеби,
Кечилдин мыкты каны экен,
Кылыгы бөлөк кечили

Өгүзү карып өзү өлгөн,
Өлүп калса адаты
Өлгөндүн малын тең бөлгөн.
Серкесин сетер* көтөргөн,
Мингени ыйык ат болгон,
Ургаачы менен жат болгон.
Азоо атын токунган,
Үйдөй болгон чоң буркан
Ошону кудай экен деп,
Таазым кылып чокунган.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Кечүүдөн чыкты барбайып,
Алгара күлүк жулкунтуп,
Алтындан чылбыр булкунтуп,
Келишимдүү жан экен,
Кечилдин мыкты каны экен.
Чоң өтүк бутта чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп,
Көз айнеги балкылдап,
Көөкөрдөй болгон шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап.
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк ала сакал зор манжуу
Опол-Тоодой көрүнүп.
Буурул чалган муруту
Майлуу балта сабы окшоп,
Мурунунун чоңдугу
Селебенин кабы окшоп.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайын караса
Бай жайлаган төргө окшоп.
Баатырдыгы бир башка,
Балбандыгы бир канча,
Алтын найлуу сыр канжа,
Алачыктай чоң калча,
Алтымыш кытай, кырк калдай
Ал жылкыны көрүүгө
Артык мыкты Коңурбай,
Алтын найлуу канжага
Азем кылып көргөзүп,
Дүңгүрчөктө тамеки
Уучтап туруп Коңурбай
Төрт кайтара салды эле,
Дөө зкенин мындан бил,
Ошотурган сыр канжа
Кытай оттук — боор таш,
Кырып ийип Коңурбай
Казанпактай кызыл чок,

Канжасына коюп от,
Кумары келген кургуруң
Коркурата сорду эле,
Арандай оозун ачканда
Ууртундагы түтүндү
Бирөөн койбой чачканда
Коё берсе коркурап,
Кол ыштыктай буркурап,
Жөө туман түшүп дыркырап,
Алтымыш кытай, кырк калдай
Адашып турду чуркурап,
Бири-бирин таба албай.
Алек болуп адашып,
Калдайлар антип турганда
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тилегиң кабыл болбогур,
Алгаранын үстүнөн
Чуркап түштү жүгүрүп,
Заара кылып болгон соң,
Кайра тартып ат минип,
Шашып-шушуп бат минип,
Жылкыны көздөй бет алды,
Жылмайгыр жүрүп кеткенде,
Алптыгын сынап кетүүгө,
Түшкөн жерге жетти эми,
Баскан издин өлчөөсүн
Балакет Чүрөк алды эми.
Кумга баскан таманы
Өлчөп көрсө Айчүрөк
Он эки сөөм сере экен,
Олуя заада кайын атам —
Мерт кылганы эп экен,
Калың кытай, манжуга,
Чеп болгону эп экен.
Токсон бешке илинип,
Чыгып калган кези экен,
Эрдиги кетип эңкейип —
Карып калган чагы экен.
Жыйырма беш менен отуз
Ортосунда кезиксе,
Тийип алар эр экен,
Курчу кетип кургурдун
Болбой калган чагы экен,
Көбү кетип манжунун
Көк ала сакал чагы экен.
Жаш кезинде бу калча
Чоң эрдиги бар экен,
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылган түз.
Билеги жоон, таш жүрөк

Бил мүчөлүү бадирек.
Көркөмү бийик, заары күч
Көргөн адам таң калган.
Жаш кезинде Коңурбай,
Жапаасын көрсөң доңуздай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрунгөндү жуткудай,
Кабагы жылга ордундай,
Качырганды соргудай.
Бастыра жүрө бергенде
Темингиси телпилдеп,
Аркага бурган айдар чач
Токмоктой жондо селкилдеп,
Кайраты катуу жан экен
Канчалык капыр болсо да
Колдогону бар экен.
Оң далысы кең экен,
Ааламга татыр шер экен.
Он эки мүчө тең экен,
О дүйнө кеткен кайын атам —
Мунун кайсаганы эп экен
Кытайлардын кызыл көйнөгүн
Кийип алар эр экен,
Кызык ойноп калчага
Кытайлыгы болбосо,
Тийип алар эр экен.
Эр издеген капырың
Бек жактырып калчаны,
Көп кыдырып канчаны,
Капырдыгы болбосо
Көп жактырат калчаны.
Алжып кеткен табы деп,
Көп жактырып эренди
Коңурбайдай беренди.
Боз торгой болуп закымдап,
Шердигине кубанып,
Кайран жеңең жакындап, беш
Жакыныраак келгенде
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Тирүү жүрсө сөзү ачык,
Артык сынчы, ары эр
Айлакерден Коңурбай
Карап, тиктеп Коңурбай
Кайыптыгын билди эми,
Өзү ургаачы адамзат
Зайыптыгын билди эми.
Арыптуу Чүрөк бейбактын
Атбороюн көп издеп,
Сыдырганын билди эми,

Бек жадыгөй, амалкөй
Уз экенин билди эми,
Эр кыдырган, ээликкен
Кыз экенин билди эми:
Асмандагы мунусун,
Азапты мыктап салайын,
Аткылап колго түшүрүп,
Колукту кылып алайын.
Адис болгон даңгыл кул,
Жоонун айласын билген камбыл кул,
Учуп жүргөн Чүрөктү,
Ал Чүрөктүн өзүнө
Эми салды дүмөктү.
Колундагы очогор,
Мунун жайын сураба
Машалуу мылтык бат атар
Барсылдакка алды эми.
Бул айбатын көргөндө,
Чымындай жаны чыркырап,
Сай сөөгү быркырап,
Акун кандын Айчүрөк
Кайра тартып калды эми.
Жанын таштап Айчүрөк
Учуп келет зыркырап,
Очогордон чыккан ок
Канатты кайсап чыркырап,
Кайран Чүрөк канетет
Качып келет дыркырап.
Алоокенин Коңурбай
Кайрат кылды абыдан,
Айчүрөктү көргөндө
Кайран калча канетсин
Он бешке келди жаңыдан.
Бурку-бурку-бурку деп
Буркулдады Коңурбай,
Бурку деген кудайы,
Мөндү-мөндү-мөндү деп,
Мөндүлөдү Коңурбай,
Мөндү деген урааны.
Күүлөнбөй калча турабы.
Бу капырдын Алгара
Ирмегенден жан жетпейт,
Учкан бир куш болбосо,
Төрт аяктуу мал жетпейт.
Кутургурдун Алгара
Куланды кууса куткарбас,
Кырк күнчүлүк чөл басып,
Чуркаш жакка болгон маш.
Кутургурдун Алгара
Оозун жыйса закымдап,

Канаттууга жакындап,
Коңурбайдын кара аты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Жан-жаныбар акактап,
Суусап өлөр чөл болсо,
Чыдап чуркаар адаты.
Бир изин ката баспаган,
Астынан аркар кутулуп,
Адырга чыга качпаган.
Кылдаттыгы мамынча,
Тайгылбаган бийиктен,
Караңгыда жол жүрсө,
Усталыгы жаныбар
Ушунчалык эң кыйын
Зоого баскан кийиктен.
Айчүрөктү көргөндө
Кутурган кытай Коңурбай
Жазайылын курчанып,
Алгара санга бир салып,
Качырып кирди кан абаң
Айчүрөккө кол салып,
Эптеп кармап алганы,
Колуна тийсе Айчүрөк
Колукту кылып алганы.
О, ботом улуктуу Туңша, Бакбурчун,
Улук калаа Каканчын
Кыдырып көрдүм бу журттан.
Ошонун баарын кыдырып,
Ургаачы мындай көрбөдүм,
Жашында көрүп өлбөдүм.
Асылкеч элең Алгара
Башыңды жерге сала көр,
Чындап арыш ала көр.
Төгөрөктү төрт айланта кубалап,
Медияндын беш бурчун
Беш айланта кубалап,
Жадыгөй кармап алайын,
Бээжиндин Какан канына
Кайып кыз кармап келдим деп,
Сүйүнчүлөп барайын.
Кайраттанды камчылап,
Качырып жүрдү Чүрөктү
Үстү менен калкылдап,
Кайран Чүрөк канетет
Учуп кетип баратат.
Изи менен Коңурбай
Ар бир ишке машыгып,
Адис болгон доңузай,

Көкөлөп Чүрөк закымдап,
Аты күлүк Коңурбай,
Деңгелине жакындап,
Коңурбайдын кара аты,
Кара атынын канаты,
Куугунду көрсө куткарбас
Алгара аттын адаты.
Эңкейишке келгенде,
Эликтей колу сайылып,
Өөдө чыга бергенде,
Жал куйругу жайылып,
Будурмакка келгенде,
Бугудай арыш узарып,
Булт койгон жерге келгенде,
Кулжадай көзү кызарып,
Асмандап учуп калкылдап,
Жерден Коңурбай келет жакындап,
Адис болгон Коңурбай
Деңгелине келгенде
Атып кармап алчуудай,
Караанын көрүп Чүрөктүн,
Калкылдап учкан дүмөктүн,
Аран ооз очогор
Ала коюп үч атып,
Алтоо-жетөөн күч атып,
Калча кулдун жанында,
Уңгусу алтын сыр жебе,
Абаңдын жайы ушундай
Асмандагы Чүрөккө
Эми салды аңгеме.
Амалды артык кылды эми,
Астында жүрүп Коңурбай
Жаа менен урду эми.
Күчөп жаа жабылып,
Дыркырап огу жетти эми,
Куткарбайт экен кытай деп,
Куруп калган Чүрөктүн —
Айласы жаман кетти эми
Күн бузултуп, жай жайлап,
Жадыгөйдү салды эми.
Артык жайчы амалкөй,
Асылдын бирөө Айчүрөк
Калча кармап аларда —
Каран түндү саларда
Күндү жайлап салды эми.
Каарданып бакырып,
Жайдын ысык чилдеде
Кыш булутту чакырып,
Асмандан булут сабалып,
Жер жүзүнө жөө туман түшүп камалып,

Асмандан булут бөлүнүп,
Бөксөдөн алты сай мөндүр төгүлүп,
Жаканын баары жамгырлап,
Кара нөшөр куюлуп,
Жердин үстүн көргөзбөй
Жөө туман түшүп бурулуп,
Шыбыргак, мөндүр шалдырап,
Кайсы экени билинбей
Кыр мурундуу Коңурбай
Адашып калды балдырап,
Жерге көгөрүп туман тутулуп,
Эр сынаган Айчүрөк
Эр калчанын колунан
Өлгөндө качып кутулуп.
Белгилүү жерден бел таппай,
Бээлеп тиер эр таппай,
Кызыл-Кыя ашты эми,
Кыйын шашып Айчүрөк
Ала-Көлдү басты эми,
Эс жыя албай Айчүрөк
Элкин-Тоо чыгып жатты эми.
Эсин жыйып таранып,
Коңурбай жетип келчүүдөй
Эки жагын каранып,
Элкин-Тоо ээн жер экен,
Как эткенден карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Буурсун казган чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Бурулган кокту жер экен,
Элкин-Тоо-Ата дээр экен.
Булагы агып ташыган,
Муңу бар бенде жашыган,
Булбулу сайрап таңшыган.
Жер соорусун көп көрүп,
Көңүлү толгон убайга
Угуп турган бир жан жок
Муңун айтат кудайга:
Улуу Бээжин түпкү шаар
Учуна чейин кыдырып,
Капыр менен мусулман
Калкынын барын кыдырып
Белгилүү жерден бел таппай,
Бейбак да менче болобу
Өзүнө теңтуш эр таппай!
Этеги кең ак көйнөк
Кай бетим менен киемин,
Жедигердин Толтойго
Анык күйөөм ушу деп,
Кай бетим менен тиемин!

Кара бет менче болобу,
Кайгырган адам оңобу,
Тиерине эр таппай
Кара бет менче болобу!
Атакем Акун каныңдын
Чындашкан жоосу Чынкожо
Чыңалуу кызыл темирдей,
Акундун кызы Айчүрөк
Чындап учуп эр издеп,
Куру келди дедирбей,
Куу жаным кантип өлөйүн,
Курдашты кайдан көрөйүн!
Күйөө таппай алптардан
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көп капа болуп Айчүрөк
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жан аябай сыдырып,
Жана жерди кыдырып,
Учуп жүрдү Айчүрөк.
Бөөт белди ашты эле,
Суусамырды басты эле.
Суусамырда Канакей,
Канакейдин Көтөрмө
Көтөрмөнү ашайын,
Кең Таласты басайын.
Оройлуу жерге кирейин,
О дүйнө кеткен кайын атам
Ороюн сыйлап жүрөйүн,
Асылдуу жерге кирейин,
А дүйнө кеткен кайын атам -
Арбагын сыйлап жүрөйүн.
Аргын менен кыргыздын
Кайсы экенин билейин.
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Кайын атам султан өлгөндө,
Калк жыйылып көмгөндө,
Каралуу кетти кайын энем,
Качып кетти өз күйөөм,
Аргын, кыргыз кайран журт
Ээсиз элди көрөйүн.
Он эки пирге кол берген,
Олуя кеткен кайын атам —
Ороюн сыйлай жүрөйүн.
Талас ылдый мен учуп,
Чоң күмбөзгө жетейин,
О дүйнө кеткен атакем —
Зыярат кыла кетейин.
Андан учуп сыдырып,
Кең Жол ылдый кыдырып —

Келди Айчүрөк бейтаалай.
Таластагы чоң күмбөз,
Чоң күмбөздүн жанына.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Абай—1. Кылдан, жүндөн токулган одуракай кездеменин түрү.
2. Кооздолгон ат жабуу, абайыдан жасалган ат жабуу.
А з а р-т ү м ө н — азар — иранча он миң: түмөн — түрк-монгол тилдеринде он миң. Экөө биригип айтылганда кош сөз катары он миң деген маанини билдирет. Бирок эпосто бирге айтылганда эсеп жеткис, сансыз, өтө көп, [кол, аскер, эл] деген туюндурмаларда да колдонула берет.
А й д а р — 1. Көкүл. 2. Калмактардагы эркектердин аркасына өрүлүп коюлган төбө чачы.
А й д ы н — эпосто айбат, сүр, шаң, дөөлөт, күч, кубат, сыймык деген маанилерди туюндурат. . .
Ай туяк—1. Жылкы жалпы эле жылкы тукуму. 2. курмандыкка чалына турган жылкы.
Акканкы — ээрдин өзүнчө түрү: алдыңкы кашы жазы жана тегерек формада анын бети оюу, күмүш менен кооздолот. Аккаңкыны кээде кыргыз ээр деп да аташат.
Аколпок — Манастын сырттан кийген жоо кийими. Олпок баатырлардын жүндөн, же кебезден жасалган калың кийими. Аны соот менен кошо кийет. Кээде олпоктун өзү эле соот түрүндө, б. а. кебез, жүн кийимге металл тор ж. б. кошулуп ок, найза өткүс кылып жасалат. Манастын Аколпогу ушул түрдө жасалган.
Ак үйлүү — көрүнүктүү, белгилүү үй-бүлөдөн барымтага алынган адам. Кээде ак үйлүү деген сөз өкүл, элчи дегенди да түшүндүрөт.
Алача дүңгө кур — кездемеден жасалган узун, кооз кур.
Аңгеме дүкөн куруу — ал-абалды сурашып маектешип сүйлөшүү, эрмектешүү, сырдашуу.
Арбак—1. Диний мифологиялык түшүнүк боюнча өлгөн адамдын артында калган жакындарын, бала-бакырасын колдоп же көзгө көрүнүп жүрө бере турган элеси, духу.
Ачылбас капка Букардан — ыйык, касиеттүү Бухар деген мааниде
А ш ы к — чүкө.
Баабедин — боло турган кырсыктан сактануу, кутулуу үчүн курмандык чалуу, садага-кайыр берүү, көбүнчө жети, тогуз нан бышырып садага катары таратуу ырымы. Түпкү теги Орто Азия элдеринде ыйык, касиеттүү аталган Баабедин [Бахауддин] аттуу тарыхый адамдын ысымы менен байланышкан.
Багылан козу — сүт ээмп жүргөн, бирок союуга жарап, бышып жетилип калган семиз козу.
Бадана — кооздоп жасалган, баатырлар кийүүчү майда металл тордон согулган соот. Кээде баатырлардын кооздолгон сырт кийими маанисинде да колдонула берет.
Баймак—жылкынын туягынын үстү жагы менен чачыгынын ортосундагы ичке жери; баймакта — баймагынан байлоо — атты тушоонун өзүнчө бир түрү, жалпы эле атты тушоо.
Бактыясы качпаса — Бактыя—бак, бакыт; бактыясы качпаса — бактысы качпаса.
Б а р ч а — баардык, бүтүн, бүткүл.
Бачагар — эшектин баласы. Бирөөнү, көбүнчө балдарды тилдегенде колдонулуучу жаман көргөндүктү билдирген кемсинтүү маанисиндеги сөз.
Бегелчек — адабий тилдеги багалчак деген сөздүн диалектилик бир формасы. Багалчак — жылкынын туягы менен кызыл ашыгынын арасы. Кээде жылкынын туягынын үстү жагындагы томуктун чачыгын да багалчак деп атай берет [багалчагы малынган).

Б е й л е — байкоо, абайлоо, сактануу.
Бейдаарат —1. Даарат албаган, дааратсыз; 2. Күнөөлүү, булганыч, бузук, таза жүрбөгөн деген маанилеринде да колдонула берет.
Б е й п а й — азап, санаа, кайгы, кыйноо тартуу.
Белдемчи—1. Аялдардын белге тартып алуучу кийими. Адатта калың кездемеден [көбүнчө баркыттан) жээктери саймаланып кооздолуп жасалат. 2. Белди, капталдарды калкалаган баатырдык темир кийимдин түрү.
Беренжи — 1. Кездеменин түрү. 2. Ошол кездемеден тигилген кийим. 3. Белдемчи түрүндөгү кийим, кээде ушул түрдөгү жоо кийими маанисинде да айтылат.
Боз кисе — Манастын асмандан түшкөн касиеттүү кисеси. К и с е.— 1. Оттук, милте ж. б.
буюмдарды салып, жанга байланып жүрүүгө ылайыкталган, көбүнчө сыртына күмүш чабылып кооздолгон булгаары баштыкча. 2. Жалпы эле кайыш кур [кисе, кын ж. б. бөлүктөрү менен бирге] деген мааниде.
Б о с т е к — кыргоолдун ургаачысы.
Бука сийдик — [коо, жол] — ийри-буйру.
Була—1. Пахта, кенаф, кендир ж. б. өсүмдүктөрдөн ийрүүгө, токууга даярдалган жумшак зат.
2. Кымбат баалуу кездеменин аты, ак жибек.
Булдурсун — учуна коргошун уютулган, жоон өрүлгөн камчы. Жалпы эле чоң камчы маанисинде көбүрөөк жолугат.
Б у р а к —1. Мифтик канаттуу тулпар. 2. Эпостордо, жомоктордо талыбас күлүк, канаттуу ат.
3. Өлгөн адам тигил дүйнөдө минсин үчүн камдалган ат. Аны адатта ээр-токуму менен молдого берүүчү.
Буркан—1. будда дининдегилер сыйынышкан кудайдын статуясы, сөлөкөтү. 2. Эпос боюнча калмактардын кудайы.
Б ы ш м а н — адабий тилдеги бушайман деген сөздүн диалектилик формасы, ич күптүү болгон кайгы-капа, ичке катылган бук.
Д а н г ы т — чоң дөбөт ит, дөбөт карышкыр.
Д а ң к а н —1. Жылкынын туягынан ыргып түшкөн топурак, кар ж. б. [туяктын турасына жабышып уюп калган баткак чалма да данкан делет. 2. Чайнек.
Дарс окуу — сабак окуу, жогорку окууда окуу. Кээде чоң дуба, өзгөчө күчтүү же касиеттүү дуба окуу маанисинде да айтыла берет.
Дартмандуу — оорулуу, кеселдүү, кээде жүдөгөн маанисинде.
Дене кул — түбөлүк кул, мындай кулдар эч укукка ээ болгон эмес.
Бийөнгө — так мааниси бизге белгисиз, контексти боюнча мылтыктын, же жаанын огу.
Б о р о з — бороз болуу — эңсөө. Көбүнчө эри жок аялдарга карата айтылып, эркекти сагынган деген маанини билдирип турат.
Д ө ө м ө т — кезек.
Дуба—1. Өлгөн адамга же башка кандайдыр бир диний жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга байланыштуу окулуучу ырым. 2. Сыйкырлоо.
Дулдул—1. Азирет Аалынын минген аты. 2. Эпосто чарчап-чаалыкпас адам.
Д у т а р — тажик, түркмөн, өзбек, уйгур элдеринде таркаган мойну узун эки кылдуу музыкалык аспап.
Д ү м ө к — чыр-чатак, чуу түшүргөн дүрбөлөң, бүлүк, коога.
Ж а г д а н — сырты кооздолгон сандык.
Жазайыл—1. Эски убактагы майда сайлуу замбирек, оор мылтык, согуш мезгилинде атка, төөгө жүктөп алып жүрүшкөн. 2. Өтмө мааниде; мүшкүл, кыйын иш, башка түшкөн азап, күнөө коюу, күнөөлөө.

Ж а к у т — кызыл түстүү кымбат баалуу асыл таш.
Ж а м ы я т — көпчүлүк, эл-журт, коомчулук.
Жан казан — алыс жолго жүргөндө ала жүрүүчү кичине казан.
Жаң-жуң—провинциянын башкаруучусу, кытай генерал-губернатору.
Жапирим — о, колдоочу деген маанидеги сөз.
Ж а р г а к — майда жандыктын [көбүнчө кой-эчкинин) жүнү жыдытылып ийленген териси.
Жаханнам — диний түшүнүк: тигил дүйнө, тозок.
Жеке— 1. Баатырлардын кемер куру, же согуштук курдун атайы түрү. 2. Мылтыктын огун сологон кур.
3. Кооздолуп тигилген өтүктүн түрү. Ал көк жеке, жеке өтүк деп атала берет.
Желдет —1. Өлүмгө буйрук кылынган күнөөлүүлөрдүн жазасын иш жүзүнө ашыруучу адам.
2. Кызматчы жигит.
Ж е т и к — кыраакы, акылман, кылдат, даанышман.
Ж о б о — кайгыруу, кейүү, убайым тартуу.
Жойпу — асты-үстүгө түшүп көшөкөрлөнгөн куу, жагынып-жасакерленген митайым, жай гана, жоошута, көңүл ала сүйлөгөн кошоматчы.
Жолум үй — аскерлер же малчылар өздөрү менен ала жүрүүчү, оңой тигип-чечүүгө ылайыкталган жеңил боз үй.
Закымда— I. Мелмилдеп, лепилдеп жүрүү, согуу [аба жөнүндө], закым жүрүү. 2. Катуу, тез жүрүү, чуркоо, зымыроо, зыпылдоо.
З е р — алтын.
Зыярат — диний. Мазарга, касиеттүү, ыйык деп эсептелген жайларга ж. б. сыйынуучулук, табынуучулук.
И й д и — бир нерсенин ичин оюу, жукартуу үчүн колдонулган курал.
И л е к —1. Жүз миң. 2. Сансыз, эсепсиз, өтө көп.
И н е к — тубар уй.
К а б а к — туш тарабы бийик келген ойдуң жер, чуңкур, ой.
Кадама — жоокерчиликте кийүүчү соот, чопкут.
Каза — ажал, өлүм, дүйнөдөн кайтыш.
Казанат—1. Күлүк аттын бир түрү. 2. Нагыз тулпар. 3. Өтмө мааниде: күжүрмөн, талыкпаган адам.
Кызгалдак — жапайы өрдөктүн бир түрү.
Кайгы төлөө болобу—капалануудан, нааразы болуудан пайда барбы, кайгырган менен өткөн иш ордуна кайра толобу деген мааниде.
К а к а й — доңуз.
Калдай—I. Штаб офицери. 2. Административдик мансап. 3. Калдайган (чон.) деген мааниде да колдонулат.
Калча—1. Сүрдүү, каардуу. 2. Көзү чуңкур, коңкойгон мурун, сурдүү адам.
Камчыга ченеп бөлүү — жеңилген жоодон түшкөн олжону жеңгендердин санына жараша тең бөлүштүрүү, олжону өйдө-ылдый кылбай, тең бөлүштүрүү, калтырбай бүт бөлүү.
Кандагай —1. Багыштын териси. 2. Ушул териден жасалган баатырлар кийүүчү атайы шым.
3. Кээде жоо кийими, соот маанисинде да»жолугат. 4. Согуштук ат жабуунун — атты октон, кылычтан сактоо максатында жасалган атайын сооттун бир түрү.
Канкор — Манастын туруктуу эпитеттеринин бири. Алгач байыркы түрк монгол тилдериндегидей «айкөл», «эр жүрөк» каарман дегенди билдирген, кийинчерээк тажик тилинен кирген «ханхур» /канкор, кан ичкич, жырткыч, ырайымсыз деген мааниси

чаташылган. Эпосто кээ бир учурда кийинки чаташылган маaниде да колдонулат.
Канын суроо—умгө өкүм кылынган кишинин жанын аман калтырууну сурануу.
Каншаак таш — негизги тоодон өзүнчө туура бөлүнүп турган бийик сеңир.
Капка—1. Темирден жасалган чоң каалга; дарбаза. 2. Кууш капчыгай. (
Капыя— кысталыш, кыйынчылык абал, капилет боло калган кыйын абал. Кокустан, алдын ала кабарлабай деген маaниде да айтылат.
Кара кылуу — кыйынчылык учурда, башка иш түшкөндө таяныч кылуу, бел тутуу, тирек кылуу.
Каран салуу — бүлгүн салуу, талоонго түшүрүү.
Каргы — итти чынжырга, жипке байлоого ылайыктап тагылган моюн кайыш.
Карыпчы — жоокерлер колго кийүүчү соот, жең кап.
Каса—1. Жылкынын чандыры. 2. Өзгөчө мыкты.
Ке з - 0,71 метрге барабар болгон узундук өлчөм.
Кезең жол—тоонун кайкан. жери, белинен кесип өткөн жол. Татаал жол, кыйын жол маанисинде да айтылат.
Келеген найза — жазы, учтуу найза.
Келеме бото—саймалал, кооздоп жасалган сырт кийимдин түрү.
Келеме керше — сырт кийимдин түрү.
Келеңкер чачпак — баалуу кездемеге асыл таштардан, алтын-күмүштөн жасалган кооздуктар бастырылган өрүлгөн чачтын учуна бекитилүүчү кооздук буюм.
Кемер — бетине күмүш чаптырылган, кооз жазы кайыш кур.
Керденгебүткөн — керт башына, тагдырына бүткөн.
Кереленүү — каршы болуу, көнбөө, каяша айтуу, сөз кайтаруу.
Керик — тумшугунда мүйүзү бар, сүт эмүүчү жапайы ири жаныбар: носорог.
Кесиреттүү — кесирлүү, кесепеттүү.
Кешиги жок — бактысыз, таалайсыз, ырысы жок, байкуш.
Килиттөө — куржундун оозундагы илмектерди илиштирип бекитүү.
Киндик ата — төрөлгөн баланын киндигин кескен аялдын күйөөсү.
Киш —1. Териси кымбат, суусарга жакын кичирээк жапайы жандык. 2. Ошол жандыктын териси же киштин терисинен жасалган буюм, кийим.
К о б у т — жылга, колот.
Кожосан — баатырлардын колдоочусу; касиеттүүлүк сапатка ээ олуя.
Койгут— кичирээк сака [көбүнчө аркардын чүкөсүнө карата айтылат].
К о л о — коркуу, коркунучта болуу, коркуп жашынуу, корголоп калуу.
Коросон — 1. Курч, өткүр. 2. Оттук, курч оттук. 3. Ачуу, күчтүү. 4. Чечектин ээси. Бул сөз кээде мыкты, чон деген маaниде да колдонула берет.
Көк шал бут — алгыр куштун кыраандыгын билдирүүчү белгиси: буттарында темгил-темгил белгилери бар. Бул эпосто Акшумкарга айтылат.
К ө н ө к — саан сааганда, суу ташыганда колдонуу үчүн төөнүн терисинен ыштап жасалган идиш, чака түспөлдүү идиш. Адатта ички сыйымы чакадан кичине болот.
Көн өтүк — бодо малдын терисинен, колго жасалган булгаарыдан тигилген өтүк.
К ө н ч ө к — кулак калканынын астыңкы жумшак бөлүгү.
Көөкөр — териден ыштап жасалган оозу кичине идиш. Түрдүү формада болот.
К ө ө л ө — казуу, оюу, үңүү.
К ө ө х а р — асыл таштын түрү.
К у м п а й — өңү боз, өзү кичирээк алгыр ителги.
К у н — өлтүрүлгөн адам үчүн төлөнүүчү, берилүүчү чыгым, каражат (кыргыздарда көбүнчө мал түрүндө болгон].
"К у н д а к—жаңы төрөлгөн баланы бешикке жаткырганга чейин жаткырып турууга ылайыктап, койдун же төөнүн жүнүнөн атайылап жасаган төшөк.

Курмандык — кудай жолуна арналып союлуучу мал. Курмандыкка чалуу — кудай жолуна арнап мал союу.
Кут майрек [маарек) — «буюрсун, болгону жакшы болуптур» деген мааниде бирөөгө куттуктоо, каалоо, тилек кылуу иретинде айтышат.
Кутпа—1. Түндүк тарап. 2. Жума намазынан кийин имамдын диндик үгүт сөзү. 3. Мусулмандардын нике кыюуда окулуучу дубасы.
Кыбыла—I. Меке шаары тарап [Меке шаарындагы мусулмандар ыйык туткан атайын жай. Намаз окуганда ошол жайга карап окулат). 2. Кыргыздар үчүн батыш тарап. [Меке шаары жайгашкан тарап|.
К ы з ы р — мифологиялык Кызыр пайгамбар. Кыргыздардын түшүнүгүндө жакшылык алып келүүчү, колдоп, кысталышта жардам берүүчү касиеттүү күч.
Кыл куйрук—1. Суу канаттууларынын бир түрү. 2. Жылкы.
Кылым чайкоо — зор аймактагы элдерге бүлүк түшүрүү, кээде көп жерлерди башкарып, бийлиги жетип туруу.
Кыргак—1. Элечектин жээгине тартылуучу кооздоп жасалган тасма. 2. Эпосто ишенимдүү чорого айтылуучу эпитет сөз.
К ы р г ы —1. Аттын кургап калган терин тазалоо үчүн колдонулуучу тарак мисалдуу буюм. 2. Эпосто мылтыкты тазалоо учун колдонулуучу сүмбөнүн түрү.
Кыямат—1. Дин түшүнүгү боюнча өлгөн адам кайра тирилгенде кыйнай турган жер: тиги дүйнө.
2. Азап кыйынчылык.
Л у ц т у ң — кытай айылындагы старчын.
Мадер — эне деген маанисинде; мадериндин канын ич — энендин канын ич.
Малма — теринин ийлеш алдында жүнүн жыдытып, май-сайын кетириш үчүн атайын чоң идишке салып айран, сүт сыяктуу суюктуктарга чылап коюу [теринин сапатына таасир этүү үчүн керектүүлүгүнө жараша түрдүү чөптөрдүн тамырлары, жыгачтын кабыгы ж. б. да кошо чыланышы мүмкүн].
Манжылы таз — ылжыраган таз.
М а р ж а н — кымбат баалуу шурунун түрү.
Мата—1. Бекем байлоо, тиздөө, баса алгыс кылып бутун тушап коюу. 2. Өтмө: коркутуу, опузалоо, зордук көргөзүү.
Машайык — диний түшүнүк боюнча: ыйык, кудай сүйгөн олуя, кээде баарын билген, көзү ачык — деген маанилерде да айтыла берет.
М и л т е — мылтыктын дүрмөтүнө от коюу үчүн колдонулуучу эшилген кебез.
Мөөсүл — соогат, олжого түшкөн мал, буюм олжодон тие турган энчи. .
Мунаажат — кудайга жалынуу, сыйынуу. Зарылуу, жалынуу тиленүү маанисинде да айтылат.
М у н а р а — атайын салынган бийик курулуш.
Муратына жетүү — ойлогон оюна, тилегине, максатына жетүү же орундоо.
М у р а п ы — мурасчы, жөлөк-таяк.
Мүңкүр—1. Буту-колунан ажыраган. 2. Оор, кыйын абалда калган; абдан азап тарткан.
Мыйзам—1. Күзгө жуук жел менен кошо учкан ак түстөгү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе. 2. Күз маалы. 3. Укук закон.
Назары сынуу — көңүлү калуу, шагы сынуу.
Найдар — түтүкчө. Көбүнчө дүрбү маанисинде айтылат.
Н а р — 1. Бир өркөчтүү төө. 2. Өтмө: күчтүү, чыдамдуу, олуттуу, салабаттуу.
Окоро түйгөн — ат жабдыгын өрүүнүн өзүнчө атайын түрү. Көбүнчө «окоро түйгөн ак тизгин», же «окоро түйгөн чылбырды», же «окоро түйгөн ак нокто» деген формалары жолуга берет.
О л о к о й — басмайылдын артыраак жагына тартылуучу, ээрге бекитилген кур —

сызма жип.
Олоң чач — узун, жоон келген чач.
Олуят — бир нерсени күн мурун билүүчү касиеттүү адам; олуянын эле өзү.
Омуроо—1. Төштүн ийинден төмөнкү бөлүгү. 2. Малдын көкүрөгү.
Оорук—1. Согушка бараткан кол белгилүү жерге жетип токтогон жай.
2. Согуштун арты; жортуулда жүргөн колдун тыныгууда, согуш башталганга чейин жаткан жайы.
Ор— I. Казылган чуңкур; ороо. 2. Күнөөлүү адамды жазалоо учурунда кармап туруучу атайын жай — зындан.
Ордо—1. Хан турган жай, хандын сарайы, хандын үйү. 2. Жасалгалуу, асемдүү, жакшы боз үй. Кээде борбор маанисинде да айтылат.
Ордолуу шайык көк жөкөр — Кокон шаарынын эпитеттеринин бири': 1. Чоң шаар, ыйык шаар, белгилүү шаар. 2. Шайыктар көп жашоочу ордо шаар.
Ордун салуу — жазгыруу, кача берүү, жылт коюу.
Оромпой — балдар ойноочу оюндун түрү — бир буттап секирүү.
О т о г о т — мансап белгисин билдирүүчү баш кийимге тагылган куштун канаты же асыл таш.
Өкчө—1. Өтүктүн такасы. 2. Өтүктүн апкыты.
Өлбөгөнгө өл балык — Эптеп жан сактоо, наар алууга боло турган шыбага маанисинде. Буюрган насип, ырыскы катары түшүнсө да болот.
Өчмөлтөй - кек сактагандык, өчү бардык.
Пир—1. Дин ишениминде адамды колдоочу олуя. 2. Сыйына турган зоболосу бийик киши, бирөөнүн ыйык туткан адамы.
С а б ы л — жалынуу, жалбаруу, моюн сунуу.
С а л б а р — күйөөсү көңүл бөлбөң таштап койгон аял.
С е л е б е — узун, түз кылыч, чоң шамшар.
С о м э т — жумшак эт, колу-буттун булчуң эттери.
Соору өтүк — малдын жамбаш менен куймулчак арасындагы терисинен булгаарыдан жасалган өтүк [мыкты, чыдамдуу өтүк маанисинде].
Сөйкө салуу — келиндикке алууга убадалашкан кыздын кулагына жакшы ниет менен сөйкө салып, кудалашкандыкты, бүлө кылып алууга макулдашкандыкты билгизүү.
Суп—1. Пахтадан токулган жука кездеме. 2. Эпостордо айтылуучу ак жибектен же ак төөнүн жүнүнөн токулган баалуу кездеме.
Суук укурук салуу — жылкыны тийип кетүү; баатырлардын мыкты аттарын зордуктап алып кетүү. Зордук көргөзүү, тартып кетүү маанисинде да айтыла берет.
С ү б ө ө — кабыргалардын бүткөн жериндеги кыска чемирчек сөөк.
Сын кылуу — ыза кылуу, кордоо, кордук көргөзүү.
Тайтуяк—1. Тайгаланбас үчүн бутуна байлануучу туяктан, темирден ж. б. жасалган нерсенин аталышы. 2. Акча ордуна жүрүүчү туяк формасындагы уютулган күмүш. Кээде. алтын да болот. Наркы жана салмагы жактан жамбыдан кичине.
Т а л м ы з — так мааниси белгисиз сөз. Контекст боюнча өзгөчө жоон, узун камыш.
Танаптуу — тилке-тилке кооздолуп жасалган каалга.
Таңды машкар күнүндө — мусулман динининтүшүнүгү боюнча адам өлгөндө тиги дүйнөдөн суракка алынуучу күн.
Теке жоомарт—мыкты күлүк ат, аргымак. Чыдамдуу, күчтүү деген маанисинде да айтыла берет.
Темене канат —1. Балапандын канат түтүкчөлөрү пайда болгон учур. 2. Жаш.
Тобо—.диний түшүнүктө кудайга сыйынууну билдирүүчү сөз.
Тойторуу — башкаруу, көз салуу, баш көз болуу.
Топон суу — дүйнө жүзүн каптаган сел, суу ташкыны.

Топот болуу — тыптыйпыл болуу, жок болуп кетүү, жер менен жексен болуу.
Т ү м ө н — сансыз, абдан көп, миң сан.
Түпөк—найзанын уч жагына тагылуучу топ кыл. Сайылган найзанын учу өтө терең кирип кетпей токтотуп калууга ылайыкталып тагылган кылдардын тобу.
Убарлаш — сыйлашкан курдаш, кадырлаш.
Укуй айтуу — баарын калтырбай айтуу, жер-жеберине жеткире айтуу, айыбын ача айтуу.
У п а р а к — майда, ушак деген маániде. Упарак кылба сөзүмдү — жокко чыгарба, калп деп санаба деген өтмө маániде айтылган.
Үйөр—1. Жазгы маал суу үстүнөн аккан муздар, муз агымы. 2. Жазгы эриген кардан жана мөнгү бузулуп көбөйгөн суу агымы.
Чайдоос — чай жана суу кайнатууга ылайыкталган, туткалуу жана чоргосу бар идиш.
Ч а л ы я р — Мухамбет байгамбардын төрт жардамчысына берилген наам. Көбүнчө эпосто касиеттүү, ыйык, күчтүү деген маанини билдирет.
Чап олоң — ээрге бекитилип артыраак жагына тартылуучу басмайыл.
Ч а п ч а к -л суюктук куюлуучу жыгачтан жасалган чок идиш, челек.
Чидер — атты үч буттап тушоо үчүн ылайыкталып кайыштан өрүлүп жасалган тээктүү тушамыш.
Чий кетүү — көңүлү калуу, супсуну суу, иренжүү, иренжип калуу, кек сактоо.
Ч и л т е н — мифологиялык түшүнүктө адам көзүнө көрүнбөгөн, укмуштуудай касиетке ээ болгон жакшылык кылуучу дух.
Чогоол —эр көкүрөк орой мүнөздүү, ачуусу чукул, эрдемсинген, кыялы терс, чатак.
Шабиет — эки тарап болуп, бир тарабы аркаларын салып тегерете олтуруп, экинчи тарабы олтургандарды чаап, тийип качып ойноп турган белгилүү эрежеси бар оюн.
Ш а й — баатырлардын колдоочусу.
Шейит— 1. Согушта киши колдуу болуп өлүм тапкан адам. 2. Көбүнчө согушта өлгөн адам, күнөөсүз өлгөн адам маанилеринде колдонула берет.
Ш и р и — саба, көөкөр, көнөчөк сыяктуу идиштерди жасоо же бир нерсени каптоо үчүн керектелүүчү төөнүн жүнү жыдытылган чылгый териси.
Ырапыс — жол-жолу бар тыгыз согулган кездеме.
Элкин —1. Түгөйү жок, жалгыз, жеке, жалгыз өзү. 2. Ээн, бош, ээн-эркин.
Энкүүлө — эңишти көздөй, ылдый карай, төмөн көздөй, боор ылдый.
Э п ч и — эпчи жак—боз үйдүн аялдарга таандык болгон оң жагы [анда казан-аяк, тамак-аш ж. б. жайгашылып, чыгдан тартылган болот].

МАЗМУНУ

Кириш сөз....1

КӨБӨШТҮН КАНЫКЕЙГЕ АРАЧЫ ЖИБЕРГЕНИ....6

КӨБӨШ КАНЫКЕЙДИ ТАЛАП АЛГАНЫ....16

ӨКҮЛ АТАСЫ КАРЫМБАЙ КАНЫКЕЙДИ ЫЗАЛАГАНЫ....32

БАКАЙДЫН КАНЫКЕЙ, ЧЫЙЫРДЫ, СЕМЕТЕИДИ БУКАРГА КАЧЫРЫП ЖӨНӨТҮШҮ....42

БАКАЙДЫН КЕЛИШИ....73

КАНЫКЕЙ БАКАЙ МЕНЕН КОШТОШКОНДОН КИЙИН БУКАРГА ЖОЛ ТАРТЫШЫ....79

КАНЫКЕЙДИН ЫСМАЙЫЛГА ЖОЛУГУП СЕМЕТЕЙДИ БАЛА КЫЛЫП БЕРИШИ....91

СЕМЕТЕЙДИН ЫСМАЙЫЛДЫН КОЛУНДА БАГЫЛЫШЫ....102

КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ....109

БАЛБАН КҮРӨШ....162

СЕМЕТЕЙДИН САРЫ ТАЗГА ЖОЛУККАНЫ....187

КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ....225

СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖҮРГӨНҮ....347

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН БАКАЙДЫН*ЖАКЫП КАНГА ЖОЛУГУШУ....392

КҮЛЧОРОНУН СЕМЕТЕЙГЕ УЧУРАГАНЫ....416

МАНАСТЫН КАРЫНДАШЫ КАРДЫГАЧКА СЕМЕТЕЙДИН ЖОЛУККАНЫ....420

БАКАЙ МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ УЧУРАШКАНЫ....451

СЕМЕТЕЙ ТАЛАСТАН БУКАРГА КАЙТА ЖӨНӨГӨНҮ....482

ТЕМИРКАН ЖУРТУН ЧОГУЛТУПСЕМЕТЕЙДИ ТАЛАСКА КАНДАЙ ЖӨНӨТҮҮГӨ КЕҢЕШ КЫЛГАНЫ....487

СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН ТАЛАСКА КӨЧҮП ЖӨНӨГӨНҮ....496

КАНЫКЕЙ СЕМЕТЕЙГЕ ЖЕРДИ КӨРСӨТҮП АРМАН АЙТКАНЫ....499

СЕМЕТЕЙ ТАЛАСКА КЕЛИП КОНГОНУ....500

БАЙМЫРЗАНЫН ӨЛҮШҮ. СЕМЕТЕЙ САРЫ КАНДЫ КАБАРГА АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ ЖИБЕРГЕНИ.АНДАГЫ ЧАТАКТА ҮРБҮ, КЫРГЫЛ ЧАЛ, ТАЗБАЙМАТТАР САРЫ КАНДАН ӨЛҮШҮ....505

УРУШ БОЛУП АБЫКЕ, КӨБӨШ, ЖАКЫПТЫН ӨЛҮШҮ....523

КЫРК ЧОРОНУН КЫТАЙДЫ КӨЗДӨЙ КАЧКАНЫ....543

КЫРК ЧОРОНУН ЭКИНЧИ КАЧЫШЫ. СЕМЕТЕИ КУУП ЖЕТИП, БААРЫН КЫРЫП, КОЧКОРГО КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ....551

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ....561

ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙГО КӨЧҮП БАРЫП КОШУЛГАНЫ....577

чынкожо ТОЛТОЙ КОЛ ЖЫЙЫП БАРЫП «АЙЧҮРӨКТҮ БЕР» ДЕП АКУН КАНДЫ КАМАГАНЫ....584

АЙЧҮРӨК АККУУ БОЛУП УЧУП ЧЫГЫП, ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ БААТЫР АЛПТАРДЫ СЫНАГАНЫ....594

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ....610